84(2=Ки)кыр
А 36

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

*Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы*

II

САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ

БЕТМЕ-БЕТ

ДЕҢИЗ БОЙЛОЙ ЖОРТКОН АЛА ДӨБӨТ

ФУДЗИЯМАДАГЫ КАДЫР ТҮН

СОКРАТТЫ ЭСКЕРҮҮ ТҮНҮ,
ЖЕ МАҢГЫБАШ ТЕРИСИНИН
ҮСТҮНДӨГҮ СОТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 37

Көркөм сүрөтчүсү **Рысбек Исаков**

*1-басылышы 2008-жылы чыккан*
*2-басылышы 2009-жылы чыккан*

**Айтматов Чыңгыз.**
А 37 Чыгармаларынын жыйнагы: II том. Повесттер, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев. – *3-бас*. – Б.: «Улуу тоолор, 2014. – 520 б.

ISBN 978-9967-13-989-3

Чыңгыз Айтматовдун 8 томдугуна автордун аңгемелери, повесттери, романдары жана публицистикалары кирди.

А 4702300100-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-13-989-3

© Айтматов Э. Ч., 2014

# САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ

Ата, мен сага эстелик тургузалбаймын. Сенин кай жерге көмүлгөнүңдү да билбейм. Мына ушул эмгегимди атам Төрөкул Айтматов, сага арнаймын.

Апа, сен бизди өстүрүп, адам кылдың. Сенин узак өмүр сүрүүңдү тилеп, апам Нагийма Айтматова, сага арнаймын.

## I

– Амансыңбы, куттуу талаам?

– Аманчылык. Келдиңби, Толгонай? Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колунда таяк.

– Өмүр өтүп бара жатпайбы, жер-энем, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынуу күнүм.

– Билем. Келериңди күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу сен баланы да ээрчите келмек эмес белең?

– Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.

– Демек, сен ага эчтеке айткан эмес экенсиң да, Толгонай.

– Жок, айталбадым.

– Айтор, эртеби-кечпи, акыры бир күнү ал угат да, Толгонай. Элдин арасында оозу бош бирөө-жарым жок дейсиңби?

– Анын чын. Эртеби-кечпи, акыры бир күнү билет. Аркы-теркини түшүнө тургандай чоңоюп

да калды өзү. Бирок мен үчүн ал дагы эле чалагайым бала сыяктанат. Корком, балалык кылып, өткөн-кеткенди туура түшүналбай, ичи сууп калабы деп аярлайм. Анткен менен адам чындыкты бир күнү билиш керек да. Мен билген чындыкты, сырдашым, касиеттүү жер, сен билген чындыкты, элдин баары билген чындыкты азырынча жалгыз ал гана билбейт. Аны укканда эмне дээр экен, кандай ойлорго кабылып, кептин аныгына жеталар бекен? Канткенде баланын жүрөгүн үшүтпөй, жаштайынан турмуштан көңүлүн калтырбай, сырымды айтып бералар экенмин? Эки ооз сөз менен түшүндүрүп берчү иш болсо кана. Кийинки күндөрдө ойлогонум эле ушул, күнү-түнү ойлоном. Кышында сыркоолоп, төшөктө жатканымда, өлүмдөн анча корккон жокмун, ажал жетсе, каяша кылбай, шыр эле жүрүп кетмекмин. Бирок, көзүм жумулуп кетсе айтар керээзимди айтып жетишалбай, өзүм менен кошо көр астына ала кетемби деп, аябай жүрөгүм түштү. Ал эси жок, аны кайдан билсин, демейде тентек чалыш неме мектепке да барбай калып, жанымдан чыкпай жүрдү. Апасын тарткан күйөрман: «Эне, кай жериң ооруйт? Суу ичесиңби, же дарыңдан берейинби, эне? Үстүңдү жылуулап коёюнбу?» – деп эле турат. Ушинткенде – оозум барбады, кудуретим жетпеди. Байкушум эч кандай арамзасы жок, жеткен бир ишенчээк, дагыле наристе бойдон. Эчтекеден күмөн санап койбойт. Анан мен кантип айтмак элем. Ушуну менен эле сөздүн учугун табалбай алекмин. Минтип да, тигинтип да таразага тартып көрөм: жөн эле айтып берчү жомок эмес экен да. Айланып келип бир пикирге такалам: болгон чындыкты бала туура түшүнүш

үчүн мен ага жалгыз гана анын тагдырын эмес, бүт заманымдын тарыхын, өткөн кеткендер жөнүндө, өзүм жөнүндө, баарына күбө болгон, касиеттүү талаам, сен жөнүндө, ал түгүл ушул кезде эчтекеден бейкапар минип ойноп жүргөн велосипеди жөнүндө айтып беришим керек. Балким мына ошондо гана туура болор. Турмуш баарыбызды бир түйүнгө байланыштырып, камырдай жууруп салган турбайбы: эчтекесин жашырып, эчтекесин кошумчалай албаймын. Ал эми бала эмес, кексе киши дагы бул ишти ар кандай түшүнөр. Көзүм тирүү турганда, ушул ыйык парзымдан кутулсам, өлсөм да арманым болбос эле...

– Бул айткандарың туура, Толгонай. Сен отурчу бери, ташка, бутуң оорулуу эмеспи. Олтур, бир акылын табарбыз. Алгачкы жолу ушунда келгениң эсиңдеби, Толгонай?

– Андан бери нечен замандар өтпөдүбү, эстей албасмын.

– Жок сен ошону эстеп көрчү, Толгонай. Башынан түшүп эстечи.

– Эсимде жакшы калбаптыр. Кичинемде, орок маалында ата-энем мени жетелеп келишип, чөмөлөнүн түбүнө отургузуп коюшчу эле.

– Ооба, ыйлабасын деп колуңа бир сындырым нан берип коюшчу.

– Кийин, чоңоё түшкөнүмдө, эл жайлоого көчкөндө, ушул арада эгин коруп чуркап жүрчү элем. Анда мен тызылдап жүгүргөн, саксайган сары кыз эмес белем. О, балалыгай, ал дагы өзүнчө кызык дооран экен! Малдуулар тээ төмөнтөн, Сары-Жайыктын түзүнөн түп көтөрө көчүп жөнөшчү эле. Биринин артынан бири утурлап, жайлоого, салкын төрлөргө ашыга жол

жүрүшчү. Ошондогу менин эселек чагым ай! Үйүр-үйүрү менен сабалап, кишенешкен жылкы тебелеп кетчүдөй келе жатса, буудайдын ичинен секирип чыгып, аларды үркүтчү элем.

«Эй, жерден чыккан албарсты, сениби!» – деп, жылкычылар укуругун үйүрө кууп беришчү.

Нечен миң кой туяктары мөндүр ургандай дыбырап, ушул жол менен өтө турган. Алардын соңунан бай айылдардын көчтөрү жүрүп, жорго минип, кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндерди көргөндө таң калып, суктана карай турганмын. Көпкө чейин алардын артынан ээрчип жүгүрчүмүн. Чиркин, ушундай жоолук салынып, ушундай көйнөк кийсем ээ – деп ойлочу элем.

– Ырас, Толгонай. Сен анда жылаңайлак, жылаңбаш жатакчынын кызы элең. Бирок андай шайыларды кийбесең да, бой жеткенде кандай сонун кыз болдуң. Ак саргылынан келген, маңкайган, толукшуган кезиң. Сен анда көлөкөңдү каранып басчусуң. Өзгөчө эртең мененки көлөкөң так өзүңдөй сымбаттуу, жеңил боло турган.

– Анда мен он жетидеги курагым. Ошол жылы орок тартып жүрүп, Субанкулга жолукпадымбы. Субанкул Таластын жогору жагынан жалданып келбеди беле. Азыр көзүмдү жумсам, Субанкулдун ошондогусу элестелет. Жапжаш, он тогуз жыйырмалардагы жигит, өзү ичке көрүнгөнү менен, колдору тарамыштуу, сом темирдей салмактуу эле. Жылаңач этине кийген таар күрмөнү дайыма желбегей жамынып жүрчү. Жанаша жерден шарт-шарт орок тартып жүрсө, адамдын жүрөгү кубанат – ар кандай ишти сулуу иштеген азаматтар болот эмеспи. Субанкул ошондой болчу. Ал бат эле узап кетчү, мен деле орокко белдүү элем, ошентсем да артта калып калам.

Субанкул кайрылып келип, менин тешеме түшкөндө, ызалана турганмын: «Сени бирөө жардам берсин деп чакырдыбы? Кетчи деги ийрендебей, өзүм эле бүтүрөм!» – десем күлүп коюп, унчукпай иштей берчү. Эмнеге арданат болдум экен ошондо? Көрсө, эркелеп жүргөн экемин...

– Силер ошондо дайым элдин алды болуп келчү эленер жумушка, Толгонай.

– Чын. Эл тура электе, таң ирең-баранда Субанкул экөөбүз ээрчишип кетчүбүз. Ал мени бери жактан тосуп күтүп турчу. Ошол күндөр, ошол тамылжыган таң атуулар биздин сүйүү күндөрүбүз экен. Биз ээрчишип келе жатканда, дүйнө башкача көрүнүп, башкача сезиле турган. Эл-журтка нан берген айланайын, дыйкан талаам, бозоруп саргарып жатсаң да, албырган таң эртелерин дениздей төгүлүп, кучагын жая сенчелик эргип, сенчелик жоомарттанып ким тосуп алалат! Ошол таң эртелерин сага тең орток болуп биз тосчубуз, ошол таң эртелерин сага тең орток болуп торгой тосчу. Көркү жупуну боз чымчык көкөлөгөн бийиктикте тыным албай канат кагып, дырпырап, томуктай болсо да, адамдын асманга учуп чыккан жүрөгү сымалы, не бир назик, не бир толукшуган күүлөрдү төктүрүп, безеленип сайрай турган. «Ана, биздин торгой сайрады!» – деп коёр эле Субанкул. Кызык, торгойду да биздики деп алган экенбиз. Көмөкөйүңдөн айланайын, торгоюм...

– Ырас, Толгонай, ошол торгой силердин торгоюңар болучу.

– Эсиңдеби, жер, баягы айлуу түн? Балким, жаратылышта экинчи андай түн болбос. Ай жарыгында орок тартабыз деп, Субанкул экөөбүз калып калбадык белек. Тээ карайган борчуктан

манаттай болуп ай чыкканда, жылдыздар дагы асман бербей жабыла көз жарышты. Ошондо биз уваттын[1] четинде, Субанкулдун таар күрмөсүн төшөнүп, арыктын кашатын жазданып жатканбыз. Ошол түнү биз өмүрлүккө шериктеш жар болуп кошулдук. Субанкулдун чоюндай колу көкүлүмдү сылап, маңдайымды, бетимди эркелете сылаганда, кан жүгүрткөн, туйлаган жүрөгү алаканынан сезилип жатты. Мен ага эркеп: «Субан, кандай дейсиң, биз бактылуу болобуз, ээ» – десем, эсиңдеби, баягы айткан сөздөрү. «Жер, суу элге тең болсо, биздин да айдоо жерибиз болсо, биз дагы эл катары жер жыртып, эгин сээп, кырман бастырсак – бак-таалай ошол. Андан артыктын бизге кереги эмне, Токон. Дыйкандын энчиси – сепкен эгининде» – дебеди беле. Анын айткан сөздөрүнө эмне үчүндүр ушунчалык кубанып кетип, мойнунан бекем кучактап, туурулган эриндерин жан ынтаам менен өпкүлөдүм. Анан биз арыктагы сууга киринип чыктык да, ордубузга келип, тек гана кол кармашып, унчукпай асманга тигилип, рахаттанып жаттык.

Үлпүлдөгөн түнкү шоокумда салкын тартып, жер, сен дагы ошондо биз менен кошулуп жыргап жаттың. Желп-желп этип мээлүүн керимсел жүргөндө, шимүүрдүн асел жыты, шыраалжын менен эрмендин кермек жытына аралашып, аңызга жайылып, буудай арасы шуудурап, кылканына илинген ай жарыгы алтын көлдөй кубулуп чайкалып жатты. Ошол түндү бизге жаратылыш атайлап арнады бекен? Түн ортосунда

[1] у в а т – айдоо аянттарын бөлүп турган чек же айдоо чегин бойлой кеткен арык.

тээ жылдыздуу төбөнү карасам, саманчынын жолу ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан кези экен. Субанкулдун айткандары эсиме түшүп, кыялымда асмандын ошол күмүш жолу менен кандайдыр бир зор дыйкан кере кучак саман көтөрүп өткөн экен го, анын мол кучагынан себеленип түшкөн дан, топон береке төгүлгөн из чубатып кеткен турбайбы. Тилегибизге жетсек, менин да Субанкулум ушундай саман көтөргөн дыйкан болсо, кырмандын бетинен биринчи иргеп алган саманды кучактап басканда, так ушундай береке төгүлгөн жол чубап калса деп, ойлонуп жаттым. Жер-энем, биринчи жолу сага ошондо кайрылдым. Эсиңдеби менин айткандарым?

– Эсимде, Толгонай. Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсиң: «Жер, жан жараткан жер, бизди көтөрүп жаткан жер, сен бизге таалай бербесең эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!» – деп айткансың, Толгонай.

– Ооба, ошентип айткам. Күн чыгарда көзүмдү ачсам, Субанкулум жанымда жок. Ал эчак эле орок оруп жүрүптүр. Качан турганын билбейм, тимеле кыйратып салыптыр: ачылган аңызда боо-боо түшүп жаткан эле буудай.

– «Ай, Субанкул, бул эмнең?» – десем, алаканы менен терин арчый берип: «Сени уктасын дедим элем» – деп, күлүп койду. Мен кара күчкө эле таарына түштүм: «Кечээги айткандарың кайда, ушунуң да теңчиликпи?» Ушинтсем, орогун таштай салып, жүгүрүп келди да, мени кучактап алып, колуна көтөрүп: «Көзүңдөн айланайын, Токон, көзүңдөн болоюнум, теңбиз, мын-

дан ары жаман-жакшынын баарына теңбиз!» Ал ошентип мени колунан түшүрбөй, эркелетип бир нерселерди айтып жатты, мен болсом кыткылыктап эле күлө бердим. Бир убакытта карасам, мени көтөргөн бойдон Субанкул дөңсөөгө жүгүрүп чыкты да, кылтыйып баш баккан күнгө кайрылып: «Эй, күн, көрдүңбү? Көрдүңбү, менин жубайымды! Мына, мынакей, көрүп ал, көрүндүгүңдү бер, бергин сүйүнчүңдү аябай!» – деп кыйкырды. Тамашасыбы, чыныбы билбейм, мен ошондо ыйлап жибердим, тек анчейин, жүрөгүмдө оргуган кубанычка аптыгып ыйладым.

– Кой, Толгонай, азыр ыйлаганың болбос. Ал ый башка болчу, адамдын өмүрүндө ал бир гана жолу боло турган ый. Эми эмнеге ыйлайсың? Антпе, же тилегиңерге жетпей калдыңар беле? Айтчы чыныңды, силерчелик ким бактылуу болду эле?



– Анын чын. Жаңы заманда Субанкул экөөбүз эмгегибиз менен жетилдик. Билесиң го, жаз-күз дебей кетмен колдон түшчү эмес. Мээнетибиз кайтты – үйлүү-жайлуу болдук, мал да күттүк. Тилегибизге жетип, үч уулдуу болдук. Ооба, удаалаш үч уулдуу болдук. Азыр кээде санаа чегип отуруп, ушундай бир адам ойлобос жаман ойго кетем: эмне үчүн жыл маалы өтүп эле койчо төрөй бердим экен? Элдикиндей болуп араларынан үч-төрт жылдан өткөндө, балким, андай кырсыктан сырткары болушар беле деп да кетем. Же туулбай коюшса деле эмне болмок эле! О, бооруңарды жегирлер, айланыпкагылып кетейиндерим, сөзүмдү күнөө көрбөгүлө, кечиргиле, кечиргиле энеңерди! Ичим өрттөнүп, өлүп бара жаткандагы кебим да!.. Кантейин, кантейин...

– Толгонай, эсиңе кел. Сөзүңдү кайра алгын. Ал балдарга шек келтирбе. Аларды мен тырмактайынан көрүп-билип жүрдүм го. Алардын басып кеткен издери көзгө көрүнбөгөнү менен, менин көкүрөгүмө кат болуп сакталып калган, Толгонай. Ал үч бир тууган силердин балдарыңар экенин баягыда, Субанкул ушул жерге биринчи жолу трактор айдап келгенде билдим.

– Ооба, ооба, так ошондо Субанкул ошол жылы кышы менен суунун аркы өйүзүндөгү чоң кыштакка тракторчунун курсуна барып-келип үйрөнүп жүрдү. Анда тракторду ким билсин. Субанкул үйгө кечигип келгенде, кайдагы бир болбогон баланын жумушуна убараланып жүрөсүң, мурунку эле бригадирлигиң жакшы эмес беле, эл катары эле оокатыңды кылсаңчы деп, урушуп да кетер элем. Антсем кайра күлүп койчу: «Тракторду сен оюнчук көрүп жүрөсүң го. Шашпа али, Токон, жазында айдап келгенде билерсиң» – дээр эле. Сырттан тоңуп келген түрүн көрүп, койчу эми деп, кайра аяп кетчүмүн. Көрсө, Субанкул билип жүргөн экен. Тракторчулардын окуусуна айылдан сабаттуу эч ким чыкпай калганда, Субанкул өзү мен барам, сабатсыздыгымды да жоём деп, бригадирликтен бошонуп алган. Ал кезде Касым менен Майсалбек мектепке окуп калган болчу, мугалим ошолор. Кечинде үй-ичибиз менен алекпиз. Субанкул жерге боортоктоп жатып алып, жазуусун үйрөнгөндө, үч уулу үч жагынан ыкташып, ата минтип жаз, калемди минтип карма, колуңду калтыратпа, түз жаз,– деп кужулдашып жатар эле. Кетмен чапкандан бетер Субанкул кара терге түшүп кете турган. Чыдай албай күлкүм келчү: «Койсоңорчу, балдар, атаңарды жүдөтпөй, мол-

до кылмак беленер аны. Субанкул, жанынды мынча кыйнабай, же молдолукту, же тракторду үйрөнсөңчү!» – десем, үшкүрүп жиберчү: «Сеники өттү го. Тракторду үйрөнүш үчүн анча-мынча молдолук керек турбайбы. Тамаша кылбачы!» Айтор, ушинтип жүрүп, акыры көздөгөнүнө жетти.

Эрте жазда топурак тоборсуп көпчүй[1] келгенде, айылдын сыртында күркүрөгөн дабыш чыгып, алда-кайдан үрккөн жылкы көчөнү как жара, таноолорунан бышкырышып, тобу менен дүрбүп өттү. Бул эмне болуп кетти деп, эшикке чуркап чыксам, чарбактарды этектеп трактор келе жаткан экен. Капкара чоюн машина түтүнүн бурулдатып, арбайган дөңгөлөктөрү менен жер чапчып, улам көчөгө жакындап, дүрүлдөп келе берди. Анын жанында жүргөн элди көрсөң, кары-жашы дебей, бүт айыл чуулдап, чапкылашып жүрүшөт. Эл менен кошо мен дагы жүгүрүп жеттим. Карасам үч уулум үчөө тең бирин-бири карманышып, трактор айдаган атасынын жанында келе жатышат. Түрлөрүн көрсөң жоо сайып келгендей, көздөрү чырактай жайнап, жүздөрүнөн нур төгүлөт. Деги бир ыраазы болуп, дегдендеп мактанып келе жатышкан экен. Алар ошол күнү эртең менен эле көпүрөгө чуркап кетишкен болчу, көрсө ал чунактар трактор тоскону кетишиптир, мага да айтышпайт, жибербей коёбу дешсе керек. Балдар үчүн эсим чыгып, алда эмне болуп кетеби деп:

– Касым, Майсалбек, Жайнак, силердиби! Түшкүлө! – деп, кыйкырсам, трактордун дүрүлдө-

[1] көпчүй – жердин үстүнкү катмарынын жазында ачыган камыр сыяктуу көтөрүлгөн абалы.

гөнүнөн өз үнүмдү өзүм укпай калдым. Субанкул менин эмне дегенимди түшүндү окшойт, коркпо дегенчелик күлмүңдөп, колун булгап койду. Ал дагы кубанычы мандайына батпай, сыймыктанып келе жатыптыр. Субанкул ошондо жапжаш эле экен, кара мурут жигит чагы. Botom, балдардын атасына ушунчалык окшош экендигин ошондо көрсөм болобу. Тимеле төртөө тең бир тууган дээрлик. Өзгөчө Касым менен Майсалбек куду эле Субанкулдун өзү, куюп койгондой, айныбайт. Кичүүм, Жайнагым болсо, мага окшошураак сары тултук эмес беле.

Трактор ошо бойдон айылга токтобой, түз эле сыртка чыгып кетти. Баарыбыз тең аттуу, жөө болуп, калбай ээрчип келе жатабыз, кызыкканыбыз – жерди кантип айдаар экен? Соконун үч катар тиштери кыртышка сүңгүп кирип, жердин тереңинен толкун айдагандай, айгыржал чымдарды жапыра оодарып жүрүп кеткенде, элдин баары чуулдап, «бали-бали!» – дешип, кетенчиктеп кошкурган аттарды камчыга ала дагы да трактордун артынан дүрбүп жөнөп калышты. Эмне болуп көпчүлүктөн бөлүнүп калганымды билбейм, бир убакытта карасам, жалгыз өзүм эле калыптырмын. Трактор узагандан узап бара жатты, а мен болсом тек гана артынан карап жалдырап туруптурмун. Бирок, ошондо жер үстүндө менден бактылуу эч ким болгон эмес чыгар! Сүйүнчүм экиге бөлүнүп: же Субанкулдун айылга биринчи жолу трактор айдап келгенине сүйүнөрүмдү билбей, же уландарымдын ушинтип көзгө көрүнүп, жетилип калгандарына сүйүнөрүмдү билбей, жалына бердим: «Жанаша турган караанынардан айланайындарым! Ылайым

атанардай эле киши болсоңор, ыраазымын, ыраазымын ошондо тагдырыма!» – деп турдум.

– Ооба, Толгонай, эне болуп, энелик үзүрдүн эң сонун мезгили сен үчүн ошондо башталган. Сен анда баралыңа жетип, толуп турган күчтүү аялсың. Жумушту да жаштардан калышпай, кыйын иштечү элең.

– Ден соолук болсо, иштегенге эмне жетсин. Андан калса, чын эле телегейим тегиз болгон экен. Бирге өскөн теректердей болушуп уулдарым эр жетип, ар кимиси өз жолдорун жолдоп калышкан. Касым атасынан үлгү алдыбы, трактор айдайм деп жүрүп, трактор айдап, анан комбайнчылыкты үйрөнүп чыкты. Бир жай комбайнда штурвальный болуп, тээ аркы өйүздөгү «Кайыңды» колхозунда иштеп жүрдү. Кийинки жылы кайра өзүбүздүн айылга комбайнчы болуп дайындалып келген. Эне кургурга балдарынын баары бирдей ысык эмеспи. Ошентсе да, ортончум, Майсалбегим, менен көбүрөөк сыймыктанар элем. Мүмкүн, сагынып жүргөндүктөн болуш керек: уясынан эрте учкан балапандай, Майсалбегим үйдөн эрте кетпедиби. Ал башынан эле мектепте жакшы окучу эмес беле. Ии, китепке өчүн ай, китеп дегенде жантыгынан жата калар эле. Ушинтип жүрүп, мектепти бүтүрөр замат, мугалимдик окууга, шаарга кетпедиби. Берки кичүүм, Жайнак болсо, өтө бир шайыр, ачык-айрым жигит болуп өстү. Үйгө токтоо деген жок эле го анда. Комсомолдун секретарымын деп, жаштар кайда болсо ошондо: жыйналыш, оюн, ыр, кереге газет – ошолор менен эле алек. Кээде жиним келип: «Эй, безарман, кыягыңды, төшөнчүңдү алып, биротоло колхоздун мекеме-

сине көчүп кирип алсаңчы. Үй-жайдын сага кереги деле жок турбайбы!» – десем, Субанкул уулуна болуша кетер эле. «Ачуу этпе, апасы, көпчүлүктүн жумушу. Анчейин жүргөн болсо мен деле тизгинин тартып коёр элем» – дей турган. Субанкул ал кезде бригадирлик жумушуна кайра келген болучу. Тракторду анда жаштар айдап калышпады беле.

Баса, көп кечикпей келиндүү да болдук! Касым Кайыңдыда жүргөндө, бир-бирине көңүлдөрү туура келип калса керек, Алиманды ошол жактан алып келбедиби. Өңдүү-түстүү, бели буралган жаш кыз экен, адегенде эле ичим жылып, өз баламдай көрүп калдым. Келин эстүү болсо, өз бала эмей эмне, айырмасы кайсы. Чынын айтыш керек, келиним жаман чыккан жок. Ошонун өзү да үй-бүлөдө чоң ырыскы эмеспи. Азыр ойлоп карасам, адамдын башына чын дөөлөт келгенде, шатырата төккөн жайкы жаандай эмес, адамдын өз аракетинен, турмушка, элге кылган мамилесинен, бирине-бири жалганып, өнүп-өөрчүп, таалай болуп аталып келет экен го. Ошентип тапкан таалай кымбат турбайбы. Өз каныңдай – төгүлсө, жан берген менен барабар экен.

Алиман келген жылы – унутулгус жыл, эстен кеткис жай болду. Ошол жылы эгиндер эң эле эрте бышпадыбы. Сайдагы чоң суу дагы жылдагыдан эрте кирди. Тоого эки-үч күн катары менен жамгыр нөшөрлөп, мөңгүлөр тез эрип кетти окшойт: дайранын иреңи бузулуп, адегенде эле топон суудай ташкындап, каптап келди. Эчактан турган эски аралдарды бир эле түндө жалмап, жууп кетсе болобу.

Анткен менен аба ырайы оңуна алып, бир тегиз ысып турду. Тактадан[1] өткөн эгиндер улам саргара бөртүп, жер бетин бербей, алыскы кыйырда асман менен чектелип, бышып жатты. Кол орок тарткан биз ошондо эле ишке киришип калганбыз. Комбайн жүрчү жолду ачып, аңыздардын тегерегин оруп жүрдүк. «Эми келиниң менен кошо жарышпай эле, үйгө жыргап отурсаң болбойбу!» – дегендер да жок эмес эле. Андай сөздөргө мен терикчү эмесмин, колдон келсе, көпчүлүктөн калышпай иштегенге эмне жетсин. Келиним экөөбүз бирдей эле орок оруп жүрдүк. Ошондо байкаганым алиге көңүлдөн чыкпайт. Аңыздын четинде апапакай, кызгылтым бүр ачып өскөн гүлкайырларды Алиман жыйнап алып, бир убакытта, менден уялгансып, буудай арасы менен унчукпай кетип бара жатат. Бул эмнеси, колундагысын эмне кылар экен деп турсам, жол боюнда турган комбайндын жанына жетип барды да, гүлдестесин тепкичине коё салып, кайра жүгүрүп келди. Комбайнда киши-кара да жок болчу. Касым бир жакка кеткен. Эртең-бүрсүгүнү чабыкка киришебиз деп, комбайнын ондоп даярдап койгон эле. Алимандын мунусуна ичим элжиреп, куда кааласа бул экөө жакшы жубай болушат экен деп, келиниме ыраазы болуп калдым. Алимандын ошондогу түрү али да көз алдымда: кызыл жоолук, ак көйнөк, кичинекей кара чыптамасы менен, колунда кармаганы гүлкайыр, өзү кара-торусунан келген, көздөрү моймолжуп бакырайган сулуу келинчек эмес беле. А-а, кайран келиним!

[1] т а к т а – буудай такта болду – буудай тегиз баш алды; тактадан өтүү – бышканга бет алуу.

Гүл сүйгөн келиним... Өзү деги гүл дегенге жакын эле, эрте жазда байчечекти кар астынан да таап келе турган... Баса, эмнени айтып келе жатат элем. Ии, ошонун эртесинде орок башталып калбадыбы.

Жыйын-теримдин биринчи күнү өзүнчө эле майрам эмеспи. Ушунча болуп, ал күнү кабагы суз адамды көрө албадым. Майрам деп ал күнү эч ким айтпаса да, кандайдыр ар кимдин үнү да шандуу, өзү да шандуу, айдаган арабасы, минген аты, кылган жумушу – баары тең шандуу. Чынын айтканда, орок түшкөн биринчи күнү эч ким деле иштеп кыйратпайт. Ал күнү күлкү, оюн, куудул сөздөн кол бошобойт окшойт. Өзгөчө, орокчулардын арасы кызык болор эле, анда көбүнчө жаштар, кыз-келиндер эмеспи. Тамаша ошолордо. МТС[1]тен сыйлыкка алган велосипедин минип, эртең менен Касым комбайнын көздөй кетип бара жатат эле, бир топ өктөм келиндер аны жолдон кармап алышты. «Сен эмне үчүн велосипедиңен түшө калып бизге салам бербейсиң? Сен көпкөн экенсиң! Орокчуларды көзгө илбей калган экенсиң» – дешип, Касымды туш-тушунан жаалашып, аны Алиманга жүгүнтүшсө болобу. Касым аны менен гана кутулган жок. «Кулдугум бар! Кулдугум бар!» – дегенине болбой, сен эми бизди велосипедиңе өңөрүп, тигил орустун кыздарындай алып жүргүн дешип, бирин-бири велосипедге көтөрө мингизишип, артынан кыйкырык, сүрөөн менен кошо жүгүрүшүп, Касымды аябай убара кылышты. Анда да велосипедде жөн отурушпай ойдолошуп: «Кокуй, апамдын баласы, өлдүм эле өлдүм, жыгыл-

[1] МТС – машина-трактор станциясы.



...МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 990419

дым, кокуй!» – дешсе, беркилери кыраан катып: «Өлсөң өл, өлсөң да мойнунан кучактай жыгыл!» – дешип, талааны жаңырта күлүшөт. Ошентип отуруп Касымдын шайын кетиришти. Ал өзү да күлкүгө мас болуп, эми болду го,– деп улам бирин өңөрүп келсе, анда дагы бирөө жагалдана асылып: «И, менин элден эмнем кем экен? Мурдум бучук, көзүм кыйшык бекен?» – дешип кыйнашат. Койчу, акыры Касымдын да жини келди: «Ой, силер кутуруп кеткенсиңерби? Ач кенедей жабышасыңар да! Болду эми. Тамаша кылганы келдиңерби, же жумуш иштейсиңерби?» Шойкон келиндер анда да сөз беришпейт го: «Тигини! Жумушту сен иштейсиң, өкүмөт комбайнды эмнеге чыгарган экен!» – дешет.

Жаштар гана эмес, нары жакта туруп, бул тамашага биз да аябай кандык, күлүп боорубуз жок. Ошондогу асмандын ыраңы ай! Ошондогу күндүн жаркырашы ай, ошондогу эгиндин дандуусу ай, ошондогу элдин күлкүсү ай!

– Ооба, ооба, Толгонай. Ал күнү так ушундай болгон. Сен ал күнү таалай дегенди дагы да тереңирээк түшүнүп, мага сырыңды айткансың, Толгонай.

– Мен азыр да ошону айтмакмын. Мен азыр да ал түшүнүгүмдөн кайтпаймын. Мен азыр да ал күнкүнү түгөнгүс жомоктой айтам.

Аздан кийин оракчулар жумушуна киришип, аңызда иш кызып, саратан чырылдап, күн кайнады. Бирок эртең мененкиден калган кубаныч улам жүрөктө талпынып, көңүлүмдү өстүрүп, салкын желдей сергитип турду. Ошол күнү болгондун баарысы мен үчүн болгондой, атайлап таалайыма жасалгандай сезилип жатты. Көзүм

көргөн, кулагым уккандын баардыгы дүйнөнүн, жашоонун көркүн ачып рахаттандырды. Шыңгыраган ороктор, шуудурап жыгылган буудайлар, жагымдуу үн алышып жатса, нары жакта Касымдын комбайны, кирген суудай күркүрөп, «Оп майданын» жаңычасын ырдагандай, эгинди жапырып чаап жатты. Комбайнда турган Касым, шаркыратмадай куюлган буудайга алакандарын тосуп, толо кочуш данды бетине алып келип жыттаганда, өзүм да семире түштүм: жарыктык дандын жытындай асыл жыт эмнеде болсун! – «Э-эй, арабакеч, бол эрте! – деп, Касым тоонун башынан үн салгандай кыйкырды эле, тактай араба жетип келип, комбайн токтой калганда, Алиман: «Суусун жеткире коёюнчу!» – деп карапаны алып, Касымга жүгүрдү. Аңызды аралап, кызыл жоолук, ак көйнөк Алиман чуркап бара жатканда, колунда кармаганы карапа эмес, жүрөгүн тартуу кылып көтөрүп бара жаткандай, сүйгөн жарына берилгендик анын бүт кыймылынан көрүнүп турду. «Баса, Субанкул да суусаган чыгар» – деген ой менен, жанжакамы карасам, көрүнбөйт. Кайдан көрүнсүн, орок башталары менен бригадирде тыным болчу беле. Эртеден кечке аттан түшпөй, талаада чапкылап жүргөнү жүргөн да.

Кечке жуук орокчуларга деген жаны буудайдын наны да даяр болду. Жаңы нандан эң биринчи иретте орокчулар ооз тийиш илгертен салт эмеспи. Ал нанды өгүнү биз аңыздардын четинен оргон боолорду токмоктоп даярдашкан болчу. Жаңы буудайдын нанынан ооз тийгенде, ар качан касиеттүү даам татыгандай болом, өңү кара болгону менен, камыры суюк жуурулгандай, жаңы нан анча-мынча жашыгыраак болгону ме-

нен анын дүмбүл даамына, күн, жер, түтүн жыттанган жытына эмне тең келсин!

Карды ачкан орокчулар арыктын боюна жыйналып келишкенде, күн эгиндин үстүнө кочкул от ойнотуп, ылдый түшүп келген болчу. Ал күнкү жарык кеч көпкө чейин иңирге жол бербечүдөй болуп турду. Биз үй-бүлөбүз менен алачыктын сыртынан орун алдык. Субанкул ана-мына жетип келмек эле, Жайнак болсо адатынча дагы жок, агасынын велосипедин минип, кызыл үйгө[1] баракча илмекчимин деп, шашып кеткен. Алиман жоолугун жерге жая салып, үйдөн алып келген алмаларды чачып таштады да, кеселерге ачыма куйду. Арыктагы суука колун жууп, комбайнын токтоткон Касым да келип отурду. Чарчаңкы кыймыл менен нан туурап жатып ал:

«Ысык эле бойдон экен. Ал, апа, жаңы буудайдын нанынан биринчи ооз тийгин»,– деди.

– Быссымылда,– деп, нандан алдым да, чайнап жатып, кандайдыр бир жаңы даам, жаңы жыт сездим. Ал жыт – комбайнчынын колунун жыты эле – саман, кара май, темир жыттанган колдордун жыты. Нандын ар бир туурамы ушундай керосин жыттанып жатты, бирок андай таттуу нан жеп көрбөгөн элем, анткени, ал нанды уулумдун эмгекчил колдору туурап берген, анткени, ал нан көпчүлүктүн, ушул жанаша отурган элдин тапкан наны эле. Ошол учурда мен эне деген эмне экенин, анын таалайы, мисалы, буудайдын өнүп чыккан сабагы болсо – түп тамыры жер менен байланышкандай, элдин, көп-

[1] к ы з ы л  ү й – өкмөттүк, саясий, маданий жаңылыктар менен таанышып туруу үчүн уюштурулган бурч же бөлмө.

чүлүктүн бак-таалайынан ажырагыс экенин ойлондум. Ооба, мен азыр да ушул ойдо бекмин. Мейли, керт башыма эмнелер түшпөдү... Эл-журт бар экен – турмуш да бар...

Айтор, Субанкулду күтүп отургуча кеч кирип кетти. Жаштар тигиндей суу боюна барышып, жар үстүнө алоолонгон от жагышып, ырдап жатышты. Алардын ичинде кыяк тартып, үн созгон Жайнактын добушу кулакка тааныш да: «Үнүндөн болоюнум, жаш чагында ырдай бер, теңтуштар менен салган обон пейилди тазартып, адамды адамга жакындатат эмеспи» – деп угуп отурдум. Энемин да, ошол саатта да ойлогонум – балдар, алардын келечеги. Касым го – өзүнчө болуп калды,– деп ичимден түгөлдөп жаттым, жаз чыгары менен келинчеги экөө бөлүнүп, үй-жай күтүп кетишет. Иштермандыгы – дал эле атасынын өзү, караңгы түшсө да, комбайн, трактордун чырактарын балбылдатып, дале талаада эгин чаап жүрөт. Алиман да жанында, иш арада бир минут бирге болушса да, кымбат эмеспи. Майсалбегимди ойлогондо, сагынганымдан жашый түштүм. Өткөн жумада кат жазып жибериптир, быйылкы жайда үйгө келалбасмын, пионер лагерине жетекчи болуп Ысык-Көлгө жөнөп жатам деген болчу. Мейли, сүйгөн иши ошол экен, кайда жүрсө да, аман болсун деп, тилеп жаттым.

Субанкул келип тамактанды да, түндөп айылга кеттик. Эртең менен мал-пулду көздөш керек эле, кечкисин го кошунам Айшага дайындап кеткем. Ал бечара оорукчан эмес беле, бир күнү оору, бир күн соо – жумушка чыгалбай кала турган.

Биз атка учкашып, бастырып келе жатканда, түн мемиреп, талаа бейкут жаткан кези эле. Желе-жорто жүргөн сыдырым, караңгыда шабыр-шубур этип, куурай баштарын жалмалап, ай шооласын кулпунта, чайпалган эгин үстүнө кыймыл жаратып, көлөкө ойнотуп жатты. Чарчаган жер уйкуга кетип, анын бешигин терметкендей, сайда ташкындаган суу алыстан шаркырап, буудайдын арасында чегирткелер үн алышып турушту. Табигаттын бул тынчтанган чагы кандайдыр бир өткөн-кеткенди эске салчудай, алда эмнелерди эңсетип, жүрөктү зарыктырды. Субанкулдун курун карманып, учкашып келе жатат элем. Ал мени алдыга отур десе болбой, дайыма ушинтип учкашып жүргөндү жакшы көрөр элем. Кээде үргүлөп кетип, кээде темине бастырып келе жаткан Субанкул унчукпаганы менен, анын ошентип сүйлөбөгөнү да, ээрде чарчап отурганы да – жаныма кымбат. «А-а, байкушум, акырындап карып келе жатабыз го. Мейли эми өмүрдү текке өткөргөн жокпуз окшойт. Мезгил деген – экөөбүз кечээ эле кошулгандай болдук эле, карачы канча заман өттү. Ошентсе да, турмуш дале кызык, дале толуп жаткан үмүт түгөнбөйт» – деп ойлонуп келе жатып, башымды өйдө көтөрүп, асманга караганымда, жүрөгүм селт эте түштү: Саманчынын жолу куду баягыдай болуп, ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан экен. Чын эле, бүгүнкү жылдыздуу төбөдө кандайдыр бир алп дыйкан кырмандан толо кучак саман көтөрүп өткөнсүп, себеленип чууруп калгандай, топон көзгө даана көрүндү. Ал түгүл, чачылып калган саманга жел тийгенсип, жылдызданган майда учкундар жылт-жулт этип копшолуп, оодарылып жатты.

«Ой, тооба!» – деп жакамды кармандым. Баягы түн, баягы жаштык кез кылт этип, эске түштү. Көрсө, ошондо тилеген, самагандын баары келген турбайбы! Ооба, жер-суу элдин энчисине тийип, эл катары биз дагы кош айдап, эгин сээп, кырман бастырып тилегибизге жетип турбайбызбы. Заман минтип өзгөрүлүп, жаңы турмуш минтип келерин анда ким билсин, айтор, ак тилек кандайдыр болбосун көптүн тилегине үзөңгүлөшүп, жерде калбайт экен го дедим мен ичимден. Ушундай ойлорго берилип, эргип унчукпай келе жатканымда, Субанкул артын жалт карай: «Сен эмне уктап калдыңбы, Толгонай? Унчукпай эле келе жатасың,– деди. – Мен да бүгүн аябай чарчадым. Азыр үйгө жетебиз. Же жаңы көчөгө кайрыла кетелиби?», «Кайрыла кетели»,– дедим мен.



Жаңы көчө дегенибиз айылга кире бериш жол боюнда эле го. Көчө деле жок болчу анда, там салуучу жаштарга деп, ошол жылы көктөмдө жаңыдан эле жер берилген. Касым менен Алиман да жаңы көчөнүн баш жагынан чарбак алышпады беле. Кирпичтерин жаздап-жайлап үчөөлөп куюп камдап, аларды кургатып жаткан болучу, жер пайы орнотор жайын да казып коюшкан, өткөн аптада эки күн сайдан таш терип, тамдын ордуна ташып келишкен эле. Биз ошону көрмөккө кайрылып калдык, анткени – мындан нары орок маалында оңой менен күндүзү кол бошобойт эмеспи. Үйүлүп жаткан чоң дөбө таштарды көрүп, Субанкул балдардын иштегендерине ыраазы болду: «Кош де, апасы, таш мол жетет экен, сарайлык таш артып да калар,– деди ал.– Жыйын-теримди бүтүргөндөн кийин, жабыла дубалын тургузуп, үстүн жаап коёбуз да,

калганын келерки жазда бүтүрөрбүз. Туура эмеспи, Токон?», «Туура, үстүн жапсак, калганы бүтөр, аманчылык болсо. Биздин Жайнак эле шашып, өпкөсү көөп алыптыр. Бул көчө Комсомол көчөсү деп аталсын деген токтом чыгардык деп жүрөт. Анда Алиман жеңеси аны шылдыңдап күлөт: «Ой, кичине бала туула элек балага ат койгонсубай, жайдак эле жерге көчөнүн атын издеп убара болгончо, элден мурун аял алсаңчы да, там-жай салып, көчө тургузсаңчы, көчөнүн аты эптеп табылар эле го. Антсе берки да болбойт, жок, сен туура түшүнбөй жатасың деп талаша кетет».

Субанкул менин бул сөзүмө күлүп койду: «Ал ургандын ошондой шашмасы бар, деген менен көчөнүн атын туура таап айткан экен. Мынабу башталган тамдардын баары эле жаштардыкы да, баары тең кийинки муун. Элдин канат-бутагынын өскөндүгү ушул: айлыбызга батпай жаңы кыштак куруп жатабыз. Ал эми көчө салынып бүтсүнчү, көрөрсүңөр менин уулумдуку эле туура чыгат...».

Биз ушинтип сүйлөшүп турган түн, көрсө, дүйнөнүн эң каргашалуу түнү экен...

## II

– Башыңды өйдө көтөр, Толгонай, кайрат кыл.

– Жарайт. Андан башка чарам барбы. Эсиңдеби, айланайын тууган жер, ошол күнкү?

– Мен эчтекени унутпаймын, Толгонай. Жарык дүйнө орногондон бери, кылымдар тагы баары менде. Китепке сыйбаган, адамдын эсинен чыгып жоголгон тарыхтын баары менде. Сенин да баштан өткөргөн тагдырың – жүрөгүмдө. Сүй-

лөй бер, сүйлө, Толгонай, сүйлө пендем, бүгүн кулак сенде!

– Ох, эмнени айтайын. Ошонун эртесинде, күн чыгалекте орок оруп, жумушка кириштик. Ал күнү биз чоң сайдын үстүндөгү жар бойлогон аңызга түштүк. Жаңы эле орок шилтеп, кызып келе жатат элек, суунун аркы маңдайында чаап келе жаткан атчан көрүндү. Тимеле артынан куугун түшкөндөй, камышты, бадалды аралай, ат жалына жата калган неме, суунун жээгиндеги таштакка жете келди да, аттын оозун тартпай түз урду. Бул ким болуп кетти, төмөндөгү көпүрөгө салбай, мынча эмне шашылды деп карап калдык. Атчан – орус жигит экен. Жээрде айгырды камчылап, ал сууга сала бергенде, баарыбыз тең дал болуп туруп калдык: дайра киргенде бул жерден эч ким даап өтчү эмес, ат түгүл төөнү агызып кете турган ташкын жүрүп жатса, өлалбай жүргөн неме го? «Ай, жолдош, токто, кайт артыңа!!» – дегиче болбой, кетенчиктеген айгырды тик тургуза камчы шыбап, жанагы атчан сууга урду. Ал бир нерселерди кыйкырып, бизге кол булгалады, бирок дайранын шарынан эчтеке угулган жок. Күлдүрөп, көбүктөнө өркөчтөнгөн суу көз ачып жумганча, атчанды алып жөнөдү. Кулагын жапырган айгырдын башы толкундар арасынан бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй, ат жалын эки колдоп карманган кишинин шапкесин башынан жулуп кетип, өжөрлөнгөн дайра адамды агызып бара жатканы менен, агымдын өз күчүн пайдаланып, атчан кыйгачтай жүрүп отуруп, акырындап жээкке жакындай берди. Ал тээ төмөн тегирмендин тушунан өтө берип, суудан чыкканда, баарыбыз тең жеңилдене дем алдык. Кээ бирлер – азамат,

жигит экен дешсе, кай бирлери – бул соо эмес, мас болуп кутуруп жүргөн неме дешти.

Тегирмендин жанында эгин чаап жүргөн Касымдын комбайны жым болуп токтоп калганда, мен ага анча деле назар салган жокмун: дагы бир жери бузулган чыгар, иш үстүндө ар кандай боло берет эмеспи. Өйдө карабай орок тарта бердим, аңгыча жанымда жүргөн Алиман: «Эне!» – деп, ачуу чаңырды. Мындай карасам, орогун колунан түшүрүп, келиним кан-сөлү жок купкуу болуп турган экен. Жылан чаккан экен деп, «кокуй, апамдын баласы, эмне болду?» – деп жанына жетип бардым. Алиман унчуккан жок. Анын алайган көздөрү тиктеген тарапты карай бергенимде, тула боюм дүр эте түштү. Комбайндын жанында алда кандай кыйкырыктар, туш-туш жактан буудайды аралап жүгүрүп келе жаткан эл, атчан, кээ бирлери арабада тик туруп, камчыны үйүрө салып-уруп келе жатышат. «Кокуй, энеке! – деп кыйкырган Алиман, комбайнды көздөй жулунуп жүгүрдү. «Ой, булар соо эмеско! Комбайндын бычагына илинип, майып болгон го!» — деген сөздөр, кулагыма шак дей түштү. «Бол, кеттик!» – дегенде, орокчулар жабыла чуркашты. «Кудай сакта! Кудай сакта!» – деп, алардын артынан жүгүрүп келе жатып, арыктан секире бергенимде, бет алдымдан кетип, кайра тура калып, кайра жүгүрдүм. Ой, ошондогу жан далбасым ай! Буудайдын арасына өрт кеткенсип, үстүмдөгү көйнөгүм, бүткөн боюм, чачымдын түбүнө чейин жалбырттап, өрттөнүп келе жатам. Асмандагы сокур күн, чел баскандай апапак, бирде беш, бирде он күн болуп көзгө чагылышып, башым айланкөчөк. Жетпей жы-

гылат экемин, токтогула деп кыйкырайын десем, дабышым чыкпайт.

Ушинтип комбайнга жүгүрүп жеткенимде, додолонгон кишилер чуулдашып, кийим-кечеси туташ суу, энтиккен жээрде айгырды жылоодон кармап турган бирөөнү курчашып турушкан экеп. «Мындай болгула, коё бергиле мени!» – деп, топту бузуп киргенимде, комбайндын жанында турган Касым менен Алиманды көрүп, калтыраган колдорумду сундура, балама жүткүндүм. Касым мени көздөй утурлап, боюмду тосуп калды да: «Апа, согуш чыкты!» – деди. «Согуш? Согуш дейсиңби?» – бул сөздү мен эч убакытта укпагандай, анын маанисине түшүнбөгөндөй, дагы да кайталап сурадым. «Ооба, апа, согуш башталды» – деди Касым. Эмне үчүн согуш? Кантип согуш?» – бул суук кабардын артында эмнелер жатканды дале аң-сезимиме жете бербегендей, «согуш, согуш дейсиңби?» – деп шыбырап жатып, жанатан берки жүрөгүмө камалган коркунучка демим кыстыгып, ыйлап жибердим. Мени көрүп башка аялдар да чуулдап коё беришти.

«Эй, катындар, токтоткула азыр! Баскыла үнүңөрдү!» – деп кимдир бирөө кыйкырып калды. Ошенткенде, андан акыл күткөнсүп, баарыбыз унчукпай калдык. Талаа ичи тымтырс боло түштү. Ошол үп этпеген, тынчтыкта алда ким үшкүрүп койду: «Согушка кетет экенбиз да!» Анын сөзүнө эч ким жооп кайтарбады. Жымжырттык ого бетер демин катып, сайда күркүрөгөн дайранын шары кулакка дайын угулду. Чогулуп турган элди айландыра карап, Касым өзүнчө ой бөлүшкөндөй кобурап койду: «Эми эртерээк эгин-тегинди жыйнап алыш керек, бол-

босо кар астында калат». Анан бир аз унчукпай туруп, бир убакытта жардамчысына катуу буюрду: Эмне карап турасың, жүргүз моторду! Силерчи, силер эмне карап турасыңар, орокчулар! Жетишпей калсак, азабын өзүңөр эле тартасыңар. Тургула, урушта туруш жок!».

Эл козголо түштү. Баятан бери башын салаңдатып турган чабарман ошондо гана өйдө карады. Жапжаш орус жигит экен, сууланган чачы маңдайына чакчелекей жармашып, көгүлтүр көздөрү, кудай билет, өмүрүндө биринчи жолу ошончолук санаа чеккен чыгар. Адамдын из түшө элек тун жүзүндө чукул келген эсейгендик дароо эле билинет экен. Ал катуу күрсүнүп алды да, жанында жайдак атын минип турган жигитке кыргызча сүйлөп кайрылды. «Жолдош, сен азыр айылга чаап барып, башкарма, сельсовет, бригаддарды таап, токтолбостон райкомго жөнөшсүн дегин, жарайбы? Мен дагы эки колхозго барышым керек». Чабарман жээрде айгырга минип, мындай бастырарда, жанагы биздин айылдык жигит: «Ой, дос, токтой тур! – деп бери чакырды. – Шапкең агып кетиптир. Ме, менин калпагымды кийип ал: күн өтүп кетпесин»,– деди.

Жана дайраны жалдап өткөн жаныбар жээрде айгыр, эликтей суналып, жолго түшкөндө, артынан коюу чаң буруулдап, чабармандын карааны бат эле көрүнбөй калды. Аны узата карап турган эл, тегиз ар кандай ойго кеткенби, комбайн менен трактордун моторлору бирдей от алып бирдей дүрүлдөй түшкөндө, кишилер чочуп кетип, бирин-бири жалт караашты.

Ушул минуттан тартып, жаңы турмуш, согуш турмушу башталбадыбы...

– Ооба, Толгонай, ошол чабармандын дүбүртү али да сууй электей кулагыма угулуп, аттын туяктары тийген издер берч болуп денемде сакталып калды.

– Э-э, жарыктык жер, айта берсе экөөбүздүкү түгөнөбү. Билесиң го, күн кандай үп тартып, ысып келди ошондо: жандуу-жансыздын баарын куйкалап жибербедиби. Эгин да ошол жылы тирелип калган экен, деги бир уч-кыйыры жок, төрт-беш күндүн арасында тегиз бышып чыкпадыбы. Эмне деген байлык эле. Шашкан иш, курусун, орулган буудайды боолап алууга чамабыз келбей, ошол бойдон арабаларга самсаалата жүктөп, канчасы ысырап болду. Ал го мейли, ичим ачыганда элге ачыды. Күнүгө четинен аскерге чакырылганы кетип жатты, калгандары кара жанды карч уруп, түшкү ысык дебей, демиккен түнкү үп дебей, талаада, кырманда, суй жыгылганча иштешип жатышты. Ошондо Касым, алда байкуш балам ай, бүтпөгөндүн баарысын бүтүрө тургансып, күнү-түнү комбайндын үстүнөн түшпөй, эгин чапканы чапкан. Ал өзү гана эмес, анын комбайны да жандуу немедей каардана күркүрөп, кайнаган чаңдын ичинде бир аңыздан экинчи аңызга жапыра кирип, буудайды шалап оруп жатты. Касымым болсо, комбайндын үстүндө учууга чамынган бүркүттөй, бет алдына көз айырбай тигилип, дагы канчасы калды, канчасын оруп жетишем дегендей, турганы-турган. Ошол күндөрү ал капкара болуп күйүп кетти. Көрсөң эсиң чыгат: эриндери как жарылып, жаактары шимирилип, сакал-мурут жыш басып кеткен. «Ушинтип жүрүп эмне болор экенсиң балам, ысык өтүп, комбайндан кулап түшөр бекенсиң? – деп ичимден сызам, бирок айтууга

оозум барбайт. Дүйнө эмне болуп бара жатканын көрүп турбаймынбы.

Арадан көп өтпөй Касымга да кезек келди. Ал күнү түшкө жакын комбайнга жүгүрүп кеткен Алиман, бир убакытта ылдый карап, томсоруп келди. «Повестка келиптир» – деди ал араң сүйлөп. «Качан?» «Жана сельсоветтен жеткирип беришиптир». Уулумдун акыры бир күнү көп катары аскерге кетерин билип эле жүргөм, ошентсе да, бул кабарды укканда муундарым бошой түштү, эмне үчүндүр орок тарткан эки колум сыздап кетти. Орокту колумдан түшүрүп, жерге отурдум. «Андай экен, ал анда эмне кылып жүрөт, камданбайбы?» – дедим мен дирилдеген эриндериме ээ болалбай. «Кечке барам деди го. Мени үйгө барып даярдангын деди. Мен кете берейин, эне. Атама айтып коюңуз. Берки кичине бала кайда жүрдү экен...», «Айтылар. Сен барагой, Алиман. Камыр көптүрүп тур. Мен да азыр барам». Алиман кеткенден кийин да, көпкө чейин ордумдан туралбай, шалдырап отурдум. Башымдан шыпырылып түшкөн жоолугумду көтөрүп алууга алым келбеди. Жерди тиктеп отурсам, кумурскалар жол салып, ары-бери жүгүрүшүп, дан ташып, саман сүйрөп, аракеттенип жүрүшкөн экен. Эмне үчүн антип ойлогонумду билбейм, кумурскалардын ушинтип эчтекеден бейкапар эмгектенип жүргөндөрүнө да, адам болуп туруп, көз арттым. Капырай, ушундай да ой келет экен го.

Аңгыча арабасын айдап Жайнак жетип келди. Ал ошондо станцияга эгин ташып каттап жүргөн. Агасынын аскерге кетерин билип келген окшойт, арабадан секирип түшүп: «Жүрөгой апа, үйгө баралы» – деп, мени колтуктап араба-

га түшүрдү. Ушул аз эле убакыттын ичинде кичүү баласм таанылгыс өзгөрүлгөндөй болду. Баягы шайырсынган бала кыялы жок, кадимки көптү көргөн немедей токтоо болуп калыптыр. Жайнактын түрүн көрүп, аны кандайдыр өгүнкү чабарман орус жигитке окшотуп кеттим. Ооба, мунун да көзүндө ошондой ой тарткан эсейгендик сезилип жатты. Көптүн башына күн түшсө, адамдын баары эле бирдей турбайбы дедим мен ичимден. Аны ойлонуп келе жатып, берки Майсалбегимден кабар келбей калганын эстеп, дагы да жүрөгүм сызыла түштү: «Ал эмне болду анда? Аскерге алып кеттиби, же кандай? Куш тилиндей кагазга дарегин билдирип койсо болбойбу, чунак бала. Уруксат берсе, үйгө эле келбейби, эми эмненин окуусу. Ата-энени эстебейт окшойт го, сыртта жүрүп таш боор болуп калганбы?» – деп ар кайсынысынын санаасын бир тартып, арабада келе жаттым. «Э, Жайнак, дедим мен,– сен станцияга каттап жүрөсүң го, деги кандай, уруштун токтолор түрү барбы?». «Жок, апа,– деди ал ошондо.– Азырынча иш начар. Немистер майыштырып келе жатат. Биздикилер эми ошолорду токтотуп, мизин бир кайырып алса, кубаттана түшөр элек. Сен, апа, аркы-теркини ойлой бербечи, көп менен көрөрбүз...». А-а, садагаң болоюнум, ал мени жооткондогусу. Көзүмдү жумуп, кулагымды бассам да, кантип эле ойлобой коймокмун.

Үйгө келсем, Алиманым бир жактан шолоктоп, камырын чала жуурган бойдон отуруптур. «Сен эмне элден башкача бекенсиң, элдин баары эле аскерге жөнөп жатпайбы. Мынча эмне бошодуң, шоруң кайнагыр!» – деп катуу айтайын дедим да, кайра, койчу, жаш немени

иренжитпейинчи, ичи сууп калбасын деп тим койдум. Же, ошондо эле катуу айтсам болмок беле? Касым кеч бешимден өтүп, күн батканда үйгө келди. Ал короого кирип келери менен, Алиман жагып жаткан отун таштап, жүгүрүп барып мойнуна асылды да: «Сенден ажырабаймын! Сенден ажырабай өлөм! – деп буркурап ыйлады. Касым комбайндан түшкөн бойдон, чаң, кир болуп жетип келген экен. «Кирмин, Алиман. Коё турчу азыраак, самыныңды алып кел, чоң сууга барып жуунайын» – деди эле, Алиман мени жалт-жалт караганынан ийменгенин сезе коюп, суу алып кел деп, колуна чака кармата койдум. Алар ошондо ай чыккандан кийин, кеч кайтышты. Үйдөгү жумуштарды Жайнак экөөбүз бүтүрдүк. Түн ортосуна жакын Субанкул да келип жетти. Кайда жүрөт десем, көрсө, күндүз эле тоого чаап кетип, өзүбүздүн сары жоргону жылкыдан кармап келиптир. Окшогон[1] жорго эле. Айылдагы кыз-келиндердин: «Астындагы сар жорго, салдырасың жолжолго» – дегендери ошол эмеспи. Уулу аскерге жөнөп жатканда, бир күн болсо да, жоргосун минип калсын десе керек атасы.



Эртеси багымдатта айылдан аттанып, военкоматка жөнөп калдык. Ошондо ири алды менен калың аскер алынбадыбы. Туш-туш жактан кошулуп, кара жолдо чубаган араба, элди көрсөң, сан жетпейт. Алды Чоң-Капчыгайга кире берип, аягы алда кайда. Ал эми райондо жыйналган эл көчөгө батпайт. Атчан, арабачан, катын, бала-бакыра. Ар кимиси өз жакынын тегеректеп, жанынан карыш кетишпейт. Бирок,

---

[1] окшогон – келишкен, абдан мыкты.

көп деген оңой эмес да, «Көп чогулса көл болот» – деген ырас экен. Ошол тополондуу жыйында да, майданга жөнөп жатып, кайраты мыкты эр азаматтар бек сүйлөп, бек басып, ал түгүл, ырдап, бийлеп, кыяк тартып, көпчүлүктүн көңүлүн улап жатышты. Орусча, кыргызча ыр аралашып, бир оздон чыккан «Катюша» – дегендери баарыбызга таанымал болду. «Катюша» – кыздын аты экен да, ошол кездеги жаштардын сүйгөнү экен да...

Военкоматтын короосуна батпай, аскерге чакыртылгандарды чоң көчөнүн ортосуна катар-катар тизип, ар бирин аттарынан чакыра баштаганда, чогулган калк тегиз тынчтанып, сестейе түштү.

Мындай карасам, согушка кетип бара жаткандар тандалгандай не бир солкулдаган, чырактай жигиттер экен. Улам аты чыкканы менмин деп, биз жакты жалт-жалт карашат. «Субанкулов Касым» – дегенде ичим ысый түшүп, тамагым буулду. «Менмин» – деди Касым. Алиман – ошол учурда колумду сыга кармап: «Энеке» – деп шыбырап жиберди. Аныкын деле билип турам, билген менен чарам кайсы: көптүн кереги кыстаганда элден сырткары ким турат. Алда, Алиманым ай, ошого көзү жетип эле турса да, сүйгөнүнө мындай жакын, мындай ысык ынакты көрө албадым. Алимандын коштошконун азыр эстесем, азыр жанымды садага чапкым келет. Ал күнү биз айылга кайтып келдик, анткени, аскерлерди бир күнү өтүп жөнөтөт экен дешти. Колхозубуз чоң жолго жакын эмеспи – мында зарыкпай үйгө бара тургула, кетип бара жатып тие кетем деп, Касым болбой койду. Алимандын мине жүргөнүнө Субанкулдун атын таш-

тап, биз арабага түшүп кеттик. Жайнак да райондо калган болчу – ал арабасы менен аскерлерди ташып кетиш үчүн дайындалган.

Түндөп аңгыраган үйгө келип, жатпай ыйлап отурсам, Субанкул чай куюп жатып, мени теске салды. Ошондогу айтканын түк унутпаймын: «Экөөбүз ким элек, Толгонай. Мына ушул эл, ушул журт менен киши болдук. Жакшылыгын көрдүк, эми жамандыгына туш келгенде, ар кимибиз өз башыбыздын убайын тартып, бөксөрө берсек, биздин эмнебиз адам? Эртең бек болгун. Алиман экөөбүз көргөндүн бирин да көргөн жок, ал ыйласа – жөнү башка. Сени – эне дейт. Билип койгун, согуш ушинтип күчөй берсе, мен да кетем. Майсалбектин жашы да келип турат, керек экен – бирибиз калбайбыз. Ушуга, Толгонай, эмитен көнө бергин...».



Кийинки күнү түш оой аскерлерди станцияга жөнөтүп калган экен. Касым менен Алиман жол арбытып, озунуп келишти. Үйүнө тийе кетип коштошуп чыккын деп, Касымга уруксат бериптир. Алимандын эки көзү көнөктөй, жол катары эле ыйлап келсе керек. Касым сыр алдырбаганы менен, ал деле кейиштүү үшкүрөт. Алимандын көз жашы, анын жалдырап эле турган түрү Касымга катуу тийип ошенттиби, же чын эле ошондой кеп айтылдыбы, айтор, аттан түшөр замат Касым: «Силер станцияга узатабыз деп убара болбогула, ата, балким, мен кайтып да калармын – тракторчу, комбайнчыларды бошото турган болуп жатат. Приказ келип жетсе, станциядан үйүңөргө кайтарабыз дешти» – деди. Эми ойлосом, Алиманды аяп, бизди аяп, жөн эле айткан сөзү экен. Станциябыз да күнчүлүк алыс эмеспи, кайра келерде биз үчүн ал – бүтпөгөн

жол болорун да эске алды окшойт. Адегенде мен ушул сөзгө ишенип да калдым, үмүт кургур адам менен тең жашайт турбайбы. Бирок, мындай чыкканда, Касым муну атайлап айтканын билдим. Баарыбыз тең эле билдик окшойт.

Артта келе жаткан жүргүнчүлөрдүн алдын ала, айылдан чыгып, чоң жолду көздөй Касымды узатып бара жатканыбызда, талаада иштегендер бүт эле коштошкону жүгүрүп келишти. Араба айдаган, орок оргон, кырман бастыргандар калган жок. Касымдын комбайны да ушу арада эгин чаап жүргөн экен. Комбайнды токтотуп, аны менен бирге иштегендер да келип жетишти.

– Туура айтасың, Толгонай. Адамдын комбайн менен коштошконун, мен көрбөгөндүн баарын көргөн жер, ошондо биринчи жолу көрдүм.

– Ооба, кутмандуу талаам, уста майданга кетерде балкасы менен коштошот дейт. Касым да өз кесибинин устасы эмес беле. Айылдаштары менен коштошуп жатып, комбайн жанаша жерге келип токтогондо, Касым чоң жолду көздөй бир карап алды. Кызыл желекти көтөрүп, арабачан, аттуу келе жаткандардын алды бурулуштан жаңы эле көрүнө берген. «Ата, кармай турчу» – деп, Субанкулга аттын тизгинин бере салып, Касым комбайнга басып барды да, аны айландыра карап туруп, бир убакытта үстүнө жүгүрүп чыкты. «Айда, Эшенкул! Айдагын баягыдай!» – деп, трактористке кыйкырды. Угулар-угулбас иштеп турган моторлор, баардык кубатынча күркүрөй берип, шакылдап кыймыл алган комбайн, артынан саман, топон бурганактатып, буудайды жапыра аймап, эгин үстүнө толкун айдады. Ошол учурда менин көзүмө ошондой көрүндүбү, ал анчейин гана комбайн

эмес, канатын жайып, жер бети менен сызган алп куш өңдүү туюлду. Штурвалды бекем кармаган Касым, бетине соккон ысык шамалга жыргап, көкүрөгүн керип күлүп жатты. Тракторист экөө алда эмнелерди кыйкырып, үн алышып, улам ылдамдата, аңыздын башынан кайра ала салдырып келе жатканда, карап турган эл моокусу кангандай, баш ийкеп карап турушту. Алиман да ошондо азыр ажырашарын унуткандай, көздөрү жайнап, өзүнчө эле сыймыктанып, кубанып турган экен. Баарынан да алиги Айша кошунабыздын баласы, анда он үч – он төрттөгү Бекташ, ошол жылы комбайнда саман тартчу, кагылып кетейиним, комбайндын үстүндө туруп Касым менен кучакташып коштошсо болобу. Касым аны колуна көтөрүп, бети-башын өпкүлөп, эми сен үйрөнгүн дегенчелик, штурвалды баланын колуна карматып, ордуна калган жардамчысы менен коштошту да, комбайндан түшө келди. Сай-сөөгүм сыздап, Субанкулдун түндөгү айтканынан гана араң эле тиштенип турдум. Жолду карасам, аскерге жөнөөчүлөр айылдын тушунан өтө берип, кылкылдап жетип келген экен.

Ушинтип, Касымды жөнөтүп турган эл, баарыбыз коштоштук. Ай, Алиманым ай, аян көрдүң белең, улуу-кичүүдөн да тартынбай, эмне үчүн ушунча боздоп асылдың? «Кош эми, Алиман, мен кайра келем, көрөсүң го, эртең эле бошонуп келем, ыйлабачы мынча, мен келем, күткүн мени!» – деп, Касым аттанайын деп улам үзөңгүнү кармаганда, Алиман кайра эле барып, мойнуна асылып, кетирбей жаш балача колунан сүйрөп, коё турчу деп ыйлай берди. «Эмесе балам, тигиндей жол боюна жеткирип кел,– деди

Субанкул келинине.– Биз ушунда калалы. Жолдоштору узап кетпесин. Касым, бери карачы!» Алар бир аз бирин-бири унчукпай тигилип карап турушту да, «Түшүндүңбү?» – деди Субанкул. «Түшүндүм, ата!» – деди Касым. «Эмесе жөнө!». Субанкул атына минип, кырманды көздөй чаап кетти. Мени менен коштошкондо, Касым: «Майсалбектен кат келсе, адресин салып жибергиле» – деп айтты. Атын жетелей, Касым менен Алиман кол кармашып, чоң жолго жете барганча карап турдум. Адегенде Алиман үзөнгүнү кармана жүгүрүп, анан ат үстүнөн аялынын маңдайын акыркы жолу өөп, Касым сары жоргонун башын коё бергенде, төгүлгөн жаандай болгон жаныбардын чаңы ыраактап кеткенче, Алиман кол булгалап эле жүгүрө берди.

Эртеси кечке жайдакталган сары жоргону арабасынын артына коштоп, Жайнак станциядан алып келди.



## III

– Эмне унчукпай калдың, Толгонай?

– Ошол жылы дагы эмне болгондорду эстеп жатам. Айтор, кимди ким билсин, заман дароо эле кыйындап, элдин үрөйү уча түшпөдүбү. Алда кайда кыргын жүрүп, кан төгүлүп жатканда, биздин кармашканыбыз – иш болду. Касымдын айтканы туура келди: канчалык жапатырмак киришпесек да, согуштун кесепетинен эгин-тегиндин аягы, картөшкө кардын астында калды. Айылда күч берип иштеген эркектер оп тарткандай, улам суюлуп, аскерге кетип жатпадыбы. Калганыбыз эртеден-кечке колхоздо, согуш кантти экен деп кулак түрөбүз, анда кабарлар

чеке жылытарлык эмес эле, жол караганыбыз – почточу болуп калды.

Касым жөнөп кеткенден кийин, көп кечикпей, Майсалбектен кат келген. Биринчи катында ал – окуудагы өз катар курбуларым менен аскерге чакыртылдым, азырынча шаардын өзүндө элебиз, силер менен жүз көрүшүп коштошо албай калганыма кейибегиле, мындай болорун ким билиптир, жеңиштүү келсек – тилек ошондо дептир. Экинчи катында – Новосибирь деген шаардамын, командирлик окууга жиберилдим деп, сүрөтүн да салып жибериптир. Сүрөтүндөн айланайыным, аскер форум кийип түшкөн экен, тимеле жарашыктуу, чачын артына кайрып, маңдайы кере карыш, кабагы саал бүркөөрөк тартып тиктеп турат. Түшүмө да эми ушундай кирет, сүрөтүндөгүдөй. Алиман Майсалбекти бир эле жолу көргөн эле да, жазында, Касым үйлөнгөндө, эки күнгө суранып келип кеткен болчу. Кайнисинин сүрөтүн карап, Алиман: «Биздин мугалим бала окшогон сулуу жигит турбайбы, эне. Карачы, баягыда көшөгөнүн артынан анча жакшы байкабай калыптырмын, тиктей бергенден уялгам. Эми аман-эсен кайтып келип, өзүндөй билимдүү, өзүндөй сулуу кыз алса, жарашып калар эле ээ, эне!» дээр эле.

Кыш киргенче ушинтип балдардан кат үзүлбөй санаам анча-мынча тынчып турган. Анткиче болбой, фронт тарапты бет алып, жөнөп калдык деп, Касымдан кабар келди. Эми кандай болор экен, бассам-турсам да көңүлдө ушул. Бул арада Субанкулду да кайта-кайта военкоматка чакырып, комиссиялап калды. Бригадирлик милдети бир жагында, тыным көрбөйт. Бул кандай болуп кетти, демек, Субанкулду да алып кетет

турбайбы, анда канттик деп жүрсөм, бир күнү чын эле аскерге алынууга повестка келиптир. Аны укканда, санаам сай таппай, кырманда эгиндин калганын тазалап жатканбыз, айрынын сабын карманып ойлонуп турат элем, Субанкул чаап келип, аттан түштү да жүр үйгө, камданалы деди.

Учкаша жүрөйүн десем, жок, атты сен мингин, мен жанында басып сүйлөшөйүн деди. Андай учурда адам сөз да таппай калат окшойт, айтылчу сөздүн баары ичте болуп, унчукпай келе жаттык. Булангыр булуттар асманды түнөртүп, Сары-Жайыктын түзүнөн соккон муздак шамал кар учуруп, боорондотчудай, тына калып, демигип турду. Айланамды карасам, жан боордош дыйкан талаам, сен дагы жайдак калып, караан да жок, үн да жок, томсоруп жаткан экенсиң.

– Ооба, Толгонай. Кыш камап, денемди тоң алып келе жаткан. Суукка карайып, менин да жалгызсыраган капалуу күнүм эле.

– Субанкул кайта-кайта чакмак чагып, тамеки түтөтүп келе жатты. Бир убакытта шамалдан калкалана берип, атка ыктады да, тамеки күйгүзүп жатып, менин колумду кармалап: «Үшүдүңбү?» – деди. Ал ошондо бир нерсе айткысы келди, балким, балдарыбыз тигинтип согушта, мына эми мен да кетип жатам, кандай болот, кандай коёт, көрүшөбүзбү, жокпу, ушунча жыл ысыксуугубузга күйүшүп бирге жашадык – ыраазы бол, тагдыр ушул экен, кантебиз, аманчылыкты тилейли дегиси келдиби, ким билет. Айтор, башын көтөрүп, мени аяп да, сүйүп да, эрдин тиштене карап алды. Мурутуна жаңыдан ак кирип келе жаткан экен, ошондо байкадым. О,

касиеттүү талаам, менин башыма түшкөн жакшылык, жамандыгымдын баарын көрдүң го...

– Ооба, Толгонай, сенин бүт өмүрүн ушунда өттү.

– Субанкул экөөбүздүн ушул талаада кошулуп, жыйырма эки жыл ушул жерде таман акы, маңдай терибиз менен агарып-көгөрүп, бирге өмүр сүргөнүбүз ошондо заматта көз алдыма келе калды. Түбөлүк шериктешимден минтип айрыларымды ойлодум беле. Кечээ эле орок түшкөн биринчи түнү так ушул жол менен учкашып бара жатканыбызды эстеп, айылдын кире беришинде жаштардын жаңы көчөсү башталган бойдон таштала калганын көрүп, Касым менен Алимандын чарбагында үйүлүп жаткан кирпич менен ташты көрүп, ат жалына жыгылып, өксүп-өксүп ыйлап жибердим. Субанкулдун кайраты бек эле го. Менин эмне ойлоп келе жатканымды билип эле жатты. «Ыйласаң азыр ыйлап ал, Токон, бирок, мындан ары элдин көзүнчө бошой турган болбогун», – деди ал. – Сен, Токон, Алиман менен Жайнакка гана баш болбой, менин ордума бригадир болуп каласың, бул ишке сенден башка ылайыктуу эч ким калган жок айылда. «Ушундай саатта болбогон сөзүңдү койчу, Субанкул, кереги жок, бригадирлигинди эмне кылам, мен кайсынын бригадири!» – деп ыйлай бердим. Антсем, кечинде чындап эле колхоздун мекемесине чакырып калышты. Фронттон колу жарадар болуп келген жаңы башкармабыз Үсөнбай, Субанкул дагы эки-үч аксакал кишилерибиз олтурушуптур. «Толгонай жеңе, кантсеңиз да белиңизди бек бууп, көпчүлүктүн милдетин мойнуңузга аласыз. Аял болсоңуз да, жер-суунун шартын, элдин шартын сизден жакшы билген эч ким

жок. Мына, минтип мыкты бригадирибизди, ачуу чайнап, согушка жөнөтүп турганыбызда, анын ишенген кишисине, сизге, биз да ишенебиз. Замандын түрүн го өзүңүз көрүп турасыз. Эртеңден тартып ишке киришиңиз, Толгонай жеңе» – деп, Үсөнбай түз эле айтты. Берки аксакалдар да аркы-берки сүйлөшүп, койчу, кептин кыскасы – бригадир болууга көндүм. Көнбөгөндө кайда барат элем. Ошенткеним да бир чети дурус болуптур – Субанкулумдун эң акыркы өтүнүчү ошол эмеспи: кетер-кеткенче көптүн камын тарткан бечарам ай, түнү менен кош айдоого эмитен камдана бер, ат көлүктү тандап, жем-чөпкө байла, соко-шайманыңды түгөлдөп ремонттоткун, баланчанын үй-бүлөсү жашаялмет, беркилер кары-картаң, көз сала жүр, тигини андай кыл, муну мындай кыл деп, сүйлөп отурду. Таң атканча тынбай сыртта шамал уюлгуп, кар жаады.

Субанкулду да чоң жолдон узаттык. Өзү курдуу бир катар кишилер менен арабага түшүп, борошого аралаша кетти да калды. Ошондогу сууктун курчун ай, беттен алып, каарып турбадыбы.

– Ал күнү сен узатып кайра келе жатканда, кайта-кайта артыңа кылчактап катуу ыйладың, Толгонай.

– Ооба, Жер-Энем. Ошол күндөн тартып, башкармабыз Үсөнбай айткандай, белди бек бууп, атка миндим, бригадирлик жумушума кириштим. Эмки бригадирлердин да кызматы оңой эмес, ал кезде болсо тимеле бир тирүүлөй азап экен. Ишке жарамдуу эркектерден эч ким жок, тегиз кеткен, калгандары келин-кезек, жаш балдар, карыган кишилер. Тапкан-тергенибизди

фронтко берип, арабалардын дөңгөлөгү жок, каамыт-шлиялар[1] жарамдан чыккан, устаканага деген көмүрдү сайдагы чычырканактарды өрттөп, көөрүктү эптеп жалмалатып турдук. Элдин турмушу да начарлагандан начарлап бара жатты. Ошентсе да колхоздун ишин токтотпой, кыймылдатып туруунун аракети болуп жатты. Азыр ойлосом, бирөөгө жакшы айтып, бирөөгө жаман айтып, колхоз деп жүрүп ар кандайлар баштан өткөн экен, бирок, эл үчүн, анын азып тозсо да ар качан эл болуп тура бергендиги үчүн садага кетиш керек. Ошондогу аялдар – бул кезде кемпир, жаш балдар – беш-алтынын атасы, баягы күндөрдү алар унутуп да калышкан чыгар, бирок, мен аларды көргөн сайын, көз алдыма өлбөс-өчпөстөй алардын ошондогусу элестелет, ач-жыланач жүрүп колхоздо иштегендери, күткөн-самаганы – бардыгы ташка-тамга баскандай көкүрөгүмдө. Мен өзүм деле кандай абалда элем, антсе да, жыгылып-тыгылып бригадир болуп жүргөнүмө эч убакытта өкүнбөймүн. Таң азандан колхоздун сарайына жетип барып, ар кайсынысын жумушка чегип, ушуну менен кечке чейин аттан түшпөй, эл жаткыча контордо күндөлүк жыйналышта отуруп, көпчүлүктүн иши менен алаксып жүргөн экенмин. Мейли, кээ бирде жан карайганынан айрымдар тил албай мени сөккөн күндөрү да болду, андайда Алиман менен Жайнак өз балдарым эмеспи, аларга тыным бербей жумушка күнү-түнү айдай берчүмүн.



---

[1] каамыт-шлия – араба жабдыктары; (каамыт (ор. хомут) – арабанын ок жыгачын бекитүү үчүн аттын моюнуна кийгизилчү жабдык; шлия (ор. шлея) – куюшканга окшогон жабдык.

Анткениме да кейибейм, болбосо бизди не деген коркунучтуу ойлор басынта бермек. Бир үйдөн үч киши катары менен согушка кетип отурса, адам ойлонбой коёбу.

– Ырас, Толгонай. Сен ошондо мени менен сүйлөшкөндөн качкансып, дайым өтө чаап, алда кайда шашылып алдастап жүрөр элең.

– Антпеске айлам бар беле, сырдашым Жер-Эне фронтко бет алдым деген бойдон, бир жарым ай чамасы Касымдан эч кандай кабар болбой турбады беле. Арабасы менен станцияга каттап, Жайнак тентимишим үйдө жок эсе, ал эми Алиман экөөбүздүкү эмне болсо да ичте. Касым жөнүндө сүйлөшүүдөн корккондой, көзүбүз чагыла түшкөндө, башка бир болор-болбос тиричиликти кеп кылып, жаш балача сооронууга шашабыз.

Кыш ортолоп, аяздуу күндөрдүн биринде, устаканада аттарды такалатып жүрөт элем, сизге шашылыш телеграмма келиптир деп, башкарма алакандай кагазды ала чаап келди. «Кой, кокуй ал эмнең?» – деп жибериптирмин. «Ой, Токон жеңай, коркпоңуз, жамандыктын түрү курсун, бул телеграмма Майсалбектен экен, Новосибирден жибериптир, бери басыңыз! – деди Үсөнбай. – Азыр токтобой станцияга жөнөңүз, уулуңуз эки күндө биздин станциядан өтөт экен, жолугуп калайын дептир. Чөп-жем салдыртып, арабаны дайындатып койдум, Толгонай жеңе, кечикпей жөнөңүз!» – деп эле айтып калганы. Сүйүнгөнүмдөн эмне кыларымды билбей алдастап, устаканада нары жүгүрүп, бери жүгүрүп, анан түз эле үйдү көздөй жолго түштүм. Иштин жай-жуюн дагы да сураштырбай, бир билгеним: «Майсалбегим тоссун дептир! Майсалтайым кел-

син дептир! Сени тоспогондо кимди тосом, кагылып кетейин уулум. Тимеле учкан куштай жөө жүгүрүп отуруп барармын!» – деп эле өзүм менен өзүм сүйлөшүп, чыкыроон аязда алашала тердеп келе жаттым. А-а, кургур эне десе, ошондо ой токтотуп, Майсалбегим кай тарапты карай өтөт экен деп койбоптурмун. Нары-бери камына берип, Майсалбегим жолдоштору менен үйдүн оокатынан даам татып кетсин деп, боорсок, жупка, эт бышырып, ошол эле күнү Алиман экөөбүз арабага түшүп жөнөп калдык. Адегенде Жайнак менен барсамбы деп ойлонуп турдум. Ошентсем, Жайнак өзү эле: «Кой, апа. Алиман барсын, мен үйдө калайын. Мага караганда Алимандын барышы зарыл» – деп койду. Абдан туура кылган экен кичүү балам. Жаш болсо да, Жайнактын ошондой билгич жайы бар эле. Жеңесинин кандай думугуп, капа чеккенин сезип жүргөн турбайбы. Алиманды чөпканада иштеп жүргөн жеринен өзү чуркап барып чакырып келбедиби. Көптөн бери келинимдин минтип кабагы ачылганын көргөн жок элем. Тимеле жаш баладай сүйүнүп, менден бешбетер жетине албай: «Бол, эне кечигип калбайлы!» –деп, өпкөсү көөп алыптыр. Жолго чыкканда да ушул: арабаны тездете айдатып, кээде тизгин, камчыны арабакеч баладан тартып алып, өзү шамдагайланып, айдап келе жатты. Жол катары бир тегиз суук тартып, жабалактаган жумшак кар жаап турду. Ошол кар апапак болуп Алимандын жоолугуна, маңдай чачына, жакасына күрпөңдөлө жыйналып, анын жалтылдаган капкара көздөрүн, нурлана тамылжыган кызылдуу жүзүн ого бетер сулуу көрсөтүп, көрктөп келе жатты. Анан калса, барар-барганча оозу бир тынсачы

келинимдин. Биринчи жолу тойго бара жаткан баладай, аны-мунуну эркелеп сүйлөп: Мугалим бала поюздан түшкөндө, сен унчукпай тур, эне. Мени таанып бекен? – деп, анан туруп,– «жок, эне, мен артынан барып, мугалим баланын көзүн басып калайын, кантер экен, ой бул ким өзү деп, чочуп кетер бекен!» – деп күлүп жатты. Ай, Алиманым ай, ай келиним ай, сенчелик күйөөсүн сүйгөн аял болду бекен? Мени билбейт деп келе жаттыбы, өзү деле акыры сырын алдыртып койбодубу. Жанагыдай тамашалап келе жатып, бир убакытта муңдана түшүп, өзүнчө кобурап койду: «Мугалим бала Касымга аябай окшош, ээ?» – деп унчукпай калды. Анан туруп кайра көңүлү ачылды: «Айда аттарды, айда эртерээк!» – деп шашып жатты. Ушинтип отуруп, станцияга күн батарда жетип бардык. Станция турган капчыгайдын ичи, шамалдын уюткусу ошол жерде эмеспи, кар учуруп, ыркырап турган экен. Майсалбек азыр эле келип кала тургансып, арабадан түшөр замат, Алиман экөөбүз түз эле темир жолдун боюна жетип бардык да, наржак-бержакты карап, эмне кыларыбызды билбей, жетимсиреп калдык. Эртеден берки желпинип дегдегенибиз сууй түштү. Тарам-тарам темир жолдун арасына жөө бурганак ойноп, кээде паровоз тоңуп калгансыган вагондорду, калдырата козгоп коюп, зым карагайлар шамалга үндөшүп, ышкырып жатты. Бирде-экиде поезд тосуп көрбөгөн адам курусун. Качан келет, кай тараптан келет – сурамжалдап албай, тура бериптирбиз. Анткиче болбой, алыстан поезддин үнү чыгып, шакылдаганы угула берди эле: «Апа, келе жатат!» – деди Алиман. Буту-колум титиреп, жүрөгүм колкомо тыгыла түштү. Поезд улам

жакындап келе берди, шашканымдан: «Ме, куржунду сен кармачы!» – дедим. Бурганак сапырып паровоз өтө чыкты да, поезд токтоду. Вагондордун ичи жык толгон жүргүнчүлөр экен, катын-балдары да бар, көбү солдат. Кимдер экенин, кайда бара жатканын кудай билсин, Майсалбек көрүнбөйт. Поездди жандай жүгүрүп, эшиктерден башпаккан кишилерден: «Субанкулов Майсалбек барбы? Айткылачы айланайындар, Субанкулов Майсалбек барбы? – десек, кай бирлери билбейбиз дешсе, кай бирлери унчукпай, кай бирлери күлүп да коюшту. Ушинткиче болбой поезд ордунан козголуп, жүрүп кетти. Бар болгону биздин станцияга үч эле минут токтойт экен. Колубуздан алдырган немедей, турдук да калдык. Поезд илгерилей түшкөндө, аны узатып жүргөн чолок кара тончон, орто жашап калган темир жолчу орус киши, бизди көрүп, силер кимди тосуп жүрөсүңөр деп сурады. Жайыбызды түшүндүрүп, ага Майсалбектин жиберген кагазын көрсөттүк. Ошентсек, көз айнегин кийип, окуп чыкты да, сиздин уулуңуз аскер эшелону менен келе жатыптыр. Ал эми кайсы эшелон экени, кайсы убакытта өтөрү белгисиз. Кечикпесе, бүгүн-эртеңден келип жетиш керек. А, балким, өтүп да кеткен чыгар, күнүнө нечен эшелондор өтөт, кээде токтобой да кетет, кайсынысы экенин ким билсин дегендей арсар айтты. Биздин бозоргон түрүбүздү көрүп, темир жолчу аяп кетти окшойт: «Эх, война, война! Баардыгын бүлдүрдү го»,– деп башын чайкады да,– «силер эми суукта турбай, тигиндей кирип отургула, улам поезд келерде алдын ала чыгып тоскула» – деди.

Станциянын жалгыз тамында тактай нарларга кулап жаткан он чакты киши бар экен. Согуштун айынан ар кайсы жактан жеринен ооп, жол азабын тарткан жүргүнчүлөр бул жерде өз үйүндөгүдөй жайланышып, уктаганы уктап, сүйлөшкөндөрү сүйлөшүп, кай бирлери темир кружкалардан шорулдата чай ичип, гитар кыңгыратып, ичинен кыңылдап ырдагандары да бар. Алиман экөөбүз да нарынын четинен орун алып отурдук. Шишеси сынык жалгыз чырак араң эле бүлбүлдөп, станция ичи күүгүм-чалыш тартып турду. Бир кезде поезддин жакындап келе жатканы дагы угула калды эле, биз эшикке атырылып чыктык. Түн жамынып жин ойногондой, шамал этек-жеңден булкуп, паровоздун ысык деми бетке уруп, өтө чыкты да, жүк ташыган поезд жай келип токтоду. Мында келе жаткан солдаттар көрүнбөсө да, Алиман экөөбүз: «Майсалбек! Майсалбек, барбы?» — деп вагондорду кыдыра жүгүрдүк. Эч ким жок. Станцияга кайра келип отурганыбызда, элдин баары уктап калыптыр. «Эне, чарчадың го, жатып эс ала турчу, мен эле күзөтүп турайын» – деди Алиман. Келинимдин ийинине башымды жөлөп кыйшайдым. Бирок, эмненин уйкусу, кайдагы уйку. Уктабай кашайып калайын! Кулагым, жүрөгүм, акылым менен тигил поезддин ыраактан келе жатканын таманым менен тамдын асты билинер-билинбес солкулдаганынан сезип жаттым. Поезд кай тараптан келбесин, күүсүн кулагыбыз чалар замат, кокус келип жетпесин деп, улам куржунду көтөрө жүгүрүп, тосуп жүрдүк. Нечен эшелондор өттү, бирок, биринде да Майсалбекти жолуктура албадык. Түн ортосуна жакын жер күүлдөп солкулдаганынан эшикке чур-

капчыкты элек, капчыгайдын нары жагынан да, бери жагынан да паровоздордун бакырыгы угулуп, эки поезд эки жактан шакылдап келе жаткан экен. Ушинтип жол карап, күткөнүбүздөй болсочу, кокуй!.. Шашканыбыздан кай жагына умтуларыбызды билбей алдастап, эки жолдун ортосунда камалып калган экенбиз, каршы-терши зуулдап келген поезддер, кулак тундуруп, урган-соккон бойдон токтобой, жандаша күүлөнүшүп өткөндө, уюлгуган кар, шамал вагондордун астына учуруп жыкчудай алка-жакадан булкуп силкти. «Эне!» – деп бакырган Алиман мени кучактай, фонардын мамысына капшыра кысып кармады. Ошол куюн-чымын шака-шактын ичинде да, чагылгандай жарк-журк эткен вагондордун терезе эшиктерин сагалап, алда кокуй, Майсалбегим ушунда өтүп кетип калбагай эле деген ой, бүткөн боюмду титиретип, эсимди оодарды. Дөңгөлөктөр чуркаган кош темир жол ошондо менин жүрөгүм зыңылдагандай, зың-зың этип онтоп жатты. Айтчы деги, дүйнө тиреги жер, кай заманда, кайсы эне ушинтип өз баласын бир көрүүгө зар болуп, көзүнөн кан чачырап, кыйкырыгы таш жарып, жол тосту эле?

– Айталбаймын, Толгонай. Сенин заманыңдагыдай ааламда согуш болгон эмес.

– Эмесе, ошентип жол караган эненин эң акыркысы мен болоюн! Ылайым, ылайым, мен сыяктуу темир жолду кучактап какшаган пенде болбосун!

– Толгонай, уулуң менен жолугалбай келгениңди, сен бери чоң жолдон кайрыла бергениңде эле билген элем. Түрүң ушундай бир керса-

ры, көзүң ичине тартып, оорудан тургандай болуп калыпсың.

– Ушундан көрө бир ай эс-учу жок төшөктө жатсам, ыраазы элем. Таң аткыча келиним экөөбүз бир тыным албай, темир жолдун боюнда ары-бери жүгүрүп жүрдүк. Бороон таңга маал чукул тыйылды. Ошондо батыш жактан вагондору кыйрап өрттөнгөн бир эшелон келди. Капырай, талкаланган эшелон жай сүйрөлүп келгенде, капчыгай ичи тып-тынч болуп турду. Анча-мынча гана кар кыпындаганы болбосо, станцияда жан жок, үн жок. Ошол эле сыяктуу эшелондун өзүндө да бир да адам жок экен. Тегиз эле кыйраган вагондор чиркелишип, эски күмбөздөр арасындагыдай, үн этпеген көрүстөн тынчтыгы тунжурап, түтүн, күйгөн темир, өрттөнгөн карагай жыттанып турду. Кечээ күнү таанышкан чолок кара тончон орус киши фонарын көтөрүп, жаныбызга келди эле. Алиман андан: «Бул эмне болгон эшелон?» – деп шыбырап сурады. «Бомбалар талкалап кеткен» – деди ал да шыбырап. «Эми бул вагондорду кайда алып бара жатышат?» «Ремонтко» – деди темир жолчу. Алардын сөзүн тыңшап, бул эшелондо кимдер жол тартып, кайсы жерден бомбалар үстүнө кулап, өрт-жалын, кыйкырык, бакырыктын ичинде кимдер буту-колунан ажырап, кимдер жан берип, өмүр менен коштошту экен, согуштун элеси эле ушул болсо, өзүчү, өзү эмне деген шумдук иш деп, ойлонуп турдум. Согуштан келген эшелон, көпкө чейин станцияда туруп, анан жай сүйрөлүп, алда кайда жүрүп кетти. Жүрөгүм копшолуп, заманам куурулду: эми Майсалбегим да талкаланган эшелондун келген жагын көздөй, кан майданга жол тартат ээ. Касым эмне

болду экен? Субанкул да Рязань шаарына жакын жерде машыгып жатабыз деп жазыптыр... Анысы фронттон анча алыс жерде эмес көрүнөт...

Күн чыкты, түш да болду, түнүлүп да калдык. Майсалбек биз келгиче өтүп кеткен экен го, болбосо станцияга келген бир да эшелон койбой тосуп жаттык. Эми эмне кылабыз? Майсалбек менен жүз көрүшпөй калганыбыз ушулбу? Аттарга деген арабадагы жем-чөп да түгөндү – деп, ар кайсыны бир ойлоп, айылга кайтып кетүүгө да дитибиз чыдабай, Алиман экөөбүз темир жолчуларга жардамдашып, поезд жолдордун арасына ныкталган карды күрөктөп тазалап жүрдүк. Антпесе, убакыт өтө турган эмес. Суук кечээгидей эле коё бербей, жөө-бурганактап жел козголуп турду. Бир убакытта асман ачылып, чамгылттаган булуттарды жиреп, күн тийди. «А-а, кудай ай, ушул күндөй болуп уулум жарк этип көзгө көрүнө калсачы! Келтирегөр, кудай, жолуктурагөр!» – деп жалындым. Ушул арада чыгыш тараптан паровоздун айбаттуу кыйкырыгы угулуп, станцияга келе жаткан эшелон көрүнө берди. «Эне, ушул болуп жүрбөсүн! Кудай билет, ушул!» – деди Алиман, куржунду ийнине арта салып. Ал ошондо билип тургандай, эмне үчүндүр купкуу болуп, бетинен каны качты. Менин да демим кыстыгып, жүрөгүм алып учту. Куйрук улаш эки паровоз чиркелип, түтүн, буу, кара чоюн, кызыл темир дөңгөлөк күркүрөп, шакылдап өтө берип, адегенде жайдак вагондордо чүмкөлгөн замбирек, танкилер жанындагы мылтыкчан кишилери менен көзгө урунуп, анан вагондордун эшигинде топтолгон солдаттар, кыяк, ыр, сөз – кулакка, көзгө илинбей алмашылып зуулдады. Колуна желекче карма-

ган кандайдыр бир темир жолчу, жүгүрүп келип: «Токтобойт! Токтобойт!» – деп, колун шилтеп, бизди көкүрөккө түрткүлөп темир жолдон четтете берди эле, ошол учурда «Апа-а! Алимаан!» деген кыйкырык, жаныбыздан угула түштү. Майсалбек! Алда, айланып, согулуп кетейин балам ай, бир колу менен вагондун туткасын карманып боюн сыртка таштап, тумагын булгалап коштошуп өтүп бара жаткан экен. «Майсалбек!» – деп кыйкырганымды бир билем. Ошол чагылгандай оокумда Майсалбектин өңү-түсү эң бир даана көрүндү: шинелинин этектери шамалга чамынып, чачы желпилдеп, жүзүндө, көзүндө – өкүнүч да, сүйүнүч да, учурашуу да, коштошуу да! Арылдаган шамал анын кыйкырыгын жула качып Майсалбектин ушул түрүн көз айырбай, ал алыстаган сайын поезд менен кошо жарышып, эшелондун эң арткы вагону жанымдан өтө чыкканда, артынан дагы жүгүрө түшүп, жүзтөмөнүмдөн жыгылдым. Ай, ошондо боздогонум ай, какшаганым ай! Ок жааган майданга кетип бара жаткан уулумдун ордуна, темир жолду кучактап, коштошуп жаттым. Дөңгөлөктөрдүн рельсиге чыкылдап урунганы улам алыстап кете берди.

Азыр да кээде ошол эшелон кулагымды тундуруп, куйрук улаш эки паровоз алып-учкан вагондор мээмди как жарып өткөнсүйт.

Артымдан ошондо шолоктоп ыйлап Алиман жетип келип, анын соңунан дагы бир темир жолчу орус аял өз алдынан бышактап, жаткан жеримден өйдө тургузушуп, темир жолдон четке чыгарышты. Алиман мени колтуктап келе жатып ошондо колума аскер тумак карматты: «Ме, эне, мугалим бала таштап кетти» – деди

ал. Көрсө, Майсалбегим аны мага таштап кеткен турбайбы.

– Туура айтасың, Толгонай. Арабада түшүп келе жатып, тумакты көкүрөгүңө кысып келбедиң белең.

– Ооба, ошол тумак азыр да үйдө илинүү. Чекесинде кызыл жылдызы бар, боз товардан тигилген солдат тумак. Кээде колума кармалап жыттайм, уулумдун жыты али да келип тургансыйт...

## IV

– Толгонай, байкуш Толгонайым, алдагы калтаңдаган башыңды ошондо боз кыроо чалбадыбы. Кайран олоң чач! Сен бул жерге келген сайын, ар качан башкача болуп келчүсүң. Улам жүгүң оордогондой, ээрдиңди кесе тиштеп, ичиңден өксөп, унчукпай келип, унчукпай кетип жатсаң да, башыңа кандай кыйын күн түшкөнүн баарын билип эле жаткам.



– Ооба, Жер-Энем, унчукканда кантер элем. Мен эле жалгыз болсом экен – согуштун кесири тийбеген бир да үй-бүлө, бир да адам калган жок эле го. Башкасын айтпай эле коёюн, дүйнөнүн өйдө-төмөнү менен эч кандай иши жок кезинде, тили жаңыдан чыккан кичинекей балдар да, ошол балыр сүт бөбөктөр да, ырдап койчу десең, каңырык түтөтүп:

«Ак көйнөгүм этеги
Элбир-желбир этеди.
Аскерге кеткен атамдын
Бир кабары келеби?» —

деп, какшап турса, кимдин жаны карайбайт да бүлүк салган душманга: «Сени канабы!» – деп,

ким кекенбейт. Ал эми шум кара кагаз келгенде, аскерге кеткендеринен ажырап, бир күндө айылдын эки-үч жеринен өкүрүк, ый чыгып жатса, адамдын каны ошондо кайнап, согушта жалбырттаган өрттүн табы жүрөгүмдү тирүүлөй куйкалаганын ошондо билет экенсиң! Так ошол күндөрү бригадирликте жүрүп, элдин жамандык-жакшылыгын тең бөлүшүп, көпчүлүккө эптеп баш-көз болуп жүргөнүмө, азыр да сыймыктанам, азыр да ыраазымын. Ал болбосо, балким, мен алда качан майышып, алда качан мөгдүрөп, алда качан согуштун тепсендисинде калмак элем. Кылычын суурул келген жоого бир гана даба бар турбайбы: даба – күрөштө, эмгекте турбайбы. Мына ошондуктан, отон талаам, иш арада чаап келип, унчукпастан тиштенип, аттын башын кайра бура тартып, унчукпастан чаап кетип жүргөнүмдүн себеби ошол эле. Эсиңдеби, Жер, Касымдан кат келгендеги күн?

– Эсимде эмей, Толгонай. Сен тээ көчөдөн чыга бергенде эле, күрткүнү, арыкты карабай, аттын башын коё берип, чаап келе жатканыңда эле билгем. Сен ошондо аңызда кык төгүп жүргөн келиниң менен кичүү балаңды сүйүнчүлөп келгенсиң, Толгонай!

– Сүйүнчүлөбөй анан! Эки ай катары менен өлүү-тирүү дареги жок Касымымдан аманмын деген бир ооз кабар келип турса, мен сүйүнчүлөбөй, ким сүйүнчүлөйт эле! Москванын алдындагы чоң салгылашка эки жолу кирип чыгып, экөөндө тең аман-соо согушуп чыктым, немистердин мизи кайтып, туруп калды, биздин полк азыр дем алууда дептир. Алимандын, ошондогу кубанганы ай! Арабадан ыргып түшүп, Жайнактан мурда озунуп, «Энеке, оозуңа май, кагы-

лайын энеке!» – деп, жетип келди да, катты кармаган колдору калтырап, эчтекесин окуй албай: «Аман! Аман-эсен!» – дей берди. Жанаша жерде кык чачып жүргөн келиндер жүгүрүп келишип, «кана, окучу Алиман, күйөөң эмне дептир!» – дешсе, «азыр, айланайындар, азыр!» – дегени менен окуй албай койду. «Мага бере турчу, жеңе. Элге окуп берейин»,– деп Жайнак катты алды да, угуза окуду. Алиман ошондо эмне үчүндүр отура калып, ысып чыккан чекесине чеңгелдеп кар басты. Кат окулуп бүткөндө, ал өйдө турду да, бетиндеги кардын эриндилерин сүртүп да албайт, албырган бети суу бойдон, же ыйлар, же күлөрүн билбей, түш көргөн жаш балача жылмайып: «Жүргүлө, эми иштейли!» – деп койду. Ошентип алып, өзү шашылган жок, айлана-тегерегин жай каранып, кар кечип жай басты. Эмне ойлонгонун кайдан билейин, менимче, жайында ушул талаада Касымга суусун ала жүгүргөндөрүн эстедиби, балким, аны аскерге кетерде комбайн менен коштошкону көз алдына келип тургандыр. Капырай, келинимдин сыры ичине жатпай, эмне болсо да бүт эле жүзүнө чыгар эле. Ушундай адамдар болот эмеспи. Алимандын көздөрү ошол учурда сүйүнүп да, муңканып да, алда кайсы сонун көрүнүштөрдү эстегендей, күлмүндөп, эркелеп, чоң жолдо жаандай төгүлгөн сары жоргонун алыстаган чаңын узата карагандай, мөлтүрөгөн жаш алып, койчу, келинимди түркүн ой, түркүн сезим сел сыяктуу каптады окшойт. Жайнак тамашакөйүм аны жөн койбой жеңинен тартып: «Э, жеңе, эсиң ооп калган го! Алың ушул экен, катты окуй албай, элге күлкү болду деп, Касымга жазып жиберейин. Аялыңды кайра мектепке бергени

жатабыз дейин!» – деди. Алиман аны жонго муштагылап, алар кубалашып кеткенде, мен дагы күлдүм. «Мейли! – дедим ошондо ичимден, кайраттанып... – Жоону жоо гана басат! Касымдын согушка кирип, көп катары немис менен салгылашып чыкканы ырас болуптур. Менин балдарымдай жигиттер эл коргобогондо, ким коргойт эле. Айтор, аман эле болуп, душманды талкалап, жеңиштүү кайтып келсе болгону. Андан башкасынын баарына чыдайбыз, мейли, ит азабын тартсак да, эртерээк женсек экен! Кудай-ай, эртерээк женсек экен!» – деп тиледим. Бул менин гана каалоом эмес, көптүн тилеги, улуу тилек болгон соң, аны үчүн баарына макул болот экенсиң. Үйдө калган жалгыз кенжем, Жайнагым, он сегизге жетер-жетпей аскерге кеткенде: «Жа, эми башка салганды көрөбүз!» – деп гана ичимден тынып тим болдум.



Кыш аягына жакын Жайнакты өзү тендүү балдары менен кошо военкоматка чакыра баштаганынан, аларды анчейии аскерче машыктырып жүргөн экен дегем. Аны аскерге алат деген ойдо жок. Эки жолу районго барып, он чакты күндөн ойноп келип, үчүнчү жолкусунда бир күн өтүп, эртеси эле кайра Жайнак үйгө келип калды. «Сени эмне бошотуп коюштубу, тез эле келип калдың?» – десем,– «Жок, апа, эртең районго кайра кетем. Военкомат бир күнгө уруксат берди» – деп койду. Ошондо эле байкасам болмок экен. Алда кайда, узакка кетүүгө камынгандай. Жайнак ал күнү көп иштерди бүтүрүп жатты. Жумуштан бир кайрылып келсем, короонун ичин шыпырып, оголе көп отун жарып, уйкананы тазалап, тамдын төбөсүндөгү чөптү кайра жыйып, атасы ат байлачу акырдын ура-

ган жерлерин оңдоп жаткан экен. «Ой, аны эмне кыласың, балам, жайында эле оңдобойсуңбу?» – десем,– «Кол бошто бүтүрүп коюш керек, апа. Кийин кол тийбейт» – деди. Көрсө, анысы жөн эмес экен да. Жайнагым өз ыктыяры менен, комсомолдун чакырыгы боюнча согушка кетпедиби. Аны биз Жайнак жөнөп кеткенден кийин билип жүрбөйбүзбү, станциядан араба айдаган айылдашынан кат берип жибериптир. Алда курган ай, алда байкуш балам ай, чынын айтып эле, коштошуп эле кетсе да, ыйлап-сыктасам да, эптеп түшүнөр элем го. Алиман экөөбүзгө жазган катында, коштошпой кеткенимди кечиргиле, силерди биротоло бир билсин дедим, аскерге өз ыктыярым боюнча кетүүнү туура таптым дептир. Мен анын кылганын жактырбай тыйып коёт дедиби, тукумуң өскүр, же айтууга оозу барбадыбы, кайдан. Бир билгеним Жайнак согушту сүйүп, кызыгып кеткен жок, ал аны жек көргөн үчүн, согуштун элге тийген запкысы жанына баткан үчүн курал алып кармашканы кетпедиби. Атасы, эки бир тууганы эл деп кан-майданда жүрсө, анын жаны алардан артык бекен, ал деле намысына туулган жигит эмес беле. Ооба, Жайнак так ошол үчүн, согушту жек көргөн үчүн кеткенине көзүм жетип эле турган. Жалгыз Жайнак фронтко барганда кыйратып деле жибербейт болчу, бирок, минтип айтыш да туура эмес: Жайнакка окшогондор ону кошулар, жүзү кошулар, миңи кошулар, ошентип барып күч болот, ошентип барып кол болот, ошентип барып тоо болот! Жайнагым, кенжем, тамашакөйүм, шайырым, ырчым, солкулдаган боз балам! Сен эмне үчүн айтпай кеткениңди билбей койду дейсиңби? Сени балалык кылып, со-

гуш эмне экенин, өлүм эмне экенин түшүнбөй кете берди деп ойлойт дейсиңби? Шайырсынган түрүңдү көрүп, сен адамга кандай боорукер экениңди ар ким түшүнө бербес эле. Ошол боорукерлигиңден жашаялмет катын-калачтын көргөн азабына тим карап туралбадың. Адамдын бул дүйнөдө арттырары эле жакшылык турбайбы. Мынакей эми, согушта жүрүп алда качан кабарсыз дайынсыз кетип, курман болдуң. Кырк төртүнчү жылдын кайсы бир караңгы түнүндө партизандарга жардамдашыш үчүн самолёттон парашют байланып секирип түштүң да, парашют десантындамын, немистин ичкерисине үч жолу түшүп барып согушуп келдик деп кат жазчу элең, ошол бойдон сени эч ким көрбөй калды. Душман менен кармашып жатып, ээн жерде окко учтуңбу, же токойдо адашып кеттиңби, же колго түшүп кармалдыңбы, айтор тирүү болсоң, эмдигиче бир шек-шыбаң чыгар эле го, балам. Сен ошентип жаздым болдуң, Жайнагым, кенжетайым, жаш кетип элдин эсинде да анча калган жоксуң. Ал эми мен сени эстегенде, бизди аяп, айтпай кеткениңди ар качан эстейм, баягыда, станцияга араба айдап жүргөнүңдө, бейтааныш бир кичинекей балага үстүңдөгү тонуңду чечип бергениңди ар качан эстейм. Кыш түшүп калган, аяздуу түндөрдүн биринде, арабасын жолдошторуна берип, Жайнак жалаң күрмөчөн үйгө кирип келди. Суукка көгөргөн түрүн көрсөң, эсиң чыгат, тимеле калч-калч этип тоңуп бүтүптүр. Анткен менен өзү күлмүңдөп, көңүлдүүдөй, «ой, бул эмнең, кийимиң кайда, жолдон бирөө чечинтип кеткенби?» – десем, бир балага берип келдим деп койду. Кийин жолдоштору айтып жүрүштү: согуштан сүрүлүп келген бир орус аял

чиедей төрт баласы менен биздин станцияга түшүп калган экен, баары тең ач-жылаңач титирешип, мусапыр кейиптенип калышыптыр. Берки кичинелерин энеси эптеп жоолук-поолукка ороп койсо керек ал эми сегиз-тогуздардагы тестиер уулуна эчтеке жетпей, тытык кемселчен гана бүрүшүп отуруптур. Жайнак ошол балага үстүндөгү чолок тонун чечип берген турбайбы. Жолдоштору айтат: тонду кийгизип койсо, этеги согончогуна жете сүйрөлүп, жеңдери тизеден ылдый жүрсө да, жылый түшкөн бала, кайра жандангандай, кайра тирилгендей кудуңдап, күлүңдөп жыргап калыптыр. Жайнак ошого эле курсант болуп, жол катары суукка чыдабай арабалардын артынан жөө жүгүрүп, жолдошторунун кийимин алмак-салмак кие коюп бара жатса да, алиги баланы улам эстеп: «Ырас болбодубу, байкуш бала жылып, оңуп калды, э-э!» – деп, келе бериптир. Чын сырымды айтсам, бир кишиге тон чечип берүү менен элдин кемтиги толуп, бүтөлүп деле кетпейт. Бирок жанагыдай эле – бирге он кошулуп, онго – жүз, миң кошулуп элчилик, адамгерчилик, боордоштук деген ошондон келип чыгат го деп ишенем. Адам жакшылыкты жерден таап албайт, адамдан үйрөнөт. Жайнактын берип кеткен тону жыртылар, жок болор, жерге кирсин, сөзгө арзыбас эле нерсе, бирок кеп анда эмес, ошол кичинекей баланын жүрөгүндө бирөөнүн кылган жакшылыгы жүлүндөй сакталып калса, адам болгон соң башкага жакшылык кылуу милдет экенин жаштайынан сезип калса, Жайнагымдын сооп кылгандыгы ошол.

Эх, эми эмнесин айтайын, кесепеттүү согуш нечендердин кендирин кыйды. Атаганат, Жай-

нагым аман турганда не деген адам болор эле! Мүнөзүндөн, кылык-жоругундан айланайын, балам, кайдасың, кайдасың? Он экиден бир гүлүң ачылбай, кай жерге барып жалп эте түштүң экен? О, дүйнө, о, жан жараткан жер, бир оокумга гана, көз ачып жумганча гана баламды тирилтип, бир гана жолу көлөкөсүн көрсөтүп койсоңор!..

– Толгонай, сабыр кыл, жүрөгүңдү токтотуп алчы. Антпе, өзүңдү аясаң боло... Жүрөгүңдүн ар бир сокконун сактасаң боло. Мойнуңдагы милдетти унуттуңбу?

– Жок, сырдаш талаам, унутпай калайын. Унутпаган үчүн ушинтип келип отурбаймынбы. Ошол милдет болбосо эмдигиче эмнеге тирүү басып жүрөйүн, чыкпаган жаным бүлбүлдөп, жүрөгүм алда качан калбыр болгон. Эсиңдеби, Жер, баягы каран күн?

– Эсимде, Толгонай. Сени кош айдатып жүргөн жериңден чакырып кетишкенде эле билгем. Кишилердин көз карашынан, кирпигинен, тымызын үшкүрүк чалганынан сезгем.

– Ооба, байчечекей жайнаган көктөмдө, жаңыдан гана кош чыгарган мезгил эмес беле. Күн тийбеген кемерлерде күрткүлөр али да бөрү жондонуп, бугуп жатышкан, анткен менен төмөнтөн сары жел жүрүп, топурак тоборсуп, күн чубактап чөп кылтыйып, жаз иши улам илгерилей берген. О, сенин жаз эңсеп, себилчү данга талгак болгонуңдан, дыйкан талаам! Нымшыган бетиң көгүлтүр булоолонуп, дүйнөнүн чар-тарабы алда кайда суналып, алда кайда күмүштөнө мунарыктап, төшөктө жаткан аялдай, балкып жатканыңдан, даркан талаам!

Соко жаңыдан гана кыртыш бузуп, кам топурактын жылуу деми жүрөктү элжирете, трак-

тордун артынан бастырып бара жатып, дандуу, түшүмдүү эгинжай бол, согушта жүргөндөргө кубат бол деп, Субанкул менен Касымдан көптөн бери кат-кабар үзүлгөнүн эстеп, ойлонуп турганымда, айылдагы карыя кишилердин бири жетип келди. «Келип калыпсыз, аксакал, иш илгериге батаңызды бериңиз!» – дедим. «Дыйкан бабам кыдыр чалып, кырман агыл-тогул болсун, убайын эл көрсүн!» – деп, тиги киши ат үстүнөн бата кылды да,– «Толгонай, райондон келген полномоч бригадир келсин деп чакырып жатат, жүргүн» – деди. Кошчуларга ишти дайындап, айылга тарттым. Оюмда эчтеке деле жок, райондон күнүгө эле чоңдор келет, өзгөчө кош айдоо башталганда көп келишет эмеспи. Карыя менен аркы-теркини кеп кылып, бастырып келе жатканыбызда, тиги киши сөз арасынан учкай сүйлөп: «Рахмат сага, Толгонай, ушундай катаал күндөрдө эл-журтка баш болуп жүрөсүң, тизгиниңди бошотпой иштей бер. Сага деле оңой эмес, адамдын башына эмнелер келбейт, эмнелер кетпейт, деген менен кимде кимибиз болбосун, мындай жаманчылыкта бири-бирибизге өйдөдө жөлөк, төмөндө медербиз, элбиз да. Эл менен көтөргөн жүк жерде калбас» – деп койду.



Айылга кире берип, көчөнү аралап келе жатканыбызда, биздин үйдүн жанында далдалангансып жоон топ элдин турганын көрүп, анда да шектенбептирмин. Карыя мени жалт карап алып чочугандай: «Аттан түш, Толгонай»,– деди. Мен таң калып карап калсам керек, тиги киши атынан түшө калып, мени колтуктап жөлөдү: «Түш, Толгонай, түшүшүң керек!» – деп кайталады. Сөзгө да келалбай бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп, аттан түштүм. Ошентсем нары

жактан Алиманды ээрчитип, үч-төрт аял келе жаткан экен. Алиман ошол күнү алышта арык чаап жүргөн. Анын көтөрүп келе жаткан кетмении бир аял ийнинен ала салды. Ошондо эле билдим. «Бул эмнеңер, кокуй күн!» – деп көчөнү жаңырта бакырдым. Аңгыча болбой, Айша кошунамдын короосунан аялдар чыга калып, мени колдон бекем кармашты: «Кайрат кыл, Толгонай, Субанкул менен Касымдан айрылдык!» – дегенде, «Эне, энекебай!» – деп, Алимандын чыңырган дабышы чыгып, турган элдин баары: «Боорумой! Боорумой!» – деп өкүрүп коё беришти. О, шум согуш, ушуну кылмак белең? О, каран күн, ушуну көрмөк белек? Мен эмес, көчө, тамдар, тал-дарактар чайпала теңселип, жер-сууну бузган чыңырык-өкүрүктөн кулагым тунуп, керең немедей, эч-эчтекени укпай, кандайдыр бир шумдуктуу жымжырттыктын ичинде, асмандагы булут, курчаган кишилердин жүздөрү түштөгүдөй элес-булас кубулуп, же өлүү, же тирүү экенимди сезбей, артыма кайрылган колдорумду бошотуп алууга аракеттенип жаттым. Жанымда кимдер экенин, эшиктин алдында додологон эл кайсылар экени менен ишим жок, менин бир гана даана, ачык көргөнүм – Алиман. Бетин, көйнөгүн тытып, чачтары дуулдаган келиним, алда эмнелерди зар какшай чыңырып, эки жактан асылгандарга моюн бербей, улам мени көздөй жулкунуп жатты. Алиманга эртерээк эле жете барсам деген ой менен, мен дагы ага умтула бердим, бирок, тээ кырк күнчүлүк алыстан келе жаткансып, бирибизге-бирибиз жете албай, кошулгуча арадан кылым убакыт өтүп, ортого кылым жол түшкөнсүдү. Бир кезде Алиман жете келди да, тунган кулагым ошондо

гана ачылды. Эки колун жая: «Каран күн, эне, айрылдык, жесирбиз, жесирбиз! Күнүбүз өчтү, айыбыз өчтү, окшошкон жесирбиз!» – деп Алиман мени кучактап боюн таштады. Ооба, ошол учурда эки жесир кошулуп, бир-бирибизди күйүттүү көкүрөк басып, буркурап, какшап ыйладык...

Кайран азаматтар, тоо ураса болбойбу да, көл төгүлсө болбойбу! Субанкул менен Касымым, ата, бала экөө да не деген дыйкан эле! Дүйнөнүн туткасы ошолор сыяктуу мээнеткечтер эмеспи: элди тойгузган да ошолор, жоо келгенде колуна курал кармап, мекен коргоп, кан төккөн да ошолор. Ал эми мисалы, согуш чыкпаганда, Субанкул менен Касымым канча бир кишилердин энчисине эмгегин арнап, канча эгин өстүрүп, канча кырман бастырып, канча жумуш жасап берер эле! Өздөрү да элдин эмгегинен үзүр көрүп, дүйнөнүн канча рахатына ээ болушар эле! Ойлоп отурсаң, кызык, айланайын тууган жер, согуш башталат экен да, ал согушта адам баласынын эң асыл, колунан өнөр төгүлгөн азаматтары иштеп жаткан ишин таштап, биринин канын бири төгүп, бирин-бири өлтүрүүгө аргасыз болушат экен. Ал эми мен буга түк макул эмесмин, турмушумда макул эмесмин! Табигаттын жандуудан эң бийик жаратканы – адам баласыбы, дүйнөнү чарк имерген ким – адам баласыбы, андай экен, бирине-бири мынчалык залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чыныңды, сырдаш талаам, айткын, айт мага жообунду!

– Кыйын суроо бердиң го, Толгонай. Мен билгенден, адам адам болуп жаралганынан тартып, согушканы согушкан. Кээ бирде согуштан тегиз кырылып, көзү өтүп кеткен элдер да болгон, күлү асманга сапырылып, тирүү жан кал-

бай, кыйраган шаарлар да болгон. Нечен кылымдар адамдын баскан изине зар болуп, ээн жаткан заманым да болгон. Согуш чыккан сайын, ар качан кулагы уккандарына кармашпагыла, кан төккүчө акыл токтоткула деп айтам. Азыр да айтар сөзүм ушул: «Эй, Адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек – жерби? Мына мен – Жермин, мен баардык адам баласына теңмин, мага талашыңардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар жүз дан кылып берем, чырпык сайсаңар, чынар кылып берем, бак тиксеңер, мөмө төгүп берем, мал жайсаңар чөп болуп берем, там тургузсаңар дубал болуп берем, урук-тукумуңар көбөйсө, баарыңарга жай болуп берем! Мен түгөнбөйм, мен карыбаймын, мен кенчмин, мен баарыңарга тегиз жетем!» Ал эми, Толгонай, адам баласы тынчтыкта жашай алабы, жокпу, дейсиң. Өзүң ойлоп көрчү, ал менден эмес, ал силерден, адам баласынын өзүнөн, силердин ынтымагыңардан, ыктыярыңардан, акылыңардан... Согуштун залалын мен тартпайт дейсиңби. Майданда курман болгон мээнеткечтеримдин, сенин Субанкулуңа, Касымга, Жайнагыңа окшогон дыйкандарымдын эмгегин сагынам, аларды жоктойм. Айдоо убагында айдалбай, эгин убагында сугарылбай, кырман убагында бастырылбай жатканда, мен аларды: «Келгиле, балбан билек дыйкандарым келгиле, балдарым, өйдө туруп келгиле, куурап бара жатам!» – деп чакырам. Аттиң ай, кетменин көтөрүп, Субанкул келсе кана, аттиң ай, комбайнын айдап Касым эгин чаап кирсе кана, аттиң ай, кырманга кызыл тартып, Жайнак арабасын кубалап келсе кана!..

– Сен да мендей турбайсыңбы, отон талаам, сен да мендей сагынат турбайсыңбы, сен да мендей жоктойт турбайсыңбы. Ракмат сага, боордош жер!

Билесиң го, жаман-жакшыда бирге болдук. Субанкул Касымдардын ордун жоктотпойлу деп, Алиман экөөбүз кара чүмкөнүп, көңүлдөгүдөй кошок кошуп, ыйыбызды да түгөтө албадык. Угузганынан жети күн өтүп, жетилигин берген соң, эл уруксат этти: жыл маалы аза тутсак да аз болор, арга канча, арты кайрылуу болсун. Майсалбегиң менен Жайнагың, анда Жайнак тирүү – кат үзүлбөй келип турган кези болчу, аман-эсен кайтып келишсин, жаз жарыш дегендей, тиричилик кылгыла, кош айдоо маалында жабыла киришели, өлгөндөр үчүн душмандан өч алганыбыз ушул болсун дешти. Келиним экөөбүз үйдө отурганда канттик элек, өлгөндүн артынан өлүп кетпейт экенсиң, көпчүлүктүн айтканына көндүк, ишке чыктык. Жумушка чыгар күнү эртең менен башкармабыз Үсөнбай алакандай эки кагаз алып келди, кара кагаздар экен, сактап койгула,– деди. Көрсө, Касымдын кара кагазы жарым ай мурун колхозго келген экен, Москвадан нары чабуулда, Ореховка деген кыштакта каза тааптыр. Аны угузабыз деп тургуча, Субанкулдун да кара кагазы келип жетиптир. Ал да, чоң чабуулда, Елец шаарында майып болуптур. Ушинтип, айылдаштарыбыз эки кишибизди бирдей угузган себеп ошол. Андан наркысын эмнесин айтайын. Бригадир экем, белимди бек бууп, кайра аттанып чыктым.

– Сен келгенде, Толгонай, экөөбүз көптү көргөн энелерче ичтен каңырык түтөтүп, унчукпай көрүштүк туурабы?

– Ооба, антпесек болобу. Мен ыйлап бошой берсем, келиним ого бетер турмуштан жерибейби. Билип жүрдүң го, күйөөсүнө антип күйгөн аялды турмушумда көргөн эмесмин. Мен эримден да, уулумдан да ажырап, күйүтүм андан аз эмес эле, ошентсе да менин жөнүм башка эле. Азбы, көппү Субанкул экөөбүз далай жыл бирге өмүр сүрүп, турмуштун ачуу-таттуусун татып калдык, балалуу-чакалуу болдук, тилегибизге жеттик. Согуштун каргашасы болбогондо бирге карып, буюрганын дагы көрөр элек. Ал эми Алиман менен Касым жаңыдан гана кошулуп, жаштыктын эң кызык чагында, сүйүүнүн эң ысык кезинде, балта менен кыя чабылгандай, экөө эки жакта кулап жыгылбадыбы. Өлгөндүн иши го өлгөн, бирок, Алимандын тирүү басып жүргөнү болбосо, түшүнгөн кишиге, аныкы деле өлгөнгө барабар эмес беле. Албетте, Алиман жаш болчу, кийин жүрө-бара, балким, дагы өз теңдүү кишисин табар беле. Алиман сыяктуу жесир калган көпчүлүк келиндер, айтор, согуштан кийин турмуш көрүп кетишти. Бир далайы багы ачылып, ушул кезде балалуу-чакалуу энелер. Ошолордуку туура иш. Бирок адамдын баары бирдей эмес экен да. Кээ бирөө мурункуну тез унутуп, жанжараты бүтөлгөн соң, тез эле жаңы жолго түшөт. Ал эми Алиман, шоруна көрүнүп, андай болалбады. Башына түшкөн кырсыкка түк-түк көналбай, мурункусун эч бир унуталбай койду. Мында менин да кечирилгис күнөөм бар. Ооба, ушуга калганда боштук кылдым. Боштук деп да айтуугa болбойт, келинимди аяп жүрүп, анын ички сырына кийлигише албай койгонумду эмне десем, боштукпу, же андан да жаман күнөөбү? Эсиңдеби, Жер, ошол эле жазда ушунда болгон иш?

– Баягыда келинин мени бетке чапкандагыны айтасыңбы?

– Ооба, ошону айтам. Ошол жазда ажарынды ачып, деги бир жайнаган кызгалдак, ушундан ары кызыр калган аңызда тээ чоң жолго чейин кулпунуп жатпадыбы. Гүлдүн көрктүүсү кызгалдак эмеспи, чиркин!

Ал күнү биздин бригаттын эли баш арыкты чаап жүрүшкөн. Мен да ушул арада кошчуларга бир барып, кайра кетмен чапкандарга кайрылып, ат үстүндө жүргөм. Арыкты күн батпай эле, эрте чаап бүтүрүшүп, кишилер айылга тарап кетишти. Алиманга сен келиндер менен үйгө кете бергин, артыңан жете барам дедим да, бери жакта кошчулардын алачыгына кайрылып калдым. Бир аздан кийин аттанайын деп, бутумду үзөңгүгө сала бергенимде, Алиманды көрүп калдым. Ал үйгө кетпей эле, ушунда жалгыз калыптыр. Гүл терип жүргөн экен. Гүлдү өзү жакшы көрчү эмес беле. А-а, кайран Алиман, гүл сүйгөн, гүлдөй болгон келиним! Колунда кармаганы он чакты кызгалдак экен, ошону эркелете сылап, бетине тийгизип, кандайдыр бир терең ойго чөгүп турган болуш керек. Анын ошентип турганын көргөнүмдө, чекеме ысык тер жыбырай түштү. Баягыда орок тартып жүрүп, гүлкайыр жыйнап алгандагысы эсиме келе калды. Анда ал кызыл жоолук салынып, колунда кармаганы апапакай бүрдүү гүлкайыр эмес беле, азыр болсо башына салынганы кара жоолук, колундагысы кызыл гүл, айырмасы ошол. Алиман ошондо башын өйдө кылды да, көпкө чейин айлана-тегерегине көз жүгүртө карап, анан асманга тигилип, бир убакытта, мунун эми кимге канчалык кереги бар эле дегендей, кечиргин, жер,

сени бетке ургандай, ачуу менен колундагы гүлдү чапты да, өзү жүз төмөнүнөн кулап башын басып, жатып калды. Мейли эми, ыйлап алсын деп, мен алачыктын далдасында жашынып турдум. Аңгыча Алиман ордунан кайра ыргып турду да, бет алган жагына, чоң жолду көздөй атырылып жөнөдү. Эсим чыгып, атка мине чаап, артынан түштүм. Деги бир жеткирсечи. Алдымда кара жоолук салынып, кызыл төшөлгөн гүл менен келиним качып бара жатса, эмне кыларымды билбей: «Алиман! Алиман! Бул эмнең, кокуй! Токто! Токтогун!» – дей эле бериптирмин. Баягыда сары жоргонун артынан жүгүргөндөй, Алиман чоң жолго жете барып, кайра салып, мени көздөй бет алды. «Эне! Энеке! Айтпагын мага эчтекеңди! Унчукпа! Айтпа!» – деп, колун жаңсап, жүгүрүп келди да, аттын жалын чеңгелдеп, башын менин тиземе жөлөп, шолоктоп ыйлады. Мен унчуккан жокмун, эмне дээр элем, ыйлап басылгыча күтүп турдум. Бир убакытта башын чулгуп алып, Алиман мени карады. Ой, ошондогу түрүн ай, бетинен ысык жаш төгүлүп, көздөрү көнөк. «Карачы, эне! – деди ал шолоктоп. – Күн минтип жаркырап турса, талаа минтип гүлдөп турса, ап-ачык асман минтип күлүп турса, Касым келбейт ээ? Эми эч качан келбейт ээ?» «Жок. Келбейт» – дедим мен. Алиман катуу үшкүрүп алды да: «Кечиргин, эне,– деди. – Касымдын артынан жүгүрүп барып кошо өлөйүн дедим эле». Ушинткенде мен да ыйладым. Ал эми мен киши болсом, көрөгөч эне болсом, ошондо эле көзүнө карабай туруп: «Сенин бул эмне кылганың, жаш бала болуп кеттиңби, мындан ары сага жашоонун кереги жок бекен! Сага окшогон канча келиндер жесир калып жатат. Са-

быр кыл, Касымды акырындап унуткун, сендей келин жерде калабы. Өз теңинди дагы табарсың. Багың ачылар. Кой, минтпегин, жаман болосуң. Турмуштан безсең өзүңдүн эле шоруң. Кайрат кыл!» – дебейминби, ушинтип аны акылга салбаймынбы. Ал эми мен антип айталган жокмун, чындык болсо да – суук кеп экен. Кийин дагы нечен жолу ушул сөздүн кезеги келгенде, тилимдин учунда турса-да, кетенчиктеп айталбадым. Буга ар кандай себептер болду, менден гана эмес, Алимандын өзүнөн да кетип калды. Кыскасы, сөздүн кызуу темирдей ийилчек булагы болот экен, андан өткөн соң, жаагы улам катуулап, улам оор тартып, улам айтууга кыйындап, эски оору өңдөнүп созулуп кетет экен. Бул кепти, мен мына азыр, заман тынчтанып, арадан канча мезгил өтүп, айтып отурам. Ал эми анда, ошол тополоңдуу жылдарда, колхоздун бүтпөгөн жумушу менен алпурушуп, бул ишти жай отуруп териштире терең ойлоого убакыт да, чолоо да болгон жок. Биздин баардык кылган аракетибиз, үмүтүбүз, тилегибиз, күткөнүбүз – эртерээк жеңиш келсе экен да, эртерээк согуш басылса экен. Андан кийинкинин баардыгы өзү менен өзү чечилип калчудай оңой көрүнүп жатты. Ал эми согуштун тузу ачуу саркындысы бүттү деп, азыр да айталбайбыз... Ооба, Жер, бүтпөгөн үчүн ушинтип баарын кайрадан эстеп, баарын кайрадан кансыраган жүрөктөн өткөрүп, сүйлөшүп отурбайбызбы.

– Сүйлөй бер, Толгонай, сүйлө. Бүгүн сөз сеники, аңгемеңди улант.

– Улантпаска арга канча: турмуш өзү эле улантып таштабадыбы. Согуштун үчүнчү-төртүнчү жылдары сүйүнтүп да, күйүнтүп да, душман сүрүл-

гөндөн сүрүлүп бара жатса да, эч бир түгөнгүстөй, кубатынан, алдан тайган элдин ого бетер кабыргасын кайыштырып, эсин оодарды. Күзүндө, жыйым-теримде машак терип, эптеп тоюнган эл кыш ортосунан нары ачкадан-ачка калып жатты. Өзгөчө көктөмдө – тоодон алгы[1] казып, мандалак казып жеп, жалаң ошону менен гана оокат кылгандар болду. Алиман экөөбүз ач-ток болсок да тиштенип, колхоздун жумушунда жүрүп, күн өткөрүп жаттык, ал эми балалуу-чакалуулар, жашаялметтер аябай кыйналды. Ак шишик баскан балдарды көргөнүмдө, жаным кейип, алар үчүн мен жооптуудай, алардын «нан» – деп телмирген көздөрүнө тик багалбай жүрдүм. Колумдан келсе, эчтекемди аябай, ал түгүл, Субанкул, Касымдардын артынан барып жанымды курман чапсам, ошондо ушул балдардын курсагы тоёт десе, эч кандай ойлонбой туруп макул болор элем. Мен бир күнү ушул кепти Алиманга айттым. Ошентсем катуу ойлонуп калды. «Ырас айтасың эне,– деди ал – чоң кишилер го эмне үчүн ач калганын түшүнөт, ал эми балдар кайдан билсин, дүйнөнүн эч кандай куулук-шумдугу менен иши жок. Алардыкы биздикинен да кыйын. Ушуларга эми эптеп, согуш басылып, ата-агалары кайтып келгиче, нан таап берип турушубуз керек. Экөөбүздүкү эми, эне, ушул эле калды да, башка эчтекебиз жок. Колдон келишинче, элге пайдабызды тийгизип туралы. Ушул да, болбосо жашап кереги эмне?» Бирок турмуш биздин ушинтип айтканыбыздай да болгон жок. Эгин сээп, нан тапкан дыйкандардын нансыз

[1] а л г ы – тамыры пияз сымал тоголок жапайы өсүмдүк; ачкачылык учурларда элдер ушул өсүмдүктүн тамырын сууга кайнатып жешкен.

калышы теңирден тескери нерсе. Көрсө, согуш чыкканда – бул согуштуку, бул меники деген болбойт турбайбы. Баардыгы согуштуку, жан да, эрк да, эмгек да, жаш балдардын буламыгына чейин, баардыгы, бүт кыймыл-аракетиң, баардыгы кан соргон согуштуку! Андан эч ким, эч кайда качып да кутулалбайт. Качып көргөндөр да болду, жашырып эмне, бирок ошол качкандар айланып келип, акыры ошол эле азаптуу элге кол салат экен да, анын душманы, каракчысы болушат экен. Башка жол жок, ушул гана экен. Буга да көзүбүз жетти. Эсиндеби, Жер, баягы кыштын күнкү түн?

– Ооба, баягы сен адашып кеткендегиңи айтасыңбы?

– Ошону айтам. Кырк үчүнчү жылдын кыш ортосу бекен ай, же жазга маалбы. Айтор, кар кетелек суук болчу. Түндүн кайсы убакты экенин кайдан, эл тегиз жаткан терең түндө, алда ким терезени сындырып жиберчүдөй ургулап: «Толгонай! Бригадир! Тур эртерээк! Ойгон!» – деп кыйкырды. Эсибиз чыгып, Алиман экөөбүз секирип турдук. «Эне! Эне!» – деди Алиман, кандайдыр бир укмуштуу нерсени күткөндөй дабыш менен. Алда курган үмүт ай, дайым эстен чыкпаган нерсе, ошол учурда менин да жүрөгүмдү колкомо тыга салбадыбы: аскердегилердин бири келип калдыбы деген ой кетсе болобу. «Сен кимсиң? Сен кимсиң?» – деп, терезеге жүткүндүм. «Чык эшикке, Толгонай! Бол эрте! Сарайдан ат уурдалды!» – деди келген киши. Алиман чырак жаккыча өтүгүмдү кийе салып, көчөгө жүгүрүп чыктым. Ат сарайга башкармалар да жетип келген экен. Сары жорго баш болуп, аны биз колхозго өткөрүп бергенбиз, арабага чеги-

лип жүрчү үч ат жок. Биздин бригаттын жазгы кош айдоого байлаган мыкты аттары эле. Аттардын түнкү чөбүн салам деп, атканачы чөпканага чыгып кеткенде алып кетишиптир, келсе сарай караңгы, чырак өчкөн, шамал өчүргөн экен деп, шашпай күйгүзүп караса, бери четте үч аттын орду бош. Ал кезде үч жумушчу ат жоготуу, колхоз үчүн азыркы кезде он трактор жоготкондой кеп эле да. Ал эми нары жагын ойлосоң, фронттогу солдаттардын ар биринин бир сындырым нанын тартып алгандай кеп эмеспи. Жабыла аттанып, кээ бирлерибиз октолгон мылтык ала чаап, куугунга түшкөнүбүздө, уурулар жолукса оңдурбайт элек. Кудай бар, оңдурбайт элек! Бирок жеткен жокпуз, узап кетишсе керек, кайда кеткенин ким билсин.

Айылдын сыртында эки-үч топко бөлүнүп, туш-туш жакка чыктык. Ошондо адашып жүрбөймүнбү. Мингеним колхоздун зоот айгыры эле, жаныбар камчы тийгизбей алып учуп, чоң жолдон өтүп, тоо тарапты бет алганымды билем. Артымдан келе жаткандар да бар эле, башка жакка уруп кетишкенби, алардан узап кеткенимди көптөн кийин билдим. Каракчылардын караандары кайдан көрүнөр экен деп, тизгин тартпай, ээн талаалар менен чаап келе жатып, бир кезде ат токтой калганда гана, башын жыйып карасам, алдымда – терең аң. Тоо этектеп келип калыптырмын. Карайган кыр үстүндө аркан бою ай чалкалап, жылдыздар котолошуп, асман ачык экен. Муздак шамал тоңголок кар үстү менен сыйгалап, жансыз куурайларды бирине бирин сүйкөнтүп, тымызын ышкырып, ураган эски коргон арасында үкү-жапалактар үн салып турду. Бул түнү дүйнөнүн ар кайсы жеринде ар кан-

дай жакшы да, жаман да иштер болгон чыгар, тарыхтын ар кандай улуу да, арзыбас да окуялары өтүп жаткан чыгар, ал эми биздин айылыбызда мына ушундай шойкон түн болду. Аттарды ким алды экен, кандай немелер? Мындай учурда элдин убал-сообунан коркпогон кимдер болду экен? Андагы камышта бекинип жүрүшпөсүн деп, сайга түшүп карадым. Эчтеке жок, болгону, бир түлкү булаң этип, камыштын ичинен чыга качты да, ай жарыгында көгүлтүр кубулуп, жар үстү менен күмүш куйругун сүйрөп сызып жөнөдү.

Айылга кайра тарттым. Аң бойлоп келе жатып, эсиме түштү: Жекшенкул деген бирөө аскерден качып келген имиш, жанында эки жолдошу бар, Сары-Жайыктагы казактардан имиш деген каңырт сөздөргө анча ишенген эмес элем. Кантип эле көпчүлүк фронтто өрт кечип, кармашып жатса, булар мында кара жанын ала качып, бекинип жүрсүн? Ал эмне деген жүзүкаралык: «Сен өлүп тур, мен жашайын дегениби? Ошол да кишиликпи?» – деп ойлоп жүргөм. Айылда ар кимдин сыры белгилүү эмеспи, мындай ишке бара турган эч ким жок болчу, андан калса үч жылкыны бирдей кайда батырат эле. Ууру тыштан тийди. Жанагыдай сырттап, тоо-ташты аралап жүргөндөр гана жашырын сиңирип кете алат деген пикирге такалдым. Жекшенкулдардын аскерден качып жүргөнү чын болсо, ошолордун колунан келди го деген шек туулду. Андай дейин десең, ууруну көзүң менен көрүп, колуң менен кармап алган жериң жок. Бирок Жекшенкулдар менен кийин өтө түшүп, беттешип калууга да туура келди. Ал иш жазында болду.

Чынын айтсам, колхоздун күндөлүк убаракерчилигинде жүрүп, бул окуя эстен да чыгып кеткен эле. Үч ат бир соконун күчү, эптеп кунан-пунандарды үйрөтүп, бригаттын соколорун түгөлдөдүк, айла канча. Ушуну менен кош айдоо кирип келди да, ууру эмес кудайды да унутарлык түйшүк башталды. Менин турмушумда эң оор жаз ошондо болду го. Эл кантсин, эл иштейин эле дейт, бирок ачарчылыктан кетмен шилтөөгө жарабай калгандар болду. Баштагыдай кубат жок, иштер кечиктирилип жатты. Анысы ал болсо, колхоздо үрөн аз, кампанын ичин шыпырып жатып, ар бир данды терип жатып, зор-зор менен бригадабызга берилген айдоо планын орундаттык. Ошол күндөрү элдин түрүн көрүп, катуу ойлондум. Эмгек күнгө эчтеке албаса, ичерине оокат болбосо, элди кырып алабызбы? Эмдиги жазда мындан беш бетер ачарчылыкка дуушар болобуз го. Жок, биздин минтишибиз жарабайт, кантсе да бир акылын табыш керек деп жүрүп, тээ жогору тоо этегинде, кысыр жаткан эски аңыз болор эле го, ошону буздуруп, эгин септирмек болдум. Башкармага кеңеш салдым, райкомго чейин бардым, түшүндүрдүм: муну биз пландан сырткары өз күчүбүз, өз аракетибиз менен элдин эмгек акысына деп атайын арнап айдайбыз. Стол кучактаган кимдир бирөө колхоздун сталиндик уставын бузасың дейт. «Уставың кара жерге кирсин!» – дедим. – Бар, Сталинге айткын! Биз ачка жүргөндө, силерге ким оокат таап берет? «Оозуңа карап сүйлө, өлгөнү жүрөсүңбү!» – дейт. «Карабайм этпейм! Биз ишке жарабай калсак, фронттогу солдаттарга ким нан таап берет? Ушуну ойлобойсуңарбы?» Койчу, акыры макул болушту, би-

рок кеп башкада эле да – себе турган урук жок, колхоздун кампасында дан дегенден тимеле ырымга калбады го, кайдан алам. Айлам кеткенде, элди жыйналышка чакырып, өзүмчө кеңеш курдум. Чыгып сүйлөдүм, чын сырымды айттым: «Кана, көпчүлүк, кеңешип кескен бармак оорубайт. Эмне кылабыз. Эмки жазда да ушинтип кезерип отурабызбы, же бир аракетибизди көрөбүзбү? Берки эгиндерден үмүт этпейли, жашырып кереги эмне, анын баары, үрөндөн башкасы, туташ фронттуку, согушта жүргөн аскердин азыгы. Ал эми урук тапсак, пландан сырткары эгин айдай турган чамабыз бар. Анын түшүмүн эмгек акыга, кары-картаң, жетим-жесирлерге бөлүштүрүп беребиз. Мага ишенсеңер, милдетин мойнума алам. Сөздүн ток этери бул – үйүңөрдө ичип отурган, баштыктардын түбүндө сактап отурган быдырыңарды бергиле, жерге себебиз. Мейли, азыр ичпесек жок, чыдайлы, эптеп ак ичип, бышыкчылыкка жетербиз. Өзүңөр үчүн, бала-бакыраңар үчүн эрдик көрсөткүлө, айланайындар, аябагыла, оозуңардан кайра чыгарсаңар да бергиле, убактысын өткөрбөй эгинди сээп калалы!» – дедим. Жыйналышта кишилер макул дешкени менен, иш жүзүнө келгенде, кыйын болду. Өзгөчө балалуу аялдар тимеле колуңа өлүп берчү немедей тытынып, согушунду, турмушунду, колхозунду каргап, сактап отурган буудай барбы, арпасы барбы балдарынан бөлүштүрүп берип жатышты. Арабаны көчөгө жүргүзүп коюп, үймө-үй кыдырып, бирөөгө жакшы, бирөөгө жаман айтып, тилдешип да кетип, алды жарым пуд буудай, арты бир пияладан сулуу берсе да, бергенин койбой жыйнап жүрдүм. Мейли, бир кочуш дан – ал да пайда, күзүндө

ошол бир кочуштан бир пуд эгин алсак азыркынын эсесин кайтарып алганыбыз ошол болбойбу деген гана ойдомун. Антпесе мындайга барбайт элем го. Ошентсе да, эмне үчүн мынчалык катуулук кылдым экен ошондо? Оң карап күлүп, сол карап ыйлап, деги, эч кимди аяган жокмун го. Бир тобунун колунан эле тартып алгандай болдум. Бечара, Айша кошунамдын ошондогусун түк унутпаймын. Күйөөсүнөн эрте ажырап, Жаманбай согуштан мурун эле каза таппады беле, убайым тартып жүрүп, Айша кеселман болуп калбадыбы. Оңоло калганда колхозго иштеп, огородунда иштеп, жалгыз уулу Бекташты эптеп чоңойтуп жүрдү. Анысы да кадимкидей ишке жарап, бир үйдү бага тургандай жетилип калган. Бекташка ошол күнү урук жыйнаган арабаны айдатып койгом. Алардын үйүнүн тушуна келгенде: «Бекташ, үйүңөрдө бир нерсе барбы?» – дедим. «Бар, бир аз» деди бала.– «Баштыкта, мештин артында». «Эмесе алып кел» – десем, «Жок, Токон-апа, өзүңүз барып алыңыз» – деди.

Эки-үч күндөн бери оорусу кармап, Айша үйүндө отурган экен. Иреңи бозоруп кыйналып турса керек. «Эл катары берчү немеңди бергин, Айша» – дедим эле, «Бар болгон эгинибиз тиги» – деп, баштыкты көрсөттү. «Ушул болсо да бергин. Урук үчүн, айдоо даяр, жерге себебиз» – десем Айша кабагы томсоруп, унчукпай калды. Алда, жокчулук ай, адамды кандай кор кылат! «Айша, ушуну менен көп болсо он күн оокат кыларсың, кийин кыштык азыгың болор, эртеңкини да ойлойлу, балаңдын убайын көр, көчөдө арабасы менен күтүп турат» – дедим. Айша ээрдин тиштегилеп, жалооруду: «Бар болсо аяйт дейсиңби, Толгонай. Өзүң деле көрүп жүрбөй-

сүңбү, мен минтип чала жан болсом, кудай кошкон кошунам эмессиңби...» Каңырыгым түтөп бошоп кеттим, бирок ошол замат боштукту четке кактым: «Мен азыр кошунаң эмесмин! – деп катуу сүйлөдүм.– Мен бригадирмин, көпчүлүктүн атынан ушул эгиниңди алып кетем!» — дедим да, ордумдан туруп, баштыкты колго алдым. Айша унчукпай тескери карады... Алты-жети кило буудай экен. Баштыгы менен алып кете берейин дедим да, кайра чыдабай, теңин чоң табакка төктүм. «Бери кара, Айша. Теңин эле алдым, капа болбочу»– дедим. Айша башын буруп мени караганда, көзүнөн аккан жаш бопбоз сала болуп бетинен төгүлүп турган экен. Ошондо эле таштап кетсем кана, мындай болорун билиптирминби, баштыкты кармаган бойдон үйдөн чыга качтым. Адамды минтип кейиткенден көрө, э, курусунчу дүйнөсү! Эмне үчүн, эмне үчүн ушинттим экен! Азыр эстесем да, кечиргим келбейт кылганымды.



– Жок, Толгонай, сенин анда эч кандай күнөөң жок. Сен элге жакшылык кылайын дедиң эле, ордунан чыкпай калбадыбы.

– Ооба, айланайын дыйкан талаам, сен баарына күбөсүң: ниетим жакшы болчу. Ал эми ошондо айылдагылар жабыла сабашып өлтүрүшсө да, макул элем. Билесиң го, эки чоң кап уруктук эгин чогулду. Аны бир калбырга салып, тазалап айдоонун башына өзүм жеткирип таштагам. Ал күнү коё турсам да болот беле. Соколой турган бир аз аянт калган болчу. Эртеси азандан туруп үрөндү айдоого өзүм чачмак элем. Үрөн даяр, баардыгы эле ойдогудай чыгып келе жаткан. Кеч кирерде үйгө келип, алда эмнеге күйпөлөндөп, тынчтык таба албадым. Күндүзү

Бекташ менен дагы бир балага тырмоочторду арабага салып, аңызга жеткирип таштагыла деп дайындаган элем.

«Бала, баланын иши чала» дегендей, тигилер айтканымды орундатты бекен, жокпу деп, ишеналбай Алиманга айттым: «Мен тиги кошчуларга барып келе коёюн – бат эле келем» – деп, аттанып чыктым.

Айылдан өтө берип, желдире бастырдым элем: каш карайып, кеч караңгысы улам коюлуп келе жаткан. Коштун башына жете бербей, айдоодо сокого кошулган өгүздөр ээн туруптур, жанында эч ким жок. Ушул убакытка чейин унааны сокодон чыгарбаганы эмнеси деп, сокочу балага ачуум келди. Кайда жүрөт болду экен ал жубарымбек дегенимче болбой, жол боюнда малалары менен оодарылып жаткан арабаны көрүп, эсим чыгып кетти. Арабанын жанында эч ким жок. «Ай, балдар! Кайда, жүрөсүңөр, кайдасыңар? Ким бар мында?» – деп кыйкырдым. Жан адам жоктой, эч кандай жооп болбоду. Бул эмнеси, булар соо эмеско деп, алачыкка чаап бардым. Аттан секирип түшүп, ширеңке чагып кирип келсем, Бекташ жолдошу менен, сокочу бала – үчөө тең колдору артына байланып жерде жатышат. Кийимдери тытылып, бети-башы кан, ооздору толо тыгылган курумшу. Бекташтын оозунан курмушуну жулуп алып: «Үрөн? Үрөн кайда?» – дедим. «Алып кетишти! Сабап алып кетишти!» – деп, уурулардын кеткен жагын башы менен көрсөтө берди. Ошол жерден кандай болгонун билбейм, атка ыргып минип, куугунга түштүм. Өмүрү антип ат чаап көргөн эмес чыгармын. Жаныңа бычак тийгенде, эчтекеге карабайт турбайбы адам. Караңгы түн эмес, мейли

көр караңгысы болсун! Өз үйүмдү өрттөп, өз мүлкүмдү тоноп алып кетсе ыраазымын, кырманга кол салып, тогуз кап эгин алып кетсе чыдар элем – кырмандын кешиги дээр элем, бирок бул үрөн үчүн тимеле өлүп берүүгө даяр элем!

– Ооба, Толгонай, элдин оозунан жулуп алган ар бир дан үчүн, адамдын канынан кымбат ошол үрөн үчүн жаныңды курман чалсаң да аз болор эле. Түн караңгысын силкинтип, ошондогу айкырганың: «Токто! Токто! Жүзү каралар!» – деп, ушундай бир заардуу кыйкырдың элең, уйкуга кетип бара жаткан жеримден селт этип, ойгондум. Аттын төрт аягы дүбүрттөп, тигилерге жакындап келе жаткан экенсиң.

– Ооба, ай-ааламды бузуп айкырганым чын. Ушинтип кыйкырып келе жатканымда, ишим ак экен, каракчылардын артынан билгендей түз салыптырмын. Көп өтпөй алдыда уурулардын караандары көрүнө берип, аттарынын такалары ташка чагыла түштү. Үчөө экен, атчан немелер каптарды бөктөрүнүп тоо тарапка уруп кетип бара жатыптыр. «Токто! Таштагыла үрөндү! Ташта үрөндү! Ташта дейм!» – деп, камчы шыбап калбай келе жаттым. Арабыз улам кыскарa берди, анткени тигилер кап салынып, катуу чаап кете албады. Бирок эгинди да таштапшпады. Кимдир бирөө ортодо жорго минип бара жатыптыр. Эски малдын көзү эмеспи, артынан тааныдым, жүрүшүнөн, арткы ак байпак аягынан таанындым – биздин сары жорго экен. Кышында аттарды уурдап кеткен да ушул турбайбы. «Токто! Мен билем силерди, мен билем сени, Жекшенкул! Сен Жекшенкулсуң! Узатпаймын эми сени, токто!» – деп кыйкырып келе жатканым-

да, чын эле Жекшенкул экен, жоргонун башын бура тартып, караңгыда булаң эте түштү да, мылтыктын оозунан жарк эткен от көзүмдү катарынан эки жолу чагылыштырып, тарс эткен үн менен кошо, атым мүдүрүлүп, тигинеден нары тебетейдей учуп түштүм. Жыгылып бара жатканымда бир оокумга мылтык атылганын, ок тийгенин түшүндүм, андан наркысы – капкараңгы бейкабарсыздык болду.

Бир убакытта эсиме келип, көзүмдү ачсам – айлана тегерегим тыптынч, чалкадан түшүп жаткан экем, бүткөн боюм өзүмдүкү эместей, коргошундай салмактанып, кыймылдоого дарманым жок. Жанаша жерде – кээде коркурап, кээде теминип, аяк силкип, ок тийген ат жаны чыгып жатыптыр. Ал дагы бир аз коркурап кыйнала түштү да, кыймылсыз жатып калды. Аны менен кошо турмуштун баары токтоп калгандай сезилди. Жымжырт түн жана мен... Өйдө туруп эптеп бир аракет кылгым да келген жок. Кандай иш болуп кеткенин ошондо гана толук түшүндүм. Ушул бойдон көзүм жумулуп кетсе, өлсөм дедим. Элге эми эмне дейм, кайсы көзүм менен тик багып карайм? Көзүмө жаш толуп, асманды тиктесем, тунарган саманчынын жолу төбөдө чолок тартып, куду Айшанын бетинен төгүлгөн боз жаштай, бопбоз болуп сарыгып турган экен. Дирилдеген эриндеримди тиштегилеп, эл үчүн, журт үчүн келечек үчүн сурап, тилеп, Айшаларды ыйлатып тартып алган үрөнүмдү жутунган көр тамагы үчүн алып кеткен качкындарды каргадым: «Ылайым, кан төккөн элдин кусуру урсун силерди! Согуштун кусуру урсун сени, Жекшенкул! – Ушинтип жүрүп жаныңды баккандан көрө адам болуп дүйнөгө жа-

ралбай эле койбойсуңбу! Субанкулум, Касымым ичкен сууну сен да булгап ичип жүргөн экенсиң да... Тү, сенин бетиңе!..»

Мен ушунтип көпкө чейин жаттым. Бир убакытта кимдир бирөөнүн басып келе жатканы угулуп: «Токон апа! Токон апа-а-а-а!»– деген баланын ыйламсыраган үнү чыкты. Дабышынан тааныдым – Бекташ экен. Издеп жүрсө керек. Башымды өйдө көтөрүп: «Бекташ, бери бас» – деп чакырдым. Адам да, атанын баласы да, жаныма жетип келип: «Токон апа, аман-соосуңбу, Токон апа?» – деп, башымды жөлөп, аман-соо элемин, белимди өйдө көтөртпөй жатат, кокустап калса керек десем, ал эчтеке эмес, жакшы болуп кетесиз, Токон апа, деп, аптыга сүйүнүп, нары жакта издеп жүргөн жолдошторуна: «Балдар, бери келгиле, Токон апам мында экен, амаң-эсен, аман-эсен экен!» — деп чакырды. «Эми апаңа эмне деген жооп беребиз?» — десем, Бекташ бир аз унчукпай туруп: «Жообун мен өзүм берем, Токон апа. Элдин баарына жоопту өзүбүз беребиз, Токон-апа. Эчтеке эмес!» – деп, бала да, ошондо он төрт – он бештеги кези, ызасына чыдабай ыйлап жиберди. Муштумдарын түйүп, өйдө тура калып, тоо тарапты карай колун кезеп, сүйлөдү: «Биз баары бир өлбөйбүз, көрөсүңөр го, мен да чоңоюп жетилермин. Бул кылганыңарды эч убакытта унутпаймын!» – деди. Анын ушул кайрат сөзү үчүн, делебем козголуп, ыйладым. Ошентсем, ыйлабаңыз, Токон-апа, мен да сиздин балаңызмын, мен да чоңоём, Касымакемдин ордун жоктотпоймун деп, колтугумдан жөлөп, өйдө тургузду.

Балдар мени арабага салып, үйгө жеткиришип, эки-үч күн ооруп, төшөктө жаттым. Ай-

ылдагылар баары калбай, көңүл сурап, келип-кетип турушту. Элге рахмат, ыраазымын, ошондо эч ким эчтеке деп кекеткен жок мени. Ошентсе да көздөгөн ишим ордунан чыкпай, катуу кейидим. Айдалган аңыз куру калып, үрөн себилбей, каракчыларга жем болуп кеткенин эстеген сайын, жүрөгүм кансырап жатты.

– Анын, чын. Толгонай. Сен гана эмес, мен да аны сездим. Ошол жайдак калган аңыз менин денемде бүтөлбөгөн жараттай болуп, орду көпкө чейин сыздап жүрдү. Айдоого үрөн себилбесе, менин эң чоң жаратым ошол эмеспи, Толгонай. Согуштун айынан канча эгин себилбей, канча адамдын өмүрү түпкүрүнөн кыскарды. Менин барып турган душманым – согуш баштагандар, анткени алар эгин сеппейт.

– Туура айтасың,– согуш менен эгинчилик бири бирине карама-каршы нерселер эмеспи. Согушкан эгин айдабайт, демек ал баардык адамдардын насибине кол салат, демек ал баардык адамдардын душманы. Майсалбек, айланып кетейин кеменгер уулум, ал ушул жөнүндө катында жазбады беле. Эсиңдеби, Жер, Майсалбектин жазган каты?

– Мен аны жат билем, Толгонай.

– Ооба, сен экөөбүз аны жат билебиз. Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн биз баарын кайрадан эскеребиз, Жер-Энем.

– Сүйлөй бер, Толгонай. Сенин бул айткандарың эскерүү гана эмес, ар дайым көкүрөктө турган нерсе. Майсалбегиңдин жазган катын дагы бир кайталап айтып берчи. Майсалбек сенин гана уулуң эмес, ал менин да уулум, Жер уулу – Майсалбек!

– Мен ошондо үйдө ооруп жатканымда, айылдаштарым ал-жай сурап, ар кимиси жылуу сөздөрүн айтып, көңүл улап жүргөндөрүнүн дагы бир себеби бар турбайбы. Мен аны сезип да калгандай болдум элем бир чети.

Айша кошунам, бечара, өзү араң онтолоп жүрүп, кичинекей чөйчөккө каймак сызгырып келиптир. Ал үйгө кирип келгенде, өгүнкү кылганыма катуу уялдым. Сөз табалбай, унчукпадым. «Толгонай, сен оюңа эчтеке албагын,– деди Айша. – Менин боштугумду кечирип кой. Сендей аял үчүн, керек болсо, жанымды аябаймын. Керек болсо, жалгыз уулум Бекташты да берем. Ал ансыз деле эки үйдүн ортосундагы бала болуп калды, сени менден артык көрбөсө, кем көрбөйт. Сен биз менен кишисиң, биз сени менен кишибиз. Ушуну түшүнүп койгун» – деди. «Рахмат, бул айтканыңа» – дедим мен да, анчейин оюндагысын айткан экен десем, анын да сөзүнүн астары[1] бар турбайбы.



Ошонун эртесинде белимдин ооруганы жеңилдеп, үйдө нары-бери кыймылдап, эшикке чыктым. Терезенин астына кийиз салып, күнгө жылынып отурдум. Алиманды жумушка чыга бер десем, башкарма бүгүн дагы бир күн энеңе каралашкын, үйдө бол деп уруксат берди деди. Короодо от жагып, Алиман кир жууп жаткан.

Эшик алдындагы жоон түп кары алма ошол жылы калың гүлдөп, кайра күч алып жашаргандай сеңселип, шамал тийгенде, бутактарынан аппак күкүм себелеп жатты. Алма гүлдөгөн

---

[1] а с т а р – ичтик кездеме (подкладочный материал); *өтм.* жашырын, ички, көрүнбөгөн себеп, маани (подоплека, подтекст).

кезде аба да көк кашка булактай тунукталып, эң бир таза болот эмеспи. Алыста жалтылдаган тоо мөңгүлөрү даана көрүнүп турду. Үшүнтүп отурганымда, көчөдөн почточу Темирчал кирип келди. «Арыба, Толгонай», деп анча сөзгө да келе бербей, шашылып, өзүнчө эле алда эмнеге сумсая, күрсүлдөп жөтөлүп, «суук тийип калыптыр, кургурдуку» деп, сүйлөнүп жатып, сага кат бар беле дегендей, сумкасын аңтарып, кат берди. Анын бул камырабастыгына таарынып: «Жана эле айтпайсыңбы, зарыктырбай! Кимден экен?» – десем, Майсалбектен көрүнөт деди. Сүйүнүп жүрөгүм аптыкканынан, демейде Майсалбектин каттары үч бурчтук болчу эле, бул жолу басма менен басылган төрт бурч, сырты калың атлес кагаз экенин да капарыма ала бербептирмин. Ушул учурда жарадар бутун сүйрөп балдакчан Бектурсун келип калды. Коңшубуз эле, эрикkende биздикине келип, кобурашып кете турган. Кат келген турбайбы, Майсалбектен го деп, өтө сабыр күтүп, кол алышты. «Колуң эмне калтырайт? Бери отуруп, окуп бере салчы» – дедим. Ошентсем кийиздин четине отуруп жатып, кокуй бутум деп онтоп ирени кубарып, тердеп кетти өзү. Катты колу калтырап араң ачты да, окуй баштады, А, кайран балам, кайран кат...

«Апаке, ак сүтүңдөн айланайын апакем, – деп баштаптыр. – Мен сени кандай киши экениңди билбесем, бул катты жазбайт болчум. Сенин акылмандыгыңа, кайратыңа, сенин күчүңө ишенип жазып отурам. Ошентсе да эмне деп түшүндүрүп, эмне деп айтууга сөз табалбай, алакандай ак баракты тиктеп отурган кезим.

Акыр түбү менин кылган ишимди туура деп табарсың, мен ага өзүмө ишенгендей ишенем. Ооба, апа, сөзсүз мени туура дээрсиң... Антсе да, түшүнсөң да, жүрөгүңдүн түпкүрүндө мага деген айтылбаган суроон калар: «Балам, кантип өз өмүрүңдү өзүң кыйдың? Адамга бир гана жолу берилчү бул жарык дүйнө менен кантип өзүң эле коштошуп кете бердиң? Мен сени эмнеге төрөп, эмнеге өстүрүп чоңойттум?» Ооба, апа, энесиң, сенин бул суроонo тарых кийин жооп берер. Ал эми менин айтарым, согушту биз тилеп алган жокпуз, бул көптүн башына келген кыйын иш, бүткүл адам баласына балта урган зулум күч. Биз аны менен күрөшпөй коё албайбыз, аны үчүн кан төгүп, аны үчүн жан берип, аны кыйратып жок кылууга милдеттүүбүз. Антпесек биздин адам деген атыбыз өчөт. Мен согушта жүрүп эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес элем, мен өзүмдү эң бир жөнөкөй, эң бир асыл ишке – мугалимдикке даярдап жүргөм. Заманым ушул экен, балдарды тамга таанытып окутуунун ордуна, курал кармап жоокер болдум. Ал менин айбым эмес.

Мына азыр мектепте окуучу жаштарга менин биринчи жана эң акыркы берип кетер сабагым ушул, аларга окутуп кеткен билимим да ушул. Буга мен турмуштан алып чыккан баардык билимимди, баардык дилимди жумшайм.

Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барып, кайра кайтпаймын. Душмандын талылуу жерине барып, аны кыйратып өзүм да жок болом. Мекен үчүн, эл үчүн, жеңиш үчүн, дүйнөнүн баардык жакшылыгы үчүн...

Бул менин акыркы катым, акыркы калем шилтешим, акыркы сөзүм. Апа, миң бир эки

апа десем да, кадырыңа жетер белем, түшүнгүн: бул жөн эле өлүп берүү эмес, бул жөн эле жанкечтилик эмес, бул өмүр сүрүүнүн эң бир эбегейсиз түрү. Кулакка балким, жат угулса да, бул жашоо үчүн болгон өлүм. Мен өз ыктыярым менен ушуну туура таптым. Мен эч кандай кылчактаган жерим жок. Мекеним бул ишти мага ишенип тапшырганы үчүн сыймыктанам!

Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан нары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баарын мен, мен деп билип жүргүн, апа!



Ыйлаба, апа, эч ким ыйлабасын. Мындай өлүм үчүн эч ким ыйлабасын. Кош, түбөлүккө кайыр кош!.. Кош, карааныңдан айланайын, Ала-Тоо!

Сенин мугалим уулуң – лейтенант Майсалбек Субанкулов.

*Фронт. 9-март 1943-ж.*
*түнкү саат – 12.»*

Мөгдөгөн башымды өйдө көтөрүп карасам, короодо жарданган эл туруптур. Баары тең унчукпай, баштарын салаңдатып, аза тутуп турушкан экен. Эч ким үн чыгарып ыйлаган жок, Майсалбек эч ким ыйлабасын деген турбайбы. Аялдар мени колтуктап сүйөп, өйдө тургузушту. Гүлдөгөн алмага жел тийип, бутактарынан себеленген апапакай бүрлөрү бети-башыма себеленип, жеңил гана кол тийгизгендей, сылап өтүп

жатышты. Ошол гүлдөгөн алманын нары жагы, айылдын үстү, алыскы тоонун үстү чеги жок, түбү жок мелтилдеген, таптаза көгүлтүр асман экен. Дүйнөнүн мынчалык кең экенин көргөнүмдө, дүйнөнүн мынчалык тар экенин сезгенимде, ай-ааламды бузуп, озондоп, бакырып ыйлагым келди. Ага болбой тиштенип тура бердим. Алиман баятан бери кантип турганын билбейм, мен өйдө турганымда, эки колун сунуп, сокур кишиче, мени көздөй темселеп келе берди да, бир убакытта бетин алакандары менен мыкчый басып, тескери бурулуп кетти...

Мына үшүнтүп, ортончу уулум Майсалбегимден да ажырадым. Таштап кеткен тумагы калды...

– Менде болсо Майсалбектин жергеси деген атагы калды, Толгонай. Элге – кылган иши, даңкы калды.



– Ооба, Майсалбектин аты өчкөн жок. Баатыр деген наамы менен ардакталып кыштагыбыз «Майсалбек» атындагы колхоз болду. Фронттогулар Майсалбектин жазып кеткен катын өздөрүнүн катына кошуп сельсоветке жиберишкен экен. Ал катта Майсалбектин көрсөткөн эрдигин жазган жоокер жолдоштору, баарыбызга көңүл айтып, силердин уулуңар, жердешиңерди эч качан унутпайбыз, анын ысмы менен Мекенибиз дайым сыймыктанат дешиптир. Көрсө Майсалбегим чалгынчы турбайбы. Биздин аскерлер чабуул жүрөрдө, немистердин жашыруун жерде топтогон курал-жарак, ок-дарылары бир түндө от алып, айлана тегеректеги токойлор жапырт кыйрап, фронттогу чабуулдун чоң жолу ачылыптыр.

Ошону кылган менин уулум Майсалбек болуптур. Мен да анын бул эрдигине сыймыктанам. Антсе да, менин оюма койсо, согуш чыкпаганда, мен анын башка иштери менен сыймыктансам, бактылуу болор элем, өзү айткандай, балдарды окутуп, окуткан жаштар өзүнөн мыкты, өзүнөн билимдүү чыгып, ар түркүн иш, ар түркүн илимде даңкталышса, Майсалбегимдин даңкы да ошол болор эле. Адам баласына эң оболу так ошондой даңк керек. Ал эми согушта көрсөткөн баатырдык – зор эрдик экенинде талаш жок, аны үчүн башымды ийип, уулума жүгүнөм, бирок ошончолук өкүнүп, тирүү жүргөнүнө эчтеке ыраа көрбөйм...

Согуштан эзелде эч ким жакшылык көргөн эмес...



## V

– Ырас, Толгонай, согушту женген күндө да, анын күйүтү кубанычынан аз болбойт турбайбы. Ошол жылы, жеңиш келген жазда, силердин аскер тосконуңарды али да унутпаймын, Толгонай. Ошондогунун кайсынысы сүйүнүч, кайсынысы арман экенин али да айталбаймын...

– Мен да айталбаймын – кубанычыбыз көп беле, же күйүтүбүз көп беле... Душман жеңилип, согуш аяктаганда, алдастаган дүйнө тымтырс боло түштү да, мурда согуштун кызуусу менен анча байкалбаган нерселер ошондо элдин жүрөгүн дагы бир сыйра кансыратып алды. Анткени, жеңиш олжо алып, майрам болуп келген жок, ал бизге согуштан аман калган жоокердин сүрдүү кейпинде, нечен жолдор басып таманы жешилген солдат өтүгүн кийип келди.

Ошол күнү бизге коштун кезеги тийип, өгүз соко менен огородду айдап, жүгөрү сепкени жатканбыз. Көчөдө кандайдыр бир дабыштар чыгып, жүгүрүшкөн кишилерди көргөндө, Алиман билип келе коёюн деп, чуркап кетти да, кайра шашылып жетип келди: «Эне, элдин баары аскерлерди тоскону кетип бара жатышат, айылда эч ким калбай жөнөштү. Жүр, эне, эртерээк, бол!» –деди. Сокону, өгүздөрдү бороздого таштаган бойдон жөнөдүк. Чын эле – көчө кым-куут. Кыз-келиндер, бала-бакыра, ал түгүл, кедендеген кемпир-чал калбай, аттуу, жөө кишилер баары тең жол тоскону кетип бара жатышыптыр. Бул кабар кайдан чыкканын ким билсин, фронттон бошонуп келе жаткан бир солдат. Күмүштак деген жогорку айылдын баласы дешти, «аскердин баары үй-үйлөрүнө кайтып келе жатат» деп, жолуккан бирөөгө айтып кеткен имиш. Станцияга эки эшелон аскер келип токтогон имиш, бүгүн түштө барып калабыз деп, кабар айтты-рышкан имиш. Айтор, мына ушундай сүйүнүчтүү имиш сөздөр! Эл жарыктык ушул эле кабарды эңсеп турган экен, аныгын эч ким билбесе да, күмөн санаган жан жок, бир да киши калбай тегиз тосуп чыктык. Согуш чыгар жылы жаштар сала баштаган жаңы көчөнүн ордуна, айылды этектеп чогулуп күтүп турбадыкпы. Ал кезде ошол ташталган чала көчө, чала тамдарга үйрөнүп бүтсөк керек, майдандан жеңиштүү келе жаткан эр-азамат жоокерлерибизди кандай касиеттүү, кандай армандуу жерде күтүп турганыбызды ойлобоптурбуз. Тилегибиз – аскерлерди айылга кире бериштен жалпыбыз менен тосуп алмакта эле. Улгайгандар арыктын кашатына бийигирээк жарданып, аттуулар ат үстүнөн, бал-

дар ураган тамдардын дубалдарына чыгып, шамдагайлары ал түгүл, бутактарга чыгып кетишиптир. Ана келет, мына келеттин арасында түш көргөн, аян көргөндөрүбүздү сүйлөп, жолдон таштарды жыйнай салып, төлгө тартып, түш, аян, төлгөнүн баарын жакшылыкка жоруп, чоң жолдон көзүбүздү айрыбай, тигилип карап турдук. Азыр ойлоп турсам, дүйнөдөгү адам баласынын баары ушундай бир тилекте, бир ниетте, бирине бири жакшылык жоруп, өз уул-балдарын ушунчалык сүйүшсө, ушунчалык күтүшсө, балким, согуш болбос беле дейм.

Чогулган көпчүлүк кээде демин ичине катып, унчукпай, сөз сүйлөбөй да турду. Ар ким өзүнчө ой жүгүртүп турган болуш керек. Анткени, беш жыл кандуу согушту башынан өткөрүп, эми жеңишке жеткенде, согуштун эң аяккы көрүнүшүнөн эл сүрдөп да турган болчу. Кимиси келип, кимиси келбейт деген суроо ар кимдин оюнда бар эле, ушундан тартып ар кимдин тагдыры, ар кимдин үмүтү ар кандайча чечилмек. Ушундан тартып ар кимде жаңы турмуш башталмак.

Бактын башына чыгып отурган балдардын бири бир кезде! «Келе жатат!» — деп кыйкырганда, комуздун чыйралган кылына кол тийгендей, баарыбыз тең селт этип, бир ооздон «келе жатат» деп кайталап, селейип туруп калдык. Бир оокумга топ ичинде, чымын учса угулчудай, жымжырт боло түштү да, ошол замат: «Кана? Кайда келе жатат? Кана?» – деген үндөр чыгып, ошол замат кайра басыла калышты. Алдыда, чоң жолдун үстүндө жалгыз арабадан башка эчтеке көрүнбөдү. Айылга айрылышкан жолдун тушуна араба токтоду да, арабадан секирип түшкөн

жалгыз солдат, баштыгын, шинелин ийнине арта салып, арабакеч менен коштошуп, бери басып жөнөдү. Биздин арабызда эч ким эчтеке деген жок, турган элдин баары унчукпай, таң калып карап турушту. Солдат улам жакындап келе берди, бирок бир да киши ордунан козголгон жок. Кишилердин апкаарыган жүздөрүндө дале бир нерсе күткөндөй үмүт сезилип турду. Анткени биздин күткөнүбүз жалгыз солдат эмес, жолго батпай кылкылдап согушка жөнөгөнү сыяктуу калың аскердин тобу менен кайтып келиши эле.

– Пендесиңер да, Толгонай! Согушка жөнөгөндөр качан түгөл бойдон кайтып келчү эле? Адам деген кээде ошону эсинен чыгарып коёт окшойт.



– Анын туура, улуу талаам. Бирок биз пендебиз да: жакшылыктан дайым үмүтүбүз чоң. Ал эми ошондо жалгыз солдаттын келе жатканы, элдин үрөйүн учуруп, эсин оодарды. Солдат бери дөңсөөгө келип жетип, айылдын четинде козголбой калдайган элди көрүп, жүрөгү түштү окшойт, ал да чочуп туруп калды. Бул эмнеси, бул эмнё деген немелер, булар эмне үчүн унчукпай карап турушат дегендей кыял менен, солдат кылчайып артын каранды. Өзүнөн башка жолдо эч ким жок экенин көрүп, ал бизди көздөй басты да, кайра токтоп, кайра кылчактап артын карады... Ал улам ушинтип келе бергенде, алдыда турган бир кичинекей кыз: «Ашыралы байкем! Ашыралы байкем келе жатат!» – деп кыйкырып жиберди. Кайдан тааныганын ким билсин, башында жоолугун жулуп алып, алиги жыланайлак саксайган кыз: «Байке! Байке!» – деп кыйкырган бойдон, солдатты көздөй жүгүр-

дү. Анын соңунан балдар чуркап, анан аялдар, анан турган элдин баары: «Ашыралы! Кокуй, чын эле Ашыралы турбайбы!» – деп чуулдашып жөнөштү. Ошол учурда бизди кандай күч бийлеп, жүрөгүбүздө кандай асыл сезимдер ачылганын айталбайм – укмуштуу бир сүйүнүч, жан эриткен мээрим, эреркеген ый баарыбызды тең эргитип алып учту. Кучак жайып солдатка жүгүрүп бара жатканыбызда, биз өзүбүз менен кошо бүт турмушубузду, баштан өткөн-кеткен күндөрүбүздү, азап-тозогубузду, уктабаган түндөрүбүздү, агарган чачтарыбызды, карыган кыздарыбызды, жетим-жесир калганыбызды, дайрадай аккан көз жашыбызды, кайратыбызды, муңубузду туу кармагандай, жеңиштүү келген жоокерибизге алып бара жаттык. Астынан тосуп жүгүрүп келе жаткан элди көргөндө, солдат утурлай басып, бери жүгүрдү.

Элдин күүсү менен чуркап бара жатканымда, бир убакытта баягы күр-шар келип, станцияга токтобой өтүп кеткен эшелон жанымда жарышып бара жаткансып, кулагым тунуп, чымын-куюн дөңгөлөктөр астында зыңылдаган темир жол жүрөгүмдө зыңылдап, «Апа-а! Алиман!» деген, шамал жула качкан Майсалбектин үнүн кууп бара жаткансыдым.

Аттуулар адегенде жете барып, ат үстүнөн жапырылып, солдаттын көтөрүп келе жаткан баштыгын, шинелин ала коюшуп, өзүн байгеден чыгарып келе жаткан күлүктөй сүрөп келишти. Жер, Жер-Эне, сен ошол солдатты унутпайсың го? Баатырдын түрү эсиңдеби?

– Эсимде, Толгонай. Мен ал солдаттын түрүн эч убакытта унутпаймын, ал бүгүн дагы жол арыштап, кучак жайып «Айланайын, эл-журт!

Айланайын, эл-журт! Жаным курман! Башым курман!» – деп кыйкырып, жүгүрүп келе жаткансыйт. Анын көкүрөгүндөгү медалдары дале күмүш дилдедей шыңгырап, бетинен төгүлгөн жаш дале, андан-мындан тийген мөндүрдөй, тамчылап келе жаткансыйт. Ошонун баары эсимде, Толгонай. Кең далылуу, каркайган бойлуу чоң солдат нечен ирет ажал менен беттешкен, нечен ирет ок тоготпой сурданган жоокер жаш балача буркурап, бүгүн да тетиги жолдо жүгүрүп келе жаткансыйт.

– Ооба, ооба, так ошондой. Биз да жабыла ыйлап, эл менен солдат кошулганда, сагынышкан эки толкун кошулгандай, эзилишип, кучакташып көрүштүк. Ошол додолонгон ызы-чуудa ар кимибиз туш-туштан Ашыралынын мойнуна, ийиндерине асылып өпкүлөдүк.



О, Жеңиш ай, тилеген-самаган, күрөшүп тапкан Жеңишибиз ай! Ассалоумалейким, Жеңиш! Кечиргин боздоп ыйлаганыбызды, кечиргин Алиман өңдүү келинимди. Аман кайткан Ашыралынын көкүрөгүнө башын койгулап: «Кайда менин Касымым? Кайда?» – деп чыңырганын кечиргин. Баарыбызды кечиргин. Жеңиш! Сен деп канча чолпондорубуздан ажырадык!

«Башкалар кайда? Баланча кайда? Түкүнчө кайда? Качан келет калгандар?» – деп жабыла сураганыбызды кечиргин. Суроолордун камагында калып, көз жашын токтото албай: «Кеткендердин баары келет! Эртең келишет. Жакында келишет. Калбай келишет!» — деп, Ашыралынын айткандарын кечиргин. Кечиргин бизди, Жеңиш, кечиргин. Сени менен жүз көрүшүп жатып, биз көңүлүбүздө ар кимибиз майдандан кайрылып келбегендер менен акыркы жолу дагы

бир сыйра коштоштук, аларды дагы бир сыйра жоктоп, дагы бир сыйра күйүт тартып, көксөө сууттук. Кечиргин мени, Жеңиш, кечиргин! Ашыралыны бек кучактап, бек жыттап, Жайнагымды, Майсалбегимди, Касымымды, Субанкулумду эстеп, ичте туткан арманымды кечиргин!

– Жок, Толгонай, андай эмес, дүйнө сенден кечирим сурансын, заман сенден кечирим сурасын! Сен кечирет белең, Толгонай?

– Кечирбес элем. Душманымды эзелде кечирбейм. Бирок заманыма кек сактаган жерим жок. Арты кайрылуу болсун. Антсе да согушта доом көп. Атылган ок, төгүлгөн кан – тарыхтын эсебинде, ал эми адамдардын бүлүнгөн өмүрүчү? Аны кайсы эсепке ыйгарып, тарыхтын кайсы бетине жазабыз? Аны үчүн ким жооп берет? Жалп этип окко учпаса да, Алимандын тагдырын эстегенде, ичим күйүп чок болот. Анын убал-сообу кимде? Анын дартын кимге айтам? Кайран келиним, гүл сүйгөн келиним!

Ашыралыны туугандары үйүнө эрчитип кетип, элдин баары таркап кеткенде, Алиман экөөбүз үйгө кайттык. Ушуну менен согуштан ала-са-бересебиз бүтүп, мындан ары тынчтык заман башталмак.

Биз унчукпай келе жаттык. Жана ыйлаганынан улам Алиман дале ичтен солкулдап, аптыгып, үшкүрүп келе жатты. Кабагын чытып, эч жакты карабай түнөргөн түрүн көрүп келинимдин алда кандай ойлорго кабылганын түшүндүм. Күн күркүрөрдө аба думуккан сыяктуу, киши да ичи-араны ачуучу чоң сөз сүйлөрдө кыйналат эмеспи. Ооба, Алиман кыйналып турган эле. Анысын мен жалооруп тиктеген көздөрүнөн, тиштенген эриндеринен сезип жаттым.

«Ай, эми айрылышабыз го. Касымдан түңүлүп бүттү го,– деп ойлоп келе жаттым. – Айрылышпаганда кантет элек. Өлгөндүн болжолу бар беле, же артынан өлөт беле, кетет да эми, кетпегенде арга канча. Аттиң-ай, кантейин, кантейин. Кетсе кетет да. Качанка эле жесир отурмак. Көңүлү бузулуп кетип жатыптырбы. Бешенедеги ушул экен, ыраазылыгымды берем. Айтор, багы ачылса болду. Жаш эмеспи, дагы бир теңин табар. Касымдай болгон ынагына жолугар бекен? Ким билет? Бактылуу бол, чырагым, бактылуу бол. Кайсынысын айтайын. Кээде мени эстеп коюп жүрсөң балам. Сенден башка кимим бар. Сен кетсең, өлбөгөндүн күнүн көрүп, бир үйдө жападан жалгыз калам, коколой башым. Карыганда медер кылар уулумдан туяк да калган жок. Бирок мага карабагын. Убалыңа калбайын, качан кетсең да, башың бош. Мен үчүн кылчактаба, балам, күнүңдү көр. Ыраазымын сага, батамды берем» – деп, айтар жообумду камдап, сүйлөшүүгө даяр болдум. Сыр алышкан, бирине бири күйүшкөн кишилер адамдын оюндагысын айттырбай билишет окшойт. Мен ошондо кандай санаа чегип келе жатканымды Алиман билген экен. Бирок анын сөзү мен күткөндөй чыкпады. Ордолуу отон талаам, сенден жашырган сыр барбы, Алимандын ошондогусуна, анын айткан сөздөрүнө, анын тоодой адамгерчилигине, кыйышпас боорукерлигине ыраазымын, өлөр өлгөнчө ыраазымын, бирок өзүмө наараазымын, өзүмө наалат айтам...

Эмне үчүн ошондо боштук кылдым, эмне үчүн Алимандын сөзүнө жаш балача соорондум?

Касымдардын чарбагынын жанынан өтүп бара жатканыбызда, там салабыз деп камдаган дөбө

таш, нечен жылдап жаан-чачынга калып, эзилип бүткөн кирпичтер үймө топурак болуп жатканы көзгө түштү. Жаштар согушка кеткенден бери бул жаңы көчө ошол бойдон ээн калган, айлана тегерегин коолаган ала-бата, уйгак басып, алардын арасында аркандалган музоолор жүрчү. Уранды дубалдардын баш-башында үпүпкуштар көкүлдөрүн тарап, жаздын ырайына берилип, беймарал гана сайрап отурушкан экен. «Капырай, там-жай салып, өзүбүзчө түтүн булатабыз дегендер кайда калды? Карачы. Байкуш Касымыма да буйрубаптыр да»,– деп, санааркап келе жатканымда, Алиман мени жалт карады, да катуу үшкүрдү. «Эне,– деди ал мага,– мынча эмне бөксөрдүң? Же жакшылыктан таптакыр эле түңүлүп калдыңбы? Антпечи, энеке, бошобочу мынча, кайратың бир элчелик бар эле го. Бери отуралычы, мындай, дөңсөөгө, сүйлөшөлүчү». «Азыр айтат, кетем дейт эми!» – деген ой каңырыгымды түтөтүп жиберди. «Отуралы, сүйлөшөлү» – дедим мен да. Жол боюндагы дөңсөөгө кайнене-келин болуп, акыл чечмекке отурдук. Алда, Алиманым ай, мынча неге, мээримдүү болуп жаралдың эле! Ошол ак көңүлчөөктүгүң өз башыңа жеттиби, ким билет? – «Эне – деди ошондо Алиман. – Куураган согуш бүттү эми. Акысы калган жок. Мындан нары кантебиз деген оюңда бар чыгар. Кейибе, энекебай. Дүйнө ушунчалык эле адилетсиз болуп кетти дейсиңби? Маңдайыбызга жазылган жакшылыктын жугу да калбады дейсиңби? Бир үйдөн кеткен төрт кишиден кантип эле бири аман кайтпасын. Жо-жо, эне, коё тур, менин сөзүмдү ук. Ак дилимди айтам, эне, көңүл уласам кудай урсун: анда өзүмдү өзүм алдаганым. Ишенгин мага:

жакшылык колдосо, кичине бала аман кайтып келет. Кабарсыз кетти дегени – аман дегени, эне. Ким билет, колго түшүп кеттиби, тентип адашып кеттиби же жарадар болуп, токойдо жашынып жүрөбү, айтор, эртеби-кечпи Жайнагың жарк этип кайтып келгенде билерсиз. Дарексиз дегенинен түңүлбөйлү, эне. Дарексиз эмес, өлдү деп кара кагаз келген кээ бирөөлөр кийин тирүү кабары чыгып, ал түгүл, жогорку айылдык бир киши, те төмөнкү казакта да ошондой окуя болду, өзүң угуп жүрбөйсүңбү, аш-суун берип койгондон кийин аман-эсен кайтып келишти. Ал эми биздин кичине бала – аман эле, көкүрөгүм айтып турат. Кантип эле төрт кишиден бири кайтып келбесин. Сабыр кылалы, эне, күтөлү. Бери карачы, эне, мен деле сенин балаңмын да, башта келиниң болсом, эми уулуңдун ордуна уулдай көргүн. Андай эмес десең, макул бет алдыбыздан басып кетели, анда эмне болот. Касымдын арбагын сыйласам да жалгыз таштап кетпейм сени, эне. Андан башкасын өзүң бил...»



Алиман сүйлөп бүткөндө, көпкө унчукпай отурдук. Майдын орто чени беле ошондо. Тээ алда кайда, мелтилдеген ыраакکы кыйырда акала булут түрмөктөлүп, анда-санда күн күлдүрөп, шамал желдеп турду. Ошол жаркыраган багытта жазгы нөшөр төгүп турса керек. Күн шооласына чагылышкан жаандын салалары сымаптай кубулуп, бирде тоого, бирде ойго көчүп, дүйнө жүзүн жууп келе жатты. Ошол алыстыктан жаандын салкын шапатасын шамал айдап, леп-леп этип жанымды сергитти. Алиманга мен эчтеке деп айткан жокмун. Бирок менин айтарым тетиги жаркыраган жаандай таза сөздөр эле. Ка-

раңгылаган, кансыраган жаныма жарык нур тийгендей, бүт жан дилим менен сага айттым, улуу Жер. Ушундай адамдарды жаратканыңа рахмат, сага, Жер,– дедим. Дүйнөнүн тазалыгына, адамдын тазалыгына рахмат дедим. Тээ тиги ак-ала булутуңа, жаркыраган жааныңа рахмат дедим. Жаан жаайт, эгин өсөт, эл күн көрөт, мен да алар менен кошо жашайм дедим. Буларды айтканым – Алиман мени аяп, урматтаганы үчүн гана эмес, мени жалгыз таштабайм дегени үчүн эмес, жок, бир кишинин көр оокаты кайда өтпөйт дейсиң, мен сүйүнгөндө, мен сыймыктанганда, башкага, адамда болгон улуу нерсеге сыйындым. Согуш адамды түнт кылат, таш боор, өзүмчүл кылат, айбан кылат деп ким айтат? Жок, согуш, кырк жыл кыргын түшүрсөң да, нечендердин ажалына жетип, өрттөп, кыйратып, жексен кылсаң да, адамды сен багынтып басынта албайсың. Баардык күткөн жакшылыгынан өзү ажыраса да, адам кандай болбосун, башка бирөөгө жакшылык көрсөтсөм дейт, аны сүйөп, таясам дейт, аны аз болсо да бактылуу кылсам дейт.

Менин Алиманым адам да! Караңгы түндө парашют байланып, душмандардын ордосуна самолёттон секирип түшкөн Жайнак кабарсыз, дарексиз жок болду дегенине карабай, аны өлбөйт, аны аман деп, аны сөзсүз кайтып келет деп ишенгени, тилегени ким үчүн? Дүйнө анча адилетсиз эмес деп, бел байлаганы ким үчүн? Алимандын чын жүрөгүнөн айткандарына мен да ишенип, ырас эле Жайнак тирүү болуп жүрбөсүн, андай экен кайтып келсе да ажеп эмес деп, жаш балача үмүттөнгөнсүп калдым. Мен ушинтип ойлонуп отурганымда, Алиман огородго таштап кеткен соко-унааларыбызды эстеп: «Баса, ого-

родду айдап бүтпөй калбадыкпы, жүр, эне, эртерээк, жер кургап кетпесин,– деп, шаштырып калды.

Чарбакка келсек, өгүздөр сокону сүйрөгөн бойдон, алда качан арыкты жээктеп оттоп жүрүшүптүр. Алиман аларды кайрып келди да, сокону кайра борозго салдык. Кишинин көңүлү деген кызык нерсе го. Бирпастын ортосунда канат байлап, алып учат эмеспи. Айткан сөздөрү, кылган аракети өз көңүлүнө туура келсе керек, Алиман баягы согуштан мурунку калыбына кайрылып келгендей, жаркылдап күлгөнү, сүйлөгөнү жылдызын ачып, жарашып турду. Бешмантын нары жакка чечип ыргытып жиберип, ак көйнөгүнүн этек жеңин түрүнүп, башындагы жоолукчасын чекеге түшүрө тартынып, – кара-тору жүзү нурланып, үнүн бек чыгарып: «Ала-баш өгүз, цоп! Цоп, цобе! Кайры, кайры, чолок куйрук. Цоп, цобе!» – деп, узун шапалак камчыны шартылдата чимирип, өзүнчө эле чебеленип жүрдү. Алда, Алиманым ай, көрсө, мени бошобосун, турмушка, ишке алаксып, тиричилик кылсын дегени турбайбы. Соконун туткасын карманып келе жатканымда, артына кайрыла калып: «Эне, сокону жеңилирээк бас, таштак үстүнө чыгып кетпесин!» – деп баштап жүрдү. Дагы эки-үч имерим айдоо калганда, жаан да желдирип жетип келди. Шаңдуу төгүлгөн өткүн экен. Аланын шак коюп, камчыланып келгендей, күү менен тийген тентек өткүн айыл арасына оюн салып, бүлүк түшүрдү. Канаттарын далбактатып какылыктаган тооктор туш-тушка корголоп, аялдар жайылган кирлерин ала качып, күчүктөр, балдар көчөдө кубалашып:

«Өткүн, өткүн өтүп кет,
Кара суудан кечип кет» —

дешип, жарышып жүрүштү. Суу болобуз, кокуй, үйгө кире туралы десем, Алиман: «Эчтеке эмес, эне, бүтүрүп коёлу!» — деп, секелек кыздай, жаандын кытыгылаганына каткыра күлүп, өгүздөрдү токтотпой айдай берди. Келинимдин бул жыргалына мен да баттым. «Мүнөзүндөн айланайыным, өткүр жаандай жаркылдаган түрүндөн айланайыным, кылык-жоругундан болоюнум! Кандай ырыстуу жубай болмок элең! Алда, дүйнө ай, алда, дүйнө ай!» – деп, жүрөгүм элжиреп, Алимандын сүйкүмдүүлүгүнө тойбодум. Кийин ойлосом, анын бул жоругу да мага арналган турбайбы, менин көңүлүм ачылсын деген турбайбы. Алиман улам алакандарын, бетин жаанга тосуп: «Эне, бери карачы! Кандай сонун жаан! Кандай таза жаан! Быйыл эгин мол болот! Цоп, цобе, жаан, төгө бер берекенди, төгө бер! – деп жамгырды, өгүздөрдү камчы менен чапкылап, тамашалап жатты. Ошондо өзү кандай сулуу экенин, сууланган көйнөгү этине жармашып, мүчөсү кандай сындуу экенин, көздөрү кандай жайнаганын сезген да эмес чыгар. Алда убалына жеткен, согуш ай!

Өткүн тып басылып, алыстап кеткенде, бул дагы тез эле өтүп кетет турбайбы дегендей кыял менен, узап жаткан жаандын артынан муңканычтуу карап, алыска көз жүгүртүп, жаандын бастап бара жаткан күүсүнө кулак салып, Алиман катуу үшкүрдү. Байкушум ай, Касымды эстеди окшойт ошондо. Алиман мени көрө салып, күлүп жиберди да: «Жаандын ныммы менен жүгөрүнү себе салалы!» – деп, үйгө чуркап кетти.

Жибитилген, бадырайган жүгөрүлөрдөн Алиман чоң чеңгелдеп алып: «Эне, ушул жүгөрү дүмбүл болгуча кичине бала аман-эсен кайтып келсин!» – деп, саамалык үрөндү огородго чачып жиберди. Алимандын ошондогу түрү эч бир көз алдымдан кетпейт. Булут койнунан булт этип, жаңыдан төрөлгөндөй, кызыл эт күн тийгенде, жаандан кийинки нымдуу кара топурак менен жыланайлак басып, кадам сайын, алтын чачыла чачкандай айдоого дан шилтеп, бул касиеттүү эмгекти жакшы тилек, жакшы үмүткө багыштап, Алиманым жүгөрү эмес, жакшылык сээп жүрдү. «Көрөсүң го, эне, менин айтканым келет. Буюрса, кичине балага дүмбүлдү өзүм отко меңкактап, бышырып берем. Баягыда дүмбүлдү менден талашып жечү эле го. Эсиндеби, бир жолу ысык сотону ала качам деп, койнуна салып жибергенде, ичи күйүп калбады беле. Калак, калак деп ичин басып, секирип жүрсө, мен жинди немедей: «Чала сага! Чала! – деп күлө бериптирмин. – Эсиңдеби?» – деп, Алиман мени да күлдүрүп жатты.



## VI

– Мейли эми, ошонусуна да рахмат! Жүгөрү бир эмес, эки жолу, үч жолу дүмбүл болду, бирок Жайнагыбыз кайтып келген жок, эч кандай дареги да чыккан жок. Алиман кийин айыпкер немедей унчукпай да калды өзү...

Ал орто жаз айланып, кыш өтүп, турмуш өз агымы менен кете берди. Эл оокаттанып, колхоз ирденип, өткөн кеткендин кээри аз-аздан унутулуп, согуштун изи жукарды. Алиман экөөбүз баштагыдай эле колхоздо иштеп жүрдүк. Бри-

гадирликти мен балдар фронттон кайтып келер замат өткөрүп бергем: «Силер жокто үч жыл эптеп иштеп турдум, эми карыдым-арыдым, балдар, ишти өзүңөр колго алгыла» – дедим. Ошондогу жаштар кээ бирде, азыр да мени «бригадир-апа» – дешет. Сыйлашат окшойт...

Заман тынчтанганы менен, Алиман экөөбүздүн санаабыз тынган жок. Сыртыбыздан жашырып, сыр билдирбеген болобуз, бирок чынында ар качан көңүлдөн кетпеген иш менин да, анын да жүрөгүн өйүп жүрдү. Мындай карасаң, маңдай-тескей отуруп алып эле, кана эми ар кимибиз өз жолубузду жолдойлу, өз турмушубузду көрөлү дей тургандай эле ачык сөз. Ооба, жөнү ошол. Бирок биз ошенталбай койдук. Менден кеттиби, Алимандан кеттиби, анын толуп жаткан себеби бар, эми айтканда эмне. А балким, биздин эч кандай күнөөбүз да жок чыгар. Нечен-нечен жолу арман-мунумду айтып, сага келчү элем го, Мекен-Талаам...

– Келчүсүң, Толгонай, ооба. Санаа басып, кантем келинимди, кантем? Убал сообун кантем деп, ыйлачусуң. Нечен жолу келсең да, ошондо мен сага акыл бералган жокмун, Толгонай. Арадан далай жыл өттү, сен минтип картайып отурасың, бирок азыр да сени актап же болбосо каралап эчтеке айталбаймын, Толгонай.

– Ким билет. Ушуга келгенде мен өзүмдү кечиралбасмын. Келиним Алиман эмес, башка аял болсо, мүнөзү башка, мамилеси башка, адамгерчилиги башка, жүргөн-турганы башка неме болсо, көп кечиктирбей эле, кой эми, балам, качаңга эле жесир болуп отурат элең. Жаш башыңды кор кылбай, бирөөгө тийип кеткин дээр элем. Бирок Алиманга айталган жокмун. Эгерде айт-

сам, адам затынын кандайдыр бир асыл дүйнөсүн бүлдүрүп, кандайдыр бир ак нерсени булгап коё тургансып батыналбай жүрдүм. Чын эле: Касым өлдү – сен эми кеткин, керегиң жок, башка бирөөгө тийип кеткин деп оозум барат беле? Сөздү кандай гана жумшактабагын, түпкү мааниси ушул да. Эс-акылы бар келин эмеспи, өзү айтар деп да бир чети шашылган жокмун. Ал эми Алиман болсо, алда байкушум ай, мынча, боорукер болуп жаралганын карачы. Мени аяп, кыялбай жүрдү окшойт. Ошонусуна карабай, менден кетпесин деп, бир күнү Кайыңдыдагы агалары жол жүрүп келип калган экен, ыраазылыгымды берем деп, аларга оюмду түшүндүрдүм. Ошентсем, тигилерди кагып: мени менен ишиңер болбосун, кетемби, кетпейимби, өзүм билем, кийлигишпегиле деп коюптур. Жөн эле турбай деп өкүнүп да калдым өзүм. Менин уялганымды билип, Алиман ошондо ортобузда кандайдыр бир сөз аралап өткөнүн сездирген да жок. Ичимден абдан ыраазы болдум. Мына үшүнтүп бир бирибизди аяп, бир бирибизди кыялбай жүрүп, Жайнак келип калабы деп үмүткө алданып жүрүп, эң акыры андан да түңүлүп, кийин анын убактысы өткөн соң, кеч болуп калды. Ооба, Жер-Энем, ыймандай сырымды айтам, өзүң билесиң го ал окуяны.

– Билем, Толгонай, билем. Келиниңе мурдатан айтпай жүрүп, кийин айтканыңда бетиңди карабайт болчумун, Толгонай.

– Ырас анын. Кандай болуп кеткенин азыр да билбей калдым. Айлыбыз жол боюнда эмеспи, жайлоого мал айдагандар, кыштоого түшкөндөр дайым биздин аңыздарды аралап өтүп

жүрбөйбү. Жер ортосу деп малын жайып, экиүч күндөй туруп да калышат.

Кырк алтынчы жылдын күзүндө төмөнкү айылдык бир чабан чоң сайда коюн айдап жүрдү. Аскерден келген жигит көрүндү, боз шинелчен, тонун бөктөрүп, мылтыгын асынып, нары бери бастырганына анча назар да салган эмесмин. Айылда кимдир бирөө той берип калды да, көкбөрү чабылып, алиги чабан улакчы жигит экен, улакты биздин дарбазанын астына алып келип таштады. Короодон жүгүрүп чыгып, ошондо көрдүм аны. Ойсондогон сур күлүктү туйлатып, шымаланган шамдагай неме экен. Эмне үчүндүр башка сөз оозума келбей: «Ой, бул эмнең, балам?» – дептирмин. Ошентсем: «Үйдө ким бар?» – деди. «Ким керек эле?» – дедим. «Колумдан түшүп калды» – деди да, улакты эңген бойдон, такымга басып чаап кетти. Аңгыча көкбөрүчүлөр жетип келип, артынан жабыла кууп жөнөштү. Ушуну менен мен ал чабанды экинчи көргөн жокмун. Бирок анын кылганына абдан бушайман болдум. Бул эмне дегени: алып келгенден кийин таштап кетпейби, улак түшкөн үйдүкү – салт эмеспи, же чын эле колунан түшүп калдыбы? Андай экен эмне үчүн көчөгө түшпөй, дарбазанын жанына түшөт? – деген арсар ойдо болдум. Мен ушинтип турганда, үйдөн Алиман чыгып келди. Гүлдүү жоолугун салынып, жибек көйнөгүн кийип, жасанып алган. Тойго барганы жатканбыз. Мени көргөндө, Алиман ылдый карап, кызара түштү. «Жүрбөйсүңбү, эне» – деп, акырын сүйлөдү. Жанагы чабандын эмне үчүн келгенин мен ошондо гана сездим. Эки-үч күндөн бери Алиман суу алып келем деп, арыкта суу турса, чоң сайга барып, кеч кайтып жүрдү. Ичим

сыздай түштү. Акыры бир күнү ушундай болмок, сөзсүз боло турган иш, антсе да ичим сыздай түштү. Кызгангандыктан эмес, а балким, кызганган да чыгармын, кеп башкада. Алиманды көп кечикпей ордун таап алса экен деп тилеп жүрүп, иш жүзүнө келгенде, апкаарый түштүм, корктум. Чыгып жаткан келиним эмес, күйөөгө берер өз кызымдай коруп, Алиманды жаңылбаса экен, барган жери түзүк болсо экен деп жаттым. Тойдо отурганымда да, үйгө келгенимде да ушул ой башымдан кетпеди.

«Жанагы жигит кандай неме экен? Жакшылап таанышып, билип алгын. Шашып кетпе, Алиман балам, алданып калба!» – деп, ичимден айтып жаттым. Эмнеси болсо да эми жолтоо болуп калбасам экен жаштарга. Алиман менден ийменип тартынбаса экен, канткенде өз ыктыяры өзүндө экенин, менин ага эч кандай каршылыгым жок экенин этияттап билдирсем деп кыйналдым. Эчтекени шекшибеген немедей күндөгүдөй эле орду менен сүйлөп, орду менен күлүп отурсам да, Алиманым мендеги купуя ой-санааны сезген экен. Кечинде сууга барам деп, чакаларды алып чыгып кеткенде, үстүмдөн оор жүк түшкөндөй жеңилдедим. Барса барып, жолугуп келсин дедим оюмда. Бирок көп өтпөй эле Алиман суу көтөрүп үйгө кирип келди. Сайга барбай арыктан эле кайра тарткан экен. «Эне, суу жылытып берейин, башыңды жууп ал» – деди Алиман, чакаларды ордуна коюп жатып. «Эртең күндүз эле жуурмун, жумушуң болсо...» – деп айтып келе жатканымда, Алиман сөздүн алдын ала: «Эртең колхоздон кол бошобойт, эне, жууп алгын, чачыңды тарап берейин» – деди. Көңүлүнө кетпесин деген ой менен айласыздан макул болдум.

Сууну чоң казанга толо жылытып, мени бир баш жууп көрбөгөн жаш бала өңдөнтүп, адегенде айран менен жуудуруп, анан самындатып жуудуруп, сууну улам чабыштырып, алмаштырып, жанымдан кетпей убараланды. Башка убакытта болсо, балам, жөн койчу, өзүм эле жууп алам дээр элем, бирок бул жолу унчукпадым. «Алда кокуй, бул эмнеси, эки ортодо мен үчүн жолугар жерине барбай калды го» – деген ойго кысталдым. Андай дейин десем Алиман аны-мунуну жайдары сүйлөп, көңүлдүү эле жүрдү. Болгондо чачымды тарап жатып, саал күнгүрөнө түштү. «Эне, жаш чагында, чачың келишкен чач болсо керек!» – деп, маңдайымда чачымды эркелете сылап, бети башыма, мойнума алаканын тийгизип сылады. «Мени менен коштошуп жатат го» – деп көзүмө кылгырган жашты жашырып, араң чыдап отурдум. Анан ал чачымды өрүп берди да, сандыктагы атырын алып чыкты. «Кой, балам мага анын кереги эмне, кой кокуй, нары картайганда уят эмеспи», – дегениме болбой, каткырып күлүп жатып, башыма атыр септи да, мойнумдан кучактап жыттады. «Мына, кандай сонун, жапжаш болуп калдың, – деп аябай сүйүндү. Мен да күлдүм. «Эми чай ичкин, эне, чайдан кийин төшөгүңдү салып берейин, жатады» – деди.

Ал түнү экөөбүз тең уктаган жокпуз. Алиман өзүнчө ой жүгүрттүбү, кээде-кээде катуу үшкүрүп коюп жатты. Мен болсом көзүмдү жумсам да, Алимандын бүгүнкү кылган жакшылыгына көңүлүм көлдөп, өткөн күндөр көз алдыма тартылып турду. Бир туруп Алимандын баягыда гүлкайырларды комбайндын тепкичтерине алып барып коё салганын эстеп жаттым. Бир туруп,

Касым аскерге жөнөрдө, аны атка мингизбей улам мойнуна асылып, жаш балача колунан тарткылаганын эстедим. Бир туруп станцияга ашыга жол жүрүп бара жатканда, жабалактаган аппак кар Алимандын жоолугуна, мандай чачына, жакасына күрпөңдөлө жыйналып, анын тамылжыган жүзүнө көрк берип, сулуулаганы эске түшөт. Бир туруп, мени көздөй кучагын жая жүткүнүп: «Энекебай, жесирбиз, окшошкон жесирбиз!» деп, бакырганы угулгансыйт. Бир туруп, кызгалдак жайнаган кысыр аңыз менен кара жоолукчан Алимандын чоң жолду көздөй качканы эске түшүп жатты. Койчу, ушинтип отуруп, эң акырында жанагы көкбөрүчү чабан менен кой айдашып, ээрчип, кетип бара жатканы заматта көз алдыма келе калды. «Кош, эне-



ке! Жаман көрбө, кеткеним ушул. Кайыр кош, энекебай!» – десе, артынан кол булгалап, жар бойлоп жүгүрүп: «Кош, чырагым! Кош, гүл сүйгөн келиним, кош мандайыма сыйбаган чолпонум! Аман бол, багың ачылсын, этегиң көгөрсүн, аман бол, кайыр кош! Ай, жигит, баламды кор кылба! Каргайм, каргышым тиет!» – деп жаттым. Көзүмө толуп, ашкан жаш ысык салаа болуп, жаактарымда сыдырылып, жаздыкка тамчылап жатты. Ыйлаганымды Алиман угуп койбосо экен деп, оозумду басып чүмкөнө бердим.

Эртеси да Алиман эч жакка чыккан жок. Ошондон кийин алиги чабан көрүнбөй калды. Коюн айдап кетсе керек. Алимандын сузураак түрүн көрүп, ошондо катуу кейидим. Көңүлү болсо, кете эле бербейби, байкуш бала, мага күйгөндө эмне чыкты? Бир топко чейин арсар жүрүп, кийин бул иш эсинен чыгып кеткенсиди.

Ушуну менен эрте жазда жанагы чабан кайра пайда болду. Коюн айдап, чоң сайда жүргөнүн сырттан байкап калдым. Ошол күндөрү Алиман кеч кирери менен эле кетип, эл тегиз жатканча сыртта жүрчү. Мен эмне дейт элем, өзү билет да. Чын эле мен эмне демекмин, кантмекмин, айтчы, жан боордош талаам? Эсиндеби баягы шойкон түн, эртеси сага келип ыйлаганым...

– Коё тур, Толгонай. Сен ал түндү шойкон деп айтпа. Ал түндүн терс жагы да, оң жагы да болгон чыгар. Жан жаралган түнгө тил тийгизбечи, Толгонай.

– Сөзүмдү кайра алайын, Жер-Энем. Күйгөндөгү кебим да. Күйбөгөндө эмне болду элем. Ал түнү Алиманды көпкө чейин күтүп отурдум. Айыл тегиз жатса да, мен эмне үчүндүр чырак өчүрбөй, купуя санаа тартып, алда эмнеден коркуп, терезеге тигилип, шырп эткен дабыштарга кулак түрүп, чыйрыгып отурдум. Тышта ай тийип, анда-санда булут көчүп, жазгы аба тынып турду. Бир тамда жалгыз өзүм отурганымдан үшүгөнсүп, ичикке орондум. Түн ортосуна жакын көзүм илинип кеткен экен, капилеттен чочуп кетип, башымды өйдө кылсам, эшикти ачып, Алиман кирип келе жаткан экен. Мас экен. Кызылдай мас. Айрылган көйнөгүнүн жакасы жалжайып, эти көрүнүп, чачы бет алдынча чачылып, көзүнүн каректери балбылдайт. Алимандын мас болгонун өмүрү биринчи көрүшүм. Эмне дээримди билбей, ордумдан турууга алым да келбеди. Алиман босогодон араң аттап кирди да, жыгылып кете жаздап, мешти барып кармап туруп калды. Анан мешти карманган бойдон теңселе берип: «Ха!» – деп, жаман күлүмсүрөдү. «Эмне карайсың! – деди ал, башын чай-

кап. – Эмне карайсың мени? Ооба, мен масмын. Ооба, мен арак ичтим. Ичпегенде эмне кылам? Мен ичпегенде ким ичет яа? Эмне унчукпайсың? Менин түрүмдөн коркуп турасыңбы?» Унчугалбадым. Келинимдин ушундай абалга жеткенине жүрөгүм сыздап, өлүп кете жаздадым. Алиман дагы бир аз теңселип, башын салаңдатып турду да, бир убакта, акырын шыбырады: «Эне. Сен эчтекени билбейсиң. А мен болсом... Мен... Мен бүгүн... Касым аскерге жөнөр күнү кечинде сууга барбадык беле, чоң сайга... Эмесе так ошол жерде» – деп келе жатып, чачын кош колдоп чеңгелдеп: «Мен ит болдум! Эне, энекебай!» – деген кыйкырык жүрөгүнөн атырылып, өзү кийизге бет алдынан кулады да, тыбырчылап, башын жерге ургулап, бакырып ыйлады. Ордумдан ыргып туруп, учкан куштай жанына жетип бардым. Башын өйдө кылып, көкүрөгүмө кыстым: «Ыйлабачы, Алиман, ыйлабачы. Эмне болду сага, айтчы деги? Капа болдуңбу? Же бирөө бир нерсе дедиби сени? Айтчы мага. Же мага таарындыңбы? Таарынсаң, айт, ичте тутканыңдын баарын айт, угайын...» «Жо, жо эне, энекебай, байкушумай, жалгызым ай, эчтекени билбейсиң да, билгенде да колуңдан эмне келет эле, алда, кокуяй, алда кокуяй!» – деп, кандайдыр бир өзүнө гана белгилүү арман күүсүн чегип, эч бир токтоналбай, мени кучактап алып, солкулдап ыйлап жатты. Көпкө чейин боздоду. Анан акырын бастап барып тынчыды да, уктап кетти. Уйку арасынан да кээде жаш балача бышактап, онтоп жатты. Уктаганым жок. «Эмне болду келиним? Кантем эми?» – деп таң атырдым.

Эртеси ордунан турганда, уялып мени карай албады,– сүйлөгөн да жок. Жумушка чыгып бара

жатканыбызда гана: «Кечирип кой мени, эне» – деп койду.

Ушуну менен арадан эки-үч ай өтүп, жайында, баягы качкын Жекшенкулдун сурагы болду. Ал согуштан кийин элге баталбай, үйүнө уурданып келип-кетип жүргөн экен. Бирок казакта турган жеринде дагы эле тынч оокатын кылбай, алып-сатарлык жүргүзүп, кой уурдап, колго түшүп калыптыр. Тергөөдө анын мурунку кылмыштары билинип калып, биздин айылга суракка алып келишкен экен. Сельсоветтин чабарманы мени да күбө болосуң деп чакырып келиптир. Көчөдө келе жатсам, Алиман кетменин көтөрүп жумуштан келе жаткан экен. Илкий басып, элден бөлүнгөндөй, жалгыз өзү келе жатыптыр. Түрү да кандайдыр капалуу, көзү алайып, арыктап калыптыр. Ошол жайда бети да темгилденип кеткен эле. Боорум ооруп кетти. Эми үйгө барып дагы жалгыз отурбасын деген ой менен: «Жүрчү, балам, мекемеге кошо кайрыла кетели. Үйгө бирге баралы»,– дедим. Ошентсем: «Жо, эне, мага эмне бар анда. Башым ооруп турат, үйгө эле кетейин» – деди. «Мейлиң,– дедим. – Жата тур кыйналбай. Уйду өзүм тосуп алам».

Мекеменин жанында туюк жабылган машина туруптур. Күбөгө чакырылган, жумуштан келе жатып кайрыла кеткен бир топ кишилер ачык терезенин жанында сөз угуп, кулак салып турушуптур. Мен да ошолорго кошулуп калдым. Жекшенкулду көрбөгөнүмө далай жыл болгон, тултуюп, тимеле семиз. Күржүйгөн ийиндери этке толуп, көзүн кабактын астына катып, үлүрөйүп отурган экен. Саап отурган жалгыз уйларыбызды сокого кошуп, ачкадан өлүп бара жатка-

ныбызда тапкан-тергенибизди колдон талашкан ушул ит эмес беле. Менин кудай кошкон жарым, уул-балдарым фронтто кан кечип, алышып жүргөндө, бул неме элден артыксынып, кара башын ала качып жүргөн. Эми карасаң, биздин айылдык бир аксакал кишинин сөзүн бөлүп, каяша айткысы бар. «Ошол да кеп бекен, фронтто өлгөндүн өз ажалы өзүндө. Мага анын кандай тиешеси бар?» – дейт. – Ууру дейсиң, көзүңөр менен көрүп, колуңар менен кармаган жериңер жок. Үстүмдөн жүз айткыла – куру сөз. Факты керек». Муну укканда каным кайнап кетти. «Жаныңды жебе, имансыз! Факты эле керекпи сага, мен факты!» – деп терезеден кыйкырып калдым.

«Апа, бери кириңиз. Бери кирип сүйлөңүз» – деди ордунан тура калган тергөөчү.



Кирип бардым да, түз эле сүйлөдүм. «Ооба, биз сени колубуз менен тутуп алган жокпуз, сенин артыңдан түшүп кармоого чолобуз да тийген эмес. Биз анда жер тырмактап фронтко нан бергенбиз. Биз анда машак терип балдарды баканбыз. А сен анда кошко байланган аттарды айдай качып, элдин кочуштап жыйнаган үрөнүн жула качып, бала-бакыранын насибин түп тамырынан курутуп, кол салгансың. Демек, сен ошону менен фронттогу солдаттардын колунан нанын тартып алгансың. Артыңдан жете барып: «Токто! Мен билем сени, Жекшенкул. Токто!» – дегенимде, кайрыла калып мени аткансың!» – деп, жүрөктө кайнаган сөздүн баарын айта бердим. Ошондо айт, тартынбай айткын дегендей, Айша кошунамдын томсоргон түрү, анын бетинен аккан боп-боз жаш, ошол боп-боз салаа жаштай болуп төгүлгөн асмандагы саманчынын жолу,

көз алдыма келип турду. «Факты деп зaң-закүнгө таянып, кутулсаң кутулуп кетерсиң. Бирок билип койгун, эл-журттун азап-тозогунан безип, анын өлүм-житимин ийин тирешип көтөрбөгөнүң үчүн, адам сынынан чыгып, өмүрү жек көрүмчү болуп өтөсүң. Сага факты да, жаза да ушул» – дедим.

Мен сүйлөп бүткөндө, тергөөчү: «Рахмат, сизге апа. Эми бошсуз. Үйүңүзгө бара бериниз» – деди.

Мекемеден чыгып келе жатсам, Жекшенкулдун аялы эшикти тосуп калды. Жиниккен немедей эле келип бир тийип, кыйкырды: «Өлүгүңдү көрөйүн, как баш. Ак жүрөк болом деп, кайсы жакшылык көрдүң. Андай ак жүрөк экенсиң келиндин ичин кантесиң! Ии, ал кайдан экен? Үйүңдө боозуган шерменденди көрбөй, эмне карап жүрөсүң? Окшошкон шерменделер!»

Жүрөгүм шуу этип, токтоло түштү. Ооба, ооба, бул катындын айтканы ырас эле. Мурда бүдөмүк шекшип, жаныма жакын жуутпай алыс айдаган күмөн нерселер заматта айкын-ачык боло калды. Аңгыча, эшикте турган кишилер: «Бас жаагыңды, өлөсүң!» – дешип, Жекшенкулдун аялын жакалап калышты. «Тийбегиле!» – дедим. «Кол тийгизбегиле!» – деп, унчукпай басып кеттим.

Көчөдө келе жатканымда оюм миң санга бөлүндү. Мындай болорун ойлогон эмесмин. Кийинки кезде Алиман кандайдыр бир элден четтегенсип, мүнөзү да башкача, башка жактан келген чоочун немедей паанайы пас, күлбөс болуп жүргөнүн мен жөн эле капа тартып жүрсө керек дегем. Алиги чабан жигит көңүлүнө туура келбей, келишалбай коюшса керек деп жоромолдо-

гом. Ал ошондо эле изи сууп, тоого кеткен. Экинчи аны көргөн киши жок. Көрсө, иш башкача турбайбы. Аттиң ай, аттиң ай...

Андай болорун ким билиптир. Эми кантем деп, дал болдум.

– Ооба, Толгонай, сен ошондо мага келип кантем деп сырыңды айткансың.

– Сага айтпаганда кимге айтат элем, жанбоордош дыйкан талаам. Тырмактай кезимден сетартып мына ушул карыган күнүмө чейин сенин демиң менен, сенин күчүң менен турмуштун нечен-нечен белин ашып, өмүр сүрүп келе жатам. Кантем десем, сен ошондо: «Ойлон, Толгонай, тереңирээк ойлон. Ичиңди кең сал, дүйнөнү кең көргүн, куру намыс, тайыз акыл болбо» дегенсиң.



Мен гана эмес, башкалар да ойлогонуна ыраазымын. Ичкен суубуз бир, көргөн күнүбүз бир тагдырлаш, замандаш айылдаштарымдын кең пейилине кулдугум бар. Ошол окуянын эртесинде Айша кошунам чай ичкин деп үйүнө чакырып, аны-мунуну кобурап, сөз арасынан: «Жанагы Жекшенкулдун аялы түндөп көчүп кетиптир» – деди. Унчукпадым, көчсө ар кимдин өз эрки. Кийин, көптөн кийин гана билип калдым, ал өзү эмес, ошол түнү эл чогулуп келип: «Кеткин биздин айылдан!» – деп, арабага салып, көчүрүп жиберишиптир. Ошондон кийин улуу-кичүүнүн биринин да оозунан тигиндеймындай эле деп сөз уккан жокмун. Балким ичинен ойлошсо ойлошкондур, балким теңтуштары Алимандын өзүнө айтса айткан чыгар, бирок мага эч ким эчтеке деген жок. Андан бери мына канча жылдар өттү, али да сыйлашып келе жатышат. Рахмат, көзүм жумулганча ыраазымын.

Мен өзүмчө ойлономун да: илгерки заман болсо не деген айың-ушактар, не деген күйдүргү сөздөр бетиме жабылбайт беле. Ал эми согуштун азап-тозогунан өтүп, тирүү басып жүргөн ар бир адамдын баасы канчалык кун жеткис экенин, анын көңүлү канчалык ыйык экенин замандын улуу сабагын алган эл өзү эле түшүндү. Алимандын күнөөсүн кечирди. Эгерде алар Алиман экөөбүзгө күлүшсө, өздөрүнө күлүшкөндөй болбойт беле. Ооба, ошентмек. Мейли, адам деген ар кандай дешет, сыртынан күн, ичинен кара үңкүр да дешет, бирөөнүн таманы тайып кетсе, табалайт дешет. Андайлар да бар чыгар, андайлар азыр да арабызда жүрүшкөн чыгар, бирок чын-чынына келгенде, тагдыр чечилчү жаман-жакшыга келгенде, адам деген ичи кенен, таза нерсе. Ишенем ошого, сыйынам. Өзүмдүн башымдан өтпөдүбү. Билесиң го, Жер-Энем, ошол жылы мен үчүн кандай оор жыл болду...

– Ооба, Толгонай, сен ошол жылы кемпир болдуң.

– Кемпири да мейли эле, Алиманымды азыр ойлосом, азыр сайсөөгүм сыздайт. Алда, кокуяй, алда кокуяй... Кай жерден кетирдим, кай жерден жулдурдум... Алимандын боюна бүткөнүн билген күндөн тартып, баардык жан аракетим менен сактабадым белем. Көз көрүнөө немени көрүп эле турсак да, эмне үчүндүр билмексенге салып, кеп кылган жокпуз. Оокат-тиричиликке тиешелүү эмне гана болбосун, баардыгын эле мурункудай кеңешип, сүйлөшүп жүрдүк, бирок ушуга калганда батыналбадык. Мен анын көңүлүн оорутпайын дедим. Ал болсо түздөн-түз ачыкка чыккандан уялдыбы же оюнда кеткени жүрүп, кеткенче мени кызартып-бозортпой би-

ротоло чыгарда айтайын дедиби, билбейм. Мен үчүн ал кезде аны билиш да кыйын эле. Өзү унчукпагандан кийин, мен эмне дейт элем, кантип сурайт элем. Кокус сурасам, үйдөн кеткин дегенчелик түшүнүп, кетип калбаса экен деп этияттадым. Соо жүргөнүндө жакшы да, кош кабат калганда жолуңа түш дейт белем. Жо, жо, Алиманымды андай жамандыкка эч убакытта кыйбайт болчумун. Көңүлүмдө мен аны күнөөлөгөн да жокмун. Баардыгын өз көзүм менен көрүп, билип жүрбөдүмбү. Алимандыкы күнөө болсо, ал менин да күнөөм, бала төрөсө, ал менин да балам, уят-сыйытын, жаман-жакшы кордугун бардыгын тең тартам деп, өзүмчө биротоло чечип алгам. Алиман кетип калса, менсиз оокаты өтпөй калат беле, таштап кетүүгө кыялбай жүрүп, ушундай ишке дуушар болгонун билбей коюптурмунбу. Баардыгын өз эркине, өз көңүлүнө койгом. Эртеби-кечпи, кыстап келгенде, акыры бир күнү иштин жайын аргасыз сүйлөшөт да болчубуз. Көңүлүбүздө аны да билип жүрдүк. Ошентсе да, бүгүн эмес эртең деп, улам эртеңкиге калтырып келе бербедикпи. Ал түгүл Алиман кетип да көрбөдү беле. Бул да менден болду, байкабастыгымдан...



Жай аягында, Алимандын ошондо беш-алты айлык боюнда бар кези, эртең менен уйду бадага кошоюн деп көчөгө айдап чыктым. Уйчуман бала үнү коңгуроодой болгон он эки-он үчтөгү жетим бала эле. Ошол күнү ал көчөнүн башынан эле алда-эмнелерди шаңдуу кыйкырып, жаңыдан ойгонуп келе жаткан айылды күн тийгендей козгоду. Биздин үйлөрдүн тушуна жеткенде, уйларын «Өш-өштөп» келе жатып: «Токон-апа!» – деп мага да жарк этип кайрылды. – То-

кон-апа, сүйүнчү! Жоробек акемдин келини төрөдү, сүйүнчү!» – деди.

«Ии, айланайын, болсун, болсун. Качан төрөдү».

«Таңга маал».

«Кызбы, эркекпи?» «Кыз. Атын Торгой коёбуз дешти. Токон-апа. Таңга маал төрөлгөн торгой дешти».

«Эң жакшы болуптур, балам, өмүрлүү адам болсун» – дедим.

Бирөөнүн жарык дүйнөгө келгенине өзүнчө эле кубанып, ошол чоң кубанычын ар кимге бөлүштүрүп, кабар салып жүргөн уйчуман баланын сөзү делебемди козгоп кетти. Кандайдыр бир таза, ысык сезим жүрөгүмө жыйналып келип, дарбазадан кирип келе жатканымда, бассам-турсам да дайым көңүлдүн мизинде турган нерсени кантип эсимден чыгарып жибергенимди билбейм: «Алиман, сүйүнчү! Жоробектин келини төрөптүр. Уктуңбу? Айы-күнү жетип жүрдү эле, бечара аман-эсен»... – деп айтып келе жатып Алиманды көргөндө, оозума таш капкандай болдум. Тамдын дубалына сүйөнүп, шалдайып турган экен. Акырын гана башын чайкап, ээрдин кесе тиштеп, бозоруп туруптур. «Мен төрөгөндө эч ким минтип сүйүнчүлөп кабар салбайтко» – деген ой кеткенби, же дагы башка жаман нерселерди ойлодубу, ким билсин. Өзүмдүн олдоксонума ушунчалык кыжалат болуп, бетим кызара өрттөнүп, эмне кыларымды билбей, унчугалбай эле кемегенин жанына отура калып, тезек калай баштадым. Бетимдин кызарганы саал сууй түшкөндө, кайрылып карасам, дале ошол бойдон бозоруп туруптур. Каңырыгым түтөп кетти. «Бир жериң ооруп турабы?» – де-

дим, жанына басып барып. «Жо, эне, тек анчейин» – деп койду. «Оорусаң үйгө жата турсаңчы, кыйналбай». «Кыйналган деле жерим жок, эне. Тамеки тизүүнүн эмне оордугу бар эле, барайын» – деп, ийнелерин колтугуна кысып, чыгып кетти. Мынча болгондон кийин ачыгын эле айтайын эми. «Корунба балам, уялба. Мунун эч кандай уяты жок. Бул да турмуштун бир сонун нерсеси. Кимдин кандай төрөгөнү кеп бекен. Төрөгөн эненин баары бирдей, айырмасы жок. Туулган баланын баары бирдей, айырмасы жок. Дүйнөгө келген ар бир наристе баардык адамзаттын баласы, демек, ал менин да балам. Сен төрөсөң, ал мага бөлөк-бөтөн болбойт, өз баламдай алпечтеп багам. Түшүнгүн ушуну. Капанды жазып, көңүлдүү жүргүн» – деп, мурунтан камдаган сөздөрүмдү чымыркаsuccessfully айтайын деген ой менен, артынан жүгүрүп, көчөгө чыктым. «Ай Алиман, коё тур. Бери токто» – десем, укмаксанга салып басып кетти.



«Таарынып калды шекилдүү» – деген ой күнү бою көңүлүмдү иренжитти. Аялдар менен тамеки жулукта жүрүп, ар кайсынын башын бир ойлоп: «Мейли эми, бүгүн кечинде айтайын. Минтип жүргөнүбүз жарабас» – деп, өзүмдү бышыктап алдым. Бирок ал ой-пикиримди айтууга туура келбеди. Кечинде жумуштан кийин үйгө келсем, Алиман жок. Ана келет, мына келет деп күтүп отуруп чочудум. Эмне балакет болду. Көчөгө чыгып издейинчи деген кыял менен үйдөн чыгып бара жатсам, огород тараптан чөп көтөрүп Бекташ келди. Бекташ анда колхоздун арабасын шатырата айдап, эр-жигит болуп калган. Ал унчукпай келип, чөптү уйдун акырына таштады да, мени жалооруй карап койду. «То-

кон-апа, энем мени издебесин деп Алиман айтып кетти. Кайындыдагы төркүнүмө кетем деди». Муун-жүүнүм шалдырап, босогого отурдум. «Качан кетти?» «Жана. Түштөн кийин. Көчөдөн бир машина өтүп бара жаткан экен ошого түшүп кетти». Заманам куурулуп унчукпай отурсам, Бекташ садагасы: «Кабинага түшүп кетти, апа. Коркпой эле коюңуз. Шопуру дурус неме экен» – деп койду. Бекташты өзүм да жакшы көрчү элем, ого бетер ичим жылый түштү. «Ии, бечарам, киши болот экенсиң» – дедим ичимден. Бала билинбей эле чоңоёт экен да. Кадыресе эр жетип, солдоюп, мүнөзү токтоо, маңдайы жарык жигит болуптур. Көзүмө ошондо көрүндү. Арыктан суу көтөрүп келип, Бекташ эшик алдына суу септи. «Далисти салкындатып шыпырып коёюн. Апам сиздин чайыңызды сагынып калдым дейт. Азыр келет» – деп, өзүнчө убараланып самоор коюп жатты.



Айшалар көпкө отуруп чай ичип кетишти. Үйгө жаталбадым. Капталда төгүлгөн жылдыздар таңаткыча балбылдап, анан бирин-серин тартып, эң акырында жаркыраган жалгыз чолпон калып, ал улам алыстап, алда-кайда кетип жоголду.

Алиман кеткенден кийинки күндөрүм курусун. Жалгызмын деп ооз учу менен айтып жүргөн экенмин да. Үч-төрт күн эптеп карманып чыдап жүрдүм. Анан чыдагысыз болду. Кээде туруп бир жакка тентип басып кетким да келди. Алимандын көрөр күнүн ойлосом, андан бетер жаман болом. Төркүнүнө барып батса жакшы, ал эми мурда ишиңер болбосун, менин турмушума кийлигишпегиле деп мыктысынып койдуң элең, эми минтип шерменде болуп келип

калган экенсиң го дешсе, балам кандай гана кордук тартар экен. Оюна эмнелер гана кетип, ушинтип көргөн күнүм жерге кирсин деп, турмуштан түңүлүп жүрбөсүн. Жанымда турса эч кимге жектетпейт элем го. Кантип гана жатты болду экен, алда шордуум-ай. Кантсе да, барайын, өз көзүм менен көрөйүн. Барып калсам, балким кайтып да келер. Ошентсе экен, кудаяй, ошентсе экен. Келбейм, калам десе аны угайын. Кантет элем, ыраазылыгымды айтып, батамды берем. Кийим-кечесин да албай кетиптир, аларын жеткирип берейин. Келсе-келбесе да айтар сөзүмдү айтышым керек. Милдетим эмеспи. Кой, көп кечикпей жөнөйүн деп, эртеси үй-жайды Айшага дайындап, жолго чыктым. Кайынды жакка барчу машинаны Бекташ токтотуп берди. Ушуну менен машинага түшүп, айылдан жаңы узай бергенде, нары аңызды аралап, төтө жол менен бир аял келе жатканын, машинада отуруп капыстан көрө калдым. Дароо эле тааныдым – Алиман экен! Алда, карааныңдан болоюнум ай, кайра келе жаткан турбайбы! Ошол замат ордуман ыргып туруп, машинанын үстүн дүңкүлдөтүп калдым. «Токто! Токто азыр, мен түшөм!» – деп, машина бир канча жүрүп барып токтогондо, куржунумду алып, шашып түштүм. Аңгыча уюлгуган коюу чаң жетип келип, көзүмө эчтеке көрүнбөй жанагы көргөнүм өңүмбү, түшүмбү деп чочуп туруп калдым. Чаң машинанын артынан ээрчип кетип, айлана ачыла түшкөндө, жүрөгүм оозумдан ыргып кетчүдөй: «Алиман!» – деп катуу кыйкырдым. О, айланайын даркан талаам, өзүң көрбөдүң белең, ал окуя да ушунда болбоду беле!

– Ооба, Толгонай, ушунда, азыр да жаткан тетиги жанаша жолдо. Сен: «Алиман!» деп кыйкырганда, Алиман жалт карай салып, сени көрүп туруп калды да, анан: «Эне! энекебай!» – деп сени көздөй жүгүрдү. Сен ошондо эсиң чыгып кетип: «Жүгүрбө, балам, жүгүрбө, кокуй жыгыласың!» – деп жалынып келе жатып, өзүң жыгылып, кайра тура калып, кайра жүгүрдүң.

– Ооба, ооба, так ошондой. Кантип жетип барганымды билбейм. Алиман экөөбүз кучакташып, көрүшүп туруп калганда, аябай сагынышып калган экенбиз, эмне дээрибизди билбей: «Келдиңби, келдиңби, балам, энеңе кайрылып келдиңби?» – десем, «Келдим, энеке, келдим. Өзүңө кайрылып келдим!» – деп жатты. Так ошол учурда Алимандыи ичтеги баласы козголо берип, «болк-болк» эттирип эки-үч жолу тээп койду. Аны экөөбүз тең сезип калдык. Алиман ичин кармап, акырын сыйпалап мени карады. Анын ошондогу көз карашы бүт заманымды астын-үстүн оодарды. Мен да кээде бир нерсе деп ойлоп, ичимден корунуп жүргөн экенмин да! Кет, жогол, арамдык, жолобо! Кандайдыр бир учкундай гана мезгил аралыгында жашоонун эң бир таза, бактылуу учурун башынан өткөрүп тургандай, Алимандын жүзү үлбүрөгөн, жумшак мээрим тартып, кирпиктерине илинген туптунук жаш бетине тамып кетип, жаак ылдый жүгүрдү. Э, чиркин энелик ай! Ушундай гана тамчы таалайың баардык азап-тозокту жууп кетет го! «Көзүңдөн айланайын, карааныңдан айланайыным. Айланайын сенден, айланайын!» – деп, бети-башын сыйпалап, жалынып-жалбарып, балкылдап ыйлап жибердим. Ошентсем: «Ыйлабачы, эне, ыйлабачы,– деп жатты. – Кечирип

кой мени, кечиргин. Сени таштап деле кете албайт экем. Чыдабадым, ичим түтпөдү».

Көптөн берки айтылчу сөзүмдү эми айтайын, онуту эми келди го деп: «Эмне үчүн кеттиң, таарындыңбы?» – дедим. Алиман унчукпай туруп калды да, ортодо азыр кандай сөз болорун билгендей оор үшкүрдү: «Сурабачы, эне. Аны эмне кыласың. Айтпа мага эчтекеңди, мен да сага эчтеме дебейин. Кыйнабачы мени, энекебай, кыйнабачы».

Ушинтип бул жолу да айталбадым. Деги эмне үчүндүр ар качан эле, айтар кебимди сезип тургандай, сүйлөшүүдөн качып, ушинтип кетенчиктеп эле туруп албадыбы, байкуш балам. Бетин ачса өзүнө да, мага да жеңилирээк болбос беле.

Эсиңдедир, Жер-Энем, ошол жылкы күз көпкө созулуп, аягы абдан жаанчыл болбодубу. Бир ачылып, кайра бүркөлүп, нымтыраган суук күндөрдө көпчүлүгү үйгө отуруп калдык. Күздүн түнөргөн түрү сыяктуу, күн өткөн сайын Алимандын кабагы ачылбай, сүйлөбөс, күлбөс болуп калды. Өзүнчө убайым тартып, отурганыотурган. Байкоомдо, ай-күнү да жакындап келе жаткан эле. Капалыкка чөгүп кетпесе экен деп, колумдан келишинче эркелетип, тамаша сүйлөп тигинткен-минткен болом, бирок жаш бала болбогондон кийин кыйын экен да. Мен гана эмес башкалар да аракеттенип көрүшүптүр. Бекташ апам тумоолоп жатып калды дегени, Айшаны көрөйүнчү деп барсам, эти ысып, жөтөлүп жатыптыр. «Өзүң да чала-жан неме элең, жөн отурбай айылчы болуп чыга кеттиң» – десем, муңайыңкы жылмайып күлүп койду. Ошондон экиүч күн мурун Бекташтын арабасына үч-төрт аял болуп түшүп алып, төмөнкү айылга тойго барып

келишкен. Көрсө, барган иштери башка турбайбы. «Жылуу жатып, жакшы болуп кеткин эми»,– деп, кеткени жатсам, Айша: «Коё турчу, Толгонай, капа болбосоң, айта турган бир сөз бар эле» – деди. «Айткын» – дедим.

«Төмөнкү айылга биз тойго барган жокпуз, анда менин жек-жаат уругум деле жок. Аны өзүң деле билесиң. Сыртыңдан бийленип бир иш кылдым элем, Толгонай, кечирип кой,– деди. – Алиги чабан жигитти таап алып, ортого алдык. Алимандын ай-күнү жетип отурат, бул эмне кылганын, анын убал-сообун ким көтөрөт десек, аныбыздан эчтеке чыккан жок. Ал өзү аялдуу неме экен, экинчиден жанын жеп, көргөн эмесмин, билген эмесмин деп, танып кетти. Аялы да долу неме экен, сезип калып, беттен алып, иттей шермендебизди чыгарды. Кайра келе жатканда, жол катары, жаан төгүп, суук тийип калыптыр. Анысы да мейли эле, Алиман эми кантет» – деп, бышактап ыйлап жиберди. «Ыйлаба,– дедим,– мен турганда Алиман кор болбойт» – деп, чыгып кеттим. Башка эмнени айтмак элем...



Алимандын эти-башы ооруп калдыбы деп кадиктенип, кийинки күндөрү көзүмдүн кырын түшүрбөй, жанынан карыш чыкпай жүрдүм. Кокус эшикке чыгып кетсе да артынан ээрчип: «Э-э, Алиман, кайда жүрөсүң?» – деп эле шашып калам. Толгоосу келип калбасын деймин да, мен түшкүрдүн башка эмне жумушу бар эле.

Бир күнү жылуу кийинип алып, эшикке чыгып бара жатат. «Кайда барасың, балам?» – дедим. «Чоң суугa барам» – деди. «Э, ботом, күн тигинтип турса, энтигип кантип барасың. Үйдө эле отурсаңчы. Сууда эмне бар дейсиң. Же жай-

дын күнү болбосо». «Жок, барам» – деди. «Анда мен да кошо барайын, жалгыз жибербейм» – десем, кыжыры кайнап кетти. Көп күндөн берки бугун, ачуусун менден чыгарды: «Эмне эле мени ээрчип, аңдып калгансың. Эмнең бар менде. Мени жайыма койсоңчу. Өлөт дейсиңби, өлбөйм!» – деп, эшикти тарс коюп, чыгып кетти. Томсоруп отуруп калдым. Сөзү катуу тийди, катуу таарындым. Ошентсе да ичим чыдабады. Эки-үч жолу эшикке чыгып карадым. Сууга кеткен бойдон көрүнбөдү.

Көзгө илинбеген майда жаан себелеп, шамал ак-чач булуттарды оодарыштырып айдап турган экен. Тал-дарактын башы жылаңач калып, суукtan жүдөгөндөй, бутактары карарып кетиптир. Элдин баары үй-үйүндө, эч ким жок, кыштак арасы ээнсиреп капалуу. Чүмбөт чүмкөлгөндөй тоолордун караандары бозомукта араң эле билинип турду.



Жаман көрсө көрсүн, артынан барайын, толгоосу кармап, сыз жерге жатып калбасын деп, огороддун этегине жете бергенимде, Алиман көрүндү. Башын ылдый салып, акырын басып келе жаткан экен. Бакка далдаланып кайра келдим да, чай кайнатып жумуртка эзип куймак жасадым. Сакталган алмадан тандап, кызылдууларын дасторконго койдум. Алиман кирип келди да, дасторконду көрүп, унчукпай күлүмсүрөдү. «Үшүп кеттиң го, балам. Бери отуруп чай иччи» – дедим. «Көңүлүм эчтекени тартпай турат, эне. Алмадан бирди берчи, ошону жейин» – деди. «Эмне болду, сага, Алиман, бир жериң ооруп турабы?» – десем, ээрдин тиштегилеп: «Сурабачы, эне. Терим эчтемени сүйбөй турат. Жана да тил-

тийгизип койдум сага. Мени жөн кой» – деп, кол шилтеп койду.

Бат эле кеч кирип, бат эле түн кирип келди да, төшөккө жатканымда, менин эми сөзүм да жакпай калган экен го деп, ичимден сызып уктап кеттим. Башка убакытта саксынып түнү менен кайра-кайра ойгонуп, Алиман жакты карап койчу элем. Бул түнү эмне болуп уктап калганымды билбейм. Уктабай көзүм кашайсачы...

Түндүн кайсы бир ченинде селт этип ойгонуп кеттим да, Алиманды карасам, ордунда жок. Адегенде эшикке чыгып кеткен экен деп, бир аз күтүп, дагы күттүм. Жок. Тура калып Алимандын төшөнчүлөрүн кармалап көрдүм: муп-муздак, алда качан туруп кетиптир. Ошол жерден эле антип-минтип кийине коюп, эшикке чуркап чыгып, кайра огород тарапка урундум. «Алиман! Алиман!» – деп кыйкырсам да, эч ким жок. Иттер гана дарбып үрүп калышты. Муундарым калтырап кетти. Кеткен экен го, эми канттим? Үйгө кайра жетип келип, оозгу тамдагы фонарды күйгүзүп, бурч-бурчту карап, эми эшиктен издейин деп, фонарды көтөрүп короого чыкканымда, нары сарайдагы саманкананын ичинен адамдын онтогон, кыйкырган үнү чыкты. Саманкананын эшигин жула берип кирип да бардым, селейип туруп да калдым. Самандын үстүндө чалкасынан түшүп, Алиман төрөй албай кыйналып жаткан экен, көргөндө эле эсим чыкты. «Бул эмнең, кокуй катыгүн! Эмне үчүн айтпадың?» – деп, колтуктап көтөрүп, аягына колумду суна бергенимде, белчеден ылдый сыгып алардай кан болгон чапан, көйнөктөрү ыпысык болуп билегиме оролду. Бети-башы кабарып, каракөк, көзү алайып, дем алалбай тумчугуп: «Өлдүм!

Өлдүм!» – деп онтолоп жатты. Ичин кармалай берип, иш начар экенин дароо эле түшүндүм. Кудай сакта, кан көп кетип калыптыр. Өзү да көптөн бери толготуп жаткан экен. Мындайда доктурдан башка даба жок. Жанды алып калса ошол алып калат. Далбасалап көчөгө чуркап чыгып, Айшалардын терезесин койгулап жибердим: «Тургула, кокуй, тургула! Бекташ, айланайын, арабаңды тез камда – Алиманды доктурга жеткирбесек болбой калды» – деп, аларды ойготуп, кайра жетип келип, Алиманга суу ичирдим. Калч-калч этип, тиши тишине тийбей араң ичти. Аңгыча ооруп төшөктө жатканына карабай, Айша чуркап келди. Алимандын түрүн көрүп, боп-боз болуп, титиреп: «Айланайын Алиман... Чыдай тур. Чыдай тур, кудай, кудай!» – деп күйпөлөңдөдү. Ошол түнү Бекташ жолдон кеч кайтып, кудай жалгап, аттарды бастырманын астына байлап, арабасын үйгө койгон экен, көп кечикпей, арабаны короого айдап кирди. Арабага төшөк-жууркан салып, жаздык коюп, караңгыда темселеп, үчөөлөп жатып Алиманды араң көтөрүп келип, арабага жаткырдык. Ушуну менен ал-буга келбей, тез эле жөнөй бердик.

Ай ошондогу тоңголок жол ай, ай ошондогу караңгы түн ай... Доктуркана анда суунун аркы өйүзүндө, чоң кыштакта эмес беле. Көпүрө болсо – тээ ылдый, алда канча ыраакта.

Мындай чыга бергенде, Алимандын толгоосу кайра күчөп беш бүгүлүп, беш жазылып, үстүндөгү жамынчыларын ыргытып, адам чыдагысыз үн менен чаңырды.

– Ооба, Толгонай. Ошол караңгы, бүркөө түнү кыш келерин күтүп, тунжурап, сууктан чүмкөнүп жаткан мен, жер, адамдын ачуу чыңырган

жалгыз үнүнөн,– селт этип, козголдум. Ошол силер экенсиңер го.

– Ооба, Жер-Энем. Кантер айлабызды билбей, Бекташ арабаны тезирээк айдаса, Алиман кыйкырып чыдабайт, жай айдатсам жан чыдабайт: кан токтобой кете берди, майып болуп кетет экен го деп эсим жок. Ушуну менен кылдырап жүрө бердик. Же бир жол арбысачы, кокуй. Алимандын башын тиземе коюп, мойнунан кучактап отурдум. Улам жамынчыларын оңдойм, улам фонарь менен бетин жарык кылып карайм. Бекташ айланайын кайта-кайта кайрылып: «Чыдай тур, жеңе мына азыр, аз калды. Көпүрөгө жакындап калдык, бат эле жетебиз» – деп алаксытымыш болот. Шыбыргактап муздак жаан да себелеп келди. Бир кезде онтолоп, кыйкырып жатып, чиренип, кайра бүктөлүп, Алиман солгун тартып, кыркырай баштады. «Алиман! Алиман!» – деп оттой ысыган бети-башын сыйпалап, жарык кылсам, жан талашкан, кыйналган көздөрү менен мени аянычтуу карап: «Токтогула. Өлүп бара жатам. Токтогула» – деди. Арабаны токтото салдык. «Башымды өйдөрөөк карма, эне» – деп, аңканы катып, энтигип, ыйлап сүйлөдү. «Эне, энекебай! Ичим өрттөнүп, өлүп бара жатам. Тирүү калбайм. Касиетиңден айланайын, энекебай. Ал дүйнө, бул дүйнөдө ыраазымын. Уулундун алдында мен акмын, акмын, күнөөм жок. Касымдын көзү тирүү турганда, мен үшүнтмөк белем... А-а-а Касымай... Мен дагы тирүү жан эмесминби, аялмын да, аялмын... Бул дүйнөнүн кызыгын көрбөй кеттим, кантейин, кантейин. Кечир, кечир күнөөмдү энеке. Кудай ушинтип койду, жаман көрбө». Өпкө-жүрөгүм үзүлүп жалындым: «Чыдай тур, балам, чыда-

гын. Сен аксың, сенде эч кандай күнөө жок, сен эң таза аялсың. Сен өлбөйсүң. Чыдагын, мына көпүрөгө жетип келдик. Эми тез эле жеткиребиз, сен өлбөйсүң!» – ошол учурда Алиман кайра чалкадан кетип чиренип, ичи дагы сыгыла баштады. Баланын колу чыгып келе жаткан экен. Кан дагы эле куюп туруптур. Бир аз өтсө, өлүп кетерине көзүм жетип: «Бекташ, колтугунан өйдө көтөрүп, ичин сык,– дедим. – Уялба, көтөр тезирээк!» Баятан ыйлап отурган Бекташ, өйдө тура калып, Алиманды көтөрүп, ичин басканда, баланын колунан кармап тарттым. Бала чыкпай жатты. Алиман бир жактан кыркырап, жан талашып жатса, о, шумдугай, кулагымды тундуруп дагы да баягы эшелон – кыйкырык улаш эки паровоз алып учкан вагондор мээмди как жарып өтүп бара жаткансып, «Апа-а! Алима-ан!» – деп аркыраган шамал жула качкан үнгө, баланын «ба-а-а!» деп бакырган үнү кошулду. О, турмуш ай, мынча неге катаал болдуң, мынча неге сокур болдуң? Бала да түштү, Алимандын жаны да кете баштады. Кызыл эт немени этегиме антип-минтип орой салып карасам, Бекташ колтугунан алып көтөргөн калыбында, Алимандын мойну бир жагына кыйшайып, колдору салаңдап калыптыр. «Кокуй, Алиман?» – деп, тамырын кармай салсам – жан жок, кетип бара жатыптыр. Аркыраган шамалды жиреп, эшелондун шакылдаганы эч бир кулагымдан кетпей, дүйнөгө келер замат, «Ба-а!» – деп кыйкырган биринчи туңгуч үнү менен өлүп бара жаткан энесине кош айткансып, бала ыйлап, Алимандын көзү муз тартып агына айланып жатты. Кантеримди билбедим. Бир заматтын ортосунда бирин узатып, бирин тосуп алдым. Бир

заматтын ортосунда бири өлүп, бири туулуп, көз алдымда ажал менен турмуштун кагылышканы эсимди оодарды. Анан эмне болгонумду өзүм да жакшы билбейм.

– Силердин үнүңөрдү мен уктум, Толгонай, «Алиман! Айланайын каралдым! Көзүңдү ач, көзүңдү ач!» – деп сен зар какшап жаттың. Жаңы төрөлгөн бала, көлдүн кылаасында жалгыз калган аңырдай, ыңаалап боздоп, эмчек сурап жатты окшойт. Бул иш таңга жуук болду, жамгыр карга айланып, себелей баштаганда.

– Ооба, көпүрөгө жете бербей кайра тартып келе жатканыбызда, таң сөгүлдү. Бозоргон асмандын бети сурдана ачылып, куланөөк жарыкта жуп-жумшак аппак кар каалгый учуп, себелеп жатты. Айланада бир да үн, бир да жан жок. Дүйнө тегиз тым-тырс, тегиз тынчтыкта жаткан экен. Табигаттын ошол чарчаңкы бейкутунда жай кылдырап биздин араба келе жатты. Бекташ арабада отурган калыбында башын өйдө көтөрбөй, жол катары шолоктоп келди. Аттар араң басып, жал-куйругуна кар жыйналып, арабаны тарталбай болдурап келе жатышты. Баланы чапаныма ороп, мен жанаша жерде жөө басып келе жаткам.

Ушинтип согуш эң акыркы өчүн да алып тынды. Ошол күнкү баскан жол турмушумда эң оор жол болду го. «Тү, сенин бетиңе, дүйнө! – дедим. – Кечтим сенден, кечтим. Жашагым келбейт! Минтип өмүр сүргөн чакты, бүгүндөн калбай өлөм!» – деп, ниетим бузулуп, турмуштан безип келе жаттым. Мен ушинтип келе жатканда, чапанымдагы бала, тирүү жандай, улам кыбырап коюп, улам үн чыгарып, ыңаалап ыйлап жатты. Анын денеси жүрөгүмдүн астында улам

жылуу тартып, боорума жакындай берди. Же кыз, же эркек экенин да билген жокмун. Алда байкушум ай, адегенден эле эненди жоктоп калдың го деп, ого бетер буркурап ыйладым. Ошол күйүт, арман, ыйдын арасынан кандайдыр бир бүдөмүк ой туулду: «Өмүр таптакыр эле түгөнүп калбаптыр го. Аягында кичинекей тирүү жан калыптыр го. Турмуш менен дагы кармашып көрсөк кантет». Анан туруп кайра ойлоном: «Эненин уузунан бир оозанбаган неме мал болот дейсиңби. Канчага созуп баралат дейсиң» – деп, күмөн санайм. Ага да көнбөй: «Кудай, эми ушул наристенин аманчылыгын бер!» – деп тилейм. Койчу, ушинтип түркүн ой, түркүн санаа менен алпурушуп, таң аппак атканда айылга жете бардык. Кар дале, үкүнүн жүнүндөй жуп-жумшак болуп, бирине бири ээрчишип, каалгый айланчыктап, жаап турду. Айылга кире бериштеги баягы жаңы көчө дегенибиз көзүмө алда канча үрөйү суук, аянычтуу көрүндү. Ушунда там жай салып, бак тигип, очор-бачар чарба күтүп, күн көрөбүз дегендердин мындан жети жыл мурун баштаган иштери илгери жылбай, артка кетип, алгачкы аракеттеринин изи гана калган. Үңкүйгөн урандылар арасында – куурай, тикенек, адырайган ээндик. Кар гана жабалактап себелеп, жыртык-кемтигин жашырып жаап жатты. Касымдардын чарбагын карасам, Алиман экөөнүн үмүт-тилегине орнотулган эстеликтей – үйүлгөн дөбө таш, алда качан топурак болуп бүткөн кирпичтердин унутулуп жатканы сай-сөөгүмдү какшатып жиберди. «А-а, каралдым, тилегиңерге жетпей калдыңар го» – деп, арабада жаткан Алимандын түрүн карасам, өңү ак-куба тартып,

дүйнөнүн баардык жаман жакшысына ыраазы болгондой тынчып, көзү жумулган. Бетине түшкөн кар эрибей башы козголгондо жан-жанына шыпырылып түшүп жатты.

Көчөгө кирип келген экенбиз, айланайын Бекташ, кадыресе эркек сыяктанып, арабадан секирип түштү да, өмүрүндө биринчи жолу ый баштап: «Боорумай! Боорумай!» деп, айыл тынчтыгын бузуп жиберди.

Туш-туштан эл жүгүрүп, ыйлап-боздоп жетип келген Айша: «Баланы мага бер эми» деп алды да, чапанына ороп, үйүнө көтөрүп кетти.

Бир күн өтүп, Алиманды бейитке койдук. Аял болсом да, мүрзөнүн башына салттан сырткары өзүм бардым, келинимди өз колум менен койдум, түбөлүккө коштоштум. Ал күнү да жылдызданган кар жаап турду. Үйүлгөн кара топурак тез эле аппак дөбө болуп жатып калды. Жазында, ошол жылы, мүрзөсүнө гүл эгип салдым. Ошондон бери жылда гүл сээп өстүрөм, эстелигим, эрмегим ошол. Алиманым гүл сүйгөн келин эмес беле...



Ушуну менен не болду, не койду, Жанболотту эчкинин сүтү менен багып чоңойтподумбу. Ал экөөбүз көрбөгөн азаптын бири да калган жок. Айтор, ичер суу бар экен, аман калды, мына эми он эки жаштагы кези. Айланып келип, карманар туткам, көрөр күнүм ушул болуп калды. Анысына да чоң каниет этем, жакамды карманам. Баса, баягы доктур жигит, эми атактуу киши болуп калбадыбы, жолуккан сайын азыр да сурап калат: « – Кандай, апа, уулуң чоңоюп жатабы?» – дейт. «Кудайга шүгүр, жигит болуп калды» – дейм. Анда ал жылмайып тик-

теп калат: «Ошент, апа, жакшы адам кылып өстүргүн» – дейт. Жанболот маалына жетеринде катуу тумоолоп, бир күнү карасам, эриндери көгөрүп, көзү агына айланып, шайы кетип бара жатат. Эсим чыгып, ошол жерден эле ала жүгүрдүм. Анда да түндө. Доктурга тезирээк жетейин деп, кыштын күнү чоң сууну кечип өтпөдүмбү. Кийим-кечем туташ суу, калчылдап жетип барсам, доктур жаңыдан келген жаш бала экен. Коркуп кетти: «Эмне кылып суу кечип жүрөсүз, жарыктык? Мунун ата-энеси кайда?». «Атасы да мен, энеси да мен. Балам, ушунумду аман сактап кал. Бул өлсө, мени тирүүлөй көмө бергиле. Жашабайм» – дедим.

Түнү менен жанынан чыкпай дарылап жатты. Мага да кургак кийим, дары берип алдын алды, бирок эртең менен этим ысып, кан жөтөлүп жыгылдым. Алоолонгон туман ичинде күйүп бара жаткансып, эс-учумду билбей жатканда, доктур улам келип, салкын алаканы менен чекемди сыйпалап: «Апа, уулуң жакшы болуп калды. Бошобо, моюн бербе!» — деп, кайраттандырып жатты. «Андай болсо өлбөйм» – деп шыбырап коём, өлбөй тирүү калганым да ушул болду дейм…

– Уулуң өспүрүм жетип калыптыр, Толгонай. Быйыл орок маалында ушул арада чуркап жүргөн экен, Алиманга окшоштуруп тааныдым.

– Ооба, кутмандуу талаам, апасына окшош экени чын. Бирок эчтекени билбейт да. Атам – фронтто өлгөн дейт, апамдын – мүрзөсү болсо айыл четинде деп коёт. Быйыл жайында бир кызык окуя болду. Окуудан бошоп таркаган күндөрү, Касымдын баягы-баягы велосипеди бар

эмес беле, жыйырма жылдан бери сарайда казыкка илинүү турган. Жанболот ошону эшикке алып чыгып ондоп жатыптыр. Бала да: эчаккы неме дат басып жарамдан чыгып калган болчу. Антсем, Бекташ да ошого кийлигишип алыптыр. Кошо ондошуп жүрөт. Абдан убара болушту. Жанболотту Бекташ башынан эле өз баласындай көрөт эмеспи. Кокус болсо, мектепке да барып мугалимдер менен сүйлөшөт. Азыр үчтүн атасы, оор-салмактуу, мыкты киши болбодубу. Көптөн бери комбайн айдап жүрбөйбү. Айша болсо өлгөн. Моюндашымдан ажырап, ошондо бир өксүдүм.

Айтор, бир күнү карасам, карала-торала болуп Жанболотум велосипед жетелеп калыптыр. «Эне, карачы, атамдын велосипеди кандай сонун болуп калды» – дейт. Каңырыгым түтөп, селее түштүм. Антсем, мактана карап: «О-о, мен кыйын тээп калдым эне. Карап тур азыр!» – деп, велосипеддин ээрине бою жетпей, бир жак капталына кыйшая жармашып, ийрелең-ийрелең этип, быягына ооп, тыягына ооп тепкенде жыгылат экен деп коркуп кетип: «Түш, кокуй, жыгыласың!» – десем, кайра күчөп кетип, ылдамдатам деп велосипеди менен кошо тоголонду. Катуу жыгылды. «Кокуй, каяктагы жорукту баштадың. Өлөт экенсиң!» – деп алдастап жетип бардым. Жерден өйдө көтөрүп, бети-башын аарчыдым. Ошентсем, нары жакта Бекташ карап туруптур. Тек анчейин гана карап тургандай. Унчукпады. Мен да унчукпадым. Ичибизден түшүндүк.

Ошондон көп өтпөй эгиндер быша баштады да, бир күнү кечинде Бекташ келип: «Жанболо-

тунду комбайнга жардамчы кылып алайын дедим элем» – дейт. «Жараса ала гой», – дедим.

Айтарын айтып алып, эки күндөн кийин ичим түтпөй, баламды көрөйүн деп бардым.

Каптап келе жаткан малдай демигип, керимсел жүрүп турса да, бышыкчылык маалына эмне жетсин, чиркин! Дыйкандын жыл бою мандайтерин шыпырып, кылган мээнетинин жыйынтыгы так ошол учурда төгүлүп келет эмеспи. Байлыгы колуна сыйбай, марттыгы ичине батпай, жерден тапкан гүлазыгы канча бир адамзатка артылып, дыйкан дүйнөнү жан сактатат.

Дан жыттанган, шыраалжын жыттанган, айланайын дыйкан талаам, жайкалган эгиндериңди көрүп, кумардан чыкпадым беле! Тээ саргарган ыраакта бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй атчан чаап келе жатса, дүйнөнүн кеңдигин ошондо билет экенсиң.



Жанболот комбайнда саман тартып жүргөн экен, мени көрө коюп: «Эне, эне!» — деп, мен мындамын дегенчелик, мактанып кыйкырды. Калдайып штурвалдын жанында турган Бекташ колун көтөрүп башын ийкеп койду.

Арыктын боюна, талдын көлөкөсүнө отуруп кечке чейин карап отурдум. Жол чаңдаткан машинелер улам келип-кетип, кызылды кырманга ташып жатышты.

Күүгүм киреерде комбайнчылар дем алганы келишти. Бекташтын жанында корчоюп басып келген Жанболот, анда да сөзгө келе бербей, тигилерди туурап, мойну-башын арыктагы сууга жууду да, ала келген түйүнчөгүмдү көрө коюп: «Эне, алма алып келдиңби?» – деп сүйүнүп кетти.

«Алып келдим» – десем, жүгүрүп мойнумдан кучактап өпкүлөдү. Бекташ бырс күлүп жибер-

ди: «Баятан бери ошентпейсиңби анан. Мейлиң, эми, бүгүн эркелеп ал энеңе» – деп жатты.

Сүйрөтмө тактай үйдүн түбүнө отуруп чай ичтик. Жаңы эле жабылган ысык нан экен. Жанболот кадыресе кишиче нан туурап: «Ал, эне» деди. Бир сындырым нан алып тиштегенимде, Касымдын колунун жытындай, комбайнчынын кара май колу жыттанган нан оозума тыгыла түштү. Ооба, ооба, так ошондой – керосин, күн, саман жыттанган дүмбүл нан экен. Көз жашым менен кошо күрмөп жибердим. «Нан өлбөйт экен го! – дедим ичимден. – Турмуш өлбөйт экен го, эмгек өлбөйт экен го!».

«Конокко келип калыпсың, апа. Жатып кет бүгүн биздикине» – деп, Бекташ үйгө кетирбей койду. Саманга төшөк салып беришти. Ошол түнү асманды карап жатсам, саманчынын жолу жаңыдан чубуруп түшкөндөй, алда ким азыр гана зор кучак саман көтөрүп өткөнсүп, жылдыздантан күкүм топондору себеленип, аларга жел тийгенсип жылт-жулт этип копшолуп жатты. Ошол бийиктикте, саманчынын жолун аралап, улам алыстап кетип бара жаткансыган эшелондун шуулдаган үнү жүрөк элжиретип, көпкө угулгансып турду. Темир жолго урунган дөңгөлөктөрү менен терметкенсип, көзүм илинип, бүгүн түнү дүйнөгө дагы бир жаңы дыйкан келген го, өмүрлүү болсун, сепкен аштыгы жылдыздай түгөнгүс болсун деп, саманчынын жолун тиктеп жатып уктап кеттим.

Таң ирең-бараңда ордумдан туруп, иштегендерге жолто болбоюн деп, айылга кеттим.

Көптөн бери мындай тамылжыган таң эртесин көрө элек элем. Көптөн бери торгойдун мин-

тип сайраганын уккан жок элем. Түпкүрү жок, чеги жок апачык көгүлтүр асманда көркү жупуну боз чымчык, адамдын асманга учуп чыккан жүрөгү сымалы, тыным албай, канат кагып дырпырап, томуктай гана болсо да, не бир назик, не бир толукшуган күүлөрдү төктүрүп, безеленип жатты. Көмөкөйүңдөн айланайын, торгоюм. «Ана, биздин торгой, сайрады» деп койчу эле Субанкул. Сен да өлбөйт экенсиң, торгоюм!

## VII

– О, кутмандуу талаам, сенин азыр дем алып жаткан кезиң. Кечээ орокто алпурушкан элдердин үндөрү да угулбайт, эгин ташып жол чаңдаткан машиналар да жок, жан жакада комбайндар да көрүнбөйт, мал дагы тоодон түшүп келе элек. Адамга буюрган гүлазыгын өзүнө берип, бир милдеттен кутулгандай, тондурмага кош чыккыча, тып-тынч жаткан кезиң. Эч ким жок, экөөбүз гана – сен жана мен. Төрөгөн аялдай көшүлүп жатканыңдан, Жер-Энем. Мен сага бүгүн бүт өмүрүмдү айтып бердим.

Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн менин Субанкулду, Касымды, Майсалбекти, Жайнакты, Алиманды эстеген күнүм. Мен аларды өлөрөлгөнчө унутпаймын. Кезеги келгенде, Жанболотко түшүндүрүп айтып берем. Эси болсо, түшүнөөр, эси болсо, кечирээр бизди... Ал эми башкаларчы, күн астында жашаган баардык адамзатка айтар сөзүм, айтар кебим бар. Аны кантип айтам, кантип ар бир кишисине жеткирем?

Э-э, асманда жаркыраган күн, жер кыдырып сен айткын!

Ээ, сапар баскан булут, нөшөрлөнө төгүлүп, ар бир тамчың менен сен айткын!

Жер, дүнүйөнүн баардык булуң-бурчунда адам баласын баккан жер, сен, сен, айткын, жанбоордош Жер!

– Жок, Толгонай, сен айткын. Сен – Адамсың. Сен баарыбыздан бийик, баарыбыздан улуу жаралган жансың, сен айткын, сен – Адамсың!..

## VIII

– Кеттиңби, Толгонай.

– Кеттим. Кош, аман бол. Өлбөсөм, дагы келермин.

## БЕТМЕ-БЕТ

Кичинекей станциянын күңүрт бүлбүлдөгөн жападан жалгыз фонарына шамал айдаган жалбырактар биринен сала бири шайтан көпөлөктөй урунуп, жан-жанынан учуп өтүшөт да, караңгыда көздөн кайым болушат.

Бул түнү теректер жалбырак күбүп жатты. Шамал урганда ийиле калып, кайра түзөлүп, шамдай тирелишкен калың теректердин кылда учунан түп тамырына чейин бүткөн бойлору дүрүлдөгөнсүйт, баары тегиз деңизде чайпалып шуулдап, башка түшкөн алда кандай оор мунду бирине-бири жөлөнө калып, чогуу тартып жаткандай өңдөнөт. Капчыгай ичин жортуп удургуган муздак шамал аларды бүгүн бир эле түндө жылаңачтачу түрү бар.



Кара-Тоонун капчыгайын коюу караңгылык баскан. Ушул зор капчыгайдын этегиндеги алакандай бир жерге жайгашкан чакан станциянын айланасы ого бетер караңгы, көзгө сайсаң көрүнгүс. Станциядан поезддер нары-бери өткөндө гана сулк жаткан түн, жарыктан чочуп ойгонгондой бир саамга чукуруна түшөт да, кайра ошол замат оңдоно жатып, чылк чүмкөнөт. Поезддер өтүп кеткенден кийин бир топко чейин станцияда эч жан жоктой ээн тынчтык өкүм сүрөт.

Бул күздө эшелондор биринин артынан бири батышты көздөй тынбай өтүп жатты. Мына азыр да станцияга чукулдай берип, алыстан чарчап келаткан вагондор ушерге жеткенче үргүлөй түшүшкөнсүп, бирине-бири каңгыр-куңгур кагыша калып токтоду. Жерге эч ким түшкөн жок. «Бул кайсы станция?» – деп эч ким кыйкырып сураган да жок: ыраакка жол тарткан эшелон ичи бутун серппей сулк уйкуда көрүнөт, өтүгүн тарпылдатып, фонарын ала жүгүргөн станциянын дежурныйы нары паровозду көздөй чуркап өткөндө гана, арттагы вагондордун биринен мылтыкчан бирөө сыртка башбага калды. Сыртта, тааныш капчыгайда, адаттагыдай түнкү шамал дуулдап уруп турган экен. Станциянын жепирейген үйлөрү бар жалгыз чолок көчөсүнүн нары жагында, терең аң менен аккан суунун купуя күңгүрөнгөнү кулакка илешет. Жүрөктү кайгырткандай шуулдап, теректер жалбырак күбүп жатат.



Башбаккан неме караңгыда бирөөнү аңдыгандай үңүлүп, теректердин шуулдаганын бир топко козголбой шектүү тыңшап турду. Жалбырактын бири дилдиреп учуп келип, муздак алакандай беттен сылап өттү эле, ал ичиркенгендей чочуп кетти, күңүрт вагондун ичин кылчайып жалт карады да, кайра сыртка башбакты: эшелон боюнда эч ким көрүнбөйт; айлана-тегерек капкараңгы. Мылтыкчан акырын вагондон секирип түштү да, шырп алдырбай арыктын кашатындагы бадалга жетип, далдаланып, боортоктоп жата калды. Аңгыча «Чур-р-р» – этип ышкырык чыкты. Мылтыкчан киши тура жүгүрмөк болуп, ынтылап барып токтоду, башын көтөрбөй тым болду: дежурный ышкырык бе-

рип эшелонду жөнөткөнүн түшүндү окшойт. Мемиреп тынчый түшкөн вагондор бирин бири ойготкондой силкинишип, поезд ордунан козголду.

Эшелон көпүрөдөн шакылдап-шукулдап өтүп, тээ тешкен тоого, туннелге жакындап, артындагы мөлтүлдөп кызарган оту көрүнбөй каларда паровоз жана суу алып, аз да болсо тыныгып кеткен кичинекей станция менен коштошуп жаткансып, алптарчасынан баардык булкунган күчү менен бир бакырды. Узакка созулган жаңырык аскадан-аскага урунуп, абаны солкулдатып, теректерге түнөгөн таандарды уйкусунан чочутту.

Жаңырык басылып, чуулдай түшкөн таандар тынчып, бу чөлкөмдү кайрадан жымжырттык басты. Ошондо гана жанагы поездден түшүп калып, бадал түбүндө бекинип жаткан киши суунун астынан чумкуп чыга калгандай абадан кере-кере жутуп, энтиге дем алды.



Эшелон улам ары узаган сайын, дөңгөлөктөрдүн темир жолго тыкылдап урунган дабышы да бастагандан бастап, акыры угулбай калды.

Бул түнү теректер жалбырак күбүп жатты. Кара-Тоонун капчыгайында түн караңгы...

Төрөгөндөн бери Сейденин уйкусу куштун уйкусундай сергек. Азыр да ал жүлүндөй биликтин жарыгында баланын астын кайра кургактап, бешикке өбөктөп, эмчек эмизип, уктабай отурат.

Төрдө, жуурkандын сыртынан чапан-чупанды калың жамынып, кайненеси жатат. Кемпирдин карылыгы жеткен, жөтөлгөндө өпкө койдой онтойт, алы жок, басса-турса сыйынганы жалгыз кудай. «Яа, жараткан, өзүңө тапшырдым!» – деп азыр түшүндө да булдурап сүйлөп

коёт. Анткени менен, Сейде колхоздун жумушуна кеткенде эптеп бала бакканга жарап жатат – мунусуна да шүгүр. Кантсин анан байкуш, баланы катындар иштеген жерге көтөрүп барганда көкүрөгү кышылдап энтиккенине, чарчаганына да ыраазы: жалгыз келининин туңгучу оңойбу!

Түн ортосу небак ооп кеткен, бирок уйку келбейт. Кайдан келсин, замананын мындай болуп кетерин ким билиптир. Согуш, деле бир журттун түшүнө кирип көрбөгөн алаамат согуш жүрүп жатат. «Герман», «фашист» «повестка» деген угуп көрө элек сөздөр чыкты. Айылда күнүгө ызы-чуу, күнүгө баштыктарын жонуна асып: «Кош! Кайыр кош! Ыйлабагыла!» – деп, тебетейлерин көзүнө баса кийишкен эркектер топтобу менен аскерге кетип жатышат. Арабалар узап кеткенче дөңсөөдө турган катын-калач тымызын ыйлап, анан сумсая тартып, үнчүгушпай үйлөрүнө таркашат. Замана эмне болот, кандай болот? Кеткендердин кайра келери болор бекен? Өткөн жайда чабандын кызы Сейде ушул айылга келин болуп келгенде, бул там салынып бүтө элек эле. Төрт кез дубалы тургузулуп, үстү жабылганы болбосо, жумуштун эң кыйыны – кара шыбак, кум шыбагы баштала элек болучу. Буларды алар колхоздун жумушунан бошогон убактарда, ара-чолодо иштешти. Мүмкүн, Сейденин бактысы да ошондо ушул сыяктуу ара-чоло ачылып келди бекен...

Ал күйөөсү экөө тамдын артында ылай тебелеп жүргөндөй жыргал кез дагы бир келер болсочу. Арыктан билектей жылымчы сууну бери буруп коюп, өздөрү топурак менен саманды кетмендеп аралаштырып, жоон санга чейин түрүнүп алып, ылай тебелеп жүргөндө, күйөөсү аны кай-

ра-кайра толмоч колунан кыса кармап, билмексен болуп ылайдын астынан бутун баса коюп тийишип, экөө алышып ойной кеткенде, Сейде кара-күчкө чурмуя түшүп:

– Койчу эми, болду, бала болуп кетесиң да,– деп коёр эле. Бирок кайра эле өзү күйөөсүнө эркелеп, мойнунан кучактап, кыткылыктап күлчү.

– Ии, бетиңди карачы, туташ ылай! Кебетең кантет!

– Сен өзүңчү, элден мурун өзүңдү карачы! Ушинткенде жерде жаткан кемселинин чөнтөгүнөн Сейде ар качан кичинекей таш күзгүнү ала коюп, күйөөсүнө көрсөтпөй тетири бурулуп карана турган. Өзүнүн ылай чачыраган албырган бетин көрүп, ошого ыраазы – жаш балача сүйүнүп күлөр эле. Бетке чачыраган ылай да кеппи! Чачырай берсин, андан кишинин сулуулугу кемийт беле!



Кечинде агын сууга жуунуп, сыртка, өрүктүн түбүнө төшөккө жаткан кезде салкындаган денесинен өзгөчө бир таза жыт уруп, көңүлү куштай көкөлөп, күйөөсүнө сунала бой салып, кандайдыр бир толукшуп турганын өзү да сезе турган... Ошондогу алар эшикке жаткан түндөр да башкача беле, кандай... Асмандын бир четин ээлечүдөй заңгыраган бийик тоо кыркаларынын арсак-терсек чокуларындагы мөңгүлөр жайнаган жылдыздар астында ак седептей күңүрт жылтылдап көз алдыда турар эле. Тоодон соккон коңур сыдырым бети-башын аймалап, желпип тургандай көрүнчү. Арыктын ары жагындагы орто орум бедениң арасынан тункуге ташталган суу шылдыр-шулдур булдуруктап, анда-санда бытпылдыктап бөдөнө үн салар эле. Алыштын башындагы жалбыздан келген бур-

кураган жытты айт... Күйөөсүнө ыктай берип, колун жумшак кыймыл менен мойнуна арта салып, эркелер эле... Түнү менен канча жакшы тилек, илгери үмүт, ниет кылынар эле: там-ташты салып бүтүшсө, бирин-эки мал күтүп, турмушту оңошсо, анан Сейденин төркүндөрүнө барып, алардын астына түшүшсө.

Турмуштун рахаты эмнеде экенин Сейде ошондо билип калды. Экөө тең жаш, булчундары күчкө толгон, бири биринен бир карыш алыстагысы жок, бири-бирине имерилишет да турат. Өз колдору менен жай салып, эл катары түтүн булатып, очоктуу бүлө санына кошулушкан. Анда күндүн кандай өтүбатканы да билинчү эмес.

Тамдын кара шыбагы аяктаарда согуш чыкты. Ошол ошо болду, көп узабай жигиттер аскерге жөнөй беришти. Мурункунун баары түш катары эле өтүп кетти.

Коштошкондогу жүрөктү ачыштырган күйүт али да күнү бүгүнкүдөй көкүрөгүндө турат. Айылдын четине узатып чыкканда көпчүлүктөн тартынып, Сейде оюндагыдай кучакташып коштошо албады. Алар бири-бирине кол сунуп, ушу менен кете беришти. Жөнөөчүлөр тигиндей узай түшкөндө гана, Сейде уятын коюп, күйөөсүн акыркы жолу кучактабай, өпкүлөбөй калганына, ичимде бала калды окшойт деген бүдөмүк кубанычын айтып жетише албаганына катуу кейиди. Ошол өкүнүчтүү арман, орундалбаган тилек, таркабаган чер ошондон бери жүрөктүн башына кандай уюп, таштай салмактанат.

Билик араң эле бүлбүлдөйт. Бала эмчекти оозунан чыгаргысы келбей, уйку-соодо бир-эки чопулдатып коюп жатат. Бешикке эңкейген бой-

дон Сейде ой-санаага чөгүп, кыялында өткөн күндөрү чабыттап жүрөт.

Сырттан терезени бирөө черткендей болду.

Көзү илине түшкөн экен. Сейде башын чулгуп алып, тыңшай калды. Терезе жана бир жолу акырын, аяр чертилди. Баласынын оозунан эмчекти чыгарып, Сейде өйдө болуп, терезеге шырп алдырбай жакындады. Көйнөгүнүн жакасын топчулай берип, айнекке үңүлдү. Жапыс терезенин сырт жагы капкараңгы, эчтеке көрүнбөйт. Сейде ичиркене бир силкинип алды эле, чачпагы шылдыр этип, желбегей жамынган чапаны жерге шыпырылып түштү.

– Ким бу? – деди Сейде көңүлү тынчыбай.

– Менмин... Эшикти ач, Сейде! – деп үнүн бас чыгарып, чыдамсыздана айтты эшиктеги киши.

– Мен деген ким? – деди Сейде ого бетер кооптонуп. Терезеден четке жылып, дал болуп туруп калды.



– Ой, бул менмин. Сейде, ач, ач, эшикти!

Сейде терезеге дагы кадала калды да, бир убакта башын мыкчып, эшикти көздөй атырылып жүгүрдү. Оозгу караңгы тамда шашкалактап илгичти таба албай сыйпалап, анан эшикти шарт ачып жиберип, астында турган немени үн катпай, мойнунан асыла кучактады.

– Энемдин баласы! Энемдин баласы! – деди ал кысталып шыбыраган үн менен, анан чыдай албай кетип, «Ысмайыл» – деп өз атынан айтып кубанганынан балактап ыйлап жиберди. Кудай мындай бербеспи, кудай берет деген ушу: аскерге кеткен күйөөсү аман-эсен кирип келбедиби! Мына, оозунан махорка жыттанып турбайбы. Боз шинелинин жакасы өгөөдөй катуу экен.

Бир нерседен корккондой Ысмайылдын денеси калчылдап, калтыраган колдору менен туш келди сылагылады.

– Тигиндей ичкери кирип туралы! – деди ал шыбырап. Сейдени босогодон нары тамдын ичине белинен кармап көтөрүп кирди.

– Яа! – Сейде эми эсине келгенсиди. – Ии, мен куруюн, энеме сүйүнчү!...

– Чш! – Ысмайыл аны колунан кармай калды. – Шашпа, үйдө ким бар?

– Өзүбүз эле, уулуң бешикте!

– Коё тур, жүрөгүмдү басып алайын! Коё тур!

– Кой, энем таарынат...

– Коё тур, Сейде!

Дагы эле көргөн көзүнө ишенбегендей, Сейде Ысмайылга артылып, мойнунан бекем кучактады. Караңгыда алар биринин жүзүн бири көргөн жок, бирок көргөн-көрбөгөндө эмне, кийиздей калың шинелдин астынан Ысмайылдын жүрөгү ичтеги баладай туйлап, лакылдата урганын Сейде ансыз да сезип турду. Күйөөсүнүн ысык-суукка туурулган берчтей катуу эриндерин түшүндө эмес, өңүндө өпкүлөп жатты.

– Качан келдиң? Такыр бошондуңбу – деди эсин жыйган Сейде. Өзүнчө эле боюн токтото албай энтигип турган Ысмайылдын ирени түнөрө түшүп, шашып айтты:

– Жаңа стансадан түштүм... Тура тур, мен азыр...

Ал эшикке ашыгып чыгып кетти да, сарайга уурданып кирип, дароо эле кайра тартты. Колуна кармай келаткан мылтыгын сырткы үйдөгү куурайдын астына сундуруп жиберди.

– Ал эмне? – деди Сейде. – Үйгө эле алып кирбейсиңби?

– Акырын! Унчукпа!

– А эмнеге? – деди Сейде капыстан таң калып. Ысмайыл жооп берген жок. Сейдени колунан тартып:

– Жүр, баламды көрсөт! – деди.

* * *

Күнүгө тээ ээн жаткан жылгын аралаш чийлүү коктулар тараптан иңир ченде Сейде отун көтөрүп келет. Сайдан-сайга, өрдөн-өргө, бир өйдө, бир төмөн жүрүп отуруп, айылдын үстүндөгү кашатка жеткенде шашпай дем алат. Көкүрөктү кысып, этке өтүп келаткан колтурмачты бошотуп, терин шыпырып, денесин жаая таңгакка чалкалап, бир топко козголбойт. Төмөн, көчөдө арабалар калдырап, ары-бери бастырган кишилердин үндөрү угулат. Кээде жел менен кошо түтүндүн, түтүн аралаш өткөрө куурулган жүгөрүнүн жыты келет.



Бул жолу Сейде жарыгыдай дем алган да жок. Тээ ылдыйдан паровоздун кыйкырыгы жаңырып, капчыгайды көздөй күчүркөнө өрмөлөп жүрүп бара жаткан поезддин чубалган караанны бир азга көрүнө калды. Паровоздун үнүн укканда эле Сейде шак өйдө болуп, эки жагын карапып, шашып колтурмачын тартты. Өгүнү Ысмайылдын эшелондон түшүп калып, түндөп качып келгени азыр жүрөктү болк эттирип, паровоздун чаңырыгы көңүлдү иренжитип өттү.

Көчөгө жакындай берерде Сейде эч ким жолукпаса экен деп тиледи. «Айлуу түндөр эртерээк эле өтүп кетсечи!» – деп жатты ал ичинен. Анда ал шек алдырбас эле, Ысмайылга тамакаш жеткирүү үчүн күнүгө отунга бара бербес эле.

Катындар отундуу жерге бизди да ээрчитип барсаң дегенде, Сейде унчукпайт. Ээрчитип барчу жерби! Кудай сактайгөр, кокус бир нерсенин четин билип калып, кадик санап калышпаса экен.

Ысмайылдын бекинген жери ошол жакта. Күндүздөрү үңкүрдө жатып, айсыз караңгы түндөрдө уурданып үйгө келет. Ал үйгө келгенде терезелерди туюктап, эшикти илип коюп отурушат. Каргаша кайдан дээгө болобу, Сейде коңулдун астынан атайын ороо казып, анын үстүн билгизбей чий, кийиз менен жаап, даярдап койгон.

Алар мына ушинтип күн көрүүдө. Кемпирдин кулагы катуу, сырттан болор-болбос үндү каңырыш угуп, өзүнчө чочулай берет, кызыл жээк, нуру өчкөн көздөрү менен уулун аягансып, кейиштүү карап: «Ай, балам, байкуш балам!» – дегендей уурдана үшкүрүп, ыйламсырайт.



Ысмайыл кээде гана айылда эмне кеп бар деп сурап койгону болбосо, көбүнчө унчукпай, ындыны өчкөн кишидей үңкүйүп, үч айлык, эчтекени түшүнө элек баласын алдына алып, казанды качан кайнар экен дегендей кыжырлануу менен тиктеп коюп отурат. Тамагын эртерээк берип аны кайра жөнөтүш керек, жерге жарык киргенче ордуна жеткендей болсун. Очоктун башында күйпөлөңдөп, күйөөсүн алдыртан жал-жал карап, Сейде өзүнчө ар кайсыны ойлойт. Ал Ысмайылды аяйт, андан айрылып, жетим-жесир болуп калабызбы деп коркот. Жарык көрбөй үңкүрдө жата бергендиктен Ысмайылдын ирени шишиңки, жаактарында сакалы тикенектей дүрдүйүп өскөн. Көзү бирде кылмыштуудай жалтаңдап, бирде жанкечтилик менен

эки жакты окурая чалып, заардуу тиктейт. Карап отуруп кишинин эси чыгат. Баягыда, өткөн жылкы жайда, Ысмайыл ушундай беле? Күнгө күйгөн, турнадай тарамыштуу денесин тер басып жылтылдап, жылаңачтанып алып, кечке жанын таштап иштеп, качан болсо жайдары жүрчү эмес беле. Анда Сейде экөө ойноп-күлүп там салып жатышпадыбы. Ошондо эртең турмуш кандай болот деген кимдин оюнда бар эле,– баардыгы өз орду менен келаткандай болду эле, эл сыяктуу эле: колхозго эмгектенип иштеш керек, ынтымактуу болуш керек, балалуу-чакалуу болуп, аларды чоңойтуп өстүрүү керек... – деп тилек кылышчу.



«Тамды бүтүп алсак, чарбакты тегерете дубал уруп койсом, болду да, тиричилигибизди беймарал жасай беребиз, эч кимге кор болбойбуз!» – дей турган Ысмайыл. Эми ал – качкын. Эми ал өз үйүнө ачык келе албайт, түн жамынып, уурданып келет, келгенде да өз үй, өлөң төшөгү эмес, башка бир чоочун жерде отургансып, батпай, катуу сүйлөшкөндөн коркуп, шыбырап сүйлөшөт. Сейде ушуларды көрүп, билип отурса да көңүлгө алгысы келбейт.

Күйөөсү түнүчүндө келип, маңдайында баласын алып отурганда ал бардыгын унуткарып, аз да болсо чындап бактылуу болгусу келет.

«Мейли, качкын болсо качкындыр, алтын башы аман болсо болду! – деп, камыр жууруп жатып өзүн өзү жооткотот. – Эркек деген кандай кылса өзү билет. «Ар кимге өз жаны кымбат, бул кыргында башын калкалаган эле тирүү калат!» – деп, өзү айтып отурбайбы. Анан мен ага эмне демек элем, жүрөк этим менен тең болуп калган адамды жамандыкка кантип кыям. «Тү-

шүмө кирбеген, ата-бабам көрбөгөн кайдагы жердин түбүндөгү фронтко барып, жалгыз мен жоо чаап берет белем, атасынын көрү, бир күндүк өмүрүм болсо да ушул жерде жүрүп өтөм, өз баштымды өзүм окко тосор алым жок!» – дейт. Айткандай эле жалгыз Ысмайыл менен иш бүтөбү? Эч кимге кылдай зыяны жок, качса өз башын сактап качып жүрөр. Андан өкүматтын казнасы кемип кетпес. Кудай колдосо, эптеп кыштан чыксак, жай алды менен ашуу ачылганда Чаткалга кетебиз дейт. Анда Ысмайылдын «чоң жылаанда»[1] ооп кеткен таякелери бар. Ал жерде сен кайдан келдиң, эмне болгон эмесиң, аны менен эч кимдин иши жок дейт. Чаткалга эмес, андан нары болсо да мейли, Ысмайыл жанымда турганда баарына макулмун. Андан көрө аман-эсен кыштан чыксак экен. Үйдө жүгөрү аз, кыш ортосуна араң жетет. Элдин турмушу да мурункудай эмес, баары эле биздей өп-чап оокат кылыбатат, баарынын эле жазга жетер-жетпес эгиндери турат...»

Ар күнү таңда жер-сууну бүт аппак бубак басып, суук күндөн күнгө күч алууда. Тоо арасына тумандуу кыш кирип келди. Согуш болсо күчөгөндөн күчөп, жакында басылар түрү жок. Дале аскерге жөнөп жаткан эле.

Бул жолу өңкөй он сегиз, он тогуздагы бетинен түгү түшө элек балдар жөнөп жатты.

– Ботом, кечээги эле жылаңайлак балдар эле, бат эле бой салып, эми карабайсыңбы, же жаштыктын ыратын көрбөй, же дүйнөнүн ыраатын

[1] чоң жылаанда – жылан жылы, б.а. 1929-жыл; 1929-жылы 27-дек. «Кулактарды тап катары жоюу» жөнүндөгү буйруктан кийин оокаттуу дыйкандарга массалык репрессия башталган.

көрбөй кетип бара жатышат! А, оңбогон герман оңбосун, ажалың жетпеди го сенин! – деп, кемпир-чалдар таяктарын сүйрөй бүкчүңдөшүп бозо ичилип жаткан тамдын жанында чегилүү арабалар турган жерге жыйналып жатышты. Бозокордун үйүнөн балдардын акыркы жолу кыз-келиндер менен чогулуп, муң менен, мастык менен, жүрөктү элжирете толкундаткан кандайдыр өжөрлүү кайрат менен ырдагандары угулат.

– А-а, секетиң кетейиндер, үнүңөрдү кайра угар күн да бат эле келгиси бардыр,– дешип кемпирлер жашын сыгат.

Сейде да жородо отурган. Жанараак анын жакын кайниси Жумабай кызымтал болуп келди:

– Жүр, жеңе, атайы бозо сүздүрүп койдук эле, ошол жерден коштошуп, жөнөмөй болдук, жүр...



Сейде Ысмайылга жеткирүү үчүн жаргылчакка талкан тартып отурат эле. Баланын көңүлүн калтыргысы келбей, эмне дээрин билбеди.

– Мен силерди көчөдөн эле узатайын, айланайын, менин барганым уятко...

– Эмнеси уят, жүр, жеңе! Ысмайыл акем үчүн жүр, ал согуштун кызыл чогунда жүргөндүр, фронттон жолугуп калсам, женем узатты эле деп барайын. Бизди жеңип келсин десең жүр, өз колуң менен атказ... Мен эмне, башкалардан кем бекем, же кудай мени жеңеден айтпаптырбы...

Анын бул сөзүнөн Сейде апкаарый түшүп, жооп бере албады. Сейденин кызарып кеткенин Жумабай да байкады:

– Ии, кандай экенсиң, жеңе, уялдыңбы? Жүр эмесе, кеттик!

Азыр да өйдө карай албай, өзүн ушул элдин астында айыптуу сезгенсип, чоочун немедей жоолугу менен оозун катып, Сейде унчукпай

отурду. Мына бул бүгүн-эртең ажал менен бет-ме-бет келчү балдардын сыр алдырбай, күү-күү бажылдашып, ырдап отургандары анын көңүлүн айрыкча козгоп, ичин жылытып, кандайдыр буларга боордоштук, жакындык сезимин күчөттү. Киши кишинин баркын көбүнчө айрыларда билет турбайбы! Алар өз башынын эмес, мында калып жаткан журттун эсендигин тилегендерин укканда булар үчүн жаныңды курманга чапкың келет. Тигине, бозого кызара тамылжып, дале бала эле бойдон эпсиз калдаңдаган Жумабай кесени колго алып өйдө турду. Анын бир тууган агасы ырчы Мырзакул сол колунан ажырап, жакында фронттон келген. Ал азыр айылда сельсовет. Мырзакулдун ырын майда балдарга чейин көчөдө какылдап ырдап жүргөндөрүн уксаң, сай-сөөгүң сыздап, көзүңдөн жаш агат. Жумабай да агасынын ырын, агасынын обонуна салып, созолонто ырдады:

«...Эй-и-и!..
Алтымыш вагон бир чиркеп,
Алып учкан паровоз,
Айылымдан кетип баратам,
Агайын тууган, кайыр кош!
Жетимиш вагон бир чиркеп,
Желип учкан паровоз.
Жеримден кетип баратам,
Жеңе-желпи, кайыр кош!»

– Бау, жигит болсо сендей болсун! – деп отургандар аны жамы сүрөштү,– сени жеңелериңден айырган душман колуңдан өлсүн!

Жумабай башын өйдө силкип, кайратка толуп, бир заматтын ортосунда эр жеткендей, жүзүнөн жоокердин сүрү байкалды. Терезеден кө-

рүнгөн чокулардан көзүн албай, тууган жер, өнүп-өскөн айыл эми бир эле сааттан кийин алыста каларын көз алдына элестеткендей мундана калып, ырын улантты:

«Эй-и-и!..
Арысты көздөй биз кеттик,
Ала-Тоо сага сырт салып.
Арылбайт экен далайга
Ак-ала болуп курчалып!..»

Ойго батып отурган Сейде бул учурда баардыгын эстен чыгарып, тиги тешкен тоодон нары жайылып кеткен казактын боз-чаңгыл даркан талаасында, түтүндү алак-булак жерге таштап, күпүлдөтө жүрүп бара жаткан поездде вагондордун эшигине тыгылып, алыстан көздөрү чачырап, улам көрүнбөй мунарыкка төнүп бара жаткан Ала-Тоого кош айтып, кол булгалаган балдарды көргөнсүп жатты. Ошондо ал өзү да поездди жандай жүгүргөнсүп, анан жетпей артта калып, каңгырап, зым карагайга сүйөнүп туруп калгансыды. Ал эмес зым карагай, темир комуз сыяктуу, «ботойду» боздогону кулакка угулгансып жатты.

Ырга жан дүйнөсү менен бериле түшкөн Сейде башын акырын өйдө көтөрүп, отурган-тургандарды айландыра карады. Айылдын сыртына ажыдаар келгенсип, ушул жерге чогулган жаштар, ошол жомоктогудай оп тарткан ажыдаар менен кармашууга камынгансып, эл менен коштошуп, ыйлаганы ыйлап, күлгөнү күлүп, бирок жалпыга келген кыйынды сен, мен дебей, бир ынтымакта бет алып, акыркы жолу ойноп-күлүп, бирине-бири жакшылык тилеп жаткандары Сейденин жүрөгүн ысытып, көңүлүн чал-

кытты. Колунан келсе ушуларды көкүрөгүн тосуп коргоп калбас беле. Кыялында ал азыр тура калып: «Силердей балдардан садага кетейин! Күлгүндөй чагыңарда эл-журттан ажырап, боздоп кетип бара жатасыңар! Мени коё бергилечи, силер үчүн мен эле барайын, мен эле өлүп берейин!» – дегиси бар. Бирок ошол замат Ысмайылга талкан тартып жеткириш керек экени ойго кылт этти. Ысыган көңүлү муздай түштү, көңүлү бузулуп, Сейде дагы да башын ылдый салды.

Балдар эшикке чыкканда арабалардын жанында күтүп турган эл дуу чайпалып козголо түштү.

Буурул сакал, уркуйган кызыл беттүү жылкычы Барпы эл ичинен бери бастыра берип:

– Кана, айланайын эл-журт, бата берели! – деп ыйлап жиберчүдөй кардыгып дирилдеген үн менен ат үстүнөн кайрылды да, тизгинин каруусуна иле салып, эң алды өзү калчылдаган бүкүр колдорун жазды. 

– Оомийин! Арбак-кудай колдосун, жеңип келгиле! – Барпы дагы бир нерсе айтмак болду эле, бирок чамасы келбеди. Ат жалына жата калып, күржүйгөн ийиндерин солк-солк эттире айылдын сыртына чаап кетти. Улуу-кичүү турганда көз жашын көрсөтпөйүн деди окшойт.

Ызы-чуунун ортосунда арабалар бат эле узап кетип, тумандан көрүнбөй калды. Бирок далайга чейин тоңголок жолдо дөңгөлөктөр калдырап, мындай чыгып алгандан кийин, баятан камыгып бук болгон балдардын:

«...Жеримден кетип баратам,
Жеңеле-желпи кайыр кош!..»–

дегендери катындарды өксүтүп ыйлатты. «Булардын кимиси кайра келип, кимиси келбей калар экен!» – деген суроо ар кимдин оюнда турду. Томсоргон тынчтыкта телмирген элди көрүп, Сейде кудайга жалынып, өзүнчө тооба кылды. «Кесир-кусур болбосун, күйөөм үйгө жолой албай качып жүрөт дебейинчи. Иши кылып эле жанын аман сактап жүрсө болгону...»

Айыл тынчыганда койнуна баштыктагы талкан менен кошо эки көмөч каткан Сейде орок, жибин алып, сырттап отунга кетти.

Туман чалган адырлуу, бөксөлүү коктуларда кулак-мурдун кескендей тынчтык, «как» деген карга, «кук» деген кузгун жок. Түп-түп болуп калың чыккан дүпкүр[1] чийлердин башын сыдырып, шамал гана жыланчасынан тигинден-мындан ызылдап ышкырат. Туманда элтеңдеген аял өзүнүн эң жакын, эң ысык көргөн кишисине шашып кетип бара жатты.



* * *

Жакындан бери почточу Курман көчөнүн бери башындагы эки үйгө жолобой, шашылган болуп четтеп чабат. Аны көрө калган Тотой кат келбесине көзү жетсе да, сокуда жанчып жаткан машагын таштай коюп, тигинин артынан тарамыштуу, арык колун булгалап, дирилдеген үн менен кыйкырат:

– Айи, почточу аке, бизге кат барбы?

Ошол замат нары күнөстө коргон таш куруп ойноп жаткан Тотойдун үч баласы шамырандашып, кыйкырышып, биринен бири озо, тызылдап жүгүрүп жөнөшөт.

---

[1] дүпкүр – калың, топ болуп өскөн.

– Ана Курмакем! Тигине!

– Атамдын каты!

– Атамдан кат келди!

Почточу чал буйдала калып, антип-минтип жооп кайтарганча тигилер жетип келген болот. Тизгинден, үзөңгү боолордон кармашып, жамыраган козулардай кулак тундурат:

– Кана атамдын каты?

– Мен алам!

– Жок, мен, мен Курмаке! Мага бер!

– Ой, жоо алгырлар ой, кат жок эмес беле! О, ко-куй-оой! – дейт шашып кетип Курман. – Билбей эле кыйкыра бересиңер да!

Балдар унчукпай, таарынган өңдүү энтиге дем алышып, же кетпей, же койбой, дале бир нерсе күткөнсүп, ишенбей туруп калганына Курмандын ачуусу да келет, жаны да ачыйт.

– Алда, айланайындар ай, катты жашырып койду дейсиңерби? – дейт да, ишенбесеңер мына өзүңөр көргүлө дегенчелик кылып, колун койнуна салып көрсөтөт. – Жок, мынакей! Менин колумда болсо силерди жалдыратпай, күнүгө үч убак кат жаздырып турат элем го... Келсе кана! Бүгүн жок экен, унчукпай ойной бергиле, куда кааласа, эмки базарда алып келем: мен ошондой түш көрдүм, келип калары бардыр... Жүргүлө эми... Баса, Сейдеге да айтып койгула, ага да эмки базарда алып келем, бүгүн жок...

Тигиндей бастыра берип, чал өзүнчө күбүрөнөт:

– Картайганда бала-чакага шүмшүк көрүнүп да бүттүм. Мындан көрө кетмен чаап, талаада жүргөнүм тынч эмес беле! – Аңгыча байкабай калып, аты көнүмүш боюнча дагы бир үйгө кайрыла берерде, тизгинди бура тартып, мүдүрүлгөн

атты моюнга камчы менен чабат. – Тигини! О, туягың жер баспай калгыр! Ырысы жок мал ушундай болот!.. Кат келсе өзүм эле чаап барбаймынбы!

Сейде отун көтөрүп келгенде анын астынан дайыма атасынын эски купайкесин сүйрөлтө кийген, маңдай тиши ырсайып кетик, Тотойдун борбойгон ортончу баласы – Асантай чыгат. Дүйнөнүн эч кандай куулук шумдугу менен иши жок, кишини ишенимдүү карайт:

– Сейде жеңе, Ысмакемден кат жок, бизге да жок. Курмакем эмки базарда алып келем деди! Ал түш көрүптүр! – дейт ал борбоюп, Сейде үчүн анын бул жөнөкөй сөздөрү канчалык оор тиерин бала кайдан билет... Баятан кокту-колотто жол басып, моюн бербей тың эле көтөрүп келген таңгагы бул учурда зылдай салмактана калып, эшик алдына беш-алты кадам калган жерде кубаттан тайып, ал дубалды кармана теңселип, зыңгырап уюй түшкөн жонундагы отунду жерге тикесинен таштап жиберет: «Кудай ай, эч болбосо ушул балдардын атасынан амандык кабар келсечи!» – деп ойлойт Сейде жаактарына жармашкан чачын өйдө сылап коюуга чамасы келбей, дубалга шалдая жөлөнүп. Тотойдун балдарына кат келсе эмне үчүндүр өзүнүн жаны жеңилдей калчудай болуп жүрдү. Түнкүсүн кээде Асантайдын ушул сөздөрүн эскерип, Сейденин үрөйү учат, ал көптөн бери «Ысмайылдан кат алып келдиңизби?» – деп Курмандан сурай элек. Ысмайыл болсо почточуну көргөн жерден сурап коюп жүр деп эскертет. Сейде сурайын эле дейт, бирок ошого оозу барбайт, эмки жолу сурармын деп өзүн алдайт.

Тотойдун үйү жанаша жерде.

Бая күнү айылда эл аягы басылып калганда, Сейде түндөп Ысмайылдын кирин жууду. Тан атканча уктабай отко кактап кургатып, эртең менен эрте суу апкелмекке сыртка чыкты. Эшиктен аттаганда эле кар калың жаап салганын көрүп, эмнегедир өзүнчө жыйрыла түштү, көзү тунарып, көңүлү айланды. «Кокуй, кашайгырдыкы, боюма бүтүп калганбы? – деген ойго кетип, чочуганынан колундагы чакасын жерге түшүрүп жиберди. – Кудай сакта, эл көрсө эмне дейт? Ичтегиси кайдан дебейби? Жо-ок, андай болушу мүмкүн эмес эле, түнү менен уктабагандыкы го!» – деп кайра өзүн жооткотту. Бул ойду эми жанына жуутпай, ойлобоско тырышты. «Андан көрө Ысмайыл кантип жатты экен? – Жүрөгү да шуу этип, сыздай кетти. – Мына кыш да түштү, бороон чапкын да келет, ээн талаа, үңкүрдө кантет эми?»



Ооба, кыш эми биротоло кылычын кындан сууруп келди. Кечээ эле жер бети кара эле, бүгүн күнгөй-тескей дебей тегиз кар жамынып, тоо боорлоп ак боз киргилт туман илең-салаң илкийт. Арык боюндагы кырчын талдар шыйрагы көгөргөн балдардай үшүп, муз камаган арыктын үстүнө ийилишип, бутактары салаңдаган. Түрмөктөлгөн коюу булуттар бир калыпта уюп, асман ылдый чөгүп, дүйнө кичирип, тарыган сыяктуу, түнү менен жаагандан калган кар азыр анда-санда себелеп, кээде чочугандай шамал дүрбүп коёт. Айыл тынч. Суукка эч кимдин чыккысы жок.

Үйдөгү чоң алакийизди Ысмайылга жеткирип берүүнүн амалын ойлоп, чакаларын көтөргөн Сейде кар кечип кете берди. Астында сай-

ды көздөй бирөөнүн өткөн изин көрүп, бул ким болду экен дегенче болбой, нары жактан суу көтөргөн Тотой чыкты. Бутунда чоң өтүк, өзү илмийип арык, ичке, чапанын жип менен эркекче бекем тарта курчаган. Сейдени көрүп, чакаларды жерге койду да, көгөргөн арык колун укалап, туруп калды.

– Сен эмне, түнү менен уктаган эмессиң го, көзүң киртийип, ирениң жаман?

– Башым ооруп турат! – деп койду Сейде. Анан шашып кетип кошумчалады: – Уктагандай эле болдум, уктабаганда түндө эмне кылмак элем? – Бул сөздөрдү айтарын айтып алып, ансайын эси чыкты: «Балким Тотой түндө көчөгө чыккан болсо, менин кир жууганымды билип жүрбөсүн. Азыр сурап калса эмне дейм?»



– Уулум түнү менен какылдап ыйлап чыкты, ошого кыйналып калганмын го,– деди Сейде алдын алып. Ошондой го деген кишиче Тотой башын ийкеп койду:

– Сен да мендей жалгыз бойсуң? Кемпириң очоктун жанынан чыкпайт, эптеп жаман немеңди багып турса болду го, төркүнүң да малда, алыс!

Тотой унчукпай калып, солгун турган Сейдени карап, ойлуу үшкүрүндү. Сейдени аяп, аялдарча ичтен түшүнүп, боору ооруду окшойт. Керээли кечке үч баланы багам менен убараланып, чая болгон[1] Тотойдун көздөрү адамды дайым сүрдүү тиктечү эле, азыр анын жүзү жумшак тартып, жүрөктү сыздаткандай мээрим менен караганы Сейденин ичин жылытты: «Ии, кыз кезинде Тотой абдан сулуу болгон көрүнөт. Асантайдын жодураган көзү энесин тарткан турбай-

[1] чая болгон – жүдөгөн, жабыккан.

бы! Ушуну байкаган эмес экем да!» – деди ал ичинен.

Тотой Сейдени карап капалуу шыпшынып койду:

– Кат келбейт деп муңканасың го. Шорубуз бар экен, кантели! Мен үч бала менен калып отурсам, сен тийгениңе жарым жыл болбой, оозуңдан алдыргандай умсунуп олтуруп калдың. Төрөгөн балаңды атасы көрбөсө... Ээ, эмнесин айтасың... Баарысы да мейли... кат жок!.. Ушуну ойлонсом, колум шалдаят... Мына, кыш да кирип келди, балдарым жылаңач, эки кап жүгөрү калды, ал эмне болот! – көзүнө имериле түшкөн жашын, Тотой ачуулангандай кагып таштап, чакаларын ала салып, басып кетти.

Сейде Тотойдун артынан карап, ага эмне дээрин билбеди. Адамгерчилиги тоодой ушул кичинекей арык аялдын боорукердиги да, кайраты да, бөштүгү да жанга жылуу тийди, бир чети өзү билбей «сен да мендейсиң» деп кандайдыр айыптап кеткенсиди. Өзүнүн бул туюк сезимдерине Сейде жооп таба албай: «Эми мен кантейин, ар ким бешенесине жазганын көрөт да! Балдарынын багы болсо атасы кайтып келер...» – деп жатты.

Тотойдун күйөөсү Байдалы колхоз колхоз болгондон бери өнө бою сугат жагында жүрчү. Кечинде жумуштан кайтып келе жатып Сейде Байдалы кошунасынын эгин сугарып жүргөнүн көрөр эле. Тизеден өйдө түрүнүп алып, дөө турпаттуу москоол Байдалы андан-мындан бир аттап, суу жайып жүргөндө, батып бара жаткан күндүн кочкул нуру көлкүгөн эгиндердин үстүүстүнөн от ойнотуп, Байдалынын колундагы сарт кетмен ар бир керилип чапкан сайын күзгүдөй

жарк-журк этип чагылышчу. Айылдагылар Байдалыны: «Дыйкан бабам даарып кеткен,– жолу түшүмдүү, колу берекелүү!» – деше турган. Оргуштап аккан арыктан аялдар этегин кыстарышып, кол кармашып кечкенде Байдалы нары жакта туруп, өзүнчө эле жыргап каткырар эле:

– Ой, чырылдаган чийме каштар, албарстынын көчүндөй болбой коркпой кече бергиле! Бирин-экин, агып кетсеңер, акыры менин колума тиесиңер: эркелетип коём!

Анда теңтуш аялдар:

– Ой, эркелетпей эмирен кал, арыгың андап кеткир! Демейде эркелетпеген, агып барганда эркелетет белең! – деп заңкылдашчу.

Байдалы ага ансайын жыргап, талааны жаңырта каткырып күлөр эле.



Анан алыстап барып кайрылсаң иңир жайылган көгүш талаада Байдалынын караанын эле көрүнчү. Кетменди ийнине салып, жер кыдырып, сапар жүргөн жомоктогу баатырдай, алабула калган жерлерди карап жүргөн Байдалы улам алыстап отуруп көрүнбөй калчу.

Арыктагы суу сыяктуу Байдалынын мүнөзү дагы арылдаган шар мүнөз.

Кээде Сейде алардыкына кире калчу. Бир нерсеге урушуп, ошондон улам кыргыч менен казандын түбүн оюп жиберчүдөй чыйкылдата кырган Тотойго нары жакта балдарга оюнчук жасап берип отурган Байдалы айтар эле:

– Ээ, байбиче, ачууңду кой, бакандай үч уул төрөп бердиң, андан башка мага байлык-дөөлөттүн кереги эмне?! Үстүндө там бар, эл катары тамак-аш, кийим-кече таап турсам болду да! – дей турган.

Аскерге кеткенден бери Байдалыдан баймабай кат келип турчу эле, бир топтон бери кабар жок.

Ысмайылдан да, Байдалыдан да кат үзүлүп, Сейде менен Тотойдукуна почточу Курман кур кол бастырып келе албай жүргөн себеби ошол. Жарыктык абышка мойнундагы карызын төлөй албай качып жүргөнсүп, кашаң атын үстү-үстүнө теминип, өтө чаап кеткенден баштап, Мырзакул сельсовет бул эки үйгө көп келчү болуп кетти. Ушунун өзү Сейдени коркутуп жүрөт. Мүмкүн, Мырзакул Ысмайыл тууганынын качып келгенин сезип калгандыр. Андай дейин десе, Мырзакулдун шек санагандай түрү байкалбайт. Ушул күнгө чейин Ысмайылдын аскерден качып, жашынып жүргөнүн айылда эч бир жан адам билбейт. Ысмайыл абдан сак.

– Сейде, эл бузулуп турат, тырс этип оозундан чыгарып жүрбө. Башка эмес, атам тирилип чыга келсе да унчукпа. Уктуңбу! – деп дайым кулакка куят.

Мырзакул нары өтүп, бери өткөндө, жумуштаган сыяктуу кезек-кезек бул эки үйгө кайрыла кетет. Абалы Тотойдукуна бастырып келип:

– Ой, Тотой! Барсыңбы? – дейт ал ат үстүнөн.

Аскерге кете элек экенинде Мырзакул тебетейин кырданта кийген, кара мурут, күлүндөгөн сулууча жигит эле. Айылдын чечени, үнү шаңкылдаган ырчысы болчу. Бир колунан ажырап, фронттон жарадар болуп келгени ал мурункудай эмес. Сөздү кесе сүйлөп, ачуусу чукул. Добул урганда бир жагына кыйшайып сынган дарактай анын бир жак ийни саал төмөн шыпырылып, сымбатын бөлөкчө кылып салган, жаактары шылынып, бет чүкөлөрү оркоюп чыккан

өнү темирдей катуу сыяктанат. Башта комуз чертип шайыр ырдачу эле, эми бош калган жеңин куруна кыстарып, кызып кетип байкабай калганда, соо колу менен комуздун кылын чертип жаткансып, ийини мултундап калат, кардыккан коңур үнүн бирде ойго чөктүрүп созолонто, бирде каардангандай бийик толгоп, фронтто жүргөндөгү баштан өткөн-кеткенди ырдайт.

Мырзакул Тотойдун короосуна бастырып келгенде, нары эшик алдында сыр алдырбай бир нерсе менен убараланган Сейдени да ээр үстүнөн дубалдан артыла берип дабыштап коёт:

– Сейде, жаман уул чоңоюп жатабы? Үйдөгү тамекиңден бир попурос ороп келе салчы! Жумушуңду анан бүтүрөсүң, кел бери...

Кат алдыңарбы деп Мырзакул алардан сурабайт. Айылда кимге кат келгенин, кимге жок экенин, ал кат алуучулардан мурда биле турган, анткени келген почтону алды менен өзү текшерчү. Ошондой экенин билсе да, Сейде Мырзакулдун үнүн уккан сайын кыпылдап эси чыгат. Ысмайылдан кат барбы же жокпу деп ырымга бир ооз сурабаганы Сейде үчүн шектүү. Демек, Мырзакулдун кадик санаган жери бар... Айтор, анын унчукпаганы бекер эместей...

Жайында камдап койгон тамекинин жалбырактарын ушалап, чокко күйгүзүп, сыр билдирбес үчүн өзүн-өзү кайраттандырып Сейде Тотойдукуна барганда Мырзакул аттан түшүп, түтүндү сагынгандай ар дайым бурулдата соруп, жай эле оюна келген кепти козгогон өңдүү сүйлөйт.

– Сен тамекинин мыктысын камдап койгон экенсиң, Сейде! – деп мактап койду ал бир жолу. – Ысмайылга ушундан посылка салгын, түнөргөн кургур бир соруп, Таласты эстесин.

– Жиберем го,– деди Сейде кепке такалгандай мукактана түшүп. Сөздү кайдыгер улантыш үчүн дагы бир нерселерди кошуп айтыш керек эле, бирок сүйлөөгө эптүү эчтеке таппай, Сейде эрдин тиштеди. Мырзакул анысын сезе койду го деген ойдон жүрөгү муз болуп, бети ого бетер ысыды. Акыры айласы куруп, түтүнгө чакагандай, жөтөлүмүш болду: – Ии, түтүндүн ачуусунай, эркектер ушунун эмнесин жакшы көрөт...

Муну айтарын айтып алып, өзү түнү менен кыйналып уктаган жок: «Орундуу айттымбы, же билдирип койдумбу? А, кудай, өзүң сакта! Деги үнүмдү дирилдетпей, бетимди кызартпайын эле деймин, анан эле шал баскандай тилим күрмөөгө келбей калат... Чын эле ал сезип калды бекен? Кап, өзүмдөн эле кетти... Жүрөк жок менде, коёндукундай да жүрөк жок! – деп өзүн жекирди ошондо. – Баса, баселке салгын дегени кандай? Чын пейли менен айттыбы же сынаганыбы?..»



Экинчи бир жолу Мырзакул арыктын кашатындагы кыдырата тигилген талдарды карап коюп, Тотойду жемеледи:

– Байдакем талдарын жылда бутап турчу эле, быйыл бутаган эмес экенсиңер. Чоңуң аяптоор[1] ишке жарап калбадыбы, отун болот, бутап алгыла, талдын бою өспөй калат...

Ал бир түккө турбас сөздү айткансып, Тотой ага ачуулана кетти:

– Бою өскөндө кимге тирек болмок эле? Өзү жок болсо тал эмес, башкасы көзгө көрүнбөй жаның караят. Колхоздун жумушун да бүтүр, машак терип балдарыңды да бак! Мына, эки

---

[1] аяптоор – бир топ, кадыресе.

үйүбүз окшошуп, же өлүү, же тирүү даректери жок отурабыз! – Эрдин тиштегилеп, тескери карады. – Талды айтат...

Сейде ошондо тимеле жерге кирип кетчүдөй заманасы куурула түштү. Себеби Мырзакул азыр бетке чаап эле: «Сен, Тотой, өзүңдү Сейде менен теңештирбе – анын Ысмайылы алда качан эле аскерден качып, ушул жерде бекинип жүрөт!» – деп айтат го деп күттү. Эми качан айтат деп жалдырап тигинин оозун тиктеп туруп калды. Бирок Мырзакул анткен жок.

– Андай дебе,– деди ал Тотойго жай гана. – Билгиң келсе, талдын өзү эмес, көлөкөсү да керек болот али. – Анан ал ойлоно калып, эмнегедир ачуулангандай коржойгон мойну кызара түштү. Көптөн бери айтам деп жүрөгүн өйкөгөн сөздү ичине батыралбагансып бакырды. – Кат кечигип калса эле аялдык кылып аны-мунуну ойлой берет экенсиңер да! Андан көрө алдагы тамдын башындагы жүгөрү бакалды ондоп жыйгыла, жазга жетпей чирийт анын! Жалгыз уюндан сүт чыкпай балдарды кезээртейин дейсиңби! Балдар агы жок калчу болсо башыңарды жулуп алам, билип койгула аны! Ушундайды Сейде экөөңөр эле иштеп койбойсуңарбы? Экөөңөр биригип, бир эркекче жоксуңарбы? Орус келиндер фронтто окопто жатып алып, душманга ок атып жүрөт, силер үйдө отуруп кат жок деп бышактайсыңар!..

Тотой бозоргон бойдон унчуккан жок. Сейде болсо аны бирөө тилинен тарткандай:

– Биз ал жумуштарды бүгүн эле бүтүрөбүз, бакалды да жыябыз, талдарды да бутайбыз! – деп жибергенин өзү да билбей калды.

Мүмкүн, ал ушул жерден өтө эле элпектенип, шек туудура тургандай жеңилдик кылып койдубу, бирок бул сөздөрдү Сейде чын пейили менен айтты. Бир жагы,– козголгон кепти алыстатып, башка жакка алаксыткысы келсе, бир жагы,– ырас эле Тотой экөөлөп эле жасап койчу нерсени жасашпаганына катуу уялды. Мырзакул болсо башка эчтеке айткан жок. Бетинен каны качып, түктүйгөн бойдон ал негедир өтө таңдана Сейдени тик карады, кыязы, ага ыраазы болгондой туюлду. Анан атына минди да, бастырып кетти.

Ошол күнү Тотойлорго жардам берип жатып Сейде бөтөнчө бир бактылуу болду. Алда кандай айыбынан актанып, самаган тилегине жеткендей көңүлү ачылып, бир азга болсо да жүрөгү жай алды. Анын турмушунда мындай кубанычтуу жарык учурлар көптөн бери болгон жок эле. Колуна тийген жумушту азыр эле нары-бери иштеп бүтүргүсү келип, күчүнө күч кошулуп, толкуду. Жардамдашканынан тоскоолу көп Тотойдун балдары да Сейденин көзүнө алда немедей ысык көрүндү. Аларды ал ооз учунан эле ары тур, бери тур дегени болбосо, кошо ойноп, кошо ырдагысы келди. Бирок ошондо Мырзакулдун жаңагы түшүнүксүз көз карашын ар бир эстеген сайын Сейденин колу шалдайып, чекесинен муздак тер чыгып кетип жатты.

«Ал эмне үчүн мени минтип карады! Бир билгени барбы, же мага ошентип көрүнүп жатабы?»

Мырзакул ушинтип келген сайын Сейдеде жан жок. «Ысмайыл кайда? Кайда бекитип жүрөсүң аны?» – деп качан сурар экен дегенде жүрөгү дикилдейт. Ал аны тике карай албай кө-

зүн катып, дагы эмне дээр экен, эмне айтар экен деп эле күтөт.

Мырзакул кеткенде корkконунан акактап суусаган Сейде үйүнө жүгүрүп келип, тишинетиши тийбей жатса да, бир ожоо муздак суу жутуп жиберип, ошондо гана жеңилдене дем алат: «Жо-ок», ал билбейт окшойт, ооба билбейт! – деп, көңүлүнө жөлөк издеп, далбасалайт. – Эч ким билбейт! Ысмайыл жөнүн сынап, чекмелеп жүргөн болсо, ушинтет беле! Жайынча эле анымуну сураштырып кетпедиби. Ооба, ал билбейт, бир эмес, миң андып келсин, мен эч кимге билгизбейм! Башка эл карандай башы аман келсе экен деп, зар какшап кудайдан тилегенде менин мандайыма сыйбай отурган эрим барбы!.. Кудай мени өзү сактап алсын деп Ысмайылды келтирип отурат...»



* * *

Чилде өзгөчө ызгаардуу түштү. Бир апта бою шамал уйгу-туйгу түшүп, бошоң кардын баарын күпүйгөн күрткүгө айлантты, аяз камаган чыйырлар темирдей «зың-зың» этип нык кычырайт.

Суук менен кошо турмуш дагы күн өткөн сайын оор тартып, кыйындап жатты.

Сейденин беш-алты тоогу сырткы үйүнө камалып, бурчта үрпөйүшүп, бирине-бири ыктап эшикке чыкпайт. Алар жапа тарткандай көздөрүнүн теңин акчелдетип, жалгыз аяктап, кишини мундуу карашат. Тоокко да жем керек, бирок айла канча! Мештин артындагы таар каптагы жүгөрү ар бир нукум сайын азайган аялуу сары майдай болуп күндөн-күнгө кемип бара

жаткандыктан аны үнөмдөйм деп, Сейде күздөн бери эле тегирменге баруунy койгон. Тегирменге калаа[1] бериш керек, андан көрө жаргылчакка тартып алган жакшы эмеспи. Колхоздун жумушуна чыккан күндөрү Сейдеде күнү да, түнү да тыным жок. Күндүз иштеп келип, түнү менен жаргылчак тартат. Чор баскан алакандар дуулдап, такай эңкейип олтургандыктан далыдан төмөн бүт дене уюп, биликтин жарыгы мунарыктап, көз караңгылайт. Бирок Сейде отурганы отурган. Ысмайылга оокат керек. Майдасын элеп, бир гана кочуштайын баласынын буламыгына алып коюп, калган ундун баарынан Ысмайылга нан бышырат, ирисин болсо көжө кылып, кемпир экөө ичет. Ушинтип, күнүнкү оокатты күнүгө өлчөп-ченеп, жайга жетүүнүн далбасы. Анан тоокко жем кайдан! Жаз чыкканда балама жумуртка болсун деп багып жүрчү эле, ансыз да жазга калар эмес. Эт жок. Ысмайыл түндөп үйгө келген сайын, бир-бирден союп берет. Колунда болсо, андан чоңун деле союп берип отурса кана! Ысмайылдан алжанын аяйбы! Тапкан-тергенинин баарын оозуна кармап: «Ысмайыл ичсин, Ысмайыл жесин, өзүбүз болсок үйдө эмеспизби, суу ичсек да эптеп турарбыз!» – деп ойлойт. Ошентсе да Ысмайылды көргөндө, ичкени аш болбой, Сейде кан жутат. Шинелинин сыртынан, өңүрлүү жагал-жугал көгөргөн тонду күпчүйө кийип, оозу-башын тумчулап, тентиген мусапырдай кир басып, ыш жыттанып, биттеп келет. Кирин арытып, жамак-жаскагын бүтүрүп отурган Сейде Ысмайылдан жалооруп



[1] калаа – тартылган ун, талкандан тегирмен акысына берилчү үлүш.

көзүн түшүрбөй: «А байкушум, кыштын суугунда киши көрбөй, жан көрбөй, үңкүрдө жата берип эмне болор экенсиң? Үйдө болсоң го, үстүңө чаң жугузбайт элем!» – деп кейийт оюнда. Ысмайылдын суукка карарган бети кийиздей дулдуюп, кабагы ачылбайт. Колу кыска, болбосо ал бүт дүйнөнү өрттөп, өзүнүн ушул азаптуу жүрүшү үчүн өч алат эле. Жапан тиктеген көзү кызарып, заарга толот да турат. Анын көңүлүн жумшартайын дегендей, Сейде үстүнө үйүрүлүп, анымуну сүйлөп берип, жаны калбайт. «Эрди-катын жамандык – жакшылыкта деген,– деп ойлойт Сейде. – Башка эмне түшпөсүн, баарын көтөрөм! Ысмайылым эле аман турса болду. Калганы кеп эмес, кудай сактасын, өлүп бара жатсам да жаман катын атыгып, эч кимге сыр алдырбайм. Тотой эмне! Тырмактай үч баласы менен күйөөсүнүн өлүү-тирүү дарегин билбей, жүгөрү аталаны кашыктап бөлүштүрүп, ал деле тиштенип, эч кимге сыр алдырбайт...»



Мурдагы күнү Сейде тамеки сарайда иштеп, кайтып келе жатканда, артынан Мырзакул жете келди:

– Ой, Сейде, токтой тур! – деди ал. Анын бул айтканында шектүү эчтеке угулган деле жок. Бирок дайым жүрөгүнүн башына коркунуч алып жүргөн Сейденин оюна ар неме кетип, дирилдеген эрдин көрсөтпөш үчүн оозун жоолугу менен тумчулай салды. Мырзакул жанына бастырып келди да, ага өтө маанилүү кеби бардай эңкее берип, көзүнө тике карады. «О, кудай, билип калган го бул!» – деген шумдуктуу ой Сейденин үрөйүн учурду. «Айт эми, эмне айтканы турасың? Айт! – деп кыйкырып жибере жаздады.

Өчөшкөнсүп Мырзакул ошондо ар бир сөзүн салмактап, жай сүйлөп турбадыбы!

– Сага тууганча айтып коёр кеп бар эле, Сейде,– деди ал.

– Кандай кеп? – Сейде ушуну айтканы менен өзүнүн үнүн уккан жок. Бул сөздөрдү угуза айтканын, же ичинен ойлогонун билбей да калды.

– Ой, сага эмне болду, ой! – деп Мырзакул чочуп кетти. Ал эмес, өзүнүн олдоксон сүйлөгөнүнөн уялып да кетти. Чын эле ушинткен да болобу: аял көптөн бери күйөөсүнөн кат-кабар албаса, анан кантет эле, ирeңи тим эле бозоро түшпөдүбү? – Ой, Сейде, оюңа эчтеке албай эле кой, эчтеке деле болгон жок,– деди Мырзакул. Айтарым эле ушул: эртең кампадан аскерге кеткендердин бала-чакасына азыраак эгин бөлүштүрүп беребиз. Бир тобу тизмеге илинбей калды... Сен да жоксуң... Эстүү жан эмессиңби, таарынып жүрбө... Тотойго окшогон көп балалууларга эле эптеп беш-он килден жеткирдик... Эртең чырлашпагыла... Колдо жок, болбосо баарыңарга берсек кана... Ушуну сага атайы айтып коёюн дегеним...

Сейденин жүрөгү ордуна келе түштү.

– Эмнеге таарынмак элем! – деп тескерисинче, өзүнүн эгин албай калганына эмне үчүндүр сүйүнүп кетти. «Мага керек эмес, ошо Тотойго окшогон жашаялметке бергиле, мен өзүм эле эптеп оокат кылам!» – дейин деди эле, бирок ошого батына албай, мукактанып, сүйлөй албады.

Мырзакул мунусун өз оюнда башкача түшүнгөн окшойт:

– Сен жаман көрбө, Сейде, ии де! Бери кара! Эмкиде бир нерсе болуп калса сөзсүз сага да

беребиз... Кемпирге да ушинтип айтып кой. Мырзакул сельсовет болгондо пайдасы эмне деп сүйлөнүп жүрбөсүн... Туугандыктын жөнүн мен да билем, бирок айылды өзүң көрүп турасың го. – Мырзакул унчукпай калып, айылдын кар баскан жепирейген тамдарын айландыра карап, атын бастыра берип, кайра токтотту. Ал азыр Сейдеге дагы бир нерсени айтмак болуп камданды, бирок ошого оңдуу даай албады. Мырзакулдун азыркы көз карашы баягыда бир Тотойдун короосундагыдай Сейдени таң калтырып, тынчын алды. Ооба, Сейде эми анык түшүндү. Анын балбылдаган назик тиктеген көздөрү Сейдени эркелете карап: «Айтпасам да түшүнөрсүң, мен сага ишенем... Дайым ишенем... Сен жакшысың, абдан жакшысың... Мен сени сүйөм, билсең, көптөн бери сүйөм!» – дегенсип турду.



Күтпөгөн жерден мындай туюк сырдын ачылышы өз алдынан коркуп, ирeңи кубарып турган Сейдени дал кылды. Көзү бакырайып, башын өйдө көтөргөн Сейде ушул турушунда эң бир сулуу, эң бир сонун көрүндү.

– Болуптур, мен үйгө барайын! – деди ал, үнүн акырын чыгарганы менен кесе айтып.

– Коё тур! – дагы эле батына албаган Мырзакул кантер айласын таппай кыйналды. Жөнөй тургансып, тизгинди колуна алды да кайра жөн койду.

– Коё тур, Сейде! – деди ал кайтара. – Эгер балаңдын буламыгынан кысталып калсаң, эсиңде болсун, уялбай ачыгын айт... Мына бул үстүмдөгү шинелимди сатсам да буламыктык таап бермин!..

Унчукпай эле башын ийкеп турган Сейде бир жагы Мырзакулга чын пейли менен ыраазы болуп, бир жагы ага чочугандай жалт карап: «Мен

корком сенден! Тийбе мага! Антип караба, мен сенден корком!» деп көзү менен айтып жатты.

Мырзакул аны түшүндү окшойт. Балбылдаган кареги муздап өчө баштады. Анан ал мостоё калып, экөөнүн ортосунда эчтеке болбогонсуп, кадимки калыбына келип, жай гана айтты:

– Бар эми, балаң ыйлап жаткандыр...

Сейде ошо жерден кача тургандай шашылып жөнөдү. Эгерде уят болбосо, көчө менен жүгүрүп да кетер беле. Нарыраак барганда ал артын жалт карады да, тигиндей өтө түшүп, дагы кайрылып карады. Мырзакул башын жерге салып, суунун жээги менен атты өз эркине коюп жай гана бастырып бара жаткан экен. Шинелинин жакасын өйдө көтөрүп алгандыктанбы, азыр артынан караганда анын капалуудай бүкүрөйүп чөккөнү, майып колунун далысы уркуюп чыгып турганы күндөгүдөн бөтөнчө көзгө урунду... «Үстүмдөгү шинелимди сатам дейт тура»... Өзүң үшүп эле жүрөсүң го... күндүн суугу бу болсо! – деп шыбырады Сейде. Ошондо эч убакытта болуп көрбөгөн бир кызганычтуу сезим тула боюн ысык толкундай каптап, Сейденин каңырыгын түтөттү. Азыр ал Мырзакулдун артынан жүгүрүп баргысы келип, андан кечирим сурап, аны жылуу сөзү менен эркелеткиси келди... Өпкө-боорумду чабайын-ай, менин эмнеме кызыктың? Нечен кырчындай болгон кыздар деле айылда толуп жүрбөйбү... Өз күйөөм жанымда жүргөнүн билбейт турбайсыңбы!..

Көзүнө жаш толгон Сейденин ою быт-чыт болду, капыстан оттой каптаган сезим жүрөгүн лакылдатты. Чыкыроон суукта аптыга дем алган Сейде үйүнө жетер-жеткенче улам токтой калып, артына кылчактап, дирилдеген ээрдин жоолугу менен кымтылап жатты.

* * *

Кечээ айылды кара кабар аралады. Тамеки сарайда иштеген катындар ал суук кабарды угушуп, үрөйлөрү учуп отурушкан, аңгыча чоң таңгак тамеки колдошуп келе жаткан Тотойду көргөндө, баары бүркөлүп төмөн карашты. Ал өтүп кеткенде артынан:

– А-а, шордуу, шордуу! – деп үшкүрүшүп, жеңдери менен көздөрүн көрсөтпөй сүртүп, үнсүз ыйлашты. Жакында эле кара кагаз алып күйөөсүнөн айрылып, бетин тытып аза күткөн, тытылган бетинин тагы али да салаа-салаа боюнча жүргөн кара жоолукчан катын кысылган демине чыдабай, шолоктоп үңкүлдөдү:

– Ырысы жок жетимдер, убалыңар германдын башына жетсин!..

Тотойдун күйөөсү Байдалы Сталинградда курман болду деп кагаз келген.



Кийинки убакытта, атка өбөктөгөн эркектердин: «Боорумай, боорумай, боорумай!» – деген өкүрүктөрү айылдын тиги четинен да, бул четинен да угулуп, бетин жошоодой айра тыткан катындар босогону тескери карап:

— «...Күмүштөн эле жү-үгөнүң-аа-а,
Анан арыстан эле жү-рөгүң-а-а-а.
Жүгөнүң калды катылбай-а-а,
Караны салдым башымай-а-а,
Анан душманды чаптың тайманбай-а-а-а.
О-о-о-х-а! Э-э-ээй!» –

дешип дабышы түгөнгөнчө киркиреп, түн ортосуна чейин кошок айтуусу көбөйдү. Буларды ар бир уккан сайын айылдын күйүт-муңун жүрөгү менен кошо бөлүшкөн Сейде өз алдынан коркуп, ыйлаган элдин көзүнө көрүнгүсү келбеген-

дей бүжүрөп, катындардын артына далдаланат. Мындай күндөрү Сейде темир жолдун ээн жагына качып барып, дайыма «ботойду» боздогон зым карагайды кучактап, эч кимге көрүнбөй өзү жалгыз кошок айткысы келет.

Мына эми Тотойдун да үйүн өкүрүк басып, ал дагы бетин канжалата тырмап, анын каргадай балдары эркек тана болуп, тамдын сыртында таяк сүйөнүп: «Атамоой, эсил кайран атама-ой!» – дешип чыркырашат. Байкуш Тотой башына каран түн түшкөнүн али билбейт. Байдалыны өлдү деген кагаз Мырзакулдун жанында. Ал кагаз менен кошо колхоздун наамына полктун командиринен кат да келген.

Биздин аскерлер чабуул коюп баратып, душмандын мина орнотуп тосуп койгон тикенектүү зым торунан өтө албай, Волганын жээгине камалып калат. Ошондо мина менен байланышкан зымга эч ким жакындап батына албай, аскерлер жаандай октон бири калбай кырыларында, Байдалы өзү жүгүрүп барып зымдын үстүнө жыгылыптыр. Миналар жарылганда аскерлер чабуул коюп, душманды кууп чыккан экен.

Мырзакулдун үйүнө чогулган аксакалдар бул катты угушуп, айылдашына аза күткөндөй бир топко үн чыгарбай отурушту. Анан почточу Курман тебетейин көзүнө түшүрүп үшкүрдү:

– Ии-эх, кайран жигит, кайран жигит! Билбей жүргөн экенбиз, жүрөгүндө түгү бар тура! Сугатка туулган дыйкан эле. Байдалынын колу тийген эгиндер береке төкчү эле. Нары өтүп, бери өткөндө, балдары этектеп алып, кат барбы дегенде, эмки базарда алып келем деп, сооротуп койчу элем. Көрсө ушундай болгон экен да,

кудайдын жазмышы экен да. Жа, эми амал канча, баатырдын жоодон өлгөнү – элине шыпаа.

Бул беш-алты карыны чогултуп алып, Мырзакул Байдалынын жөнүн үй-бүлөсүнө кандай кылып угузабыз деген акыл салды. «Өлдү деген кагазы келсе айла барбы. Бирок азыркы жаманчылыкта аялы бел байлап, балдарын оозуна тиштеп, ач өлтүрбөй багып отурганда, Байдалы курман болуптур деп кантип айтабыз. Өзү араң турган немени ого бетер чөгөрүп салбайбызбы. Тотой кайраттан тайса, балдары эмне болот. Кой, Мырзакул, азыр айталбайбыз мындайды, дитибиз барбайт. Бышыкчылык келсин, эл тоюнсун, анан күздө жалпы журт болуп, аш-суусун берип, айлыбыздан чыккан баатыр эле деп, ошондо урматтап угузалы...»



Карылардын бул акылын айылдагы көпчүлүк да макул тапты. Жана тамеки сарайда аялдардын эчтеке билбей жүргөн Тотойду аяп, ыйлап жаткан себеби да ошол.

Түндө адаттагыдай Ысмайыл үйгө келгенде Сейде ага Байдалы кошунасынын кабарын айтып берди. Ысмайыл түнөрүп унчукпай укту да, өзүнчө күңк этип, ийнин кагып койду. «Яа, ошондой бекен?» – дегениби? Болбосо: «Өлсө өлгөн чыгар. Окко башынды тоссоң соо каласыңбы. Мен эмне, кара башымды бекер ала качып жүрөмбү! Акмак болбосо минага барып эмне боюн таштайт? Андан кандай пайда тапты? Өлдү да калды!» – дегениби. Айтор, ал алдыртан табалагансыппы, ууртун бүлк эттире тартып алды. Анан астындагы чоң аяк көжөнү кулкулдата шимирип жиберип, тойбогондой буркуя калып:

– Дагы барбы? – деди.

Ысмайылдын кунк этип түнөргөнүн анча түшүнбөй калган Сейде аны өз ичинде актап койду: «Чыкыраган чилдеде бирде ач, бирде ток, өз жаны менен алек да. Анан эмне демек эле... Же тамактын ыраатЫ болбосо...»

Ысмайылды узатып жибергенден кийин Сейде көпкө чейин уктай албай жатты. Эшикте шамал жаланып, кар учкунун тырсылдатып терезеге ургулап өтөт. Суукка тоңгон ит тээ айылдын четинен «каңк-каңк» этип ыйламсырап үрүп койду да, анан «Су-у-ук! У-у-у-у! Су-у-у-ук!» – дегендей улуду. Сейденин бүткөн бою дүрүлдөп, ушул кезде кар баскан ээн талаа, эрме чөлдө борошого аралашып, шамалга үн алыша ышкырган калың чийдин арасында үңкүрүнө кетип бара жаткан Ысмайылды көзүнө элестетип, чыдабай төшөгүнө шоңшоюп отура калды. Аңгыча баласы ыйлап, аны эмизгенден кийин бир топко кыйналып жатып, анан уктап кетти. Бирок түшүнө да Ысмайыл кирди. Сейде жаңы келин болуп келип, Ысмайыл экөө там салып жаткан экен. Белине дейре жылаңач, күнгө күйгөн денеси жылтылдаган Ысмайыл Сейдени кучактап алып төшүнө кысты. Караса, үстүндө солдат кийими бар. Ысмайыл аскерден жаңы келип турган экен. Сейде аябай сүйүнүп кетти. Бул көрүнүш куду эле өңүндөгүсүндөй болду. Ысмайыл аны өрттөнгөндөй ысык эриндери менен өпкүлөп, бүлбүлдөп күйүп турган кара чыракты «уф» – деп бир үйлөгөндө өчүрдү... Жандын түйүнү чечилгендей, денеси чымыраган Сейде: «Сагындым... сагындым»!.. – деп кулагына шыбырап жатты... Аңгыча болбой ышкырып куюн келди да, Ысмайыл көрүнбөй калды. Сейде анын артынан кыйкырып жүгүрдү. Караса, үңкүрдө отурат, айлана кар.

Ысмайыл тооктун этин үзүп-жулкуп, сөөгү менен бычырата чайнап, Сейдеден тамак кызгангандай оңурая тиктейт. Сейде жанына келип, айтайын деп айта албай ичинен ойлонот. «Эмне эле мынча ачыгып калгансың? Барына канаат кылсаңчы, мынчалык арааның ачпасаңчы, Ысмайыл!». Ошол убакытта нары жактан кыйкырык, сүрөөн чыгып, калың аскердин астында мылтыгын найзадай сундуруп айкырып келе жаткан Байдалы тикенектүү зымдын үстүнө боюн таштайт. Күн күркүрөп, топурак асманга бүркүлүп, калың аскер Байдалынын денесин колго алып, алдыга утурлай жүгүрүшөт. Сейде коркуп кетип, үңкүрдүн оозун далдалап тура калат...

Эртең менен Сейденикине почточу Курман чаап келди. Сельсоветтин чабарманы да ушул киши болучу.



Тондун этектери эки жакка кетип, кандайдыр бир нерседен үрпөйүп кооптонгон түрү бар. Ат үстүнөн эңкее берип, ал эшикти камчы сап менен ургулады!..

– Сейде, райондон инкүү[1] келип, сени кеңсаларга тез келсин деп чакырып жатат! Тур, жөнө!..

Эшикке жүгүрүп чыккан Сейде эмнеге чакырып жатат деп сураган да жок. Курмандын чаап келгенин көргөндө эле жүрөгү шуу деп, бардыгын түшүндү. Сейде оозун ачып кыйкырбаганы менен, «Айланайын Ысмайыл, эми кантебиз!» – деп ичтен чыңырып кыйкырды. Нары жактан кудундап жүгүрүп келген Асантай Курман кат алып келди деп ойлогонбу:

– Ысмайылдан кат келди, Сейде жеңе! Сүйүнчү! – деп ireңи бопбоз Сейдени көрө салып, куба-

[1] и н к ү ү – НКВДнын кызматкери.

нычтуу кыйкырыгы тамагына тыгылды. Ал жаман купайкесин кымтып-кымтып коюп, айыптуу немедей делдейип туруп калды.

– Алда, шордуу балам ай! – деди Курман. Анын сөзү же балага, же Сейдеге тийиштүү болдубу, ким билет атына камчы урду да, чаап кетти.

Сельсоветтин кеңсаларына кандай жеткенин Сейде билген жок. Денеси өлүп, калчылдаган колу менен эшикти ачып киргенде, айткандай эле тапанча асынган шинелчен киши отуруптур. Анын ирең-башын көрүүгө Сейденин чамасы болбоду, көзү тунарып, бутунун астында жер көчүп бара жаткандай туюлду. Көкүрөктө «Ысмайылдан эми айрылат экем!» – деген бир гана ой турду. Арада ал оюн бөлүп, экинчи бир андан күчтүү ой пайда болду: «Бербейм Ысмайылды, бербейм!»



Ушул экинчи ою калган күдүк ойлордун баарын сүрүп чыккансыды. Ал: «Бербейм Ысмайылды! Бербейм!» деп, өзүнө өзү шерт берип жаткандай ичинен кайталады.

– Отуруңуз! – деди НКВДнын уполномочуну. Сейде уккан жок.

– Отуруңуз! – деп экинчи жолу айтылганда, ал отургучту сокур кишидей сыйпалап барып, четине коомай отурду.

НКВДнын кызматкери токтоолук менен наркы-беркини сураштырып, айткандарын кагазга жазып алып, бир топко өзүнчө ойлонуп отурду да, анан Ысмайылдын фронтко кетип бара жатканда эшелондон беш атары менен түшүп калып, качып кеткенин айтты.

– Кайда азыр күйөөңүз?

– Билбейм, мен эчтеке билбейм! – деди Сейде.

– Сиз антпеңиз, аяш, ал баары бир качып эч жакка кутула албайт, акыры колго түшөт. Андан көрө күйөөнүзгө, өзүнүзгө жакшылык каалясаңыз, ачыгын айтыңыз, өз эрки менен ачыкка чыксын... Сиз ушул жагынан жардам бериңиз...

– Билбейм, мен эчтеке билбейм! Аскерге алып кеткен өзүнөр, качкан-койгонун эчтекесин билбейм.

Ал эмне гана сурабасын Сейде билбейм деп, ичинен: «Кудай кошкон жарымды өлүмгө түртүп, мен өзүмө өзүм душман белем! Башымды жулуп алгыла, өлүм бар, эчтеке айтпайм!!» – деп билбеймге салып, көгөрүп отура берди.

Сурак бүтүп, Сейде коркуп алсыраганынан жыгыла жаздап, чымыркана басып эшиктен чыгып келе жатканда, нары жактан атын байлап коюп, бери кирип келе жаткан Мырзакул учурады. Тамекинин калдыгын чымчый соруп, шашып келе жаткан экен. Деги бүгүн анын түрү башкача. Сакалы жыш көгөргөн жаактары ого бетер ары шимирилип, эти качкан сенек ийни эскирген шинелдин далысынан ого бетер оркоюп чыккансыйт, тебетейинин астынан тиктеген көздөрү жаны кыйналып тургандай ойлуу да, каардуу. Сейдени көргөндө токтой калып, жеп ийчүдөй тике карады.

– Айттыңбы? – деди ал эшик жакка колун жаңсап.

– Эмнени айтмак элем! Мен эчтеке билбейм! – деди Сейде ага да.

– Ко-ош, ошондой де! – Мырзакул кейигендей унчукпай калды, тамекисин жерге таштап, өтүгүнүн таманы менен сүргүлөп өчүрдү да бекбек сүйлөдү:

– Адамдын кандай экендиги мына ушундай жамандыкта билинет экен! Айтпай сен аны каякка алып барат экенсиң? Намыс деген барбы? Дөөлөттүн уругунан[1] таркаган эркек тана барибиз да калбай жөнөдүк, жамандыкта да, жакшылыкта да кудай элдин катарынан калтырбасын деп. Ушуну сен түшүнөсүңбү, ыя? Кеч боло электе Ысмайылды ачыкка чыгар, барсын ал да эл барган жерге!

Баятан жүрөгү карайып, жан далбастаган Сейде Мырзакулга тайманбай жулкунду:

– Түшүнгөндө эмне? Качса качып кеткен чыгар, мен аны билбейм! Ар кимге өз жаны кымбат, кара башын сактаса сактап жүргөн чыгар, ага эмне мынча тарланасың?.. Жолунду кыя өткөн жок элек го, же элдин баарын эле өзүңдөй майып болуп келсин дейсиңби?..



Өзгөчө ыйык санаган нерсесин бирөө отко таштап ийгендей Мырзакулдун ирени бопбоз болуп, чолок колунун мултугу сорон эте түштү эле, шинелдин жеңи чөнтөгүнөн суурулуп кетти.

– Мен... Ысмайылдан... жамандыгымдан... ушинтип к-келген экем да! – деди ал ар бир сөздү ныгыра айтып, кекечтенип. Ошо жерден артына чегине калып, колундагы өрмө камчы менен Сейдени моюндан ары үстү-үстүнө тартып-тартып жиберди. Сейде үн чыгарган жок, жалтанган да жок. Кулактын түбүнөн ышкыра өтүп жаткан камчыны байкабагансып, ошол учурда да Мырзакулдун соо колу менен кошо берки ийнинен чолок колу да жең ичинен мултуңдап жулкунганын, сыйкырлангансып, көз айрыбай карап турду. Экинчи бир көргөнү: Мырзакул

[1] дөөлөттүн уругу – уруунун аталышы.

камчыны тизесине салып сындырайын деди, анда да чолок колу мултуң-мултуң этип, жең ичинде жулунуп жатты. Бирок бул аракетинен эчтеке чыкпаган соң, камчыны тамдын төбөсүнө ыргытып жиберип, өзү бет алган жагына, арыкты арык дебей, күрткүлөрдөн аттап-буттап, чеңгелине мыкчыган шинелинин сыңар жеңин ок тийген жаратына баскандай жүрөгүнө басып, бет алды жөнөп берди. Анын коржогой желкеси кержең-кержең этип, артына асылган фронттон берки эски сумкасы жамбашына шалп-шалп урунуп баратты.

Мырзакул жулкуна басып жөнөгөндө артынан нес болуп карап турган Сейденин мойну ысый түштү. Камчынын уусун ал эми сезди. Кара түтүндөй каптап келген ыза жүрөгүн өрттөп, кыйкырып ыйлап жибере сактады.



Көчөдө ал бет алдынан урган борошону да, жанынан өтө чапкан кишилерди да сезбеди, ээн талаада каңгырап кетип бара жаткандай баратты. Сыйрылган мойну дуулдап, эрдин кесе тиштенген, мисирейип, эки жакты карабайт. Биринен бири ачуу, ызалуу ойлор намысын өрттөйт: «Урду, сабады, шерменде кылды! Ысмайылга айтам, өч алсын!» – деди ичинен. Кайра өзүнөн өзү соолукту. «Жок, айтпайм. Айтууга болбойт, Ысмайыл кармалып калат, – деди кайра. Унчукпайм, жүрөккө түйүп коём, бир күнү ага да кезек келер. Тууган – душман деген ушу да! Тууганынын баш корголоп жүргөнүн көрө албайт. Ысмайыл аман туруп, кыш чыксак, ашуу ачылары менен Чаткалга кетебиз. Анда эч кимден жашынбай, корунбай эл катары турабыз. Мырзакулдун бетин экинчи карабасмын!..»

Үйгө кирип келип, Сейде бешик терметип отурган кайненесин кучактап жыгылды да, үн чыгарбай, бей-наалат кемпирдин арык тизелерине мандайын жөлөп, баятан жыйналган ызасына эрк берип, өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоп ыйлады:

– Эне, Мырзакул мени урду! Айланайын эне, Мырзакул мени урду!..

Бетинен сала-сала кеткен жаш алкымын нымшытып, ал көпкө үн салып өксүдү. Ошондой ый арасынан алыстан угулган кайненесинин мунканган үнү угулуп жатты:

– Айланайын, секетиң кетейин балам, жаным курман сага... Ишенгенибиз эле сенсиң! Тирегибиз да, медерибиз да сенсиң! Баардыгын билип, баардыгын көрүп отурам... Тиги дүйнө, бул дүйнөдө да ыраазымын... Ушул жолку кордукту да ачуу чайкап көтөрүп кой эми, кантели... Мырзакулга болсо, арбак-кудай бардыр, түп атабызды унутуп туугандыктан кечкен экен да...



Ысмайылдын келерин билген Сейде аны түн ортосунда айылдын четинен тосуп алды. Бул жолу Ысмайыл айылга кайрылбай, кайра тартты.

* * *

Кыш чыгарга жакындаганда элдин көбүнүн азык-түлүгү түгөндү. Айыл арасында: «Эми уйлар тууп, акка жетсек, анан арпа дүмбүл, анан бышыкчылыкка да илинер элек!» – деген эле сөздөр. Бирок ага чейин кайда, далай заман бар эмеспи...

Сейдеге да бу кортириликтин эң оор күндөрү келди. Аялы Мырзакул менен кагышкандан кийин Ысмайыл сак болуп үңкүрдөн чыкпай, үйгө

келгенин да койду. Тапкан-ташыганын койнуна катып, ыгы келсе күндүз отунга барганда, болбосо түндөп ага Сейде өзү барат.

Ал дагы эчтеке эмес, баары келишип тургансып Ысмайылдын арааны ачылып берсе болобу. Аны көрүп Сейденин зээни кейийт. Канча ичсе да тойбой, Ысмайылдын көзүндө заар турат:

– Үйдө дагы эгин-тегин калдыбы, же үңкүрдө жатып, акыры ачтан өлөмбү, жашырба, чынынды айт! – дейт ал.

– Бар, антип айтпачы! Жаның аман болсун, оокат табылар...

Эртеси таң азандан туруп, Сейде былтыркы кырмандардын ордуна жөнөйт. Аерден ала келген таарын жайып салып, керээли-кечке топон сапырат. Ошондо былтыр жоруптап[1] таштаган пырдын арасынан бирин-серин чүрүшкөн майда



дан түшөт. Кечке бир чөйчөк түшсө, аны жаргылчакка тартып, Ысмайылга нан бышырат. Ушинтип кайсы убакытка чейин тиричилик өтөрүн ким билет. Сейденин ишенгени эле колундагы жалгыз кунаажыны, ал тууса, Ысмайылга сүт болор эле, май болор эле!

Ысмайыл! Ысмайыл!.. Качан болсо күңгүрөнүп, түнөргөндөн түнөрүп, бу дүйнөнүн баарынбаарын жек көргөндөй, эчтекеге жылуу сөзү, жакшы тилеги жок. Анын ойлогону эмне, максаты кайсы – сыртына чыкпайт. Ашуунун ачыларына канча убакыт калды деп күн санайт. Сүйлөгөн сөзү ошол. Анан ойлогону тамак. Эт десе оозуна кара суу келет.

---

[1] ж о р у п т а п – жоруп – дан сапырууда бөлүнгөн топон, пыр; жоруптоо – чаң, топонун бөлүп сапыруу, шыпыруу.

– Суугум ашынып кетти! Суугум ашынып кетти! – дейт ал туруп-туруп. Ушул сөздөрдү айтканда анын оюна алда кандай бирдеме келгенсип, үңүрөйгөн көзүнүн тереңинде от чагыла түшөт, көпкө мостоюп унчукпайт. Эмне ойлойт болду экен ошондо?

Ушинтип үңкүрдө жата берип, жинди болуп кетеби деп Сейде коркот. «Эми кандай кылам» – дейт, ал убайым жеп. Баласын сагынып жаткандыр деген ой менен Сейде бир күнү баланы таза киринтип, көйнөк, ороолорун жууп, айылдагыларга төркүнүмө барам демиш болуп, баланы үңкүргө көтөрүп барды. Ата менен баладан көзүн түшүрбөй, четте унчукпай эргип, өзүнчө бир бактылуу болуп отурду. Бир күн өткөрүп, кайра айылга келди.



* * *

Жаз быйыл эрте чыгаардай,– аз да болсо жышааны бар. Кар бети эскилиги жеткен курмушудай туш-туштан ала-телек жыртылып, тыноо алган аңыздар аздап буулана баштады. Өрөөн үстүнөн мээлүүн шамал жүрүп, аба жылымыктап, күрткүлөрдүн астын оюп, шылдыр-шулдур этип суу акканы угулуп калды. Бирок кыштын каары кете баштаганы менен кээри[1] турат.

Бүгүн күн ачык. Сейде адатынча эски кырманда топон чогултуп, сапырып жатат. Элден мурун топонду капка салат, анан өйдөрөөк шамалдуу жерге алып барат да, жел атасын ышкырып чакырып, ыгы менен абага чачат. Кум ичинен алтын издегендей кеп. Бирок Сейде мын-

---

[1] к э э р и – ачуу, жиндин белгиси, калдыгы.

дан жадабайт. Кандай болбосун Ысмайылды жайга чейин багып чыгыш керек. Анан кудай тилекке жеткирсе, ашуу ачылар...

Жаздын билинер-билинбес болсо да илеби сезилип, адамды бир түрлүү жыргаткандай сеңгиретет. Ошондон улам Сейде токтой калып, өзүнчө бир сонун кыялга батат. Ушинткенде тамак тилеп карарган өзөктүн үзө тартканы да унутулуп калчудай сезилет.

Анын кыялданганы – келечек. Тээтиги алыскы кар баскан мөңгүлүү кырарканын наркы жагында Чаткал жатат. Эмне үчүндүр Чаткал анын оюнда жомоктогудай жер болуп көрүнөт. Жайыкышы жайкалган көк шибер, суу боюнда тизилген аппак боз үйлөр, кемегелерде казандар асылып, түтүн асманга булайт. Ушундай элестейт. Алар так ошо Чаткалга кетишет. Аякта Ысмайылдын таякелери бар. Ал жерде Ысмайылдын аскерден качып келгенин эч ким билбейт да, сурабайт да. Аерде Мырзакулга окшогон жаман кишилер жок. Ысмайыл бир короо кой алып бакса, Сейде жеңилин жерден, оорун колдон алып жардамдашпай жаны жокпу...

«Аз калды эми, жаз чыгат! Көбүнө чыдаган, биягына чыдабайт бекем!» – деп ойлойт Сейде, топондон бөлүп алган бир кочуш буудайды алаканына салып үйлөп. – Кудай Ысмайылды кырсыктан сактап, тилекке жеткирсе, кунажынды сатып, ага жол азык камдап, кемпирди эшекке мингизип алып, түндөп жөнөп кетебиз!.

Илгери өрттөй күйгөн бир өткүр жигит бирөөнүн атактуу күлүгүнө көзү түшүп, ага кантип жетүүнүн амалын издеп, акыры минтип ыр чыгарган экен:

Бир күнү
Күлүктү ала качармын,
Күсөгөн ойго жетермин!
Ак кар, көк муз бел ашып.
Чаткалга түшүп кетермин!

Сейде бул ырды айыл арасынан кээде уга калып жүргөнү менен маани берген эмес экен. Эми ой-санаасынан Чаткал чыкпай, ал бир эңсеген, көксөгөн ажайып жерге айланып, көңүлдү бүт ээледи да калды.

Киши кийик болуп жапайыланып бараткан Ысмайылдын да карайган көңүлүнө жарык шоола түшкөнсүдү, анын да кыялы тиги ырда айтылган ак кар, көк муздун үстүнөн кайкып, Чаткалды көздөй өрөпкүп учуп, Чаткалга эртерээк жетсем дегенде эки көзү төрт боло баштады.

Ысмайылдын энеси Бексаат, өзү оорукчан, демейде эле эч кимге үн-сөзү жок неме бул кышта ого бетер жылдызы өчүп, ийиндин карангы бир бурчунда былк этпей бүк түшүп жата берип, анда-санда гана «бу дүйнө ордундабы, жокпу» дегенсип башын сыртка чыгарып, айлананы карап коюп, кайра кирип кеткен сокур чычкан сыңары жашап жатты. Анан, кантет, баласынын аскерден качып келгенин жан пендеге билгизбей, тилин тишине басып, кудай-кудай деп, эшик-эленге көп чыга бербөө керектиги, көп чыга берсе коңшу-колоң деген бар, алар менен сүйлөшөрүн, келди-кетти кеп болорун, өзү тиштенип зорго отурган кемпирге андай ашыкча кепсөздүн кереги жоктугун, андан көрө этекти бүйрө басып шүк отуруу олжо экенин көкүрөгүндө билип-туюп отурбайбы. Башка эмне айласы бар. Небересин карап таңдан кечке үйдө. Ысмайыл

менен Сейдеге да азыр так ушундай сүйөк, ого-жо керек. Бу кемпир болбосо кантишмек, Сейде отун апкелем деп, отундан ары кокту-колотту аралап, күйөөсү жаткан үңкүргө кеткенде баланы кимге таштамак.

Сейде Мырзакулдан таяк жегенге дейре кайненесине канча ирет безеленип: – Ысмайыл жөнүндө бирөө кокус сурап калса көзүндөн, сөзүндөн шек билдире көрбө, билбейм, айланайын, карыган, караңгы мен бу жарыкчылыкта эмне болубатканын кайдан билем, маңдайыбызга жазылганы ушу экен, көрүбатабыз деп кой деген кепти нечен айтты. Аскерине алды, андан согушка алып кетти дешти, ошо менен дайны чыкпай калды, же кат-кабары жок, кат жазса да бизге жетпей, жолдо жоголубатабы, ким билсин, жалгыз балам эле, атадан жалгыз эле, аман коё көр деп кудайдан тилеп олтурам, аман болсо эртеби-кечпи бир күнү келип калгысы бардыр, ошого чейин чымындай жанымды тиштеп, чым-чым жаным өлбө деп темселеп жүрөм дегин, оозуңдан жаңыла көрбө, кагылайын эне, – дечү.



Андайда Бексаат кемпир «макул, макул, антпегенде кантем» дегенчелик башын ийкендетип калат. Көздөрүнөн жылжып аккан жашка шалбыраган жаак эттери сууланып, өзү эле муштумдай кичинекей арык кемпир ого бетер кичирейе түшкөнсүп, ого бетер шордуу, муңдуу боло түшөт. Муну көргөндө Сейденин жүрөгү мыкчылып, кайненесин же боор ооруп аярын билбей, же катуураак сүйлөп, кайраттандырып коёрун билбей калат.

– Кантет, ыйлап жибергени эмнеси, кой, ыйлаба, эне, кудайды карасаң! – дейт анда ал. – Уулуң тирүү турат го. Качып жүрөбү, кантип

жүрөт, эмнеси болсо да тирүү жүрөт го, түн жамынып болсо да үйгө келип кетип атат. Кыйналып жүрөт, карда-жаанда дегендей үшүп-тоңуп, жыргап жаткан жери жок, бирок согуштан жаны тынч, аяктын азабынан көрө бул көрүп аткан күнү эмне болуп калсын, карачы, канча эл кырылып кетти... Ысмайыл өзү айтып олтурат го эмне үчүн менин башым кайдагы бир бөтөн жерге томолонуп жатып калыш керек деп, ата-бабамдын буту баспаган, өзүм өмүрүмдө көрбөгөн бир чоочун жер үчүн эмнеге согушам, согушту ким баштаса ошо согушсун, мен күтүп турам, менин согушка эмне тиешем бар, чыдай турабыз, көрөбүз деп отурат.

Бу сөздөрдү Сейде ар дайым кайталап айтат, айрыкча түн кирип, айылдагы тамдардын муз тоңгон кичинекей терезелериндеги жылтыраган жарыктардын биринин артынан бири өчүп, кечте абалап үрүп жаткан иттер эми үшүп, коңул-соңул, далдоо жерге ийрилип жатып, ар бир үй-бүлө өзүнчө кобурашып, от күйгөн очокту тегеректешип, эртең мененкиге чейин, короз кыйкырып, уй мөөрөй баштаган кийинки таңга чейин ушинтип сырткы дүйнөдөн бөлүнүп отуруп калган кездерде көкүрөктү өйүгөн сөз өзүнөн өзү чыгат, ошондо айтат. Түндүн бул маалы ар ким өзү менен өзү, ар үй-бүлө өзү менен өзү болуп, тыштагы турмуштан бир түнгө кутула түшкөнсүгөн бир кез эмеспи, мындайда адамдын башына көп ой, сандаган санаа келет. Баланы уктатып коюшкандан кийин кайнене-келин экөө кобурашып сүйлөшөт, кеп барып-келип эле эми эмне болот, эми кандай кылабызга такалат, ошондо Сейде тиги сөздөрдү кайталайт. Бексаат келининин айтканын унчукпай, башын ийкең-

детип, анда-санда оор-оор үшкүрүп коюп угуп олтурат. Сөз учугу да түгөнүп, эртең эмне болорун билбей, экөөнүн тең башы маң, кептин аягы баягы миң кайталанган: «эми айлабыз канча, көрө жатарбыз» дегенге келип такалганда кемпир ичиндеги кооптонуусун, корккону жашыра албай кетет. Кан-сөлсүз купкуу эриндерин кыбыратып, бирөө угуп койчудай акырын шыбырайт:

– Акыры кандай болор экен, кудай-ай, көзүм жетпейт.

Сейденин да көөдөнүн күйүт каптай түшөт, бирок сыртынан билдирбешке тырышат:

– Акырын кудай түз кылгысы бардыр, эне, бейчеки эле кейип-кепчип, ыйлай бербе да. Күн жылыса, кар эрисе, жер тобурсуп, көк чыкса Ысмайылга да, бизге да кудайдын бир айтканы тургандыр,– дейт ал, көзүнө тегерене түшкөн жашын зорго кармап. – Анан бир акыл табылар, тирүү жанбыз го, эптеп бирдеме ойлоп табарбыз. Андан көрө айылдагылар ал жөнүндө шек билбесин де, ошоягын ойлой жүр, эне, бирөө сураса билбеймден башка сөз айтпа...

Ошо менен кеп түгөнүп, кандай айла табышаарын экөө тең билбей, экөөнүн тең санаасын тынчытпаган бир гана нерсе, мелтиреп ойлонуп отуруп калышат. Эми күткөндөрү Ысмайыл – ал дайыма түн ортосунда келет – ошонун камын көрүп башташат; үшүп-тоңуп келген эме жылынып, тамагын ичип, таң алдында кайра айылдан чыгып кетиш керек. Күйөөсү келер маалда Сейде үстүнө ичик кийип, эшикке чыгып, сарайдын арты ченден күтүп турат, шектүү-коогалуу эчтеме жокпу, тынччылыкпы, ошону астынан утурлай тосуп чыгып айтат, күйөөсү көңү-

лүн жайгарыш үчүн ошентет. Карангылык чүмкөнгөн айлана-тегеректи үңүлө карап, шырт эткен дабышка кулагын төшөй калып, көңүлү кооптуу Сейде Ысмайылдын келишин күтүп турат, мына ушундай чакта ал ак мөңгүлүү кырка тоолордун үстүндө, аяздуу кышкы асмандын көз мелжиген бийигинде жылтылдап турган жылдыздар менен айды мундуу карайт, жалынгандай, жардам сурагандай ошолорго тигилет, ичиндеги арманды күйүп-жанып ошолорго айтат, антпегенде кантет, кимге айтат, ошо көк теңир бетиндеги касиеттүү ай, касиеттүү жылдыздарга үнүм жетсе, алардан биердеги жашоо-тиричиликке бир таасир болор беле дейт, Ысмайыл аскерден качып келиптир дегенди кулагы чалса буларды үй-бүлөсү менен кошоктоп байлап, карга-кузгунга жем болуп өлгүлө деп Сибирге айдап жиберчүлөр жүрбөйбү, ошолордон күйөөсүн, баласын, кемпир менен өзүн сактап калар беле дейт. «Касиетиңен айланайын Көкө Теңир,– дейт ал. – Сен укпасаң мени ким угат. Айың ордунда, жылдызың ордунда, бары-жогуң ордунда, сен го турасың, сага эч ким тие албайт, бирин бири куугунтуктап, бири менен бири согушуп жаткан эч ким жок. Биз болсо согуш деген балээден мүңкүрөп, тукулжурап бүттүк. Согуш деген кыргын экен, эл кырылат экен, кырылганга сан жетпей калат экен. Биздин айылда эркек аттуу калбай калды, баары урушта жүрөт. Согушасыңар дешти, кыргын саласыңар дешти, ошо менен баары дуу деп жөнөдү да кетти. Кимдин эле окко учкусу келсин, эч кимдин өлгүсү жок, бирок жөнө дегенде жөнөп кетишти. Бул эмнеси? А менин күйөөм болсо адам өз башына ээ, согушамбы, коёмбу – өзүм билем деп, качып

баса берди, ар башка бир өлүм экен, каерде өлгөнүмдүн айырмасы кайсы дейт. Анысы ырас эмеспи деп биз олтурабыз. Бирок мунун акыры кандай болот эми? Көкө Теңир, сага жалынбаганда кимге жалынам. Кемпир экөөбүздүн таянар таянычыбыз, туурабы. Бала болсо али ымыркай, эмнени билет. Анын тагдыры кандай болот? Күйөөмө ушуну айтсам, мен эмнени көрсөм, силер да ошону көрөсүңөр дейт. Баягы экөөбүз жаңыдан үйлөнгөндө эмне деген сөз болду эле дейт. Жамандыкта да, жакшылыкта да бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып чогуу жүрөлү деп ант бербедик беле дейт. Мен го ага даярмын дечи. Бирок эртеңки күнүбүз кандай болот? Бу улуу уруш дагы канчага созулат, элди оп тартып соруп эле жатат, соруп эле жатат. Биз качанга дейре ушинтип жашырынып, жымырынып отурабыз, бир күнү сырыбыз ачылып калсак эмне болобуз?.. Ысмайыл байкушка да бооруң ооруйт, үйүрүнөн ажыраган бөрү кебетеленип, жапайы болуп баратат. Жакындан бери суук тийип, күрсүлдөп жөтөлүп, кыйналып жүрөт. Же үйдө тамак толуп турса экен, эчтеке калбай калды, ороодо урукка деп алып койгон гана картошка бар, а да өнүп баратат. Биртке ундун чымчымын коротпой, кочуштап-ченеп, Ысмайылга гана нан жасап берип отурабыз, өзүбүзгө нан жок, өзүбүз жүгөрү атала менен эптеп күн көрөрбүз... Колхоздогулардын канчасынын үйүндө жалам талканы жок, ачка отурат азыр. Өлбөстүн күнүн көрүп атышат, качан жаз келет, качан уй тууп, акка жетебиз деп, көздөрү акыйып, зорго чыдап отурушат... Капырай, илгери замандарда да кишилер ушундай шордуу, жокчулук турмушта жашашты бекен? Билген-

дердин айтымында илгери деле жокчулук жакшы эле кыйначу экен элди, бирок мындай алаамат согуш болбоптур. Кедей болсо да, колунда жок болсо да адам эч кимден, эч нерседен качпай, жашырынбай, эркин басып жүргөнү жакшы эмеспи...»

Кээде Ысмайыл эмнегедир келчү маалынан кечигип келген учурлар болот – айылдын отунун баары өчсүн, эл тегиз жатсын, кокус бирөөгө карп-курп кез келип калып жүрбөйүн деп, көпкө зарыгып отура берет да, андайда да Сейде сарайдын артында чыдап, кабагым-кашым дебей күтүп, өзүнчө ойлонуп, Теңирге, ай-жылдызга жалынып, дуба айтып тура берет. Бир маалда тээ тигинде келаткан Ысмайылдын карааны көзгө илешет, ошондо гана Сейде оор ойлордон бошонуп, утурлай басат; бети-башы тоңуп үшүгөн, бирок эмелеки самсыган санаанын баарын бир паста унутуп, күйөөсүн үйгө алып жөнөйт... Таңга жетпей Ысмайыл кайра келген жолуна түшүп жок болот. Бир аз убакыт болсо да бирге болушат, ошого да канимет...



Сейде күйөөсүнүн көйнөк-ыштанын жуурун го жууйт дечи, бирок кургатыш жагы кыйын,– короого жая сала албайсың. Кокус бирөө көрүп калса эмне дейт? Ошон үчүн жуулган кийимкечени Бексаат отко кактап кургатат. Улам бир жагын чокко тосуп, түндүн бир оокумуна чейин жадабай отура берет.

Бир күнү да адатындай мештин оозунда жуулган кирди алсыз колдору менен чойгулап, от бетине жая кармап, кургатып олтурган, аңгыча эле үн-сөзү жок ыйлап жиберди да, келинине мындай деди:

– Сейде, сага айтам деп айталбай жүрөм. Менин ичимде бир балээ кесел бар, айланайын, мобу ныптам уюп эле ооруйт, жаман ооруйт, күчөгөндөн күчөп баратат. Жатсам да таш бастырып койгонсуп ооруйт, турсам да ошо. Жакшы эле тырышып, унчукпай чыдап келдим эле, эми алым калбай баратат.

– Анан эмне айтпай жүрөсүң? Көп болдубу? – Сейде кайненесинин чын эле өңү өчүп, көздөрү тунарып, катуу өзгөрүлө түшкөнүн ушунчалыкка жеткенче ичтеги дарты менен унчукпай алышып келатканын эми баамдап, жаман болуп кетти. Өзүн күнөөкөр сезди.

– Мен да байкабай эле жүрө берген турбаймбы. Кой, аракет кылалы.

– Эмне аракет кылмак элек? Ысмайылга айтпа. Билбей эле койсун. Өзүң көрүп турасың, кейип жүргөн эмени ого бетер кейитпе. Унчукпай келгеним да ошо.

– Анан ушинтип олтура бермек белең, доктургабы, табыпкабы, түшөлү да.

– Бул дарт курусун, өзүмдүн дартым өзүм менен кошо кетет деп койчу. Мени башка күйүт жеп жатпайбы. Силердин күнүңөр эмне болот, качанга дейре ушинтип элдин бетин карай албай, жашырынып-жамынып жансактайсыңар... – кемпир колундагы чала кургаган көйнөктү мыжыга-мыжыга кармап, арык ийиндери солкулдап, ыйлап жиберди:

– Киши эл менен киши да, кагылайын. Элсиз киши жашай алабы. Жалгыз балам элден качып-бозуп жүрсө менин жүрөгүм кантип канабайт. Ичиңен чыкса ийри жыланга да ийигесиң, кара чечекей балама күйбөгөндө кимге күйөм. Өзүң да эне болуп, баланын баасын билип

олтурасың. Сага айтар сөзүм бар, Сейде ук. Ысмайылга эчтеме дечү болбо, саган гана айтып аткан кеп. Мага сенден жакын эч ким жок, өлсөм ыраазылык батамды берип кетем, айланайын, эки дүйнөдө ыраазымын. Чөпкө зыяныбыз жок, тилегибиз ак бир жүргөн пендебиз – бизди эмне кудай мындай күнгө туш кылды? Өзүң билесиң, биердеги элге аралашып, сиңип кеткенибизге көп болду, а бирок түбү биердик эмеспиз. Бияк-ка келип жашап калган себебибиз да балдардын айынан болгон. Төрөгөнүм токтобой эле чарчай бербедиби. Байым да оорукчал эле, биякка көчүп келгенибизден кийин сыркоосу ого бетер күчөп кетти. Көчүп келгенибизден эмне чеп[1] чыкты деп да коём. Үч балабызды жерге бердик. Ысмайыл төртүнчүсү, боюмда, байым айтты, кой, балдарыбыз токтобос болду, журт которуп көрөлү, тиги коңшу айылда алыскы туугандарыбыз бар, ошерге көчүп баралы деп калды. Эми мунумду кудай аман койсо экен деп, өзүм да сарсанаа болуп жүргөн кезим. Ушу балам үчүн жердин түбүнө да болсо баргым бар. Ошентип көчүп келгенбиз. Ысмайыл аман-эсен төрөлдү, эл катары маңдайыбызга жазылганды көрүп жашап калдык. Жаман жери Байымдын сыркоосу күчөгөндөн күчөдү, ыкшып эле жөтөлөт, дарты өпкөсүндө экен. Ысмайыл бешке чыкканда көз жуумп кете берди. Баламды боорума басып отуруп калдым. Кара ашынан кийин менин бир туугандарым келип, алып кетебиз деп калышты, сен аларды билбейсиң, көрө элексиң.

– Айтпадың беле, илгери Чаткалга ооп кетишкен деп бир айтпадың беле.



---

[1] ч е п – тосмо, коргон; 2. *өтмө м.* – пайда, коргоо.

– И, баса, айттым беле. Муну эч кимге оозунан чыгара көрбө деп бир айтпадым беле. Тугандарым нарк билген, салт билген, колунан иш келген мыкты кишилер. Келишип, кой, сени өзүбүзгө жакыныраак алпарып алалы, биерде балаң менен жалгыз отурмак белең, али жашсың, ушу бойдон эле жалгыз бой өтүп кетмек белең, тагдырды болжоп болобу, бирөө сөз айттырып калса биерде акылдашар кишиң жок, бизге жөлөнүп-таянып дегендей, жаныбызга барып жаша, калганын да көрө жатаарбыз дешти. Мен айттым, бир боор деп минтип жан тартып отурасыңар, ыраазымын. Силер улуу, мен кичүү, сөзүңөрдү кантип жерге таштайын. Бирок кечээ күйөөмдү жерге жашырып, бүгүн көчө качып кеткендей болбоюн, жыл өтсүн, ашын берели, анан көрөлү. Кел десеңер баламды жетелеп, силерге жакыныраак барайын. Ушундай кеп болду, кагылайын Сейде, Үсөнкул, Арын – эки бир тууганым менен ушундай кеп болду. Жыл өттү, аш бердик, ии, эми кандай кылсак деп турганымча эле элди кулакка тартмай башталды. Бир туугандарым өздөрүнүн жаны менен алек болуп калды, ошо жылы Чаткалга көчө качып кетишти, үй-бүлөлөрү да кошо кетти. Ошояктан орун-очок таап, ошояка эл болуп кетишти. Чаткалдын ашуусу жайында гана бир ай ачылат, унаа мененби, жөө болобу, ашчу киши ошондо гана ашат, калган учурда аерден канаты бар эле куш учуп өтпөсө, жан киши каттай албай калат. Кар уюлгуп, бороон жүрүп турган ашуудан өтөм деген куш да тоңуп кулап түшөр. Туугандарым ошо ашуунун ары жагында, көздөн далдоо кетишкен. Өзүм а жакты көргөнүм жок, көргөн-билгендерден уктум да...

Кемпир бир саамга ойго чөмүлүп, унчукпай калды. Кычкач менен мештеги күйүп аткан көңдү чукулап, уулунун көйнөгүн оттун табына кармай берди. Ыйы токтогон, көздөрү кургак. Сейде анын кан-сөөлү качып, купкуу болгон иренин карап туруп: «Кудай, ушу энемдин жанын аман коё көр!» деп ичинен тиленип жиберди. Кемпирдин көрүнүшү чын эле жаман, күзгү суукта жол жээгинде чала жан жаткан чегирткедей шалбырап, араң эле кыймылдайт. Ушуну аман коё көр, кудай,– деди Сейде дагы ичинен кайталап,– ооруса-сыктаса да башы аман болсо экен. Кокус бирдеме болсо мен жалгыз эмне кылам...»

Ушерден ага бүдөмүк бир ой келе калып, жүрөгү шуу дей түштү, аны ары улантып ойлогондон коркуп, башкага алаксыш үчүн:

– Эмне деп келаттың эле, эне, ии, Чаткалды айтып атпадың беле? – деп жиберди.

– Ошо. Ошо менен бир туугандарым Чаткалга түшүп кетти,– деди кемпир. – Билгендей эле кетишкен экен, биерде турушса соо калышмак эмес экен. Тиякта аска-тоолордун арасында бирөөгө биреөнүн чоңдугу жок. Өз башың өзүңдө, эптеп аракет кылып, мал-сал курап алсаң, – тиричилигиңдин жөнүккөнү ошо, жок, эчтемеге ынтылбай, алма быш, оозго түш деп отура берсең – өз шоруң өзүңдө, айлаң кеткенде тоодон түшүп, түздөгү өзүбектерге барасың да, анан башка эмне кыласың. Ошентип Үсөнкул, Арын – эки бир тууганым бала-чакасы менен же бар болорбуз, же жок болорбуз деп аякка кетти, бияктагы үйлөрүн болсо өмүрү жакшылык көрбөгөн томаяк кошуналары бир паста талап-тоноп кетишти. Ошондон жыргап кеткен деле эч кимиси болгон жок. Аңгыча элди ачарчылык капта-

ды. Анын алдында эгин топтоп, мал күткөн чарбачыл кишилердин баарын кулакка тартып, айдап кетишти. Айыл-айылдан не бир эр азаматтар жылан сыйпагандай жок болду. Көбү тетиги Шиберине айдалып, ошондон ары дайынсыз кетишти. А менин бир туугандарым аман калды. Бирок ошондон кийин көрүшкөнүбүз жок. Барган жеринде очор-бачар болушуп, түзүк жашап кетишти деп уктум. Бир жылы жайында, эсиңде бар бекен, ыстанцага базарга барбадык беле, ошондон бир аздан кийин эле согуш чыкпадыбы, ошондо мага бир иреңи капкара киши басып келип учурашпадыбы, өзү түбү ушуяктан, а да кулакка тартылат дегендердин ичинде болчу, ошо киши Үсөнкул, Аргын туугандарың аман-эсен деген кабар айтты. Көп сүйлөшө алганыбыз жок, Ысмайыл экөөң сага жоолук карагычакты сүйлөшүп тура калдык, эки бир тууганың аман-эсен, Чаткалдын бир айылынын аксакалдары, карып калышты, бирок али тың, турмуштары жаман эмес деди. Менден экөөнө салам айтып койгула дедим. Балам үйлөндү, келиним бар деп, сен жөнүндө да айттым.

– Булардын баарын эмне айтып атасың, эне?

– Булардын баарын айтып атканым, өз тагдырымды ойлойм, силердин тагдыр кандай болот – аны ойлойм. Ошондон чыгып аткан сөз. Тагдырыбыз түзүк эле келаткандай болду эле. Туугандарым Чаткалга кеткенде жалгыз калдым. Кыйналсам да эптеп тирилигимди жөндөп, бирөөнүн көзүн караганым жок. Колхоздун кай жумушун болсо да иштедим. Баламды чоңойттум. Трактирчи болду. Жакшы иштеди, алган тыйыны да дурус. Анан үйүбүзгө сен кирдиң, кагылайын. Ошентип турмушубуз жакшы

эле куралып келатпады беле, аңгыча эле согуш деген балээ чыга калды. Калганын өзүң көрүп олтурасың. Анан ойлобой коёмбу, ойлойм да, бу өмүр бою эле азаптан арылбай келаткыдай кимге эмне жазганым бар? Ушундай азаптуу-тозоктуу тагдыр болобу. Балдарым биринен сала бири чарчап, анда көз жашым көлдөтүп жүрдүмбү, эримден айрылдым, бир туугандарымды кулакка тартабыз деп, алар андан качып-тозуп, жер ооп кетти, таңда кетип, күүгүмдө келип, колхоздун көрүнгөн жумушун жасап, тыным билбей жүрдүм, эми минтип, картайып, оорудан мүңкүрөп олтурам. Эмне жакшылык көрдүм деп ойлойм да. Баарынан да тозогу согуш экен, айланайын. Балам байкуш качып, башын калкалар жер таппай жүрөт, эмне дейм, тилдеймби, каргаймбы, каргагыдай согушту чыгарган ал болбосо, анын да жашагысы келет да, сенин да ичкениң ирим, кагылайын, жегениң желим, көрүпбилип олтурбайымбы, тигинтип томпоюп, томпойгон балакетин алайын, эчтеме менен иши жок балаңар жатат, анын эртең көрөрү эмне? Же арманың бирөөгө айталбасаң, жан киши билбесин деп олтурабыз экөөбүз...

– Ушундай азапка жаралыппыз, эмне кылалык эми, эне,– деп чырактын жарыгына салып, бир табак буудайдын чарын терип олтурган Сейде оор үшкүрүп жиберди. – Биз го жамандыр-жакшыдыр минтип жылуу үйдө олтурабыз, ушу суукта үңкүрдө тиги шордуунун көргөн күнү эмне болду? Же от жага албаса, жаксам түтүнү бар, жарыгы бар, бирөө байкап калбасын деп андан корксо. Өзү да бир мүнөз, унчукпаган неме, эркектер ошондой, оюндагысын оңой менен сыртка чыгара бербейт эмеспи,

бая күнү мага чечилип сүйлөп берип атпайбы. Мен муну сага айта элекмин. Талаа менен келатып эстей калдым дейт, трактор менен эң биринчи так ошо жерди айдаган болчумун дейт. Айдап атам дейт, айдап атам дейт, көңүлүм бир толкуйт дейт, өмүр бою эле ушинтип жер айдап, дан сээп жүрсөм деп тилек кылып коём дейт. Эми так ошо талаадан бүжүрөгөн чычкан болуп, үстүнөн кулаалы, же капталдан түлкү баса калчудай элеңдеп корккон чычкан болуп өтпөдүмбү дейт. Ушинтип айтпадыбы, эне.

– Ошону айтып олтурбаймбы,– деди Бексаат көйнөгүнүн этеги менен көзүнүн жашын сыгып. – Мынчалык кудайга эмне жазганыбыз бар? Жалгыз балам экен, эмне дейм, же сага сүйөк-таяныч болуп бере албай, минтип жаным кыйналып, ооруп олтурам, бир ныптам таш бастырып койгондой эле ооруйт да ооруйт. Атаганат, баягы күн-түн дебей күрсүлдөп колхоздун жумушун кылган жаш кезим болсо эмне, ушинтип очорулуп отурат белем. Баламды колума көтөрүп, канатыма отургузуп, ашуу ашып, дабан басып, Чаткалга түшүп барбайт белем, кулакка тартабыз дегенде кеткендер башын балээден калкалап эле калды го, Чаткал деген бийик тоолуу жер экен, ар ким термелесе тирилигин жасап кетет экен, термелебесе калат экен. Эми, айланайын Сейде, эртеден берки кебимдин төркүнү ушу – экөөң да жетелешип, жай келсе, ашуу ачылса, кеткиле, Үсөнкул менен Аргын экөөн тапкыла, экөөнүн балдарын тапкыла, менин өсөрүм калган жок, өлөрүм калды. Мен ушерде эле болоюн... Чаткалга түшүп кетсеңер кантет, балаңарды көтөрүп алып, ашуу ашып.

– Чын эле, эне! – деп, сүйүнүп кетти Сейде, а да өгүнү ушуну өзүнчө бир ойлоп койду эле. – Бирок кудайдын дагы не айтканы турат, бара көрөрбүз.

Экөө тең унчукпай калышты. Кемпир отко кактап, көйнөк кургатып, Сейде буудайдын чарын терип, ойлонуп олтурушту.

Ошол эле түнү Ысмайыл үйгө келгенде Сейде Чаткал жөнүндөгү сөздү айтты. Ысмайыл мындай кубанбас! Ага алдынан тосуп турган бийик чептин бир жеринен капыстан шарт деп дарбаза ачыла түшкөндөй болду. Энеси менен келинчеги үйдө олтуруп алып, туюктан алып чыгар бирден бир туура жолду таап алышканына таң калды. Азаптан кутулат, эркиндикке чыгат деген ушу да!

– Капырай, муну кантип ойлоп таптыңар ыя?! – деп жатты Ысмайыл сүйүнгөнүнөн барбалактап. – Чаткалда чын эле көздөй таякелерим турса ыя. Кудай берди, кудай өзү ишими оңоду! Эми эптеп жайга жетип алсак, ашуу ачылса, бир күн эмес, бир саатты да текке кетирбеш керек... Ушу башыма келбептир да. Анын үстүнө өзүмдүн бир тууган таякелерим Чаткалда экенин мурда-кийин дурустап билип албапмын. Сен да жашырып айтпай келипсиң, апа. Кулак десе ким каягынан дагы кандай сөз чыгарып жиберет дегендирсиң. Ошо кулак болушканы ырас болуптур. Мына эми Чаткалдан издеп барып таап алабыз. Кулактар дешип! Кулактарды табышкан экен! Чаткалга эптеп жетеличи, сурамжылап таап албай жаныбыз жокпу, табабыз – Үсөнкул, Аргын таякелеримди, чынбы, апа? Кудай жалгап, ушундай бир туугандарың болуп калганын кара!

Ысмайылдын кубанычы ашып-ташып, «бүттү, атасынын көрү, бир азаптан кутулдум» деп көңүлү чайыттай ачылып турду. Али эшикте кычыраган кыш турат, али алдыда ала шалбырт жаз жатат, жайга чейин кайда, али муз эрип, тоолордун жака-белинен кар кетиш керек, күкүктөп суу кирет, ашуунун белинде омбулар[1] жукарып, жол ачылат, жүрчү көчкүлөр жүрүп, ал мезгил да өтөт, али кайда, мындай кыйын жолдун өзүнчө даярдыгы, камы көрүлүш керек, ушунун баары алдыда болчу иш, бирок Ысмайылдын көңүлү элеп-желеп болуп, жаны жай таппай калды. Бирде тура калып, терезеге барып, Чаткал тарап ушу жактасың го деп, жылдыздуу түндө чокулары шаңкайып, асман тиреп катарлаш турган тоо кыркаларын үңүлө тиктеп, ошол үстүнөн учуп өтө албай куш канаты тоңгон аскар тоолордун ары жагында жаткан Чаткал өрөөнүн элестетет; бирде мештин оозуна кайра келип, муздап калган тамагын ичип кирет: демейде алдындагы табактан башка менен иши жок, аза күткөн адамдай үңкүйүп отурчу эле, эми такыр башка – көздөрүнүн оту жанып, үнү бек-бек чыгып, баягы илгерки өз калыбына келе түшкөнсүдү. Ырас, анын минтип өз кыялына өзү мас болуп, жүрөгү алып-учуп турган чак узакка созулбайт, эки күндөн кийин эле үңкүрдө жатып, көңүлү зилдеп, суукту, кышты, жапайы тоо-ташты, көзүнө эмне көрүнсө ошонун баарын ашатып сөгүп, ушундай күндө калганына жиндеп, тагдырына түкүрүп, жинине чыдабай ыйлап, жаны кашайганда, ушу кушча жокмун,



[1] о м б у – түз эмес, шамал үйлөп дөбөчө-дөбөчө болуп каткан кар, муз.

ушундан көрө куш болуп калсам эмне, тоо ашып кеткенге жарайт элем го деп чындап эле өкүнүп, жанын коёрго жер таппай зили караят дечи – ошону баамдап, апасы менен аялы анын кабагы ачылып кубанганын да, кайра жаны кейип кыйналарын да түшүнүп-туюп олтурушпайбы, качкындын иши качкын, анын көргөн күнү эмне экенин экөө билип калышты, качкын киши башын сактайм деп качкан менен согуштагыдай эле артынан өлүм кубалап алат турбайбы. Согушта душман өлтүрөм деп турса, биерде өзүбүздүкүлөр өлтүрөм деп издеп жүрөт… Мыйзам ошол экен, эмне кыласың.

Ал эми пенделик парска бекем, жакын адамы кыйналып атканда жанын берүүгө даяр эки аял – кайнене менен келин – Ысмайылдын азабын кошо тартышпаганда кайда барат. Экөө тең билет: эл арасы күбүр-шыбыр сөз, кыңыр иш билинбей коёбу, бирок жаманчылыкты жалпы тартып, жалпы мүңкүрөп турган эл бул эки бечарада не күнөө деп, башка учур болсо бетке чаба айта турган ачуу сөздү айтпай турат. Эл билсе, сени аяп унчукпай турса, аны көрүп-билип турсаң, – мына ушул азап. Баардык азаптан да эки аялдын башына түшкөн ушул азап оор. Анан да качкын качан колго түшөт деп мыйзамдын катаал жолу күтүп турат, качкынга аёо жок, качкынга өлүм деп турат. Муну ойлосоң жүрөк зилдейт, кирпик көзүн какпай таң атырасың. Айла канча. Мырзакул чолок, алыс да болсо тууган, бирок сельсовет неме, жинденип, ызаланып, Сейдени камчы менен сабады, муну да кайнене, келин – эки зайып жүрөктөрү канап, ичтери өрттөнүп турса да, унчукпай көтөрүп коюшту. Ысмайыл деп ошентишти. Ушу-

нун баарын түшүнүп, билип-туюп, ушунун баарына чыдап келатышканда, Ысмайылдын башын калкалай турган бир кичинекей огожо үмүт чыга калып, үстүлөрүнөн оор жүктү ала салгандай кадыресе жеңилдей түшүштү, өздөрүнчө ушул акылды таап алганына астейдил сүйүнүштү.

Ысмайыл болсо эртең таң заардан эле сапар тартканы турушкансып, Чаткалдын ашуусун кантип ашуу керек, ошонун жайын айтып баштады. Бексаат менен Сейде анын айткандарына ого бетер жүрөктөрү жылып, кубанып олтурушту, себеп дегенде үчөөнүн тең ой-санаасын туюктан чыгарган, үчөөнүн тең ой-санаасын эми бир тарапты көздөй, Чаткалды көздөй жетелеген амал табылды. Бирок ичтеринде Бексаат, Сейде экөө тең бул ой лып эле ишке аша калбасын, ооз менен айтканга оңой болгон менен ак кар, көк муздуу, асман тиреген ашуудан өтүш тозок экенин, аерде канча адам көчкү астында калган, канча адам түтөккө чыдабай өлүп кала жаздаган татаал жер экенин түшүнүп олтурушту. Чаткалга барганда эле баары ойдогудай боло калабы, аны да бир кудайдын өзү билет. Бирок бу жагын кеп кылышпады, экөө тең сүйлөшүп алышкандай, Ысмайылдын сөзүн коштоп, макул болуп жатышты. Айрыкча Бексаат кемпир жаны жер тартып, деми кыстыгып, зорго отурса да анысын билгизбей, баламдын биртке кубанып турган көңүлүн кирдетип албайын деп, ичинен тиштенип чыдап, жүзүнөн эчтеме байкатпай отуруп берди. Чыдайын, уулум таңга маал үйдөн чыгып кеткенге дейре чыдайын, анан онтоп, оорум менен алышайын, ошондо буркурап бир ыйлап алайын, кудайга жалынайын, ушу баламды эми кыйнай көрбө, акылынан айры-

лып, жинди болуп кетпесин, айланайын Алла Таалам дейин, абалыбыз бу болуп турганда менин кеселимди күчөтпө, табып чакыртып далбастатпа, биздин үйгө киши-кара каттап, айылападагылар кирип-чыга турган чак эмес дейин, уулумдун тагдыры минтип кылдын учунда турганда мен төшөккө жатып каламбы, анындан сактай көр кудай дейин деп отурду. Жанды, берген кудай өзүң аларсың, пендебиз, андан качмак белек, уулум ашуусун ашып, Чаткалына жетип алсын, коё тур, жанымы оозума тиштеп отура турайын, аман-эсен кутулуп кеткенин көрүп, анан өлөйүн, барчу жайыма анан барайын, ичер суум түгөнсө айла барбы, барайын, кара башым курусун, кара башым үчүн эмес, өз балам, өз келиним экөө үчүн ушинтип сuranыптиленип атам, жараткан эгем! – деп отурду. Келинимден кагылайын, келинимдей келин барбы деп, ичинен Сейдени миң бир ирет алкады. Акыйкаты да ушу – дүйнөдө ага Сейдеден өткөн кымбат адам жок. Деле опосуз өтүп аткан өмүрдүн баш-аягын бир имере чалып карап, бу жарык дүйнөгө темселеп келип не таптым, не жакшы нерсени көрдүм деп ойлой келгенде Бексаат бечаранын көңүлүнө жарык шоола түшүрүп, жүрөгүн жылытып турган бирден бир касиет да ушу – Сейденин ага келин болуп калганы. Эгер тагдыр ушундай жылдызы жарык, ак көрпө жайыл келинден бактысын аяса, эгер Сейде да Бексааттын кейпин кийип, өмүрү үшкүрүк, күйүт менен өтө турган болсо, анда бакыт кимге, кандай аялга берилчү нерсе? Ал кандай барчу кишиге барбай, эл арасында сокурдай темселеп жүргөн бакыт? Ансыз да бу жарыкчылыктын адамды эзген көйгөйү азбы...

Ушул кара тумандай самсаалаган санаа ансыз да жаны кейип жаткан кемпирди ого бетер алсыратты. Кайдагы бир кейиштүү ойлор, убайым кудум алыс сапар тартаар алдында асман бетин бербей удургуп, чуру-чуу түшүп, имерилип учкан келгин куштардай бири ары кетсе, бири бери келип жатты. «Кой, убайым жаман, тукуму соолсун, убайымга алдырбай, тынч жатайынчы дегенине болбоду, бир ыптасын келемиштей кемирип жеп келаткан оору демейде башына келбеген ойлорду ойлоого аргасыз кылып жатты. Оору дайыма адамды өзү менен өзүн сүйлөштүрүп, эч кимге айтпаган сөздөрүн ичинен өзүнө айттыра алат эмеспи. Бирок канчалык кыйналса да, элеттик кыргыз аялдардын эзелтен салт болуп келген чыдамкай көтөрүмчүл мүнөзү канында бар Бексаат ичинде кандай алоо күйүп жатканын сыртына билдирбеди. Ысмайыл өзүнчө кыялданып, жай алды менен Чаткалга токтоосуз жөнөө керектигин кайра-кайра айтып, «Төртөөбүз учкашып-чиркешип эптеп ашуу ашып кетебиз. Андан көрө жакшылап камчом көрүп албасак болбойт» деген кезде гана Бексаат айласыздан акырын үн катты:

– Мен биерде эле калайын, балам, жол жүрөр алым турабы, өзүңөр аман-эсен тоо ашып кетсеңер кандай. Батамды берип, амандыгыңарды тилеп, ушерде эле болоюн.

Ысмайыл безге сайгандай секирип кетти:

– Ушерде калам дегени эмнеси! Ой, апа, сен эмне деп атасың! Сени кантип таштап кетебиз?! Сени таштап биз эч жакка кетпейбиз. Өз энемди таштап салып мен каякка барат экем?.. Жонума көтөрсөм да ала кетем.

– Кудай тилегиңи берсин, садагаң болоюн.Минтип алым куруп, сыркоолоп, карылык бир жагынан шалдыратып салбаганда, жөрмөлөсөм да силерден калбайт элем го,– деди Бексаат баласынын көңүлүн сындырбастын амалында. – Мага силер менен чогуу жүргөн жакшы эмей. Бирок биз айтып атабыз, а кудай эмне деп туру...

– Олда, апам-ай, ушинтип эле убайым жей берет! Ар нерсени ойлоп санааң тынбай жатыр, апа билип атам, бирок көп кабатырлана бербе, али кайда, дагы алдыда бир топ убакыт бар,– деди Сейде адатынча жаркылдай күлүп. – Кудай колдоп, ага чейин жакшы болуп кетесиң. Көрөсүң, го, апа, бу сыркооң сен көр, мен көр жок болот. Мына ошондо жолго чыгабыз. Чаткалга жетип, бир туугандарыңды таап: «Мына, келдик, карындашыңарды алып келдик, ал аз десеңер өзүбүз биротоло кошо келдик» дей турган күн да алыс эместир...



Сейденин сөзүнө үчөө тең күлүп калды. Сейде оору жөнүндө сөз ырбап кетпесин үчүн, кепти бура салганын кайненеси түшүндү. Ичинен анықын туура көрдү.

Ушинтип, бири-биринин көңүлүн улаган, сүйөмөлөгөн, биртке болсо да оор убайымдан сергиткен кобур-собур менен дагы бир түн өтүп баратты. Айрыкча Ысмайыл өзүнчө эле толкундап, эргип кетип жатты. Бир-эки жолу уктап аткан Амантурду көтөрүп ала коюп, бооруна кысып, бетинен сүйүп, шыбырай сүйлөдү: «Чаткалга барабыз, уулум, таякелерибизге барабыз. Корунбай, кысынбай, эл катары жашайбыз. Тай үйрөтүп берем, минип алып кырды кырдай чабасың. Кокуй эле кокуй деп, артыңдан апаңдар эси чыгып кыйкыраар дейм ыя!».

Анан ал олуттуу түр менен кебин салмактуу таштап, Чаткалга кантип жол тартыш керек, ошону жай айтып чыкты.

«Албетте,– деди ал,– жайды күтөбүз, анан башка арга жок. Жол ачылсын. Азыр болсо бөгүп гана тынч жатыш керек, келчү учурду күтүп. Эч шек билинбесин. Күткөн күн келер замат, буйдалып олтурмай жок – дароо тоо беттеп жөнөп беребиз. Жөнөгөнгө чейин баардык камчомду көрүп коюшубуз керек. Ашууда али кар жаткан мезгил болот. Атүгүл аерде катуу бороон-чапкын да болуп турат деп укчу элем. Жылуу кийим, айрыкча бут кийим албасак болбойт. Жөө-жаландап аска ташты аралап, кар кечип, муз басып өтүш үчүн бышык бут кийим кийиш керек. Антпесек ашууда калабыз. Анан тамак-аш. Бир жумага жетер азык алсак болоор. Талкандан көбүрөөк алыш кажат, эттен бышырып да, чийки да камдап, туз, отун да алыш керек. Ашууда кайдагы отун, кар менен шамалдан башка эчтеме жок. Кезинде мен Чаткалдын ашуусу жөнүндө нечен кептерди уккам. Апам туура айтат – эт болгондо да майлуу, семиз эт керек. Чабандарды ызгаарда алып жүргөн ошо майлуу эттин кубаты да. Ашуу ашканда кандай тамактаныш керегин ошолор билет. Эки куржун керек. Баардык буюм-терим, кийим-кечек, баланын ороочулгоосунун баарын ошо эки куржунга батырабыз. Куржундарды эшекке жүктөйбүз. Эшекти кайдан табабыз? Баса, ырас эле, эшекти кайдан табабыз? Бир эмес, эки эшек керек. Бирине куржундарды артабыз, Экинчисин жумшактап токуп берсек, апам баланы өңөрүп кете берет. Биз жөө басып алабыз. Шашпа, шашпа, Сейде. Эки

эшек кайдан табылат деген жатырсыңбы? Азыр айтам. «Берем деген кулуна, кудай белен кылат жолуна» деп, эми эстебедимби. Бир жолу сага айткамын, эсиңде барбы, жокпу, тээ Кой-Таштын коктусунда алты-жети эшек жүрөт деп. Болду-болбоду кен издегендер жүк артып келишкен да, жумуштары бүткөндөн кийин эшектерди таштап, өздөрү поездге отуруп жөнөп кетишкен. Күздөн бери ошерде жүрүшөт, же айдап кетер ээси жок, былтыркыдан калган үймөк чөп-чар, саман-суманды жалмалап, кар алдынан бетеге тээп оттоп, кыштан чыгып кетмей болушту. Бирөө-жарым көрсө көргөндүр, бирок алардын кимге кереги бар, айылда эшек толуп атпайбы. Ошолордун экөөсүнө туз берип, үйүр алдыра берейин. Керек болгон күнү биерге түндөп айдап жетип келем. Жүгүбүздү арта салып, жөнөп кетебиз. Таңга чейин бу чөлкөмдөн алыстап кеткендей болушубуз керек. Канчалык алыстап кетсек, ошончолук жакшы...»

Ангыча айылдын кайсы бир жеринен короз чакырды. Ага удаалаш эле коңшулардын короздору жарыша үн созду. Ысмайылдын кетээр маалы болду. Ал арыдан-бери жыйналып, баласын эңилип жыттап, апасынын көңүлүн көтөрмөлөп бир-эки сөз айтып, анан эшикке чыкты. Айлана али караңгы. Айыл жымжырт уйкуда. Бүт төгөрөк чөлкөм таң алдындагы суук ызгаардан ичиркенип, чылк чүмкөнүп алгандай тынч. Кар жаачудайбы, кандай – батыш жакты капкара оор булуттар каптап, түнөрүп келатат. Сейде күйөөсүн узатып, эшикке кошо чыкты да, короодон өтүп баратып:

– Ысмайыл, эгер эртең түнү мен сени күтүп биерде турбасам – анда үйгө кирбе, дароо кетип кал,– деди.

– А эмнеге, эмне болду? – деп Ысмайыл чочуп кетти.

– Апам катуу ооруп калган түрү бар. Сени кабатыр болбосун деп сыр бербеди көрүнөт. Дарылаш керек. Табыпка көрсөтөйүн. Антпесек болбойт.

– Алда атаңдын көрү-ая, какаганга муштаган болгонун кара. Дарыла, Сейдеш, кыргыз табыпка. Башка эмне айла кылабыз. Балким чөпчар кайнатып берсе шыпаа болуп кетээр, ыя?

Ошо менен коштошушту. Ысмайылдын кетип баратканын Сейде көпкө карап турду. Ана, ал көнгөн жолу менен жүрүп олтуруп, Сатымкулдун, анан Тотойдун короолорунун жанынан кыйгай өтүп, чоң арыкты көздөй бурулду да, көрүнбөй калды. Эми байкуш жалгыз эрбендеп, чий баскан ээн талааны аралап өтүп, тоо таянат да, үңкүрүнө жетип, күпшүйгөн оор тонун жамынып жатат, кантет анан деп ойлоп турду Сейде. Бирок бу жолу анын көкүрөгүнө түшкөн бир жарык шоола – жакында Чаткалга ооп кетебиз го деген тилек көңүлүн сергитип, чыйралтып, кара тумандай санаага көп чөктүрбөй, жашоого үндөп жатты.

Сейде үйдүн босогосун аттай берип эле жүрөгү шуу дей түштү: кайненеси эс-учун жоготкон түрү бар. Эси чыгып, эмне кыларын билбей, жетип эле чөгөлөй калып, кош колдоп көтөрүп ала койду. Капырай, кебездей жеңил, сөөгү менен эле териси калган турбайбы, жаны эмнеге илинип жүргөн? Зорго эле дем чыгаргансыйт. Сейде кайненесинин көзүн карабады, көзүнө карагандан коркту, «кудай, жамандыгыңды көрсөтө көрбө!» дей ичинен жалынып жиберди.

– Апа, апа, эмне болду, көзүң аччы, каериң ооруп атат, мобу жериңби, жүгөрү ысытып басалыбы, ысыгыраак чай ичесиңби?

Эмне кылар айласын таппай, мешке чуркап барып от тутантып, көмөч казанга жүгөрүдөн салып, ысытып, анан аны ооруган жерге басмакка баштыкка салып, далбастап жаткан Сейденин башында «эми эмне кылам?» деген ой чарк айланып турду. Мындайда эмне кылыш керек – бештен белгилүү эмеспи: айлана-тегеректеги эстүү-баштуу кишилерди чакырып, сыркоону көргөзүп, алардын акылын угуп, анан бу аймактагы белгилүү табыптардын бирин апкелүү керек. Анда Ысмайыл кантет? Үйдөн киши аягы үзүлбөй калса, дарылап-эмдеп табып олтурса, оорулууга «жакшысыңбы?» деп кирип-чыгыш коңшу-колоңго парс, алар эрте-кеч каттап турса... Жок, не болгон күндө да күйөөсүн жашырып-жаап, багып туруу – Сейденин мойнундагы бирден бир милдет.

Ушуларды ойлоп Сейденин оюу быт-чыт, же Ысмайылды кыя албайт, же кайненесин кыя албайт. Эки оттун ортосунда турду. Тиягын да ойлоду, быягын да ойлоду. Акыры кемпирди төшөгүнө жылуу-жумшак жаткырып, ал бирткe түзүк болгонсуп калгандан кийин, ичинен бир чечимге келди.

Эртең менен Сейде баласын эмизе салып, Тотойдукуна алпарды да, бир аз көз сала тургула деп дайындап коюп, өзү айылда бир бүбү чалыш кемпир бар эле, ошого жөнөдү. Колу жеңил кемпир, анча-мынча ооруну эмдеп-домдоп айыктыра коймоюу бар, өткөн жылы Сейденин төрөтүн аман-эсен түшүргөн да ошо. Үйүндө экен, «барайын, айланайын, барайын, бирак менин колу-

ман келеби, келбейби, экөө болуп баралы» деди. Экөө дегени – дагы бир эмчи аялды ала бармакчы болду. Сейде үйгө келип, аларды күтө берип зарыгып бүттү. Түшкө жуук зорго келишти. Келген менен пайда болгон жок: олтурушту, чай ичишти, Бексааттын алын сурашты, «жөнүгүп кет, жакшы болуп кет» дешип ак ниетинен тилек айтышты, анан «бу дартты алыш биздин колдон келчүдөй эмес» дегендей шыпшынышып олтуруп калышты. Болгондон суунун аркы өйүзүндө, Арча айылында эмчи Муса деген чоң табып чал бар, ошону апкелгиле дешти.

Сейде Тотойго кайра барды. «Апамды да, баланы да карай тургула эми, мен эмчи Мусаны чакырып келбесем болбой калды» деп, мандайкы айылга жөнөдү. Тотой ак көңүл, боорукер неме эмеспи, «карап турбаганда анан!», деп, өзүнүн чиедей балдарын да көтөрүп-жетелеп алып, кемпирдин жанына келип олтурду.



Эмчи Муса үйүндө экен, Сейде ушуга катуу сүйүндү. Кечке маал барып көрөйүн деди а киши. Сейде дароо кайра кайтты. Эки айыл ортосундагы суу кышында тартылып, тайыздай калган менен кече келгенде тизеден жогору чыгып, муздагы сөөктү какшатып, денени калчылдатат. Айла жок, дагы кечип өттү. Бутун шапашуп кие салып, айдөш жолдо ыкчам-ыкчам басып жөнөгөндө дене-бою жазыла түшкөнсүдү, бир аздан соң атүгүл ысып чыкты.

Жана тиги айылга баратканда да, эми кайра кайтып келатканда да Сейденин оюн онго, санаасын да санга бөлгөн нерсе ушу болду – канткенде кемпир тыныгып кетет? Күн эмес, саат сайын ал-кубаттан кайтып бaратат, абалы начар. «О, кудуретинден айланайын кудай, мын-

дай коогалуу күндө турганда апамдын жанын сактай көр!» деп, кайра-кайра кудайдан тиленип-суранып жатты Сейде... Эми айлабыз эмне болот, апам да жакын арада турчудай болбой катуу жыгылды, мен Ысмайылга кеткенде, баланы кимге таштайм, же Ысмайыл мурдагыдай үйгө кирип келалбаса... Кандай арга кылам?!. Акылы бир жерге токтобой, башы маң. Кайрылып эле кудайга жалынат. «Жараткан эгем, апамды сакайта көр, өзү туруп, өзү басып, үй ичинде кыбырап жүргөнгө жараса эле болду эле,– деп тилейт. – Эшекти токуп берсек, мингенге жараса, кудайдын бир айткан күнүндө бири-бирибизди жетелешип, эптеп Чаткалды ашып кетсек, эч кимге кор болбой, эч кимден коркпой, эркибизче жашап кетет элек го! «Капырай, канча киши оорусунан айыгып, сопсоо болуп эле кетип жатат, ошонун бири ушу апам болуп калса болбойбу?» – деп ойлойт. А эгер оорусунан жөнүкпөй, ушу бойдон туралбай жатып калса, анда Чаткал кайда – сыркоо кемпирди жалгыз таштап кетишеби? А кемпирдин жанынан чыкпай олтуруп алса, Ысмайыл кантет? Мына аз калды – жазгы талаа жумуштары башталат, тоонун этек-белине жайылып мал чыгат, бирөөнүн болбосо бирөөнүн көзүнө чалдыгып калышы бар – анда эле иштин бүткөнү...

Тоңголок жолдо шыпылдап үйгө шашкан Сейденин көкүрөгүн ушундай кара тумандай ойлор каптап, кептелген туюктан чыгарчу жолду таппай келатты.

Эми анын жалгыз үмүтү эмчи Мусада калды. Муса бу аймактагы атактуу дарыгер, түркүн чөптүн тилин билет, сүт менен да дарылайт. «Кудай ушу эмчинин колуна касиет берип, кемпир бат

эле сакайып кеткей эле, үйгө кирип-чыкканга жарап калгай эле,– деп тиледи Сейде. – Баягыбыздай эле эч ким менен ишибиз жок, өзүбүзчө чүңкүлдөшүп оокатыбызды кылып, түнүндө Ысмайылыбызды тосуп алып, Чаткалга кандай кетебиз, болгон дүнүйөбүз көп болсо эки эшекке жүк болор, а жагын сүйлөшүп отурган күн кайра келгей эле»...

Эмчи Муса айтканындай кечке жуук келди. Абышка кокус үйдү таппай издеп калбасын деп, Сейде утурлай тосуп, үйдүн жанындагы дөңсөгө чыгып турган.

Башында түлкү тумак, эшекчен келаткан эмчини Сейде алыстан эле көрдү. «Кудай, эми ушу эмчиден айта көр!» деп, ичинен жаратканга жалынды. Оюнун баары эмчи Муса өзү келет дегенге биртике кубаттана түшкөн, бирок оң ныптасынын ооруганы көз ирмемге да басылбай, жаны кыйналып жаткан кемпирде.



Эмчи Муса деген иреңи кара тору, сакалы куудай, кочкор тумшуктанган чоң мурду бар, сөөк-саактуу, алибеттүү чал, адамды кунт коё теше тиктейт. Анын эмчилик күчү да так ошо кишини кезеп өтчүдөй болгон өзгөчө көз карашында, анан да кулакка угумдуу, жагымдуу коңур үнүндө. Сейдеге жакындай берип:

– Эмне үшүп эшикте турасың, кызым, өзүм деле таап келбейт белем, Бексаат байбиченин үйү кайсы десем айтып беришет эле го,– деди ал көөдөнүнүн түпкүрүнөн чыккан жоон үнү менен.

– Үшүгөн деле жокмун, эмчи эта, сизди күтпөгөндө кимди күтөбүз, ата, келиңиз,– деди Сейде.

– И-и, кана эми, көргөз Бексаат бечараны, эмнем ооруйт дейт. Баласы урушта жүрсө, өзү

оорубатса, сууктун түрү бу болсо, ачарчылыгы быягынан, атаны түгөнгөн дүнүйө – ая...

Үйгө жакындай бергенде:

– Күйөөңөн кабар келибатабы? – деди эмчи Муса.

– Жок, көптөн бери кабар жок,– дей салды Сейде. Капыстан берилген суроого дене-бою дүркүрөй түштү. Чал унчуккан жок, бир аздан соң:

– Согуш деген ошо да. Айла канча. Бирак ар ким мандайына жазганын көрөт, кырк жыл согуш болсо да ажалсыз чымын өлбөйт деген,– деп койду. Сейде болсо өзүнөн өзү шектенип, бу эмне дегени, балээ болуп, «Ысмайыл качып жүрөт деген каңшаар бар экен, ошо чынбы?» – деп жибереби деген капилет ой келе калып, ичинен түйүлүп, көңүлү бузула түштү.

Бирок чал башка эчтеме дебеди. Аңгыча короого кирип барышты, Сейде эмчини колтуктап эшегинен түшүрдү да, үйгө алып кирди. Эшикке жакындаганда эмчи Муса токтой калып, Сейдени сүрдүү теше тиктеп, мындай деди:

– Кызым, кайненең ооруп, кыйналыбаткан экенсиң, баарын көрүп-билип турам. Кудайдан шыпаа болуп, айыгып кеткиси бардыр. Бирак, айтып койчу сөз ушу – мен көрөм, кантип дарылаш керек, аны айтам, керектүү чөптөрдү ала келдим, тиги баштыкта турат, эсинде болсун, менин айтканымды жакшылап ук да, андан артык эч нерсе сураба, каери, эмнеси ооруйт экен дей берчү болбо, жарайбы?!

– Жарайт, ата.

Эмчи Муса эшикти ачып, босогону аттай берип, бурчта жаткан Бексаатка жылмайды:

– Ой, бу кандай беймаал ооруган Бексаатсың ыя, азыр ооруй турган чакпы, кичине коё турбайсыңбы?

Кемпирдин тамашага тамаша менен жооп бере турган алы жок эле:

– Жаным жай таппай, кыйналып бүттүм, Муса,– деди ал онтоп, зорго сүйлөп. – Бир айласын таба көр.

– Азыр, азыр. Көрөлүчү, кана.

Сейде мештин түбүндө тынч туруп турду. «Кемпир-кесектердин, же кошуна аялдардын бирөөн биздикине жат деп чакырып келемби, эмне кылам, түнүндө жалгыз кантип отурам»,– деп ойлобатты ал. Эми үйгө жолой албай калган Ысмайылды ойлоп, көңүлү ого бетер зилдеди. «Байкуш апам, минтип кыйналып жатканда наяты алты-жети чакырым жерде турган жалгыз баласын көрө албайт деген эмне» деп ичинен сызып турду.



Эмчи Муса болсо күрөктөй болгон чоң колу менен Бексааттын арык, баланыкындай ипичке билегин кармап, тамырдын кагышынан өзүнө гана белгилүү, өзү гана кандайдыр кереметинде биле турган купуя жышаандарды издеп жаткансыды. Тамырын кармап көргөндөн кийин кемпирдин ичин, эки ныптасын колу менен сылагылап, кээ бир жерин басып, анан ойго чөмүлө түшкөнсүдү, ар бир кыймылын тирмийе тиктеп турган Сейде эмчинин ирени өзгөрүлө түшкөнүн шыр байкады; бу жакшы белги эмес эле. Дени муздай түштү. Эмчи Мусанын эчтеме айтпаганы удургуп турган жаман ойлорду ого бетер удургутту. Кемпир да ичер суусу түгөнүп бараткана түшүндүбү, жокпу, кандай, – мелтиреп эле шыпты тиктеп калды. Сейде болсо баягы өзүн чүнчүтүп, жеп бүткөн ойду – Ысмайыл кургурдун тагдыры эмне болот деген ойду ойлоп турду: «Үңкүрдө жаткандыр, байкушум, эмне кы-

лып жатты экен азыр, балким апамдын оорусун ойлоп, санаасы санга бөлүнүп жатса керек, же апамдын абалы мындай деп, мен жүгүрүп барып айта албасам» деп, ичинен эзилип турду Сейде. Баардыгынын тагдырын мойнуна алып, баардыгы үчүн кудай алдында жалынып-тиленип, баарынын кырсыгы менин башыма тийсин, ушулар аман болсун деп тиледи Сейде. Бирок кайненесинин маңдайына жазылган тагдырдын буйругун өзгөртүш Сейденин колунан келе турган ишпи?! Мына ушерден катуу өкүндү. Көзүнө жаш тегерене түштү, бирок ыйлабады, тиштенип чыдап турду.

Эмчи Муса кайтмакчы болуп, сыртка чыкканда иңир кирип калган эле, шашпай эшегине минип, бирдеме айтчудай ойлоно калды да:

– Эми, айланайын кызым, кемпирдин жанында такай бол, каралашар бирөө-жарым болсо чакырып ал, сыркоосу катуу, менин колуман келчүдөй эмес,– деди.

Сейде шыр түшүндү, дене-бою муздай түштү. Аркасына бир кылчайбай, улам арылап, караңгылыкка сөңүп бараткан эмчи Мусаны узата карап, мелтиреп турду да калды. Капыстан терезеге дуу деп бир тийген ызгаар шамалдай илгиртпей кирип келген жаманчылыктын алдында жалгыз, жападан жалгыз турганын сезди. Келчү кырсык келди. Келбе деп тиленсе да келди, каапыр! Ызгаар терезеге эле тийип өтүп кетпей, үй ичин муздатты, кутун учуруп өткөндөй болду. Тагдырыма жазылганы ушул экен, көтөрөйүн, мен көтөрбөсөм ким көтөрөт, тарткылыгым экен – тартайын, башка эмне айлам бар, деп чыйралды Сейде. Эми апамын жанынан чыкпайын, баласы Ысмайыл үчүн да, Үсөнкул, Ар-

гын – эки бир тууганы – булар үчүн да кемпир алдындагы пенделик парсты мен өтөйүн, кудайдын кылганы экен, тирүү жүрүп келе алышпай отурбайбы деп ойлоду Сейде. Үйгө шашылды, өлүм келгенде адам аргасыз макул болооруна, өлүмдү адам аргасыз кабыл аларына Сейденин көзү эми жетти.

Ошол кечтен баштап Сейде кайненесинин жанынан жарым карыш да чыккан жок. Оорунун азабынан кыйналып, алы куруп бүткөн кемпир көз алдыда өчүп баратты, энтигип, зорго дем алып, бара-бара тил-оздон калды. Көздөрү тунарып, жалдырап эле келинин тиктейт – бул дүйнөдөн кетеринде акыркы сөзүн, көкүрөгүндө сары майдай сактап, кийин айтам деп, атайын катып келген, башка учурда эмес, так ушу коштошордо айтайын деген акыркы сөзүн айта албай жаткан түрү бар. Бирок айтууга кубаты жетпеди, анын үстүнө кемпирдин оор абалда жатканын угуп, көрөм деп келгендердин аягы тыйылбады. Айылдагылар акырын кирип, кемпирдин эми мал болбосуна көздөрү жетип, кайгылуу үшкүрүшүп, кайра чыгып кетип жатышты; айрымдары айттырбай-дедирбей эле колунан келген бир табак унун, бир кашык майын, чынытабагын, биртке отун-сотунун апкелип, короого элдин баскан-турганына таза болсун үчүн самандан ташташып, мындай учурда көрүлчү кам-чомду көрүп коюшту...

Түн кирип, келчү саат жакындап келатты. Сейденин кашыктап улам тамчылатып берген суусу гана кемпирдин акыркы мүнөттөрүн узартып жаткансыды. Өмүр колдон суурулуп чыгып баратканын сезип-билип жаткан Бексаат ал-кубаттан айрылганына карабай сүйлөсөм де-

ди, бирок сүйлөй албады, ага чамасы жетпеди, ошондо айтчусун көзү менен айтып калмак болду. Өлүм алдындагы эс-мас абалдан, акыл-эсти каптаган мунарыктан бир саамга ачыла түшкөн көз карашынан, өчүп бараткан жан-дүйнөнүн акыркы жылт дей түшкөн нурунан Сейде көп нерсени түшүндү, муну бир түшүнсө Сейде гана түшүнмөк. Жандарында эч ким жок, экөө бир бирин тиктеп туруп, ыйлап жибериშти. Бир тилегибиз бар эле, ошол да ишке ашпады, үчөөбүз баланы боорго кысып, Чаткалды беттейли, кулакка тартаарда жан далбас кылып, жер ооп кетип, ошондон бери киндик кан тамган жерин көрүүгө зар болуп жүрүшкөн Үсөнкул, Аргынга баралы дедик эле, эми жатындаштар бири бирин көрбөй калды, арман дүйнө, көрбөй калды, деп ыйлашты. Жок, тилек кабыл болбоду. Кылдырап эптеп ашууга жетсек, ашуунун этегине жеткенде, шыкама деп, кудай-арбакка сыйынып, аска-таштын арасында жылтыратып от жагып, эми Көкө Теңир колдочу болсоң колдой көр, ашуудан аман-эсен өткөрүп кой, эч кимге зыяны жок бир пендебиз, Ысмайыл уруштан качып баса бериптир, башын калкалап качып келатыр, муну ээрчип энеси менен келини – биз келатырбыз, аялдардын маңдайына жазган нерсе ушу экен – баарынын күйүтүнө күйүп, чыдай берет экен, эмне кылабыз деп кудайга сыйынып олтуруп, эптеп Чаткал ашып кетели дедик эле, ага жетпедик дешип ыйлашты. Насип буйрубаптыр, басчу жолду баспай, иччү суудан ичпей, Чаткалдагы бир туугандарын көрбөй, алардын артынан Чаткалга неге келгенин айтпай калды кемпир...

Кирпик көзүн какпай кайненесинин жанында олтуруп таң атырды Сейде.

Кара булуттай удургуп, көңүлүн зилдеткен ойлордун арасында күйөөсүнүн айласы эми эмне болот деген коогалуу суроо да бар эле. Капырай, энеси өлүм алдында жатса, баласы ушу чөлкөмдө жүрүп көрө албаса, же көрүнө албаса... Бу кандай шумдук?! Ысмайыл: «мен мындайча жашагым келет» десе, а закон деген балээси: «жок, сен андай жашабайсың» деп турса, эл да ошону колдоп турса, бу кандай?.. Күч закон тарапта, көпчүлүк тарапта, ошон үчүн Ысмайыл закондон качып жүрөт. Ошон үчүн Чаткалга ооп кетели, эч ким билбес, эч ким таанocc жакка жогололу дешпеди беле...



* * *

Ысмайыл адатынча өзүнө көндүм жолуна түшүп, айылды беттеп келатты. Тоо этегиндеги жылга-жыбыттарды басып өтүп, андан кийин каксоо талаадагы чийлерди аралап жүрүп олтуруп, акыры талаанын четиндеги кашатка жете келди, биерден айыл дүпүйүп көзгө даана тартылат: оройгон морлору, жылтырап жарык күйгөн терезелери – баары көрүнүп турат. Эми ар бир кадамды аярлап таштап, шырп эткен дабышка кулак салып, огороддордун чекеси менен абайлап, үйгө жакындай берүү керек.

Мышыктай билинбей басып, үйгө да чукулдап калды. Бирок эмнегедир коптоно түштү: бу эмнеси, короо тарапта карандап кишилер жүргөнсүйт, кобур-собур үн угулат. Ал Тотойдун огородундагы теректерге далдаланып, көңүлүнө дүрбөлөң түшүп, алда неден шектенип туруп кал-

ды. Дагы арагыраак басуудан айбыкты. Жүрөгү бир нерсени туйгандай лакылдап чыкты. Жүрөк бир жамандык болгонун сезди: Сейде бекер айтпаптыр – болду-болбоду кемпирдин ахыбалы оор.

Мына ушул ой Ысмайылдын дене-боюн дүркүрөттү, башына күргүштөп кан тээп чыкты. Теректи апчый кармап, эмне кыларын билбей, же үнүн эркин чыгара албай онтоп жиберди. Корооло кишилер жүрөт, үндөрү угулбайт, үйгө да кирип-чыгыбатышат. Иш бүткөн экен. Оюнда азыр үйгө андан-мындан бир аттап, жолдо котолоп тургандардын биягын биякка, аягын аякка түртүп, өзүнүн жапайы түрү, капыстан пайда болуусу менен элдин жүрөгүн түшүрүп, энесине учуп жеткиси келди – айланайын жараткан, балким мына азыр жаны чыккан жаткандыр – учуп жетип, апасынын муздаган колдорун өпкүлөгүсү, ушундай азапка салганы үчүн, бир да эне ушундай азап тарткан эместир, өкүнүчүн, өксүгүн буркураган ыйга чыгаргысы келди, ошол буркураган ый менен баарын тетиякта алоолоп күйүбаткан, канча элдерди, канча өлкөлөрдү куйкалап күйгүзүбаткан согуш деген желмогузуң, ошол желмогуздан качам деп мына эми көрбөгөндү көрүп, көр болуп, шордуу болуп, бечара болуп олтурган өзүн – баарын жаап, жоготуп, бу дүйнөнүн үстүндө азыр энеси менен коштошуп жаткан баланын күйүттүү гана ыйын калтыргысы келди. Буркурап ыйлагысы келди, көз жашын жамгырдай төгүп, Сейде, байкуш ак никелүү чыдамкай жубай, аны бүк түшкөн жеринен көтөрүп алмайынча, суу болгон бетин аарчымайынча, кой эми, кой ыйлай бербе демейинче ыйлай бергиси, ошол ый менен кошо баарын унутуп, эрип жок болуп кеткиси келди – ошондо ким анын

колунан кармап: «Сен согушка кетпеди белең, эмне биерде жүрөсүң?» демек?!

Жүрөктүн бул бир саамга барпырап чыккан ысык буусуна акылдын муздак илеби урду. Акылдын муздак илеби аны жүгүртпөдү, турган ордунан жылдырбады. Өзүн өзү сөктү, өзүн өзү жерге какты – бирок энеси өлүм астында жатса да элдин алдына азыр ушул каракчыдай кейпи менен чыгып барууга даабады. «Апам кечирет, апам минтип колго түшүп бергенден көрө, кетип калсын, башын калкаласын, биерге жолобосун» деп кудайдан тилейт деп, өзүн өзү соороттү Ысмайыл. Ошон үчүн азыр дароо кетип калайын деди, бирок кете албады. Кетмек түгүл кандайдыр бир күч аны улам үйдү карай түртүп, улам бир кадамдан жылып олтурганын өзү да байкабады. Сарайдын түбүнө жеткенде гана эсине келе түшүп, токтоду. Кишилердин кобур-собуру эми даана угулду. Мына, бирөө жөтөлдү, бирөө шарп эттире суу төктү. Аттын дүбүртү угулду.



– Көрүп чыктыңбы, Мырзакул, ахыбалы кандай? – деди бирөө.

– Ахыбалы кыйын,– деди тиги.

Атчандын үзөңгүсү дарбазадагы бир темирге тийди окшойт, чыңк дей түштү да, анан ат дүбүртү короодон узап кетти.

Ысмайыл бу кеткен атчан Мырзакул экенин үнүнөн тааныды. Алысыраак тууган. Качантан бери көрө элек. Көрүп жүргөн кезде эки колу сопсоо эле, уруштан бир колунан айрылып келиптир дейт, эми Мырзакул чолок деп коюшат экен. Селсоветтин төрагасы болуп алыптыр. Төрага деп! Төрага болгону менен колу жок да, туурабы?! Болгону эки кол болсо, анын бири жок болот деген эмне? Ысмайыл колдон айрылгысы

келген жок, башты мындай коёлу. Ошон үчүн ушинтип азабын жеп, шорун тартып, өзүн өзү сөгүп, бирок башын сактап олтурат...

Ай атаңдын көрү-ай! Үйгө мынча жакын келбей, биерде эмне болубатканын көрбөсө болмок. Эми ичи эңшерилип, жүрөгү канап чыкты. Келген жол менен кайра артка тарткандан башка арга жок...

Ал кашаттын кырынан алдыда жаткан айылга кайрылып бир караган кезде түн жарымынан ооп калган. Айылды караңгылык эбак баскан. Тамы кайсы, тереги кайсы – эчтемеси билинбей караңгылыкка чөгүп кеткен. Жылтырап гана эки кичинекей терезеден жарык көрүнөт – ошо Ысмайылдын үйү. Ошол үйдө Ысмайылдын энеси жарык дүйнө менен коштошо албай, кыйналып жатат...

Таң атпай Ысмайыл көздөн далдоо жолдорго түшүп, айылды көздөй дагы жөнөдү. Ичиндеги кечээ күйгөн алоо кайдан өчсүн, көңүлү тынчыбай: айылга, үйгө тартат – барганда эмне кылат, эмне болубатканын кимден сурай алмак – муну деле ойлогон жок... Айылды көздөй баратты.

Күндүн ырайы жаман, бүгүн суук катуу болчудай. Тоо тараптан ызгаардуу шамал урубатат. Ысмайыл тумагын баса кийип, тондун жакасын көтөрүп, ага башын катып, колдорун чөнтөккө тыгып, дугдуңдап келатты, бутунда килейген солдат өтүк, көңүлү зилдеген, ою быт-чыт, жападан жалгыз.

Кашатка жеткенде токтоду, биерден айыл даана көрүнөт эмеспи. Бир түп бадалдын түбүнө далдаланып жатты да, айылдын ичин бир сыйра сыдыра тиктеп чыкты. Анчалык деле эчтеме байкалбагансыйт. Түтүнүн булатып үйлөр турат,

мектептин жанында балдар чурулдап ойнобатат, аттын кишенегени, иттердин үргөнү угулат... Анын дарт-бикири – үйүндө, үйдүн тегерегинде эмне болубатат – ошондо, бирок бу жолу да эчтемени аныктап-дааналап биле албады. Кишилер топтолуп жаткан түрү бар, короого кирип-чыккандар көбөйгөнсүйт... Ушундан иштин жайын баамдап-туйсаң болот дечи. Бирок кантип аны айта аласың. Жакыныраак барып, дааналап көрсө, балким эмне болубатканын дароо билет эле, бирок ал андай тобокелге барбады. Ошентип бадалдын арасында не кылар айласын табалбай, ирени кумсарып, эки көзү канталап үй тараптан өтүп, чыккан эле үнгө кулагын төшөй калып, түшкө чейин суукка тоңуп отурду да, үңкүрүнө кайтты. Кечке маал жарадар жырткычтай ызалуу, эки жагын сактана каранып жүрүп отуруп, бадалга кайра келди. Элдин топтолгонун, жаңжуңдардын күчөгөнүн, кимдир бирөөнүн эчкирип ыйлаганын көрүп эле жүрөгү зыр дей түштү – болор иш болгон окшойт. Кыясы ал үңкүрүнө кеткен учурда кемпир кете берген көрүнөт.



Эми күмөнү калган жок. Апасынан айрылган экен. Капыстан бирөө оор келтек менен башка чапкандай эси эңгирей түштү, көңүлү караңгылап, сулк жатып калды: бадалдын арасында бир караганга адам, бир караганга түрүү суук айбан жаткандай.

Каранғы түшөр менен Ысмайыл айылды көздөй жөнөдү, огороддордун чети менен, жалбырактары небак күбүлүп, арбайып-тарбайып турган бак-дарактарга жамынып жүрүп отуруп, кечээги теректин түбүнө жетип токтоду. Ошерге былк этпей туруп калды. Апасынан айрылганына эми анык көзү жетти. Короого кемеге жа-

сап, казан асышыптыр, от күйүп жатат. Кобур-собур үндөр чыгат. Мырзакул чолоктун үнүн жазбай тааныды: аны жасагыла, муну жасагыла деп, баш-көз болубаткан түрү бар. Улам дүпүрөп атчандар келип, бирөөлөрү кайра кайтып жатышат. Биердеги элдин ырасми боюнча сөөк эртең коюлат. Эртең менен бу чөлкөмдөгүлөрдүн баары келип, куран окулат, бата кылынат, анан түшкө жакын өлүктү алып чыгышат. Көрүстөн айылдын үстүндө, тоо этегиндеги тектирде, ошерге коюшат. Андан көрө мүрзөсү казылыбатты болду бекен, а жагында жүргөн бирөө-жарым барбы, же эртең мененкиге калтырышты бекен? Ысмайыл ушуну ойлоду. Жер тоң, күн мурун казып койбосо, эртең менен үлгүрбөй калууга мүмкүн. Кайра бараткан жолдо кайрылып көрө кетүү керек. Ушинтип, не кыларын билбей шалдырап, айласы куруп, суканы[1] учуп, өзүнөн өзү корунуп, теректин түбүндө турду.



Бир оокумда илкий басып, огороддордун чети менен көрүстөндү көздөй бет алды. Асманда ала булут ай жарыгын калкалап, караңгыда аң-дөң билинбейт, көрүстөн тарапты болжоп жол тандабай жөнөп берди. Бирде мүдүрүлүп, бирде буту чуңкурга кирип кетет – көзүнө улам тегерене калып жаткан ысык жаштан алды жагын абайлап кароого да будамы келбей баратты. Баратып, адатынча көңүлү дагы зилдеп кетти: «Мен эмне болгон жанмын өзү?! Эмне эле болубатам, кай жолдо баратам, эмнеге жашап жүрөм?» деди жинденип ичинен кайнап.

Айылдан обочороок тектирдеги бу көрүстөндү Ысмайылдын көрбөгөнүнө көп болгон экен:

---

[1] с у к а н ы – үрөйү.

акыркы жолу биерге качан келгенин да эстеш кыйын. Эсинде, согуш чыга элек кез, трактирчилердин окуусун бүтүп келгенден кийин алгач ат чалгы бериштi, чөп чаап жүрдү. Чөптү ушу көрүстөндүн тегерегинен чабышаар эле. Түшкү тыныгууда, аттарды тушап коюп, бир кур балдар көрүстөндүн аймагында өскөн калың чөптүн арасынан бөдөнө кармашар эле. Эч кимдин колу, буту тийбеген түркүн чөп бир кылка жапжашыл болуп жайкалып, ар качан ичи толо бөдөнө болор эле, аларга мындан өткөн жай табылабы – мүрзөлөрдүн арасындагы чөптү чаап алышка кимдин дити бармак. Кайран бейкут кез! Капарсыз, кайгысыз жүргөн кайран жайкы күндөр! Күнү бүгүнкүдөй көз алдына тартыла түштү. Чөптөрдүн буркураган жытын, калкылдап соккон желаргыны, жерде да, көктө да чулдурап тынбай сайрап, өзүнчө учуп-конуп куунак жүрүшкөн парандаларды, жайма-жай чырылдап, аптаптын күүсүн чалган чегирткелерди, төбөдө баркырап жанып турган жарыктын молдугунан анын антип балбылдап жанып турганын эч ким элес албаган жарыктык Күндү, дем алсаң көкүрөгүңү тазарткан чаңкайган таза абаны эстеди. Ошондо арадан жылдар өтөрүн, ал моминтип кышкы түндө зиркиреп, ызадан, корунуп-коркуудан ичи бук болуп, аны ушундай ахыбалга эмне апкелсе ошонун баарына жини кайнап, жек көрүп камоого түшкөн жырткыч кебетеленип, караңгылык жамынып, көрүстөнгө келүүгө аргасыз болорун ойлоду беле? Тектирге чыгып, айланасын карап, бу баягы өзү бөдөнө кармачу көрүстөн экенине ишенбей турду. Жок, ошо көрүстөн. Айдын билинер-билинбес бүдөмүк шооласы ар кай жерде дүмпүйгөн мүрзөлөрдү боолголотуп турат.

Тегеректи тегиз кар баскан. Жан жок, жымжырт. Ызгаар шамал гана сөөккө жетчүдөй ызылдайт. Казып коюшкан экен! Жаңы казылган көрдүн үйүлгөн топурагы карайып тигиндейден эле көзгө урунду.

Элден айланса болот, эл аман болсун, жаманчылыкта улуу-кичүү дебей жабыла келип, тиякта тигинтип өлүктүн зыйнатына тикесинен тик туруп, биякта минтип темирдей каткан тоң жерди казып, жайын даярдап койгонун карабайсыңбы.

Ысмайыл жаңы казылган кабырдын четине келип, үңүрөйгөн чуңкурду мелтиреп тиктеп калды. «Эгер өзүмдү өзүм өлтүрө салсам, азыр, так ушу мүрзөнүн түбүнө өлсөм, эртең эл апам менен кошо жерге көөмп коёр беле» деп ойлоду... Бирок, «мен уруштан качып баса бердим», эл алдына ачык чыга албай жүргөнүндөй эле, өзүн өзү өлтүрө салыш да ал үчүн оңой нерсе эмес болчу...

Эртеси эртең менен Ысмайыл айыл тарапка дагы жөнөдү. Суук үңкүрдө таң атканча үшүп чыккан неме бетинен түгү чыгып, чыйрыгып, бүрүшүп, улам колу менен оозун жаап күрс-күрс жөтөлүп коюп, темтелеңдеп кетип баратты. Бу жолу ал үй тарапка эмес, көрүстөндү көздөй салды. Сөөктү койгонго катышпаса да, сырттан карап турмак болду. Тегерек-чөлкөмгө абайлап назар салып, бир узун жылгачага көзү түштү; айылдын берээк четинен башталган ушу жылгача тоо этекти көздөй түз созулуп олтуруп, көрүстөнгө жакын жерден өтөт экен: ичине түшүп алса аны эч ким көрчүдөй эмес, ал болсо сөөктү алпараткан элди улам карап коюп, обочорооктон коштоп бара берчүдөй. Ушул акылды туура

көрдү да, ошердеги үйдөй чоң таштардын арасына жашырынып, айыл жакты карап отуруп калды.

Убакыт өтпөгөнсүйт. Кечээтен бери күйбөгөн жери күл болубатып, акыры тагдырдын башка салганына баш ийгенсип калган Ысмайыл апасы менен жолуккан акыркы түндү эстеди. Мурдаа күндүн эле аркы түнү эмес беле. Эки күн, эки түн өтүптүр арадан. Апасы, Сейде, өзү, уулу болуп, төртөө төрт көз түгөл отурушпады беле. Эми качанкы бир болуп өткөн окуя сыяктуу көрүнүп турганын кара. «Аттиң-ай, Чаткалга түшүп кетели деген сонун ой болду эле, оозубузду ача электе тилегибиз таш капканын карачы»,– деп ичинен онтоп алды Ысмайыл, ушуга жаны ачып турду. Эми ал ойдун баары ишке ашабы, жокпу, ишенич болбой калды,– макул, Чаткалга барышсын, а таякелерине апасынын өлгөнү, кандайча көмүлгөнү туурасында эмне деп айтып берет, мунун айтканын туура көрүшсө го бир жөн, а колдорун тескери силкишсе кандай болот...



Сөөктү алып чыгып келаткан калың топ алыстан эле көрүндү. Атчаны бар, эшекчени бар, жөөлөрү да бар, жай келатышат, айылдын четки көчөсүнөн бери бурулуп, өр таянышты. Алдыда катар келаткан эки аттын ээрлеринин үстүнө табыт орнотулган, сөөк кийизге оролуп, ошондо жатат. Ушу! Бексаат кемпирди айылдаш эл-журт акыркы сапарына узатып келатат. Эмнени сүйлөп, эмнени кеп кылып келатышат – аны Ысмайыл кайдан угат. Улам берилеп, Ысмайылдын жашырынып отурган жерине чукулдап калышты. Арасында аял жок, жалаң эркектер; ырасым ушундай – аялдар көрүстөнгө барыш-

пайт, сөөк койгондордун келишин күтүп, үйдө олтурушат. Мына азыр, салт боюнча кемпирди жайына тапшырган соң Ысмайыл ат жалына өбөктөп, элдин астына түшүп, үйдү карай биринчи өкүрүп чаап жөнөшү керек эле, Сейде баш болгон келин-кезек, жек-жаат аялдар үй ичинен кошогун кошуп, өкүрүп келген Ысмайылды коштоп турушмак... Мындай болбоду, мыйзам деген бар экен, ал согуштан качкан адамдын жосунун көтөрө албайт экен, эки ортодо минтип пенде өз мойнундагы пенделик парсын өтөй албай отурат...

Аңгыча эл көрүстөнгө жете келди. Ысмайыл жылганын кырындагы ташка далдаланып, баарын даана көрүп жатты. Баары Мырзакулдун айтканын жасабаткан түрү бар. Мырзакул атынан түшүп, четкерээк турган аттарга байлаштыра салып, көр башына жөнөдү, эл жарыла жол берди.



Кийизге оролгон сөөктү табыттан алып, кабырдын кырына койгондон кийин молдо үн созуп, куран окуду; келген эл тегерете иймек тартып, жымжырт тунжурап, дит коё тыңдап олтуруп, аягына келгенде баары кобурап, молдону коштоп бетке бата тартышты. Андан соң жапырт туруп, бир нече киши сөөктү көрдүн казанагына киргизип, ар ким уучтап топурак таштады, оозун бүтөгөндөн кийин, анан баары жабыла арыдан-бери мүрзөнүн үстүн шоңшойтуп, топурак үйүп жиберишти.

Ушунун баарын Ысмайыл эрдин кырча тиштеп, обочо жерден карап жатты.

Эл көрүстөндөн оолактап кетер замат бу тегеректе өзүнөн башка жан жок калган кезде ал мүрзөнү көздөй төрт аяктап, тарбаландап жөнөп

берди. Ирең-алеттен эчтеме жок, колдору, тизелери калчылдайт. Үйүлгөн топуракты ылай-пылайы менен кошо баса жыгылып, муунган, кирилдеген жапайы үн менен буулугуп, ыйлап жиберди. Ушу кең аалам астында ушунчалык кор болуп, ызаланып, жаалы шакардай кайнаган, талаада жалгыз каңгып жүргөн карышкырдай улуп калган анын оозунан эмне деген сөздөр чыгыбатканын, кимди сөгүп, кимди каргабатканын баамдоо кыйын эле. «Айлана-йын апам, берекем апам, кечир мени, кечир! – деди ал бир кезде үнүнүн жетишинче, мас кишиче бакырып ыйлап. – Убалың мага жетсин! Убалың согушка жетсин! Каргышың мага тийсин! Каргышың согушка тийсин! Каргышың согушка тийсин!»



Капыстан оюнда бир чечимге келип жаткандай, саамга унчукпай калды да, анан жини кайнап, заарлуу: «Өчүм алам, өчүм алам, баарынан өчүмдү алам! Бириңди да аябайм!» – деп бакырды.

* * *

Кечинде Сейде талкан тартып жатканда үйгө Асантай от алганы кире калды. Мойну ичкерип, борбоюп өңү азыңкы, үстүнөн атасынын эски купайкеси түшпөйт. Тотойдун балдарынын ичинен ушул ортончусун Сейде жакшы көрөт. Жароокер ачык.

– Сейде жене, апам отко жиберди! – деди ал, супарадагы кыламык талканды телмирип карап алып. Бала да! Баланын мөлтүр көз карашына ким чыдасын. Анын курсагы ачып турганын сезе койгон Сейде, эки алаканына батышынча талкан салып берди. Талканды сугунуп, күрмөп-күрмөп жутуп алып, бала Сейдеге ыраа-

зылыгын билдирейин дегендей агала болгон эриндерин калбыйтып, күлүндөп койду:

– Уй тууганда, апам ууз бышырып берет. Ууз жейбиз. Анан мен кичинекей бөбөккө да ууз алып келип берем, ээ! Ал ууз жейби?

– Тилиңден айланайын! – Сейде жүрөгү элжиреп, аны көзүнөн, маңдайынан өптү,– уюңар туусун, айланайын, анан жейбиз. Бөбөгүң да жейт, тиши чыгып калбадыбы!

Энеси да, балдары да атасынын өлгөнүн билбей, дале кат күтүп жүргөнүн ойлоп, Сейде баланы аяп кетип, көңүлүн алаксытайын дегендей:

– Апаң туруп жүрөт эле жакшы болуп калдыбы? – деди.

– Бүгүн кайра башым деп жатат. Мен мектепке барбай эле коёюн десем, болбой баргын деди, экинчи класска көчпөй калсаң, атаң келгенде урушат дейт.

– Урушпай анан, урушат, жаман окусаң... Бала унчукпай калып, көзү жашылданып, чоң кишиче оор үшкүрдү...

– Кой, антип үшкүрбө! – деп жиберди чочуп кеткен Сейде.

– Атаң келип калары бардыр... Антпе...

Бала от алып кеткенден кийин Сейде шалдырап отуруп калды. Тырмактай неменин үшкүрүгү эмне үчүндүр ага эң оор тийди. «Жетим калганын жүрөгү сезип туратко, бала болсо да!» – деп ойлоду ал. Тотой өзү деле түңүлүп жаткандыр. Бирок сыр билдирбейт. Кантсин анан байкуш, колунда үч жетим, жалгыз бой, оокаттары жок, кээде колхоздон берген азыраак бирдеме менен оокат кылып жатат. Бая күнү кампадан жарым кап сулу алып келиптир, ал деле оокат да. Кайрат кылбаса болобу. Түңүлдүм, өлдүм деп

жатып алса, балдары эмне болот. Эми ишенгендери эле уюю. «Өлүгүндү көрөйүн, өчөшкөнсүп быйыл мунусу да кеч тууй турган көрүнөт! Балдарым саргарып кетти!» – деп, бая күнү сүйлөнүп жүрөт эле. Өзү да бир топтон бери сыркоо! Кантер экен бечаралар? Шордуу Байдалы өзү жүгүрүп барып зымдын үстүнө боюн таштаганын карабайсыңбы? Арылдаган ак көңүл кишиге айла жок турбайбы! Жакшы киши эле! Тотой ачуулуураак болгону менен ал деле жакшы неме... Ушундай азап-тозокто ачуулуу болбой коёсуңбу... Ээ, бешенеге жазганын көрөт да... Ар кимдин убайымы өз башында... Биздики болсо, ал дагы башты сактоонун далбасы... Ысмайылды эптеп аман сактап алсам. Чаткалга жетсек, багыбыз ачылар... Баса, өгүнү Тотой Ысмайылдын качып жүргөнү чынбы дейт. Мен ага эмне демек элем. «Билбейм, качса бир жакта качып жүргөндүр. Бизге көрүнгөн жок»,– дедим. «Мүмкүн ушак сөз чыгар» деп коёт. Башкалар болсо Ысмайылдын казакта жек-жааттары бар эле, ал ошол жакта бозуп жүргөн болуш керек дешет экен. Мейли, эмне десе, ошо десин... Мырзакулдун көзүнө илинбесек эле болгону, ал – душман, аябайт... Башта жакшы көрчү элем, оңбогон кара ниет неме турбайбы... Кудай, пендем десең Мырзакулдан сакта...»

Баланын жанагы үшкүрүгү, анын мөлтүрөгөн аянычтуу көз карашы, кайра-кайра элестеп, Сейденин эсинен кетпей койду. Ар кандай ойлор көңүлүн чөктүрүп, кандайдыр жамандык келерин күткөнсүп, өз алдынан эле жүрөгү опколжуп, тынчы кетти. Эмне кыларын билбей; эшикке чыкты. Күн бузулуп турган экен. Небак караңгы кириптир. Шамал күчөп, батыштан кап-

кара булуттар калкылдап, асман бетин бербей келатат. Тоолор көрүнбөйт.

«Кар жаайбы? Ысмайыл кантип жатты экен?» –деген ой менен Сейде үйгө кирди.

Эртең менен эрте Сейде адатынча суу апкелгени тышка чыкты. Күн бүркөк, лапылдата суулуу сары кар жаап жатыптыр.

– Ичикий! – деп койду ал, мойнуна кирип кеткен кардан ичиркенип.

Чакаларын көтөрүп мындай басты эле, аңгыча Тотойлордуку жактан кыйкырып ыйлаган үндөр чыкты. Тигинден, мындан чаап келе жаткан атчандар көрүнө калды. «Эмне балакет болуп кетти?» – деп, чакасын таштап, Сейде да жүгүрдү. «Байдалыны күздө угузабыз дешти эле, бирөө айтып жибердиби?» деген ой кетти. Дубалдан бурула берип, топураган элдин түрүн көрүп, Сейде дал болуп туруп калды. Ошол убакытта топ элдин ичинен суурулуп, башында жоолугу жок, чачтары саксайып, көзү алаңдаган Тотой сарайынын жанына ыйлап жүгүрүп барды.

– Мынакей, айланайын эл журт! Мынакей! Жаман кулпуну сууруп алып эле, алып кетиптир! Кокуй, кокуй, эми шорубуз кайнабадыбы!

– Кечинде өзүң байлап, өзүң кулпу салдың беле? – деп бирөө кыйкырды.

– Ооба, айланайындар, кулпту өзүм салгам, өзүм байлагам. Ал эмес желинин кармап көргөм! Төшөктө жатсам да жалгыз уйду кантип өзүм көздөбөйүн!..

Сейде бул сөздөрдүн маанисине түшүнгөндө эси ооп, турган жеринде катты. Кечээ күнү Асантайдын борбоюп келип, атасынын эски купайкесин кымтыланып, ууз эңсеп, аны кудайдан

тилеп, күтүп жүргөнү көз алдына тура калды. Башка эчтеке ойго келбей: «Бу ким болду экен, кандай убалдан коркпогон таш боор, кандай кара ниет желмогуз? Ушундайга колу кантип барды экен!» – деген гана мээни лакылдаткан ой бетке балч-балч уруп, койнуна эрип жаткан карды сезбей Сейде тура берди. Ана Тотойдун этегине чыркырап жармашкан балдарынын түрлөрү: кичинеси төшөктөн жаңы эле турган көрүнөт жылаңайлак чыла кечип: «Апа! Апа!» – деп бакырат. Тотой аны менен иши жок, ал өзү алдынан жулунат:

– Байдалы үйдө болсо, бизге ууру батынабы? Эркектин үйдө жоктугу ушу да!..

«Балага суук өтөт экен, көгөрүп кетти!» – деген ойдо Сейде барайын деп умтулду эле, нары элдин ичинен почточу Курман басып келип, баланы унчукпай карап, анан койнуна ороду да, үйүнө көтөрүп кетти. Ал жанаша өткөндө, койнундагы баланы деми менен жылытып, сакалынан сыдырылган жашын мончоктотуп күңгүрөндү:



– Силерди жерге таштабай калалы, бир бирден алып кетсек да, чоңойторбуз!

Айылдын баары дээрлик ушул жерде дodoлонууда. Башта мал уурдалганда, мындай болчу эмес. Ким уурдатпай, ким жоготпой койду эле. Жок, бул жолу уурдалган мал гана эмес, кишилерди мында айдап келип жаткан башка ыйык сезимдер, башка адамдык касиеттер. Четке чыгып алышып унчукпай түнөрүшөт: «Байдалынын жетимдерине кол тийгизген ким!..»

Баятан нары-бери чалгындап чапкылап жүргөн Мырзакул, азыр жылкычы Барпы экөө чаап келишти, майып колунун жеңи албаң-дулбаң

эткен Мырзакул, ат оозун жыйбай, короого куюндай атырылып кирди:

– Ой, эл! Тургула азыр, жөнөгүлө! Аттуун аттай, жөөң жөө, сай-сайды койбой издегиле! Жоголгон мал кеп эмес, ушуну кылган итти табалы!

– Туура айтасың, туура! – дешти көпчүлүк. – Ууру алыс узап кеткен жок... Союп алган болсо, эти табылар... Болбосо уйду эски коргондорго бекитип койгон чыгар!..

– Ооба, союп кайдан жетишсин, коргондордон издейли! – деген кыйкырыктар чыкты.

– Жөнөгүлө кечикпей жөнөгүлө!

Короодон чыгып бара жаткан элдин ичинен Мырзакул фронттон келген беш-алты жарадар балдарды бери кайрыды:

– Силер солдат эмессиңерби... Атка минип, Жамбылга кеткен чоң жолду чалып келгиле.

– Оо, андай алыска ат кана!

– Сарайдагы аттарды мингиле! – деди Мырзакул.

– Алар кош айдоого байланып жатат, башкарма колубузга өлүп берер!

– Оо, башкарманды урайын! – деп бакырып жиберди Мырзакул. Заары бетине чыгып, чолок колу дагы да баягыдай мултуң дей түштү. – Жөнөгүлө азыр! Кыңк дебей, аттарды токуп мингиле!

Элдин шары менен кошо Сейде да айылдын сыртына жүгүрдү. Мындай чыккандан кийин, бириндеп туш-тушка бөлүнгөн кишилерди көрүп, атка жата калып, чаап бара жаткан Мырзакулду көрүп, кулалыдай далбаңдап, түлкү тумагын баса кийген жылкычы Барпыны көрүп дүрт этип, Сейденин эси чыкты: «Ысмайылды таап

алышса эмне болот?» – деген ой келе калды. Эмне кыларын билбей, апкаарый түшкөн Сейде, ошол чийлүү коктулар тарапты көздөй жүгүрдү.

Жер алашалбырт, суулуу сары кар кийимди салмактантып, беттен эрип, моюнга шорголойт. Көтөрөң сыяктуу суйдаң туман өйдө кете албай, боорун төшөп, айлана иренжигендей көңүлсүз.

Ысмайыл бекинген жакты шек алдырбай, тээ алыстан имерчиктеп, күйүгүп аптыккан Сейде, уядагы балапанын киши-карадан коругансып элтең-элтең жүгүрүп, эки жагын каранат. Ушул тарапка басып келе жаткан караандар көрүнөбү, жокпу? «Кудай ай, өзүң сакта, өзүң сакта! – дейт ал жакасын карманып,– эмне кылсам, кандай кылсам? Балдарынын багына уй табылып калса эле, эл кайра айылга тартат эле. О, айланайын кудай, ушул жетимдердин уюн кайрып бер! Менин да балам бар, балам үчүн тилегимди кабыл кыл! Ал дагы жетим калбасын!..»



Оюю миң санаага бөлүнүп, улам өйдөрөөк жерге чуркап чыгып, Сейде өзүнө-өзү орун таба албайт. Жанагы оюнан улам, уй табылып калса элдер айылга кетер эле деген пикир аны бүт ээлеп, баардык ишенгени, баардык үмүттөнгөнү ошол болуп калды. Бир гана айла: уйду издеш керек, табыш керек, эртерээк табыш керек.

Сейде тура жүгүрүп, сай-коктуларды тинте баштады. Чапаны, көйнөгү тикенекке тытылып, таш-таштын түбүн карады. Жок, мал көрүнбөйт. Тегеректе эч кандай из жок! Тээ тиги жерде туманда эски коргондун урандысы караят. Уй ошол жерде бекитилген болбосун? Жүгүр, Сейде, жанындын барынча жүгүр! Бутуңдан суу өтүп,

таманыңа ылай жармашып сүйрөлгөнүнө, үстүңдүн шалбыраганына караба! Бол, тезирээк жет! Тигини карачы, дубалдын далдасынан уйга окшогон бир нерсе көрүнөбү. – Ооба, ооба, уйга окшойт! Тууралжын келген карала уй эмес беле. Ошол го! Күтүлбөгөн сүйүнүчтөн Сейде селдее калды: «Азыр дөбөгө чуркап чыгып сүйүнчү эле, сүйүнчү деп кыйкырам, элди айылга ээрчитип кетип, уйду Тотойдун өзүнө жетелеп барып, казыгына байлап берем! Ошол уй бекен, же көзүмө көрүнүп жатабы? Кудай ай!».

Коргонго бир дем менен жете барган Сейде, шалдайып туруп калды. Жанагы көрүнгөн уй эмес эле, дубалдын нары жакка оонап түшкөн урандысы экен.

Туман, ыргылжың туман жылжый түтөйт... Сары кар былтыркы коко тикенектердин баш-башына чокморлошуп, жаңы кылтыйып келе жаткан жашаңдын мойсолоруна боржук-боржук жыйналып, аларды салмагы менен басып көмүп жатты.



* * *

Кечинде, бутун араң сүйрөп, Сейде айылга кайтканда, Тотойдун сарайынын эшиги баягы эртең мененкидей эле аңырайып, кере ачылган бойдон туруптур.

Үйдө болсо өпкө өпкөсүнө батпай күнү бою ыйлаган баласы, көзү агына айланып, ыктытып жатыптыр. Сейденин тирсийип чыңалган эмчектерине сүт толгону менен көпкө чейин баланын оозуна салса да ийибей, сааса да сүт чыкпай койду. Ал өзү да ушул сыяктуу, тери кургатылбай жайдакталып, түнү менен эшикке каңтарылган аттай жаагы карышып, чыйрыгып

жатты. Көңүлү эчтекеге келбей от жагылбаган, кандайдыр берекеси кеткен үйдүн бир бурчунда өзү баласы менен бүрүшүп отурушту. Кийинчерээк баланы уйку ортодо бешикке танды да, чечинүүгө алы келбей, Сейде бүкүлү бойдон жерге жыгылды.

Түн ичинде терезе чертилди. Башын өйдө чулгуп, чочуп кеткен Сейде: «Сен кимсиң?» – деп кыйкырып жибере жаздап, анан Ысмайылдын келип калганын билип, андан бетер эси чыгып кетти: «Кокуй, айыл дүрбүп жатканда, аны кайсы кудай кашайтып айдап келди, кармалат экен!» Сейде ордунан тура жүгүрүп, шашылып эшикти ачты да, бат-бат шыбырады:

– Бол эртерээк, айыл жаман!



Эшикти кайра иле коюп, караңгыда Ысмайылды ички үйгө жетеледи. Терезелерди туюктап, билик күйгүзгөнгө болбой, Ысмайыл колуна кармап турган бир нерсесин былк эттире жерге таштаганда, чочуп кеткен Сейденин жүрөгү да болк этип, кошо үзүлүп түшкөндөй болду. Ал эңкээ калып, жерде жаткан баштыкты сыйпалады. Колго жумшак бир нерсе урунду. Баштыктагы эт экен.

– Сен белең? – деди заматта тамагы кургап, буула калган Сейде.

– Чш! Унчукпа! – Ысмайылдын көзү караңгыда жашыл от чалып, ал жакындап келип, бетке энтигип оор дем алды. – Унчукпа, ишиң болбосун!

Сейде унчуккан жок. Кимдир-бирөө аны көкүрөктөн алып, тээ тигиндей түртүп жиберген өңдүү, ал жыгыла жаздай, отурган ордунда жер таянды. Азыр, ушул кезде, турмушундагы баар-

дык ишенген, сүйгөнүнөн ажырап, азап, кордук тартып сактаган кишиси, анын баардык жакшы тилек, үмүттөрүн жерге тебелеп, жексен кылганда, ал ордунан тура жүгүрүп, бет алган жагына, талаа, түз, кыр дебей, чаңырып кыйкырган бойдон дүйнөдөн безип, алда кайда качып кеткиси келди. Бирок өйдө туруугa чамасы жетпейт. Там астын-үстүн келип, кимдир бирөөнүн чексиз күйүттө солкулдап боздогону кулакты тунжуратканcыйт.

– Эмне олтурасың, күйгүз биликти! – дегенге Сейде козголгон жок.

– Ой, эмне отурасың, күйгүз дейм биликти! – Эңкейип турган Ысмайыл жанына тизелеп жылып келген Сейдени көрдү.

– Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө, өзүбүздүн кунаажынды союп алсаң болбойт беле!

– Былжырaба! – Ысмайыл аны ийнинен кыса кармап силкти. – Мени үйрөткөнүңдү коюп, өзүңдү бил. Заманаң бөрү болсо, бөрү бол! Ушул кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт! Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт... Алган алып, жулган жулат!.. Акмак болбо!..

Сейде сүйлөбөй жоопсуз отурганына, Ысмайылдын жини келип, оозунан, отко кактап чийки жеген түтүндүү эттин жыты каңырсып, ал аялын жакасынан бурап, киркиреди:

– Эмне унчукпайсың, яа! Эмне унчукпайсың дейм?.. Мен өзүбүздүн кунаажынды союп алсам, балабызга сүт кана, элдин балдары өзүңдүкүнөн артык болуп кеттиби яа? Чаткалга жер

ооп жетер белен, ушуну ойлойсуңбу ya? Кетерибизге эми аз калганда, мени үңкүрдө ачтан өлсүн дейсиңби, аа! Же башкалар сага менден артык болуп кеттиби?.. Жетишет, кышы менен калчылдап, тишимдин кирин соруп отурдум... Мен уурдайм, мен жейм, аскерден качып келип, ачтан өлөйүн деген эмесмин! Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм!..

Сыртта жанаша көчөдөн короз кыйкырды, ага экинчи бири канат кагып, үн кошту. Ысмайылдын кетер маалы болуп калып, ал ордунан турду да:

– Көп сүйлөбөй этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө, уктуңбу! – деп, тамекини аптыга соруп-соруп алып, таманына өчүрүп, чыгып кетти.



Ирең-бараң таң сүрүп, үй ичи бозоруп келе жатат. Терезе улам жарык болгон сайын, нары мештин түбүндө, бешикти кучактап отурган чачы ак-бозала аял, терезени кадала карап, бир эле жерге тигилет. Терезенин нары-жагында эмнеси бар болду экен, ал эмнени карайт? Эмне үчүн анын чачы бир эле түндө агарып кетти? Чаташып, түрмөктөлгөн ойлор терезени баркырата сындырып, жерди кезип аралап, тиги кандай, бул кандай деп түшүнгүсү келет. Ооба, мына бул кичинекей терезенин нары жагында айыл жатат, эл жатат. Анда почточу Курман бар. Тотой балдары менен, Мырзакул бар... Ысмайыл да бар. Ооба, Ысмайыл да бар... «Бирок сен башкаларга окшобойсуң, сен башкасың, жат адамсың... Өз элин ушундай жоо сайышканда таштап, корологон, акыр түбү өз элине душман болот экен да... Сени сактайм деп жүргөн экем, көрсө, ушундан сакташ керек эле...»

* * *

Чийлүү коктуларды аралап, баласын көтөргөн Сейде, анын артынан ат минген Мырзакул, мылтыкчан эки солдатты ээрчитип келе жатышты. Жана, туннелди коруган аскерлердин командири бул эки солдатка «жанаша кыштакка барып, сельсоветтин председателине качкынды кармоого жардам бересиңер» деп буйрук берген.

Сейде болсо баласын көтөрүп, ушундан нары төркүнүнө кетет. Бул айылга ал экинчи кайтып келбейт.

Арттараак жерде келе жаткан эки солдат өздөрүнчө сүйлөп жатышты:

– Уюн уурдаткан ушул аял го, кандай дейсиң?

– Ошондой болуш керек!

– А-а, анда азамат экен. Акыры уурунун изине түшкөн экен да, бирок баласын таштабай эмнеге көтөрүп келе жатат болду экен?



– Аны ким билсин. Деги өзү кандайдыр соо неме эмес. Жана сельсовет атка минип, балаңды өңөрүп ал десе, унчукпай басып кетти.

Мырзакулдар баш жагы туюк аң, майда-майда булактары бар, камыштуу коктуга келгенде Сейде бурулушка токтой калды.

– Тээтиги жерде, камыштын арасында! – деп колу менен көрсөттү. Анан өзү купкуу болуп, алкымындагы жоолуктун түйүнүн бошото чечип отура калып, эмне кыларын билбегендей баласын эмизе кетти.

Мырзакулду ээрчиген солдаттар ошол тарапты көздөй акырын басышты. Азырак өтүп, Мырзакул аттан түшмөкчү болду эле, нары жактан Ысмайылдын кыйкырган дабышы чыкты:

– Ой, Мырзакул! Кайт артыңа! Мен акыры өлгөн кишимин, сени да ала жатам!

Мырзакул үзөңгүнү темине калып, ошол үн чыккан жакка кыйкырды:

– Көтөр колуңду, жүзү кара!

«Тарс» этип камыштын арасынан беш атар атылганда, ордунан секирип тура калган Сейде Мырзакулдун ат мойнуна жыгылып, жалгыз колу менен жалды тутамдай кармалап, майып колу беркинисине жардамдашайын дегендей мултуң-мултуң этип жатып, анан акыры аттан ооп түшкөнүн көрдү. Аңгыча таштарга бекине калган эки солдат камышты аралата ок атып калышты. Нары жактан Ысмайылдын аткан октору ташка тийип, «чу-ии, чу-ии», этип четке кайып, кулак түбүнөн учкансып жатты. Тынч жаткан тоо арасы беш атарлардын үндөрүнө толуп, чуулдап кетти.



Бир убакытта солдаттын бири эси чыккандай кыйкырды:

– Эй, маржа[1], куда. Назад, назад! Убьет!

Баласын колуна көтөргөн бойдон Сейде туура Ысмайылды көздөй кетип бара жатыптыр. Ал эчтекеден сестенбегендей бет алдын тайманбай түз тиктейт. Бул учурда анын таштан чапкандай бир калыпта мостойгон кара тору жүзүндө кандайдыр ичтеги зор күч, өкүмдүү адилеттик сезилип жатты. Анын каар менен мун-зарга толгон көзү Ысмайылды: «Чык бери! Кел алдыма!» – дегенсип тиктейт. Сейде ар бир кадам илгери баскан сайын шашып калган солдаттар эмне кыларын билбей:

– Эй, назад! Вернись сейчас! Вернись! —дейт.

Бирок Сейде кылчайып койбостон камышта

---

[1] м а р ж а – «Мария» деген ысымга байланыштуу, аял затына карата пайдаланылган жалпы сөз.

жаткан Ысмайылга салмактуу басык менен жакындай берди.

Тоо ичи демин тартып, тыптынч. Оозун басып, таштарга селээ жармашкан солдаттар да, бери жакта турууга умтулгандай, жалгыз колу менен жер чапчып, жүз төмөнүнөн жыгылган Мырзакул да, сур мөңгүлөрдү кабагына түшүрө асмандан бүркөлгөн зоокалар да, айлана дүйнөнүн баары бул учурда үн чыгарбай, ок качан атылар экен, бала көтөргөн аял качан жалп этер экен дегендей коркунучту күтүүдө. Жок, мындай болууга мүмкүн эмес! Ана, камыштарды шуудурата келип, Сейдени: «Кайт, артыңа кайт!» – дегендей бет алдынан шамал уруп, жоолугун учурду. Аял аны билген жок. Ал азыр өлүмдү көздөй эмес, адамдын бийик касиети, адилеттиги үчүн баласын керилген көкүрөгүнө кысып, башын өйдө көтөрүп, кетип бара жатты.



– Стой! – деп солдаттын бири чыдай албай кыйкырып, ордунан тура калды. Ал умтулуп аялдын артынан жүгүрөйүн дедиби, бирок аңгыча болбой нары камыштын арасынан боз шинели алама-жулама[2], бети-башын сакал баскан киши секирип чыгып, мылтыгын кош колдоп өйдө көтөрүп, аялга калчылдап жүткүндү. Бетинен киргилт тер куюлган, капкара түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, бетме-бет келгенде көзү алачакмактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип, жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, чачы бозала, жылаңбаш аялдын маңкайып турганын көрдү. Сейде анын көзүнө бийик жерде тургандай

[1] алама-жулама – самсаалаган.

көрүнүп, ал өзү анын жанында кирбийгенсип, башын ийнине катып, бир нерсе айтайын деп оозун чала ачкан бойдон Сейденин жаш аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын тээ тигиндей ташка жанчып ыргытты да, колун көтөрүп, мылтыгын сундуруп келе жаткан солдаттарга корголоду.

## ДЕҢИЗ БОЙЛОЙ ЖОРТКОН АЛА-ДӨБӨТ

*Владимир Сангиге*

Шыбаттуу ным каалгып, ызгаар суук кычырата тиштеген көр түбүндөй каранғы түндө Охот деңизинин узак жээгин бойлото эки табияттын эзелтен басылбай келаткан өчөгүштүү кармашы жүрүп жатты. Жер деңиздин жүрүшүн тороп көшөрөт, деңиз болбой жерди омуроолоп сүрдүгөт.

Деңиз күркүрөп келип аска ташка соктугат да, алсырап кайра тартат. Ага чыдап араң турган таштай бекем кара жер өпкө кагып онтоп алат, бирок солк этип козголбойт.

Бул айыгыш күн күндүз болуп туулуп, түн түнкүсү болуп жаралган дүйнөнүн башталышы жок башынан келаткан кармаш. Бу кармаш түбү жок мезгилдин ичинде жер жер бойдон, суу суу бойдон боло бергичекти күнү-түнү боло берчү басылгыс кармаш.

Күндүзү күн, түнү түн түбү тешик дүйнөнүн түбүнө чейин жүрө берер кармаш...

Ошентип дагы бир түн уюп турду. Деңизге чыгар алдындагы түн. Бу түнү бала уктай албады. Өмүрүндө алгач ирет уктабады, өмүрүндө алгач ирет баладан уйку качты. Эртерээк күн

чыгып күндүз болуп, эртерээк деңизге бой урар учурду эңседи. Нерпа талпакта жатып, ал тыякта деңиз улам соккон сайын жер калч этип, булуңда жалдуу толкундар күркүрөп-шаркырап жатканын сезип-туюп жатты. Түнкү кармашка кулак түргөн бала ушинетип уйку көрбөдү...

Илгерки бир замандарда мунун баары башкача болгон имиш. Ошондо Лувр өрдөк болбосо дүйнө башкача жаралып, азыркыдай жер менен суу алпурушпай дүйнө башкача жаралып калмагы бу кезде эч кимдин капарына кирип чыкпайт. Андай болгондо кара жер менен суу минтип өчөгүшпөй калмак окшойт. Ошол башталыштын башында, туулуштун астында табият деген дайынсыз нерсе жаралып, анын ичинде жер түгүл көзгө сүртөр чаң тозоңу болбоптур. Төрт тарабы толкуган жалаң суу жаралыптыр алгач. Айлампа терең иримден өзүнөн өзү оргуштап кайнап чыгып, толкугандан толкуп, толкунун толкун кубалап, аягы жок, чети менен чеги жок дүйнөгө жайылып кете бериптир.

Ошондо азыр бүгүн да үстүбүздөн каркылдап учуп калчу кадимки өрдөктүн умай энеси Лувр өрдөк тукум тубар маалы кыстап, уя салаар алакандай кургак жер издеп, дүйнөнүн үстүндө жападан жалгыз учуп калган экен. Дүйнөнүн өйүзү жок аркы чеги, бүйүзү жок бул жээгинен уя салар бир тал чөп таппай айласы кетет. Толгоосу күчөп, байкуш Лувр каркылдап учуп жүрөт, тукум улантар жумурткасын деңиздин түбү жок туңгуюк айлампасына түшүрүп жиберемби деп жандалбастайт. Кайда учуп барбасын, чар тарабы толкуган чексиз суу, кыйыры жок, жээги жок Улуу Суу. Бу жарык дүйнөдө такат алып, уя салар алакандай кургак табылбасына көзү

жетип, күдөрү үзүлүп, Лувр өрдөктүн заманасы куурулат.

Айласы түгөнгөн Лувр акырында сууга конуп, саңоор жүнүнөн үзүп, толкун үстүнө уя салган экен. Анан ошол калкыган уядан жер пайда боло баштайт. Аз-аздап жер чоңоё берет, жер бетине аз-аздап ар түркүн жан-жаныбар макулук жарала берет. Баардык макулуктан адам баласы артыкча чыгыптыр, кар бетинде чаңгы тээп, суу бетинде кайык айдап, өнөрү өсүптүр, аң уулап, балык кармап, ошону менен күн көрүп, укум-тукумун уланта бериптир.

Жалаң суудан турган дүйнөнүн көкүрөгүнө кургак жер түйүлүп, ал чоңоё берген сайын кыйын кезең заман болорун анда Лувр өрдөк кайдан билиптир. Ошентип жер жаралгандан бери деңиздин тынчы кетти. Ошондон бери деңиз жер менен алпурушуп, жер деңиз менен алпурушуп келет. Эки ортодо адамга кыйын болду. Адам жерге боор басып калганын билген деңиз аны көрөйүн деген көзү жок...

Таң атаар маал таяп келди. Дагы бир түн карып, дагы бир күн жаралып келатты. Шоолалаган алакүүгүмдө таноосунан буу бурулдаган бугунун шалпык эрдине окшоп, көбүк бүркүп күрпүлдөгөн жээк көрүнө баштады. Деңиздин энтиккен деми сезилди. Деңиз менен жер тийишкен узак жээк туташ оргуштап кайнап, жер менен деңиз тийишкен узак жээк үстүндө муздаган буу туман болуп уюп, туман асты күркүрөп-шаркырап жатты.

Деңиз көшөргөнүн койбой, толкун артынан толкун кубалап, тонголок кумдуу жээкти жаба берет, кара күрөң былжыр таштарга шабыраган көбүк жабышат. Күчү тайып, алсырай түшкөндө

толкундай деңиз түбүнөн жулуп чыккан суу чөптөрдүн каңырсык жытын, быжырап өчүп, кумга сиңип жаткан көбүгүн таштап, кайра артына жылбыша тартылат. Кээде толкундар муз сыныктарын жээкке көмөлөтө түртүп чыгарат. Океандын жазгы жүрүшү менен сүрүлүп келген муздар болуу керек, толкундардан ажырап жээкте калганда алар өжөр деңиздин каткан үзүктөрү сыяктанып ар-ар жерде жатып калат. Бирок кийинки келген толкундар аларды кайра өзүнүн буркан-шаркан түшкөн дүйнөсүнө сүдүрөтө кууп жөнөйт.

Түн тарап, таң агарды. Жарык шоола жайылып, теребел айкындала берди. Жер сүрөтү таанылып, деңиздин кыяпаты ачылды.

Түнкү шамалдан тынчы кеткен толкундар буурул жалданып дале болсо жээкке жулкунганы менен көз учундагы деңиз ийрими жоош тартып, эриген коргошундай сур жылтылдап, жылбырскаланып уюп баратты.



Булуттар деңиз бетинен тарап, жээкти кыркалаган дөбөлөрдү карай сүрүлдү.

Ушул тушта Ала-Дөбөт булуңунун колтугунда деңизди омуроолой жиреп кирип турган аска бар. Алыстан караган көзгө чын эле деңиз жакалай жорткон ала дөбөткө окшоп кетет. Боорунда иттин кеч түшкөн даакысындай ала-чокул өскөн бадалы бар, жайкы чилдеге чейин кетпей жатчу мөңгүсү шалпаң кулак өңдөнүп төбөсүнөн бир жагы ылдый салаңдап турат. Тескейиндеги жука чабында агарган кар да көпкө эрибей жатат. Ошондон улам аталып калган Ала-Дөбөт аскасы деңизден болсун, токойдон болсун, алдагайдан көрүнөт.

Күн эки бакан бою көтөрүлгөндө ушул Ала-Дөбөт булуңунан нивхи кайыгы (өздөрү каяк дешет) деңизге чыкты. Кайыкта үч эркек аңчы, бир бала баратат. Алибеттүү, жашыраак эки мергенчи төрт калактап суу шилеп кайык айдоодо. Баарынан улуусу – жүзүн, айрыкча тамагын каткат бырыш баскан, кокосу уркуюп, тарашадай каткан арык, кара сур абышка жыгач канжасын сөөлөт күтө буркуратып, кайыктын соорусунда эки калакчыга багыт көрсөтүп отурат. Картаң талдын кабыгындай тууруk колдору шадылуу, муундары буржуюп, манжалары опсуз тарбаят. Сакал-чачы буурул, куудай ак десе да болор. Кара сур бетинен асыресе куудай каштары көзгө урунат. Абышка канталаган кызыл жээк көздөрүн адатынча жүлжүйтүп, суу айдыңын тиктеп барат. Күн нуру чагылышкан деңиз бетин өмүр бою тиктеп келгенге көзү карыккан неме азыр бет алды багытын көрбөй эле кайык башкарып бараткансыйт. Туйлап жиберүүгө ичи бышып, бирок чоң кишилерден тарткынчыктап, улам аларды кылыя карап коюп, айрыкча тиги түнөргөн чалдын ачуусунан коркуп, он бир-он эки жаштардагы кара көз бала чулдуктун балапаныңдай болуп кайыктын тумшугунда конуп отурат. 

Баланын өпкөсү көөп алган. Ансайын таноолору дердеңдеп, бетиндеги ууру сепкилдери таруудай жайнап чыга келет. Мунусу – апасын тартканы, ал да аябай кубанганда бетине ушинтип жашыруун сепкилдери чыга калат.

Баланын кубанар жөнү бар эле. Бу жолку ууга чыгыш да аны аңчылыкка оозандырышка болгон атайы тушоо кести сапар. Ошол үчүн Кириск чулдуктун балапанынан бетер эки жагын

элеңдей карап, көргөнүнө көзү тойбой, кызыгы артып, чыдамы чыйпылыктап келатат. Ал өмүрүндө алгач жолу нагыз мергенчилер менен чоң деңизге чыгышы, ата кайыгына алгач түшүп, чыныгы ууга жөнөшү. Ордунан тура калып калакчыларды шаштыргысы келет, же болбосо калакты өзү ала коюп, бар күчүн салып суу шилеп, аң уулоочу аралдарга тезирээк жетип, чыныгы мергенчиликти салгысы келет. Бирок бул балалыгын чоңдор күлкүгө алышы мүмкүн. Аны ойлоп, Кириск ич толкунун билдирбеске тырышып келатат. Ага болбой кара тору өңү албырып, ич толкуну билинип калып жатты. Баарынан да көзү жайнайт, тула боюн кубаныч менен мактаныч бийлеп алганын жашыра албаган баланын бакыт чалкыган нурдуу тунук көздөрү жалтылдайт. Алдыда чоң деңиз, алдыда чоң уу жатканына кантип толкундабасын!



Орган чал баланын көңүл күйүн билип отурат. Жүлжүйгөн көздөрү деңиз жолунун багытын дааналап бараткандына кошо ордунда ойдолоктогон баланын өрөпкүүсүн да байкоодо. Аны көрүп, «Алда кайран балалык!» – деп көздөрү күлүндөйт, бирок ууртуна кирген жылмаюусун басып, шимирилген жаактарын ого бетер шимирилте, кемшийген эрдиндеги чала күйгөн канжасын үстөккө-босток сорот. Баланын кылыгына ичи жылып, жылмайганын билдирүү болбойт. Анткени бала бүгүн алар менен ойноп бараткан жери жок. Ушуну менен бала деңиз мергенчисинин өмүр жолун баштамак. Деңизде башталган өмүр акыры бир күнү деңизде бүтмөк. Деңиз аңчысынын тагдыры ушундай. Деңиз аңчылыгынан оор, андан кыйын, коркунучтуу кесип жок бу дүйнөдө. Ошондуктан бала бала күнүнөн

машыкканы абзел. «Акыл – теңирден, өнөр – жашынан» деп мурункулар бекер айтпаган. «Жаман мерген – ашка жүк, башка жүк». Ана, ошол үчүн, эл камын жечү эр болгуң келсе, өнөр сырына жаш күнүңөн машык. Мына, Кирискенин да кезеги келди, көзү каныксын, колу үйрөнсүн, деңизге кынык алсын.

Бул максатты баары биле турган. Ала-Дөбөттүн боорун жай кылган Айым-Балыктын атпай журту бүт биле турган. Бүгүнкү деңиз жортуулу болочок аңчы Кирискеге арналганына карысы да, жашы да баары кабардар. Эзелтен келе жаткан эреже бар: эркек болуп туулдуңбу, бала чагыңан деңизге боор бас, деңизди урматтай бил, деңиз сага үйүр алсын, бооруна тартсын. Ана ошол үчүн бир уруу журттун аксакалы Орган карыя баш болуп, сыналган эки мергенчи – бири баланын атасы Эмрайин, экинчиси Мылгун акеси коштоп, кичүүлөр алдындагы улуулардын парзын аткарыш үчүн, бу жолу Кирискенин алдындагы парзды аткарыш үчүн чоң деңизге сапар тартып чыгышкан учуру. Кириск болсо ушу бүгүнтөн баштап, жашы жетип, күнү бүткөнгө чейин, өмүр бою, жолу болгон-болбогон күндөрдө да деңиз менен тагдырлаш болмокчу.



Мейли, Кириск али оозунан эне сүтү кете элек, балтыр эти ката элек, балапан жүнү бата элек бала дейли. Бирок ким билет, бу бараткан эразамат мергендер эртең карылыгы жетип, балдардын колун караган чал болуп, тизеси ээгине жетип эшик алдында отуруп калганда дал ушул Кириск багар, бүтүндөй уруунун ишеничи-таянычы болгон аңчы болуп чыгар. Анысы жөн, ошондой болмогу ырас, атадан балага, укумдан

тукумга ооп келаткан салт ошол. Тиричилик ошонусу менен тиричилик.

Бирок бу жагдайды жарыя айткан эч ким жок. Ар кимдин ичинде жаткан купуя сыр ошол, айтылса да сейрек айтылат. Ошол үчүн Ала-Дөбөттүн жакасын жайлаган Айым-Балыктын журту Кирискенин алгач деңизге сапар тартып баратканын анча таназар албагандай болду. Тескерисинче, агайын-туугандары баланын чоңдорду ээрчип ууга чыкканын байкамаксанга алды, бул окуяга көп деле маани бербегендей көрүндү. Узатып чыккан жалгыз апасы болду. Ал дагы деңиз сапары тууралу лам деп ооз ачкан жок, булуңга жетпей коштошту. Атайылап үн катып, уулуна: «Барагой, токойго бара гой!» – деди, деңиз жакты карабай, тоо боорундагы токойду карап туруп айтты: «Байка, отунуң кургак болсун, өзүң адашып кетпе!» Ал анткени Кинр деген жин-перилерден Кирискенин изин адаштырып, баласын ар кандай азыткы-жиндерден коргогону эле. Баланын атасы, өзүнүн эрин да оозго албады. Кулагы сак, куу жиндер тиги Эмрайин бу баланын атасы эместей, Кириск болсо өз атасын ээрчибей, чоочун кишилер менен бараткандай туюнсун деп, сыр бербеди. Эмрайин менен Кириск ата-бала экенин кинрлер туюп калбасын деген амалы эле мунусу. Ата-бала аңга бир чыкканын кинр жиндер жек көрөт. Туюп калышса, ата менен баланын бирин мерт кылып, бирин эрк менен күчтөн ажыратат, эми кайра деңизге же токойго бет албаска касам ичкидей көңүлүн калтырат. Адам баласына кесепет көздөгөн арам ойлуу, суук көздүү кинр жиндер ошентип адамдын караанын издеп, изин кууп жүргөнү жүргөн.

Кириск өзү кинрлерден корккон түрү жок, эсейип калбадыбы. Эне байкуш коркот, балам деп коркот. Сен али кичинекейсин дейт. Сени алдап, арбап, мерт кылып коюш оңой дейт. Анысы да туура! Жин-перилердин балага кылбаган балаасы барбы: тумоо жаябы, оору жугузабы, аңчы чыкпай кем болсун деп мунжу кылып салабы-ай! Мунжу кемдин кереги кимге! Ошондуктан жаш бала эрезеге жеткенче жин-периден саксактап турганы оң. А балакатка жетип, өз башына өзү ээ азамат болуп чыкканда жин-шайтанын коркунуч эмес. Эр кишиден алар өздөрү сестенет.

Эне менен бала ушундайча коштошту. Корккон кообун да, жалыныч тилегин да, үмүтүн да ичине катып, үн-сөзсүз бир азга турду да, бурулуп кете берди эне. Атаны оозго албады, деңизге бир кылчайып карабады. Ата менен бала каякка жөнөп бараткандарын деле билбеген шекилдүү кетти. А чынында кечээ күнү эле өзү ата-балага үч күндүк жол азык камдап берген. Азыр баласын ойлоп корккон эне эчтеме билбеген калыпта. Бала дегенде чымын жаны чыркыраган эне жин-перилерге сыр билдирбей тек ичтен тынып кете берди.

Булуңга жетпей эне кетти, уулу болсо жин-перилерди адаштырган болуп бадал аралай ийрибуйру чуркап, узап кеткен чондордун артынан жөнөдү. Апасы ошентип айткан, буйтап бас деген, апасынын айтканын эки кылгысы келбеди бала.

Чоңдорго бат эле жете барды. Каруу-жарак, азык-түлүк артынган немелер шашпай баратышкан. Эң алдыда Орган карыя, анын артынан кажырлуу, эңгезердей кара сакал Эмрайин, үчүнчү

болуп майпаң аяк, чулу дене, быжыгыр Мылгун баратат. Үчөөнүн тең кийгени тери менен булгаарыдан тигилген, көп кийилип оңгон, суу өтпөс жылуу кийим. Аларга караганда Кирискинин кийгени асем. Апасы бар өнөрүн салып, уулунун деңиз кийимин көптөн бери камдап жүргөн. Үстүндөгү кийими да, бутундагы торбаса өтүгү да кыюу кармалып, кооз. Деңизге чыкканда мынчалык кооздуктун кереги эмне. Бирок эне деген эне да!

– Ой, сенсиңби? Биз сени апасын айланчыктап калып калды го дедик эле, – деп таң калымыш болду, Мылгун тамашалап. – Апасы жетелеп кайра алып кеттиби десек...

Кириск жаңы эле жанашкан. Ызасына муунуп кете жаздады:

– Кантип үйгө? Өлсөм да кайтпайм! Мени эмне... – деди туталанып.



– Кантет, тамашаны билбейсиңби,– деп Мылгун кайра жайкады. – Сен мунуңду кой. Деңизде бири-бирибиз менен сүйлөшпөсөк, ким менен сүйлөшөбүз. Ме, андан көрө ала жүр, – деп винчестер мылтыгын берди. Бул ыкласка бала ыраазы болуп, жагжандай басты.

Эми жүктөрүн жүктөп, сүзүп жөнөө калды.

Алар деңизге ушундайча чыгышты. Агерим жолу болуп, уудан олжолуу кайтышса, андагыны көрүп ал, башкача болот. Анда акжолтой аңчы баланын жолуна той түшүп, маараке уюшулат. Бала мергендин урматына майрам болот, түпсүз тереңинде туулуп-өсүп, алдуу-күчтүү, эр жүрөк мергендердин энчисине көбөйүп жаткан балыгы менен аңдарга бай деңиздин жоомарттыгына арналып ыр ырдалат, бий бийленет. Жер бетине тукум таратып кеткен умай эне Айым-Ба-

лыктын урматына ыр ырдалат. Ошондо журт акылманы бакшы-шаман ортого чыгып, четин сабоо сабалаган добулбастын күрсө-тарс дабышына кошулуп, жаңы мерген, жаш мерген Кирискенин жайы тууралу Жер менен сууга кайрылып, баян ырын баштайт. Ооба, аңчы бала тууралу бакшы Жер-Суудан тайынып, Жер менен Суудан балага ар дайым ырайымдуу болушун суранат, баладан улуу мерген чыккай экен, Жерде да, Сууда да дамамат жолу болгой экен, олжологон аңын кары менен жашка тең бөлүшкөн адилет аңчы болгой эле деп тиленет. Акылга дыйкан бакшы анан дагы Кириск көп балалуу болсо экен, балдары өлбөй-житпей улуу баян Айым-Балыктын тукумуна тукум кошуп, өркөнүн өстүрсө экен деп тиленет.



Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Сенин ысык курсагыңда биз жаралып,
Сенин ысык курсагыңан биз тарадык.
Сенин ысык курсагың жан бейиши,
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Нерпа тумшук ак мамагың сагындык биз,
Ак мамагың сүтүнө тайындык биз.
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Издеп сени эр барат, бир күн жетер,
Жээктеги тукумуң көбөйсүн деп,
Курсагыңа уругун сээп өтөр...
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Мерген тоскон майрамда ырлуу-бийлүү шаң ичинде ушундай ыр ырдалат. Ошол майрамда Кирискеге арналып дагы бир ырым жасалмак. Кызуу бийлеп жүргөн бакшы Кирискенин аңчылык тагдырын асмандагы жылдыздардын бирине тапшырат. Ар бир мергендин сактаган ту-

мар жылдызы болот. Кирискенин тагдыры кайсы жылдызга аманат тапшырылганын башка жан билбеш керек. Аны бакшы менен асмандагы жылдыз гана билет. Башка жан баласы билбейт. Асманда эмне көп, жылдыз көп эмеспи...

Андай майрамда журттун баарынан катуу кубанган, баарынан көп бийлеп, көп ырдаган арийне апасы менен карындашы болор, Эмрайин болсо ошол майрамда Кирискенин атасы экени жамы журтка жарыя айтылат. Арийне Эмрайин да кубанычы койнуна, сыймыгы ичине батпай калат эмеспи. Азырынча атасы делинбейт. Деңиз бетинде ата да жок, бала да жок, баары тең, баары улууга баш иет. Көсөм карыя эмне десе, ошо болот. Атасы баланын ишине кийлигишпейт. Баласы атасына арызданмай жок. Салт ушундай.



Ошол тойдо дагы катуу кубанар бир кыз бар, ал Музлук. Кириске бала күнүндө Музлук менен көп ойночу эле. Эми анда-санда гана ойношчу болду. Мындан ары оюн такыр тыйылар: мергенге оюн кайда.

* * *

Толкундарды жирей тилип, кайык элпек баратты. Ала-Дөбөт булуңу алдагачан артта калды, Узун тумшукту кайып өтүштү. Деңиз айдыңында алиги булундагыдай толкун жок экен. Көлбүп жатыптыр чалкар деңиз. Мындайда кайыктын жүрүшү жеңил.

Байтеректен туюк чабылган кайык уюган деңиз бетинде сүмбөдөй сүзүп баратты. Каршы келген толкунга да, капталдан келген толкунга

да чайпалбай орноктуу, бурган жакка жеңил, баш билги.

Өчүп калган канжасын соруп коюп, Орган карыя кайыктын белдүү жүрүшүнө шүйшүнүп, муздак суууга белчесинен бата жирей сүзүп бараткан кайык эмес, өзү сыяктанып, ошого ыраканттанып отуру. Кулакчында кыйчылдаган калактары бир калыпта шилтенип, айдың деңиз бетинде өзү сүзүп бараткандай; бет келген толкундарды кайыктын төшү эмес, өз төшү менен жара тилип, толкунга кошо саал чайпалып, өзү сүзүп бараткандай сезимде. Кайык менен сиңишип бир болуп кеткендей бул сезимден улам оюна сызылып ар кандай ойлор келе берди. Өзү чаап, өзү сомдогон бу кайыгына ыраазы. Байтеректи айыл эли жабылып кулатышты. Антпесе бирөө эмес, төрт-беш азаматтын күчү жетпегидей. Калганын Орган өзү бүтүрдү. Үч жай бою кургатты, өз колу менен жонду. Кайыгы өмүрлүк болоруна ошондо эле көзү жетти. Аны көрүп, өмүр-жашын чамалап, ушул кайык акыркысы болобу деген ойго кайра кейиди. Дагы жашай түшсө эмине. Удан калбай деңиз кезип дагы нечен чыкса, каруусунан күч, көзүнөн нур кете электе дагы эки-үч кайык чаап кетсе кана!..

Ошону ойлоп отуруп, кыялында кайык менен сырдашты: «Сен жарайсың, сага ишенем, бир боорум,– деп баратты кайыгына. – Деңиз тилин билесиң, толкун мүнөзүн билесиң, кудурет-күчүң ушунда. Мен чапкан кайыктардын ичинен мыктысы сенсиң. Узун-туураң, канча нерпа жүктөсөң да көтөрүп кете аласың. Баарынан да акжолтойсуң, кайыгым. Ошол үчүн кымбатсың мага. Көп олжону үйгө жүктөп кайра кайтканда кырыңа чейин суууга матырылып,

кээде толкун кыр аша жаба берип, кайкалап сүзүп келатканыңа куштарбыз биз. Ошондо эл жээкке жапырыла жүгүрүп, сени каршы алат, боорум кайык!

Мен өлсөм сен кал, олжосу көп алыскы жайларга сүз. Мен өлсөм, тепсе темир үзөр жаш мергендерди ээ кылып, деңиз кезип сүзө бер. Мен өлгөндө, тирүүмдө мага кандай кызмат кылсаң жаштарга да ошондой кызмат кылгын, бир боорум. Анан дагы айтаарым, боорум, тиги тумшугунда ойдолоктоп отурган баланын эр жетишин күт. Суу болбой катуу жер болсо өзү чуркап, ууга өзү эле барып келчүдөй болуп чыдамы кетип отурганын көрдүңбү? Мына ушу бала чоңоюп, сага минип, алыс-жакын деңиз чалар кезди күт, кайыгым. Бүгүн бала биз менен алгач аңга чыкты. Ошонусу жөн. Машыга берсин. Биз өтөрбүз бу жалгандан, эртеңдин ээси ушулар. Эмрайин атасын тартса жакшы адам болор. Куру көңдөй болбос. Азыркы бир катардын ичинде мыкты мерген Эмрайин. Москоол, өзү иш билги. Кезинде мен да ушундай болчумун. Толуп турган чагым. Кыз-келиндер айланчыктап жанымаН чыкчу эмес эле. Мен болсом, өмүр ошо калыбында тура берет деп жүрүпмүн. Баары күнүмдүк экенин кечигип, кийин билет турбайсыңбы. Жаш чагында антип ким ойлосун. Мобу Эмрайин менен Мылгун экөө деле азыр аны ойлогон жери жок. Мейли. Ойлоор кези алдыда. Экөөнүн тең калак шилеши мыкты. Мылгун да Эмрайинге шай келет. Эгиз кара күчү бар, экөө тең ишенимдүү жигиттер. Кайыктын калкып ойноп сүзүп бараткаНын карабайсыңбы. Бирок бул бир караганда. Кургак жерде эки буттун күчүнө сыйынсаң деңизде эки колдун күчүнө сыйына-

сың. Али жол узак, шилей берүү, шилей берүү. Бүгүн Үч-Эмчектин үчүнчүсүнө жетип таянганча сүзөбүз. Каш карайганда жетсек болгону. Эртең кереэли кечке кайра сүзмөй. Таң аткандан кеч киргичекти калак шилемей. Мен да карап отурбай, кезектеше улам бирин эс алдырып турармын. Бирок мүлдө деңизди сапырып чыгуу оңой бекен. Иши кылып олжолуу кайтсак болгону, той кылабыз.

Туюп баратасыңбы, түшүнүп баратасыңбы, бир боор кайыгым? Сен бизди Үч-Эмчекке жеткиресиң. Аңдын берекеси ошерде. Ошерге баратабыз. Үч-Эмчектин боорунда нерпалардын жатагы бар. Жакында тууту башталат, ошого нерпалар азыр отор-отор болуп топтолуп жаткан кези.

Айтканымды тыңдап, туюп баратасыңбы, кайыгым? Сен туюнасың дечи. Сен али деңиз бетин көрө элегинде, байтеректин курсагында жатканыңда эле сүйлөшө баштабадым беле. Мен сени байтеректин курсагынан сууруп алдым, мына эми экөөбүз деңиз жалдап барабыз.

Эмесе мен бу дүйнөдөн өткөндө сен унутпай жүргүн. Деңизге чыккан күндөрүңдө мени эстей жүр...»

Жээкте калган баш белги Ала-Дөбөт чокусун көздөн учурбай кайыкты ачык деңизге түз багыттап бара жатып, Орган карыя ушундай ойго кетти. Ошо жээктеги ала чокунун ажайып сыры бар. Аны деңизге чыккандардын баары айтат. Күн ачыкта деңизчилер улам жакадан узаган сайын ала чоку бараанданып, асман чапчый берет. Жолоочудан калгысы келбей ээрчип алган Ала-Дөбөт өңдөнүп көрүнөт. Кайсы туштан караба Ала-Дөбөт көрүнүп турат. Көпкө ошентип көрүнүп турат да, анан бир маалда суу бетинде

сай бар сымал, жолоочулар сайга түшүп кеткен сымал Ала-Дөбөт көздөн кайым болот. Анда мергенчилер айтат: Ала-Дөбөт үйгө кайтты, жер алыс калды дешет...

Ана ошондо Ала-Дөбөт кай тушта калганын, жел кай тараптан жүрүп турганын, күн ала чокунун кайсы тушунда турганын, кайсы маал экенин, каалгыган булуттардын чамасын байкап кал, эске тутуп кал. Аралга жетер жеткенче Ала-Дөбөт калган тарапты унутпа. Деңиз чалкарында адашып кетпейин десең ошент.

Кайыкчылар күнчүлүк жолу бар аралдарга бет алып барат. Чексиз суунун бетинен кылтыйып чыгып турган үч эмчектей үч аска бар, эли-журту жок үч арал. Үч аралга жетер жеткенче Ала-Дөбөт калган тарапты унутпа. Деңиз ошо аралдар менен бүтөт да, андан ары дайыны жок, чеги жок Улуу Мухит-Океан ааламы башталат. Дүнүйө жаралгандан бери, Лувр өрдөк жумуртка салар карайткы, алакандай кургак жер издеп таба албай айласы кеткен күндөн бери жайкалып, өзүнөн өзү туулуп, өзүнөн өзү толуп жаткан Мухит дүйнөсү ошол. Деңиз менен Мухиттин чеги болгон алиги аралдарды жаз маалында нерпалар жатак кылат. Бу мергенчилер ошону көздөп, ошону багыт алып бараткны...

Бала айран-таң. Деңиз ал ойлогондон такыр башкача болуп чыкты. Ала-Дөбөттүн борчук таштуу боорунда ойноп жүрүп көз салганда да, же булуңда кайык айдап сүзгөндө да деңиз мындай деп элестете алган эмес. Кайык булуңдан чыгып, ачыкка бет алганда бала деңиздин эмне экенин сезгендей болду. Асман менен туташып, көз да, санаа да жеткисиз, кыйырсыз ааламды каптап, бүт ааламды каптап, бүт ааламдын уют-

кусу болуп жаткан суунун баары деңиз экенин аңдаганда баланын эси чыга жаздады.

Бала эсин жыя элек. Ушундай болобу деп кайдан ойлоптур. Айлана тек жалаң суу, коргошундай оор көлкүгөн, сымаптай төгүлгөн, түнөргөн сүрдүү жалаң суу, толкуну жондонуп заматта туулуп, заматта жапырылып кайра өлгөн айлана тек жалаң суу. Тереңи түпсүз караңгы, тегерегиң кыйырсыз, төбөдө көз жетип, кол жетпеген, үзүк-үзүк булуту бар көк асман, айланаң тек жалаң суу. Нагыз аалам, нагыз дүйнө ушул. Түпсүз асман, түпсүз суу. Башка көз токтотор нокот жок. Кыш да жок, жай да жок, тоо да жок, сай да жок.

Дүйнөнүн бу четинен тиги четин бүт каптап жаткан суу.

Толкундарды улам сүзө тилип, кайык калыбында баратат. Алдыда аң уулоо маалын ашыга күткөн баланын да ажары ачык, көңүлү жаркын. Бирок жанагыдай апкаарыбай калды, эсдартынын баары ууга жетээр чакта болуп, суу менен суу үстүндөгү көрүнүштөр көзгө илинсе да, көңүлүнө жукпай, көнгөн майрам шаңындай жаркылдап өтүп жатты. Болбосо бала күн нурунун суу бетинде түркүн түстө чагылышып ойногонун, күн тийген капталы көк-жашылданып жылтылдап, арт жагы тунук көк тартып түнжурап, тескей капталы түнөрүп сүрү сестентерин көрүп жүрөгү башкача какмак. Капилеттен кайыкка туш келген бир кызык балыктарды көрүп кубанмак. Бир маалда бүкүр балыктардын калың тобу кайыкка каршы келип, бытырай качкандын ордуна баёо немелер кайра тобу менен жандай сүзүп, суудан секирип чыгып, абага

көз ирмемге илине калып, кайра сууга чалкасынан түшүп жатышкандарына каткыра күлмөк.

Мунун баарын көрүп баратты, бирок көңүлү анчалык бурулбады. Эси-дарты андуу аралдарга эртерээк жетүүдө. Эртерээк ууга кирүү.

Анткен менен аздан соң баланын көңүлү өзүнөн өзү бузулду, сыртынан билинбесе да ичтен сызды. Жерден улам узаган сайын, айрыкча түнөрө дүңкүйгөн суу жонунун далдасында Ала-Дөбөт көрүнбөй калгандан тартып тилсиз түнөргөн суунун суук коркунучу акырындап денебоюн ээлей берди. Бу бейтааныш, тилсиз улуу дүйнөнүн алдында ал кыпындан кичинекей экенин, эч аргасыз көз каранды экенин сезип калтаарыды.

Бала мурда мындай коопту сезген эмес эле. Бейкапар боорунда ойноп, кээде чокусуна чыгып алып, алдында көлбүп жаткан коркунучсуз деңизге суктана карап турчу Ала-Дөбөтү мынчалык жанына жакын, ынак экенин билген эмес. Өз ордунда Ала-Дөбөт канчалык алп да, боорукер да экенин, бузулбас, козголбос экенин Кириск эми түшүндү.



Жер менен деңиздин айырмасын бала эми билди. Жерде жүрүп жердин баркын ойлобойсуң, билбейсиң. Мына эми деңизде баратып эмнени ойлобо, баары бир көкөйүңдө деңиз турат. Бу жаңылык баланы чочулатты. Деңиз өзүнө денебоюңду, бүт оюңду багынтып алганында кандайдыр бир түпөйүл, өкүмчүл сыр жаткансыды...

Чоңдорду карасаң, бейкапар, токтоо. Эмрайин менен Мылгун баштагысындай эле бирдей кыймылдап, бир адамдай бир калыпта калак шилеп келатышат. Төрт калак бир маалда суу шилеп, кайык калыбынча жыбылжып барат.

Бирок ошо жыбылжытышка эки кишинин канча күчү керек. Калакчылар балага далысын салып отурганы менен жондору дүгдүйө күржүңдөп келатканын көрүп отурат бала. Эки калакчы анда-санда гана үн катышпаса, унчугушпайт. Атасы гана кээде кылчая калып, «Кандайсың?» дегендей мурут астынан жымыйып коёт.

Ошентип сүзө беришти. Чондор сабырлуу, токтоо. Орган карыя болсо деги эле кабагымкашым дээр эмес, канжасын дембе-дем соруп коюп, кайыктын багытын башкарып келет. Ар ким өз ою менен алек. Ырас, бир-эки жолу Кириск да же Мылгундун, же атасынын жанына отура калып, калак шилеп жардамдашты. Калакчылар бир калагын берип коёт. Үйрөнсүн дешкени го. Кириск эки колдоп бир калакты тырыша шилегени менен кайык оор, калак чоң болуп, көпкө чыдабады. Бирок эч ким аны күнөөлөбөдү, эсиркебеди, унчугушпай өз аракетинде болушту.



Ала-Дөбөттүн карааны өчкөндө гана баары тең кобурашып калышты.

– Ала-Дөбөт үйгө кайтты! – деди атасы.

– Кайткан экен,– деди Мылгун.

– Ошенттиби? Кайткан экен го,– деди Орган карыя кылчайып. – Андай болсо жолубуз болор. – Анан баланы тамашалады. – Эй, Кириск, балким чакырсаң жетип келер дейм?

Баары күлүп калды. Кириск да күлдү. Анан ойлоно калып, олуттуу сүйлөдү:

– Андай болсо кайра кайталык, Ала-Дөбөт тосуп чыгар.

– Мунун тез кайткычылын! – деп күлмүңдөдү Орган. – Андан көрө бери менин жаныма кел, бекер отурбайлы. Деңизди карай берип

көзүң деле талыган чыгар. Бу жарыктыкты карап түгөтө албайсың.

Кириск ордунан туруп, кайыктын соорусуна жөнөдү. Кайыктын түбүндө бугу терисине оролгон эки винчестер, гарпун, чоң ороо аркан, ичер суу куюлган кол бочке, күлазык салынган капчык, дагы-дагы бирдемелер жаткан. Кириск кайык боорлоп, ошолордон аттап өтүп баратып, атасынын терлүү моюнунан чыккан ачуу тер менен тамекинин жытын сезди. Атасы деңизге кеткен кездерде апасы эски тонун алып, бетине басып, жыттап отурар эле. Ошондо тондон дал азыркыдай жыт буркурап турар эле.

Жанынан өтүп баратканда атасы баласына ээк кагып, ыйыгы менен боорго акырын түртүп калды. Эки колу калактардан бош эмес. Бирок Кириск атасынын олдоксон эркелеткенине эрер-



кей койгон жок. Элжиреп кеткичилин! Деңизде ата-бала жок. Баары – тең. Деңизде улуу гана бар, көсөм гана бар. Андан ыктыярсыз былк этүүгө эч кимдин акысы жок.

– Кел, жайгашып отур,– Орган орун көрсөтүп, шадылуу, туурук колун баланын ийнине акырын койду. Кичине калтаарып калгансыңбы дейм, ыя? Чыкканда бекем эле көрүнгөндөй болдуң эле, бара-бара...

Орган чал баарын байкап отурган экен деп Кириск уяла түштү. Бирок бой бербеди:

– Жок, аткычх[1], эч корккон жокмун! Эмнеден коркмок элем?

– Деңизге биринчи жолу чыксаң... дейм да.

– Биринчи жолу болсо эмне экен, – деп Кириск моюн бербеди. – Мен эчтекеден коркпоймун.

[1] аткычх – (нивхиче) чоң ата.

– Анын дурус. Мен илгери алгач деңизге чыкканымда, чынымды айтайын, аябай корккам. Карасам, жээк көрүнбөйт, Ала-Дөбөт алдагачан үйгө кетип калыптыр. Тегерегим жалаң толкун. Үйгө кетким келди. Же тиги Эмрайин менен Мылгундан деле сурачы, булар коркту бекен, жок бекен?

Тигил экөө «ырас, ырас» дегендей баштарын ийкеп, калактарын жүткүнө шилеп, ырсая күлүмсүрөштү.

– Мен корккон жокмун! – деп Кириск да көшөрдү.

– Анда азамат экенсиң! – деп карыя анын көңүлүн жоошутту. – Эмесе муну айтчы, Ала-Дөбөт кай жагыбызда калды?

Күтүлбөгөн суроого Кириск ойлоно калды да, колун сунду:

– Мобу жакта!

– Туурабы? Негедир колуң калтырайт да?

Бала колунун калтырагын басууга тырышып, жанагысынан саал оңго тарта көрсөттү:

– Мобу жакта!

– Эми таптың! – деп колдоду Орган. – Айталык, кайыктын тумшугу быякка бурулса, анда Ала-Дөбөт кай тарапта калат?

– Быякта!

– А эгер шамал бизди быякка бурсачы?

– Анда тыякта калат!

– А эгер солго карай сүзсөк?

– Анда быякта болот!

– Дурус, дурус. Айланада көз токтотор белги жок, бүт эле суу. Ала-Дөбөттүн тарабын сен кантип таап атасың? Ушуну айтчы? – деп Орган кары такый берди.

– Менин дагы бөлөк көзүм бар,– деди Кириск.

– Кайсы көзүңү айтасың?

– Билбейм, ичимде болсо керек. Көрбөй туруп эле көрө берет.

– Ичиңдеби? – баары күлүп калды.

– Мунусу туура,– деди Орган. – Ошондой көз болот. Бирок ал көз ичте эмес, башта болот.

– Менин көзүм ичимде, – деп болбоду Кириск. Бирок андай көз башта болорун ичинен билип турду өзү.

Аздан соң карыя Кирискени дагы сынакка алды. Бала төгөрөктүн төрт тарабын тааный ала турганына көзү жеткен соң:

– Жарайсың, ичиңдеги көзүң жаман эмес экен,– деп кобурады.



Бул мактоого көңүлү көтөрүлүп калган Кириск эми өзүнө өзү сурак коюп, жооп таап, жатыга баштады. Деңиз жай көлкүп жаткан азыркы учурда туш-тарапты баамдоо анча кыйын эмес эле. Жанга жолдош, касиети чоң Ала-Дөбөт эске келген сайын чакыргандай ички көзгө көрүнүп, дайым бала издеген туштан табылат. Дүңкүйгөн сырттан дангыт, боорундагы даакы өңдөнгөн бужугур токою менен, «кулагындагы», «чабындагы» ак темгил кары менен, көкүрөк астындагы аскасына шарпылдап тынымсыз урунуп турчу толкундары менен – баары-баары көз алдыга тартылат. Ала-Дөбөттү элестеткен бала анын айлана-тегерегиндеги дөбөлөрүн кошо эстеди. Анан эрксизден үйүн эстеди. Нивхилердин конушу деңиз кылаасындагы желе дөбөлөрдүн ортосунда, жылга токойдун этегинде, суу жээгинде. Жыгач үйлөр, сарайлар, иттер, тооктор, балык илип кургатар шыргыйлар, созолонгон

түтүн, айыл элинин кулакка көнүмүш үндөрү, анан өзгөчө апасы менен карындашы Псулк – ушулардын баарын, атүгүл азыр эмне кылып жатышкандарын бала көз алдына даана келтирди. Апасы, арийне, Кирискени, эрин, бу бараткан аңчылардын баарын ойлоп, убайым тартып отургандыр. Ырас, апасы азыр дал ушуну ойлоп отурат. Ойлоорун ойлоп алып, кайра ойлорун жинперилер туюп калбаса экен деп коркуп отурат го байкуш. Кирискени дагы ким ойлойт, болсоболбосо Музлук ойлойт. Псулк менен ойномуш болуп Музлук бул убакка чейин үйгө нечен келип кеткендир. Деңизге кеткен Кирискени кокустан эстеген таризде Музлук сурап калса, апасынан жеме укту бекен? «Эмне деп кайбырап атасың сен, кыз? Кириск отун алганы токойго кеткенин билбей калдыңбы?» – деп жекирип койгондур. Кыз ошондо түшүнүп, уялганынан унчуга албай отуруп калгандыр. Ушуну ойлоп, Кириск Музлукту аяп кетти. Музлук ойлосо экен, эстесе экен, аны эч ким жемелебесе экен, деп каалады Кириск.

Кайык болсо мурункусундай эле толкундарга төшүн матыра жара тилип, бир калыпта сүзүп баратты. Айлана жалт-жулт жыбырлаган толкун, акжалданган чоң деңиз. Нивхилер түш оой, болбосо кечке жуук Үч-Эмчек аралдардын эң беркиси Кичи-Эмчекке жетип, сааты чыкса аң уулоону ошерден баштап калуу максатта. Каш карайгыча кайык коёр тынч коңулу, баш баанек кылар үңкүрлөрү бар. Эртеси таң эрте кайрадан деңизге чыкмай. Эгер бүгүн кечке жолдору болуп калса, эртең эртелеп кайра жол тартмай. Эмнеси болсо да эртең күн эки терек бою көтөрүлгөнчө, чоң шашкеден калбай кайтыш ке-

рек. Деңизден канчалык эртерээк чыгып кетсең ошончолук жакшы.

Мунун баарын Орган карыя күн мурунтан ойлоп койгон. Жардамчылары тиги Эмрайин менен Мылгун да Үч-Эмчекке алгач бараткан жери жок, иштин жайын жакшы билишет. Күн ырайы бузулбай турса, жатагынан аң учураса болду, калганын эмне кылышты ар кимиси билет.

Орган карыя деңизге муктаждыктын айынан чыгып аткан жери жок. Ырыскы-насиби деңизден экени чын, бирок абышканы андан башка дагы бир нерсе деңизге дайым тартып турат. Чалкыган деңиз кеңдиги абышканын ичте катылган сырларын оюна келтирет. Сыр каткан ойлору көп эле. Деңизде ой-санаага жолтоо жок. Кургакта күнүмдүк тиричилик менен жүрүп сааты чыкпаган ойлор деңиз бетинде өзүнөн өзү оргуштап, кайнап чыгат. Айдың деңизде гана Орган өзүн Деңиз менен Теңирдин туушканындай сезет.

Кыйырсыз кудурет менен бетме-бет отурганда калтылдак кайык үстүндөгү адам дараметсиз бир бечара экенин Орган жакшы билет. Бирок адамдын оюу бар да, ал ошонусу менен улуу, оюу менен Деңиз-Теңир ортосундагы эки танапка жетип турат, табийгаттын түбөлүктүү кыйырына оюу менен жетип, оюу менен ааламдын тереңине да, бийигине да тутумдаш. Ошол себептүү адам руху деңиздей терең, Көк Теңирдей түпсүз, анткени анын акыл-оюна чек жок. Бир адам өлсө кийинки адам андан илгерирээк ой жүгүртөт, андан кийинкиси дагы илгерирээк, ошентип түбөлүккө кете бермек… Ушул кыйын акыйкат гана абышканын сыздаган жанын жай алдырат.

Өмүр жалган, өлүм ак. Өмүрүнүн чеги жакын калганын да билет карыя. Бирок, сактап каткан бир сыры – Улуу баян Айым-Балык кирген түштөрү дайым боло берерин, өзү өлгөндөн кийин да ал түштөрү жашай берерин Орган жакшы билет. Түшүң мурас калбайт, бирок такыр жок болуп да кетпеши керек... Жоголбойт. Анткени Айым-Балык түбөлүктүү, демек ал кирген түштөр да түбөлүктүү.

Деңизде жүргөн чактарында ушул ойлор көп келет. Андай учурларда жолдоштору менен да сүйлөшпөй, көпкө тунжурап оюна кирип кетет. Деңизди телмире тиктеп, бирөө менен сүйлөшүп жаткандай өз алдынча күбүрөйт, Айым-Балык кирген түштөрүн кайсы бир олуя-машаяктан суранат. Бирок адам а дүйнө кеткенде түштөрү да кошо кетмек беле, ошо жакта деле баягы түшү кайталанып түбөлүккө кире бермек беле? Айласын таппай башы катат, жаны менен кошо түшү да кетерине өзүн ишендиргиси келет.



...Түш демекчи. Илгери бир заманда Ала-Дөбөттүн этегинде үч бир тууган жашаптыр. Улуусу кууганын куткарбаган, качса жеткирбеген жел таман экен. Ал бугу – адамдын кызын алат да, үйүр-үйүр бугулардын ээси болуп, тундрага көчүп кетет, ошоякка орноп калат. Кичүүсү из куугуч изевилчи, көзгө атар мерген болот. Ал да токой элинен бир кызды алып, мергенчилигин кесип кылып, тайга токойду жайлап кетет. Ортончусу аксак туулуптур. Эрте туруп, кеч жатса да багы ачылбайт, кубалап бугуга жетпейт, токой аралап аң уулай албайт. Ал тегеректен эч ким кызын бербейт. Ага-иниси таштап кетет. Ал шордуу ошентип деңиздин

жээгин жай кылып кала берет. Балык кармап жансактайт. Балыктан ким жарысын...

Бир күнү аксак шордуу кайырмак салып, кайыгында отурган. Аңгыча кайырмагы колунан жулкулдап калат. Чоң балык түшкөн экен деп, кубанып кетет. Акырындап кайырмагын тартып, түшкөн немени жакындата берет.

Караса, бир укмуш! Балык кейпиндеги жылаңач аял. Жаргак куйругун суга чапкылап, качууга жулкунат. Сулуулугун айтпа: күмүштөнө жылтылдаган тумсак эти айлуу түндө мөлтүр суунун түбүнөн көрүнгөн акак таштай көңүл толкутат, ак эмчеги балкылдап, нерпа тумшук үрпүлөрү карарат, тунук жашыл көздөрү каухардай жаркылдайт. Байкуш аксак Айым-Балыкты суудан сууруп алып, колтугуна кысат. Ошентсе, Айым-Балык аны аймалай кучактайт. Экөө кайык түбүнө жыгылат. Капилет келген бу бактысына аксактын башы тегеренет. Кайык түбүндө экөө эмне болушканын өзү билбейт. Кайыгы асманга жете серпилип жатканын бир билет. Деңиз асманга жете чайпалып, асман деңизге түшө астын-үстүн болуп жатканын бир билет. Анан катуу бороон басылгандай тынчый түшүшөт. Ошондо Айым-Балык сууруулуп чыгып, сууга булт кирип кетет. Аксак эр тура калып, артынан умтулат, кайрыл деп кыйкырат, чакырат, жалбарат, бирок Айым-Балык деңиз түбүнө дайынсыз кетет.

Үч бир туугандын ортончу аксагынын башынан ушундай окуя өтөт. Ага-иниси таштап кеткен, деңиздин ээн жээгинде каңгырап жалгыз калган аксактын башынан ушундай окуя өтөт. Деңизге чумуп кеткен Айым-Балыктан кайра кабар болбойт. Аксак байкуш сагынып, көңүлүн

кир, көкүрөгүн зил басат. Ошол күндөн кийин күндүр-түндүр деңиз кылаалап, көзүнөн жаш мончоктоп, үндөгөнү-чакырганы, сагынганы-күткөнү Айым-Балык болот. Жадегенде алыстан бир көрүнүп койсо деп үмүт этет.

Деңиз киргенде кылаалап ырдайт:

Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?

Деңиз тартылганда кылаалап ырдайт:

Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?

Ай караңгы түндөрдө кылаалап ырдайт:

Бул деңиз – менин сагынчым,
Бул деңиз – менин көз жашым,
Бул жер – менин зар башым!

Ай караңгы түндөрдө кылаалап ырдайт:

Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?



Деңиз киргенде кылаалап ырдайт, деңиз тартылганда кылаалап ырдайт. «Баяным» деп улук көрөт, «Айымым» деп ынак көрөт.

Ал ортодо кыш өтөт, кыш артынан жаз өтөт. Жайдын бир күнү аксак балыкчы тизеден толкун кечип, ачык деңиз бетин карап, ажап болуп Айым-Балыгым көрүнүп калбас бекен деп, үн салып чакырып коюп аксаңдап келе жатса, тайыз жээктен баланын ыйлаган үнүн угат. Ырас, наристе бала ичегиси үзүлө тынбай ыйлап жатат. Аксак балыкчы алиги ый угулган жакка жүгүрө жетип, көргөн көзүнө ишенбейт: тайыз жээкте жылаңач бала отурат, толкун улам жаба берип, кайра тартат, ал ансайын бала: «Менин атам ким? Менин атам кайда?» деп бакырат. Аксак балыкчы ого бетер айраң калып, айласын таппайт.

Бала аны көрө коюп: «Менин атам сенсиң! Багып ал, мен сенин уулуң болом!» дейт.

Мына кызык-тамаша! Балыкчы уулун алып, үйүнө көтөрүп кетет.

Бала тез эр жетип, деңиз чала баштайт. Жоо жүрөк, чымыр, акжолтой аңчы болуп чыгат: тор салса, балыкка толуп чыгат, жаа тартса, деңиз жаныбарларын тандап терет. Даңкы таш жарып, тоо ашып, токой аралап кетет. Токой эли шүйшүнүп кызын берет. Бала-чакалуу болуп, Айым-Балыктын урук-тукуму ошондон тарап, көбөйгөн экен.

Ошондон улам маараке-тойлордо ыр ырдалып калган:

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Сенин ысык курсагыңда биз жаралып,
Сенин ысык курсагыңдан биз тарадык,
Сенин ысык курсагың – жан бейиши.
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Нерпа тумшук ак мамагың сагындык биз,
Ак мамагың сүтүнө тайындык биз.
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Издеп сени эр барат, бир күн жетээр,
Жээктеги тукумуң көбөйсүн деп,
Курсагыңа уругун сээп өтөр...
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Бул түш мухиттин туңгуюк түбүнөн түрүлүп келип, бир маалга жака-жээкти күүгүмдөгөн сыйкырлуу кучагына басып калчу деңиз киргининдей байкоостон каптап келет.

Ушуну көргөн сайын Орган ажайып айран таң калып, өңү менен түшүнүн ортосунда эсеңгиреп жатып калат. Айым-Балык менен өңүндө чын көрүшүп калгыдай болсо жан баласына оозу-

нан чыгарбас эле го, Орган түшүндө Айым-Балык менен жолугушканын өңүндөгү окуядан бетер чын көрүп, эч кимге айтпай келет.

Ырас, жыргалы менен кайгысы аралаш, жан дүйнөсүн чыдагыс кыйноого салып, кайталанып кире берген жан жолдош түш болду бул Органга. Маңызы байыгыс, мааниси түгөнгүс бул түштүн укмуш касиетине Орган көргөн сайын айран азыр. Дайынсыз аян, чечилгис табышмактыгы адамды түбөлүк кыйнап келаткан түш менен чындыктын ортосундагы илешпеген кубулма байланышын чечмелеп ойлоно берип, сырдын сырын табуу үчүн жан алакетке түшө берип, Органдын жаны кейийт да, айласы түгөнүп турганына карабай, түшүнүн кайра келишин эңсейт, улуу Баяны Айым-Балык менен дагы бир жолугушууну каалайт.



Ал экөө деңизден жолугушчу. Айымдын келишин күтүп, Орган деңиз кылаалап чыгат. Суу чайган кумдуу жээкте басса изи калбайт, бирок өчкөн күндүн күңүрт шооласында кара-кубаң көлөкөлөр көпкө сакталып турат. Ал көлөкөлөр көөдөнүнө сагыныч толуп, сагынычтан жаны сыздаган адам кара кардын үстүнөн басып өткөн изи сымал карандап калат. Махабат муңуна, үмүт менен эңсөө муңуна өзөгү өрттөнүп Орган жээкте басат, а деңиз болсо кайдыгер, муздак жатат. Ошол жалгыздык баскан ээн дүйнөдө же үлп эткен жел, же зың эткен үн, же тырс эткен дабыш чыкпайт. Жалгыз Орган деңиздин түнөргөн төрүнөн көзүн албай аруу баяны Айым-Балыгын күтө берет, күтө берет.

Жээктеп басса жолун коштогон буурул жал толкундар шуулдап бутка илешет, бирок доошу угулбайт, далбасалап асмандан чааралакей ку-

лаган лапылдак кардай чардактар өйдө-ылдый чуулдап учат, бирок үндөрү угулбайт, кулагы бүтүп, үнү жок, дили калып, тили жок ың-жың дүйнөдө Орган Айымын канчалык эңсеп күткөн сайын ошончолук заманасы куурулат, заманасы куурулган сайын сагынычы күчөп, ушунун баары түш экенин билип турса да, түшүндөгү жалгыздык баскан кусалык өңүндө ого бетер кууратарын билип турса да, өңүндө болобу, түшүндө болобу, аны бир көрбөй жаны тынбасын туюп турса да – ушунун баарына карабай жүрөгү сыздап, кайрадан кайра жолуккусу келе берчү. Ошондо, айласы куруп бүткөндө айкырык салып чакырчу. Бирок басып жүргөн дүйнөсүндөгү үн-доош угулбаган сыңары өз үнүн өзү укчу эмес. Деңиз болсо тунжурап үн катпай, толкуп кыймыл жаратпай, мелтиреп жата берет. Тек өзүнүн гана аласалып түйшөлгөнү, жай тынымы кыстыгып үзүл-кесил дем ала баштайт, жүрөгүнүн түрсүл какканы ойготот, ошого кайра кыжыры келет. Андай учурда жанын жай алдырар жай таппай, өзүнүн өзөгүнөн өзү суурулуп чыгып кетээр жол таппай, чөгүп бараткан адам агып бараткан чырпыкка асылган сымал, кайрадан Айым-Балыгы чакырып, кайрадан Айым-Балыгын эңсеп, эси-дарты жалаң Баянда калчу.

Акыры түңүлүп, жан кыйылар маал келгенде Айым-Балык түнөрүңкү-түссүз суудан суурулуп чыга келет да, Органды тике тиктеп, сагына тиктеп, буурул толкун арасында аруу келбети бирде күмүш, бирде күүгүм жаркылдап, аптыга сүзөт, ашыга сүзөт, сүйүнө сүзөт. Мына ошондо баятан берки дүлөйлүк жарылып, күркүрөгөн толкун доошу, шуулдаган шамал табышы, чуулдаган чардак үндөрү дүйнө койнун толтуруп угу-

лат. Ошондо баладай бакырып, баатырдай айкырып, Орган каршы чуркайт, терең деңиз шыйрагына келбей малтап, түпсүз деңиз тизесине жетпей жиреп, андан түпсүз жерде муздак сууну чатырата тилген кит болуп, ашыгына аптыга сүзөт.

Айым-Балык болсо көк деңиздин бетин буурул толкун жондонтуп, тегерене сүзүп, күтүп турат. Кээде аба чапчып секирип, көз ирмемге жумуру денеси абада диртилдеп илинип туруп калат. Ошондо карасаң деңизге кокус түшүп кеткен кадимки эле келин сыяктанып, эркектердин көз жоосун алган кымча бел, көк соору келин сыяктанып көрүнөт.

Анда Орган сүзүп жете келет, экөө тең жарыша сүзүп, чалкып жаткан океанга бет алышат.

Экөө жанаша сүзүп, катуулаган сайын капталдары тийишип, денеден денеге учкун өтөт. 
Зарыгып күтүп, жалгыздыктын азабын тарткандагы Органдын көксөгөнү эле ушул.

Мына эми экөө бирге. Ойго келбес күч менен түнкү океандын күңүрт жылтылдаган алыстагы төрүнө экөө зымырап сүзүп барат. Буурул жал толкундарды көзөй сүзүп, туңгуюк түпкүрдөн тийген булаңгыр шоолага боорлорун жаркылдатып, экөө көзгө араң илешкен көк-жээктин чегине барат. Өркөчтөнгөн толкундардын биресе кырына кайкып чыга түшүп, биресе шукшурулуп сайына түшүп, бирде өөдө, бирде ылдый, бирде жонго, бирде сайга селкинчек тепкендей ойкуп-кайкып, учуунун толкунуна экөө тең алеп-желеп өрөпкүп барат. Экөөнөн калышпай толкунга секирип, күңүрт күзгү бетинде бирде сүйрөйүп, бирде жылтырак сары тамга болуп, экөөн коштоп ай барат. Жандай чапкан ай гана.

Жарыша сүзгөн экөө – Айым-Балык менен ал. Бул кыйырсыз мейкинде чардап бараткан алар гана – экөө менен ай, үчөө менен океан. Көксөгөн бакыт жыргалы, эңсеген эркиндик жыргалы, эки жүрөктүн эзилишип кошулган салтанаты ушул эле...

Экөө талыбай, тынбай сүзүп баратты. Экөөнүн эртерээк жетсек деген, ашыгып сүзгөн максаты – белгилүү жай бар. Ал жай экөөнө гана буюрган. Экөө ал жайга жетмек да, дене-бой эрип кошулуп, бир көз ирмем ичинде өмүрдүн башталышы менен аягын кошкон жыргалдын ширини менен ачуусун татышмак. Экөөнө күч кошуп, ашыктырып бараткан максат ошол...

Ошол эңсеген жайга тез жетүүгө экөө суу бетин тилип, куштай учуп баратты.



Канчалык тездеп сүзгөн сайын ошончолук Оргaндын делебеси дүүлүгүп, жан жыргалын албууттана каалап сүзөт. Кызыл балык уругун чаччу жерине дал ушинтип ашыгып жетет да, жеткен жеринде уругун чачып болгон соң өлүп кетет. Орган махабат жолуна өлүп кетишке кайыл болуп сүзүп баратты. Сыйкырдуу Айым-Балык ал ансайын кызыктырып, океандын тереңине азгырып, толкундарды жаркылдай жарып өтүп, чачыраган маржан көбүктөн ай нуруна күн желеси тартылып, Айым-Балык ал ансайын суктандырып кулпуруп, ойкуштаган кылыктуу денеси ал ансайын ээликтирип, зыпылдап сүзүп барат. Суу жукпай жонунан шыпырыла агып калып жаткан суу перинин сулуулугу ал ансайын Оргaндын башын айлантып, эсинен тандырып барат.

Экөө сүйлөшпөдү, тек бурулдаган суу чачырандысы арасынан биринин дидарын бири көрө

түшкүсү келгендей биринен бири көз албай, тагдыр белгилеген жайга арылдай сүзүп, такат албай сызып баратты...

Бирок экөө ал жайга эч качан жетчү эмес, күткөн маал эч качан келчү эмес...

Оргaндын бул ажайып түшү көбүнесе чорт үзүлүп, дайынсыз бүтүп, түтүндөй тарап жоголчу. Ошондо эсеңгиреп жатып калат. Чыны менен капаланып көпкө жүрөгү сыздап калат, алдагандай бир келген жыргалга канбай, кумары таркабай, сезими коңултактайт. Кээде, көп убакыт өтсө да, ал түшүн ийне-жибине чейин териштире эске түшүрүп, бул эмненин жышааны, эмне деген аяны деп, көпкө ойлонот, түшүндө көргөнү түш эмей эле өңдөн чынырaак сыяктанат. Демейки түшүң эсиңе келсе келер, келбесе жок, эстен чыгып кала берет эмеспи. Түшүң түлкүнүн богу, эмнелер кире бербейт дегендей ага башын катпайт. Айым-Балык болсо турмуштагы чындыктан бетер жатса-турса көз алдынан кетпейт, ойлосо оюнан чыкпайт. Ошол үчүн Айым-Балыкка жолукканын жана андан капилет ажыраганын кадимки окуядай көрүп, абышка катуу жапа чегет.

Түшү ушундайча бүткөнгө ар качан абышканын жан дүйнөсү азап тартат, табышмактын жандырмагын таба албай заманасы куурулат.

Кээ бир көргөн түшүндө ал экөө эңсеген жайга жакын эле жетип калгандай болот, атүгүл кайсы бир жээк мунарыктап көрүнө баштайт. Махабат жээги ошол. Экөө жуурулушуп биригип, эзилишип кошулсак деп албуут сезим канат болуп, күч болуп, алдас уруп ашыгып келаткан жээк ошол. Мына ал жээкке жетип калышты. Бирок дал ушунда түпсүз ирим тайыздап, кумга

буттары батат, суу тизеге жетпей сүзө албай калышат. Орган алактап артына кылчаят. Айым-Балык тайыз сууда сүзө албай алдас уруп артта калган. Муздак терге чыйрыгып, Орган артка жүткүнөт. Бирок буттары баш ийбей жансыз, шилтенбей оор тартат, сормо саздай ылайлуу сууну малтап Айымына жеткиче түгөнгүс көп мезгил өткөндөй кыйналат. Алдастап жаткан Айым-Балык аркан бою алдында турса да, ага жетип кол сунарга аз эле калса да, энтигип суу жутуп, кара терге чөмүлүп деми кыстыгып, суу түбүндөгү балырга буттары илешип, такыр жете албайт. Анысы аз келгенсип тайыз сууда сүзө албай чабалактап жаткан сулуу Айым-Балыгынын жан-далбасын көрүп жаны кейийт. Акыры өлдүм-талдым дегенде Айымга жетип, аны көтөрүп алып, бооруна бекем кысып, алдан тайып, башы айлангандан теңселе басып жээкке бет алат. Бирок Айым-Балыгынын жүрөгү жарылып кетчүдөй, качып баратып колго түшкөн жаралуу куштай жанталаша сокконун туят. Ошондо, сүйгөн перисин бооруна бекем кысып бараткакына кубанганданбы, наристе баланы алып бараткандай эт-жүрөгү элжиреп, Айымын аяп кетет да, каңырыгы түтөп, көзүнө жаш айланат. Жашыганына Айым-Балыгынан ого бетер уялып, ыйлап жиберүүдөн араң карманат. Кадам сайын боорундагы Айымын ойлоп, боору сыздап аны аяп, жерде баспай абада калкып бараткандай каалгып басат. Айым-Балык болсо көз жашын көлдөтүп, кайрадан деңизге алпарып, эркин дүйнөмө коё бер деп жалынат. Айым-Балык аны деңизден тышкары жерде сүйө алчудай эмес, суудан чыкты – болду, деми кысылып, өлүп барат. Көз жашы мончоктоп Айым-

Балык унчуга албай жалбара тиктегени жүрөгүн кезеп өтөбү, Орган чыдай албайт. Кайра артына шарт бурулуп, тайыз жээкти жирей кечип, улам терeңдеп барып, анан абайлап кучагын жазып, Айым-Балыкты акырын бошотуп жиберет.

Айым-Балык деңизге сүзүп кетет, Орган болсо нес болуп жалгыз калат. Айымдын артынан телмире тиктеп калган Орган ыйлап жатып ойгонот...

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Бул деңиз – менин сагынчым,
Бул деңиз – менин көз жашым,
Бул жер – менин зар башым.
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Колдо турган бактысын өз ыктыяры менен качыргандан бетер, Айым-Балык менен чынында эле жолугушкандан бетер Орган эстеген сайын капа болот. Адамдын үмүт-тилеги жадегенде түшүндө кабыл болсо болбойбу? Кабыл кылыш кимдин колунда? Мунун баарын аян берип жаткан күч ким, же эмне, бул аяндын мааниси кандай, бу не деген табышмак, эминенин жышааны? Ушуларды ойлоп, ою онго, санаасы санга бөлүнгөн Орган айласы түгөнгөндө колун шилтеп, баарын унуткусу келет, Айым-Балыкты ойлоодон качат.

Бирок, болчубу. Деңизге аң уулап чыкканда кайрадан кайтып Айым-Балыгы эсине түшкөнүн, бүт оюн ээлеп алганын өзү да байкабай калат. Сыйкырлуу түшүн кайра баштан көз алдынан өткөрүп, жыргалына кадыресе кубанып, азабына кадыресе кайгырат, анан кайра акыл токтотуп: эмне эле муну ойлоно берчү болдум, жок

Айым-Балыкты ойлоп, санаа тартуу кары кишинин жумушубу? – дейт ичинен. Өзүн өзү жемелейт. Бирок кайра: ушинтип алдан тайып, көздүн курчу, беттин нуру кеткен чагында алигидей көңүл жубатар алаксуусу болбосо ашка жүк, башка жүк болуп чыдап отура алмак эмесмин го дейт. Даңкы таш жарып алчыланып тургандагы касиеттеринин баары салаадан чууруган суудай агып, түгөнүп барат, эми төрүнөн көрү жуук калды, бирок көкүрөк кургуруң дале моюн бербейт, жигит кезиндеги ээликтирген кыял-сезимдери кадимкисиндей, көңүлү картая элек. Ошол үчүн алигидей ойлор толгонуп, алигидей түштөр кирип жүрбөйбү. Адам ушул өңдүү оюменен түшүндө гана ажалсыз, эркин өмүр сүрө алат тура. Адам санаасы менен асманга чыгып, деңиздин тереңине чумкуй алат. Актык деми токтогончо ой ойлоп, кыял канатында учкандыгы менен адам бийик, адам улуу. Бирок ажал аны назарына да албайт экен го, адам бу жалганды жактырып жашаганы, бу жалганда адам оюменен кандай бийикке көтөрүлгөнү, кандай түштөрдү көргөнү, кандай адам болгону, акылы канчалык терең болгону – ажал үчүн мунун баары бир тыйынга арзыбаган нерсе экен го. Эмне үчүн ушундайча? Дүйнө эмне үчүн ушундайча жаралган? Мейли Айым-Балык түш болсун, бирок ошо түш боюнча болсо да тиги дүйнөдө аны менен түбөлүк кала берсе болбойбу...

Орган карыя Айым-Балыкка кандай ишенсе, анын оюн деңиз кулак салып угарына ошончолук ишенчү. Деңиз бетинде ал эркин дем алып, оюна да чек койбостон эрк берчү. Деңизге ал сырын айтып, арманын баян этчү. Ой түңгуюгунда отуруп, кээде ал: «Айым-Балык экөөбүз

ушу ченден сүзүп өткөндөй болдук беле?» – деп деңизден сурачу.

Ошондо Орган канжасына тамекиден кайра тыгып, түтүндөн кере-кере сорот. «Ушу ачуу болсо да жанды жай таптырган уу чөп каерде өсөөр болду экен?.. Көпөстөр Манжурияда өсөт дешет. Ошояктан ошолор апкелип атышпайбы. Манжурия дегениң жердин түбү болсо керек го, биздин элден ошоякка бардым деген бирөөнү көрө элекмин... Тамеки аерде токойдогу чөптөй эле жайнап өссө керек... Кызыгың кургур, бу дүйнөдө не деген кызыктар жок дейсиң...»

Күн түш ооп калды. Ушул ортодо күн алда нече ирет кайдан-жайдан келе калган булутка кирип чыкты. Алыскы көк жээктен чыга келген булуттар ошоякта алай-дүлөй ырай бардыгын кабарлагансыйт. Күн булутка кирип кеткенде деңиз бети күңүрт тартып, өңү өчүп, айлана-тегерек сестене калат. Күн кайра кылайып чыга келгенде жаздын көркү ачылып, деңиз бетине нур чачырап, миң-сан жылт-жулту көз уялтат, көңүл көтөрөт.

Кириск деңизге үйүр алып калгандай болсо да, кичине эриккендей болсо да, анын чалкыган чексиздигине дале таңыркап келет. Эртеден бери тынбай сүзүп келатышат, дале учукыйыры көрүнбөйт. Жер бетинде жүргөндө ал талаанын кеңдигине мынчалык таң калбас эле.

Чондор болсо эчтемени элес алгыдай эмес. Аларга баары көнүмүш. Эмрайин менен Мылгун баштагысындай эле бир калыпта калак шилеп, суу бетин эптүү чарпып сүзүп келатышат. Ал экөө чарчай турган эмес, Орган жардамдашайын дегенде да болбой коюшту. Кайра кайтканда жүк оор болор, ошондо болбосо азыр кереги жок

дешти. А көрө кайыкты башкара бериңиз дешти. Кокосу уркуйган, узун моюн Орган карыя жем аңдыган суу бүркүттөй куркуюп кайыктын соорусунда отуруп келет. Көбүнесе тунжурап, өз ою менен алек.

Кайык болсо баягысындай эле толкундарды сүзө тилип, жеңил баратат. Толкундар да көлбүгөн калыбынан жазбай бир калыпта. Айдарым жел суу бетин жалмалап, басаң.

Ошентип сүзүп баратышты...

– Аткычх! Аткычх! Тигине арал! Кичи-Эмчек! – деп Кириск Органды жеңден тарткылап, кубанганынан кыйкырып жиберди.

– Кана, арал? – деп Орган ишене албай колун серепчиледи.

Калакчылар да таңыркап, бала көрсөткөн тарапка кылчайышты.

– Кайдан болсун, – деп кобурады абышка, анткени бала арал көрүнөр жактан таптакыр башка тарапты көрсөтүп жаткан.



Бала калп айткан эмес. Алыскы көз учунда суудан чыккан аскадай болуп, бир ордунан козголбогон кара-кочкул карайткы көрүнөт. Орган көпкө тиктеди.

– Жок, ал арал эмес,– деди акырында көзү жеткендей. – Кичи-Эмчек биз ушу багытыбыз менен күн батышты карай дагы далай сүзөбүз. Бу караан башка жактан чыкты. Мунуң арал эмес. Назили арал эмес.

– Бу ченде мындай арал жок болчу, биз эч качан көрө албадык эле го,– деди Мылгун. – Кичи-Эмчек сол жактан көрүнөт. Мунуну билбейм эмне экенин.

– Туман болуп жүрбөсүн, же булуттар? – деди Эмрайин. – Же чоң толкунбу, анда эмнеге кыймылдабайт?

– Кеп ошондо болуп жатпайбы. Туманбы, булутпу, ким билет. Алыстан билинбейт. Бирок арал эмеси ырас, – деди Орган ойлуу. – Эгер бу туман болсо, анда түрү жаман, иш чатак.

– Кудай сактасын, шамал өзгөрбөсө болгону, – деди Эмрайин калагын күч сала шилеп. – Бир ордунан козголбой туру. Аякта биздин ишибиз жок, турса тура берсин.

Элден мурун оолугуп көргөнү дайынсыз бирдеме болуп чыкканына алгач өкүнө түшкөн Кириск аны кайра унутуп калды.

Мергенчилер жаңылбаптыр. Кичи-Эмчек аралы көп узабай сол тараптан суудан суурулуп көрүнө келди. Аны жазбай таанышты. Ал өзү чынында эмчекке окшоп, суудан чуштуюп чыгып турган аска таштуу арал экен.

Аралды көрүп, аңчылар жандана түштү. Айрыкча Кириск өрөпкүдү: демек деңиз чексиз эмес, ортосунда карайткы кургак бар экен да. Эртеден бери сүзүп келаткандагы кызыктын эң кызыгы эми башталды.

– Мына эмесе, – деп Орган баланын башындагы каптаманы уйпалап койду. – Ала-Дөбөт айылда калса да бизди аралга жеткизип койду. Бизди ээрчип чуркаса сууга чөгүп кетмек да.

– Ананчы, – деп кубаттап койду Кириск чалдын тамашасын билип.

– Ала-Дөбөттүн айылды кайтарып калганы жакшы эмеспи. Биз болсок аны эстен чыгарбай, жолубуздан адашпай аң уулоочу жерибизге жетебиз. Кандай дейсиң Ала-Дөбөт бизге эми керекпи, же кереги жокпу?

– Эми кереги жок,– деди Кириск ишенимдүү. – Эми каякка сүзөрүбүздү көрүп баратпайбызбы.

– Ойлонуп айтсаң кантет, чырагым! – деп жемелеп койду Орган. – Чапчаңдык кылып койдуң бейм, ойлончу.

Алыс деңиздеги аралдын жанында Ала-Дөбөттүн кереги бар-жогун бала аңдай албады.

– Буерде Ала-Дөбөттүн кереги эмне?

– Кереги эмне дейсиңби? Үйгө кантип кайтасың? Кайра кайтканда кайсы тарапка сүзүп жөнөйсүң? Кана, ойлончу? Таптыңбы? Жакшылап карап, аралга биз кай тушунан сүзүп бараткаsuccessbызды билип ал. Ала-Дөбөттү аралдын кайсы тушу карап турганын эсиңе бекем тут. Кайра кайтканда кайсы багытка жүрөрдү ошондо так билесиң.

Кириск унчукпай макул болгону менен ичинен ыза болуп калды да, намысын алдыргысы келбегендей туталана сурады:



– Караңгы түн болсочу? Деңизде түнгө калсак, эчтеме көрүнбөсөчү? Анда кантип? Ала-Дөбөт кай тарапта экенин анда кантип табабыз? Ыя?

– Эмнеси бар экен, анын да айласы табылат,– деп жооп кайтарды Орган жайма-жай. – Ал үчүн асманда жылдыз бар. Жылдыз жолдон адаштырбайт, ар дайым багытыңды даана көрсөтүп турат. Кайсы жылдыз каерде экенин гана өзүң жакшы билгениң эп. Лувр өрдөгүнүн топ жылдызын билесиңби?

– Билсем керек,– деп тайсалдап, Кириск атасын карады.

Эмрайин уулунун кысталышта калганын билди.

– Анча-мынча билет, мен бир жолу көрсөткөм. Бирок ал аздык кылат. Үйрөнүп алганың жөн...

Ушинетип аралга жакындай беришти. Аралдагы корум таштар, аска-куймалары даана көрүн-

гөндө аңчылар нерпанын жатагын өңүп, аралды айлана сүзүштү. Аң жатагын биринчи көргүсү келип, Кириск тимирейе тиктеп баратты. Эгер көрүп калсаң чуу салба деп эскертип коюшкан. Нерпалар суудан чыгып, күнгө жылынууга так эле жээктеги таштардын арасында жатат деген Орган. Оболу жаткан жерин көрүш керек, анан айланып жээкке чыгып, үркүтпөй өңүп жетиш керек деген. Бирок Кириск эчтеме көрө албады. Жээк бүтүндөй эле үймөлөктөшкөн жар таштар, тирүү жан жоктой экен. Аралды курчаган деңизден сүрүлүп келип жаткан толкундар буурул жалданып, аша төгүлүп кетчүдөн бетер аскаташтарды омуроолойт. Жок, Кириск эч балакет көрө албады. Чоң барскан менен бирөө талкалай чаап кеткенсиген жалаң арсак кара таштар.

Бирок Мылгун биринчи көрдү. Анын көргөнүн Кириск да көрүп алууга ойдологончо кайык жашыруун буйткага сүзүп кирип кетти.



Кириск кызыкканын көрө албай өкүттө калганын Орган карыя сезе койду.

– Көрдүңбү? – деди ал.

Бала калп айта албады.

– Көрө албадым,– деп мойнуна алды.

– Кайра кайрылгылачы, – деди Орган. – Таш арасынан ажырата тааныганды үйрөн. Аны билбей мергенчи боло албайсың.

Бир нерпа көрүп калып белги берсе жатактагы бардыгы суугa кире качмак. Ошондой опурталдуу болсо да, калакчылар карыянын сөзүн эки кыла албады. Кудай жалгап нерпалар байкабады. Алар суунун мизиндеги кырданган таштардын далдаасында, жарака таштардын арасында жаткан.

– Тетиги сынган азуудай учтуу ташты көрдүңбү, быягында кызыл боор таш жатат. Артында тоңголок дөбөчө, ошолордун ортосун кара,– деп көрсөттү Мылгун.

Кириск издеп карап тирмийип жатты. Ал ортодо калактарын калпып, Эмрайин менен Мылгун кайыкты бир ордунда кармап турушту. Суу жаныбарларынын жондорун Кириск ошондо көрдү. Куйруктуу жумуру денелери күржүйөт. Чаарала бозомук жондору жылтылдап, кыймылсыз жатат. Көнбөгөн көзгө алыстан алар таштан айыргыс эле.

Мына ушундан баштап баланы азоо сезим бийледи. Мына деңиздин чыныгы кайберендери. Мына эми чыныгы мергенчилик башталат.

Аздан соң алар кайыкты буйтка жээкке токтотуп, өздөрү жээкке түшүп жатканда да толкундап, эрдиги көкүрөгүн жарып баратты. Эрдик сезим бийлегени – ал азыр өзүн күчтүү, олуттуу сезгени эле. Толкундаганы – ошол учурда чоң мергенчилердин чапчаң, эптүү кыймылдап, кайыкты кынтыксыз апкелип тирегенин, Эмрайин менен Орган карыя сууну калпый калактап, толкунда туйлаган азоо кайыкты былк дедирбей бир ордунда кармап турганын, Мылгун мышыкча секирип жээктеги шагылга түшкөнүн, анан ал кайыктан ыргытылган арканды ийиндей кармап, кайыкты шагылга сүрдүктүрө сүйрөп салганын, атасы Эмрайин эки винчестерди алып, жээкке секирип түшкөнүн көргөнү болду. Алардын артынан Органдын жардамы менен бала да түштү. Бирок өксүй секирип алып, бир буту сууга малынды. Ага атасы кейиген болду, бирок баланын көңүлү ага бүркөлбөдү.

Толкун жулуп кетпесин деп, кайыкта жалгыз Орган калды. Үчөө болсо нерпалардын жатагына жөнөштү. Жээк менен эңкейе басып, өңүттөн өңүткө жүгүрүп кетип баратышты. Кириск чондордон калбады. Жүрөгү көкүрөгүн жарып чыкчудай түрсүлдөп, толкундаткан корстон сезимге кээде башы айланып кетет.

Алда чиркин, минтип Кириск чоң мергенчилер менен тең катар деңиз аңына өңүп бараткапын Айым-Балыктын эли көрсө кана! Апасы көрсө кана, уулум келечекте чоң мергенчи болуп, элин багат экен деп сыймыктанып карап турбайт беле! Өзү менен бирге ойноп жүргөн Музлук кыз көрсө кана! Мындан ары экөө ойнобой калды го. Анткени мындан ары Кирисктин аты бала эмес, мергенчи Кириск. Ала-Дөбөттүн боорунан бери ушунчалык суу кечип келип, эми күркүрөгөн толкуну жээгин соккулаган аралда, жапан аска, жапан таштарды аралап, нерпанын жатагын өңүп баратканын ал кыз көрсө кана! Эки винчестерди эки чоң мергенчи алып баратканы эчтеке эмес, маалы келгенде аттырам деген атасы.

Ошентип алар өңүп барышты да, жатакка жакындаганда сойлоп жөнөштү. Кириск да сойлоду. Музга кошо тоңгон миздүү шагылдын үстү менен сойлош оңтойсуз эле, бирок антпесе болбойт, Кириск түшүндү. Кара терге түшүп, дем кыстыгып, энтигип, улам бир кара ташка жашынып, кайра кылтыя карап баратышты. Бута атым жерге жеткенде былк этпей жатып калышты.

Ушул учур Кирискенин эсинен өмүрү чыкпас болуп калды. Тамылжыткан жаз күнү, төрт тарабын кыйырсыз деңиз курчаган аска-таш-

туу суук арал, белгисиз бир албуут күч быркырата ыргытып, үйүп салган куйкул боор кара жарташтар, муз тиштеген жылаңач өлүү жерде боортоктоп жатканы, жанында атасы менен Мылгун акеси мылтыктарын октоп жатканы, тиги алдыда дал эле деңиздин мизиндеги жылгачада, толкундар менен шамалга тозгон арсактерсек аска-таштардын арасында күнгө боорлорун кактап, дүйнөкапар магдырап нерпалардын тобу жатканы – ушул көргөндөрүнүн баары баланын көңүлүнө терең батып калды. Жатактуу аралдын, жылт-жулт көлбүгөн деңиздин – баарынын үстүндө мунарлуу асман төнүп турду. Бул асман мылтыктын качан атыларын күтүп, дем катып калгандай сезилди Кирискеге.

«Тийгизсем экен» – деп тиледи Кириск винчестердин кундагын ыйыгына ыңтайлап жатып. Атасы ага мылтыгын берген.



Көптөн эңсеген кези келип, бала өзүн даңкы таш жарган баатыр мерген сезип, көңүлү ташып турган көз ирмемде тиги боорлорун жылымы аз күнгө кактап, сыгылышып жаткан эби-сыны жок семиз нерпалардын диртилдеген жон сооруларын, бурталары* буржуйган боор-чабын карап, ушу жаныбарлар эч балээден кабарсыз тирүү жаткандарын кылт ойлоп, бу байкуштар азыр коргоноор-сактанаары жок, бечара экенине таң калды. Бирок мунусу бир кылт эткен ой эле. Ал өзү аңчы экенин, эл-журту андан олжо күтүп калганын, нерпанын эти менен майысыз көргөн күн куурал экенин эсине алып, азыр озунуп атып, көзгө түшөйүн деген ой да жарк

* б у р т а – семиздиктен улам пайда болчу май кабаттары.

этти көңүлүндө. Чымырканып, тиштенип, даңкайып жаткан темгилдүү кочкор нерпанын, атасы үйрөткөндөй, колтук тушу деп канатынын үстүн мээледи. Нерпа бир балээ сезгендей сестене калды. Ал көргөн деле жок, жадагалса жыт алмак эмес, шамал деңизден бери согуп турган.

Алдыда бирдеме жакшылап мээлешкенине жолтоо болгонунан улам Кириск жаткан жеринен абайлап дагы жылды. Мына ошондо чыканак астынан муштумдай бир таш ылдый кулап кетти. Шыбырт алган кочкор нерпа-лахтак каңк этип уруп алды эле үйүр-тобу дүрбөп үркүп, каңкылдашкан бойдон жапырт сууга бой урушту. Алардын алдын торой атылган мылтык үнү тарс этти. Четте бараткан чоң нерпа сулап калды. Бул аткан Мылгун болчу. Кириск алактай түштү.

– Аткын! – деди Эмрайин.

Ыйыгын кундак катуу тээп, Кирискенин кулагы тунуп калды. Ал эчтеме эмес эле, жаза атып алганына уялып, кулак учтарына чейин ысып, чымырап чыкты. Ага карабай атасы патрон сунуп жатты.

– Окто, бол ат! Тезирээк!

Жээкте жайынча жүргөн күндөрүндө мылтык атканды үйрөнүп, көнүп калган иши азыр болбой жатты. Винчестердин затвору баш ийбейт. Ал ортодо Мылгун тизелей калып, сууга кирип бараткан нерпаларды кубалай дагы эки жолу атты. Бир нерпага ок тийип, жараланган неме дал суунун боюнда жандалбастап калды. Аңчылар тура жүгүрүштү. Үйүр-топ ал арада деңизге кирип, көрүнбөй кеткен. Жаралуу нерпа куйругу менен шагылдуу жээкти чапкылап, сууга жете албай жан алакетте жатат. Аңчылар мына жете бергенде нерпа эптеп сууга кирди

да, толкун арасына кызыл көбүктүү из калтырып, калакка окшош канаттуу колу менен далбасалап суу эшип, мөлтүр иңирт тереңге кирип кете берди. Коркконунан чанагынан чыккан көздөрү, желкесинен куйругунун учуна чейин созулган жонундагы күлгүн көгүлтүр жол сызыгы айкын көрүнүп барды. Эми атып кажети жок эле, ошол үчүн Мылгун мылтыгын жер карата кармады.

– Жөн кой, баары бир чөгүп кетет, – деди Эмрайин.

Кириск болсо өзүнө өзү ыраазы болбой, берекеси кетип апкаарып турган. Анын үмүтү чоң эле. Мына сага кыйын мерген!

– Капа болбо, сенин олжоң али алдыда,– деди Мылгун атылган нерпаны союп жатып. – Азыр Орто-Эмчекке барабыз, аердин аңы мындан арбын.



– Шашып калбадымбы,– деген болду эле Кириск, атасы сөзүн бөлдү:

– Актанба. Мылтык кармагандан эле элдин баары аңчы боло калган эмес... Атканды билесиң, аман болсок аң сенден качып кутулбайт.

Кириск унчукпады, ичинен чоңдор аны көп жемеге албаганына ыраазы болуп турду. Эми бекем бүтүмгө келди: мындан кийин ашыкпайын, алактабайын, башка нерсени ойлоп алаксыбайын, атам үйрөткөндөй тыноо менен көзүм кароолго тогошкондо ок чыгарайын.

Атылган нерпа кадыресе чоң экен, эттүү-майлуу денесинен али жылуу тарай элек. Мылгун нерпанын ичин жарып, канагаттана алаканын укалады: «Буюрса казысы төрт эли экен!» – деди. Жаңкы капалыгын унутуп салып, Кириск жардамдашып жатты. Кайыкты жакыныраак

жерге айдап келиш үчүн Эмрайин ал ортодо Органга кетти. Көп өтпөй кайра келди да, алда неге абыгер чеккендей сүйлөдү:

– Убакыт аз, ылдамдагыла! – Асманды карап, өзүнчө кобурады. – Күндүн ырайы жаман...

Мылгун нерпанын боору менен жүрөгүн калтырып, ичеги-кардын оодарып салды да, этин мергенчилер эки шыргыйга салып көтөрүп, кайыкка алпарышты. Эки винчестерди көтөрүп, артынан Кириск барды.

Жээкте кайыктын жанында Орган күтүп турган, кубанып калды.

– О, Курун![1] О, кудай! Сага ыраазыбыз! Жолубуз болду, башталышы жаман эмес! – деди бычагын кынынан сууруп жатып. Аткан жерде нерпанын боорун жеш мергенчинин расми. Орган жүйүр отура калып, боорду тилке-тилке кести. Беркилер да жанаша отуруп, ар ким өз шыбагасына чымчып туз сээп сугуна баштады. Килтилдеген жумшак, жылуу боор даамдуу эле, мергенчилер таңдайларын такылдата тамшана сугунуп жатышты. Майлуу ширеси тилди үйрүп, боор оозго тийди-тийбеди өзү эрип жаткандай. Нагыз эр кишиче анда жүрүп, чийки боор жеш Кирискенин көздөгөн максаты эле, ага жетти.

– Сугун, чоңураак сугун! – деп жатты Орган. – Түн суук болот, үшүйсүң. Боор жеген адам үшүбөйт. Муну жеген адамга оору-сыркоо жолобойт.

Ырасы укмуш болду. Тоё жеп алган соң суусата баштады. Бирок суу кайыктагы кол бочкеде.

– Этти азыр мүчөлөбөй эле коёлу,– деди Эмрайин беркилер жеп бүткөндө. Ал дагы эле асманды алактай карап отурду.

[1] к у р у н – жергиликтүү тилде кудай деген мааниде.

– Кийин деле,– деди Орган. – Орто-Эмчекке барганда түнө калып, чай кайнаталы. Ага чейин чыдай туралы. Кана эмесе, этти жүктөйлү.

Сүзүп кетер алдында мергенчилер бул аралдын Эгесине курмандык шыбагасын таштап кетүүнү да унутпады. Нерпанын жүрөгүн майдалап туурап, кийинки келгенде да ушундай олжо бер дешип, аралга чачып салышты. Ошону менен деңизге дагы чыгышты.

Кичи-Эмчек улам алыстап, артта калып баратты. Айланада тунжураган муздак суунун ортосунда жетимсиреген жалгыз аралга жаның ачыгандай. Бечара айласы түгөнүп сууга чөгүп бараткандай. Эмки бараткан багыт Орто-Эмчек, күн болсо эңкейиштеп калды. Жарыкта жерге жетип алышка калакчылар катуулап суу шиледи. Орто-Эмчекке эрте жетип, кайыкты ык жерге коюп, өздөрү түнөк таап алгыдай болуш керек. Кичи-Эмчек аздан соң чөгүп кеткендей көрүнбөй калды, Ортончу болсо али көрүнбөйт. Кайрадан баягыдай болуп айлана-тегерек бүтүндөй мелтиреген деңиз менен курчалды да калды.

Бирок, байкасаң суу баягыдай эмес, түнөрүңкү. Толкундары нык тартып, карая түшүптүр. Желдин багыты өзгөрсө да, суу серпини мурунку күүсүнөн токтоно албай жандуу чыбыр. Кайыктын төшүнө тийиши да мурдагыдан катуураак, серпиши күчтүүрөөк. Бирок аңчылардын көңүлүн теке-тукаланткан азыр ал эмес, асман. Бир шумдук болчудай түрү башкача. Жылдын бул мезгилинде боло койбос бейтааныш, сурдан ган ырай. Кайдан пайда болгону белгисиз, абаны акбуурул мунар учкун каптап, кайда бир калың токой өрттөнүп жаткандай, анын ыштуу түтүнүн жел менен айдап апкелип жаткандай

киргил мунарык күндүн көзүн каптап алды. Асманды жаап, өз бетинче жел менен кетип жаткандай көрүнгөндүгүнө мергенчилердин жүздөрү түнөрдү.

– Бу кайдагы балээ? – деп Орган эки жагын элеңдей каранат.

Эми алар калак шилеген сайын Орто-Эмчек азыр көрүнүп калар деген үмүт менен боз чалган деңиз үстүн телмире тиктеп сүзүп келатышты. Үч аралдын ичинен Ортончусу жанга жайлуу эле.

Ал ортодо асман ачылып, деңиздин кыйырынан күндүн көзү көрүндү. Ошол чек деңиз эмес ааламдын кыйыры сыяктанып, күн айласыз алыста балбылдап турду. Азыр көз уялтпай күндү тик караса болгудай. Ошол кызыл-көк мунарык жээкте күн балбылдап кызарып, аз-аздан булаңгыр кызгылт тартып, батып баратты. Асман ачыла бергенге дүйнөнүн коюну кайрадан жарык болуп, мемиреген тынчтык орноду. Ошонун өзү деңиздеги төрт адамдын жүрөктөрүн мыкчый баштаган түпөйүлдүктү алып таштагандай болду. Аралдагы түнөк жайдын жагымын ойлошуп, адамдардын көңүлү ачылды.



– Эми кичине чыдасаң алдыдан Орто-Эмчек да чыга келер, – деп Орган жанында отурган Кирискенин көңүлүн жубатып далысын таптады.

Бала бая эле суусаган, бирок – баласыңбы деген тура – атасынын айтканына так туруп, суу суроого батынбай отурган. Атасы жолго чыгарда уулуна деңизде адам сууга зарурат болот, бирок үйдөгүчүлөп каалаган убакта эле иче бериш болбойт деп айткан. Үч аралдын үчөөндө тең бир кашык тузсуз суу жок. Кайыкка болсо

ченелүү гана жүк батат. Ошондуктан эл ичкенде гана ичүү керек деген.

Күн жылт этип көрүнгөндө Орган карыянын көңүлү ачылганын байкаган бала:

– Аткычх! Суусадым аябай! – деди ал тартынбай күлө сүйлөп, атасын да жалтактап карап алды.

– Ии, ошондой де? – Бырс күлдү Орган. – Жанагыдай боордон кийин жөнү бар. Болуптур, болуптур! Баарыбыз эле суусадык го дейм, ыя?

Эмрайин менен Мылгундар да баш ийкешти. Суусаган жалгыз өзү эместигине Кириск кубанып калды.

– Андай болсо суу ичип алалы да, анан чылым чегели! – Муну айтып Орган кайык башкарчу калагын бекитти да, кол бочкени алып, калай чайкаган мис ожоого[1] суу шорголото баштады. Бул суу Ала-Дөбөттүн деңизден наркы боорундагы булактан алган муздак, мөлтүр суу эле. Жайкысын жата калып ичсең, тамшанткан даамын айтпа, салаңдаган миң түркүн чөптөр чапкылап сиңген жытын айтпа!

Ожоону Кириск тосуп турду. Ожоо толуп, эртерээк ичкенче шашып турду. Ожоо ортологон кезде Орган бочкенин тыгынын тыгып койду.

– Ал, иче кой! – деди Кирискеге. – Анан башкаларга ичир. Абайла төгүп алба.

Кириск оболу аптыга жутту да, анан созулта ичип жатып суудан көпкөн жыгачтын жытын сезди.

– Кандынбы? – деди Орган.

– Ийи.

– Канган жокмун деп турбайбы көзүң. Дагы бир жутум берейин. Боор деген күчтүү тамак,

[1] ожоо – чөмүч.

жер үстүндө болсок го бир челек суу ичсең да аябас элем,– деди Орган ожоонун түбүнө суу сызылта куюп.

Кириск чындап канды, чоңдор мындай учурда: жаным-ай, жаным кирип калбадыбы, деп айтышчу сөздүн адилдигине көзү жеткендей болду.

Андан кийин калакчыларга аз бөксө ожоодон суу берилди. Аларга Кириск сунуп отурду. Өзү канып алган соң атасы менен Мылгун да канганча ичип алышына тарлык кылган жок. Ал экөөнүн ар бирине эмне үчүн аз бөксөдөн суу берип жатканын Орган түшүндүрдү:

– Сен али кичинесиң, а буларды көрдүнбү кандай алп жигиттер! Иштери да оор. Калак шилегендин суусаганы бир башкача болот.

Эки калакчы ожоону бир тартып эле жутуп коюшту. Дагы куюп берүүгө туура келди. Анткен менен Орган аксакал экөөнө кичине кейип койду:

– Ай, балдарым, абайлагыла. Дайра суунун боюнда отурган жериңер жок.

Тигил экөө болсо, каныбыз катып баратса кантели дегендей мылжыйып тим болушту.

Өз шыбагасын ичип болгон соң Орган өзү да мыйыгынан жылмайып, башын чайкады.

– Азыр дайранын бою болбоспу. Чийки боордун күчүн ай, жарыктык...

Анан канжасына тамеки тыгып, тамызып, жаны жыргай кере-кере соруп алды. Бул жыргалы акыркы көргөн жыргалы экени азыр капарына кирбеди...

Каптап келаткан балээни алгач Кириск байкады.

* * *

Азыр эле жандары тынчып, суусундары канып, дүйнөкапар ырахатка малынышпады беле.

Адегенде эле жолдору болуп, биринчи нерпаны атып алышты. Эми аздан соң аралга жетип, түнөк алып тыныгып, таң ата дагы ууга чыгышмак. Андан жол болсо көп кармалбай үйгө жөнөмөй. Ушинетип ойлогон ой ордунан чыгып келаткан.

Кайык кадимкисинче бет келген толкунду челе сүзүп, жара тилип барат. Орган карыя кайыкты башкарып, канжасын соруп коюп, өзүнүн Айым-Балыгын ойлоп отургандай. Эмрайин менен Мылгун адатынча калак шилеп, чарчоо-чаалыгуу сезилбейт, кыймылдары элпек, кооз, жеңил. Кириск аларды суктана карап отурат. Ал балалык сезимталдык менен бу чоң кишилердин ар кимисин өзүнчө сынай карап, ой-санаасы ошолордо. Бала ушул экөөнө сыймыктанат, жакшы көрөт, ээн деңиз бетинде өзү ушу экөө менен бир экенине ичинен корстон.



Бу кишилер азыр өзү көрүп тургандан башкача болушу, же бир кезде башкача болгонун Кириск элестетип көз алдына келтире албайт. Орган карыя туулгандан бери эле ушу азыркысындай кокосу куржуюп, узун моюн, салаңдаган туурук колдору дарактын тамырындай арбайган, баарын түшүнүп, баарын билип турган көздөрү дамаамат ушинтип шорлонуп келгендей көрөт. Башкача да болмок беле? Ушундай эл кадырлаган аксакалы жок да турмуш болгон бекен?

Апасы айткан Кирискеге: сен атаңы тарткансың, чоңойгондо айныбай Эмрайиндин өзү боло-

сун, деген. Көзүң да атаңкын тартып, эмендин жаңгагындай коңур, эки кашка тишиң да эрдиңи түртүп куду атаңкындай, чоңойгондо сакалың да атаңкындай кайраттуу, капкара болот деген. Эл бекеринен карасакал Эмрайин дебейт. Кириск мындан да кичирээк кезинде дырдай жыланачтанып алып булак суута киринип жүргөн чактарда апасы сиңдисин жакын чакырып алып, бөйрөккө түртүп, жаңсай берер эле: карасаң, атасынын эле өзү. Анан экөө шыбырашып алып, бирдемеге кыткылыктай күлүшөт. Анда апасы айтат: Кириск алган аялы өкүттө калбас, ыраазы болор дейт. Анда Кириск өзүнчө таң: кызык, эмнеге ыраазы болмок? Мен атамы тартсам эле аялым мага ыраазы боло береби? – деп ойлонуп калар эле.

Мына ошол карасакал атасы алдында калак шилеп отурат. Сакалы кара, тиши аппак. Москоолунан келген, эки ийнине эки бала конгондой, өз күчүнө ишенген, бирок оор-басырыктуу адам, атасы. Кириск атасынын катуу сүйлөгөнүн же башкалардай болуп үстүнө үйрүлүп турганын көргөн эмес. Атасынын көзү чын эле эмендин жаңгагындай коңур түс, коймолжуп таза.

Атасынын артында кош калакты шилеп, Мылгун отурат. Ал атасынан эки жаш кичүү. Кичүү болгону үчүн ээгинде калың сакалы жок, морждун муруттарындай сербейген тикенек кылдары бар. Мылгун өзү да моржго окшоп кетет. Киши менен сүйлөшкөндү жакшы көрөт, талашканга келгенде жок дегенин бербеген көк неме. Бирөөгө намысын алдырганча өлгөндү артык көрөт. Бир жолу келгин көпөс менен жакалаша кеткени Кирискенин эсинде. Ошол үчүн бүтүндөй айыл эли көпөстүн алдына түшүп, кечирим су-

раган. Мылгун ошондо да болбойт, турпаты дүмүрдөй мыжыгыр неме эч кимге бой бербей, акыйкаттын эмне экенин мен ага көрсөтөм деп, көпөскө жулунат. Анда мас эле. Деги өзү ичкилик жаатына жакын. Эл ичинде Эмрайин атасы да жүргөн, башкалар менен биригип, Мылгунду байлап таштамак болушту, бирок бу камандан күчтүү неме бой бербей койгон. Мылгун ушундай киши. Кирискиге Мылгун-аке. Эмрайин экөө ынак, ууга дайым бир чыгат, бири-бирине караан, жөлөк-таяныч. Мылгундун уулу али кичинекей, жаңыдан там-туң басып жүрөт. Андан улуу эки кызы бар. Карындаштарына Кириск камкорчу, калканыч, чекеге черттирбейт. Апасы да эки кызды жакшы көрөт, алар Псулк менен ойноп, дайым эле Кирискенин үйүндө, апасы үйрүлүп-түшүп турат.



Бирок кыздардын сулуусу Музлук. Ырас, чоңойгондо аны башка жакка күйөөгө берет имиш, ошонусу кыйын. Эгер Кириск өзү алып, эч кимге бербей койсо эмне...

Жээкте жүргөндө Кириск мындай нерселерди сейрек ойлочу эле, эми айылдан алыс жүргөндө демейки жөнөкөй нерселер башта белгисиз мааниге ээ болуп, жүрөгүн сыздатты.

Негедир Кириск Ала-Дөбөттүн аркы бетинде, токой четинде, дайранын жээгинде калган айылына кайткысы келип кетти, Айым-Балыктын тукуму жайлаган эзелки конушун, нивхи элин катуу сагынганын сезип, жаны ачыды. Апасын сагынганына жүрөгү сыздады. Бирок алар азыр алыста калды, жээкти бойлоп тынбай жорткон Ала-Дөбөт да алыс калды. Кириск эриксизден артына кылчайып, жан жагын карай берип, күтпөгөн шумдукту көрдү.

Асман-жердин ортосун чылк каптап, айры тилдүү ажыдаардан бетер сүрдүү сур туман басып келатыптыр. Түнөргөн суунун үстүндө уюлгуп, улам жеткенин жеткендей жутуп көрсөтпөй, каратып туруп эле каптап келатат. Кадимден калган тирүү желмогуздай, буларды кайыкпайыгы менен тирүүлөй жутчудай, бүт дүйнөнү жалмап салчудай болуп араанын ачып келатат. Кириск баягыда арал деп алыстан бир чоң караан көрбөдү беле, бул туман дал ошол тараптан келатат. Анда Кириск деңиз бетине кыймылсыз орноп калган кара-бозомук караан көргөн. Азыр болсо ал караан улам көөп, чоңоюп, көз көрүнөө деңизди жалмап, айдаган шамалдын ыгы менен токтоосуз келатат.

– Карагылачы! Карагылачы! – деп Кириск коркконунан кыйкырып жиберди.



Баары аландай түштү. Бир саамга калаксыз калган кайык чыбыр толкун үстүндө калтылдап кетти. Ошол ошо болду, калың туман астынан атырылып чыккан алп толкундардын күркүрөгөн доошу жетти. Кыр артынан кыр болуп кулак тундурар күркүрөө менен өмгөктөп, өзүнөн өзү жаралып, кайра өзүнө өзү урунуп талкаланып, кайра күчөп жарылып, тоодой толкун жапырып кирип келди.

– Бур кайыкты! – деп жаны кашая кыйкырды Орган. – Тумшугун тос!

Калакчылар кайыкты толкунга түздөп бургуча жетип келген албуут, тилсиз жоо Органдын кайыгын аз жерден аласалдырып кетпеди. Бир толкун өтө берди, артынан деңиз кайнап жатып калды. Ал аңгыча болбоду, туман кирип келди. Каптаган туман нымдуу, муздак илеби менен жетип келгенде бул өзү жамандыгына

салтанат курган, кайра тартпас, аябас, өзүнчө эле ичтен оргуп кайнаган, тили жок, бирок жандуу түнт күч экени билинди.

– Желдин багытын эстеп калгыла! Желдин багытын! – деп кыйкырган Органдын үнү угулду да, жылчыгы жок тунгуюк каран түн басып калды. Чексиз караңгылыктын түбүнө ныгырып, туман көчкүдөй бүктөп басты. Көз ирмем ортосунда аңчылар бу дүйнөдөн а дүйнөгө секирип түшкөндөй болду. Кулак тунду, көз жабылды. Асман да, деңиз да, атүгүл кайык да жоголду. Аңчылар жадегенде биринин өңүн бири көрө албады. Деңиз боркулдап кайнап, тыным бүттү, алпурушуу башталды. Толкундар кайыкты чабындыдан бетер бирде өөдө ыргытат, бирде ылдый кулатат, бирде серпип таштаса, бирде түбү жок кургуйга түртүп жибергендей болот. Чачырап жаба чапкан суудан кийимдери шөмтүрөп оор тартты. Баарынан жаманы төрт тарап билинбей калганы болду, чылк каптаган караңгы туман ичинде адамдар эмне кыларын, тегерегинде эмне болуп жатканын андай албай айла куруду. Эптеп кайыкты толкунга коңтортуп албай түз кармап, бет келди далбас уруштан башка арга калбады. Белгилүү бир тарапка багыт алып сүзүү деген жок. Буркан-шаркан түшкөн толкундар кайыкты кайда алпаратканы да белгисиз, бу шумдук канча созулары да белгисиз болду да калды.

Аңчылар бороон-чапкынга учурап, таптакыр апат болуп кеткендерин Кириск далай уккан. Андайда жээкте калган катын-балдар үмүт үзбөй, Ала-Дөбөттүн бооруна көп күн, көп түн бою улуу от жагып, ажап болор бекен деп күтө беришчү. Ошондойду көргөн кездерде да Кириск ачык

дениз бетинде өлүү мынчалык коркунучтуу болорун элестетe албаган. Асыресе жөө тумандан адам апатка учурайт деп үч уктаса түшүнө кирбеген. Туман деген адатта кыштын күнү келе турган күнүмдүк мейман да. Туман түшүп, дүнүйө аппак сүт дарыясына чөмүлүп, жер бетиндеги заттын баары булаңгыр арасынан күүгүмдөп көрүнүп, көңүлдү белгисиз түпөйүл үрөй ээлеп, жомоктун ажайып окуяларын күттүрчү туман моминтип арга түгөтөр жоо болорун ойлобогон. Азыр болсо бууракандаган дениз бетинде биресе жазылып, биресе жыйырылып, жалдуу ажыдаардай соруп баратат...

Отурган ордун тырмышып мыкчыган Кириск эми калтырак басып, Оргaндын аяк астына бүжүрөдү.

– Мени бек карма! Бекем карма! – деп Орган кулагына кыйкырды. Башка бирдеме айтууга, же жардам берүүгө абышканын чамасы жок. Баланы бул абалдан эч ким куткара алмак эмес. Жинденген табигат алдында баары тең эле. Кириск бакырып ыйласа да Эмрайин атасы ордунан туруп келе алмак эмес, анткени мобул түйүлүп келип согулуп, чарт жарылып жаткан толкундардын азоо жалында калак шилеп, кайыкты эптеп коңторбой кармап турган Мылгун экөө гана.

Толкундар болсо кайыкты делдектетип көр караңгы тумандын туңгуюгуна алып кете берди, кете берди. Кайыкты баш оогон жакка жибербес үчүн Орган башкарган калагы менен жакшылап эле аппурушуп көрдү, бирок буркан-шаркан толкун бастабай кайра күчөй берди.

Болсо түн ортосу деле болуп калды окшойт. Туман ичинде кайсы маал экенин билип бол-

бойт. Түн киргенин алар тек көзгө сайса көрүнгүс караңгылыктын калыңдай бергенинен улам баамдаган. Ушул көр караңгыда алаамат күч менен тырбалаңдап алышып, жеңээри жок, жеңилээри даана, үмүтсүз күрөш жүрүп жатканына көп болду. Ошентсе да, үмүтсүз шайтан деп, үмүттүн куйругуна жармашып, бул алаамат кандай капилет башталса, ошондой бүтүп калгысы бардыр деп, туман суюлса андан аркы айланы өздөрү эптеп табарын ойлоп, нивхилер жанталашууда, нивхилер аргасыз, дармансыз күрөшүүдө.

Бир ирет алиги өчүп бараткан үмүт жылт эткендей болду. Алаамат толкун бастагандай, кайыктын тынымсыз чайпалышы да аздагандай, жаба чачыраган толкундар токтогондой болду. Тыгызданып басып турган капкараңгы түн гана суюлбады. Мына ошондо биринчи болуп Орган карыя үн катты:



– Бу сүйлөгөн мен! Кириск менин жанымда! Уктуңарбы?

– Уктук. Биз ордубуздабыз! – деп кырылдады Эмрайин.

– Шамалдын багытын эстеп калдыңарбы? – деп кыйкырды Орган.

– Анын кажаты канчалык? – деп Мылгун кыжырлана кыйкырды.

Карыя унчукпай калды. Чынында да эми шамалдын багытынын кажаты жок. Баятан бери аларды каякка алпарып салды, азыр каерде жүрүшөт, белги болор аралдары алыспы-жакынбы, белгисиз. А балким ушинтип отуруп аларды дайынсыз бир алыска алпарып таштаар, кайрылып алар Эмчектерин таба албас. Каран түн желкесинен баскан, кайыктын тынбай калтаңдаган башын ооруткан кайран Орган катуу ойго

кетип, үнү өчтү. Эгер кудайдын колдогону эле болсо, анда аларды толкун аралдардын биринин аска ташына чаап талкалабай деңизге алыс алып кеткени болор. Бирок деңиз бетинен арал көрө албай, асмандан жылдыз көрө албай багыт белгилеп кутулуу да жок. Ошол үчүн Органдын айласы түгөнүп, айтор сөзү оозунан түшүп отурду. Антсе да аздан соң кыйкыра үн салды:

– Алиги шамал Тланги-ла болчу!

Эч ким жооп кайтарбады. Калакчылардын сүйлөөгө чолосу жок эле. Орган кайра тим болду. Аяк астында бүрүшкөн Кирискенин бүткөн боюн калтырак басты. Ошондо Орган кайтадан кыйкырды:

– Силер чыдап кармангыла. Биз Кириск экөөбүз суу сузуп төгөлү!

Эңкейип Кирискени кайсалап тапты да, баланын аман-соо экенине көзү жеткен соң:

– Кириск, сен коркпо,– деди балага. – Кел, кайыкка толгон сууну сузуп төгөлү. Болбосо жаман болот. Ожообуз бирөө эле, мына таптым сен бу чөмүчтү ал, а да болсо огожо... Кармадыңбы? Чөмүчтү ал дейм...

– Алдым, аткычх. Качан бүтөт бу... Коркуп атам, чоң ата!

– Мен да коркуп атам,– деди Орган аксакал. – Бирок биз эркекпиз да, эркекке коркунуч буюрган.

– Чөгүп кетпейбизби, аткычх?

– Чөкпөйбүз. Чөксөк – бешенеге жазылганы ошол. Кана, бир колуң менен мени бекем кармап ал да, бош колуң менен суу сузуп төгө бер.

Орган учурунда эстегени жакшы болуптур. Деңиз кичине бастай түшкөнүнөн пайдаланып, кайык түбүнө чогулган сууну сузуп жиберишти.

Сыйпалап суу сузуп жатып, Орган кайык түбүндө жаткан кол бочканы Кирискеге карматты.

– Кириск, – деди Орган баланы колдон алып,– мына ичер суубуз бар кол бочкебиз. Кармадыңбы? Эсинде болсун, кыямат болуп кетсе да муну колуңан чыгарба. Кучактап кармап ал. Ичер суубуз жок калганча өлгөнүбүз жакшы. Түшүндүңбү? Эч кимден жардам күтпө... Уктуңбу?

Карыянын муну айтканы жакшы болуптур, учурунда эскертип койгону жакшы болуптур, Көп өтпөй пайдасы тийди.

Кичине бастай түшкөн толкун кайра күчөп келди, караңгы түн, кара туманда калган адамдардын алсыз, аргасыздыгына өчөшкөндөй жиндеп келди, азганакай бастай түшкөнүнө адамдардын алданып, көңүлдөнө түшкөнүн табалагандай албууттанып келди. Көрүнбөй келип, туш келди соккулаган толкундарга Органдын кайыгы чамындыдан беш бетер чарк көпөлөк айланды. Толкун серпини каптал-боорун качырата ургулап, аша чаап ичине куюлуп жатты. Кайык кырына чейин сууга батып, чөкмөй болду. Орган эмгектеп жүрүп, ожоо менен жанталаша суу сузуп төксө да болбой кайра толо берди. Ошондо калакчылар жан кашая ачуу кыйкырды:

– Ыргыт баарын! Чөктү-үк! Ыргыт!

Кириск чаңырып ыйлап жиберди, бирок аны уккан жан болбоду, эч кимде аны караар арга жок эле. Бала кол бочкени бооруна баса кучактап, кайыктын коңулуна бүктөлө жатты. Ыйлагандан тула бою солуктап, муштумдай болуп жыйрылып жатты. Кандай балээ болсо да кол бочкеден ажырабаш керектиги эсинде. Чөгүп баратышканын билип жатты, билсе да Орган-

дын айтканын кылып, эси-дарты кол бочкени сактоо болду.

Суугa кап ортосунан аша аптыгып батып бараткан кайыкты эмне болсо да сактап калуу керек эле. Калак шилеп Мылгун калды, кайык оодарылып кетпестин аракетинде ал жанталашып жатты. Орган менен Эмрайин экөө кайыктагы бар болгон дүнүйөнүн баарын сыртка ыргыта баштады. Башка арга калбаган. Деңизге эки бирдей винчестер мылтык, ором-ором аркандар, гарпун, дагы башка буюм-кечелер, атүгүл Орган чалдын тунуке чайнеги да кетти деңизге. Баарынан кыйыны нерпанын эти болду. Суу чайып шылпылдаган оор тулку ордунан жылар эмес. Аны кайыктын түбүнөн оонатып алып, кайыктын кырынан алыс оодарып жибериш керек эле. Тобокел кылып бел байлап алыстан суу кечип келгендеги олжону эми таштабаска чара жок. Күшүлдөп-бышылдап оозго келген балит сөздөн аянбай сөгүнүп, экөө өлдүм-талдым дегенде тайдай нерпанын этин кайыктын кырына чыгарып, андан ары оодарып жиберишти. Ушул буркан-шаркандан кайнап жаткан деңиз бетинде, толкундар арасында да нерпадан кутулган кайык жеңилдей түшкөнү сезилди, кайкаң этип калкып чыга түштү. Анык ажалдан куткарып калган айла да ушул болду белем...

* * *

Башкалардан мурун Орган ойгонду. Теребелин чылк каптап турган дайынсыз боз ээндикти элеңдей карап, оболу өзү каерде экенин, тегерегиндеги көз тешип төрүн көргүс, кыймылсыз дүйнө кайсы дүйнө экенин аңдай албай эсеңгиреп бир аз отурду.

Бу дүйнө чалкар океандын учу-кыйырын доошсуз, кыймылсыз жана козголбос болуп басып турган улуу туман болучу. Улуу туман улуу сүкүттө орноп жаткан кези эле...

Аз-аздап айланага көзү үйрөнгөндө Орган обол мурун кайыктын сүлдөрүн, анын ичинде жаткан адамдардын булаңгыр караандарын көрдү. Калактарынын жанына, Эмрайин менен Мылгун сулаптыр. Түндөгү алпурушкан кармашуудан тырп этер алы калбаган бул экөө майданда окко учкан жоокерлердей отурган-отурган жерлеринде кулаптыр, тек сызылып чыккан үзүк-үзүк тыным алганына карап тирүү экенин билесиң. Абышканын аяк астында кол бочкени кучактаган калыбында бүк түшүп Кириск жатат. Уктап жатса да үшүгөнүнөн калч-калч этет. Органдын боору ооруду, бирок жардам берер арга таппады.



Түнкү шумдуктан эсеңгиреген абышка куудай башы салбырап, кайыктын сорусунда мүргүп отурду. Тула бою зыркырап сыздап ооруйт. Шадылуу узун колдору жансыз саландайт. Узак өмүрүндө не бир кыйын кезеңди башынан кечирсе да, мындай шумдуктуу тозокту көргөн эмес. Азыр болсо өздөрү кайда экенин, кургак жерден алыстабы, жакынбы, деңиздеби, түнкү шамал аларды ачык океанга айдап чыгып салдыбы – эч бирине акылы жетпей отурат. Азыр күндүн кайсы маалы экени да белгисиз. Жылчыксыз басып, кыймылсыз дымып алган бу туман ичинде күн менен түндүн ажырымы билинбейт. Адатта түндө башталган деңиз шамалы таңга маал басылчу эле, андай болсо азыр күндүзү болуш керек. Балким түш ооп калган чыгар.

Кудай бир жалгап, тирүү калгандарына кубанса да, не деген менен Органдын шылкыйып ойго батар жөнү бар эле. Колдо бардын баарынан айрылышты, келгин соодагерлерден жалынып жатып жүздөгөн кундузга айырбаштап алган винчестер мылтыктарына чейин кетти деңиз түбүнө. Эми эки жуп калак менен кол бочкедеги бөксөргөн суу калды. Алдыда кандай тагдыр күтүп турганы белгисиз.

Ырас, калакчылар ойгонушуп эсин жыйган соң ийри отуруп, түз кеңешээр. Бирок ошондо деле кайсы багытка сүзүүнү ким айта алат? Бул – бир. Экинчиден, түн кирип, туман тараса, асмандагы жылдыздар менен багытты баамдап алууга болор. Бирок дагы канча убакыт сүзөөрдү ким билет? Ал-кубат, чыдам жетер бекен, жетпесе кантишет, аны ким билет?



Баарынан да бу туманды айтсаңчы, не деген тажаал туман? Деңиздин бетин чылк каптап, былк этпестен басты да койду. Түбөлүк катып калгандай. Чын эле бардык жер ушундайбы, бүт дүйнөнү көр туман биротоло басып алганбы?..

Чылым тарткысы келди, суу ичкиси келди. Бирок чылымды ойлоп куру бекер кыжаалат болуунун кажаты жок эле, анткени каткан тамекисинин баары былжырап суу болгон. Канжасы кайда калганы да белгисиз. Сууну кантет? Тамакты кантет? Орган муну ойлоодон коркту. Азырынча чыдай турар, азырынча муну ойлоп жан кейитүү болбос...

Деңиз бети тынч. Кайык бир ордунда болоор-болбос чайпалат. Аны айдаган толкун жок, бир жакка сүзө турган ою да жок. Сууга ташталган калактар да кыймылсыз калкып жатышат. Эмрайин менен Мылгун байкуштар калактарды

кайыктын кырына чыгарып коюуга да дарманы келбей тырп сулаган экен.

Леп эткен жел жок, өлүк туман ичинде тынчтык орноп алган. Деңиз жатат тунжурап, туман турат тунжурап, ашыкканда эмине... ашыгар жак белгисиз...

Муңая башы салбырап, абышка кайра уйкуга кетти. Бир маалда аны Кириск ойготту.

– Аткычх! Аткычх! – деп жулккулап жатты бала. – Суу ичкибиз келип атыры.

Орган селт чочуп ойгонуп, маңдайындагы үч тууганы аксакал деп андан акыл күтүп жалдырап отурушканын көрдү. Суу бөлүштүрүүнүн азабы эми мойнуна түшкөнүн Орган түшүндү...

Туман баягысындай эле чылк каптап, кыймылсыз. Деңиз баягысындай эле тунжурап тынч жатат.



* * *

Күндүн калган мезгилин алар дайынсыз, шашпай сүзүп жүрүп отурушту. Бараткан максаты белгисиз, багыты белгисиз.

Кайыктагылар эсин жыйып, жагдайды түшүнгөн соң бир орунда жалдырап тура бериш да болбоду.

Ошентип сүзө беришти. Каякка сүзүп баратышканын билбейт: балким жерге жакындап баратышкандыр, же кайра жерден алыстап кетип баратышкандыр.

Канткен менен баш оогон жакка кете бериштин өзүндө аракеттин үмүтү бар эле.

Туман суюлар, ошондо бир айла табылар деген үмүт жетеледи.

Туман суюлгудай болсо, жадегенде түнкүсүн жылдыздарды көрүшөр, ошондо жол көрсөтөр жылдызды карманарбыз деген үмүт жетеледи.

А балким, кайсы бир аралга барып такалар. Андай болсо кийинкиси оңой эмеспи.

Ошентип алар азырынча туман сүңгүп, дайынсыз сүзүп баратты.

Ошондой абал болсо да Орган карыя кайык ичинде тартипти бекемдеди. Аяк астында чылпылдаган саркынды сууну кайык түбүнөн сузуп салышты. Бала үшүбөсүн, тезирээк кургансын деп Кирискени бооруна кыса жанына отургузду. Ичер суудан баарына тең бөлүп берди. Түндөгү алааматтан кийин алдан тайгандар кана жутуп алсын деп, бу жолу баарына аз бөксө ожоо суу берди. Анан катуу эскертип койду: мындан ары Орган өзү туура тапкан учурда гана, Орган өзү канчадан куйса ошончо гана суу ичишерин айтты. Ошентип маселенин башын ачып, кол бочкени чайкап койду. Суу жарытылай эле калган экен.



Өчөйүн деген үмүткө кээде капилет кубаныч жарк этет. Азыр да ошондой болду: кол бочкени алып суу куйганы жатканда анын далдасында, кайыктын куйрук астындагы коңулунда нерпа терисинен тигилген дорбо көрүндү. Ичинде туздалган балык бар экен. Күлазык салынган капчыктары түндө башка буюм-кечелер менен кошо сууга ыргытылбады беле, Мылгундун катыны дайындап берген бу дорбо болсо, Кириск кол бочкени жанталаша бооруна басып жатканда астында кошо калган белем. Дорбодогу туздуу балык деңиздин туздуу суусуна ого бетер чыланып, оозго алгыс болуп калыптыр. Ошентсе да тамак эмеспи. Эгер ичер суу кенен болсо бу балык да тамак болчудай.

Бирок суусатарынан коркуп азыр балыкка эч ким жутунган жок.

Кыймылсыз-үнсүз туман ичинде калактардын ашташы гана муңдуу чыйкылдайт. Мобу улуу жымжырт ичинде бу чыйкылдак адашкан адамдын жардам сурап: Кайдамын? Кайдамын? Кантип табам? Кантип табам жолуму? – деп жалына онтогонундай угулат.

Туман качан тарайт деп, баарынын зарылганы ошол...

Бирок туман тарабады, тараар түрү жок. Уюп жатат. Уюп жатат. Жерди да, Деңизди да, Асманды да – бүткүл жарык ааламды өзгө бир бөтөн ааламдан келген деми нымдуу, коюну суук беймаалим бир желмогуз оп тартып алгандай...

Тумандын суз коюнуна кайрадан капкараңгы түн кирди. Башта эле эчтеме көрүнбөгөн теребел эми таптакыр түнөрүп алды. Жылдыз түгүл асмандан дайын жок.



Эптеп жылып жүрүш үчүн дайынсыз бир жакка сүзө бериштин эми кажаты жок эле.

Жалгыз үмүт, жалгыз тилек асманда, жылдызда калган. Зарыга күткөндөрү ошол. Кирпик какпай күтүштү. Жанды кашайтып, айлaны түгөткөн туманды айдап кетер болсочу деп, шамалдын илебин элейе күтүштү. Асман бетин ачсаң боло деп Теңирге жалынышты, деңиздин коңулунда жаткан шамал ээси ойгонсо боло деп, ал саксагай, жалдуу айбанга жалынышты.

Биринен ажап болбоду. Алардын какпаган зарын эч ким укпады, туман тарабады.

Жылдыздын көрүнөрүн Кириск да зарыга күттү. Демейде асманга илип койгон оюнчуктардай жылтылдаган жылдыздар азыр ага баарынан кымбат, баарынан керек эле. Кечээ кечтен бери башынан кечиргени баланын үрөйүн алып койду. Баланын көңүлү калып, дили булга-

нып, үмүтү кыйрап, биротоло сынып калышы азыр оңой эле. Тиги чоң кишилердин ушунча кыяматка чыдап, такыр айла-амалы түгөнгөн чакта да акыл-эстен адашпай бир-бирине эш болушканы гана балага кубат кошуп, тажаалдын бу жолку тозогунан да эптеп кутуларбыз деген үмүт шооласын сактап турду. Асмандан жылдыз көрүнсө эле азаптан арылабыз деген ишеним баланын көкүрөгүнө жылуу уялап алды.

Ошол саат эртерээк келсе боло, эртерээк жерге кайтып, Ала-Дөбөтүнө жетсе экен, кана эми, эртерээк, эртерээк болбойбу ошол саат, курсагы ачып кетпедиби, каны катып баратпайбы, дагы канча чыдайт, кантип чыдайт, улам чыдаган сайын ого бетер курсагы ачып жатпайбы, ого бетер каны катып баратпайбы, баланын үйүнө эртерээк жеткиси келип атпайбы, апасын сагынбадыбы, туугандарын, айылын, там-таштын үстүнөн көккө чубалган түтүндү эртерээк көрсөм деп көксөп баратпайбы, баягы мөлтүр булак, баягы оонап ойноочу көк майсаң кайда деп сыздап баратпайбы...

Адашкандар түнү бою күдөр үзбөй күтүштү, бирок эч өзгөрүү болбоду: туман баягысындай эле бир ордунда ныгырылып, асман ачылбады, жылдыздар жыбырап жайнап чыкпады, деңиз түнөргөн көр караңгынын астында көрүнбөй көлбүп жата берди.

Туман туткунундагылар түнү бою каны катып суусап чыгышты. Нымдуу туман титиретти-калтыратты, бирок канча үшүсө ошончолук суусай беришти. Чаңкаган жалгыз мен го деп Кириск ойлосо, башкалар андан бетер тилдери ооздоруна батпай азап чекти. Бирок баарынан

да бала катуу кыйналды. Баарынан бөтөнчө суусаганына ого бетер кыйналды.

Бир оокумда Кириск чыдай албай кичине суу сурады эле Орган чал бербеди.

– Жок,– деди ал катаал айтып,– азыр болбойт. Чыда!

Жанараак кечкурун Эмрайин, Мылгун, Кириск болуп, үчөө ачкалыкка чыдай албай алиги туздуу балыктан кичине жеп алышты эле, эми ошого оозу кургап, ичи от менен жалын болуп бараткaнын Орган чал билсе кана. Балыктан кийин кичине суу ичишкен, бирок аз өтпөй мурдагыдан беш бетер суусап чыгышты. Анда Орган чал балыкка караган эмес, суу да ичпей койгон, бир ууртам сууну өзүнөн аяп койгон. Органдан башкалары ошол күнү эртеменен, кечинде болуп, эки ирет суу ичишти. Кечкисин ожоонун түбүнөн эле куюп ичишкен. Кол бочкедеги суу болсо азайгандан азайып барат.



Суу, суу, суу деп, жүрөгүң да суу деп кагып, каның кургап калганда тумандын түрүлөөрүн күткөнүң жүз эсе азапка айланат экен.

Түнү бою ушул азап болду тарткандары... түнү бою оңбогон туман муздап, куюлуп жата берди. Деңиз да түнү бою былк этпестен уюп жата берди.

* * *

Эртеси эрте менен дале баягы, туман коюну саал гана буурул-боз тартып, айлана кененирээк көрүнүп калыптыр. Эми кайыктагылар биринин өң-түспөлүн айра таанып алышты. Кайыктын тегерегиндеги деңиз бети да сымаптай оор көлбүп, көгүш-сур тартып өлүмсүк көрүнөт. Минтип

туруп калган өлүү сууну Кириск башына жүн чыкканы көргөн эмес.

Үлп эткен жел жок, кулак-мурун кескендей ыңжыңсыз дүйнө.

Ошол күнү Кириск чоң кишилердин өңү-түсү аябай өзгөрүп кеткенин көрүп, таң калды. Жаак-тары шылынып, сакал-муруттары өсүп, көздөрү чүңүрөйүп, тегерегин көгүш желе каптап, үчөө-нүн тең кебетеси айыкпас ооруга чалдыккан-дай. Эң күчтүү, анча-мынчага бой бергис деген атасы баштагысынан башкача. Сербейип сака-лы гана калыптыр. Тиштегилей берген эрини кеберсип, канталап кара-көк тарткан. Кириск уулун да жаны ачый тиктейт, бирок айтпайт. Үчөөнүн ичинен Орган карыя алдан катуу тай-ган экен. Сакал-чачы мурдагысынан бетер куу-дай агарып, кокосу коркойгон моюну ого бетер узарып, көздөрүнөн аккан шоросу көбөйүп, бүк-чүйүп калыптыр. Көз карашы гана танбаптыр. Акылман аксакал экенин айырмалап көз кара-шында дале баягысындай кеменгерлик, катаал-дык бар, өзүнө гана тиешелүү дөөлөтү калып-тыр сакталып.

Бу келген күн да ууртамдап суу бөлүшүү аза-бынан башталды. Орган өзү бөлүштүрүп куюп жатты. Кол бочкени колтугуна кысып, ожоого сызылта суу чорголотсо колдору калтырайт. Би-ринчи болуп Кирискеге сунду. Суу келгиче Ки-риск араң чыдап отурду. Ожоонун кырына тиш-тери шакылдап тийип, кылт-кылт суу жуткан чакта гана тамагы жибиди, ичиндеги от бир азга өчкөндөй болуп, аптыкканынан башы айланып кетти. Бирок ожоону абышкага кайтарып бер-генчекти ичиндеги оттуу желмогуз кайтадан ызы-рынып ойгонгонсуп, мурункудан бетер ысып-

күйүп чыкты. Баладан кийин Мылгун ичти. Анан Эмрайин. Алардын ичип жатканын көрүп эсиң чыгат. Ожоону жутуна алып, алкына ууртап алган соң кайта кайтарганда суунун аздыгына абышка күнөөкөр сыяктанып, Органдын көзүнө тике карабай кайтарышат. Өз кезеги келгенде Орган карыя өзүнө куйбады, унчукпастан тыгынды тыгып койду. Кириск көргөн көзүнө ишене албады. Бочке колунда болсо Кириск өзүнө ожоо толтура куюп алып, суусуну канганча, жыгылганча шимире бермек, шимире бермек. Андан кийин эмне болсо ошо болсун. Бир жолу канса болот эле. Орган карыя болсо өз шыбагасынан баш тартты. Катканссып отурса да бир тамчы суудан баш тартты.

– Бул эмне кылганың, аткычх? Ич шыбагаңды! – деп Эмрайин чыдай албай кыр-кыр этти. – Кечээ да ичкен жоксуң. Өлсөк бир өлөлү да!



– Мен чыдаймын,– деди Орган кебелбей.

– Жок, мунуң жарабайт! – деп Эмрайин кыжырлана корс айтты. – Андай болсо мен да ичпейм!

– Иче турган деле эчтемеси калбаптыр. Эмнесин талашабыз! – Орган күлүмсүрөмүш болду да, кандай эсиңер жок немесиңер дегенсип башын чайкады, анан бочкени кайра ачып, кичине суу куюп, Кирискиге сунду: – Мен үчүн Кириск ичип койсун.

Бала апкаарып калды, башкаларда үн жок. Орган ожоону суна кармап турат.

– Ал, Кириск, иче кой, эчтемени ойлобо. – Кириск унчукпады.

– Ич,– деди Мылгун.

– Ич,– деди Эмрайин.

– Ич,– деди Орган карыя.

Кириск тайсалдап турду. Суусап өлүп бара жаткан бала ожоону ала коюп, көмкөрө жутуп салайын дейт, бирок даабайт.

– Мен ушул өмүрүмдө сууну канча көп ичтим, аны билбейсиң. – Сен дагы узак өмүр сүрүшүң керек, ошол үчүн... – деп карыя сөзүн аяктабай койду. – Түшүндүңбү, Кириск? Иче кой, сенин ичкениң керек, ичишиң керек, менден кам санаба. Ал!

Бала суудан жута берип, дагы ошол саамда тамагы жибип, ичиндеги алоо басылгандай болду да, саалдан соң мурдагысынан бетер кайра суусап чыкты. Бу жолу ал суунун сасый баштаган даамын сезди. Бирок ал көп эмес эле. Кандай болсо да иши кылып иче турган суу болсо болду эле. Анткени суу улам азайып, түгөнүп баратат...

– Кана, эми эмне кылабыз? – деди Орган ал ортодо берки чоңдорго кайрылып. – Сүзөбүзбү? 

Бир топко түнжурап отурушту. Ар кимиси айлана-тегерегин каранат. Кайыктын тегерегинен аркан бою жерден нары туюк дүйнөнүн эч жылчыгы көрүнбөйт.

– Сүзгөндө кайда барабыз? – деп Эмрайин оор күрсүндү.

– Кайда барабыз дегениң эмне? – деп Мылгун капыстан тарс жарылып кеткендей болду. – Сүзө беребиз, жалдырап тынч отуруп өлгөнчө сүзүп жүрүп өлгөнүбүз жакшы!

– Сүзгөндө эмне, сүзбөгөндө эмне? – деп Эмрайин жекирген болду. – Бу туманда дайынсыз сүзө бергенден не кажат.

– Туманды урганым жок! – деп Мылгун ого бетер опурулду. – Туманыңды урайын сенин! Билдиңби? Сүзөбүз, болбосо азыр бу каргыш

тийген кайыгыңды коңторуп салам, ошондо баарыбыз тең балыктарга бирдей жем болобуз! Түшүндүңбү, Эмрайин чоң сакал, сүзө беребиз деймі Түшүндүңбү?..

Кирискенин үрөйү учту. Мылгун акесинин бу кылыгына бала уялды. Мылгундуку осол эле, канткен менен Эмрайинден кичүү эмеспи. Демек Мылгундун куну качып, акылдан адаша баштаганыбы? Же бул отурган төрт нивхи сыртынан гана киши санында көрүнгөнү менен алдагачан ал сапаттан ажырап калышканбы? Шылкыйышып баарынын үнү өчтү. Энтиге дем алып, Мылгун да унчуга албады Эмрайиндин башы салаңдады. Орган чал болсо ич-дүйнөсү билинбей мобу тумандан бетер мисирейип, алда-кайда теше тиктеди да катты.



– Сабыр кыл, Мылгун,– деди акырында Эмрайин. – Мен анчейин эле айта салбадымбы. Албетте, бир жерде тура бергенден көрө сүзүп жүргөн ийги. Сенин айтканың жөн. Кана, кеттик.

Кайык жылжый берди. Калак менен кайыктын ашташы кайрадан адатынча кыйчылдап, калактар улам кайып келип суу шилеп, шиленген суунун орду жабыраган үнсүз-шыбышсыз толкундарга кайра толуп жатты. Бирок кайык жылбай эле бир орунда калкып тургансыйт. Канчалык жылып бараткdaны менен тегерегин чылк чүмкөгөн туман ичинде аралык сезилбейт, бир ордунда эле тегеренип тургансыйт. Ушундан уламбы, Мылгун кайрадан кыжырлана сүйлөндү:

– Сенин туманыңды урганым жок, уктуңбу, батек сакал Эмрайин! Тезирээк кыймылда, тезирээк сүзөлү. Кыймылда деймі, уктаба, эй батек сакал! Туманыңды урайын сенин!

Ошентип алып, өжөрлөнө калак шилеп баратты.

– Бол, жакшылап шиле! Тарт калакты! – деп зөөкүрлөнө берди.

Эмрайин анын жинин кайната бербейин деп унчукпады, бирок кыжыры келип, күчөй калак шиледи.

Кайык уламдан улам катуулай сүздү. Туманды как жарып, жулкуна эргип коюп, белгисиз жакка, белгисиз максат менен баратты. Тумандын чексиз кыйырынан суурулуп чыгып кеткиче шашкандай, кууп өткүчө шашкандай Мылгун менен Эмрайин эрегишип, албууттана калак шилешти.

Калактардын алакандарын ээрчиген тамчыларды кайкы ыргытып суз жалтылдап, эки жактан суу шуулдап шыбыш чыгарып, эрегиштен ычкына ыйынган эки калакчынын кара тер аккан беттери бирде эңкейип, бирде чалкалап, калактарын көтөрө бирде кайык түбүнө жүгүнүп, бирде суу шилеп чымыркана асман карап чалкалап, экөө өлөр-тирилерине карабай баратты.

Өпкө кага дем чыгарып, шуулдата аба жутат, өпкө кага дем чыгарып аба жутат эки адам…

Алдың – туман, артың – туман, тегерегиң бүт туман…

– Кана! Дагы! – деп Мылгун тамагын кырынып, какырынгандан бетер кыркырай добуш салат.

Адегенде Кириск бу шуулдаган ылдамдыкка алданып кубанып, үмүттөнүп калды эле бара түшүп мунун баары арам тер, куру аракет экенине көзү жетип, корко баштады. Бу кутурган жарышты токтотоор деп Органга жалдырай карса, абышка ой-санаасында такыр башка жакта

жүргөндөй. Мисирейген өңүнөн эчтеме билинбейт. Абышка ыйлап отурабы, же адатынча көзүнөн аккан шоросубу, бетин суу чайган. Кайыктын сорусунда катып калгандай тегерегинде эмне болуп жатканы менен таптакыр иши жок.

Кайык болсо калың туманды сүңгүп, максаты дайынсыз, багыты дайынсыз, башы ооган жакка кетип баратты...

– Кана, дагы! – деген кырылдак доош ным туман арасында жаңырбай өчөт. – Кана, дагы!

Ушинтип опоосуз жүрүш көпкө созулду. Анан бара калакчылар чаалыкты, сүзүш жайлады, анан калактар сууга бош сүйрөлүп, демдери кыстыга эки калакчы шалдайып отуруп калышты. Мылгун шылкыйган башын көтөрбөйт.

Ушинтип айла түгөндү. Туманды кууп өтө алышпады, кыйырын бузуп чыгып кете алышпады, баары баштагысындай кала берди; көлбүгөн көгүш-сур деңиз бети, болжоосуз, дайынсыз жагдай, жылчыгы жок боз мунарык. Кайык гана бир азга күүсү менен тегерене сүзүп жүрдү...

Бул жинденииштен эмне майнап чыкты? Эчтеме! Бир орунда тим тура бергенде эмне майнап чыкмак эле. Анда да эчтеме.

Ар кимиси ушуну ойлоп отурушту окшойт. Ошондо Орган сүйлөдү:

– Мага кулак салгыла,– деди ал сөзүн салмактап, шашпай (эки күндөн бери наар сызып, тамчы суу ичпеген карыя күчүн үнөмдөгөндүр). – Бу туман көп күн туруп калышы да ыктымал. Ушундай жылдар болот. Ушундай окуя боло келген кэзде. Өзүңөр билесиңер. Бу калың туман да сааты чыкмайынча кетпей, басып жатып алчу улуу тумоо сыяктуу, деңиз бетин ку-

чактап жети, сегиз, болбосо он күндөп деле жата берет. Сааты качан чыгарын ким билет. Эгер бу туман да ошондойдон болсо биздин ахыбалыбыз кыйын болгону. Балыгыбыз да аз калды, ичер суубуз жок болгон соң туздуу балык тамак болмокпу. Суубуз болсо, болгону мына! – Орган кол бочкени чайкады. Түбүндө төрт-беш эли калган суу шылп-шылп этти.

Эч ким үндөбөдү. Абышка да унчукпай калды. Анын эмне айтарын баары билип турду: сууну күнүнө бир ирет гана бир кашыктан гана ичүү керек. Ныгырылып баскан туман тарагынча чыдап, сууну үнөмдөбөй болбойт. Деңиз бети ачылып, жылдыз, же күндүн көзү көрүнсө бир акыл табылар, а балким жеткенге жараар.

Жагдайдын аныгы ушул эле. Башка айла-амал жок. Бирок чыдоо керек деп айтуу оңой, адамдын акыл-ою жеткен нерсеге жан чыдамы жете бергидей эмес. Бу айласы куруп отурган немелер бир кашык суу эмес, агын дайра болсо да оп тартып, соолто соруп жибергиси келип отуру.

Арга калбай, замана куурулганын айкын билип отурганына баарынан да Орган катуу кыйналды. Чатыраштан бырыш баскан кара-көк бети ичеги-кардын оюп жеп келаткан оорудан улам ого бетер түнөрүп барат. Ушунчалык азапка чыдап отуруш оңойго турбаганы чымыркана алактай караган көздөрүнөн билинет. Өзөгү өрттөнүп калса да, тамырына эптеп кармалып турган карт дарактай болуп, Орган карыя дале болсо акылэсин жоготпой карманып отурат. Кашындагылардын тирүү калаарына шыбаа болоор деп ал оюндагысынын баарын айтып калгысы келди.

– Асмандан кулак үзбөй, абаны тыңшап отуруу керек, мен ушуну ойлодум,– деди карыя. –

Агүкүк* учуп өтүп калгысы бардыр. Ушу мезгилде деңиздин үстүнөн агүкүк деген куш гана учат. Эгер биз кайсы бир арал менен жердин ортосунда болсок, агүкүктүн учуп өткөн багыты бизге жол көрсөтөр эле. Ачык деңиз үстүндө кандай куш болбосун жээкти карай түз учат. Эч жакка кайрылбай жээкке түз учат. Агүкүк да ошентип учат.

– Биз арал менен жердин ортосунда эмес, башка жакта жүрсөкчү? – деп Мылгун башын көтөрбөстөн кежирлене сүйлөдү.

– Анда агүкүктү көрбөй калганыбыз ошол,– деди Орган да салмак менен.

Эмне үчүн агүкүк деңиздин үстү менен учушу керек, кандай зарылдыгы бар анын деп Кириск сурагыча, Мылгун дагы кыйкымчылдыгын кылды.



– Агүкүң биздин үстүбүздөн учуп өтөрүн унутуп койсочу? – деди ал ызырынган мыскыл менен. – Тыяктан учуп өтсөчү, анда канттик, аткычх?

– Анда агүкүктү көрбөй калганыбыз ошол,– деди Орган жанагысындай эле салмак менен.

– Демек, көрбөй калганыбыз ошол дечи? – деп ого бетер ызырына берди Мылгун. – Демек антсек да, минтсек да агүкүктү көрө албайт экенбиз да? Андай болгон соң биз кайсы жыргалыбызга буерде отурабыз? Ыя? – деп ызырынып, тиштенип сүйлөндү да, анан каткыра күлүп жиберип, тып басылды.

Беркилердин аза бою дүркүрөдү. Айла таппай, үн ката албай отуруп калышты.

---

* агүкүк – түндүк уюл үкүсү, ак үкү.

Ал ортодо Мылгунга бир ой келгендей болду. Калактын сабын астынан кагып жиберди эле ашташы ажырап кетти. Мылгун кайыктын тумшугуна барып, калакты туура кармап теңселип турду. Ага унчуккан эч ким болбоду. Мылгун да эч кимге көңүл бурбады.

– Э-эй, канчык! – деп ал жаалдана айкырды. – Эй, шамалдын бакшысы! – Мылгун калакты туңгуюк туманга кезей шилтеп кыйкырды. – Сен иттин тарпы эмес, шамалдын ээси экенин чын болсо, кана шамалың? Же сен ийининде жатып арам өлгөнсүңбү, канчык? Же бүт дүйнөнүн дөбөттөрү сага үйүгүп, кимисине көчүгүңдү тосооруңду билбей жүрөсүңбү? Же дөбөттөрдүн улам бири менен чагышып, сен канчык, шамалыңды айдоого чамаң келбей жүрөбү? Же быякта, караңгы, сасык тумандын ичинде биз адашып жүргөнүбүздү туйбадыңбы? Арабызда жаш бала бар экенин билбейсиңби? Мунуң кандай? Бала суусады, суу ичем дейт! Суу ичем дейт! Суу дейт, билдиңби? Арабызда бала бар деп жатам сага, өмүрүндө биринчи деңизге чыккан бала! Бул иттигиң эмине? Ушунуң адилеттикпи? Түлөндүн[1] сасык богу эмес, шамалдын ээси экениң чын болсо, жооп бер, канчык! Шамалыңды айдат! Уктуңбу, канчык? Тумаңыңды көчүгүңө тыгып ал! Уктуңбу? Шамалыңдын эң каардуусу Тлангила бороонуңду соктур, бизди деңизге конторуп салсын, толкундары жутса мейли, уктуңбу канчык? Уктуңбу дейм? Түкүрдүм мен түктүү тумшугуңа, сийдим сенин тумшугуңа! Шамалдын ээси экениң чын болсо, бороонуңду соктур, бизди деңизге чөктүр, жок, антиш колуңан келбе-



---

[1] түлөн – тюлень.

се, анда сен канчыктын канчыгысың, мен сага дөбөтмүн, сага үйүгүшкөн дөбөттөрдүн биримин, бирок сени карап койбоймун! Андан көрө ме сага! Ме-ме! Жепсиң, канчык, ме, жептирсиң!

Мына ушинтип Мылгун шамал ээсин оозуна келген сөздөр менен сөгүп-сөгүп алды. Шамал ээси бар бекен, бар болсо шамалды кай жерде бекитип жатты экен, Мылгундун сөккөнүн уктубу-жокпу, ким билсин? Мылгун ага болбой алдан тайып, үнү бүткөнчө кыйкырып сөгүп да, суранып да турду.

Анан колундагы калакты деңизге ыргытып ийди да, ордуна отуруп, бетин баса өңгүрөп-өксөп ыйлады. Беркилер аргасыз жалдырап карап отурду, Мылгун болсо жээкте калган жаш балдарын бирден атап, аптыга ыйлай берди. Чоң кишинин ыйлаганын көрбөгөн Кириск коркконунан калтырап кетти, Органга жабышып ыйламсырады.



– Аткычх! Аткычх! Бул эмнеси, эмне ыйлап жатат?

– Коркпо, балам,– деп Орган баланын колун кысты. – Азыр басылат. Аны ойлобо. Сага тиешеси жок. Азыр басылат.

Айткандай эле Мылгун акырындап басыла берди, бирок бетинен колун албады, улутунуп эки далысы солуктап жатты. Эмрайин сууда калкып калган калакка кайыкты акырын айдап келди. Калакты бери шилеп, суудан алды да, аштакан ордуна орнотту.

– Сабыр кыл, Мылгун, – деп Эмрайин жубаткан болду. – Сеники жөн, туманда тумчугуп зарыкканча бороонго кабылганыбыз жакшы эле. Дагы күтөлү, деңиз ачылып кеткиси бардыр. Башка аргабыз кайсы...

Мылгун унчуккан жок. Акылдан адашып, бет алдына тик кароодон корккон немече ал уңкуйган калыбында башы жерге кире берди.

Туман болсо баягы калыбынан жазбай, океанды бүт камтып, өлүү мунарык деңгээлине дүйнөнү кармап турат. Үлп эткен жел жок, өзгөрүү жок. Мылгун канча сөгүп жер-жеберине жетсе да шамалдын бакшысы былк этпей койду. Намысы жок немеби, каарданып бороон соктурбады, боюна теңебеди...

Бир орунда тура бербеске Эмрайин кайыкты каалгыта айдап баратты. Орган оюна чөмүлүп, үн-сөзсүз. Кыязы, ал өмүрүнүн акырында дагы бир жолу Айым-Балыгын ойлоп отурду окшойт.

Карыяны кайгылуу ой-санаасынан ойготкон Кириск болду.

– Аткычх, чоң ата агүкүк эмнеге аралдарды карай учат? – деди акырын.

– Э, айтам деп унутуп калган турбайымбы. Мындай, чоң туманда деңиз үстүнөн агүкүк гана учуп жүрө алат. Ал аралдардан аң уулайт, кээде нерпанын кичинекей күчүктөрүн илип кетет. Агүкүктүн көзү курч болот, туманда да, түнкүсүн да күндүзгүдөй көрө берет. Ошонусу үчүн үкү да. Үкүлөрдүн эң чоңу, эң күчтүүсү ошол.

– Менин көзүм агүкүктүн көзүндөй болсочу,– деп шыбырады Кирискенин керсиген эриндери. – Азыр каякка сүзөрүбүздү көрсөтүп берет элем. Анан биз жээкке тез сүзүп жетип, суу иче берет элек. Көпкө ичет элек... Агүкүктүн көзү менде болсочу...

– Э-э,– деп күрсүндү Орган. – Ар кимдин өзүнө буюруган көзү бар.

Унчукпай калышты. Бир топтон соң алиги сөзгө кайра кайрылгансып, Орган баланын жүзүнө тигиле карап айтты:

– Катуу кыйналдыңбы, ыя? Чыда, балам. Дагы чыдасаң, улуу мерген болосуң. Чыда, сууну ойлобо, башка бирдемелерди ойло. Сууну ойлобо.

Кириск чоң атанын айтканына көнүп, сууну ойлобоско тырышты. Бирок ойлобоюн десе деле болбойт. Канчалык тырышып ойлобоюн десе, ошончолук суусап барат. Анан дагы курсагы ачканы ошончолук, жүрөгү айланып, башы тегеренет. Чыдай албай Мылгун акесинче бүт дүйнөнү жаңырта кыйкыргысы келет.

Бу күн ушинтип өтүп жатты. Ажап болуп алыстан толкун күр-шар этип калгысы бардыр, салкын шамалдын эпкини келип, бу дүйнөнүн бир бурчуна кубалап кеткиси бардыр, ошентип ажалдын чырмаган торунан булар кутулуп кеткиси бардыр деп күтө беришти, үмүттөнө беришти. Бирок деңиз бети тунжурап, кулак-мурун кескендей тынчтык башка тээп, ың-жың зыңылдак өздөрүнөн чыгып жаткансыды. Анан калса ачкалык менен суусагандык өзөктү өрттөп, көз ирмемге тыным бербеди. Баарынан да ушу уч-кыйырсыз океандын үстүндө суусагандан өлүп бараткандары жанга батты.

Кечке жуук Мылгун мүргүй баштады. Сөздөн калды, көздөрүнүн оту өчтү. Тамагын нымдап алсынга Орган кичине суу куюп берди. Ожоодон көзү өтүп бараткан Кирискени карап, Орган чыдай албады, ага да бир ууртам куйду, анан Эмрайинге да куюп берди. Өзү мисирейип тамчы суу ууртабады. Анан кол бочкени коңулга тыгып коюп, жүзү бөтөнчө жаркын, өзүнчө бийик ойлордун канатында калкып, такыр суусабагандай, суу азабын тартпагандай, боюн түзөгөн жандай мандайы ачылып көпкө отурду.

Аскага конгон бүркүт кебетеленип, кайыктын сорусунда сөөлөттүү отурду. Тагдыры чечилип калганын билгенденби, боюн түзөп, өмүрүнүн акыркы мүнөтүндөгү ишке белсене күчүн топ-топ отурду. Бир кем дүйнө – канжасы жоктугу болду. Акыры бир жолу чылым тартып, түтүндү буркурата Айым-Балыгын ойлоп отургусу келди:

Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?

Акыреттин тамандырыгын аттаар алдында алкубаты менен адамдык касиети эми канчага чыдаарын Орган өзү билип отурат. Алданеге белди бекем буугандай. Ага тобокел дейин десе Кирискени кыйбайт. Кийинки азаптуу күндөрдө бала байкуш жалгыз аны пааналап, жылуу ык издеп жалгыз ага бүрүшө корголоп, абдан боор басып алды эле. Баланы кыя албайт. Бирок ушу бала деп, алигидей тобокелге бел байлап отурат.



Орган аксакалдын аз кубаныч, көп азаптуу өмүрүнүн акыркы күнү ушундайча жарк эткен бир жарыгы жок, караңгы кыйноодо аз-аздан түгөнүп баратты.

Каш карайып, дагы бир түн түштү.

Бул түнү да аба ырайы өзгөрүүсүз мурдагысындай кала берди. Деңиздеги туман ошол карышкан калыбынан жазган жок. Көр караңгы түн тегеректеп камалып, кыйноосу бүтпөгөн узун түн орноп алды. Атаганат, ушу түн ичинде капилет жел уруп, капилет добул согуп, аалам астын-үстүн түшсө, асман ачылып, жылдыз көрүнсө ээ! Бирок бул түн да пейилин жумшартпады, желдин эпкини сезилбеди, толкундун шапатасы урбады, дүйнө жымжырт тынчтыкка басылып, тырп этпей жатты. Чаңкагандан, ач-

кадан арып-ачып арбак болгон адамдар түшкөн жалгыз кайык тумандуу түн ичинде, бараар жагы, кылаар аргасы жок илбий калкып жүрдү.

Кириск качан уктап кеткени эсинде жок. Жан чыдабай суусаганына алсырап, көпкө кыйналып жатып уктады. Тирүүлөй кыйнаган бул азаптын түгөнөр чеги жоктой сезилет. Тек суу гана болсо! Суудан башканын эч кереги жок. Ачкалыктын азабы бойго сиңген үйрөнчүк оорудай сыздатып барып, акырында билинбей кетет экен. Суусаганы уламдан улам алоолоп күчөп, бүткөн бойду өрт алгандай каптап келе берет. Аны басар айла-амал жок.

Мындан кичирээк кезинде Кириск бир жолу катуу тумоолоп, эти от менен жалын болуп, төшөктө ачуу терге чөмүлүп жатып аябай суусаганы эсинде. Апасы үстүнө үйрүлүп, баланын ысык чекесине суу чүпүрөк басып, өз алдынча бирдемелерди күбүрөп, көзүнүн жашын көрсөтпөй катып, кошо кыйналган. Атасы анда да деңизде эле. Май чырактын өлүмсүк жарыгында үстүнөн апасынын жаны ачыган жүзү көрүнүп, айланып-кагылган үнү угулуп, өзү алсырап суусап жатканы эсинде. Ошондо да Кирискенин бир тилеги суу болгон: тезирээк суу беришсе, анан атасы эртерээк келип калса деп тилеген. Атасы алыста, апасы болсо суу берген эмес. Суу ичкениң болбойт деген апасы. Чүпүрөк суулап, кеберсиген эриндерине баскан, бирок анысы аз гана жан тынчытып, кайрадан күчөп суусата берген.

Суу иче көрбө, каралдым, чыдагын, чыдасаң тез сакаясың деп жалынып, апасы жанынан карыш жылган эмес анда.

– Чыдачы, жарыгым! – деген апасы. – Эртең менен эле ойноп кетесиң. «Чычкан акем, суу бер» деп ичиңен айта бер. Ошентсең, суусабай каласың. Чычкан акеңен суу сура, балам чычкан жүгүрүп суу апкелип берсин... Жакшылап сурагын...

Ошол түнү күйүп-жанып жатып, чычкан чындап суу апкелип беререрине ишенип, апасы айткандай: «Чычкан аке, суу берчи! Чычкан аке, суу берчи!» – деп жалына берген. Чычкан көпкө келбей зарыктырган, ага болбой Кириск сыздап ыйлап, көздөн жашын чуурутуп, жалдырай берген: «Чычкан аке, суу берчи!..» Акыры чычкан да келди. Чаңкай түштөгү токойдун кайнар булагынан жорткон желдей салкын экен чычкан. Кыймылы көзгө илешпей, көгүш түс, көк көпөлөктөй учуп жүргөн үлпүлдөк экен. Ошол чычкан учуп жүрүп, үлпүлдөк жүнү менен баланын бети-башын, моюн-көкүрөгүн сылап өтүп, шамал жүргөндөй сергиткен, кеселдин касиретин жеңилдеткен. Ошондо чычкан Кирискиге суу бергендей болгон, бала суусуну канбай иче берген, иче берген, суу түгөнбөй ого бетер ташкындап, башынан өйдө каптап кеткен...

Эртеси Кириск жаны жаркып, көңүлү сергек ойгонгон, алсырап калганы болбосо куландай таза, кулундан ойноок тура келген. Ошондон кийин көпкө алиги суу ташыган чычкан акеси баланын эсинен кетпей койду.

Азыр мына адашкан кайыкта суусагандан жаны күйүп, денеси өрттөнүп жатып, бала ошону эстеди. Чычкан акеси азыр келер болсочу! Анан апасын ойлоп, чычкан акеңен суу сура деп үйрөткөнүн ойлоп, эт-жүрөгү сыздап кетти. Чычкан аркылуу өмүрдөн күдөр үзбөөнү үйрөткөн апасы эмес беле. Оозуна тили батпай кургап, жаны

кыйналып төшөктө жатканда апасы үстүнө үйрүлүп түшүп турган өңүн элестетти. Апасы анда чымын жаны чыркырап, баласына келген кеселди өзүнө тилеп, жаны кейип, көзү жашылданып тиктеп турбадыбы беле. Азыр апасы кандай алда болду экен, кантип жатты экен? Көз жашы көл болуп, деңиз жактан жол карап, боздоп жүргөндүр... Тунжураган деңиз ага жооп бербей мелтиреп жаткандыр... Мындай шумдукта анын кайгысына эч ким арача түшө албас. Тек катын-балдар Ала-Дөбөттүн бооруна улуу от жагып, ошону менен апасынын үмүтүн колдоп турушкандыр. Кудай жалгап, баштарына бакконуп, деңизде жоголгондор отту көрүп, туман ичинен жээкке сүзүп чыга келээр деген үмүттүн отун үзбөй турушкандыр.



Алар аякта антишсе, булар быякта көмүрдөй капкара, бирок колго илешпеген, өлүк түндө кутуларга деген акыркы үмүттөн ажырап, дайынсыз калкып жүрүштү. Эки күч бирин-бири аңдышкандай. Бирок эки күчтүн аргасы тендешсиз эки башка эле, күн менен Аалам жарала электен, мурдагы караңгылык, бүгүн анын туткунунда калган чалдыбары жок кайыктагы төрт адам. Кыйырсыз океан бетинде бу төртөөнүн ичер суусу, кубаттанар азыгы, жол көрсөтөр жылдызы жок.

Кириск мурда түн ушунчалык капкараңгы болорун көргөн эмес, эс тарткандан берки өз өмүрүнүн ичинде суусагандын азабы ушунчалык кыйын болорун билген эмес. Өзүн өзү алаксытуу үчүн ал бир кезде тумоодон айыктырган суу ташыгыч чычканды ойлоого тырышты.

«Чычкан акем, суу берчи!» – деп ал апасы үйрөткөн ушул эки ооз укмуш сөздү үстү-үстүнө

кайталай баштады. «Чычкан акем, суу берчи! Чычкан акем, суу берчи!» Айткандай укмуш боло калбаса да укмуш сөзүн айта берди, айта берди. Суусунун басар айласы суу сураган тилеги эми ушул эки ооз сөз болуп калды...

Чычкан аке, суу берчи!

Ушинтип өзүн өзү алдап күбүрөп жатып, бала кээде үргүлөп кетет, кээде уйку-соонун ортосунда Орган менен Эмрайиндин кобурашкан сөздөрүн кулагы чалат. Тигил экөө алда неме тууралуу күбүрөшүп көп сүйлөштү. Сүйлөшкөндөрү түшүнүксүз, тири укмуш маек болду. Кээде унчугушпай тымпыйып калышат, кээде туюк сүйлөшүп, туюк бүтүрүшөт. Кириск бүрүшүп Органдын колтугунда жаткан, ошондуктан абышканын кышылдай дем алып, тамагы кыркыраса да өжөрлөнө күч менен айткан сөздөрүн даанараак угуп жатты. Окчунураак калагынын жанында отурган атасынын сөзүн анча даана уга албай калып жатты.

– Сага акыл айтчу мен эмес, бирок дагы ойлон, аткычх, – деп бирөө угуп койчудан бетер акырын шыбырады Эмрайин. – Өзүң акылдуу жансың.

– Ойлондум, көп ойлондум. Ушунум жөндүү болоор,– дейт Орган бүтүм кылган оюнан кайтпагандай.

Экөө бир азга унчугушпай калды да, анан Эмрайин айтты:

– Баарыбыз бир кайыктабыз, башка келгенди чогуу көрөбүз, тагдырыбыз бир.

– Тагдыр, тагдыр,– деп карыя күңгүрөндү. – Бешенеге жазылган тагдырдан качып кутулбайсың дечи, – деди деми кыстыга тамагы кышыл-

дап. – Кааласаң моюн сун, каалабасаң каршы тур, тагдыр ошонусу менен тагдыр. Акыры ичер суу, көрөр күн түгөнөрү чын болсо, башкалардын ичер суусу түгөнбөй тура турсун үчүн өз тагдырыңды камчылаганың дурус болор. Өзүң ойлочу, жол ачылып калгыдай болсо, калган күчүңдү үрөп калак шилесең, жээк көрүнүп жакындаса, ошондо жаныңды аман алып жеткирээр эки тамчы суу жетпей калса, ошол акылдуулукка жатабы? Бу дүйнөдөн адам ыза болгон бойдон кетпейби.

Эмрайин бирдеме күбүрөдү, анан дагы унчугушпай калышты.

Кириск уктоонун аракетин кылып, чычканын чакырып жатты. Уктап кетсе эле чычкан жетип келчүдөй сезилет ага... Бирок уйку келбейт.

Чычкан аке, суу берчи!



– Мылгун кандай! – деди Орган.

– Мурдагысындай эле. Жатыры,– деди Эмрайин.

– Жатыры дечи. – Саал отура туруп, абышка өтүнүч айткандай унчукту. – Эсине келгенде айтып кой.

– Жарайт, аткычх. – Муну айтып жатып Эмрайиндин үнү каргылдана түштү, тамагын кырына жөтөлүп алды. – Айтканыңын баарын айтам.

– Мен аны сыйлайм деди де. Чоң мергенчи. Жаман киши эмес. Мен дайыма сыйлап келгем.

Экөө кайра унчугушпай калды.

Чычкан аке, суу берчи!

Эмрайин анан дагы бирдеме деди, Кириск уга албады. Органдын жообу бу болду:

– Жок, күтө албайм. Өзүң көрүп турбайсыңбы, ал калбады. Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт

деген. Өзүм аттанам. Бу дүйнөдө улуу адам элем. Аны өзүм билем. Түшүмө дайыма Айым-Балык кирчү. Аны сен түшүнө албайсың... Мен ошого жол тарттым...

Ал экөө дагы бирдемелерди сүйлөшүп жатышты. Кириск жат болгон сөзүн айтып көзү илинип баратты.

Чычкан аке, суу берчи!

Эки чоң кишинин сүйлөшкөндөрүнүн Кириск уккан акыркысы Эмрайин абышкага жакындай берип айтканы болду:

– Эсиндеби, аткычх, баягы бир жылы бугу минген көпөстөр келип, балта берип ардемеге алмашып кетишпеди беле. Ошолордун ичиндеги чоң сарысы айткан, кайсы бир өлкөдө дениздн суудай кечип өткөн улуу киши болгон экен. Ошондой да адамдар болот экен да...

– Демек ал улуулардын улуусу,– деди Орган. – Биздин кудурети күчтүү улугубуз – Айым-Балык. 

Кириск уктап жатса да, кээ бир сөздөр алыстан үзүл-кесил угулат:

– Коё турчу. Дагы ойлончу...

– Болду. Жашаарымды жашадым... Кармаба... Дагы чыдаар дарман жок...

– Ушундай караңгыда...

– Баары бир эмеспи...

– Мен сага айтар сөзүмдү да айтып бүтпөдүм...

– Сөз бүтпөйт. Бизден кийин да бүтпөйт.

– Ушундай караңгыда...

– Кармаба. Чыдай албайм, күчтөн тайып баратам. Өзүм түшкөндөй болоюн...

– Ушундай караңгыда...

– Силер дагы чыдагыла. Али бир жутум суу бар...

Бирөөнүн каткалаң туурук чоң алаканы акырын келип баланын башын сылады. Оргaндын колу экенин Кириск уйку-соонун ортосунда жатып билди. Салмактуу жылуу кол баланын башын коргоп, эстеп калгысы келгендей бир азга сылап турду...

* * *

Түшүндө Кириск деңизде жөө баратыптыр. Жерди багыт алып, суу ичип келүүгө баратыптыр. Чөкпөй, тыгылбай басат. Айланасы укмуш көрүнүш. Көз жеткен жердин баарында жаркыган таза деңиз. Деңизден башка, деңиз суусунан башка бу дүйнөдө эчтеме жоктой. Деңиз гана, суу гана. Ошо суунун үстү менен кургак жерде баскандай баратат Кириск. Күн нуру астында боору жылтылдаган толкундар чар тараптан түрүлүп, келип да, кетип да жатат. Алар кайдан пайда болуп, кайда кетип жатканы белгисиз.



Деңиз бетинде ал жалгыз баратыптыр. Обол мурун ал Орган, Эмрайин, Мылгундардан озо чуркап кеткендей болгон, эртерээк суу таап, тигилерди чакырмакчы болгон. Анан караса, өзү эле жалгыз калыптыр. Кыйкырып атты, чакырып атты, биринен жооп укпады. Жан да жок, үн да жок, көлөкө да жок... Беркилер кайда жоголуп кеткенин билбей бала маң. Анан корко баштады. Кыйкырып кыйырга үнү жетпеди. Жер да каякта, кай тарапта экени билинбейт. Алдан тайып, деңиз үстүндө энтиге жүгүрүп баратты, бирок эч жакка жакындабады. Бир ордунда эле тургансыйт, ал ансайын чыдай албай суусап ба-

рат. Мына ошондо үстүнөн учуп бараткан Лувр өрдөктү көрдү. Уя салар кургак жер таппай, өрдөк каркылдап үн салып бараткан экен. Бирок алакандай жер таппайт. Тегеректин баары түгөнгүс толкундар. Лувр өрдөк алдас уруп, онтолойт.

– Лувр өрдөк! – деп кыйкырды Кириск. – Жер кайда, кайсы тарапта, мен суусадым!

– Азыр али бу дүйнөдө жер жок, эч каякта жок! – дейт Лувр өрдөк. – Төгөрөктүн төрт бурчунун баары толкуган суу.

– Беркилер кайда? – деп сурады Кириск жоголуп кеткен кишилерди айтып.

– Алар жок, издебей эле кой, алар эч жакта жок,– деди Лувр.

Жалгыздык менен кусалыктын айтып бере алгыс коркунучу бүткөн боюн дүркүрөтүп, жүрөгүн мыкчып алды Кирискенин. Көзү көргөн жакка чуркагысы келди, бирок тегеректе жалаң толкун, жалаң суу, башка эчтеме илинбейт. Лувр өрдөк болсо нокот болуп жоголуп кетип барат.



– Лувр өрдөк, мени ала кет, таштаба! Суусадым! – деп жалынып ийди Кириск.

Бирок өрдөк укпады, укса да кайрылбады, жок жерди издеп көздөн кайым болду. Көз уялтып ачуу тийген күн гана калды асманда.

Коркунуч менен кусалыктан ичи эңшерилип, Кириск солуктап ыйлап ойгонду. Жаш жууган көзүн ачса, түшү экен. Кайык жай чайпалып коюп, баягысындай эле калкып турат. Бозомук тарта баштаган кара туман баягысындай эле чүмкөп турат. Демек түн өтүп, таң атып келаткан тура. Бала кыбырады.

– Аткычх, суу берчи. Мен түш көрдүм, – деп кобурап бала Орган тарапка колун сыйпалай

сунду. Колу эчтемеге урунбады. Кайыктын соорусундагы Органдын орду бош калыптыр.

– Аткычх! – деп чакырды Кириск. Эч ким жооп кайтарбады. Бала башын көтөрүп, селт чоочуп кетти.

– Аткычх, аткычх, кайдасың?

– Кыйкырба,– деп Эмрайин кашына жетип келди. Уулун кыса кучактап, бооруна кысты. – Кыйкырба, чоң атаң жок! Чакырба аны! Ал Айым-Балыкка кетти.

Бирок Кириск көнбөдү.

– Аткычхым кана? Чоң атам кайда?

– Уксаң боло! Ыйлаба! Сабыр кылчы, Кириск, аткычх эми жок,– деп атасы жоошута албай жатты. – Сен ыйлабачы. Ал сага суу бер деп кетти. Дагы кичине суубуз бар. Сен ыйлабай коё тургун, мен азыр суу берем. Жакында туман тарайт, ошондо көрөсүң го...



Кириск бейжай салып, атасынын колунан жулкунду. Кайык катуу чайкалды. Эмрайиндин шаштысы кетти.

– Мына азыр сүзүп жөнөйбүз! Карагын, биз азыр сүзүп жөнөйбүз. Эй, Мылгун, тур, тур дейм! Сүзөлү!

Мылгун калак шиледи. Кайык суу бетинде жыбылжып жөнөдү. Алар дагы багыты белгисиз, максаты белгисиз тарапка дүйнөнү чылк чүмкөп турган буурул туман ичинде сүзүп баратты.

Жаңы күндү алар ушинтип тосту. Эми кайыкта үчөө гана калган.

## Чычкан аке, суу берчи!

Кириск кичине басылганда Эмрайин өз ордуна барып отурду да, Мылгун экөөлөп калак шилешти. Кайык ылдамдап сүзүп, кайда барат-

каны, эмнеге баратканы белгисиз дагы жөнөдү. Оргaндын дайынсыз жок болуп кеткенине өксүгөн Кириск дале толук бастай албай, кайыктын куйругунда жетимсиреп жалгыз отурат. Эмрайин менен Мылгун да же өздөрүн жооткотор, же баланы сооротор айла таппай чөгүп отурат. Бар тапканы калак шилөө болду. Эптеп кыймылдоонун айласынан калак шилешет. Боз тумандын ичинде беттери карайып көрүнөт. Ачкалык менен суусагандык айыкпас ырайымсыз оорудан бетер желкеден басат.

Бири бирине тил катпай, жаактары карышкан. Бир топтон кийин калакты бош таштап, Мылгун үн катты:

– Суудан бөлчү! – деди Эмрайинге түнөрүп.

Эмрайин кол бочкеден ожоонун түбүнө бир ууртамдан суу куйду. Коңурсук жыт, жагымсыз даам кирип, суу болбой калыптыр. Бирок бошонусу да аз. Ушинтип дагы эки-үч жолу болгонго араң жетер. Эч кимисинин суусуну да канбады, канимет да бербеди.

Аба ырайы өзгөрөр бекен, жок бекен деген суроо кайрадан кулак чуулдатып, башты зыңылдатып, төбөдөн басты. Эми үмүттөнтөөр сөздү айтуудан да тартынып калышты. Алдан тайып арбак болгон немелер тирүүлүккө кайдыгер карап, өлүү туман ичинде жазмыштын жазасын күтүп, дайынсыз каңгып жүрө беришти. Бу тагдырга моюн сунбаска арга калбады. Туман ансайын аларды ныгыра басып, ал-кубатын жогото берди. Бир маалда Мылгун үнү дирилдеп, жаны ачый сүйлөдү:

– Ушу туман жоголуп, анан өлсөм арман жок эле. Кайыктан өзүм секирип өлөт элем. Дүйнөнүн жээгин гана бир көрсөм мейли эле.

Эмрайин унчукпады, бурулуп да койбоду. Эмне демек? Кайыктагылардын аксакалы эми ошол. Бирок айтаар акыл таппады. Сүзөөр багыт көрсөтө албады.

Убакыт өтө берди. Кээде өзү жылжып, кээде калкылдап токтоп, кайык эми өз башына өзү ээ.

Канкакшып суусаган денени эми ачкалык араадай таарып, ажалдын деми жакындады. Тешиктен чууруган суудай калган күч соолуп баратты.

Кирпиги араң кыбырап, көзү чала жумулуу Кириск кайыктын куйрук коңулунда жатат. Башы айланат коргошундай оор тартып, бош калган ашказаны жыйрылып келип, бүткөн боюн бүрүштүрө мыкчылат. Суу ичкиси келет, суу ичкиси келет, жан чыдабай суу ичкиси келет!



Чычкан аке, суу берчи!

Суу ташыгыч чычканга жалынып-жалбарып жатып, бала бул азабын унутууга далбас кылат, Ала-Дөбөттүн боорунда калган, эми кол жеткис жомок болгон мурдагы күндөрүн эстейт.

«Чычкан аке, суу берчи!» – деп керберсиген эриндери араңжан кыбырайт да, башы айланат. Башы айланса Ала-Дөбөттүн туландуу боорунан көп балдар болуп устунча томолонуп ылдый кулаган оюндарын эстейт. Анда да баш айланчу, бирок анда ойноп айланчу да. О, ал кандай сонун кызык оюн эле! Балдардын ичинен эпчили да, чыдамдуусу да Кириск эле. Тик боорго жүгүрүп чыгып, төмөн карай устунча томолонуп түшөр эле. Бир-эки оонап алган соң өзүнү токтото албай томолонуп кете бересин, жыргалына кыткылыктап күлө бересиң. Асман-жер оодарылып-төңкөрүлүп, булуттар тыткан жүн-

дөй чаң-тополоң аралашып, чубалжып, карагай токой жапырт жыгылып, баштары менен жер сайып калгансыйт, күн болсо кызарганча боору эзиле күлүп, улам бир жагынан энкейе калып карай берет. Тегерегиндин баары балдардын ызы-чуусу. Томолоно бересиң, томолоно бересиң, күүлөнгөн сайын чимириктей чимирилип кетесиң, ошондо артыңан кошо чуркап келаткан балдардын жүздөрү жалпак чоюлуп, буттары дөңгөлөк болуп ийилип, бир кызык көрүнөт. Акыры этекке барып жатып каласың. Башың айланып, кулагың ызы-чууга толуп чыгат. Мына, кыйын болсоң ошол учурда – бир, эки, үч деп санаганча – так тура калып, башың айланганга жыгылбаш керек. Көбүнесе балдар бир деген жерде эле кулап түшөт. Ошондо күлкүнү көрүп ал. Тегерегиндеги балдардын баары күлүп турса, өзүң да күлөсүң. Таканчыктап эле турайын дейсиң, жер болбой бут астынан жылбышып жылып кетет. Ошондойдо Кириск жыгылчу эмес. Такандап туруп калчу. Чымыркана кармап турчу. Анткени ар дайым Музлук мандайында карап турчу да. Анын көзүнчө начар балача сулап калыш жарайбы!

Анан дагы кызыгы Музлук экөөнүн жарыша томолонгону болор эле. Кыздар да томолоно билишчү. Бирок көбүнесе алар коркок келет, анан дагы беш көкүл чачтары бирдемеге көп илешет. Бирок оюн да. Ошондой кызык оюнда бир жериң көгөрбөй да калмак беле.

Музлук экөө бир томолонгон кезде Кириск андан озуп кетпеш үчүн атайы эки чыканагын бооруна кыспай, уркуйта чыгарып, боюн токтото жай томолонот. Балдардын чуусу коштоп, экөө сайдын таманына бир түшөт, «үч» дегенче экөө

тең тик тура калып, эч кимге байкатпай Кириск кызды жыгылтпай сүйөп турат. Мына ошол жыргал эле. Экөө бирин бири колдойбуз деп, эриксизден кучакташып калышат. Музлук гүлбүрчөктөй эриндерин тамылжытып кыткылыктап күлө, татына кыз ого бетер татына болуп Кириск кармай калсын, кучактай калсын дегенсип, кара күчкө теңселет. Ошол мүнөттөрдө экөө түшүнүксүз бактыга батып, сүйүүнүн апкаарыткан жыргалын сезип жатышканын башка балдар туйбайт. Экөөнүн денелери тийише калса кыздын жука көйнөгүнүн астынан кичинекей жүрөгү түрсүлдөп, Кирискинин колуна жаңы байлап келаткан мамактары урунат, ансайын кыз денеси диртилдеп балага ыктап, башы айлангандан жашылданган көздөрү учкун атып жылтылдайт. Ошондо асман жердин ортосундагы бүт дүйнө кошо каалгып, күлкү менен бактынын канатына кетет. Бу кандай жан эриткен бакты экенин чуулдаган балдар туйбайт.



Тек бир жолу башка уруудан келип ойногон бала, Кирискеден чоңураак, жексур шок бала эле, ошол туюп калыптыр, башы айланып бир ордунда тура албай калгансып, Музлукка атайы жыгыла берди. Музлук боюн ала качып четке чыга берсе деле болбой жыгылып бараткансып, артынан жетип, баса жыгылат. Кириск аны менен мушташа кетти. Тиги чоң неме Кирискени эки-үч жолу жыга койду. Ошондо да Кириск намысын алдырбай тең чыкты, Музлукту болуштурбай өзү тең тайлашты. Бирок бул бир гана жолу болгон…

Аябай ойноп, ысып-күйүп, тердеп чыкканда суу ичүүгө булакка чуркаган сонун кездер канча болбоду.

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берсең боло!..

Булак жакын эле жерден акчу. Токойдон агып чыгып, балдар ойногон көк майсаңдын жанынан өтчү. Токойдун кара сур түсүн, салкын шапатасын сактап, таштан-ташка эркелей агат. Эки жээгинде өскөн калың чөп бөтөн көздөн жашырынгансып эки жактан ийилип түшүп турат. Чукул мизинде өскөндөрү агымга сунула боюн таштап, суудан чыкпай чайына берет. Булак болсо бирде калың каштын астындагы көздөй болуп калың чөпкө жашынып, бирде ачыкка чыгып, күнгө жылтылдап, бирде кемерге кирип ойт берип, деңизди көздөй ага берет, ага берет.

Балдар жапырт чуркап барып, жапырт жата калып, чөптөрдү ачып жиберип, моюн суна жапырт ичишет. Кол жууп, же суу сузуп отурмай кайда, мурундарын кытыгылатып, беттерин чайытып, шылдыр суунга баштарын салып жиберип, бугуча ичишчү. Аны бугу ичиш деп коюшар эле. Ой, андагы жыргалдуу күндөр ай!

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берсең боло!..

Баштарын суунга салып, жээкте жатышат. Ийиндери тийишип, тунук агымга салган колдору бир көрүнүп, экөөнүн бир бүткөн эки гана колу бар сыяктанып турат. Анда да жөн ичпей суу ууртай чачып, улам эс алып, кайра ичишип, эрикkенде салкын толкундарды эриндери менен тосуп ичишер эле. Тургусу келбей жата беришчү, баштарын көтөрбөй жата беришчү,

көлөкө-жарык көлбүгөн агымда жүздөрү миң кубулуп көрүнгөнүн карашып, бири-бирине каткыра күлүшүп, жата беришчү.

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берсен, боло!..

Анда Музлук жүзүн суудан айрыбай Кирискени кылыя карап, кыйгач көздөрү күлмүңдөп турат. Кириск да ошентет, экөөнүн кирпиктериндеги мөлтүр тамчылар жылтылдайт. Нараак болчу дегендей кыз баланы ийинге итерет, ага бала болбойт. Антсе кыз оозун толтура суу ууртап алып, баланын бетине бүркөт. Бала да ошентет, кыздан көбүрөөк ууртап, катуураак бүркөт. Анан жулмалашмай, кубалашмай башталат. Сууну кече чуркашып бирибирине чачышат, өөдө чуркап, ылдый чуркап, кыткылыктай күлүшүп, мөлтүр чачырандылар төбөдөн өөдө маржандап, ойной беришет, ойной беришет...



Чычкан аке, суу берчи!

Ушунун баары эми кайта келбейт деген ой Кирискенин жанына батты. Уламдан улам ашказаны чеңгелдешип жыйрылып, деми кыстыга берди. Ичтен буулугуп ыйлап, түпкүчтөй түйүлүп, баягы эле чычканына жалына берди:

Чычкан аке, суу берчи!

Кыялы менен алаксыйын деп бала жата берди. Тегеректе эч өзгөрүш жок. Боз буурул туман баягысындай эле үстүдөн чүмкөп басып турат. Кайыктагылар ар кимиси ар жерде алсы-

рап сулап жатышат. Эмне болору, кандай болору белгисиз, мурдагыдай эле дайынсыздык. Кокусунан кайык катуу чайпалып кетти. Чоочуган атасынын үнү чыкты:

– Мылгун! Мылгун! Кантесиң! Койсоңчу!

Кириск башын көтөрүп, көргөн көзүнө таң калды. Мылгун кайыктын кырынан арта салынып, деңиздин суусунан сузуп ичип жатыптыр.

– Койсоңчу! – деп Эмрайин жетип барып, колунан ожоону тартып алмакчы болду эле, Мылгун жаалы чыга үрпөйдү:

– Жолобо, батек сакал! Өлтүрөм!

Бу ачуу туздуу деңиз суусу оозго алгыс эле. Мылгун болсо көкүрөгүнө, жеңине жаба төгүлтүп, өзүн өзү зордоп, калтыраган колундагы ожоону коңторо ичип жатты. Ошондогу кебетеси жарадар жырткычтан бетер болуп турду.



Анан ожоону кайыктын түбүнө ыргытты да, кышылдап деми кысылып чалкасынан сулады. Ошентип жата берди, ага жардам берер арга эч кимде жок эле. Кириск корккону нан ого бетер бүрүшүп, ого бетер ичи ооруп, ого бетер суусады. Шылкыя түшкөн Эмрайин кайрадан калак алды да, кайыкты туман сүңгүтө жылжытып жөнөдү. Башка аргасы жок эле анын.

Мылгун бирде тынчып калып, бирде дирт-дирт калчылдайт. Кыркыроо кирип, суусагандан жаны чыгып бараткансыды. Анткен менен аздан соң башын көтөрдү.

– Ичим өрттөнүп барат! – деп көкүрөк тыткылап, кийимин айрый баштады.

– Айтчы, эмне кылайын? Канткенде жардам бере алам? Тигинде дагы кичине суу бар, – деп кол бочкени жаңсады,– бир аз куюп берейинби?

– Жок,– деп болбоду Мылгун. – Эми кереги жок. Түнгө жетип, анан аткычхтай болоюн десем, жете алар эмесмин. Мейли. Болбосо бир шойкоң кылгыдаймын. Сууну бүт ичип алгыдаймын. Эми мен бүттүм… Мен өзүм, күчүм жетет…

Ээн деңиз үстүндө, учу-кыйры жок, өзү келген өлүмү жок калың туман ичинде акырындап жантаазим кылууга кайыл болгон адамдын айткан сөздөрү тула бойду дүркүрөттү. Эмрайин биресе досу, биресе тууган болгон Мылгунду жоошутууга аракет кылды, бирок Мылгун угар эмес, мыжыгып эзген азабынан бир кутулмай болду.

– Мага эчтеке айтпай эле кой, Эмрайин, эми кеч болуп калды! – деп колдурап жатты чалагайым болуп калган Мылгун. – Мен өзүм. Мен өзүм кетем. Сен уулуң экөөң өзүңөр билгиле.

Ушинткенибиз туура. Меникин айып көрбөгүлө. Экөөң бириң ата, бириң бала, силер калгыла, дагы кичине суу бар… Мен азыр жөнөдүм. – Ушуну айтып Мылгун кайыктын кырын таяна өөдө турду да, калган кайратын жыйнап теңселе туруп, Эмрайинди сүзө карап айтты:

– Мага жолтоо болбогун, чоң сакал! Ушинткеним туура. Сен жолуму бөгөбө. Кош болгула. Балким кутулуп чыгарсыңар. Мен азыр… Сен эчтеме күтпөй алыс айдап кет… Токтоосуз айдап кет… Жакындачу болсоң коңторуп салам. Кана калагыңды шиле. Эй, чоң сакал, катуураак шиле! Уктуңбу, коңторуп салам…

Мылгундун буйругу менен суроосуна баш ийбеске Эмрайинде чара жок эле. Үн-дабышсыз суу менен туманды сүңгүй тилип, кайык түз кетти. Кириск муңкана ыйлап жиберди:

– Мылгун аке! Аке-Мылгун! Антпе! – Дал ошол учурда Мылгун кайыктын кырынан оонай кулап түштү. Кайык кыйшайып барып оңолду.

– Жогол! Жоголгула алыс! – деп муздак сууда далбасалап жатып кыйкырды Мылгун.

Туман аны бат эле жаап калды. Кайрадан теребел жымжырт болду да, анан чөгүп баратып суута какаган адамдын тумчуккан акыркы кыйкырыгы угулду. Ошондо Эмрайин чыдай албады:

– Мылгун! Мылгун! – деп бакырып-бакырып алды да, өңгүрөп ыйлап, кайыкты кайра кайрыды.

Тез эле кайрып келишти, бирок Мылгунду табышпады. Эчтеме болбогондой суунун бети тыптынч. Каерге чөккөнүн билиш кыйын.

Экөө кечке чейин алыс кете алышпай ушу тегеректе жүрүштү. Кайгыдан мүргүгөн немелер бирин-бири тыйбай ыйлады. Атасынын ыйлаганын Кириск өмүрүндө биринчи көрүшү.

– Мына эми экөөбүз гана калдык,– деп Эмрайин сакалын жууган жашын аарчып, токтоно албайт. – Мылгунум, кайран досум Мылгунум! – деп солуктайт.

Күн кечтеп баратты. Ошондой сезилет. Эгер бир жерде күн бар болсо, ал деңиздердин, тумандардын үстүндө каалгып жылып жүрсө, анда ошо күн акырындап уясына кирип баратты. Бу калың туман астында болсо күүгүм улам коюулап каш карайып, кара күүгүмдө тумандуу деңиз бетинде адашкан бир кайык, ал кайыктагы ата-бала эки адам адашып, айлана-тегеренип сүзүп жүрдү.

Кеч кирип келаткан экен го деп өзүнө өзү айтуудан мурун Эмрайин суу ичер маал болго-

нун ырастады. Кириск кантип чыдап, ушу маалды күтүп отурганын, кың этип үн чыгарбай ачкалык менен суусаганын басып отурушка баланын канча аракети кеткенин билди. Мылгундун өлүмү суусаган араанды бир далайга тумчуктуруп салгандай болду эле. Эми акырындап кайрадан араан ачылып, саал тынчтык бергенин эселегендей кыйноосу ого бетер күчөп келди.

Бир тамчысын талаага кетирбеске аябай сактык менен сасыган суудан оболу Кирискиге куюп берди. Бала ожоону кош колдоп жулуп алды да, аптыга жутуп жиберди. Анан Эмрайин өзүнө куйду. Артканын байкаса бочкенин түбүндө араң чулкулдайт. Кол бочкени көңтөрө куюп жатканын карап отуруп, аны Кириск да билди. Ушундай болорун мурдатан билип отурса да Эмрайин эсеңгиреп селейе катып калды. Эми ал өз шыбагасын ичүүдөн тартынып отурду. Башына капилет ой келди да, байкаса, ал ойду ойлогон соң суусун кандыруунун кажети деле жок сыяктанып калды. Ошого таңыркаган Эмрайин ожоону кармаган бойдон мелтиреп ойго чөмүлдү.

– Ме, кармай турчу,– деп ожоону уулуна берди. Ошенткени балага эки эсе азап болду: суу куюлган идиш колунда туруп, канча каны катса да бир ууртай албаганына кыйналды. Колу бошогон Эмрайин бочкенин тыгынын бекем тыгып, ордуна койду.

– Ич,– деди ал уулуна.

– Сенчи? – деп таң калды Кириск.

– Мен анан. Эчтеке ойлобой иче кой, – деди атасы сабыр күтүп.

Кириск бу жолу да сасык сууну кулк эттире бир ууртап жутуп койду. Каалаганындай суусуну канган жок, ошентсе да кичине жеңилдене түшкөнсүдү.

– Кандай? – деди атасы.

– Кичине жакшы болуп калдым, – деп шыбырады уулу атасына ыраазы боло.

– Сен коркпогун. Анан дагы эсиңде болсун. Адам оозуна тамчы суу албай да эки-үч күн жашай алат. Эмне болуп кетсе да сен коркпогун...

– Сен ошон үчүн ичкен жоксуңбу? – деп Кириск сөзүн бөлдү.

Эмрайин капилет суроого шашып калды. Ойлоно калып:

– Ооба,– деп койду.

– Тамак жебей канчага жашайт адам? Биз тамак жебегенибизге көп болду го.

– Суу болсо болду. Бирок сен аны ойлобо. Кел, андан көрө кичине сүзөлү. Сага айтар сөзүм бар.

Эмрайин кычырата калак шилтеди. Алиги жерде чечилип сүйлөшө алгыдай эмес. Экөө деңиз бетинде тентип жөнөдү. Атасы оюн жыйнап алгысы келди, болбосо баштай алаар эмес, себеби ойлогон оюн кайта ойлосо бүткөн бою муздап кетип жатты. Жалгыз өзү калак шилей бербей уулун да жумушка салды. Антүүнүн кереги деле жок болуучу, анткени кайыкты дайынсыз айдай берүүнүн да кереги жок. Деңиздин суусун шилеген чоң калактар балага опсуз эле, араң шилеген болот. Бирөө эле болсо эки колдоп шилегенине оңой болор беле, эки калакка азыр жаштык кылат экен. Анын үстүнө кийинки азаптуу күндөрү бала эттен түшүп, алсырап калган. Эмрайин өзү да ошондой. Бирок дал ушул ахыбал аны шаштырат. Убакыт өтүп жатат, өткөн сайын ал-кубат кетип жатат.

Калактарды өйдө-ылдый эпсиз шилтеп, Кириск артына карабады, унчукпады. Эмрайинди

кыйнаган да ал эмес. Уулунун замби талдай ийилген, алсыз, боконо сөөгү ката элек илмийген далысын карап отуруп, Эмрайиндин жүрөгү канады, солуктай соккон куу жүрөк кан үрөбөй эле деми кысылып онтоп жаткансыды, жаны кейиген ата эрдин кесе тиштеди. Айтаар сөзүн айтпаска болбойт, бирок айтууга даабай отурду...

Акырындап караңгы күүгүм калың тумчуп келе берди, Эмрайин оор ойго тумчугуп сүзүп баратат, улам узатып ойлогон сайын убактысы өтүп жатканын сезип, кейип баратат. Табияттан алибеттүү жаралган Эмрайин канча кайраттанса да болбой ачкалык менен суусагандык алкубатын курутуп баратты. Азырынча карманар кудурети бар кезинде, такыр алсырап ойлогонун ишке ашыра албай калган алга жете электе ойлогон оюн ортого салып, уулун даярдап коюу керек эле.



Уулунун жанын сактап калайын десе, сактап кала албаса да тиги кол бочкенин түбүндөгү суу түгөнгөнчө созуп калайын десе Эмрайин да алиги Орган менен Мылгундун жолун жолдоп кайыкты таштап кетиши керек. Башка арга калган жок. Туман бүгүн түнү тарайбы, же эртең күндүз тарайбы, аны Эмрайин билбейт, төтөн эртеби-кечпи күн ачылгандай болсо да ээн деңиз бетинде жалгыз уулу кандай абалда калат, чымын жаны эптеп аман калабы, жокпу, аны да билбейт. Бул суроосуна жооп жок эле. Жалгыз үмүтү, өчөөр чырактай араңжан үмүтү, а балким таптакыр ишке ашпас үмүтү калды: деңиз бети ачылгыдай болсо, ак кишилердин чоң кемеси жолугуп калары ажап эмес,– ушул өлүмсүк үмүткө өзүн ишендиргиси келди. Нивхилердин жээгинен алыскы ушул океан менен өздөрүнүн

кайсы бир максатын көздөп, каяктагы бир өлкөлөрүнөн каяктагы бир өлкөлөргө чоң кеме минген ак кишилер сүзүп өтөт деген аңызды көп уккан Эмрайин. Өзү аларга эч качан жолуккан эмес, көптү билген көпөстөрдөн уккан. Көпөстөрдүн билбегени жок, атүгүл кээ бирлери ак кишилердин алиги тоодой чоң кемелерине түшүп сүзгөмүн деп айтышкан. Күн ачылып кеткидей болсо, уулунун таалайы болуп чоң кемеге жолу туш келсе, ошондо чоң кемедеги ак кишилер кең океан бетиндеги нивхи кайыкты байкашса,– мына ошондо гана уулу аман калгысы бардыр. Бар болгону ушул үмүт, ойго келгис, деле боло койгус үмүт, антсе да тирүү жанга куру үмүт эмеспи.

Ажырашар алдында Эмрайин уулуна ушуларды айтайын деген. Анан дагы Кирискеге деми токтогуча, акыл-эси өчкөнчө кайыктан кетпейсиң деп катуу айтып, аманат сөз калтырмакчы. Ичер суусу түгөнүп, арга жок өлөр болсо, кайыкта өлгөнү артык, Орган менен Мылгун, атасы да айласыздан ошентет, бирок баланы антпегин деп катуу тапшырып, муну да аманат айтып кетмекчи. Тагдырдын катаалдыгына моюн сунуп, баш ийбеске чара жок... Бирок, он бирдеги жалгыз уулу уч-кыйырсыз ээн дүйнөдө жалгыз кайык минип, жалгыз калабы, бу жылчыгы жок туманда, чет-жакасы жок деңизде ачкалык менен суусундун азабына жаны кыйналып, маңдайында караан болор жакыны жок жалгыз жатып өлөбү деген ой Эмрайинди муздак терге салып кылчылдатып, шаштысын кетирди. Ошондо уулун жалгыз таштап кете албасын билди, өлсө бирге өлгөн артык деген ойго такалды...

Түн биротоло карайды. Кайрадан деңиз бетинде тумандуу түндүн капкара караңгысы орноду. Күндүзү көзү жок туман ичинде бир жакка багыт алып сүзүү кажетсиз болгон соң, түнкүсүн төтөн маанисиз эле. Кайык бир ордунда калкып турду. Күн ырайы өзгөрөттөн бир белги жок. Деңиз дем албай өлүү жатты.

Ата-бала кайыктын түбүндө боорлошо кучакташып жатты. Атада да уйку жок, балада да уйку жок. Эртең эмне болот, эртеңге чейин эмне болотту ойлоп, ачкалык менен суунун азабын тартып жатты...

Боорундагы Кириск атасынын кийинки күндөрү канчалык арыктаганын, денеси кичирейип, дем алса көкүрөк сөөгү оркоюп турганын байкады. Баштагы кайратынан жазбаган сакалы гана калыптыр. Атасынын бооруна бекем жабышып, ачуу жашын ичине соруп улутунуп жатып, бала ошол түнү башта сезбеген баланын атага байланган жан биримдигин билди. Башта ал атасына окшош экенине сыймыктанып, атасынын жүргөн-турганын туурачу, атасындай болгусу келчү, эми болсо ата деген эмне экенин түшүнүп жатты, атасы – ал өзү экенин, өзү – атасынын уландысы экенин түшүнүп жатты. Ошондон улам атасын өзүндөй аяды, өзүнөн бетер аяды. Эми Кириск чычканга чындап жалынды, атасы экөөнө тең суу апкелип беришин суранды;

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!

Улам күчөп жанын кыйнап, иче-карды жыйырылып мыкчылып, суусаганы жалын болуп өрттөп бараткны менен Эмрайин азыр өзүнө

суу тилеп ой ойлонбоду. Ичи күйүп-бышып баратты, жалын аймалаган мештин ичинен бетер кургап, ысып баратты. Башы гүүлдөп, мээси кургап, чаң-тозоң болуп учуп кеткендей. Мылгундун өлөр алдындагы далбас урган кыйноосун ал эми түшүндү. Сууну ойлоп, кана жутсам деп эңсөөнүн ага азыр эч кандай мааниси жок эле. Эгер уулу болбосо, ушул акыркы түндө бүрүшүп бооруна корголоп жаткан уулу болбосо Эмрайин жан чыдагыс кыйноосун бая эле токтотмок. Уулу деп, аман калыш үмүттүн баары үзүлсө да, ошого карабай акыркынын акыркы аргасы менен коргоп калгысы келген уулу деп, аз болсо да анын жашоосун улантып калыштын амалы менен караан болуп, жаткан уулу үчүн деп,– атанын үмүтсүз далбасы эми ушу болду. Ушул уулу деп ал азыр кайыктан секирип кетмей болуп жатты. Бирок ушул уулу деп секирүүгө, уулун тагдырдын ырайымсыз чеңгелине жалгыз таштап кетүүгө даабай жатты. Бирок кечиктире бериш, созо бериш да жаман эле – чымырканып акыркы кайратын жыйнаар чамасы азайып баратты...

Атанын ичер суусу түгөнүп баратты...

Ушунун баарын уулуна кандай сөз менен кантип түшүндүрө алмак? Уулум деп уулун таштап кетерин кантип айта алмак?

Атанын ичер суусу түгөнүп баратты...

– Ата! – деп шыбырады Кириск анын оюн туюп жаткансып, анан дагы бекемирээк атанын бооруна жабышып, чычкандан суу суранды:

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!

Эмрайин жаны кейигенине чыдабай тиштенип, онтоп жиберди, уулуна эчтеке айта албады. Оюнда ал уулу менен коштошуп, коштошуусу улам созулган сайын суудга боюн таштоо кыйын боло берди. Өткөн өмүрүнүн баары ушу бүгүнкү түндүн башталышы гана болгонун Эмрайин ушул түнү түшүндү. Анын туулганы да, азыр өлүп бараткан да мынабу уулунда калыш үчүн, уулунда уланыш үчүн тура. Уулу менен унчукпай коштошуп жатып, ата ушуну ойлоду. Өзүн өлүмгө берер алдында Эмрайин керемет жаңылык ачты: жан берип, көз жумганга чейин уулунда уланыш үчүн ал өмүр бою ушул Эмрайин болуп жашап келген тура. Бул улуу чындыкты буга чейин ойлобогон болсо, а дагы күндөлүк тиричиликтин алаксытканы.



Ырас, мындай ой мурда деле кээ кезде чагылгандай жарк этип өткөн учурлар болгон. Маркум Мылгун жана да башка туугандары болуп, бир жолу токойдон карагай кескени көз алдына келди. Төбөсү көк тиреген кучак жеткис бай карагай түбүнөн кесилип, кулай баштаган эле. Ошол маалда Эмрайин негедир карагай кулай турган тушка туруп калыптыр. Зор карагай асманды как жарып, жолундагынын баарын кыйратып кулап келе жатканда наркы тургандар жабыла кыйкырып калышты.

– Кач!

Эмрайин нес боло түштү. Качууга да кеч болуп калган эле. Төбөсү менен асманды аласалдырып, токой чамгарагында ээлеп турган ордун аңырайта ачып, токой ичин жаңырта качырап, зор карагай кайра тургус болуп, дал үстүнө кулап келатты. Ошол көз ирмемде Эмрайиндин оюна жалгыз Кириск келиптир. Анда уулу ки-

чинекей, кызы Псулк туула элек. Ошол көз ирмемде, өлүмдүн босогосунда туруп уулун гана ойлоптур, башка эчтеме эсине келбей, өлсөм уулум кантет деп ойлоптур. Карагай күркүрөп келип жанына кулады, чаң аралаш абанын эпкини бетке тепти. Эмрайин тирүү калганына тыякта тургандар жеңилдене дем алды.

Ошол окуяны эстеп, Эмрайин бүт өмүрүнүн мааниси ушу Кирискиге байланыштуу экенин, өмүрүндө аталык сезимден артык, андан күчтүү сезим жоктугун азыр түшүндү. Азыр Кирискиге ушуну айткысы келди да, кайра баланын масасын албайын деп тим болду. Баланын алы ансыз да кыйын эле...

Атанын ичер суусу түгөнүп баратты...

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!



Атанын ичер суусу түгөнүп баратты...

Унутууга кыйбаган, эстен чыккыс дагы экиүч эскермеси бар эле. Убакыт кысып келсе да аларын эстей албай кете бергиси келбеди. Кайыктан кетерин бекем туйуп, эми ал эсте жүргөн эртегилери[1] менен коштошуп жатты.

Аялын ал алгачкы күндөн эле сүйүп, ушу күнгө чейин жакшы көрүп келди. Ар качан ал деңизге чыкканда эмнени ойлосо аялы да үйдө отуруп ошону ойлойт экен. Кошулган күндөн тартып ошондой болду. Эри деңизде жүрүп эмне ойлонорун үйдө аялы билчү, ошондой эле аялынын үйдөгү ойлорун алыстан эри биле турган... Алыстан бири биринин оюн туйгандары экөөнүн ортосундагы эч ким билбес сыр болгон.

---

[1] эртеги – мурунку.

Аялынын боюна Кириск жаңы бүтүп, али уул экени, же кыз экени белгисиз кезде эле уудан кайткан Эмрайин озуна сүйүнчүлөдү:

– Экөөбүз уулдуу болобузбу дейм?

– Акырын, жинпери угуп койбосун! – деп аялы коркуп да кетти, көздөрү жалжылдап сүйүнүп да турду. – Аны кайдан билесиң?

– Өзүң ойлободуңбу бүгүн. Уулдуу болсом деп ойлодуңбу.

– А сенчи?

– Сенин ойлорунду мен сезерими билесиң да. Сен эмне ойлосоң мен да ошону ойлодум.

– Сен уулдуу болсом деп ойлоп, каалап жүргөнүнөн мен да ошону ойлогом...

Акыры айткандары келди. Сезим алдабады. Аялы ай-күнүнө жетип, көз жараар маал чукул калган. Курсагын чердейтип, ошондо аялы эринин тери шымын кийип жүрдү. Мунуң эмне дегенде, сен алыста жүргөндө эркектин деми денемде жүрсүн дедим, антпесе бала чабал болуп калат деп түшүндүрдү. Ошол кезде аялы кырк курак кийим кийсе да андан сулуу, андан сүйкүмдүү аялзаты жок эле Эмрайинге.



Ким туулар экен, кимдин ата-энеси болор экенбиз деп кубанып да, апкаарып да жүргөн бир сонун күндөр эле ал кез...

Ошо бала ушу Кириск экен...

Эми ушу бала менен, ушу балага байланыштуу баардык кымбатынан түбөлүк ажырай турган чак келип турат.

Анан дагы бир жолу, Кириск анда эсейинкиреп калган, апасы бирдемеден улам ачууланып, сен жокто жаным тынч эле деп калды.

Балага бул сөз катуу тийиптир.

– Мен жокто мен кайда элем? – деп жаңы келген атасына жабышып алса болобу.

Ана күлкү десең... Аялы экөө үн чыгарбай көздөрү менен жылмындашты. Эмрайин уулуна ал жокто кайда болгонун айтып бере албаганына аялынын боору катып, жыргап жатты.

Азыр болсо атасы айтып берер эле: сен туула электе менин канымда, менин белимде болчусуң, менин белимен апаңын бедениине түшүп, мени кайталап жаралдың. Эми мен өтсөм сенде калам, сенин балдарыңда, балдарыңын балдарында уланам деп түшүндүрүп берер эле...

Азыр ушинтип айтар эле, өлөр алында ушинтип айтып кетсе арманы болбос эле, бирок эми айтууга чоло калбады. Анын тукуму үзүлө турган болду. Эң эле ашып кетсе Кириск дагы эки же үч күн жашаар, андан аша албайт,– шордуу ата ушуну жакшы билип отурат. Уулум деп өзү өлүп баратканына кыйналбады, акылына сыйбай азабы өзөгүн өрттөп, жанын кыйнап жатканы – баласы да өлүп, ошону менен тукум курут болгону кыйнап жатты.



Баласына дагы бир айтайын деген керээзи, калган өмүрүндө көзү өткөн Орган менен Мылгунду ыраазылык менен эскере жүр демекчи. Алар эми жок, бирөө эскереби-жокпу, аларга баары бир, бирок өлгөндөрдү эскерүү тирүүлөрдүн өздөрүнө керек. Көзүң жумулуп баратканда да мурда өтүп кеткендерди кошо ойлоо керек. Өлөөр алдында да жакын адамдарды ыраазылык менен эскерүү сооп болот демекчи.

Кайра ойлонуп, айтпады, уулунун өз акылы жетер деп жөн койду...

* * *

Кириск ойгонуп алып, мурдагы түндөргө караганда жылуу уктаганына таң калды. Көрсө

үстүнө атасы тонун жаап коюптур. Бала көзүн ачып, башын көтөрдү – караса, кайыкта атасы жок. Бала ордунан учуп туруп, кайыктын ичин тинтип сыйпалап чыкты да, тумандуу караңгы түн басып турган деңиздин бетин жаңырта бакырып ыйлап жиберди. Баланын зар какшаган үнү көпкө басылбай турду. Жан доошу чыга ыйлаган бала акыры алсырап барып кулады да, башын кайыктын бооруна ургулап, үнү кышылдап жатып калды. Бул ый атаны жоктогон кайгысы эле, ата-бабасын жоктогон арманы эле, атасына багыштаган өмүр акысы эле...

Башын көтөрө албай, көзүн ача албай бала кайыктын түбүндө жатты. Өзүн коёр орду жок калды, көз токтотор караанды жок калды. Тегерел баягысындай эле боз күүгүм туман астында тунжурайт, деңиз гана кайыкты бир ордунда тегерете чайпап, уйкусурап түйшөлгөн зор жаныбардын жонундай эрине кыймылдап жатат.



Кириск өзүн өзү күнөөлөп, түндө тырп этпей уктап калганына өкүнүп, өксөп-өксөп ыйлады. Эгер уйку душман болбогондо атасын өлсө жибермек беле? Аны кайыктан секиртпей этегине эрмешип, жакасына жабышпайт беле. Минтип жападан жалгыз шорлоп калганча атасы экөө мобу кайыктын ичинде ачкалык менен суусуздан бирге өлбөйт беле. Түндө уктап жатып кайыктын катуу солк эткенин сезгендей болду эле, ошондо ордунан ыргып туруп, кыйкырбайт беле. Аттиң-ай, кайран ата! Ошенткенде атасын аман сактап калбайт беле. Болбосо атасынын артынан мобу деңиздин түпсүз туңгуюгуна кошо кетпейт беле!

Бала тула бою калчылдап жатып, үнү чыкпай солуктап ыйлап жатып, эстен тана уктап кетти.

Бир топтон соң алиги кайгыга турuштук бере албай качып жоголгон суусаганы эсесин алгандай кайрадан күчөп келди. Бала уйкуда жатып ичи өрт алып бараткaнын сезип жатты. Өрт алоосу ичин жалап, демин бүтөп, тумчуктуруп бараткaнда бала эптеп сойлоп кол бочкеге жетти. Атасы атайылап бочкенин тыгынын бошотуп, ожоону жанына коюп кетиптир. Кириск кичине суу куюп ичип, кургап калган тамагын жибитти, жабышып калган эриндери ачылып, карышкан жаагы бошогондой болду. Дагы куюп ичкиси келип, бирок карманды. Эми көп болсо эки жутум суу калган...

Анан шылкыйып отуруп, эмне үчүн атасы эчтеме айтпай кеткенин ойлонду. Атасы менен бирге чөгүп өлүштөн коркпойт эле го. Эми коркунуч менен жалгыздык колу-бутун тушап салгансып, кайыктын кырын ашканга даабай отурат. Бирок баары бир күчүн жыйып алып, ал да ошентмек болду...

Түш болду окшойт, же түш оп деле калгандыр. Тумандын коюну суюлуңку тарткaнынан улам Кирискеге ошондой сезилет. Демек күн төбөдө. Бирок улуу тумандын деңизге чөккөн улуу магдыроосун күндүн нуру тешип өтө албай жатат окшойт. Анткен менен туман улам суюлуңкурап, жыгач отундун түтүнү мисал көгүш тартып барат. Ошондо деле аркан боюнан наркы жер көрүнбөйт, туман менен суу биригип түнөрөт.

Сүзөөр жагы жок, бар болгон күндө да калак шилээр алы жок. Кайыктын кырында сунаалып ээсиз жаткан атасы менен Мылгун акесинин калактарын карап отуруп, баланын зээни кейиди. Кайык эми өз бетинче жылжып, туман ичин-

де дайынсыз багытка кетип баратты. Ээн теребел жалгыздыгын айгинелеп, аза бойду дүркүрөтөт, түпөйүл коркунуч желкеден басат.

Кечке жуук бала суу ичпей чыдай албады. Ачкалыктан алы кетип, башы айланды. Кыймылдагысы да келбейт, тыяк-быягын карагысы да келбейт. Бочкеге жетиши да кыйын болуп калды. Тизелеп жылып баратып, чарчагандан эки-үч токтоп эс алды. Жакында таптакыр кыбырай албай каларын билди Кириск. Колун бетине тийгизип көрүп, жүрөгү шуу этти: былтыр өлгөн тыйын чычкандын куурап калган куйругунан бетер колу чийдей ичкерип, катып калыптыр.

Бу жолу бала сууну адаттагысынан көбүрөөк ичти. Бочкенин түбүндө калган суу эми бир жутумга жетсе араң жетээр. Анан түгөнөт. Бир тамчы калбайт. Бирок балага эми баары бир. Эмне болсо да иче бергиси келди, каңгыча ичкиси келди. Ачкалыгы да анча сезилбей, тек ичин мыкчыган оору тынбай сыздап жатат.

Бала алда нечен эстен танып кетип, кайра эсине араң келип турду. Кайык болсо өз бетинче каңгып, жан кирген толкундардын жетегинде туман аралап барат.

Бир учурда бала чындап кайыктан секирмей болду. Бирок алы келбеди. Тизелеп араң туруп, кайыктын кырына араң артылды. Эки колу сыртта салаңдап, денесин ашырып сала албай көпкө жатты. Бара-бара таптакыр алсырап, калган сууну ичүү да оюна келбей калды.

Кайыктын түбүндө жатып, сыздап ыйлайт, суу ташыгыч чычканын чакырат:

Чычкан аке, суу берчи!

Бирок чычкан кургур келбейт, бала ансайын күчөп суусайт. Жыланачтанып алып булактын суусуна киринген жай эсине келет. Анда жетиге жаңы толгон кези болуш керек. Ошол жылы жай ысык болгон. Токойдун четинде күн кайнайт. Ошерден мөмө теришчү. Анан киринишчү. Апасы менен таежеси да киринген. Ал экөө Кирискеден уялып деле койчу эмес. Экөө тең чечинип салып, соорулары күлтүңдөп, эки колдоп эмчектерин баскан бойдон сууга ичиркене киришет. Ошондо чыңырып, суу чачкылап жатып киришет. Кириск суу бойлой жүгүрүп келип, кемерден иримге секирсе тиги экөө чалкалай каткырат. Айрыкча апасы: «Карасаң, карасаң, куду эле атасы!» – деп синдисине көрсөтө каткыра күлөт. Анан экөө ойноктоп бирдеме шыбырашып алып, ойсоктой дагы каткырышат... Суу болсо арыгында тынбай агып жатат, каалашыңча ич, каалашыңча кирине бер...



Чычкан аке, суу берчи!

Азыр да ошо суу боюнда жүргөндөй болду Кириск. Азыр да ысык жайдын күнү болуп, ал дырдай жыланач киринип жүрөт. Мына ал суу бойлой жүгүрүп, кемер жээктен иримге секирди, бирок негедир суу салкынын сезбеди. Бу жолку суу кандайдыр колго жукпаган туман өңдүү суу экен. Ал туманга киринип жаткан тура. Бирок чыйрыктырып, үшүтүп барат. Апасы болсо күлбөй эле, ыйлап турат. «Карасаң, карасаң куду эле атасынын өзү!» – деп бирөөгө көрсөтүп жатат да, өксүп-өксүп ыйлайт... Көздөн аккан шор жашы бетин жууйт...

Түн бир оокумда Кириск кайыкты катуу чайкаган толкундун шуусунан ойгонду. Төбөсүнөн

жылдыздарды көрө коюп, бала өңгөчүн үзө алсыз үн чыгарды. Көптөн күткөн жылдыздар мына! Кара-кочкул асман бетинде, тытылып өтүп жаткан булуттардын арасынан жылдыздар жымың-жымың этишет. Атүгүл ай да көрүндү, улам бир булутка кирип кетип, кайра чыгат ай!

Бала аң-таң: жылдыздар жымындайт, ай жүрөт ойноп, шамал согуп турат арылдап, деңизге жан кириптир, толкундар түрмөктөлүп айдалат – тирүүчүлүктүн жаны ушул эмеспи! Куугунтук жеген туман дале калыптыр ар-ар жерде уурданып, кайык аларга кире бергенде кайра баягы өлүү жагдай, бирок анысы эми көпкө созулбайт. Улуу туман чөккөн жеринен турган экен, шамалдын эпкинине ордунан козголгон экен, эми тытылып өзү каңгый баштаган экен.



Жылдыздарды карай берип, бала көзүнө жаш алды. Калак шилээр алы жок, жылдыз болжоп багыт белгилегенди билбейт, кайда сүзөрүн билбейт, каерде экенин билбейт, эртеңи эмне болорун билбейт – бала баягысындай эле алсыз, жалгыз, кароосуз. Бирок толкундун шуулдашына, шамалдын жүрүшүнө, кайыктын толкун минип кайкып бара жатканына бала кубанды.

Ал кубанычы менен кайгысына ыйлады, дүйнө дааналанып, деңизге жан киргенине ыйлады, эгер ичээр суум болсо, наар алаар тамагым болсо бу турмушту дагы деле жакшы көрөт элем деп ыйлады. Бирок ордунан тура албасаң ичээр суусу түгөнүп, күнү бүтүп баратканын, аздан соң суусап жатып өлөөрүн билип жатты...

Кайык болсо толкундан толкунга артыла кайкып, сергек сүзүп баратты. Толкундун агымын

эрчип, калагы жок, башкаруусу жок баратты. Эми тумандын адашкан түйдөктөрү да сейрек кездешип, түнкү деңиз майданы кеңейгенден кеңейип, түн караңгылыгы да мурдагы ың-жыңсыз өлүү караңгылык эмес, өң-түсү бар, жылдызы бар тирүү караңгылык болуп калды. Эми адашкан туман түйдөктөрү качып бараткан жомок желмогуздарындай шамалдын айдоосунда улам бир укмуш элес берип баратат. Ал элестер пайда боло калат да, кайра бирин бири түрткүлөшүп, аралашып, суюлуп жок болуп кетет.

Булуттардын арасынан ай көрүнгөндөн баштап деңиз бети бирде жалтылдап, кайра өчүп, кайра жалтылдап, кайра өчүп, жыбырап жан кирди. Үн салбай жымыңдаган жылдыздарды карап отуруп, Кирискенин ою он, санаасы сан: «Кайсы бириң мени сактаган жылдыз болдуң экен? Кайсынын Орган аткычхтын, кайсынын Мылгун акемин, кайсынын менин атам Эмрайиндин жылдызысыңар? Бу күндөрү силер көрүнбөй зар кылдыңар. Силер да туман арасынан бизди көрө албадыңар. Эми мына мен жалгыз калдым, кайда сүзөрүмдү билбей отурам. Бирок эми коркпоймун, анткени, силерди көрүп отурам. Болгону гана кайсыныңар кимдин жылдызы болду экенсиңер, ошону билбейм. Биздин башыбызга түшкөн мүшкүлгө силер айыптуу эмессиңер. Деңиз бетинен бизди көрө албадыңар да. Мына эми мен жалгыз. Ал үчөө сүзүп кетишти. Жылдыздар, ал үчөө силерди абдан жакшы көрүшчү. Силерди болжоп жол тапсак деп алар абдан күтүштү. Жылдыздар алдабайт деп айткан Орган аткычх. Ал мага үйрөтөм деди эле... Бирок, мындай болгонуна силерде күнөө жок.

Менин өлөөрүмө аз калды. Ичер суум жок, кыбыроого алым жок, анан калса кайда сүзөрдү билбейм... Азганакай суу калган, бир ууртам гана суу калган, азыр аны ичейин, чыдабай өлүп баратам. Бүгүн туздуу балык салынган дорбунун бир бурчун чайнадым эле, ал нерпанын терисинен тигилген эмеспи. Эми чыдагыдай эмесмин, ошо дорбунуку го, жүрөгүм айланып, ичим аңтарылып келатат... Калган сууму ичейин. Эгер кайра көрүшпөсөк, жылдыздар, силерге айтар сөзүм бар: Орган аткычх, Мылгун акем жана атам Эмрайин силерди абдан жакшы көрүшчү... Эгер түндөн аман чыксам, силер менен таң эрте коштошом...»

Кайык кайрадан калың туманга кирди. Көзгө көрүнгөндүн баары кайрадан жоголду. Бирок шамал айдап, толкун жетелеген кайык жанагысындай сүзүп баратты. Балага эми баары бир болуп калды. Биротоло сасып калган суунун саркындысын жутуп алды да, бала бош бочкенин жанына, кайыктын соорусундагы Орган чоң атасынын ордуна жатып калды. Ал өлүүгө камынды, ошон үчүн туман коркута албады. Жылдыздар көрүнбөй калды, коштошо албай кетет экем го деп, бала ошого кейиди... Ал уламдан улам начарлай берди...

Уйку-соонун ортосунда чала жөөлүп бала жатты. Канча убакыт өткөнү билинбеди. Түн жарымы оодубу, же таң атаары жакын калдыбы – белгисиз. Шамал айдаган түтүндөй тыбыт туман деңиз бетинде чубалат.

Тагдырдын да тагдыры бар. Бала угат беле, же укпай калат беле, бирок укту. Күүгүм мунарыкта күчтүү канаты абаны шуулдата жарып, кайык үстүнөн куш учуп өткөндөй болду. Бала

ошол шоокумду укту. Силкинип ойгоно калып, көз ирмемдин ичинде бала үстүнөн учуп өткөн чын эле куш экенин, кош канатын кең каккан, күчтүү, чоң куш экенин көрүп калды.

– Агүкүк! – деп бакырып ийди бала. – Агүкүк! – Ошентти да, түндүк уюл үкүсүнүн кеткен багытын, шамалдын багытын болжолдоп калды. Шамал сол тараптан согуп, желкесинин сол ныптасына, сол кулагынын түбүнө тийип жатканын белгиледи.

– Ак үкү! – деп дагы кыйкырды да, денеси чыйралып, Орган чоң атанын кайык башкарчу калагын кармады, агүкүк учуп кеткен багытка кайыкты салды.

Кириск баш калакты бек кармап, чымыркан-ды, боюнда калган саркынды күчүн бүт жыйнап ойготуп, башка эчтемени ойлобой, шамалдын огу менен агүкүнүн учуп кеткен багытын гана ойлоп жүрүп отурду.



Уюл үкүсүнүн каяктан каякка учуп баратканы белгисиз эле. Жерден кайсы бир аралгабы, же аралдан жерге кеттиби? Бул куш деңиз бетинде кургакты көздөй түз учат деген Органдын сөзү баланын эсинде. Туман, түнгө карабай уча берген эң күчтүү куш ушул. Эми Кириск ошону ээрчип баратты.

Кайык толкундан толкунга артылат. Шамал бир калыпта согуп турат. Күүгүм мунарык аз-аздан суюлуп, асмандын этек жактары жээктене баштаган. Бет алдыда, дал эле баланын маңдай тушунда кара-көк асман бетинде жалгыз бир жылдыз жаркырап бөлүнөт. Ошо жылдыз дал жаңкы Кириск кайыктын тумшугун түздөгөн багытта экенин белгилеп койду. Агүкүк ошол тарапка учуп кеткен, демек ушу жылдызды ээр-

чип, ушу жылдызды карманып, ушу жылдызды көздөй сүзө бериш керек деди Кириск. Бу кайсы жылдыз экенин билбейт, бирок андан эми көз айырбады. Желкеден соккон шамалдын багытын, күчүн баамдап отурду.

«Күчүңөн жазба, шамал, кетпегин. Сени эмне деп аташарын билбейм. Орган чоң атам болсо айтып бермек. Сен мага тууган бол. Кетпегин шамал, бурулбагын башка тарапка. Каалasaң каалаганыңдай сого бересиң да. Мага жардамдаш, шамал, кетпегин. Мен да сенин атыңды билип алармын, анан дайыма атыңан чакырып жүрөрмүн. Жактырсаң Орган шамал дейин сени? Чоң атам Органдын атын коёюн. Орган шамал деп дайыма айтып жүргөнүмө жакшы. Сен да мени билип каласың...»



Ушинтип жол улаш шамалды үгүттөп, ага эрки менен жанын тапшырып, жалынып бараттты бала. Көзү жол көрсөткөн жылдыздан айрылбайт. «Сени жакшы көрөм, жылдызым,– дейт бала. – Сен алдымда, эң бийикте, эң алыста турасың. Жылдыздардын эң чоңу, эң сулуусу сенсиң. Суранам, кетпесең, өчпөсөң, ордунда турсаң. Мен сага сүзүп баратам. Сени көздөп кетти агүкүк. Сен тарапта же арал, же жер бар. Арал болсо да мейли, аралга жетип өлөйүн. Кетпесең, өчпөсөң, жылдызым. Атыңы билбейт экем, ал үчүн мага ачууланба. Сенин атыңы сурай албай калыпмын. Атам Эмрайин болгондо айтып бермек. Жактырсаң атамын аты менен атайын, сени дайым Эмрайин жылдызы деп жүрөйүн. Макулбу? Асмандан жаркырап көрүнгөнүңдө сени менен учурашып, атыңды шыбырап айтып турайын. Сен азыр мага жардам бер, Эмрайин жылдызы, эртелеп кетпегин, эртелеп

өчпөгүн, кокус булутка жашына калбагын...»

Ушинтип жол көрсөткөн жылдызга жалынып баратты бала. Анан дагы толкундарга жалынды: «Толкундар, силер азыр кайыгымды айдап келатасыңар, мунуңар жакшы. Мен силерди Мылгун акенин толкундары деп жүрөйүн. Агүкүк кеткен тарапка түрүлүп силер баратасыңар. Каалаган жагыңарга каалаганча узак убакыт кете берсеңер болот да? Жолдон бурулуп кетпегиле, Мылгун акенин толкундары. Калак шилеп ылдамдасам болор эле, алым жок. Карагылачы, силердин жетегиңерде баратам. Аман калсам дайым эсимде болсун: силер Орган чоң атанын шамалынын огу менен, Эмрайиндин жылдызын көздөй толкуйсуңар. Мылгун акенин толкундары жанга жолдош толкундар деп элге жаям! Жардам бергиле мага, Мылгун акенин толкундары. Мени таштап кетпегиле...»



Жылдыздардын арасынан Эмрайин жылдызы узак турду жаркырап. Таң атканда ээн асманда жалгыз ошол жылдыз калды. Таңга маал өзгөчө нурланып жаркырады да, анан агарып келаткан таңдын абасында назик ак чекит болуп көпкө көрүнүп турду.

Ушинтип таң да атты. Анан деңиз үстүнөн балбылдап күн чыкты. Кириск кубанып да, коркуп да кетти. Күндү көрүп кубанды, деңиздин дале учу-кыйыры көрүнбөгөн кеңдигинен коркту. Күн нуруна көгүш тартып, муздак жылтылдап, деңиз тик астыңы карасаң баягысындай эле кара түнөрүк, айлананды карасаң баягысындай эле ээн. Бала шамалдын огунан тайгылбай эсте калган багытынан адашпай сүзө беришке баш калакты калчылдай уштап келет. Бирок антип көпкө чыдаар ал жок эле...

Көзү карангылап деңиз коңторулуп, башы айланып кеткенин бир билет бала...

Кайык болсо өз бетинче кете берди...

* * *

Бала эсин жыйган кезде күн бешим ооп калган экен. Калтыраган колдору менен бир таянып, бир тартынып отуруп, эптеп тырмышып кайыктын соорусуна чыгып отурду да, башы айланганы басылганча көзүн ачпады. Анан эки жагын каранды. Кайык толкундун жетегинде бараткан экен. Деңиз бети көз жеткен тегеректин баарында күн нуруна жыбырап, миң кубулуп ойноп, кулпуруп жаткан экен.

Кириск бет алдын карап алып, көзүн укалап кайра карады да, нес боло түштү. Түз маңдайынан деңиздин кара-көк жонун ашып, баланы көздөй Ала-Дөбөт жортуп чыгып келатыптыр. Ала-Дөбөт тосуп чыгып келатыптыр! Кайран гана Ала-Дөбөт!

Деңиздин кыйрынан чыбырлуу бозомук жээк да көрүндү. Бирок ак кулак, ала боор Ала-Дөбөт чыбыр арасынан бараанданып бөлүнүп, этегиндеги буурул толкун тынбай урунган аскалуу жээк да таанылa баштады. Жээк кайып учкан ак чардактардын үндөрү төбөсүнөн угулду. Баланы алгач ак чардактар көрдү. Ала-Дөбөттүн чокусунан белги кылып жаккан улуу оттун быкшыган түтүнү көккө буралат...

Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөтүм.
Кыйын жолдон жалгыз кайттым мен өзүм. –

Жанымда жок Орган кары чоң атам,
Жанымда жок Эмрайин өз атам,
Жанымда жок Мылгун аке, карасаң,–
Ал үчөөнүн айтам жайын сурасаң,
Обол суу бер, чаңкап өлүп келатам...

Өмүр бою ырдап жүрүп өтө турган өзүнүн төл ырынын башы ушул болорун Кириск өзү да түшүндү...

* * *

Деңиз күркүрөп келип, аска ташка соктугат да, алсырап кайра тартат. Ага чыдап араң турган кара жер өпкө кагып онтоп алат, бирок солк этип козголбойт.

Бул айыгыш күн күндүз болуп туулуп, түн түнкүсү болуп жаралган дүйнөнүн башталышы жок башынан бери келаткан кармаш. Бул кармаш түбү жок мезгилдин ичинде жер жер бойдон, суу суу бойдон боло бергичекти күнү-түнү басылгыс кармаш.

Күндүзү күн, түнү түн түбү тешик дүйнөнүн түбүнө чейин жүрө берер кармаш...

...Ошентип дагы бир түн уюп турду...

Деңиз бетинде Орган шамал арылдап, Мылгун-аке толкундар түрүлүп, агарып таң атып келаткан асман шаңында балбылдаган Эмрайин жылдызы жаркырайт.

...Дагы бир таң атып келатты...

*Байтик айылы.*
*1976-жылдын декабры – 1977-жылдын январы.*

# ДРАМА

## ФУДЗИЯМАДА КАДЫР ТҮН

(*Эки бөлүмдүү драма*)

### КАТЫШУУЧУЛАР



Д о с б е р г е н – совхоздун агроному.

А л м а г ү л – аялы, география сабагынын мугалими.

М а м б е т – тарых сабагынын мугалими.

А н в а р – аялы, врач.

О с и п б а й – И о с и ф Т а т а е в и ч – илим доктору.

И с а б е к – журналист, жазуучу.

Г ү л ж а н – аялы, актриса.

А й ш а – апа.

Ш о ф е р.

К а р т ж у м у ш ч у.

Ж а ш ж у м у ш ч у.

К ү й ө ө жолдош.

* Казак драматургу Калтай Мухамеджанов менен авторлош жазылган.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Көшөгөнүн алды. Күүгүм талаш, кеч убак. Спецовкачан, кирзи өтүкчөн катамал жумушчу кирет. Авансценанын башка тарабынан эки улан, эки кыз кирет. Жасана кийинишкен. Уландардын бири күйөө жигит, ак көйнөк, кара костюмчан. Кыздардын бири колуктту, асемдүү ак көйнөкчөн. Күйөө жолдош ийинине баян артынып алган.

К ү й ө ө ж и г и т. Бүгүн эртелеп эле бүтпөй жумушту... Биздики дайыма ушундай. Мына, автобуска да кечигип калдык...

К о л у к т у. Ашыкпагыла... Жетишебиз. Жолулаш бир машина чыгып калар.

К а р т ж у м у ш ч у. Сүрөткө түшчүдөй болуп, бу силер кайда?..

К ү й ө ө ж и г и т *(кыжырлана)*. Түшсө түшөбүз... Ага сиздин эмне жаныңыз кейиди?

К а р т ж у м у ш ч у. А болуптур, иничек, анчейин, тамаша айтса кызандаба...

*(Күйөө жолдош катамал жумушчунун кулагына бирдеме шыбырайт).*

Оо, куш боо бек болсун, баатыр... Билбеген уу ичет болуп, мен байкабай... районгобу?

К ү й ө ө ж и г и т. Ии, катталганы баратабыз... Өзүңүзчү?

К а р т ж у м у ш ч у. Айылга эле... *(Алыстан машинанын доошу улам күчөп жакындап келет.)*

А-а, мына бири келип калды. *(Кол көтөрөт. Мотордун доошу күчөйт. Сигналдын үнүн баспай, жарыгы менен катар, машина токтобой өтүп кетет, артында демейки шоокуму калат. Жарыктан калкаланган беркилер жолдон четке качып чыгышат.)*

К ү й ө ө ж и г и т. Ой, жин тийген го буга… Коюп кете жаздады.

К а р т ж у м у ш ч у (*жол карап*). Тигине, дагы бирөө келатат… «Волга» окшойт…

К ү й ө ө ж о л д о ш. Биздин газик экен… Совхоздуку… Бу дагы албайт. Жоо куугансып буларга эмне болгон?.. *(Жан кашайта күркүрөп, сигнал берип жарыгынан көз ачырбай, тургандарга ылай чачырата машиналар өтүп кетет.)*

К а р т ж у м у ш ч у. Досберген окшойт… О-ой, Досберген! Ой, сен атаңдын көрү… дардаңбай. Карай турган эмес.



К ү й ө ө ж о л д о ш. Дагы кыйкыра түш, кайрылып ала кеткиси бардыр.

К а р т ж у м у ш ч у. Кайда шашып баратканын сен экөөбүз билип коюптурбузбу! Бир кыжаалат иши бар окшойт, шашканы башкача.

К ү й ө ө ж о л д о ш. Баса, катындарды учкаштырып шашып баратканы ошондой… Ха-ха-ха. Кыжаалат иш… (Башка тараптан машинанын үнү дагы угулат. Улан-кыздар кол көтөрөт. Машина токтойт.)

Э к и ж и г и т. Болуптур эмесе, абышка…

К а р т ж у м у ш ч у *(суз)*. Жолуңар шыдыр болсун, жакшы баргыла… *(Машина алыстап кеткени угулат. Бир аз туруп, карт жумушчу да кетет.)*

* * *

Алыстан ак карлуу тоолордун шаңында береги Фудзияма деп аталган Туу-Чокунун башындагы көк тайпаң. Бир тарабы аскалуу зындан, түбүндө суу агып жаткансыйт, шары угулат.

Жайдын толук кези. Ишемби күндүн кечи. Дөбөнүн оң тарабында чыгып келер кыя жол бар сыяктанат. Адам изи түшпөгөн калың тулаң төркү аскалуу-жарлуу коктуларда топ-топ өскөн бадал, карагай. Туш-тарап ээн.

Бирок бүгүн бөтөнчө шаңга толгон. Досбергендин чакыруусу менен буерге анын илгерки классташ, кийин куралдаш курбулары келген. Осипбайдан, башкача айтканда, Иосиф Татаевичтен башкалары сейилге ылайыктап жупуну кийинишкен. Даражасына ылайыктуу жосунун бузбаган Иосиф Татаевич үтүктөлгөн костюмчан, галстукчан, асынган транзисторун анда-санда толгоп коёт.



Аялдар азырынча көрүнбөйт. Алар кийинчерээк келет.

И о с и ф Т а т а е в и ч *(теребелди карап)*. Кандай укмуш, ээ! Бийиктиги канчалык! Шумдук!.. Самолётто баратկансып, айлана-тегерек бут алдында.

И с а б е к. Сонун жер турбайбы. Карагылачы! Мурда эмне бул жерди байкабай жүрдүк экен.

М а м б е т. Башта байкабай өткөнүбүз канча дейсиң.

Д о с б е р г е н. А кезде азыркыдай транспорт бар беле. Айылдан таң азанда чыксаң буерге күн бата араң жетер элең. Азыр эмне, машина менен бир сааттык жол.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Да, жигиттер, биз бир укмуш доордо жашап жатабыз. Досберген,

бери карачы, тетиги этекте көгөргөн кайсы айыл?

Д о с б е р г е н. Ал биздин совхоз, жана аралап өтпөдүкпү, Иосиф Татаевич.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. А, ошол де. Кызык, айылдагылар бизди бу чокудан көрө алар бекен?

М а м б е т *(Иосиф Татаевичке)*. Исабек экөөңөр карапайым журттун көзүнө көрүнгүдөй биз белеңер, бийиктесиңер да.

И с а б е к. Баягы кырчаңгылыгың дале калбаптыр ээ, Мамбет.

Д о с б е р г е н. Мамбет туура айтат. Эгер мен көшөрүп, болбой койбогонумда экөөнөрдү бу Туу-Чоку бүгүн көрө албай, дагы көпкө зарламак.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Кызмат деген бар, жигиттер, кызмат. Болбосо достор менен бирге эс алууну ким каалабасын.



И с а б е к. Шаардыктардын жайын да түшүнүү керек. Мына сен, Досберген, агрономсуң, Мамбет өмүр бою мектепте балдар менен алек. Силердин турмушуңарга суктанам. Биз болсок, дөңгөлөк менен кошо чимирилген тыйын чычкан сыяктуубуз, тыным жок.

М а м б е т. Ошондой дейм да. Чаң илештирбей чимирилсең керек, байма-бай чыккан статьяларыңды биз быякта окуп үлгүрбөй калабыз.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Колунан келген кончунан басат деген, жигиттер. Мен деле жазат элем, бирок жолум башка экен. Талант керек.

И с а б е к. Мына, жөн билген адамдын сөзү. Буга эмне дейсиң?

М а м б е т. Жыгылдым, жолдош журналист.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Белгилүү жазуучуну журналист дегениң анча жарашпайт. Жок дегенде журналист-международник десең боло...

Мисалы, Москвада журналист-международниктерге кол куушуруп турушат. Анысы да туура. Бизде анчалык даражадагылар бирөө болсо, жалгыз Исабек, экөө болсо, бири... Андыктан...

Д о с б е р г е н *(сөзүн жулуп)*. Атаны иттики айе... байкабай мен да журналист деп жүрбөйүмбү. Ушу түркөйлүгүм түбүмө жетет го бир күнү.

И с а б е к. Койгулачы, жигиттер. Мен эмне, мына, Мамбетти айткыла... Байыркы дүйнөнүн тарыхы менен орто кылымдын тарыхын эки колтугуна кысып алып, ага тойбой адабиятты да эки көзү менен атып турат.

М а м б е т *(күлүп)*. Сенден үйрөнгөм. Өткүр сүйлөсөң – өтүмдүү болосуң деген сенин жобоң эмеспи.

И о с и ф Т а т а е в и ч *(транзисторду толгоп)*. Өзүбүздөн сөз качпас, өзгөлөр эмне деп жатты экен, ошону угалычы.



Т р а н з и с т о р. ...республиканын башка райондорунда күн ала булут болот, кээ бир жерлерге жамгыр жаайт.

И с а б е к. Жамгыр гана жетишпей турду эле!

*(Баары асманды карайт.)*

Д о с б е р г е н. Коркпогула. Чатырдын пайдасын да көрөлү. Анан калса синоптиктериң айта берет, азыр эле көктөн түшкөнсүп...

И с а б е к. Түн ичинде жаан себелеп кетсе мен макул элем. Сыртта жаан дыбырап жаап турса өзүң боз үйдө же чатырда жатсаң, а да бир ырахат. Ой минип, санааны камчыланып дегендей, бу дүйнө эстен чыгып, ааламдын кайсы бир төрүнө учасың дейсиң...

М а м б е т. Жаанды мен жакшы көрөм... Эсиңдеби, Исабек?

Али эсимден кете элек:
Анда мен жаш эселек.
Жашыл тулаң бетеге,
Эл жайлоодон көчө элек.
Жомок айтып шыбырап,
Жамгыр жаайт дыбырап,
Күнгө ысыган туурдуктан,
Жүн жыттанып, буу чыгат.
Чоң сайдагы кашка суу,
Үнү шашпай угулат.
Атамдын чоң тонунун
Жакасынан баш багып,
Мен жатамын апамдын
Тизесине жазданып.
Учкундары чачырап,
Арча күйөт чатырап.
Отту тиктеп телмирем,
Оюм алыс ашыгат...
...Өттү-кетти жаш убагым,
Азыр жигит курагым.
Сагынгандан кайра келип,
Эски журтта турамын.
Боз үйүмдү көрсөтчү деп,
Тагдырымдан сурадым.
Боз үй да жок, апам да жок.
Суунун шары угулат.
Апамдын көп жомогундай
Жамгыр жаайт дыбырап,–

деп айтып калчу эмес беле Сабыр.

*(Баары унчукпай ойго батты. Эртегилер эске түштү. Жогортон самолёттун үнү угулат. Беркилер чалкалай карашат.)*

И с а б е к. Көрүшпөгөнүбүзгө канча жыл болду... Жыйырма бешпи, отузбу... Азыр кандай болду экен?

Д о с б е р г е н. Кандай болмок эле. Кайра жашарды дейсиңби?!

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Капастан чыкты деп эбак эле уктум эле, андан кийи дайыны жок... Кайсы бир жерде иштеп жүрөт дейби... Аны көргөн киши бар бекен деги?

И с а б е к. Мен аябай эле издедим, бирок жолуктура албадым... Кайран талант, болбогон жерден күйүп кетти. Болбосо бу күндө мыкты акындарыбыздан болмок. Аны келечектин чоң таланты деп, мен дайыма айтчы эмес белем.

М а м б е т. Азыр бирдеме жазар бекен?

И с а б е к. Ал эмне кечикти? Чогулуп атканыбызды билеби ал?

Д о с б е р г е н. Билет го, айтылгандай эле болгон.

И с а б е к. Э, жигиттер, кээде тагдыр дегенге да, ишенгим келет. Сабыр ошондой болот деп үч уктаса кимдин түшүнө кириптир.



И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ар ким бешенесине жазганды көрөт деген ушу тура, өзүнөн көрсүн. Жел жүрбөй чөптүн башы кыймылдабайт.

Д о с б е р г е н. Андан көрө мына Фудзияманын чокусунда туруп, катындарыбызды кандайча тосуп алалы, ошону айткылачы...

И с а б е к. Кандай, кандай? Кайра айтчы? Бу дөбөнүн атын өзүң койдуңбу?

Д о с б е р г е н. Мен мындай ат тапмак кайда... Алмагүл да!

И с а б е к. «Фудзияма»... жаттап ала турган ат экен.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Жарайт Алмагүл. Таап атаптыр. Географ аялы бар эрдин арманы жок го деййм?

Д о с б е р г е н. Алмагүл буердеги дөбөдөңсөөлөргө чейин ат коюп чыкты. Топоними-

ка дейт имиш. Экскурсия деп балдарга тыным бербейт. Тилим келбейт. «Фудзамия», айта албасам ал күлөт.... «Фудзияма дегениң айтууга кыйын экен. Өзүбүздүн толуп жаткан чокуларыбыздын аты буюрбадыбы сага?» десем, ал «мында терең маани бар» дейт. «Фудзияма» деген касиеттүү, ыйык тоо дегенди түшүндүрөт дейт.

Иосиф Татаевич. Бу сөздүн сырын мен былтыр Японияга барганда билдим. Алыстан Фудзияманын өзүн да көрдүм.

Исабек. Мен билгенден мунун мааниси мында: ар бир такыба буддист өмүрүндө жок дегенде бир ирет касиеттүү Фудзиямага чыгып, кудай менен сырдашат экен, бу дүйнө тууралуу ой ойлоп, кылган күнөөлөрүн моюнуна алат имиш, бизче айтканда, кудай алдында ымандай сырын айтып, эсеп берет экен. *(Ушул учурда төмөнтөн келаткан аялдардын үндөрү угулат.)*



Досберген *(жанданып)*. О, биздин айымдар келатабы! *(Баары ордундарынан туруп, ошол тарапка бет алышат.)* Ай, жаркындарым, келдиңерби?

*(Алмагүл, Анвар сумкаларын көтөрүп киришет. Самоор көтөргөн шофер кирет. Эркектер жүктөрүн колдорунан алат.)*

Исабек. Ой, менин көрөр көзүм кайда калды?

Анвар. Анча эле эмне күйпөлөктөйсүң... Бөрү жеди дейсиңби... Келатат көрөр көзүң... Гүл терет имиш а киши...

Исабек. Ошондой десең... Бирөө ала качтыбы деп, менде жан жок.

Анвар. Андай заман кайда... Ал экөөбүздү ала каччу эргул үстүбүзгө калың кошуп берсең да жок го азыр...

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Кой, антпе, көздүү мончок жерде калбайт... *(Опереттальык ойноок музыка жаңырып, гүл кучактаган Гүлжан көк майсамга көпөлөктөй ойноп кирет. Бийлеп-тегеренип, назданып барып, күйөөсүнүн кучагына боюн таштайт.)*

Г ү л ж а н *(тамаша-чынга аралаштырып)*. Уяты жоктор! Алдыбыздан чыгып, бизди тосуп алсаңар эмнеңер кетет эле...

И с а б е к *(Гүлжандан акырын бошоно берип)*. Кечиресиз, ханум. Чатыр тигип жатып, колубуз бошобой калды. Кош келиңиздер Фудзиямага, кымбаттуу аруулар!

А л м а г ү л *(күлүп, Досбергенге)*. Билимдүүлүгүңдү далилдеп койгон экенсиң ээ, кайраным!

Д о с б е р г е н *(колунда самоор, чатырды кыйыгы менен нускап, аялдарга таазим эте, жайдары)*. О, урматы улук мырзайымдар! Шарап ичип, шатыра-шатман күлкүгө толтурар ак сарайыңар даяр! Жайыл дасторконуңар – мына.



И о с и ф  Т а т а е в и ч *(шоферго)*. Ээ, ким ай... Сабыр деген киши келмек эле, а кишини буерге апкел... Барагой.

Г ү л ж а н. Сабырыңар келе элекпи али?

И с а б е к. Эмнегедир кечикти го.

Г ү л ж а н. Кандай жигит болду экен?

И с а б е к. Ашыксаңыз бүгүн таңатканча жаныңа отургузам.

А л м а г ү л. Ушундай эле отурсун... биз менен.

Д о с б е р г е н. Андай болсо, мобуларды ала кет... эрмек кыларсың...

Ш о ф е р. Рахмат *(кетет)*.

*А н в а р*. Бери келчи, Мамбет. Кебетеңди карачы, деги кимге окшойсуң... тигилер эмне

дейт... (Койнунан жаркыраган парча галстук алып чыгат.) Бери бол, тагып берейин. Эл көзүнө өзүңдөн өзүң коруна бересиңби.

М а м б е т. Менин дөөлөтүмдү көтөрүп салар көрк эле ушубу?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ой силерди кудай урдубу, чак түштө кучакташып. Бүтпөгөн чарбаңар болсо, үйүңөрдөн эле бүткөрбөйсүңөрбү! Келсеңерчи.

А н в а р. Азыр, азыр.

Г ү л ж а н *(айланага шүйшүнө карап)*. Сонун экен. Укмуш! Бүт дүйнө алаканыңдагыдай көрүнөт. Ах, керемет!

Көк деңиздин ортосунда Фудзияма – Туу-Чоку,
Көк теңирдин сарайына чыгар шаты окшошот.
Ак чокуда бейкүнөө жан, периштелер сырдашып,
Ак пейилден, чын көңүлдөн тилеп кадыр түн тосот.



Ушул ыр кимдики эле? Унутуп калыпмын.

И с а б е к. Кимдики болсо аныкы болсун, иши кылып меники эмес сыяктуу.

Г ү л ж а н. Бүгүн буерге келишти укмуш ойлоп таапсың, Алмагүл. Фудзиямандын чокусу ажайып болсо ушунчалык болор да. Ах, керемет.

И с а б е к. Фудзиямандын чокусуна чыккан адам жүрөгүнүн эң купуя сырын ачарын билесиңби, жаным? Фудзиямандын шарты ушундай.

Г ү л ж а н. Кудай алдында жан-жүрөгүмдү жайып салууга азыр да даярмын. Жашырар эч кандай купуя сырым жок. Алды менен эркек аттуулар баштап көрүшсүн... анан биз качпайбыз. Ээ, кыздар, кандай дейсиңер?!

А л м а г ү л. Кимдин ким экенин билсен, кызык болор эле.

А н в а р. Сен да кызыксың, Алмагүл. Бучкагы тешик чаначтай болуп, ушуларда эмне сыр...

Д о с б е р г е н. Бизди анчалык кор тутпасаң, Анвар. Тап-тешиктин түбүндө да силердик бирдеме калгандыр... Андан көрө Гүлжан айтсынчы, Исабекке кошулганча канча жигит суй жыгылды экен?

Г ү л ж а н. Анын жарасы жеңил. Өткөндөгүлөрдү кой, ушу күндө да артыман калбай акактап жүргөндөрдү алдыңа тизип, көгөндөп берейинби?

А л м а г ү л. Ии, Гүлжан, ошентип мыш кылсаң буларды.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Э, Гүлжан, чынынды айтчы... Бир оңко тургузууга жарай алдыңбы?

И с а б е к *(Гүлжанга)*. Ой, байболгур. Адегенде өзөк жалгап алалычы, анан деле санап жетишерсиң.



И о с и ф Т а т а е в и ч. Баятан бери Мамбет да акыл-насаатын айтып көзүбүздү ачып койду эле, эмкисине тобокел, кандай кыстоо болсо да чыдаарбыз ээ, Гүлжан.

А н в а р. Өмүрү бала окутуу менен келаткан көйкашка эмеспи, жанындагы кишинин баарын бала көрөт. Акыл-насаат айтып турбаса башы ооруйт. Бутпарастардын кечилиндей киши биздин Мамбет, ага терикпегиле.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Э, Мамбет, бүгүн Анварың табында го дейм?

М а м б е т. Тапка келбес буудайык, тапка келип калды дейт деген ушул. Мейли, айтып алсын.

Д о с б е р г е н *(баарынын сөзүн бөлүп)*. Ой, достор, бу Туу-Чокуда... Фудзамия дединерби, ушерде силерден да, кудайдан да жашырар сыр

жок. Менин философиямын чокусу – аң-сезимди турмуш бийлейт деген акыл. Андай болсо, кудай буюрса деп, алды менен ичип-жеп, тоюнуп алалы, анан жанагы... эмне дедиңер, высокий материйби, ошондон аңгеме курсак болот. Аялдар дасторкон жайгыча биз барып булактан кол чайкап келели.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Мына сөздүн төрөсү. Табият шаңындагы таза аба араанынды ачат деген экен бир даанышман, жүрүгүлө эмесе.

А л м а г ү л . Келсин жанагы Сабыр деген киши.

М а м б е т. Күтөлү бир аз... Анын үстүнө Айша апа да келе элек.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ой, бир киши келет деп бизди таң ашырасыңарбы?

Д о с б е р г е н. Мейли анда, жүргүлө, кол чайкап келели.



*(Эркектер кетет.)*

А н в а р. Ай, жигиттер, тез келгиле. Гүлжан, дасторкондун кара жумушуна көп киришпе, чыныларды эле сүртүп турчу. Арабыздагы атактуубуз эле сен эмессиңби.

Г ү л ж а н. Кайдагы атак. «Көкүрөк кирдүү, ой туман, Өмүрүң салаадан аккан суудай соолуп...»

А л м а г ү л. Мынча санааркап эмне болду?

Г ү л ж а н. Анчейин сөз да.

А н в а р. Эриң жазуучу, өзүң айтылуу актриса, сенде эмне арман?

Г ү л ж а н. Эримин тиешеси жок, искусстводо ар ким өзүнө өзү жооп берет.

А л м а г ү л. Искусствого катышы жок адам өз башына өзү ээ эмес дегениңби?

Г ү л ж а н. Койчу, Алмаш, жөнү жок терикпей. Мен өз ичимдеги дартымды айтып жатпайымбы. Бир кезде Дездемонаны, Мария Стюартты, Клеопатраны сахнага алып чыксам дегенде уйкум умачтай ачылар эле. Мына, бүт өмүрүмдү сайып койсо, арзый турган образдар! Улуу трагедиялардын чокусу. Адам бүгүнкү жашоосунун маңызын түшүнүү үчүн өткөн өмүрүнө кылчайып, сереп салат тура. Трагедия ойноп бир силкинсем... Ошо чокуларга чыксам... Бирок театрдын тирилиги башкада. Бүгүнкү пьесалардын чалажан ролдорун сүйрөйбүз. Аны өзүңөр көрүп жүрөсүңөр, эмнесин айтайын. Өмүр болсо өтүп баратат. Ойногон образдарымдын баардыгы искусствонун курмандыгына жарамсыз нерселер. Бирок баарыбыз  тең ишибиз өргө жылып, өнөрүбүз өркүндөп барат деп ооз көптүрө сүйлөйбүз. Бул эки жүздүүлүктүн арты эмне болорун билесиңерби? Ойлосом өзүм корком.



А л м а г у л. Аша чаап кеттиңби дейм? Сен тууралу айтып жатышат, жазып жатышат, атыңы бүт эл билет, сыйлайт, республиканын искусствосуна эмгеги сиңген деген наамды көрүнгөнгө бере бербес. Өнөрдүн төрүнө чыккан эч ким жоктур.

Г ү л ж а н. Мына, акылы тунук деген сен да мени түшүнбөй жатасың. Мактап жатыптыр, жазып жатыптыр, андан эмне майнап? А менин жаштайыман эңсеген бийигим кана? Жүрөк жарылар ролум кана? Же элдин эсинде калар роль ойнобостон мөмөсү жок гүлдөй күбүлүп кете береmби?

А н в а р. Сенин ордуңда мен тагдырга акаарат айтпайт элем. Мендей райондук доктор болсоң, күндө эртеден кечке «чечин», «оозуңду ач»,

«тилиңи көрсөт», «дем ал», «дем алба» дегенден башканы билбесең, анан дагы эриң бир карапайым мугалим болсо...

Г ү л ж а н. Секетим Анвар, бирибиз ойду, бирибиз тоону айтып жатабыз. Билсең, сен адам баласына пайда келтирген чыныгы өз ишинди иштеп жатасың. Мен да өзүмдүн нукура ишимди иштесем дейм. Мен жаштайыман көксөгөн муратымы, ага жетпей келатканымды айтып жатам.

А н в а р. Ким эмнени эңсебейт...

*(Эркектер кирет.)*

А н в а р *(Исабекке)*. Эй, жазуучу жолдош, бу аялыңдын арманын укпаган кандай жансың? Мунун талантына тең келер, көксөөсүн кандырар бирдеме жазбайсыңбы?



И с а б е к. Гүлжан үчүн жазбай коюпмунбу? Эмне арманы бар экен? Генерал Отеллодон бөлөк ролдордун баарын терип бүттү го...

А л м а г ү л. Гүлжандын арманы күч экен... Мунун көксөгөнүн сен эми жазып бербесең болбос.

И с а б е к. Мына, ак дасторкондо – нан, үстүбүздө түн турат... Мени жазбады десе – кудайга койдум. Колдо бар алтындын баркы жок болуп атпайбы... Ал эми чын-чынына келгенде, биздин жазып жүргөнүбүз – замандын талабы да. Доорго жараша конфликттер өзгөрүлдү, терс көрүнүштөр кемиди, турмуш оңолду дегендей... Андыктан Гүлжандын көңүлүнө толо турган классикалык курч окуя табыштын өзү да кыйыныраак болуп калды окшойт.

Г ү л ж а н. Конфликтти эмне кылат экенсиң... Сүйлөсөңөр таңдайыңардан чаң чыгат... Жак-

шы чыгарма жазыш үчүн бел керек, баатыр, бел керек... Ага кошумча бир аз талант, анан эрдик болсо артык баш болбойт.

И с а б е к. Таланттуумун деп качан көкүрөгүмдү койгуладым эле? Мен – жөн билги эстүүмүн. Менин бел күчүм ошондо.

Г ү л ж а н. Бул өлүп баратса кеп жебейт, атасын курмандыкка чалаар эле, кутулуп чыгарын билсе.

М а м б е т. Жан соога, Гүлжан, жан соога.

И с а б е к. Ошентсең, Мамбет. Өмүрүмдө бир жолу чынымды айтсам, анда да ишенбейт.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Мен болсо дайыма чындыктан чыкпайм, адат болуп калган окшойт.

И с а б е к. Тооба, ушундай кишилер да бар экен го.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Муну менен сен эмне айтмаксың?

Д о с б е р г е н. Жолдоштор! Жолдоштор! Эки айылдын бийлери айтышса ортодо карапайым журт ач калат. Аны ойлосоңор дасторконго отура койгула. Кана?

И с а б е к. Бая эле ушинтпейсиңби.

*(Баары үй мүйүз тарта дасторконго отурат.)*

А л м а г ү л. Үйдөгүдөй боло койбос, кечиресиңер. Бирок кичине самоорду ала келгем.

Г ү л ж а н. Мындан артык бейпилчилик болобу.

А л м а г ү л. Табияттын бу көркүнө эмне жетсин.

И с а б е к. Бул пикириңизди мен төрт аяктап колдойм. Бүгүн биз поэзиянын чокусунда отурабыз. Атайы айылга келип алып, үйгө ка-

малып алганыбыз жарамакпы. Туурабы, жигиттер?

Д о с б е р г е н. Эмесе, дасторкондун көркү ачылсын деп, тамада шайлап алалы. Чыгыш элдеринде аялдар тең укук алгандыгына күбө кылып, бул отуруштун эки тизгин, бир чылбырын Гүлжанга тапшырсак кандай дейсиңер?

Г ү л ж а н. Алмагүл турганда мага ыңтайсыз го.

А л м а г ү л. Жок, жок. Мындайдын жол-жосунун сенден артык кайдан билели.

Г ү л ж а н. Алмагүл деле азатка чыккан аялдардын бири эмеспи. Өзү башкарсын...

А л м а г ү л. «Азаттык, азаттык» эле дейбиз, ушундан бирди көрөбүз го...

И с а б е к. Тооба, аялдар да ушинтип айтат экен го...



А н в а р. Кана, Гүлжан болсун дегениңер, кол көтөргүлө!

И с а б е к. Алмаш, жаңкы кебиңди ачык айтып, так түшүндүрчү, аялдардын азаттыгы эмне үчүн бизге бирди көрсөтүш керек?

А л м а г ү л. Шайтан сайгансып, кайдан айта койдум эле... Мен ага каршы деле эмесмин...

Г ү л ж а н. Ошону айтам да.

А л м а г ү л. Менин кейигеним башка, колго тийген чоң укукту ургаачылык кылып, күнүмдүк ийгиликке майдалап жибердик окшойт. Шым кийсек да эркек боло албай, силерге теңелебиз деп жулкунуп жүрүп, теңир берген аялдык касиетибизден ажырап калбасак болду.

И с а б е к. Жарадың, Алмаш. Тосчу бетиңди, бир өөп коёюн. Мындан ары мен Алмашты башкача көз менен карай турган болдум.

Г ү л ж а н. А канча көзүң бар сенин?

И с а б е к. Сен ойлогончолук эмес, коркпо.

Г ү л ж а н. Менин го андай иштен жүрөгүм түшпөсүн билесиң, Досберген эмне дээр экен?

А н в а р. Анын көзү эсепке кирбейт, Алмагүл турганда.

Г ү л ж а н. Келишкен жубайлар турбайсыңарбы! Уруксат болсо, Исабек, мен да Досбергенди башкача көз менен карап көрөйүн.

И с а б е к. Каршылык жок.

А н в а р. Мына... жигиттерди бир-бирден тандап кетмей болушту... Мен кимди карасам экен?

Д о с б е р г е н. Кана, эмесе, туугандар. Бий тагына отурду. Баштайлы.

Г ү л ж а н. Анда идишиңерди толтургула.

*(Бири-бирине куюшуп, даам ооз тийишет.)*

Ү н д ө р: – Мага сухойдон...

– Мобу жакшы нерсе...

– Даамдуу экен.

– Шараппы, же агынан кетебизби?

*(Төмөндөн машинанын үнү угулат.)*

Д о с б е р г е н. Бул эмнеси? Бүгүн-эртең быякка чымын учурбагыла деп келбедим беле.

И с а б е к. Ыя де, бу Туу-Чоку да сенин кожолук жериң беле?

Д о с б е р г е н *(тамашалап)*. Бул аймак совхоздуку болгондон кийин дөбө меники болбой анан...

*(Турат. Машина жакка кол булгайт. Кыйкырат.)*

Эй, ким, болсоң да, кайт артыңа, быякка жол жок! *(Буларга ак чачтуу аял келатат, шофер коштоп алган. Ал – Айша-апа.)*

Д о с б е р г е н *(уялып)*. Ой, мен маскара болгондо, Айша-апа турбайбы. Кечириңиз. Айша-апа, мен байкабай эле...

*(Баары ордунан туруп, Айша-апаны тосуп алышат.)*

А й ш а - а п а *(энтиге араң келип.)* Арыбагыла, айланайындар! Өх, жүрөгү кургур жарылып кетеби. Карылык деген ушу. Анын үстүнө Досбергендин кыйкырганынан улам, башка бирөөлөрдүн үстүнөн чыгып калдымбы деп коркуп кетпедимби.

Д о с б е р г е н. Кечириңиз Айша-апа, аңкоолугум дайыма өз башыма тиет. *(Шоферго)* Рахмат, жигитим. *(Шофер кетет.)*.

И с а б е к. Мына дасторкондун ажары эми ачылды. Сиздин келгениңиз эң сонун болбодубу, Айша-апа.



А й ш а - а п а. Силер үчүн жердин түбүнө барууга да даярмын, балдарым. Бирок өтө бийикке чыгып кеткен экенсиңер. Баш кошуп көрүшпөгөнүбүзгө канча жылдар болду? Силер чакырганда кантип үйдө чыдап отурайын. Сабырды да келди деп уктум. Ал жаманым кайда?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Бери, бери, төргө өтүңүз. Отуруңуз. Сиз менен көрүшкөнү мен өтө кубанычтамын, Айша-апа.

А й ш а - а п а. Рахмат, Өсүпбай, өзгөрбөпсүң... бала чагыңдагы калыбыңдайсың.

И с а б е к. Айша-апа, таанып алыңыз, бу үлбүрөгөн сыпайы келин биздин үйдөгү сиздин келиниңиз болот. Калганыбызды өзүңүз билесиз. Жүгүнүп кой Айша-апама. *(Гүлжан жүгүнөт.)*

А й ш а - а п а. Бактылуу бол, айланайын. Жүз көрүшүп таанышпасак да, сыртынан билем. Андасанда телевизордон да көрүп калам.

Гүлжан. Сиз тууралу мен да көп уккам, Айша-апа, келгениңиз жакшы болду. Ак дасторконго куттуу конок келет деген эмеспи.

Айша-апа. Баарыбыз чогулмай болдук, келиңиз, Сабыр келет деп Алмагүл телефон чалганда кубанганыман алдастап калыпмын.

Мамбет. Эми орто толду го дейм.

Айша-апа. Сабырды да келет деп уктум. Ал жаманым кайда?

Алмагүл. Ошо киши аябай кечикти го.

Мамбет *(Айша-апага)*. Сиз менен бирге келеби деп ойлодук эле. Келер-коёрун сизге айткан жокпу?

Айша-апа. Сабыр келет деп силердин бириңер айттыңар го мага.

Досберген. Кызык. Сабырга сиз айттыбы дедим элем.

Айша-апа. Баарын чакырып атам деп сен айтпадыңбы мага...

Иосиф Татаевич. Ой, келсе келер, ага эмне анчалык кыйналдыңар... Тамада, уруксат болсо?..

Гүлжан. Сөз жолдош Татаевге берилет.

Исабек *(тамашалап)*. Ар кимдин атагын, мансабын да айта отуруу керек.

Гүлжан. Андай салтыңар да бар беле. Сөз институттун директорунун орун басары, илимдин доктору...

Исабек. Тарых...

Гүлжан. Азыр илимдин түрлөрүнө сан жетпейт, кайсы бирин эстеп жүрөйүн...

Досберген. Бирок Осипбай калың топко кирбейт. Азыр академиктикке укурук салганы жүрсө...

Иосиф Татаевич. Койгулачы. Мен академик-сакадемик эмесмин. Айша-апанын

алдында Осипбаймын, болду. Мындан ары Осипбай деп жүргүлө.

М а м б е т. Сени түшүнүп болбойт. Бир эсе мындай ата, бир эсе андай ата деп ойт бермең бар экен.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Аны кийин... Менин айтайын дегеним... Бүгүн баарыбыз минтип баш кошуп отурганыбыз чоң майрам, жолдоштор, билсеңер. Мындай баш кошууну Жеңиштин жыйырма беш жылдыгында мен баштадым эле. Анда булардын баары болгон, Айша-апа, сизди издеп таба албадым, бир жакка кетсеңиз керек эле. Мына бүгүн, Досберген менен Алмагүлдүн сыйындагы мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, мектепте бизге берген таалим-тарбияңыз үчүн сизге чын жүрөктөн алкыш айткым келип отурат. Азыр республикага кадыр-баркы бар үлгүлүү мугалимдин бирисиз. Биз болсок, өзүңүзгө белгилүү, маанилүү иштерге аралашып калдык...



Д о с б е р г е н. Ой маанилүү ишиңди коё турчу, эч ким талашпайт, же андан башка эсиңе түйгөн эчтемең жокпу?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Эгер илимий советте бирөө сага окшоп сөзгө кыпчылса, согончогуң менен желкеңдин чуңкурун көрсөт деп кууп чыгар элем.

*(Баары күлөт.)*

М а м б ет. Илимий совет эмес, Туу-Чокуда отурганыбызга шүгүр. Кечиресиң Осипбай, менин эсиме бир окуя түшүп олтурат. Келиндер угуп алсын. Алтынчы класска көчкөн жылыбыз. Айша-апа тарых мугалими Эрмек деген агайга күйөөгө чыгып кетти. Ичибиз күйгөнүн айтпа. Жаман көргөнүбүз ушунчалык, мен өзүм

Эрмек агайдын сабагына эки-үч жолу барбай койдум. Кийин анын жазасын да тарттым дечи. Бирок эркек менен аялдын ортосунда махабат деген болору а кезде түшүбүзгө да кирчү эмес. Биз бу кишилердин махабатын бизге кылган кыянатчылыгы деп түшүнүп жүрбөйбүзбү. Балалык да.

Г ү л ж а н. Ал киши азыр барбы?

А й ш а - а п а. Жок. Сталинграддын алдында курман болгон.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Аябагандай мээримдүү адам эле, маркум.

А й ш а - а п а. Ал күндөр өттү-кетти го. Ошондо, байкуш, өзү да бушайман болуп жүрдү. Булар мулжундап сыртын салып калганын байкаптыр да. «Тиги бокмурундарыңа айтсаңчы, мага салам берүүнү да ыраа көрбөй калышты. Мен сени алардан ажыраткан жокмун го» дегени али ушу күнгө эсимде.

И с а б е к. Ал куздеги Айша-апамдын көркү ай... Бала болсок да биз бекер кызганбаппыз.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Айша-апа, ушул тостту мен сиздин энелик азиз жүрөгүңүз үчүн, адамгерчилик бийик парасатыңыз үчүн, мугалимдик үлгүңүз үчүн, мындан аркы ден-соолугуңуз үчүн алып жиберемин.

А й ш а - а п а. Рахмат, айланайындар, өмүрлүү болгула.

И с а б е к, Быйыл уулуңузду көрдүм. Жигит болуп калыптыр, араң таанысам болобу.

А й ш а - а п а. Үйлүү-жайлуу, азыр Ошто иштейт. Эки неберем бар. Келиним да жакшы бүлө болуп чыкты, жапакеч, адамдын ич-койнуна кирип кетет. Баланын көбү жакшы, көзүм тирүүсүндө өзүм тарбиялап берем деп кулактарына куюп отурам. Биз болсок согуштун кесепетинен

тилегибиз кыскарылып калды. Жолдошум майданга аттанарда, «аттиң, бала жалгыз болуп калды» деп кейип кеткен эле. «Жалгызыңды көзүңүн карегиндей сактагын. Мындан айрылсаң биздин жер бетиндеги тамырыбыз кыйылып, жүлүнүбүз үзүлдү дей бер, андан кийинки тул калган коколой турмуш курусун» деген эле. – «Эгерде небере көргөнчө тирүү болсоң өзүңдү бактылуу сана да, эгерим эчтемеге өкүнчү болбо», – деп, анан дагы: – «Менин китептеримди балама сакта, андан башка калтырар мурасым жок», – деп, кайта-кайта тапшырды эле, байкуш. Кайра кайтпасын өзү да билгендей айткан экен. Эмнелер баштан өтпөдү, баарын көрдүк махабатын да, кайгысын да кечирдик. Кейиши гана ушул – кубанычы аз, кайгысы көп болду. Тагдырыбыз ошондой белем... Эми силердей жаштарга карап отуруп, кубанам, тобо кылам, биздин өмүр бекер кыйылбаптыр деп кайра тагдырга ыраазы болом.



Г ү л ж а н. Эй, жазуучу сөрөйлөр... Силердин сөзүңөр менен айтканда, жүрөк титиретер китептериңер кайда? Алай-дүлөй бороондогу океандын толкунундай сапырылган тагдырларды көрбөйсүңөрбү?

И с а б е к *(күлүп)*. Жаркыным, бул жер сага театрдын сахнасы эмес, байкап ойно...

Г ү л ж а н. Мүмкүн. Бирок силер да адабият менен байкап ойногула. Менин жарам жеңил. Силердин колуңардан көңүлдөгүдөй бирдеме чыкса, ошону сахнада ойноп жатып өлүп кетүүгө даярмын. А сенчи?

И с а б е к. Мен өмүрүмдүн жарымын адабиятка... жарымын сага сайып койгом...

М а м б е т. Мен Гүлжандын айтканына кошулам.

А н в а р. Сага көктөн тилегениң жерден табылбадыбы. Сын тагуу оңой, бирок сын таккандын сыңар өтүгү майрык деген.

М а м б е т. Кеп сында эмес. Адам баласынын тарыхында ар бир муундун өткөн өмүрү, баскан жолу адабият менен искусстводон өз ордун алып келатат. Ал таразага биз да түшөбүз. Бизден да келечекке мурас калар үлгү барбы, кандай жашадык, кандай күрөштүк, азыркы жашообуз адалбы, акпы, ушунун баарына жооп берер – адабият.

А н в а р. Мына, дагы насаат айтып, окута баштабадыбы.

И с а б е к. Адабият тууралу айткан жылуу сөзүнө ыракмат. Адабият жамаатында болгондугума мен корстонмун. Бирок, Гүлжан экөөңөр адабиятка артыкбаш жүк жүктөп жатпагыла. Биздин тагдырыбызды каалаган багытына буруп кетер тарыхтын башка да не бир күчтөрү бар. Анын жанында адабият эмне? Колунан эмне келет?

М а м б е т. Бизди орто муун дейт, Исабек. Артыбыздан кийинки муун турмушка кирип келатат. Ошолорго бизден жансерек, жармач адабият калабы деп корком... Мына, Айша-апанын чачы күнгө агарган жок, ар бир тал чачында ар кимибиздин тагдырыбыз бар. Адабиятта ошолор көрүндүбү? Маселе ушунда болуп жатпайбы.

А н в а р. Эркектердин сөзү деп ушуну айт. Эмесе биз Фудзиямада отурганыбыз эсиңерде болсун. Айтылган сөз чын жүрөктөн чыксын. Бутпарастын кудайыбы, Буркандын өзүбү, кеп анда эмес, дегинкиси кудай бар деп коёлу, биз бүгүн кадыр түн тосуп, кудай алдында актыгы-

быздары айтышып, бирок актанбайлы, Айша-апа калыс болуп угуп отурсун.

Г ү л ж а н. Анда эмесе, ар ким көнүлүнө баткан бир окуяны жашырбай айтып берсин. Эркектердин мыктысы, Досбергенден баштайлы. Кана...

Д о с б е р г е н. Мен даяр...

А л м а г ү л. Муну мактап койсоңор, жардан алыс учуп кетет.

Д о с б е р г е н. Эй, интеллигенция! Материалдык бейпилчиликти түзүүчү мына менин сөзүмдү уккула! Эмесе, сөз менде, Айша-апа. Менин коммунизмим өз үйүмүн очогунан башталат. Балдарымдын карды ток, кийими бүтүн... Өзүм турмушумда акмын, бирөөгө калп айтпайм, алдымдагы жемимди бирөөгө алдырбайм, ишимде эч кимди алдабайм, уурулук кылбайм, адал эмгегимин убайын көрүп жатам. Ошол мага жетишет, ошого мен мактана алам.



А й ш а - а п а. Мына сөздүн тазасы, өз эмгегине канаат кылганга эмне жетсин.

Д о с б е р г е н. Турмушубуз жаман эмес. Жаңы салган үйүм бар, килем-силем, мебель-себель деген толтура, короодо машина турат. Дүнүйөкорсуң деп, кээде Алмагүл гана каарып калат. Жо-ок. Агрономдун да өз алдынча мейман-ысманы бар. Кээде чет элден делегация келип калат. Чарбабыз жаман эмес да. Алардын көзүнө совет агроному жупуну көрүнүш намыска тийбейби. Демек дүнүйөкорлук эмес, түшүнгөн адамга ошо мүлктүн ар бириnde саясат бар.

А л м а г ү л. Досбергендин ошо саясатынын аркасы менен биздин үй мебель магазинине окшош.

А н в а р. Азамат, Досберген. Эркек деп ушуну айт. Турмуштун туткасын бекем кармап, ырахатын көрүп жаткан Досберген сыяктуулардын ден соолугу үчүн бир алып жибереличи.

Г ү л ж а н. Досбергендин ачыктыгын жактырам. Өзүн ортого салып коюп, тайсалдабастан, кылчактабастан, эчтеме жашырбастан айтып берди.

Д о с б е р г е н. Жашыргыдай эчтемем жок.

А й ш а - а п а *(ойлуу)*. Э, убакыт өткөн сайын адам да өзгөрөт экен. Карап отуруп таң калам... Азыр да көз алдымда, мектепте окуп жүргөндө бир тең курбулардын ичинен эчтемеге эби жок бала ушу Досберген эле!

Д о с б е р г е н. Ага таң калбаңыз, Айша-апа, турмуштун талкуусуна түшкөндө баарына эптүү болуп чыга келет экенсиң. Дүйнөдөгү айбандардын эң эби жогу аюу деле бир тоголок кант үчүн циркте керели кечке бийлеп жатпайбы.



*(Баары күлөт.)*

И с а б е к. Мунуң образдуу чыкты!

Д о с б е р г е н. Бура сүйлөгөн күлүүгө жакшы дейт, Айша-апа. Аюу өз бети менен кетсин, менин жөнүм башка. Досбергендей ак көңүл, аңкоолорго мына Исабектей акылмандар күлө берсин, баары бир мени баалап, түшүнүп жаткан жери жок.

М а м б е т. Чынында Досбергенди түшүнүш кыйын, сыртынан баладай көрүнгөнү менен, ичинде толуп жаткан маселе бар.

Г ү л ж а н. Эмесе ыймандай сыр чечишмейди уланта берели. Кезек Иосиф Татаевичте.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мени жөн эле «Осипбай» дегиле дебедимби. Анан калса эмне үчүн мен?

Г ү л ж а н. Баарыбыздан дандуураксың, беш мүнөтү кем академиксиң.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Койгулачы. Бул оюндун кереги эмне?

Г ү л ж а н. Атайын көңүл ачыш үчүн чогулбадыкпы бу жерге. Ойносок да ак сүйлөп, чындыкты айталы... Буйтай турган болсоң... Мамбет, мобу ыр аякка тетигилерден аралаштырып, оңколотмо толтуруп кой... Буйрукту аткарбасаң, мобуну бошотосуң.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ой, мунун оңдурбайт. Болуптур анда. Тамаданын сөзүн эки кылбайлы. Сиздин гана урматыңыз үчүн, Айша-апа. Ошентип мен азыр илим докторумун... Диссертация корголду, иш жүрүп атат. Аялым да коргоонун камында. Мен азыр жаңы бир эмгегимди басмадан чыгарайын деп даярдап жатам. Кызмат керек, бирок окумуштуу болгон соң ара-чолодо эмгек чыгып турганы дурус да.



А н в а р. Дурус эмей... Мамбетке мен канча айттым, «айлананды карасаңчы, башкалар сенден акылы ашып кеткен жери жок. Биз билген жолдоштордун канчасы диссертация жазып, илимпоз болуп алды. Жамансың деген бирөө жок, эл алды болуп жашап жатышат. Сенин колуңан келет»,– деп канча какшадым. «Мен илимде топ таш ойногум келбейт» – дейт.

– «Ой, арам-адал экенин ким текшерип жатыптыр, бүгүн керек деген темага шилтеп салсаң, андан аркы ырыскы өзү эле келе бербейби...»

И о с и ф Т а т а е в и ч. Биз эмне, топ таш ойноп жүрүптүрбүзбү?

М а м б е т *(аялына)*. Чала сага! Көрмөксүң ушуну.

А н в а р. Кечирип кой, менин айтайын дегеним сен эмес.

М а м б е т. Дагы айныдың. «Жамандын айтканы келбесе да, тантыраганы келет» деп каласың го өзүң.

А н в а р. Андай мыкты экенсиң, эл жактаган диссертацияны эмне үчүн коргоп албайсың? Же сасыган класстарда бокмурун балдарды окутумуш болуп жатканыңа жетине албай жүрөсүңбү?

А л м а г ү л. Анвар, мунуң натуура.

А н в а р *(Досбергенге)*. Мына, мына, көрдүңбү – булар соо эмес: ою да, сөзү да бир жерден чыгып жатпайбы.

Д о с б е р г е н. Болсо-болор. *(Пауза)*. Ой, иттин өтүгү...

А й ш а - а п а. Мындай тамашаңарды койгула!

И с а б е к. Ой, силер оңбойсуңар го. Эмне эле тынчыңар кетип атат.

Д о с б е р г е н. Иттин өтүгү... Алмаш, тартып койчу. *(Баары унчукпай Досбергенди таң кала тиктешет. Алмагүл сөз айтпастан жылмая басып, эринин жанына келет.)*

А л м а г ү л. Оо, ичи-сырты окшош калдайган байкушум, мен болбосом кантип күн көрмөксүң?!

*(Мамбет тура чуркамакчы болот, Анвар аны тургузбайт. Алмагүл эринин өтүгүн тартып, төмөн кургуйга ыргытат да, кебелбестен кайра ордуна келип отурат.)*

Д о с б е р г е н. Ой, ой, иттин катыны, сага жин тийдиби? Жап-жаңы өтүгүмдү... Кой таап келейин...

А л м а г ү л. Тим отур эми! Караңгыда кайдан тапмак элең.

Д о с б е р г е н. Илип кетпейби бирөө...

А л м а г ү л. Жаңысын сатып аларсың...

И с а б е к. Мына, болсоң Алмагүлдөй бол! Көрдүңбү... Калпы-чынын билбейм, баягыда Досберген биринчи «Москвичин» талкалап алганда, Алмагүлгө телефон чалган имиш, мукактанып, атасы өлгөндөй: «Кырсык басып, машина талкаланды десе, «Анда жаңысын сатып аларсың» – деген экен Алмагүл. Ошол чынбы?

А л м а г ү л. Айтса – чын чыгар.

И с а б е к. Ой, азамат... анда эмесе, жолдоштор Алмаш үчүн тартып жиберели.

А л м а г ү л. Ар ким бешенесине жазганын көрөт деген, балким, тегин эмес чыгар: Мамбет алиги бокмурун балдарды окутканы ырас, Досберген болсо жердин бетин тытып, алпурушуп жүрөт, Осипбай илимдин кол жеткис жайларына умтулууда. Анын баары ырас... Баса, Осипбай, сенин диссертацияңдын темасы кандай эле?



И о с и ф Т а т а е в и ч. Анын эмне тиешеси бар?

А л м а г ү л. Анчейин эле, жашыруун болбосо.

Г ү л ж а н. «Чындык» дегенбиз, жолдош профессор. Мобу идиштеги оңколотмо эсиңизде болсун!

И о с и ф Т а т а е в и ч. Анда – арга жок! Диссертациямдын темасы «Республиканын түштүк тарабында...» то есть, то есть... опыт социологического исследования межнациональных браков на юге республики» – десек жаңылбайбыз.

А л м а г ү л. *(күлүп.)* Мен эси жокту кечириңиз, түндүк тараптагы никелешүү түштүктөгүдөн башкача бекен?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Башкача деп ким айтты? Болгону изилдөөнүн району көрсөтүлгөн... Билген кишиге... Мен бул аймактагы илимий чоң тажрыйбаны жалпыладым, жыйнадым... Жөнөкөйлөтүп түшүндүргөндө – интернационализм коммунисттик курулуштун эң орчундуу принциптеринин бири десек жаңылбайбыз го.

М а м б е т. Оо, чиркин оой. Айткандай эле, экиге экини кошсок – төрт болот эмеспи.

И о с и ф  Т а т а е в и ч *(күлүмсүрөп Мамбетке).* Ой, баатыр, сен дагы үйдө жатып, жоо саярлардын бири экенсиң, тетиги чокунун башында турган илимге эмне тиешең бар сенин?

М а м б е т. Эмне үчүн менин тиешем жок? Мен – тарых мугалимимин. Ошон үчүн бүт өмүрүмдү, бүт күчүмдү жумшап, окуткан балдарга – тарых деген жалаң гана согуштардын хронологиясы эмес, эзелтен берки турмуш мектеби экенин үйрөтөм. Өзүң айткан интернационализм, так ошол кыйын тарыхтын аркасында адамзаттын тапкан улуу тажрыйбасы экенин да үйрөтөм. Сага окшоп, улуу нерсени кичиртип, интернационализмди жалаң гана аргындашуу маселесине алып келип такабас элем.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Тизгиниңди тарт, баатыр. Бу жер – сенин мектебиң эмес, аны биз деле билебиз.

М а м б е т. Макул эле дейли, бирок түшүндүрүп берчи, сенин илимге кошкон салымың эмнеде? Сенин диссертацияң болбогондо, тарых илими эңшерилип калмакпы? Эгерде сен «ошентмек» десең: сүрөтүңдү Конрад менен Бартольддун катарына илейин.

Иосиф Татаевич. Сенин провокаторлук суроопо жооп берүүчү дөөпөрөстөрдөн эмесмин. Кимдин ким экенин турмуш өзү көрсөтөт, баатыр! Андан көрө өзүң жооп берчи, кана. Сага жакпаганы ушул турмушпу, же өзүң ылайык келбей турасыңбы бу турмушка?

Мамбет. Суроон жөнөкөй суроолордон эмес...

Иосиф Татаевич. Тайсалдаба, тайсалдаба.

Мамбет. Болуптур, болуптур. Ак сөздөн мен да качпайм... Турмуш жакпайт эмес, бу турмуштагы сага окшогон адамдар жакпайт мага. Керт башынын кызыкчылыгын көздөп, мансап кууп, илимди топ таштай ойноткон Өсүпбайлар жат мага... Ыраазысыңбы жообума?

Иосиф Татаевич. Баракелде, баракелде... бирок суроого толук жооп бере албай койдуң, түшүнбөй калдың окшойт. Жөнөкөйлөтүп сурайынчы. Ушул турмуштан, адамдардан күткөнүң эмне, тилегениң эмне?



Мамбет. Чындык, мээрмандык, махабат...

Анвар. Алда байкушум ай, экөөбүз махабатты эмне кылат экенбиз...

Иосиф Татаевич. Коё тур, Анвар, сөздү бузба. *(Мамбетке.)* Мунуну кандай түшүнсөк болот?

Мамбет. Мен да жөнөкөйлөтүп түшүндүрөйүнчү: мен катардагы адаммын, бирок өз ишимди чын ыклас менен орундатууга аракет кылам...

Анвар. Ошондо тапканың кайсы? Же сага бирөө эстелик тургузмакпы?

Мамбет. Аны күткөн мен жок, Алыкулга тургузбаган эстеликти мага тургузмак беле? Тарбиялаган окуучуларым жазуучу, илимпоз болуш-

паса мейли, абийирдүү адамдар болсо болду, андан артык максатым жок.

Айша-апа. Туура айтасың, Мамбет балам. Илим жаштардан качпайт. Ал эми уят сыйытты окуп-чокуп үйрөнө албайсың.

Иосиф Татаевич. Кечиресиз, Айша-апа. *(Мамбетке.)* Катырдым деп турасыңго... Чындык, боорукерлик, мээрмандык... Мунун, баары – абстрактный гуманизм... Христианшина. Байсалдуурак бир ою бар экен десе... Өзүң да чаташып, элди да адаштырып бүлдүрдүң го.

*(Пауза)*

Досберген. Ой, бүттүңөрбү сөзүңөрдү? Келгиле эмесе... Дагы бирден тартып жиберсек кантет...

Иосиф Татаевич *(каада күлкүгө салып Мамбетке.)* Ой, мобу галстугуң укмуш экен жаркырап... Кайдан тапкансың?

Мамбет. Анвардан сура...

Анвар. Жагабы? *(Мамбетке.)* Байкадыңбы? Тагын десем эле болбойт кесирленип, райондун жетекчилери түгөл ушундай галстук тагынат.

Досберген. Баса, мен да ушундайдан бирди алгандай болдум эле.. Алмаш, ошону таап койчу.

Алмагүл. Өсүпбай, ага алаксыбай өзүң турмуштан эмнени күтөсүң? Ошону айтчы...

Гүлжан. Чын эле...

Иосиф Татаевич. О, сүйүктүү, айымдар! Көк асманга ысмым жалын менен жазыларын кудайдан тилейм!

Алмагүл. Калжыңы жок айтканда кандай?

Иосиф Татаевич *(күлүмсүрөп).* Ал эми калжыңы жок боло турган болчу болсо, анда мындай, дайыма өз позициямды бекемдеп, өз бактым үчүн дайыма шарт түзүү.

Анвар. Аша чапкан жоксуңбу?

Иосиф Татаевич. Эч кандай! Ал үчүн менде баардык мүмкүнчүлүктөр бар: салкын кандуулук, ыкчылдык, анан калса, кудайым берип койгон чыкый бар.

Мамбет. Өсүпбай, кандай дейсиң, Лев Толстой акылдуу адам болгонбу?

Иосиф Татаевич. Суроонун учугун көрбөй атам.



Мамбет. Эмне үчүн Толстой өлөр-өлгөнчө өзүнө өзү наразы болуп өткөн? Эмнеликтен? Акылынын кемдигиненби? Эмне үчүн? Эмне үчүн Толстойчолук эле атак-даңкка жеткен философ, музыкант Альберт Швейцер доораны жүрүп турган кезинде Европанын концерттик залдарынан көчөт да, улгайып калганына карабай дарыкерлик кесипти үйрөнүп, алыскы Африкага жер кезип жөнөйт, ата-бабасы таанылбаган адамдардын өмүрү үчүн күрөшөт? Эмне үчүн? Эмне үчүн силер боорукерликти – абстракттуу гуманизм, мээрмандыкты – христиандык үгүт деп кордойсуңар? Эмне үчүн? Анткени бул түшүнүктөр силер үчүн жат, керт башыңардын кызыкчылыгы үчүн булардын пайдасы аз! Ошондуктан, экиге эки дегенди илим деп, супсак жазууларды адабият деп жүрөсүңөр. Маркс өзү: «Коммунизм деген – реалдуу гуманизм» деп айткан. Бул сөздөн кабарыңыз барбы, жолдош илимдин доктору?

*(Иосиф Татаевич көзү алачакмактап айлана-тегерегин карана берет. Мамбеттин сөзү*

*бүтөрдө кармана албай обдулат. Бирок өзүн-өзү токтотот да, оор денесин силкилдете үнсүз күлүп, санын чапкылай берет.)*

Иосиф Татаевич. Ит экенсиң, ит экенсиң... Тоодой болгон Отордy томуктай торсок омкорду. Куп катырдың. Молодец! ...Жаш өткөн сайын өмүр, өмүрдүн максаты жөнүндө көбүрөөк ойлонууга туура келет экен. Мал болбогондон соң, бу дүйнөгө эмнеге келдим, эмне үчүн жашап, адамдарга эмне пайда келтирип, эмнени айтмакмын... буларды ойлобой коё албайт экенсиң. Мына, мисалы Мамбет: мектептин жөнөкөй мугалими, бизге окшоп илимге жарамсыз салым кошот элем деп, жан сабалап далбастабай, же Исабекке окшоп, бирөөгө жакшы-жаман көрүнүп, том-том супсак китеп жазбай, өз ишин анык билип, так аткарган ак ниеттүү мээнеткеч. Биздин арабызда, балким, жалгыз гана Мамбет турмуштагы максатын даана билип, үзүрүн көрүп жүргөн азаматтын биридир. Кыйын кезең жылдарда да, бул өз дегенинен кайра тартпай, өз билгенин танбады. Мына кептин баары ушунда – адам өз абийирин өзү сакташ керек. Эмесе, жигиттер, Мамбет үчүн ушу чөйчөктү көтөрүп жиберели! 

Айша-апа. Жарадың, Осипбай. Абдан жакшы айттың.

Исабек. Пай, пай, пай, Осеке... кечиресиз, Иосиф Татаевич, өзүңүздөн өзүңүз ашып түштүңүз го.

Анвар. Акыйкат сөздөр эмес бекен, ай. «Колдо бар алтындын баркы жок» – дегендей, эримдин баркына жетпей жүргөн экенмин көрсө.

Алмагүл. «Миң уккандан – бир көргөн» – деп, көзүм менен көргөнүмө гана ишенүүчү элем,

эми мен дагы Осипбайдын сөзүнө уюп калдым. Жакшы сөз жан эритет, эми ушунун баары чын болгой эле.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Баса, жана кимдир бирөө төкпөй-чачпай сырымды айтам деп, корkуткандай болду эле бизди.

И с а б е к. Ушуну көрмөксүң. «Бирөөнө көр казсаң, тайыз каз, өзүңө ор болбосун» – деген.

А н в а р. Кана, Гүлжан, башта эмесе.

И с а б е к. Чынынды айтамын деп, сырыңды айтып салба.

А н в а р. Сен тим отурсаң, Исабек, бөгөт болбой.

Г ү л ж а н. Мен – актрисамын...

И с а б е к. Анын баарыга белгилүү...

Г ү л ж а н. Мен – актрисамын. Мына бу өзүмүн генийиме жапжаш тийдим. Онунчуну бүткөндөн кийин, шаарга келдим. ЖПИге өтөйүн деп. Келгендин эртесинде ушуга жолугуп калсам болобу. Өзү да жагып калды: келишкен шыңга бойлуу, жүрүм-туруму да жагымдуу жигит экен, атыр куюнат экен (кийин билдим – анысы – «Шипр» экен). Кыскасын айтканда, башымды айландырып, тез эле имерип алды. Он күн өтпөй баш коштук. Ошону менен энеме кат жазып жибердим. Апам жалгыз калган, атабыз кырк үчүнчү жылы согушта жок болгон. «Энем жалгыз, оорукчан, жаныбызга алып алалы», – деп айтсам: «Өзүң көрүп турбайсыңбы жагдайды», – деп бу көнбөдү. Чын эле шаардын четинде жалпак кепеде турчу элек. Күн көргөнүбүз Исабектин кичинекей айлыгы... Алысыраак туугандардын бири энебизге боору ооруп, көчүрүп алыптыр. Аны кийин билдим... Күндөрдүн биринде тууганыбыздан кат келди, ар-

касынан көп кечикпей телеграмма да жетип келди... ошондо ушул... Эмне кылып менин башымды айландырып, эмне кылып ынандырганын азыр да түшүнбөйм...

Исабек. Койсоңчу эми.

Гүлжан. Эмне үчүн коём? Койбойм этпейм.

Исабек. Эсиңе кел. А кезде менин биринчи китебимдин талкуусу болгону жатпайт беле, аны унутуп койдуңбу? Экөөбүздүн тагдырыбыз ошого байланыштуу эмес беле, аны да унуттуңбу? Өзүң болсо, экзамен берип жатпайт белең, аны да унуттуңбу? Азыр айтканга оңой. Анан калса, энең өлгөндө акча жибербедик беле. Аны да унуттуңбу?

Гүлжан. Акча, акча... акчадан атасы өлгөнсүп... Энемден ажырап жатсам...

Исабек. Макул, бардык дейли... Өлгөн кемпирди тирилтип алмак белек, ошондо? Өзүң деле менин акылыма макул болбодуң беле?

Гүлжан. Ооба, макул болгом. Аргам канча эле. Көндүрбөдүңбү ошого... Мен өзүмдү ошол үчүн жек көрөм. Эч ким кечкис күнөөм калды башымда. Ошону ойлогондо, заманам куурулуп, ичим өрттөнөт. Мандайыма бүткөн жалгыз энем болсо... Мага кечирим жок... *(ыйлайт)*.

Исабек. Мына, баштабадыбы... дайыма ушул... А кезде биздин жагдай абдан кыйын эле, шаардан бир кадам жылууга шарт жок болчу. Бу экзамен берип жаткан, бирок эң негизгиси – менин тагдырым чечилип турган учур. Адабиятка илинип каламбы, же жокпу деп кудайлап тургам...

Гүлжан. Ооба, адабиятка кирдиң... Кирмек турсун жулкунуп төрүнө өттүң. Сандаган китебиң чыкты. Андан биз эмне таптык? Маңызы

жок, арам тер жыттанган китептериң кимдин чекесин жылытты? Адабиятты сыйлаган адам, өзүн сыйлай билген жазуучу чет өлкөгө чаап барып, келе коюп, тилин билбей, үрп-адатын билбей туруп, ары-бери тезек чампалагансып, уялбай бир айдын ичинде бирден китеп жазар беле. Өз элиңдин баркына жете албай жатып, башка элди эмне кылат экенсиң. Шордуу графоманым.

А л м а г ү л. Оюнуңбу-чыныңбы, деги койчу!

Г ү л ж а н. Сени менен эмне үчүн жашап жүргөнүмө, кээде ойлонуп, өзүмө өзүм таң калам!

И с а б е к. Сени аркандап отурган эч ким жок, төрт жагың кыбыла!

Г ү л ж а н. Ии, эми эстеген экенсиң, кайраным! Кетсем алда качан кетет болучумун. Эми анте турган мурунку Гүлжан жок, ындыны өчкөн Гүлжандын, бүрү түшкөн Гүлжандын… Мен дагы сага окшогон шойкон болдум. Эшегине жараша – тушагы… Киндигибиз туташып калган, бирибизден бирибиз бөлүнүп күн көрө албайбыз…



И с а б е к. Мына ушуну айтсаңчы андан көрө. Адилет кеп. Оюн чынга салып атып мени эл көзүнө оңдурбадың…

Эми токтотолу, тескери түшүнүп калбасын олтургандар… Кана эмесе, достор, эмки чөйчөк Гүлжан үчүн болсун, турмушта мөңкүгөн трагикалык актриса, сахнада – жоош, уяң пери үчүн…

Г ү л ж а н. Демек, араң жандуу мен экем да, азынаган сен турбайсыңбы?.. Азынаган айгыр имиш…

И с а б е к. Ай, сенин кандай актриса экениңди журттун баары билет… Тим отурсаңчы,

обу жок акыштанбай! Кантер экен деп койсо... ГИТИСке жетелеп барган ким эле?! Сени киши кылган ким эле?! Мурдуңду жеңиң менен жаныган кургур эмес белең. Киши арыгын асырасаң...

*(Гүлжан ыйлап туруп кетет.)*

Айша-апа. Исабек, сен да бир кокуй экенсиң... *(Гүлжанга)* Балам, коё турчу.

Исабек. Тим койгула... мунун мөңкүмөйү кармап калган тура.

*(Гүлжандын артынан кетет.)*

Анвар. Бетим ий, бетим.

Алмагүл. Керкисинде да, кемигинде да бар го...

Айша-апа. Капырай, эмне болуп кеткенсиңер. Шумдугуң кургур.

Анвар. Кантсин, Гүлжан күйүттүү чындыгын айтып жатпайбы...



**Көшөгө**

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Анвар. Жолдош профессор, сизди мүмкүн бекен? «Керегеде кулак бар, сырдашсаңар ыраак бар». Жүрчү, Осоке, кенен кесир сүйлөшүп келели экөөбүз. Демейде сага приемго кириштин өзү да кыйын.

Иосиф Татаевич. Ай, келбейсиң го, болбосо мен сени чөгөлөп тосуп алат элем.

Анвар *(Мамбетке)*. Мамбет, Максудага кийин өзүң айтарсың көз көрүнөө эле ээрчитип кеткенимди...

М а м б е т *(Айша-апага)*. Көрдүнүзбү, Айша-апа, современный аялдар дейт буларды. Эсил кайран феодализм заманы, кайрылып келбейсиң-оо! Эр кадыры ошону менен кошо кеткен окшойт.

А н в а р. Антип какшабай эле кой, Мамбет, биз азыр да силерди чамаңарга жараша кадырлап жүрөбүз. (*Иосиф Татаевике*) Ээ, Осиптай, сага айтпаганда, кимге айтам... Мамбет экөөбүз отурган жерибизде оор тартып кала электе көмөктөшүп койсоң боло, өмүр дегениң зуулдап өтүп баратат, шаарга барып турсакпы дегенде эки көзүм төрт... Мамбетке да ичим күйөт, өзүң деле билесиң го колунан иш келерин, аны да аяйт экенсиң өмүрү текке кетеби деп, өзүмдү да аяйм, башкалардан эмнебиз кем эле...

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Артык болсоң болорсуң, бирок кем эмессиң. Сендей аял кайда...

А н в а р. Ушунчалык ичим күйөт кээде, өзгөчө сага окшогон жолдошторду телевизордон көрүп калсам. Өзүмдү четте калгандай сезем... Эсиңдеби баягы кеч... Сен анда Максудага үйлөнгөнү жаткансың, мен болсо институтту бүтүп, кетип жаткамын. Ошондо өзүңдөн бир ооз гана сөз чыкканда го... Ай, эми өткөнгө өкүнбө дейт... Максуданын да багы бар экен... Француздар айтат экен: «Көчүгү жокко кудай ыштан берген имиш...»

И о с и ф  Т а т а е в и ч. А-ай, лакап эмес бекен. Экөөбүз баш кошсок, куп келишип калмак экенбиз! Буйрук да! Тагдыр ушундай болсо, эмне кылабыз...

А н в а р. Аны бир айтасыңбы, миң айтасыңбы... Андан көрө Мамбетке жардам бер... куру

намыс, ит кыялын калтырып, түз жолго салсак болоор эле... Али да кеч эмес.

Иосиф Татаеви. Кеч эмес экени туура го, бирок бу неменин шору өзүндө... Кудай акылды да берген буга... ордунда башка бирөө болгондо, эмдигиче... оххо... далай жерге жетмек... Колдосо колдоп деле коёбуз... Кыйналар иш эмес... Бирок мээнетибизге арзыбайт го дейм, кыялын өзүң билесиң. *(Анварды кучактоого аракет кылат).* Тушарына теңебейт эч кимди... Дымагын коё кал... Дагы бизге окшогондорду «ляппайчы» дейт имиш, ансыз бу жалганда күн өтпөсүн билбейби... Ошону үчүн «же иттен жок, же ит байлаган жиптен жок» болуп жүрөт да...

Анвар. Айтпасаң деле түшүнүп отурам... Бирок, ооз тентектиги болбосо, арамдыктан алыс.

Иосиф Татаевич. Түшүнөм, сен аны көтөрүлсө деп ойлойсуң... бирок, таарынба, ачыгын айтайын – андан эчтеке чыкпайт баары бир! Кечигибирээк калды. Азыр учур андайлардыкы эмес, учур – өмгөктүүлөрдүкү!

*(Гүлжан, Исабек, Досбергендер келет.)*

Исабек. Кезинде бир акылман «семейные сцены – капитальный ремонт любви» деген экен. Билип айтса керек. Кечириңиздер, агайындар.

Гүлжан *(күлүп).* Көңүл бурбай эле койгула, биздин турмушубузда мындай ремонттор көп болот.

Алмагүл. Ой, койсоңорчу алда качан унутуп калган нерсени кайра козгобой.

Гүлжан *(Мамбетке).* Сен да кызык экенсиң, карышкырга кой кайтартып.

Мамбет. Көзүм көрбөсө, эмнемди бөрү жесин дечү эле?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Көргөн көздө айып жок... Ушу Мамбет менен Алмагүлдүн ортосунда бирдеке барбы дейм, ыя. Же мен жаңылып жатамбы? Сен оюңа алба... анчейин айткан кеп. Өзүңө окшогон аял турганда, ал дагы ит экен. Эх, тобокел деп туруп, экөөбүз бир саякатка жөнөп кетсек, ээ... он-он беш күнгө...

А н в а р. Он-он беш эле күнгөбү?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Андан көп болсо, ого бетер кана? *(Кучактамак болот. Анвар анын кучагынан абай менен бошонот.)*

А н в а р. Кой, жүр эми. Тигилердин оюна бир нерсе кетпесин. Жаңкы сөздөр экөөбүздүн ортобузда калсын... Мамбет укпасын.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Менин ичиме кирген түлкү тумчугуп, арстан өлүп тынат. Илгерки заманда баатырлар ошентип ант берүүчү экен...



А н в а р. Жүр анда, баатыр... *(Анвар ырдап кирет, беркилер ырды коштошот).*

И о с и ф  Т а т а е в и ч *(Досбергенге).* Берчи комузуңу. *(Комузду толгоп алып, желпинген, комузга жат күү черте баштайт.)*

М а м б е т *(Комузду жулуп алып).* Кордобо комузду! (Иосиф Татаевич Мамбетти сырдуу карап, бир аз ойлонуп турат да, анан комузду кайта колуна алып, мукамдуу күү чертет. Тегеректегилер ойго батып, үн катпай отурушат.)

М а м б е т. Кайран талант, кайран талант!

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Бул эмне дегениң?

М а м б е т. Мансап кууп, өмүрүңдү сайбаганыңда, сенден атактуу комузчу чыгат беле...

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ээ жигиттер, кимдин ким болорун ким билиптир...

А н в а р. Жакшы күү экен, кимдики?

Иосиф Татаевич. «Осокемдин арманы» деген күү.

Анвар. Тооба, сенде да арман болот экен, ээ?

Иосиф Татаевич. Армансыз жан жокко, кыязы. Кээде жан адамга айтпаган купуя сырымды жыгачка салам. Комуздан өтөр менде сырдаш жок.

Исабек. Анда жагдайың анча жаман эмес экен. Менде андай да сырдаш жок.

Айша-апа. Айланып кетейиндер, силерди карап отуруп менин кубанчыма чек жок. Биресе кызандашып талашып, кайта жадырап ойноп-күлгөнүңөргө жетине албай отурам. Азыр силерди карап отуруп, бала күнүңөр эске түшөт. Мен педтехникумду бүтүрүп, интернатка тарбиячы болуп келгенде он сегизге толо элек чагым эле. Айыл балдарына арналган шаардагы жалгыз интернат болчу. Анда бул төртөө тең экинчи классты окуйт... Айта берсе, аңгеме көп...



Гүлжан. Мына, мына ошол жагын айтыңызчы. Болбосо булар бизге периште болуп көрүнгүсү бар...

Айша-апа. А кездеги булардын жанында периште жолдо калмак. Сүйгүнчүк балдар эле. Ошентип, баары интернатта чоңойду. Согуш башталар жылы мени мектеп-интернатка директор кылып дайындашты. Кары дебей, жаш дебей башына мүшкүл түшүп, кыйын кез башталды. Бир күнү бешөө ээрчишип, мага келиптир. И, эмне? «Биз майданга жөнөйбүз» дейт. Жаным чыгып кете жаздады. Кырк экинчи жылдын каардуу учуру. Бу жетимчелер болсо ошондо он жетиге жаңы чыккан. «Оболу мектепти бүтүрүү керек эмеспи» десем, мулжундап болуш-

пайт. Өз ара биротоло бүтүмдөп келишкен окшойт. Мага келүүдөн мурда военкоматка барышыптыр.

И с а б е к. Айша-апа, ушу жагын баса айтыңызчы. Ошондой болгон десем Гүлжан ушу күнгө чейин ишенбейт. Бул инициативаны алды менен баштаган мен элем го, эсиңиздеби?

А й ш а - а п а. Жаңылбасам, баарын баштаган Сабыр болчу.

Г ү л ж а н *(күлүп)*. Мына, калпыңын бири чыкты.

И с а б е к. Бирок анда да...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Талашпай эле кой. Баштаган Сабыр болчу.

И с а б е к *(Мамбет менен Досбергенге)*. Эй, силер деле айтсаңар болбойбу. Баштаган Исабек деп койсоңор бирдеменер кетеби?



М а м б е т. Айта албайбыз. Осипбайдын сөзү менен айтканда моралдык правабыз жок. Сөздү бөлбөчү, угалы.

А й ш а - а п а. Кеп ким мурун баштаганында эмес. Азыр анын мааниси канчалык. Бешөө тең бир класста окуп, жатаканада бир бөлмөдө жатышчу. Менин кабинетиме бешөө бирдей кирди. Балдарымдын эр жетип калганын ошондо алгач байкадым.

*(Жарык өчөт, кайра жанат, дагы өчүп, дагы жанат да, анан биротоло өчөт. Аба тревогасынын сиренасы кошулуп дене-бойду дүркүрөтөт. Прожекторлор караңгы асманды көзөнөлөйт. Айша-апа шам жагат. Окуучулары тегеректейт)*.

И с а б е к. Эжей, сизге бир чоң өтүнүч менен келдик.

А й ш а - а п а. Ии, айткыла, кандай өтүнүч?

М а м б е т. Биз военкоматка барып келдик. «Мектебиңерден кагаз керек дейт».

А й ш а - а п а. Кандай кагаз?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Бизди өз ыктыяры менен согушка жөнөөгө даяр деген кагаз.

А й ш а - а п а. Мен каршымын *(Аялдарга.)* А, көрсө булар военкоматка барып, согушка жибергиле деп сураныштыптыр. Военкомат ошол тууралу мектептин каршылыгы жок деген кагаз сураткан тура. Жүрөгүм оозума тыгылып, келмем качты. Эмне дээримди билбей калдым. *(Эркектерге.)* Балалык кылбагыла! Согуш жаш балдардын иши эмес. Балтыр этиңер толо элек... Бара тургула. Мен ойлонуп көрөйүн дедим. *(Аялдарга кайрылып.)* Өзүм жалгыз калып, ары ойлодум, бери ойлодум, эми канттим? Али мууну ката элек жаш балдар болсо. Баары опат болуп кетсе эмне болот? Же жаштайында мунжу болуп кайтышса эмне болот? Эптеп шылтоо таап, токтотуп калсам кантет? Мекенди коргойм деп, жигерденген жаш жүрөктөрдүн чын ыкласын суу сепкендей муздатып алып өмүр бою өкүнүп жүрбөйүн? Айтор, башым маң болду. Айлам кеткенде райкомго барып, кеңеш сурасам, райкомдун секретары: «балдар сиздики, өзүңүз чечиңиз» дейт. Балдарды токтото албадым, кагазын жазып, военкоматка жибердим. Бешөөн тең поездге салып узаттым. Пай, пай, пай. Эшелон толтура аскерге кетип жаткандар. Поезд жөнөй бергенде эсим чыкты, кудай урганда кантип мен ушуларды баргыла дедим деп ыйлап жибериптирмин.

А й ш а - а п а. *(Айтып отурган окуясын кайра башынан өткөргөндөй болот. Поезд ордунан козголот, дөңгөлөктөр шакылдап, вагондордун*

*жарыгы жаркылдайт, паровоз создуга кыйкырат. Ички чакан айланма төрт курбуну алып жөнөйт, бешинчи, Сабырдын ордуна жарык нур жөнөйт. Айша-апа поезд болгон чакан айлампаны ээрчий жүгүрөт.)*

А й ш а - а п а. О, жараткан, ушуларымды сактай көр, аман-эсен кайра келтире көр!

*(Эркектерге тийген жарык өчүп, алар көрүнбөй кетет. Айша-апа тизелеген калыбында жарык тийген тегерекке колун сунат.)*

Исабек, Досберген, Сабыр!

*(Жарык тегерек өчөт.)*

Са-быр... Са-быр...

*(Узатуу үндөр, ызы-чуу, музыка – баары өчөт. Сцена жарык болуп, баары көрүнөт.)*



А й ш а - а п а *(эсин жыят)*. Кечиресиңер... мен эмне болуп турам...

Д о с б е р г е н. Өткөн – өттү.

А й ш а - а п а *(тынчып)*. Тилегим кабыл болду окшойт, бешөө тең аман-соо кайтты. Ошондой болгон. *(Пауза)*. Ошентип, көз жаш менен сурап-тилеп алган балдарым ушулар... Бак-таалайлуу болгула, бала чакаңар аман болсун, жамандык көрбөгүлө, айланайындар.

И с а б е к. Жаштыктын жаркыраган доору үчүн, турмуштун икир-чикирине малына элек, ошол мөлтүр таза сезимдер үчүн, кана. Өлбөгөн жанга... алып жиберели.

А й ш а - а п а. Силерди карап отуруп Сабыр көз алдыман кетпей койду. Ал бир артыкча жалындап чыккан бала эле.

Д о с б е р г е н. Ооба, ооба... силер бизди узатканда биз бешөө элек. Беш колдой болгон беш улан элек... Мына эми төртөөбүз калдык...

Бешинчи, арабыздан өрттөй чыккан досубуз Сабыр эле. Кана эмесе, жигиттер, ошол бештин бири, ортон колдой Сабыр үчүн... *(Орундарынан туруп, стакандарын өөдө көтөрө кагышышат.)*

Г ү л ж а н. Сабыр фронтто жок болдубу?

И с а б е к. Жо, согуштан кийин.

А й ш а - а п а. Ок, антип айтуучу эмес! Тирүү кишини өлдү дегениңер кандай?!

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Өлбөсө да, өлгөндөн неси артык? Өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп санда жок...

А й ш а - а п а. Куур тондун ичинде куурасын жигит, өлбөсүн жигит. Жана келе жатканда, араңарда Сабыр да бар чыгар деген үмүттө элем. Мобу сүрөттөрдү, эски газеттерди ала келбедим беле... шордуу жаным.



М а м б е т. Мына – Айша-апанын өзү.

Д о с б е р г е н. Ой, биз экенбиз. Бул эмне? Ким булгаган?

А й ш а - а п а. Бул сүрөттөр көпкө чейин мектепте илинип турду, ошондо кимдир бирөө, сактык кылып Сабырдын жүзүн сыялап салыптыр. Кийин пенсияга чыгарда, сүрөттөрдү алып алдым.

М а м б е т. Сүрөт, сүрөт... Азыр ойлоп карасам, бизди бир бирибизге жакындатып, баштап жүргөн Сабыр экен. Ал бат эле эсейе түшкөнсүдү. Тике сүйлөп, бетке айтмай курчтугу бар эмес беле.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ошондон тапты да! Чыйрактын шыйрагы калат...

А й ш а - а п а. Койгула, балдар, өткөн күнгө көлөкө түшпөсүн!.. Силердин фронтто жүргөндө жазган катыңар мага тоодой кубаныч апкелип

турар эле. Окуй берчүмүн, ыйлай берчүмүн. Сабыр болсо дамаамат: «Ардактуу, сүйүктүү Айша-апа, Осипбай, Исабек, Мамбеттин, Досбергендин эсен амандыгын сизге кабар этем. Салгылашта замбиректин таамай огу менен далай фашистти кан жуткурду. Мен да ошондоймун»,– деп жаза турган. Бир жолу Исабекти: «Бүгүн мен төрт фашистти жайладым» деген каты келди. Коркконум ошончолук, «кулунум ай, өзүң аман калганыңа шүгүр» дедим ичимен.

*(Баары күлөт.)*

Д о с б е р г е н. Ой, Исабек, эр болбосоң коё кал! Апай, менин жанымда Манас да, Семетей да жүргөн эмес, дайыма ушу Исабек жүрчү. Бирок жанагыдай эрдигин көргөн жок элем. Кайдагы төрт фашист? Же бизден жашырынып барып атып келдиң беле?



Г ү л ж а н. Жетесинен урган байкушум, сенин азыркы кеселиң ошондо башталган тура.

И с а б е к. Силер да кызык экенсиңер! Ооруктa калгандарга дем бериш үчүн жазганымы байкабайсыңарбы! Биздин снаряддар фашисттерди жүздөп кыйратып жаттыбы, миңдеп кырып жаттыбы, ким билиптир. Неужели ошолордун ичинен төртөөсү менин энчиме тийбесин?

А й ш а - а п а. Бир күнү мен бир кызык кат алдым... Силердин командириңер мага, мектепке алкыш айтып, силерге окшогон жоокерлерди тарбиялаган үчүн, аябай ыраазылыгын билдириптир. Конвертте аскер газетинен кыркып алынган «Тайманбас достор» деген макала бар экен бешөөң жөнүндө... Ошондо жазылыптыр: Осипбай менен Мамбет ок мөндүрдөй жаап тур-

ган кезинде, замбирегин сүйрөп чыгарып, жарадар жолдошторун көтөрүп чыккан экен.

А н в а р. Ошондой болду беле?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ананчы! Болгону чын. *(Айша апага.)* Эң алды менен сизге чоң рахмат. Эмне деген мыкты кишилерди өз колуңуз менен тарбиялап чыгардыңыз... Биз дагы сизди уят кылган жокпуз го дейм. Мына, мисалы... Исабек – белгилүү жазуучу... Досберген болсо – бүт областка белгилүү совхоздун башкы агроному... Мамбет... Мамбет – республикабыздагы мыкты педагогдордун бири го... Баса, качанга эле айылда жүрмөк эле... Шаарга келсин эми. Бу жагынан биз да колдон келишинче көмөктөш болорбуз...

А н в а р. Сонун болор эле...

М а м б е т. Мен жөнүндө кам жебей эле койгула, агайындар! Иттин ээси болсо, карышкырдын кудайы бар...



И о с и ф Т а т а е в и ч. Эшекти отко айдаса, эмнеге качат дейт...

Д о с б е р г е н. Осипбай, сен кызык экенсиң. Өзүң почти академиксиң, министр болуп калууң да ыктымал, анан анча-мынча сөзгө теригесиң... кенен болбойсуңбу. Бул отуруштун аксакалы ургаачы болсо да – Айша-апа, андыктан түз айтыш керек. Айша-апа, баарыбызды тырмактайыбыздан тарбиялап чыгарып, киши кылган өзүңүз. Сиз дегенде, тикеден тик туруп, ушуну ичип жиберели. Сиздин энелик жүрөгүңүз үчүн!

А й ш а - а п а. Уялтып жибербедиңерби мени. Рахмат, кагылайындар. Ушундай болот деп ким ойлоптур... Чынында мен кара таман жалчынын үйүнөн чыккамын... Биринчи оозанган

сөзүбүз: «Кеңеш». Мага окшогондорду жарыкка жеткирген ошол Кеңеш өкмөтүмө рахмат! Кээде туруп өзүмө өзүм таң калам: «Ушу менден окуп тарбия алган балдар, кандай мыкты кишилер болду деп». Силердин азыркы билимиңер мен үчүн – таң каларлык жомок, силердин сөзүңөргө түшүнбөй да калам кээде… Турмуш деген жээгин жеп аккан өкүм дайра экен. Мына силерди карап отурам, билгениңер көп, талаш-тартышыңар да орундуу… өз заманыбызда биздин да талашыбыз – дүйнөдөгү адалдык-арамдык, жөнүндө боло турган. Бу талаштын түбүнө жетүүнүн өзү кыйын. Бирок, ал эми чынында: адам-адам болгондон бери эле, актык үчүн жашап, өмүрүн, ошого арнап келе жатпайбы. Ал тууралу Сабырдан артык эч ким айта албаган. Ошол ыры журналга басылганда, обол маанисин анча түшүнө берген эмесмин. Улам жыл өткөн сайын мааниси ачыла берди «Канткенде адам уулу адам болот?..».



И с а б е к. «Эзелтен чечилбеген улуу талаш», Айша-апа.

Эзелтен чечилбеген улуу талаш:
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо кууса да ушул талаш –
Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да ушул талаш –
Канткенде адам уулу адам болот?
Душмандан жан соогалап качканда да,
Душманды кырып-жоюп басканда да,
Түбөлүк чечилбеген ушул талаш –
Канткенде адам уулу адам болот?
Адамзат качан чечет, качан коёт,–
Канткенде адам уулу адам болот?

Г ү л ж а н. Жаш туруп айтканын кара!

Д о с б е р г е н. Лермонтовчу?

И с а б е к. Досторум, бу да болсо согуштун аркасынан. Дүйнө таануунун эң чоң мектеби – согуш экен да.

Г ү л ж а н. Бирок ошол чоң мектеп журттун баарына бирдей сабак болбосо керек.

И с а б е к. Жалгыз мага тийиштирем деп жаңылба. Айлананы караңыз.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Бизди калкалабай эле кой, Исабек. Лично мага бул какшык чымын чакканчалык эмес. Бирок алиги ыр десең... Менимче бул ырда маселе өтө абстракттуу коюлган. Мезгилдин жышаанасы сезилбейт.

М а м б е т. Ыр мага ушул турушу менен кымбат. Бүткүл адам баласына орток ой.

А н в а р. Мен Досбергендин оюна кошула албай калдым. Лермонтов деген Лермонтов, а Сабыр деген ким? Сыпайылап айтканда, обу жок салыштыруу.



М а м б е т. Арийне, сен үчүн Сабыр кайдагы бир неме. Мен үчүн тагдыры тамырлаш, өз боорлош.

И с а б е к. Сен антип Сабырды өз менчигиңе имерип алба. Жаны ачыган жалгыз гана сен сыяктанып, калгандарыбыз бүт ага кол шилтеп салгансып, мунуңу кандай түшүнсө болот?..

Д о с б е р г е н. Атаны кудай аткырлар айя? Дагы баягы Сабыр байкуштун кулагын чуулдатмай болдуңабы? Бул эмне «а» деген сөзүбүздүн баары эле ошого барып такалат? Айша-апаны сыйласаңар боло, ооз ачтырбай койдуңар!

А й ш а - а п а. Жо-жок, Досберген, айланайын. Сабырдын тууралыгын да, натууралыгын да мен талдай албаймын. Силер аны улам оозго

алып отурганыңардын өзү эле – аны кыйбай турганыңарды билгизип турбайбы. Ал дагы да болсо биз менен бирге экен...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Адабият билермандары, поэзия сынчылары Исабек экөөңөр эленер го, Сабыр менен кээде айтышып, кээде анын ырларын көкөлөтө мактап, жүргөн силер.

М а м б е т. Ойт берип четке чыга бермейинди кой, Осипбай. Анын ырларын төртөөбүз тең бирдей билчүбүз, бирдей сүйчүбүз. Же калппы? Ар бир жазганын бизге көрсөтүп турар эле. Дагы эмне жазаар экен деп, биз күтчү элек. Балким биз болбосок Сабыр анчалык акын болбойт беле, ким билет.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ал ырас. Бирок алиги өз башына балээ болуп түшкөн поэмасына менин эч кандай тиешем жок. Айтаарым ушул. Болбосо, эмне үчүн ал жумурай журттан акылдуу, көктөн түшкөн кеменгер болуп көрүнгүсү келди? Андай ырлар, азыр өзүң айткандай, менин сагынычыма да, кубанычыма да жат көрүнүш.

*(Пауза)*

И с а б е к. Эски жараны чукугансып, качанкы өткөн окуяны кайра эскериштин кажети канча?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ырас, бул отурушка ылайыгы жок эскериш.

И с а б е к. Э, Айша-апа, далай мүшкүл өттүкетти бу баштан, аны эске алгандан не пайда...

А й ш а - а п а. Билем, билем, бирок ушу күнгө чейин аныгына жете албай койдум.

М а м б е т. Баштабасак болот эле, баштаган соң чала өлүк кылып таштаган жарабайт. Эрте-

би-кечпи, бир күнү айтылар сөз. Эмнесин жашыралы, Сабырдын тагдырына ушул отурган төртөөбүз тең ортоктош экенибиз азыр айрыкча сезилип турганын байкадыңарбы?

Г ү л ж а н. Эртеден бери какшаганыңар Сабыр... айтууңарга караганда... ал өзүнчө бир укмуштуудай жигит болгон окшойт.

Д о с б е р г е н. Чын-чынына келгенде, ага теңелер арабызда эч ким жок!

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мактаган кызыңар... Иш жүзүнө келгенде, маес болуп чыкты.

М а м б е т.

«Колуна курал алып, жоо тоспосо,
Бир тууган агама да кол бербеймин».

деп айткан ким эле?.. Сабыр эмес беле? Ушундай ыры менен, ушундай ыр чыккан албуут дили менен бизди ээликтирип, согушка жөнөбөдүкпү. Ошенткен Сабыр болбосо, балким, биз согуштун четин да көрбөй, азыркыдай майданда анттикминттик деп көкүрөк койгулап отурбайт элек.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Деги эмне айтайын дейсиң. Аны кийин актап, бошотуп жиберишти го. Эми башкага алы жетпей, арак менен алпурушуп калганына ким күнөөлүү?

М а м б е т. Минтип айтышка кантип оозуң барат? Уялсаң боло.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мага деген айыбың өзүнө буюрсун. Мен өз оюмдун түздүгүнө жана тууралыгына көзүм жетет.

М а м б е т. Мына эми кадимкиңе келдиң. Согушта да бүгүн бар, эртең жок, кай жерде сулап каларыбызды билбей жан таштап урушуп жүргөндө да сен канткенде жакшы көрүнүүнү, канткенде соо каларыңды эсиңен чыгарчу эмессиң.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Эй, сен өзүң кимсиң? Ошондо кайда элең? Мынчалык чынчыл, акыйкатчыл экенсиң, ошо кезде тилинди бирөө байлап койду беле? Жок, достум, жоо кеткенден кийинки чынчылдыгыңа менин да шегим бар. Шектенер болсом мына сенден шектенсем болот. Болбосо актанып көрчү. Факты, факты, менен актан! Эми биерде өзүңдү бейкүнөө периште көрсөтүп, баятан бери көбүк чачканың актыгыңа кепил боло албайт. Кантер экен деп койсо, качанкы окуяны чукулайсың да чукулайсың, мүмкүн өз айыбыңды бирөөгө оодара албай жаткандырсың? Эгер сөздүн аныгын билгиңер келсе, баарыңардан шек санайм, Мамбет сенден да, Досберген сенден да, Исабек сенден да. Бирок билип койгула, мен бул иштен тазамын, өзүмдү өзүм билем го.



М а м б е т. Мына, эми туурасын айттың. Кептин төркүнү ушунда, сен бизден шек санайсың, биз бири-бирибизден, анын ичинде сенден да шек санайбыз. Бар балээ ушунда. Бирок балээнин баары Сабырды алып кеткенде биз үнчукпай кала бергенибизде жатат... Ошондогу үн дебей кала бергенибиз мени ушу күнгө чейин азапка салат. Мен ошо Сабырга жалаа жапкан кимибиз экенин, ал эмне үчүн жамандаганын билсем болду эле, ошондо көксөөм суумак.

Д о с б е р г е н. Окшошконго мушташкан де, издешпей табышкан экенбиз. Эмне, жеткен жерибиз ушу болдубу. Четибизден күнөөкөр, чыккынчы болуп чыктык ээ! Э кудай, эртең кантип жүз көрүшөбүз?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Курулай кыжылдашкандан не пайда, андан көрө, азыркылар айт-

кандай, маселенин ачык болушу үчүн жаап койбойлубу.

А л м а г ү л. Жок, кечирип кой, Осипбай, мына биз отурган соң оболу бу сөздү баштабасаңар болот эле, өзүңөрчө кездешкенде чечишип алмаксыңар, эми сөз башталып калган соң...

А н в а р. Алмагүл туура айтат. Бейкапар жүргөн бизди да булганыч сөзгө аралаштырып салдыңар... Анан деги, бул отурган элди сыйлоо керек. Биз го мейли, бирок Айша-Апа кандай ойдо калат? Биерде төртөөң отуруп алып, тирүү жүргөн бешинчиңерди өлгөн адамдай сөзгө алдыңар. Силердин сөзүңөрдү угуп отуруп, быякта биздин жети өмүрүбүз жерге кирди. Жок, болбойт, акыйкатына чыгалы.

А й ш а - а п а. Узун кулактан укканыма караганда Сабыр согуштан келгенден кийин бир поэма жазат, ошол үчүн айыпталып, соттолот. Кийин күнөөсүздүгү аныкталып, акталып чыгат. Бирок мунун баары эмнеден башталып, кандай болгону силерге гана маалим. Тек айтаарым, бешөөң тең мага колумдун беш салаасындай кымбатсыңар. Сабырды согуш мезгилинде бүт жаштар жакшы көрчү, ырларын ант катары жатка айтышар эле. Жакында Интернаттын кырк жылдыгына байланыштуу мектеп музейине материалдарыңды жибер деп кат жазсам, «Ардактуу Айша-апа, мени Ата Мекендик согушта курман болгон деп белгилеп коюңуз» деп жооп жазыптыр. Бул эмне шумдугу?

Г ү л ж а н. Деги анын тагдыры эмне менен бүттү? Айта турган болсоңор, айтпайсыңарбы!

*(Пауза)*

И с а б е к. Эмнесин айтмак элек... Согуш бүттү. Бешөөбүз тең аман-эсен кайра кайттык, албетте, төш толтура орден-медаль. Антсе да турмушту кайра баштап, ар ким өз жолун издөөгө туура келди. Көп кыйынчылыгы жок эле баарыбыз институтка кирип кеттик: Сабыр экөөбүз филфакка өттүк, Осипбай тарых факультетине, Досберген болсо – айыл чарба институтуна. Сабырдын таланты ташкындап турган кези, мен да колдон келишинче жамактап, калышчу эмесмин. *(Пауза.)*

Д о с б е р г е н. Исекең а кезде катырчу...

Г ү л ж а н. Чыны менен дурус жазчу беле?

Д о с б е р г е н. Оо-о, а кездеби? Чар учкандай жазар эле.

А й ш а - а п а. Жакшы жаза турган. Бекер таштап койду.



И с а б е к. Жашында ырды ким жазбаган, Айша-апа. Айтор, ар ким өз тиричилигин кууп кетти: согуш бүттү дегендей, өзүбүз жап-жаш кезибиз «Манастан Чубак кем бекен» деп, ар кимибиз кыйынсынып, кудай салбасын... *(пауза.)* Андан аркысы болсо... Менимче, Сабырдын көз карашында кандайдыр бир өзгөрүүлөр пайда болду... Кандай десе болот... Аны түшүндүрүштүн өзү да кыйын. Күндөрдүн биринде ажайып бир ырлар окуду, чоң поэманын башталышы экен... Кыскача мазмуну: «Мен согуштан чарчадым, ичиркенем кандуу-сүрдүү жүзүнөн, нечен-нечен жаш өмүрлөр жеңиш үчүн окко учуп, улуу Мекеним фашизмден бошонуп турганда, басып өткөн жолумду, эч убакта кайталагым келбес эле...»

А л м а г ү л. Ким эле согушту кайра басып өткүсү келсин? Анын неси бар?

Исабек. Биздин жеңиштин даңазасын ырдоонун ордуна, каяктагы бир калпыс ойлорду айтып туруп албадыбы... Көркөмдүгү күчтүү болгону менен, ички түшүнүгү талаштуу болуп калды. «Арамдыкты адамдык менен жеңе албайсың, согушту согуш жеңет, бул чындыктан четке чыгып турууга эч кимдин укугу жок» деп айттым ага.

Гүлжан. Поэманы силерге окуп берүүчү беле?

Мамбет. Ии. Улам жазганын улам окуп берүүчү.

Досберген. Бекер кылган экен эми ойлосом.

Исабек. Кеп анда эмес, кеп жолдоштук кеңешти укпай койгонунда. Мына ошону бекер кылган.

Мамбет. Эч кандай бекер-мекер эмес. Ал бизди адал деп ойлогон... анан калса түштөн кийин күйөрман болуп алыпсың... Анын өзү да, өчүп кеткен таланты да сага бир тыйынчалык зарылдыгы жок эмеспи... Поэмасы «Добулбас үнү өчкөндө» деп аталчу.

Добулбастын үнү басылган күнү,
Арбактардын баары туруп чогулар,
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,
Ээн жерден жалгыз мага жолугар,–
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?..
Кызыл кыргын, кара сүргүн чоң согуш –
Жанын кыйды миңдеп, сандап жарандар.
Кең казылган бир мүрзөнүн ичинде
Катар жатат жакшы менен жамандар.
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,
Арбактардын баары туруп, чогулуп,

«Биз кырылдык, сен тирүүсүң эмнеге?» –
Деп сурашса ээн көрдөн жолугуп, –
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?
Үйдө ыйлатып эне менен атаны,
Өлгөндөрдүн кимге убалы, азабы?
Өз да, жат да катар жатат жер тиштеп,
Бүткөн өңдүү тирүүлөрдүн чатагы.
«Бүттүңөрбү» – деп сураса жолугуп
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?..

*(Пауза.)*

А л м а г ү л *(Исабекке.)* Бул ырларда сени шектенткен эмне бар? Билген кишиге – реквием турбайбы.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Аның чын. Бирок кимге арналган реквием?

А л м а г ү л. Кимге арналмак эле? Согушта курман болгон эрендерге арналып жатпайбы.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Эрендердин ар кандайы болот... Эр менен эрендин ортосунда айырма чоң.

И с а б е к. Ал туура го, талантында шек жок. Кептин баары мазмунунда... Ким айталды ушинтип. Кандайдыр өкүнүч, арман бар. Мага бу ырлар идея жагынан шектүү, калпыс сезилет.

Г ү л ж а н. «Көтөрүп атка салганың курусун, жеңе, бир жеримен чымчып алганың курусун, жеңе» дегендей. Жаңкы ырдын эмнеси калпыс, эмнеси шектүү?

И с а б е к. Азыр айтышка оңой. Ошо кезде көрөр элем сени! Эскини эңседиң деп, эңгиретип турса... Анда заман да башка, ырдаган ырыбыз да башка болчу...

М а м б е т. Өмүрүм өткөнчө сени түшүнбөйм го... Сабырдын жазганын ар качан ары карап

ыйлап, бери карап күлүп, мактачу элең, суктанчу элең...

И с а б е к. Азыр да мактайм, азыр да танбайм.

М а м б е т. Болгон адилдигиң ошобу, өмүрүндө бир жолу да батынып Сабырга чындыкты айтпадың.

И с а б е к. Оозуңа кара! Мен сага окшоп мушташып, жакалашкан эмесмин аны менен.

А й ш а - а п а. Ошого чейин бардыңарбы?

М а м б е т. Билгем, муну айтарыңды.

И с а б е к. Мунун билгичтигин кара... Касташкан мен эмес...

А й ш а - а п а. Ээ, Мамбет, касташканың чынбы?

М а м б е т. Бетке айтканым чын болчу. Анын баары жаңкы поэмадан келип чыкпадыбы. Ошондогу түшүнүгүм менен, мен ага бетке айттым: «Сен акын катары түз жолуңан адаштың». «Көркөм өнөрдө сызып койгон түз жолдор жок, сенин ченемиң мага туура келбейт», – деп ал мага жооп кайтарды. «Сенин поэмаң – өткөндү эңсегендик, саясий ката» деп айттым. Антсем, каны ичине тартып, мени жакадан алды. Мен да карап турбадым. Андай болорун ким билиптир. Көрсө экөөбүз узак жылдарга ажырашаардын алдында, эси жоктук кылган экенбиз. Чынында кеп жакалашканда эмес. Менин кечиримсиз күнөөм – жанагыдай саясий айып тагып, түшүнбөстүгүм экен. Көрсө, ошондо чыгармачылык жол издеп, өзү менен өзү жакалашып, изденүүнүн азап-тозогунда жүргөн турбайбы.

А л м а г у л. Кийин толук акталган тура.

Д о с б е р г е н. Сабырдын ал ырлары тууралу кандай ойдосуң деп азыр сурасаңар бар эмес-

пи, мына ак дасторкон турат, башымды көп оорутпагыла дээрим ачык. А кезде болсо, унчукпай кутулганды туура көргөм. Чакырып алып сураса, бирдеме айтат элек дечи. Жөнү жок жулуна бериш, кудай билет, туура болот беле, же… Ал мезгил өзү катаал мезгил болчу.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ошондо мен антмек элем, минтмек элем деп көкүрөк кага албайм. Анан калса Сабырың да периште эмес го, болбосо ак жеринен сүргүнгө айдалып келмек беле. «Заман, заман» дейсиңер. Заманда не айып? Ырларынын өзү тескери болчу. Менин эркиме койгондо, мындайларды мен азыр да жакын жуутпас элем…

И с а б е к. Кудай сактай көр! Токол эчкиге кудай мүйүз бербептир дейт. Сенден башкалары да жетишер, бөрк ал десе, баш алгандар азыр да жок эмес… Бизден да жашыраак, бизден да эптүүлөр чыгып жатпайбы.



И о с и ф Т а т а е в и ч. Биз жорго… Ысык-Көл… Ала-Тоо… жана ушул сыяктуу, ээ? Билебиз силерди…

И с а б е к. Ой, айбан, эмне деп тантырап жатасың? Ким ал сен билгендер?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Билмексен гана киши болуп калат булар… карасаң…

И с а б е к. Ой, Осипбай, кудайдан корксоң боло! Ала-Тоо, Ысык-Көл, Ата Журт жөнүндө жазбаганда, чокубузду жазмак белек?!

И о с и ф Т а т а е в и ч. Отто, оттой бер. Сага ишене коюучу мен эмес.

А й ш а - а п а. Башым катты силерди угуп отуруп эле. Түшүнө албай койдум, сөзүңөрдү… бирге окуп… бирге чоңоюп, бир сындырым нанды тең бөлүшүп, согушта кан кечип жүрүп, бир-

бириңерге жөлөк болуп келдиңер эле. Анан бирөөнүн башыңа мүшкүл түшсө, таанымаган адамдай таштап кете бергениңер кандай? Ушундай да болобу?

И с а б е к. Кайрылып Сабырга кол бербей коюпсуңар деп ойлобоңуз, Айша-апа. Ал акталып келгенде мына мен өзүм жетелеп барып, редакцияга орноштурдум. Ичкиликке берилип калган экен, андан кетти. Башка бир жерге орноштурсам, аерге да турук ала албады. Анан кайда кеткенин өзүм да билбей калдым.

Г ү л ж а н. Ушунун баарын биринчи жолу угуп отурам. Мурда Сабыр тууралу бир ооз айткан жок элең го!

И с а б е к. Эмнесин айтмак элем?

М а м б е т. Ошол кезде биз ага кылдай жардам көрсөтө албадык. Ар ким өз башын коргоп, өз этегине бекинди.

Д о с б е р г е н *(сөздү бөлүп)*. Исабек, сен этке кандайсың?

И с а б е к. Апкеле бер.

Д о с б е р г е н. Азыр, азыр. *(Кетет.)*.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мен эч кимге айгак болгон жокмун, бирок ошол маселени мен азыр чечсем, азыр дагы ошентмекмин.

Г ү л ж а н. Сенин бул түрүң менен турмуштагы пастыктын баарын актап кетүүгө болот.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ар кимдин өз билгени бар!

Г ү л ж а н. Азыр ойлоп карасам, баарыңар ошондо арамдыкка барууга жетилип калган экенсиңер. Ошого себеп таппай жүргөн турбайсыңарбы...

И с а б е к. Ар нерсенин чеги болот. Болду эми!

*(Пауза)*

Г ү л ж а н. Киминер иттик кылдыңар? *(Исабекке.)* Сен болуп жүрбө?

И с а б е к. Аны Осипбайдан сура.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Эмне үчүн мен? Байкап сүйлө, жигит!

И с а б е к. Институттун топ бузары сен эмес белең, Сабырды окуудан чыгаргандагы жыйынды сен башкарбадың беле?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ко-ош, анан эмне!

Д о с б е р г е н. Ушу силерди киши экен деп чакырган, мен ит экемин. Токтоткулачы эми!

И о с и ф  Т а т а е в и ч *(Исабекке.)* Кечирип кана коёсуз! Айтууңа караганда күнөөнүн баары менде экен да, башкаларыңар таптаза, күнөөсүз периште экенсиңер го!



И с а б е к. Ага эмне кызаңдайсың, көп болсо бир аз аша чапкандырмын.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Тигини! Тигини! Сен достум, башканы коюп өзүңдүн баягы «ур токмоктой» макалаң жөнүндө айтып берчи отургандарга.

И с а б е к. Туу, сени киши экен десе, тур, Гүлжан, кеттик. Мындай мастардын арасында отуруп не кылабыз. Жүрү кеттик!

Г ү л ж а н. Шермендеңди чыгарып, абийирине шек келтирип отурса, кетебиз дегениң кандай? Жообуңду кайтар, ак болсоң!

И с а б е к. Жиндиминби буга теңелип! Оозуна келгенин оттой берсин, ишим ак болсо болду да! Мен мунуңу жөн калтырбайм, жолдош профессор.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Сабыр кылыңыз, чычалабай! Анчалык ак болсоңуз бир эле сөзүмө жооп бериңизчи – макаланы жазган ким?

И с а б е к. Мен – дейли. Бирок менин макала жазууда максатым эмнеде эле? Сен ошону эмне үчүн айтпайсың? Мен газет бетинде, көпчүлүк калайык-журт алдында, өз калемдеш жолдошторумдун чыгармачылыктагы адашууларын сындадым. Ачык айтып, түз сүйлөп сындадым. Аны жолдоштук сын дейт, сен ал жөнүндө эмне үчүн айтпайсың? Мен аны окуудан чыксын, адабияттан куулсун деген эмесмин. Ошонун баарын кылган сен, жыйналышка салып, көк бөрү тарттырган – сен!

И о с и ф Т а т а е в и ч. Макул, жыйналышты мен өткөргөн экемин. Мен аны айдалып кетсин дептирминби? Мен да жолдоштук сын иретинде сүйлөдүм. Башкалар да ошентти, бул иш сенин макалаңдын негизинде болгон. Сен көп эле желпине living бербе!



*(Пауза)*

И с а б е к. Жалаа! Ал куулганда, макала үчүн куулган жок. *(Осипбайга.)* Сен өткөргөн жыйналыштан кийин куулуп, жок болбодубу?

Д о с б е р г е н. Токтоткула! Же болбосо экөөңөрдү тең азыр мобу жардан алыс кулатам.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мыктысынбай тим тур. Сен чыгып сүйлөгөн жок белең?

Д о с б е р г е н. Силерди ээрчип ит болгонум ырас.

И о с и ф Т а т а е в и ч. *(Досбергенге)*. Андан көрө мунуңду тыйып ал.

И с а б е к. Тыйып ал деп коёт… өзүң…

А л м а г ү л. Ой, тебетей кийгендер! Тыйгыла, сөзүңөрдү!

*(Пауза)*

Баятан бери биздин көзүбүзчө далай сырыңарды ачып, абийириңерди күлдөй төктүңөр... Айтпасаңар болор эле... Бирок мынча айтылып калгандан кийин, бул ишке, маселен, мен салкын көз менен карай албай калдым. Ойлогулачы? Эмне деген окуя, эмне деген шумдук... Эң ишенген, жанындай көргөн досторуна жүрөк түпкүрүнөн чыккан сырын, жазган поэмасын окуп берсе, силердин бул эмне кылганыңар?! «Киши колдуу» болот дешчү эле, көрсө «дос колдуу» да болот экен да.

Д о с б е р г е н. Болору болду, боёосу канды. Учур ошондой эле.

А л м а г ү л. Учур, учур – ар качан учур. Учурга шылташ оңой. Ошол учурду силер өз колуңар менен жасап алгансыңар.

М а м б е т. Биз заманды жаратсак, заман бизди жаратты.



Д о с б е р г е н *(аялдарга)*. Айтууга оңой. Көрөр элем силерди, башыңарга ошондой жагдай келсе.

А н в а р. Койгулачы эми. Арзыбаган бир иш үчүн бириңе бириң жаман-жакшы айтышып. Жазбаса андан ары кетсин! Күнүбүз ошого түшүп калыптырбы!

А й ш а - а п а. Өзүм эс тартканы Кеңеш өкмөтү менен жашап келатам дебедимби, балдар. Беш жашымда ата-энемди басмачылар өлтүрүп кетти. Балдар үйүндө окуп-өстүм. Кат таанып, китеп окуй баштаганда мага бүт дүйнөнүн эшиги ачылгандай болгон. Ошол жылдары өзүмчө: «Көп узабай элдин баары билимдүү болот. Мына ошондон тартып мөлтүр булактай таза турмуш башталат деп ойлочу элем»... Көрсө турмуш татаал экен, ойлогонуңдай чыкпайт турбайбы...

Силер кенедейиңерден колумда өстүңөр... Майданга узатканда өз уулдарымды жоого аткаргандай, кудайга зарлап үнүм жеткен. Силер наристе бойдон кеткенсиңер. Ушундай ынтымактуу, ушунчалык ниети таза балдар элеңер. Эсимде, жаркыраган беш жылдыздай болуп, фронттон келдиңер. Анан эмне болду силерге? Эмне үчүн ушундай турмушка дуушар болдуңар? Мен силерге аябай ишенчү элем. Силерди көрүп, ойлочу элем: «Эмгегим кайттыбы деп». Сыртыңардан кубанып, медер-жөлөгүм ушулар деп жүрчү элем... Мына эми минтип кабыргам кайышып, жаным катуу кейип отурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда? Алардан айрылганым ырас болсо, анда өзүмдө да айып бар... Кай жерден... эмнеден жаңылыш кетирдик? Билбейм, башым маң...



*(Пауза)*

Мен буерге эмнеге келдим, ыя? Мен буерде эмне отурам, ыя?.. Кой, кетейин...

Д о с б е р г е н. Ой, Айша-апа, сиз кайда? Тамак бышып калды... Эт жеп кетпейсизби, жарыктык...

А й ш а - а п а. Ай, эти да курусунчу... өзүңөр жегиле.

Д о с б е р г е н. Анда узатып коёлу...

А й ш а - а п а. Убара болбой эле койгула.

А л м а г ү л. Капа болбоңуз, апай...

*(Аялдар узатып чыгышат.)*

*(Эркектер ар кимиси өз алдынча кыйналат. Иосиф Татаевич кебелбегенсийт, салабаттуу аркы-терки басат. Керсейип Исабек өзүнчө турат, кебетеси азап тартып жаткандай. Мам-*

*бет менен Досберген өз алдынча дабдаарып калган. Досберген стаканга арак куят да, өзү ичип жиберет.)*

Иосиф Татаевич *(акырын).* Эй, кел деп койсоң боло... *(стаканды алып)* атаң көрү, өкүртө бир ичейинчи бүгүн...

*(Пиджагын чечип жерге чабат.)*

Исабек. Өзүңөр эле өкүртө бересиңерби... Кел, Мамбет, биз да бирден согуп алалы.

Досберген *(кыжырланып).* Жетишет эми, жигиттер, тойдум сөзүңөргө. Ыр-чыр бүттү... Кана, катындар келгилечи тартып жиберели. Тоспостуңарды койгулачы.

Исабек. Анвар келатат...

*(Мамбет чоочуп стаканды түшүрүп жибере жаздайт. Анысына ыза болуп кетмекчи болот. Беркилер күлөт.)*



Исабек. Жүрөгүң түшүп калды ээ...

Досберген. Кел апаптап коёюн...

Мамбет. Ээ, жигиттер... Дөгүрсүйсүңөр да!.. Эмне дейин... Кудай кылса кубарыңын акысы барбы дейт тура... *(Иосиф Татаевич стаканды оозуна көңтөрүп жиберип, көзүн жумган бойдон туруп калат.)*

Иосиф Татаевич. Ох, жаным кире түшпөдүбү... Ырдайлычы эй, баягы өзүбүздүн ырды ырдайлычы...

*(Мамбет четке басат, берки үчөө моюндашып алып туш келди дарылдап ырдашат. Аялдар кирет. Биринчи Гүлжан кирет да, транзисторду толгоп, бийлей баштайт.)*

Гүлжан. Кана эмесе ичип-жеп, ырдап-бийлейличи.. мобу таза табияттын ырахатын көрөлү

да!.. Азыр улуу от жагалы дейсиң, Туу-Чокунун башындагы от бүт ааламга көрүнсүн...

*(Досбергенди ортого жетелеп, туфлисин чечип салып, тегерене туйлап бийлейт. Иосиф Татаевич каада менен Анварды бийге чакырат. Мамбет менен Алмагүл бери четте.)*

А л м а г ү л. *(Мамбетке ээрчий басат).* Сабыр тууралу ушул убакка чейин бир ооз айтпаганың кандай?

М а м б е т. Досберген айткандыр деп жүргөм.

А л м а г ү л. Сен гана айтышың керек эле. Башкадан көрө сенден уксам мынчалык жүрөгүм мыкчылбайт эле... Конок ээсимин да, болбосо баятан бери... Билем, Сабырды саткан сен эмессиң. Сага ишенем.

М а м б е т. Сабырга ошондо бир жардам бере албадым, эми түштөн кийин актан-актанба...

А н в а р *(Иосиф Татаевичти четтетип).* Мамбеттин жанагы сөздөрүнөн кийин эми сен... бизге оң карабай калдың го?



И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ал жагынан кам санаба. Баары өзүңө байланыштуу... *(Пауза.)* Эх, Анвар-хан, Анвар-жан, сага жаккан деңиздин кылаасында колтукташып жүрөр болсом... Башкалар жетпеген кадырыңа өзүм жетер элем... Аттиң дүйнө, жүрөгүндү ачып салып дегендей...

А н в а р. Унчукпа, эми унчукпа...

*(Артына кылчактап Иосиф Татаевичтин оозун басат, ал Анвардын алаканын өбөт. Авансценанын тиги четинде Мамбет менен Алмагүл ойлуу турушат. Мамбет галстугун чечип ыргытат.)*

М а м б е т. Ушерге көз айнегим түшүп кетти. *(Жер сыйпалап издейт.)* Ушундай түшкөндөй болду эле?..

А л м а г ү л. Көз айнегиңи жоготуп, жаман болбодубу.

М а м б е т. Бирөө басып кетип сындырып салбаса, таң азанда таап алам.

А л м а г ү л. Колуңду бер *(Мамбетти токтотуп.)* Тиги алоолонгон отту көрөсүңбү?

М а м б е т. Ооба, ооба, көрдүм, ал кайсыл от?

А л м а г ү л. Пионерлердин костеру. Ошерде пионер лагери бар.

М а м б е т. Ошондой де... Ажайып сонун көрүнүп атат. Тегерегиң караңгы тоо, алдыңда жалын алоолоп жатса, сонун ээ? Эстейсиңби, Алмаш?... Биздин пионер чагыбыз, анда жаккан отторубуз.

А л м а г ү л. Ал оттордун өчкөнү качан...

М а м б е т. Оттун тегерегиндеги балдарды айтам да. Эртеңи менен иши жок, көңүл куунак, ойноп-бийлеп, ырдап жатышкандыр. Алардын арасынан да сендей бир Алмагүл чыгып, мен сыяктуу бир маес бала аны жакшы көрүп жүрүп, акыры жер сыйпалап кала берер. Ким билет, Осипбай менен Исабеги да болор алардын. Өздөрүнүн Гүлжаны, а балким, Сабыры да чыгар.

А л м а г ү л. Сабыры, Мамбети болсо, тагдыры силердикинен бактылуураак болсо экен... *(Пауза.)*

М а м б е т. Эмнесин айтасың, анын баары өттү-кетти, шинель тозду, өтүк эскирди...

А л м а г ү л *(күлүп)*. Сенин шинель, өтүкчөн жүргөнүң али ушу күндө көз алдымда турат. Баягы мугалимдер конференциясы эсиңдеби? Сен менден бир-эки катар алдыда отурупсуң. Улам-улам кылчайып карап коёсуң. Бирөө байкап калабы деп кысынам... Бирок сен караган

сайын жүрөгүм жылып кетет... Ошондо элдин баары экөөбүздү эле андып отургандай сезилген.

М а м б е т. Ал күн эсимде. Дем алышка чыкканда сени издеп, жок дегенде бир стакан лимонад алып берейин дедим...

А л м а г ү л. Анан эмне үчүн антпедиң?

М а м б е т. Батынбадым, уялдым. Бойго жеткен кыз, айланчыктаган жигиттер жүрөт. Мен болсом...

А л м а г ү л. Ошондо жаныма келген болсоңчу... тагдыр ай, бир стакан лимонадыңды ичкенде... бир гана стакан лимонад...

М а м б е т. Ошондон кийин сени көздөн учуруп, таппай калдым. Көп жылдардан кийин Тянь-Шанга кайрылып келип, сени мектептен жолуктурдум. Байкасам, менин майдандаш досума чыгыпсың. Тагдырга талаш жок деген ошол.



*(Бий токтойт.)*

И о с и ф Т а т а е в и ч *(энтигип делөөрүп)*. Келгиле, таш кулаталы. Бала күнүмдө тоодон таш кулатканды иттей жакшы көрчү элем...

И с а б е к. Жылан өлтүргөнгө таш табылбайт бу дөбөдөн, шляпаңды эле кулатпасаң.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Жок, мен объязательно таш кулатышым керек.

Г ү л ж а н *(күлүп)*. Мен таш таап берсем мойнуңа мингизесиңби?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мингизейин!

Г ү л ж а н. Анан айгыр болуп азынайсыңбы?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Аныңа да макул.

*(Гүлжан кыялында чоң таш оодарып, чокудан нары кулатат. Күркүрөгөн доош жаңырат. Баары элейе карап тыңшап турушат.)*

И о с и ф Т а т а е в и ч. Шумдук э-эй! Кана, мен да көрөйүнчү. *(Баары жок таштарды кыял менен кулата баштайт. Тоо ичи жаңырып турат.)*

Г ү л ж а н. Коңурбайдын Алгарасы экен дейт... *(Иосиф Татаевичке минип алган. Теминет. Иосиф Татаевич элирет, азынайт, мөңкүйт.)*

А н в а р. Эй, Гүлжан, ат көрбөгөн минип өлтүрөт кылба.

*(Тоо арасы күркүрөп жаңырып турат. Баары кутуруп кеткендей бийлеп, туйлашат.)*

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мен – киши кийикмин, түнөгүм – жар таш! Колума тийген аялды үңкүрүмө сүйрөп кетем.

А н в а р *(энтигип)*. Сенин үңкүрүң кана? Кана сенин үңкүрүң дейм?



И о с и ф Т а т а е в и ч *(киши кийикче бакырып, Анварды жетелеп кетет.)*

Жашасын жапайычылык? Жашасын эркиндик!

*(Гүлжан Исабекти жетелеп асканын артына кетет. Досберген менен Алмагүл да бир жакка жоголот.*

*Жерде эмгектеп, көз айнегин кайсалап издеп жалгыз Мамбет калат. Аны аяп карап Алмагүл турат. Бир маалда Мамбетти жөлөптаяп тургузуп, көз айнегин берет. Жетелеп четке чыгат. Досберген пайда болуп, артынан карап турат да, кайра жоголот).*

М а м б е т. *(акырын)*. Досбергенби?

А л м а г ү л. Ооба.

*(Жарык күүгүмдөп барып өчөт. Жылдыздар көрүнөт. Кайра бозоруп таң атат. Күндүн жүзү*

*тайпаңды бир четинен каптап келет. Ар жерде уктап жаткандар ойгоно баштайт.)*

Иосиф Татаевич *(наарazыланып)*. Кечээ катуу кетиппиз, болбойт да ушу, жолдоштор. Мен да чектен чыгып кеткен окшойм. «Ден-соолук, ден-соолук үчүн» деп атып, ден-соолукту ушинтип соёт турбайбызбы?

*(Исабек физарядка жасап чуркап жүрөт тегерене.)*

Исабек. Катуу кеткенде да аябай кетсек керек. Мен оңбой калыпмын... Эмне ичип, эмне жегенибиздин бири эсимде жок...

Досберген. Баары эле жайнап турду, бирок аралаштырып жибербедикпи.

Иосиф Татаевич *(Мамбетке)*. Мамбет, сен кыязы бизге караганда азыраак ичтиң... Деги аялдардын көзүнчө ашкере сүйлөгөн жокпузбу?

Мамбет. Кайсынысын айтасың?

Иосиф Татаевич. Жанагы былжырбай анекдот-санекдоттон чыгып кеткен жокпу дейм да...

Исабек. Айтса айткандырбыз, ичкен жерде айтылат да ар кандай кеп. Кандай дейсиң, Мамбет, биздин катындарга ишенсек болот го дейм?

Мамбет. Эй, Иосиф... Өсүпбай, Исабек, Досберген, сен дагы, кечээги сөздүн бири да эсиңерде жокпу? Айша-апанын келгенин билесиңерби?

Исабек. Э-ээ, эми эстебедимби... Ырас, эле, Айша-апа келгендей болбоду беле. Ой, анан а киши кайда жоголуп кетти?

Мамбет. Же менин дени-кардым соо эмес, же силер жеткен бир...

**И о с и ф  Т а т а е в и ч.** Ой, баса, Айша-апа келди беле?

**Д о с б е р г е н.** Ой, тим эле Исабек бизди шакаба чегип атат... *(Исабекке).* Ушундайбы, ыя?

**И с а б е к.** Өзүм да күнөмдөр болуп турам... Келди беле, жок беле, айырмасы кайсы. Эсте калбагандан кийин, келбегени ошол.

**И о с и ф  Т а т а е в и ч.** Менин аялымдын жоктугу ырас болду. Болбосо акебизди таанытат эле.

**Д о с б е р г е н** *(саатын карап).* Убакыт да аз калыптыр. Көп узабай машиналар келет. Эй, жигиттер, чыккан сөз ооздун жели, баарын унуталы. Кана, андан көрө аялдардын көңүлүн ачып дегендей, аз болсо да ойноп-күлүп отуралычы.



**И о с и ф  Т а т а е в и ч.** Мунуң сөздүн тазасы.

*(Аялдар кирет. Эркектер четтеги чатырда чечип жатат).*

**Г ү л ж а н.** Кечээ биздин эркектер өздөрү баштап алып, өздөрү ит боло жаздады. Биз да аянганыбыз жок окшойбуз.

**А н в а р.** Аның ырас. Биз жабыла төө басты кылып жибербедикпи. Койчу эми, оюн деп эле коёлучу. Ыя, ушундай эле болбодубу?

**И о с и ф  Т а т а е в и ч.** Айымдарга жалындуу салам!

**И с а б е к.** Туу-Чокунун көркүн чыгаргандарга баш ийип таазим этебиз!

**А н в а р.** Кандай уктадыңар, үшүгөн жоксуңарбы?

**И с а б е к.** Спальный мешок деген ырахат экен. Өзүңөр тынч уктадыңарбы?

Г ү л ж а н. Чатырдын ичи жылуу болду. Уйкуга капачылыгыбыз жок. *(Иосиф Татаевич транзисторун толгойт).*

Д и к т о р д у н ү н ү: Чолпон планетасына учурулган автоматтык станция адам баласына табигаттын көп сырларын ачууга мүмкүндүк берет. Сыры бизге табышмак болгон бул планетанын...

Д о с б е р г е н. Өчүрчү ошонуңу жоктон тапкансыбай, космосуңдун мага сокур тыйынча кереги жок. Ошоякка барып кош айдамак белем. Эгин чыкпаган планетаңын кереги эмне?

И с а б е к. Космостун сырын изилдеген мээнет акталат, Досберген.

Д о с б е р г е н. Акталаар-акталбасын мына менден сурасын. Куру алакан киши эмесмин. Планды жыл сайын аткарам. Демек, менин да пикирим менен эсептешүү керек. Жок дегенде сурап койбойбу. Керегинде жамгыр жаадыр, ашып баратса алып кет. Мага керектүү илим ушул. Тамчы сууга зар болуп, эгиниң күйүп бараткaнда жаныңды коёр жер таппайсың, космосуң эмес, кудайды да кошо сөгүп жибересиң.



И о с и ф Т а т а е в и ч. Байкасам, Досберген, сенин психологияң анык потребителський экен. «Мага жамгыр керек, тиги керек, бу керек...» Биздин эмгекчилерибиздин эрдиги ошол сен айткан жаан жокто жакшы түшүм алып жатканында эмеспи.

Д о с б е р г е н. Мен андай эрдик кылгым келбейт. Өз ишимин ээси болсом, табигаттынбы, же башканынбы кыйынчылыгын көрбөсөм дейм.

И с а б е к. Ансыз турмуш жок да.

Д о с б е р г е н. Сага баары оңой болуп, мен эмне үчүн кыйналышым керек, ушуну айтчы?

И с а б е к. Сенин оюңча жазуучуларга коюлган талап оңой дейсиңби? Жаратылыштын кыйындыгын жеңген эмгек каарманы болгуң келбей турат, сенден кандай жагымдуу образ чыгат? *(Мамбетке)* Эмне күлөсүң?

М а м б е т. Карды токтун көзүн май басат дечү эле, сенин сөзүңдү да май басыптыр, ошого күлүп атам.

Д о с б е р г е н. Бу каргыш тийген чокуга эмне издеп келдик дейм да? Эзелтен келаткан талаштын түйүнүн силер ушерден чечмексиңерби?

М а м б е т. Э, Досоке, биз дагы адам турбайбызбы, адам болгон соң эмнегедир ойлонот экен. Баарын бүтүргөнсүп эми ойлонууну да тыйгыңар барбы?

А л м а г ү л. Жалаң эле кара курсактын камын жебей аркы беркини ойлой алганыбызга да шүгүр.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Акыл-оюң көп болсо, жашоого жүк болот, баатыр.

А л м а г ү л. Анчалык көтөргөн жүгүңүз деле көрүнбөйт.

*(Иосиф Татаевич транзистордун кулагын толгойт.)*

Д о с б е р г е н *(төмөн карап)*. Тигинде бирөө келатат. *(Ошол тарапка баса түшүп, кыйкырат)*. Эй, сен кимсиң?

Ж у м у ш ч у. Бул жерде эмне кылып жүрөсүңөр?

Д о с б е р г е н. Бул эмне дегениң? Эс алып жүрөбүз.

Ж у м у ш ч у. Качантан бери? Ушерге түнөдүңөрбү?

И с а б е к *(акырын)*. Дени-карды соо немеби?

Д о с б е р г е н. Ушу жерге түнөдүкпү же тиги жергеби. Анда сенин кандай ишиң бар?

А н в а р. Апей, муну кара! Тоо кайтарган кароолчубу? Кебетесин!..

М а м б е т. Мынчалык эмнеден кооп санадыңыз? Чыккан өрт жок, тоолор ордунда.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Эй, чырагым, урматтуу адамдар менен кездешкенде салам айтуу жокпу силерде?

Ж у м у ш ч у. Айтканда эмне, айтпаганда эмне.

Д о с б е р г е н. Эй, бери карачы. Буердеги кожоюн мен. Жумушуң болсо мага айт. Мени тааныйсыңбы?

Ж у м у ш ч у. Сизди тааныйм го, бул аймакта сизди тааныбаган ким бар?

Д о с б е р г е н *(жанындагыларга)*. Бу кандай тескери неме? *(Жумушчуга)* Деги өзүң кайдан жүргөн немесиң?

Ж у м у ш ч у. Мен бу лесхоздонмун. Дем алышта шаарга барып келейин деп чыксам, төмөн капчыгайдан бир милиса токтотуп алды. «Күбө болосуң, киши өлдү» дейт.

*(Беркилердин үрөйү учат.)*

Ж у м у ш ч у. Милийса көрсөтөрү менен тааныдым, биздин лесхоздук бала. Кечээ кечинде эле көргөм. *(Гүлжанга колун созот, тигил боюн ала качат)* сиздей эле жакын туруп сүйлөшкөм... Эми көрсөм... Мобу жардын түбүндө кызыл-жаян кан болуп жатат... Таш тийиптир... так чокусуна...

Д о с б е р г е н. Эмне деп тантырап атасың?.. Жөндөп айтчы...

Ж у м у ш ч у. Тантырагы жок эле кечээ өз көзүм менен ушу жолдон көргөм *(эстей калып кубанып.)* Өзүңүз деле көргөндүрсүз... машинаңызды кууп өткөндөчү... Кол көтөрүп турбады беле бир бала... Жапжаңы кара костюм-шымчан...

Д о с б е р г е н. Көргөн-эткен эмесмин.

Ж у м у ш ч у. Болсо болор, жоо куугандай кетпединерби.

Д о с б е р г е н *(кызаңдап)*. Эй, сен бизди коюп, жөнүң айтчы...

Ж у м у ш ч у. Кечээ ал катын алам деп районго бараткан болчу...

Д о с б е р г е н *(кыжырланып)*. Кайдагы катын? Ким алмак?

Ж у м у ш ч у *(ачууланып)*. Ким алат? Ким алат? Мен алмак белем? Тиги өлүп жаткан бала!.. Колуктусун ээрчитип, катталабыз деп бараткан болчу.



Д о с б е р г е н. Анан...

Ж у м у ш ч у. Анан ошол... Милийса мени сиздерге жиберди. Эки-жакка жылбасын деди. *(Узакка пауза.)*

И о с и ф Т а т а е в и ч. Бизге буйрук берүүгө кандай акысы бар экен? Өлгөн адам төмөндө... ошоякта бир кокустук болгон да. Биз бу Фудзияманын чокусундабыз.

Ж у м у ш ч у. Бузду-муздуңузду билбейм, силерге айт дегенин айтып турам.

М а м б е т. Болуптур... Бирок участковый бизге эмне үчүн эскертет? Мүмкүн жар кулап өлгөндүр?

Ж у м у ш ч у. Ага окшобойт. Тегерегин бүт карадык, көчкүнүн белгиси жок. Жол үстүндө он чакты таш жатат, момунчалык, мындан чоңу бар. Ошолордун бири башына дал тийсе керек.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ушерден чамалап көрсөтө аласыңбы, өлүк каерде жатат?

Ж у м у ш ч у. Мына ушул туш.

*(Иосиф Татаевич менен жумушчу жар башына барып, моюн создо төмөн карашат).*

Ж у м у ш ч у *(акырын).* Ээ, түшүнүктүү...

И о с и ф  Т а т а е в и ч *(айкырып).* Эмнеси түшүнүктүү?!

Ж у м у ш ч у. Эй, сен мага айкырба. Байкашымча, баарың тең эле культурный, заң-законго жетик адамдар окшойсуңар... Мен курулай отура бергенде эмне. Андан көрө аты-жөнүңөрдү жазып, милийсага алпарып берейин да, жолуман калбайын. *(Пауза. Иосиф Татаевичке).* Ушердегилердин эң чоңу сиз болсоңуз керек, сизден баштайын. Кимсиз, кайдан келдиңиз?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Суракка жооп берүү мындай турсун, мен эчтемеңерди билбеймин, билгим да келбейт.

Ж у м у ш ч у. Мен сизди суракка алып эмне кылайын... тек аты-жөнүңүздү айтыңыз деп жатам.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Айтпадымбы азыр! Фамилия эле кызык болсо башкалардан сура.

Ж у м у ш ч у. Эрк өзүңүздө...

И с а б е к. Тергөөгө алууга сиздин эч кандай акыңыз жок. Элди сурак кылгыдай сиз өзүңүз кимсиз?

Ж у м у ш ч у. Ой, жаңы эле айтпадымбы. Лесхоздун жумушчусумун. Ушу туштан өтүп бараткaнда милийса токтотуп алып, сиздерге жумшады...

Д о с б е р г е н. Болуптур... Сен, жигит, бара бер. Сураган адамга өзүбүз жооп беребиз.

Ж у м у ш ч у. Өзүңөр билгиле, мага баары бир. Бирок баарыңарды таанып алдым... *(Кетет).*

Д о с б е р г е н. Кана, эми эмне кылабыз? Акылдашалы?

М а м б е т. Акылдашар эмнеси бар. Болгонун болгондой айтабыз да.

И о с и ф Т а т а е в и ч. «Болгону болгондоюң» кандай сенин? Элден мурун эмне жулунуп калгансың? Мунун акыры кандай болорун билесиңби? Кандай сөзгө калып, кандай күнгө туш болоорубузду ойлоп сүйлөсөң боло! *(Пауза).* Бу кудай урган Фудзиямаңарга кандай балээ айдап келди эле?

Д о с б е р г е н. Болор иш болду, эми кажылдашкандан пайда жок. Эмне кылыш керек, ошону ойлонолу. Милиция келгенче бир айласын табалы да.



И о с и ф Т а т а е в и ч. Эмесе мындай... акылдын да, айланын да ток этер жери ушул... Баарыбыздын кызматыбыз, үй-жайыбыз, бала-чакабыз бар. Ошол үчүн жоопкерчиликти бирөөбүз моюнга алалы да калганыбызды доодон алыс кармайлы.

Д о с б е р г е н. Акыл-эсиң ордундабы сенин? «Үй-жайыбыз, бала-чакабыз бар» деп... баласы жоктор кантет экен, кантип оозуң барды?

А н в а р *(жини келип).* Мени куу шыйрак дегениңби? Самоордой болгон өлүк-тиригиңди гана көрөйүн, карасаң муну!..

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ой, жинди го, кой дегилечи мобуну.

А л м а г ү л *(күйөөсүнө).* Ай, Досберген, сен эмне селейип калдың, үй ээси эмессиңби, бирдеме десеңчи.

Д о с б е р г е н. Эмне кыл дейсиң? Үй ээси болгондо эмне? *(Анварга)* Эй, катын, долуланбачы сен! *(Пауза)*.

Менин оюмча... каршы болбоссуңар... Биз таш ыргытканда арабызда аялдар жок болчу...

А н в а р. Ой, кайсы ташты айтасыңар? Тим эле оюн эмес беле... Таш демиш болуп жел ыргытпадык беле.

А л м а г ү л. Ушундай да шумдук болорбу! Шумдугуң кургур...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Эмесе мындай... Менин кылган кылмышым – силерди ээрчип тоого чыкканым. Бул ишти чиелештиргим келбейт. Райондун милициясына сурак берип отурбайм. Жогор жак менен макулдашпай туруп эч кимге сурак бербейм. Силерге берер убадам, азыр шаарга жетем да баарыбыздын жагдайыбызды жеңилдетүүнүн камын көрөм...

Г ү л ж а н *(Исабекке)*. И, эсимден чыгып кеткенин кара. Сен бүгүн түштө Монголиядан келээр делегацияны тосмок эмес белең.

И с а б е к. Туу, мен да унуткан турбайымбы. *(Саатын карап)*. Ырас эле, Анголадан делегация келмек эмес беле.

Г ү л ж а н. Эмне деп тантырап жатасың. Анголадан эмес, Монголиядан.

И с а б е к. И, баса, Монголиядан.

А н в а р. Ай, кокуй, менин бүгүн дежурством бар эмес беле? Больницанын иши ушундай, дайым ордунда болушуң керек. Мен да кетпесем болбойт...

А л м а г ү л *(башын чайкап)*. Бу кандай шумдук! Бу кандай шумдук! Эмне болуп кеткенбиз?..

И с а б е к. Эмне кылсам? Таза уят болмой болдум го...

Г ү л ж а н. Ай, Исабек, сен кетесиңби, же каласыңбы? Эмне жалдырайсың? Жүр кеттик! Келе машинанын ачкычын...

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Чш-ш, көп алактабагыла! Дагы айтам, мен шаарга жетер менен жагдайды жеңилдетүүнүн камын көрөм. Кеттик, Исабек!

*(Иосиф Татаевич, Анвар, Исабек, Гүлжан кете баштайт).*

А н в а р. Ай, Мамбет, элдин баары кетип жатса, сен эмне турасың. Жүр...

М а м б е т. Сен бара бер...

А н в а р. Ай, сен да кургур экенсиң... Басаңчы... *(Мамбет ордунан жылбайт)* Аа, сенин байланганың бар тура... Анда мен кеттим! *(Кетет).*



Д о с б е р г е н. Кой эмесе, эмне турдук. *(Кетет).*

*(Пауза)*

А л м а г ү л. Мына, экөөбүз гана калдык... Фудзиямканын чокусунда. Сен таза экенсиң Сабырдын алдында, ишендим. *(Пауза).*

Ж у м у ш ч у *(четтен)*. Ылаачын тийген таандай бытырады го тигилер... Кайда качып кутулмак?..

А л м а г ү л. Сен таза экенсиң... көзүм жетти... Ушундай да күн болот экен ээ!..

Ж у м у ш ч у. Силер кайда? Бери жүргүлө. Быякта жол бар.

А л м а г ү л. Мен бул ачыкты көрүп туруп эле элес албапмын.

М а м б е т. Мен да көрүп көрбөптүрмүн...

К а р т  ж у м у ш ч у. Жүргүлө. Коркпогула!

А л м а г ү л. Досберген келатат. Кудайга шүгүр, бу да Сабырды саткандан аман экен.

М а м б е т. Ылаачын тийген таандай тарады го баары.

*(Досберген кирет).*

Д о с б е р г е н. Эми эмне кылабыз?

М а м б е т. Эмне кылмак элек, көрөбүз да.

А л м а г ү л. Шумдугуң кургур, ушундай да күн болот экен ээ...

**К ө ш ө г ө**

# СОКРАТТЫ ЭСКЕРҮҮ ТҮНҮ, ЖЕ МАҢГЫБАШ ТЕРИСИНИН ҮСТҮНДӨГҮ СОТ

*(Хундар менен Чыңгызхан икаяларынан түрмөктөлгөн азыркы заман драмасы)*

*Ырларын которгон – **Өмүрбек Тиллебаев***

## КАТЫШУУЧУЛАР:

**Жазуучу**
**Акын***
**Сократ** – жабылып калган театрдын режиссёру
**Калия** – окумуштуу кыз
**Талап** – Сократтын досу, Калияга ашык жигит
**Миңдөөлөт** – ити чөп жеген бизнесмен
**Айсулуу** – анын жубайы
**Акканат** – 1986-жылкы Алматыдагы Желтоксон көтөрүлүшүнүн катышуучусу
**Бекен** – Миңдөөлөттүн тааныш
**Бакыт издеген жигит**
**Кайгы**
**Кайгыдан качкан жигит**
**Махабат**
**Чыңгызхан**
**Кайыр хан** – Отырардын ханы
**Карачоку** – Отырар шаарынын дарбазасын Чыңгызхандын аскерлерине ачып берген чыккынчы
**Карыя** – чыккынчынын атасы
**Акындын атасы**
**Чагатай** – Чыңгызхандын уулу
**Айбар** – Хун тайпасынын башчысы
**Ду Дау** – анын жубайы, Аймак амирчиси Дау Хидын кызы

* Пьесадагы ырлар М. Шахановдун чыгармаларынан алынды.

**Хау Пи** – Дау Хидын элчиси
**Чан** – Айбардын Ду Даудан төрөлгөн уулу
**Нури** – Айбардын Ду Даудан төрөлгөн кызы
**Хайдар** – Теңиркуттун агасы
**Айдай** – Талас акындын жубайы
**Күзөтчүлөр**
**Нөкөрлөр**

*Толукшуп, жадырап-жайнаган жаз айы. Бийик кырдагы чакан аянтча. Айланада ак кайыңдар, жашыл майсан чөп. Аянтчанын чак орто тушунда атайын эле орундук үчүн даярдап койгондой төмпөйгөн-төмпөйгөн таштар жатат. Тээ төмөндөн булкуна гүрүлдөп келип токтогон эки жеңил машинанын үнү угулат. Аянтчага беш эркек, эки аял чыгат.*

Талап. Мына, караңыздарчы, биз казак табийгатынын эң бир асем, кооз жерине чыктык. Кооз экенине азыр баарыңыздар ынанасыздар. Берирээк басып келип мына бул жерден тээ төмөнгө көз чаптыргылачы. Керемет көрүнүш бекен? Ушул жерден Алматы аэропортуна чейин бир чай кайнамдык гана жол. *(Эки кыз кайчылаш жаткан эки таштан секиче жасап, тамак даярдай баштайт.)*

Акын. Көптөгөн жылдар бою нары-бери каттап жүрүп, так ушул ченде керемет, кооз жер бар экенин кантип байкабадым экен?

Сократ. Чыныгы сулуулук кээде жат көздөн далдаланып, жашырынып турат окшобойбу? Ошондуктан турмушта байкаганыбыздан байкабаганыбыз көп...

Талап. Эмесе, мындай адеми көрүнүштү келечекте Сиздердин чыгармаларыңыздан учуратабыз го деп биз бекем ишенелик.

К а л и я. Кана, ардактуу агалар, дасторконго жакыныраак келиңиздер. Бир нече сааттан бери жол жүрүп чарчаган чыгарсыздар. Эми ашыкпай дем алып, өзөк жалгап алалык. Талап, суусундук жагын өзүң колго алсаң...

Т а л а п. Буйругуңузга кулдук. Бул, арийне, бийлик жагын да кошо ал дегениң эмеспи?

К а л и я. Эки тизгин бир чылбырдын бир колдо болгону жакшы. *(Жан-жагына көз салып.)* Сиздер деле каршы болбосоңуздар керек...

М и ң д ө ө л ө т. Ооба, бир борборго багынган туура.

Т а л а п. Тарыхка көз чаптырсак адам баласынын башка бирөөлөрдү багындырып, кимдир бирөөлөргө багынып өтпөгөн күнү сейрек экен. Бул оюмду далилдеш үчүн бир орус акынынын ырынан үзүндү окуюн:



Быть может, в мире все – борьба за власть:
Ораторство, кокетство, дружба, страсть.
Борьба за власть – у петуха, у квочки,
Власть над природой – это цель наук.
Природе без борьбы за власть – каюк,
И в детсадах – борьба за власть в песочке.

Ошентип, сиздердин колдооңуздар менен бийлик тагына отурам да, али эч ким жута элек табийгаттын ажайып таза абасындагы алгачкы сөздү баарыбызга арнап дасторкон жайып отурган Калияга берейин.

К а л и я. *(Жазуучу менен акынга карап.)* Ардактуу агалар! Кечээ облусттук Маданият сарайында сиздер менен болгон жолугушуудан ар бирибиз чама-чаркыбызга жараша таасир алып, ой калчадык. Руханий байлыктын элдин

акыл-эсинен көөнөрүп, азып бара жаткан азыркыдай чакта Сиздердин сөздөрүңүздөн мен да өзүмдүн кээ бир пессимисттик ойлоруму жооп издедим.

Т а л а п. Кыска гана түшүндүрмө бере кетейин. Калия – келечектеги окумуштуу. Алматыга «Базар экономикасы жана руханий байлык» деген темада диссертация жактоо үчүн бара жатат.

А к ы н. Саатың чыксын!

Ж а з у у ч у. Жолуң болсун, айланайын!

К а л и я. Агаларыбыз эл аралык симпозиумга катышуу үчүн Алматы аэропортунан Венага учат экен деген кабарды бүгүн Талаптан уктук. Биз да ушул тобубуз менен Алматыга жүргөнү турганбыз. Ата-бабадан калган салтка ылайык өзүбүз урматтаган агаларыбызды аэропортко чейин узатып коёлу деп чечтик.



С о к р а т. Илгери казак калкы акындарын, өнөрпоздорун бир күндүк жерден тосуп алып, кайра бир күндүк жерге чейин узатып койгон. Анда муну ошол салттын жалганышы, уланышы деп эсептейлик.

Ж а з у у ч у. Ак пейилиңерге аябай ыраазыбыз.

Т а л а п. Агайындар!
Сөз – жүйөсү менен,
Бото – төөсү менен,
Кулун – бээси менен,
Казан – көөсү менен,
Аш – ээси менен деген. Сөз тизгини дагы эле Калияда.

К а л и я. Андай болсо менде бир каалоо, тилек бар. Руханий маданиятыбызды байытып, кор салып жүргөн эки адам менен ойдо жок

жерден жолубуз бир болуп калган экен. Самолёттун Венага учушуна чейин дагы бир нече саат убакыт бар. Табийгаттын ажайып, кооз жеринде, дасторкон четинде отуруп сүйлөшкөн аңгемебизди эсте каларлыктай, кызыктуу, мазмундуу өткөрүү жагын жакшылап ойлонуштурсак. Антпесе биздин кыргыз менен казакта бир ыңгайсыз жорук-жосун калыптанып келе жатат. Бирөө келин алат, бирөө кыз узатат, дагы бирөө перзент көргөнүнө атап той-тамаша өткөрөт. Андан башка да тойлордун түрлөрү көбөйдү. Бирок, өкүнүчтүүсү ошол тойлордун дээрлик бардыгы бири-бирине коёндун бөжөгүндөй окшош болуп жатканында. Негизинен той ээлерине арналган мактоо сөздөрдөн, «бактылуу болсун», «көп жашасын», «экөө тең карысын», «чоң азамат болсун!» дагы ушул сыяктуу каалоо-тилектерден турат. Кээ бир чоң тойлордо жүз, жүз элүү, ал турсун эки жүзгө чейин тосттор көтөрүлүп, алигиндей ооз көптүрмө сөздөрдөн башың зыңылдап, кулагың чуулдап, алың куруп, шайманың кетет.



А й с у л у у. Акыркы жүз жылдын ичинде кыргыз менен казак руханий жактан чоң өзгөрүүгө дуушар болду. Маселен, бир кылым башта биздин бабаларыбыз аракты ичмек турсун, анын түсү кандай болорун билчү эмес.

С о к р а т. Улуу цивилизациянын дагы бир «жеңиши» мына бул. Казак менен кыргыздын достукка бекемдигин, укмуштай меймандостугун, алардын үйүнө кулпу салынбай тургандыгын далай элдердин саякатчылары, окумуштуулары таң кала, тамшана жазышкан. Ал эми азыр болсо өз кучагына 5 Франция же 88 Бельгияны сыйдырган казактын учу-кыйрысыз кең өлкө-

сүндө, жеринин 96 пайызын тоо, кыя-бел түзгөн кыргыздын ажайып табигатын ээлөөчүлөрдүн арасында эшигине кулпу салбаган бир үйдү таап берген адамга мындан он жыл башта кайын атам тартуу кылган, же ушул учурда менде калган жападан-жалгыз баалуу буюмум – мобул алтын саатымды берер элем.

Т а л а п. Саатыңдын өзүндө каларында эч кимдин күмөнү жок. Калиянын сөзүн бөлүп жибердик го?

К а л и я. Жок, жок, тескерисинче, экөө тең менин пикириме жакшы кошумчаларды киргизишти. Сөздү эсепсиз агып жаткан суудай көрүп, экчебей, ойлобой, терең талдабай айта берүү – биринчи кезекте өзүңө өзүңдүн жасаган кылмышың. Сөзү кунарсыз адамдын өзү да кунарсыз. Ошондуктан биздин бабаларыбыз орду менен таамай айтылган бир ооз сөздүн ээсине баш ийип, достошуп, орунсуз айтылган бир осол сөз үчүн жоолашып келген. Сөздүн баркы, баасы кетип, кунсуз тартышы – коомдун азып-тозушуна алып бара тургандыгын кыргыздын, казактын, өзбектин, бүт түрк тилдүү элдердин түпкү аталары тээ гунндар заманында эле далилдеген ак чындык эмес беле?

Т а л а п. Сөзүңдүн дал ушул жерине бир акындан жаттап алган ырымды кошуп жиберсем кандай болот?

К а л и я. Толуктоочуларга ар дайым жол ачык.

Т а л а п.

Өлүмү да өрнөк болор эрлердин,
Лукпан аким көз жумганда карып күн,
Дөңгөлөгү токтоп калган сыяктанып
тарыхтын,
Кайгысында чек болбоптур элдердин.

Касиретке ким тура алат арачы,
Ким бийлигин жүргүзө алат тагдырга?
Ошол кезде Лукпан аким баласы,
Атасына арнап жоктоо ыр жазып
Окуп берди калың журттун алдында.
Бирок ыры ойсуз, ары жалынсыз,
Болгондуктан таасир берди жагымсыз.
Араң угуп адеп сактап эл турду,
А бул хандын жинин гана келтирди:
– Жоготкула тигил арсыз баланы! –
Деп кыйкырды, жаалданып жанары.
– Күнөөм кайсы, айтпайсызбы, амирчим? –
Деди бала карыш түшүп кабагы.
– Күнөөм кайсы дейсиң, ээ?
Жүрөгүнө күндүн гүлзар жылуулугун
жыйнаган,
Алгар тоолуу кең талаанын улуулугун
жыйнаган,
Жыйнаганын адамзатка тартуу кылып,
сыйлаган,
Ошентсе да тууган элдин
маңдайына сыйбаган,
Касиеттүү зор атага даңкы бийик, эр көңүл,
Мындай жашык ыр жазгыча,
Акын болбой жерге кир!
Шылдыңдадың алп адамдын арбагын,
Андан көрө жакшы эле жөн калганың.
Атаңды да аябадың,
Өнөрдү да кордодуң,
Эки бирдей кылмыш жасап шордодуң.
Мен үчүн сен сыяктуусуң эми маңги
тирүү-өлүк,
Жазаңды ал да жолуңа түш,– деди
амирчи түнөрүп.
Жылтырагын каухар дешип нур себер,

Адамдар бар алдаганга кур чебер.
О, Ата-Журт, азбы мына ааламда,
Оттон качып бышпай калган күлчөлөр...
Сени ар дайым жалгандыктан коргоого,
Бактылуумун күчүм жетип турса эгер!

Сократ. Ортого омоктуу ой ташталды. Мындан чыккан жыйынтык: ар ким өз доорун, ага кубаты, күчү жетпегендер өздөрү байланышкан чөйрөнү, өз үй-бүлөсүн, эгер бул да колунан келбесе, кара башын жүрөктөн чыкпаган жалган сөздөрдүн уусунан арачалап, коргоп турууга милдеттүү. Өзү да адилетсиз, кошоматчы, жалынсыз сөздөрдүн очогуна айланбашы үчүн күрөшүү керек. Жакында бир окумуштуунун илимий табылгасын окуп таң калгандан жакамды кармадым. Биздин туура, же туура эмес айткан ой-пикирлерибиз, башка бирөөгө чын пейилден каалаган ак тилегибиз, берген батабыз, же акыйкатсыз, жалган мактоолорубуз, сөгүнүп-тилдегенибиз абада үч жылга чейин учуп жүрөт экен. Бул деген Сократка, Манаска, Абу-Насыр Аль-Фарабиге, Алишер Навоиге, Шекспирге айтылган алкоолор, Чыңгызханга, Гитлерге, Сталинге карата айтылган каргыш-наалаттар бекер кетпейт, балким, сөөктөш урпагына таасир берип, жакшылыгы да, жамандыгы да алардын атуулдук компьютерине жазылып калат деген сөз. Тирүүлүктө биздин иш-аракетибиз мындай турсун, ар бир сөзүбүздүн, кала берсе оюубуздун жаңырыгы бар.

Талап. Кечиресиздер.Тааныштырууга мүмкүндүк болбой жатат. Бул философиялык ой-толгоолордун автору облусубузда базар экономикасынын капшабына туш болуп жабылып калган

театрдын режиссеру, орусча айтканда режиссер «погорелого» театра Талмас Аккайнаров деген жигит. Бирок, заадисинен философияга жакын болгондуктан, ары философиялык спектаклдерди көп койгондуктан жана казандай башы менен жаркыраган мандайына карап Сократ деп ат коюп алганбыз. Сапырган сайын күчүнө кирип, бабына келген кымыз сыяктуу талаш-тарыштан таза ойлор иргелип чыгат. Ошону менен туугандар, Калия менен Сократтын пикирлерине кошумча бир сунуш киргизгим келип жатат. *(Жазуучу менен акынга бурулуп.)* Сиздердин самолёт Венага түнкү саат 12.20. да учат экен. Ага чейин дагы төрт сааттан ашыгыраак убакыт бар. Жарым саат жолго кетсин дейлик. Ошентип, бизде убакыт үч сааттан көбүрөөк. Эми бул топ сиздерди самолёттун трабына чейин узатып барат. Ушундайбы?



Ү н д ө р. Туура! Туура!

– Ошондой.

– Бул тээ башында эле чечилген маселе эмес беле?

Т а л а п. Баракелде. Күндүн мындай мээ кайнаткан аптабында аэропортто отургандан эмне пайда? Андан көрө таза абада ээн-эркин дем алып туралык.

М и н д ө ө л ө т. Талап, сенин башка жакка өтүп кетмей адатың бар. Жана мен бир сунуш айтпадым беле.

Т а л а п. Мына, бийликтин тагын ээлебей жатып эле, элден сын уга баштадым. Катамды ондоого аракет кылып көрөйүн. Алгач тааныштырайын. Мага сын шамшарын кезеген бул жигиттин аты – Миндөөлөт. Атына заты келишип турат. *(Жазуучу менен акынга бурулуп.)* Ка-

закстандагы эң эле иши алымдуу, сөзү жалындуу чоң бизнесмендин бири. Бишкекти айтпаганда да, Алматынын өзүндө жеке менчик төрт заводу, жети фабрикасы, беш ресторан бар. Жакында ал турсун Американын аты аңызга айланган шаары Нью-Йорктун чок ортосунан чоң дүкөн сатып алды. Миңдөөлөт өзү бет маңдайыңыздарда отурган Айсулуу деген карындашыңыздардын жолдошу. Кыскасын айтканда бизге күйөө бала. Ушул күйөө бала бизнесмендерге таандык марттык менен баарыбызды өзүнүн ресторанына чакырып жатат. Байкашымча, жана чөнтөгүндөгү сотый телефону менен буйрук да берип койду. Бирок...

Сократ. Тамакка кызыгып бул табигат театрын Миңдөөлөттүн таш үйүнө алмаштырууга каршымын. Анын үстүнө биздин башка да пландарыбыз бар эле.



Миңдөөлөт. Жарайт. Меники жөн гана сунуш. *(Чөнтөгүнөн телефонун алып бирөөлөр менен сүйлөшө баштайт.)* Алло, алло, Фазик, биз барбай турган болдук. Отбой!

Акын. Калия, сөзгө конок бер. Жанаракта Талап сиздин «Базар экономикасы жана руханий байлык» деген темада диссертация жактай турганыңызды айтты. Азыркы учурдун эң бир талылуу көйгөйүн кандай өңүттөн талдоого алганыңызды билсек болобу?

Калия. Биздин Орто Азия жана Казакстан республикалары эгемендүү эл болуп, ар кимиси өз алдынча экономикалык жолго түшкөн соң, алардын маданияты да чоң өзгөрүүлөргө учурады. Жашырбай эле айталы азыр руханий байлык, өнөр арабага таңылган ашыкча бешинчи дөңгөлөк сыяктуу күн кечирүүдө. Дүкөндөрдө,

көчөлөрдө сатылып жаткан китептерге көңүл буруп карап көрүңүздөрчү? Алар дээрлик бүтүндөй киши өлтүрүүнүн, зордуктоонун, кордоонун жол-жобосун, түрлөрүн үгүттөгөн туундулар. Убагында италиялыктар адамдын назик, бийик жана касиеттүү махабат сезимдерин бүтүндөй жокко чыгарган, эң эле бейадеп, уятсыз, башынан аягына чейин садизмди баяндаган чыгармаларды жазгандыгы үчүн темир абакка камап, коомдогу эң коркунучтуу, селсаяк адам катарында көчөдөгү элге эки буттуу айбан сыяктуу көрсөткөн, анан тууган жеринен айдалып ташталган Маркиз де Сад бүгүнкү жаштарыбыздын издеп окуй турган жазуучусуна айланды. Антпесе анын чыгармалары миллиондогон тираж менен тарабас эле.



А к ы н. Туура айтасыз. Турмушка болгон көз карашы толук калыптана элек жаш өспүрүмдүн бул жазуучунун китебин окугандан кийинки алган тескери таасирин, кооптуулугун айтып отуруунун өзү артыкбаш нерсе. Өз атуулдарынын жан-дүйнөсү бай, бири-бирине мээримдүү, достукка бек, сөзү менен ишинин ортосунда ажырым болбошу керектигине маани бербеген мамлекеттин бара-бара чоң жеңилишке учурай тургандыгын тарых сансыз жолу далилдеген.

К а л и я. Мына, биз өз кылымыбыздын гана эмес экинчи миң жылдыктын эң соңку жыйынтыктоочу жылдарын баштан кечирип жатабыз. Өткөн кылымдын аяк ченинде мобул Айсулуунун бабасы Кийизбайдын бүт болгон малы моюну узун кыштан чыга албай кырылып, короосу бош калыптыр. Менин бабам Рысбек да чаңытып, чубатып мал айдаган бай болсо керек. Мал сурап келген Кийизбайга беш жылга 500 жыл-

кысын карызга берген экен. Ал убакта азыркыдай нотариус жок. Бердим, алдым деген улуттук касиетке байланышкан эркектик сөз гана болгон. Төрт жылдан кийин жаз мезгилинде таштан-ташка урунуп бууракандап ташкындап жаткан Талас суусунан өтөмүн деп аты менен агып өлөт. Рысбектин жарык күн менен кош-тошконун уккан Кийизбай сакалын жашка чылап 500 жылкысын айдап алып жетип барган экен. Ошентип маркумдун жетисине, кыркына, жылдыгына кете турган чыгымды бүт өз мойнуна алыптыр жарыктык киши. Мына алар үчүн айткан сөзүн аткарбай, убадасына турбаса өлүм менен тең иш болгон. Эми ошол топурагың торко болгур Кийизбайдын урпагы, бабасынан бир кылым кийин өмүр сүрүп жаткан Айсулуу менен Миңдөөлөт ыйлап карыз сурап келген бирөөгө, ал турсун өзүнүн жакын таанышына нотариуссуз, процентсиз беш миң доллар бере алабы?

Сократ. Бере албайт.

Айсулуу. Ага таарынууга да болбойт. Себеби, заман ушундай. Замандын мындай болуп кетишине Миңдөөлөт экөөбүздүн бир миллиграм да тиешебиз жок.

Сократ. Кудай кийинкисинен, акырынан айтсын. Өз пайдасы үчүн ата-энесин кошуп сатып жибергенден бети чымырабаган селсаяктардын чоң армиясы пайда болууда.

Айсулуу. Минтип бир жактуу айтууга, же бизнести селсаяктык деп көрсөтүүгө аракет кылуу барып турган сабатсыздык. Бизнеске да Сократтын башындай баш керек. Бирок, мен жалган Сократты эмес, Ксантипанын күйөөсү, чыныгы Сократты айтып жатам.

С о к р а т. Мына ошол Ксантипанын күйөөсү Сократ азыр жашаган болсо сен Миңдөөлөт экөөң турчу көчөдө кайыр сурап отурмак. Анткени руханий жактан бай, таза, адил адамдардын бүгүн коомго кереги жок болуп калды.

М и ң д ө ө л ө т. *(Сократка.)* Соке, бул айтканыңа мен кошулбаймын. Айткан сөзүндө турган, убадасын аткарган адамдар бизнеске да абдан керек. Бизнеске алгач киришкен жылдары бизди да канча селсаяктар алдап кетти.

С о к р а т. Анан сен да алдадың...

М и ң д ө ө л ө т. Койчу Соке, айтканыңдан кайтпаган бир көк немесиң да. Турмуш болгон соң, баары болушу мүмкүн.

С о к р а т. Мүмкүн-сүмкүнүңдү кой. «Ооба» же «жок» деп жооп бер.



М и ң д ө ө л ө т. Агалардын алдында ыңгайсызданып турам. Антпесе сени менен...

С о к р а т. Кайталап айтамын. Бир ооз сөз. «Ооба» же «жок» деп жооп бер?

М и ң д ө ө л ө т. Ооба.

С о к р а т. Жарайсың. Мага сенин жок дегенде бир жылда бир жолу кылган ишиңди мойнуңа алып турганың эле керек.

А й с у л у у. Ушу бири-бирибиздин намысыбызга тийбей сүйлөшө албайбызбы?

М и ң д ө ө л ө т. Сократ бар жерде талаш-тартышсыз сүйлөшүүгө болбой тургандыгын билбейт белең?

С о к р а т. Мына, баарыбыздын көз алдыбызда коом чоң өзгөрүүгө учурады. Бул тууралуу ойлонгон жан барбы? Дегеле адам баласынан эки улуу касиетти – достук менен махабатты пир тутуу же ошого умтулуу куштарлыгын

алып салсак Обо эне урпагы ошол замат айбанга айланарын эмнеге капарыбызга албайбыз? Тиги сактар заманында досун саткан адамды коомдун эң коркунучтуу душманы, чириндиси деп эсептеп, аларды иттин этинен да жек көрөрүн унутуп салууга болобу? Алар жүрөк оту жеке керт башынан ашпаган, тирүүлүктө бир досу жок адамдарды эл башкаруу ишине аралаштырбаган. Эмне деген көрөгөчтүк. Достук – адамдар ортосундагы алака-мамиленин эң бийик чокусу. Ал махабаттан бир сөөм да кем эмес кудуреттүү сезим. Адамдардын жеке касиетин, достук менен махабатка туруктуулугун, айткан сөзгө, убадага бекемдигин ширетмейинче алдыңкы мамлекет курамын деш куру убарачылык. Арийне, демократиялык жол менен ар түрдүү мыйзамдарга таянуу аркылуу мамлекет катарында күн кечире берсе болот деңизчи. Дүйнөнүн далай азуусун айга жанган элдери ушинтип эле жашап жатышат. Биз да ошол жол менен өнүгүп келатабыз. Бирок элибиздин руханий байлыгын жаратуучулар азыр кайырчы болуп кетүү алдында турат.

А й с у л у у. Сократ, сага өз идеяңды ишке ашырууга эң чоң мүмкүндүк келип турат.

С о к р а т. Кандай?

А й с у л у у. Бир жарым жылдан кийин башталa турган Президенттик шайлоого Миңдөөлөт өз кандидатурасын коймок. Эл арасында кадырың, баркың бар. Колдоо көрсөтсөң, Миңдөөлөт ошол сайышта жеңишке жетсе, Маданият министринин портфелин кучактап калышың ажеп эмес. Анан Президентиң менен акылдашып алиги айткан идеяларыңды ишке ашыра бересиң.

С о к р а т. *(Миңдөөлөткө таң кала карап.)* Эмне, чынбы? Капырай, ушундай да оюң барбы?

А й с у л у у. Эмне, Президент болуп жаткандардын баары башында мүйүзү менен төрөлүптүрбү? Тобокелге салып көрөбүз. Былтыр сатып алган эки заводубуз быйыл бизди республикадагы эң бай адамдардын катарына кошту. Каражатыбыз шайлоо компаниясын өткөрүүгө толук жетет. Миңдөөлөттү жакшы билесиң. Ары экөөң курдашсыңар. Бабаларыбыздын «Ырылдаарсың каппассың, менден жакын таппассың» деген канаттуу сөзүн унутпаганың абзел. Ал эми руханий байлыктын байкуш абалга түшүшүнө сен эле эмес биздин да жаныбыз ооруп турат. Быйыл Саматтын мектепке барганын белгилеп уу-дуу түшүрүп той өткөргөнүбүздү, тойго чакырылган ырчылардын ар бирине үч миң доллардан бергенибизди кантип унута койдуң? Бул руханий байлыкты колдоо дегендикке жатпайбы?

С о к р а т. Жок, ал колдоо эмес, кордогонго жакындап кетет.

М и ң д ө ө л ө т. Сага даба жок экен го, чиркин! Кана, далилде!

С о к р а т. Менин бир досум айтып калчу эле, Турмушта далилденбей турган бир мыйзам бар. Ал чайга кант салсаң таттуу болот деп. Ошол сыяктуу сенин мырзалыгың сары эсепке курулган, түбү көрүнүп турган мырзалык. Ырас, силер бир жарым миңдей адам чакырып, бул аймакта башта-кийин болбогон, болмок турсун эч ким укпаган той өткөрдүңөр. Ошол тойдо казак менен кыргыздын эң атактуу, улуттук сыймыгы болгон артисттери ыр ырдап, бий бийледи. Мен аларды карап туруп уялганыман жерге кирип кете жаздадым.

Миндөөлөт. А эмне үчүн сен кубангандын ордуна жерге кирип кете жаздадың?

Сократ. Эмнеге кубанышым керек? Алар жыргап кеткенинен сенин тоюнда ырдап турду дейсиңби? Базар наркынын кысмагында калып, өкмөт тарабынан жардам азайып, күн көрүүсү кыйындаганда сага жалданбаганда анан кантет? Болбосо, ошондой атактуу адамдар тоюнда ырдай турган деги сен кимсиң? Өз элиндин кайгы-кубанычына күйүп-бышып, анын өсүшүнө ийненин көзүндөй салым коштуңбу? Ырас эле, айтам деп унутуп кала жаздапмын. Тоюнда ырдаган ырчылардын ар бирине үч миң доллардан бөлүп бердиң. Мында да жоомарттыкка жашынган сарэсеп жатат. Ой-бо-ой, атагы дубан жарган паланча, түкүнчө деген артисттер Миндөөлөттүн тоюна атайын борбордон келип тамагы кургагыча ырдашты. Кандай мартаба! Антпесе сенин «руханий байлыксыз да өнүккөн мамлекет куруууга болот» деген идеяны карманарыңды мен билбейт дейсиңби? Пай! Пай! Эртең Президенттик шайлоого түшсөң ошол ырчылардын дагы да болсо шарапаты тиет эмеспи. Эмне деген гана геометрия!

Эми Президенттик креслого жакындап келелик. Кызганып жатат дебе. Анткени Президенттик турсун болгону отуз адамдан турган чакан гана театр коллективинин бала-чакасына оокаташ болоор айлык таап бере албай таратып жибергенимди жакшы билесиң. Экөөбүздүн айырмабыз мына мында. Мен өз чама-чаркымды, колумдан эмне иш келип, эмне иш келбей тургандыгын жакшы билем. А сен болсо өз мүмкүнчүлүгүңдү өтө жогору баалайсың. Менимче Президенттик-

тен үмүткөр адамдын боюнда эң мыкты беш касиеттин тогошуп турушу лаазым.

К а л и я. Ал кандай касиеттер?

С о к р а т. Биринчи. Өз кызыкчылыгындан элдин кызыкчылыгын жогору коюп, элдин кайгы-капасын өз кайгы-мунундай кабыл ала билүүң керек.

Экинчи. Замандаштарыңдан найза бою озуп турган саясий-экономикалык көрөгөчтүк парасат менен сарамжалдуулук касиетиңдин болушу зарыл.

Үчүнчү. Өзүң башкарган мамлекеттин сан кылымдык руханий байлыгын тереңден билип, өз акылың менен жүрөгүңдүн элегинен өткөрүп эле тим болбостон аны бүгүнкү жана эртеңки иштерине үлгү катарында пайдалана билишиң кажет. Элиңдин руханий байлыгын жаратуучуларды жылмаңдаган соодагерлерге телмиртип, кайыр суратып койсоң анда эле Президенттигиңдин куну сокур тыйынга арзыбай калат.



Төртүнчү. Өз напсиңди кадам сайын кезикчү кызыкчылыктардан, айрыкча мактануучулук менен кошоматчылыктан мүмкүн болушунча алыс кармап, тыйып турушуң керек.

Бешинчи. Муну жогоруда айтылгандарга кошумча деп койсо да болот. Ойлогон максат-мүдөөңө толук жетүү үчүн коргонуу кудуретиңдин мыкты болгону дурус. Кээде эл башкаруучуга сагызгандай сактык, жыландын тишинин арасындагы этти алып жей тургандай эптүүлүк, түлкүнүн өзүн тузакка түшүрчүдөй куулук да зарыл. Катуу айтты деп таарынбассың, сенин колуңдан ушул беш шарттын эң акыркысы гана келет. Эл башкарып жүргөндөрдүн ичинде ушул

эң акыркы шартты гана мыктылап өздөштүргөндөр бар...

Калия. Ай, жигиттер. Силердин аңгемеңер урушка, талашка айланып бара жатабы дейм.

Сократ. Калия, мунун баары сенин диссертацияңдын кириш сөзүнө гана жарай турган аңгемелер. Негизгисине али жете элекпиз.

Миңдөөлөт. Сократ, жармач философия менен агалардын башын оорутуп жатам деп ойлогон жоксуңбу?

Сократ. Эмне экен, бул кишилер да байкасын, ой жүгүртүп көрүшсүн, бири-бири менен жакын дос, кала берсе тагдыры окшош төрт-беш адамдын алака-мамилесинде канча ой-чуңкур, кыя-бел жашырынып жатканын. Мүмкүн келечекте жаза турган чыгармаларына өзөк болор.

Айсулуу. Агаларыбыз башкача түшүнүп калып жүрбөсүн. Миңдөөлөт менен Сократ экөө тамашакөй курдаштар. Андыктан булардын азилдешкени кээде урушуп жаткандай болуп сезилет.

Талап. Стоп! Эми мага өзүмдүн чоңдук жумушумду аткарууга уруксат берсеңиздер. Биринчиден, таанышканыбыз үчүн, экинчиден, чү дегенден эле тереӊ мазмун алып, кеӊ кулач жайган аңгемебиздин өз ара кайым айтышуу абалынан чыгып, коллективдик сылык-сыпаа мүнөзгө өткөндүгү үчүн алып жибербейлиби?

Миңдөөлөт. Баракелде. Бул быйылкы жылы айткан тостторуңдун эң алдыңкысы болду. *(Баары рюмка кагыштырат).*

Калия. Агайын-туугандар! Алгачкы сөз тизгини мага берилгени менен туш-туштан жиреген ой-пикирлерге кезек берүүгө туура келди. Бүгүн менин туулган күнүм эле. Ошондуктан сиз-

дерди жол боюнда мейман кылайын деп атайы даярданып чыккамын.

Сократ. Кыздын жашын сурабайт. Ошентсе да бир чындыкты айта кетүү абзел. Бүгүн биз Талап экөөбүз таң супа тартканда эле туруп, той ээси уктап жатканда эч кимге билдирбей терезесине отуз үч роза гүлдү коюп кеткенбиз.

Калия. Ырахмат! Силер экенсиңер да. Мен Айсулуу менен Миңдөөлөт болсо керек деп ойлогом.

Айсулуу. Кантип унутуп калдык экен. Уят эле. *(Ордунан туруп келип бетинен өбөт.)* Миңдөөлөт экөөбүз бул күнөөбүздү атайлап жууйбуз.

Сократ. Бак менен байлыктын унуттурбаганы чанда гана учурайт деген экен бир даанышман.



Миңдөөлөт. *(Чөнтөгүнөн бир ууч доллар алып чыгып Калияга сунат.)* Унутчаактыктан кетирген катабызды оңдоого ыракым кыл. Биздин атыбыздан өзүңө жаккан, каалаган буюмуңду сатып ал.

Калия. Миңдөөлөт, капа болбо. Сенин бул сыйлыгыңды ала албайм.

Миңдөөлөт. Эмне үчүн?

Калия. Себеби бар. Агалар, ошентип бүгүн менин туулган күнүм. Сократ менен Талаптын отуз үч гүл тартуу кылганынан эле байкаган чыгарсыздар, отуз үчкө толдум. Ал эми мында эки элдин өкүлдөрү баш кошуп отурабыз. Дүйнөдө ар түрдүү элдер бар. Бирок алардын арасында кыргыз менен казактай бир төөнүн кош өркөчүндөй, бир куштун кош канатындай тили, салт-санаасы окшош, кайгы-кубанычы, жеңилиши менен жеңиши орток, ак дасторкону

жыйылбаган меймандостугу менен, кала берсе жалкоолугуна чейин бири-бирине коёндун бөжөгүндөй окшош айрып алгыс эгиз элди табуу кыйын.

А й с у л у у. Калия, бир аз сабыр кыл. Бул оюнду ыр менен коштоп жиберсек. Кана, Талап, Миндөөлөт тезирээк тура калгыла. Калия, сен да кошул. *(Бешөө «Эр Манастын элинде» деген ырды ырдашат).*

Бабам менен бабаң дос болгон,
Бул туугандык сан миң жылдап
кошталгон.
Атам менен атаң дос болгон,
Коштошордо карегине жаш толгон.

*Кайырмасы:*
Эч кандай күч алалбаган тартып,
Эч бир байлык алалбаган сатып,
Сезимдер бар –
Бул не деген бакыт.
Тагдыр бизди бөлбөй,
Элбиз эгиз төлдөй,
Ким бар жакын сендей, боорум.
Улуу кыргыз жери,
Эр Манастын эли, *(2 ирет)*
Кучагыңа ал мени, боорум!

Казак кыргыз эки көз болсо,
Ал Ала-Тоо ортодогу муруну.
Кандай тагдыр бизге кез болсо,
Салт кылганбыз дайым бирге турууну.

Кылым кечкен кыйын жолдордо,
Шаттык болуп кайтты бүгүн азабың.

Манас ырын айткан тоолорго
Сыймык менен карай берет казагың.

Ж а з у у ч у. Чоң ырахмат! Чынында да бул ыр эки элдин боордоштугун айгинелеген жакшы ыр экен.

К а л и я. Ошентип, биз Айсулуу, Сократ, Акканат төртөөбүз бала кезден бирге ойноп, бирге өстүк. Кыргыз казактын коңшулаш эки айылын Талас суусу гана бөлүп турат. Айсулуунун бабасы менен менин бабам жан кыйышпас дос болушканын жана айттым. Аталарыбыз менен энелерибиз да ошол салтты улантышты. Алардын балдары биз да казак менен кыргыздын адабияты, өнөрү менен жаш чактан тааныш болуп өстүк. Мисалы, мен мектепте окуп жүргөн кезимде Манасты жатка айтаар элем, а Айсулуу казак, өзбек ырларын бабына келтире аткарганда тамшанбаган адам калчу эмес. Институтка өткөн жылы Ташкентте болгон Орто Азия элдеринин майрамында баш байгени жеңип алган. Так ошол майрамда Миңдөөлөттүн Айсулууга көзү түшүп, үч жыл ээрчип жүрдү. Туз-насип буйруган экен, акыры казак элине келин болуп калды.

Эми аңгеменин негизги түйүнүнө жакындайын. Мындан он жыл мурун дал ушул күнү, дал ушул жерде, дал ушул маалда, тактап айтсак кечки саат сегизде менин туулган күнүмдү белгилөө үчүн чогулганбыз. Ал турсун шамал да ошол кездеги шамалга окшошуп турганын байкаган чыгарсыздар. Анда биз Сократты Түркияда өтүүчү театр фестивалына узатуу үчүн аэропортко баратканбыз. Ошондо Акканаттын сунушу

менен менин туулган күнүмдүн урматына «Сократты эскерүү түнүн» өткөргөнбүз.

С о к р а т. Ооба, аны унутуу мүмкүн эмес.

А к ы н. Кызык экен. Эмнеге Сократты эскерүү түнү?

М и н д ө ө л ө т. Ага, ал түн токко сайсаң болду бир аз убакыт өтпөй кызып, эки ийини сүлкүлдөп кайнап чыкчу электр самооруна окшошкон мына бул биздин жасалма, чөнтөк Сократыбызга эмес, адамзаттын улуу даанышман ойчулу, тиги Сократка, чыныгы Сократка арналган түн болуучу.

К а л и я. Ал түндүн башкы идеясы мына мында. Сократтын бүт өмүрү акыйкатты жактоого, канчалык кыйын, кооптуу болсо да ачуу чындыкты айтууга арналганы баарыбызга жакшы белгилүү. Ошондуктан, «Сократты эскерүү түнүндө» биз өз ара бири-бирибиз тууралуу ичте бугуп жаткан ойлорубузду ачык айтуу жана ашыкча, оор айтылган сөздөрдү көңүлгө албоо түнү, мезгил, заман тууралуу көкөй кескен проблемаларды айтуу түнү деген кыязда өткөрөбүз.



Ж а з у у ч у. Бул башкаларга да үлгү болорлук керемет жөрөлгө экен. Адам баласы кур дегенде жылына бир жолу айланасындагылардын эмне ойлой турганын угуп турса канча терс иштерден алыс болор эле.

К а л и я. Биздин көп жылдардан бери калыптанып калган дагы бир салтыбыз бар. Ал – туулган күнү белгиленип отурган адамдын ошол сааттагы, ошол күндүн деңгээлиндеги өтүнүч-тилеги сөзсүз аткарылууга тийиш. Ошол укуктан пайдалана отуруп эки коноктун, эки өнөр адамынын биз тууралуу, коомубуздун эң көкөй кескен маселелери тууралуу ойлорун уксак. Мен

муну туулган күнүмө берилген эң жогорку сый, белек деп түшүнөр элем.

Т а л а п. Бул топко Сократты да кошсок. Театры жабылып, өзү руханий жактан арыпазып жүргөнү менен бул киши да чоң өнөрдүн кишиси.

К а л и я. Эмесе, меймандарыбыз ойлорун талдап, ичтеринен даярдана беришсин. Алгачкы кезекти Сократка берели. Мен чыныгы Сократ мүнөздүү, оозун ачса жүрөгү көрүнчүдөй ак көңүл, жоомарт, кандай учурда да акты ак, караны кара деп айтуудан тартынбаган кыргыздын бул эр мүнөз жигитине көптөн бери куштармын. Бир жылдан бери өмүрдүн маани-маңызы тууралуу ыр менен жазылган спектакль даярдап бүтөйүн дегенде театры жабылып калды. Эл көрө албай калган ошол спектаклден үзүндү окуп берсе.



Ү н д ө р. Туура сунуш.

– Кана, угалы, тынчтанып кулак төшөйлү.

С о к р а т.

Ар бийиктин өз муңу бар, сүйүктүүм,
Өз сыры бар жан табылса тыңдарга.
О, ким билсин тигил турган бийик кыр,
Дөбөчөгө айланар бир жылдарда.

Ай көңүлсүз көрүнбөйбү туманда,
Шоола түшсө жез алтындай жаркырар.
Эч ким күмөн келтире албайт буга да,
Багы тайса азоо өзөн тартылар.

Туягынан дастан, күүлөр угулат,
Көбүк атып келбей улам бүркүмгө.
Миң күн байге бербей келген күлүк ат,
Багы тайса аксап калар бир күндө.

Кимдер сени өз жээгинден чыгарды,
Чайкалдыбы ишеним тооң аркада.
Кесүү үчүн алтымыш жылдык чынарды,
Алты мүнөт керек экен балтага.

Өкүнөсүң, башты женге катасың,
Бакыт оңой карматпаган өңүрүн.
Оңдош үчүн өткөндүн бир катасын,
Аздык кылар кээде бүткүл өмүрүн.
Бакыт оңой карматпаган өңүрүн...

**Биринчи элес**

*(Сахна айланат. Бакыт ак шөкүлө, ак көйнөк кийген кыз элесинде.)*

Ж и г и т *(сагыныч менен).* – О, Бакыт!
Бир адамга өтүмдүүсүң, не десем,
Туруксуз да сыяктуусуң, кээде сен.
Көрүш үчүн жашыл өңүң арчадай,
Издеп келем, издеп келем чарчабай.
Издеп келем, азыр дагы жолдомун,
Жок дегенде мейманым да болбодуң,
Кубанычым, кайгым дагы бир өзүң,
Айтчы мага, кайсыл жерде жүрөсүң?

Б а к ы т.
Эсиңдеби, карап тургам аркадан,
Энең сага нан бышырган арпадан.
Жер шириңин уулум татсын дегени,
Бирок сенин нанды жегиң келбеди.

Кур дегенде ооз тийбедиң сындырып,
Кабак бүркөп койдуң четке жылдырып.
Мээрим төгүп, кабыргам бир айрылган,
Ошондо мен энең болуп кайрылгам.

Нан бергеним, чакырганым, ак таңым,
Тээ аңызда сени күтүп жаткамын.

Ж и г и т.
Ал күнү эмес, наркы күнү баргамын,
Анда неге мени күтүп албадың.

Б а к ы т.
Сенден башта келип калган бирөөнүн,
Арабасына түшүп кетип калгамын.

Ж и г и т.
О, Бакытым, жылдыз окшоп санаган,
Кантип айтсам сагынчымды самаган.
Бир күн үйдө отургамын зеригип,
Сени мага көчөдө жүр деди журт.
Канча жылдар издеп келген элем деп,
Атып чыктым, карай бердим элеңдеп.
Таба албадым, карадым ой, бар кырын,
Сен ошондо каерде элең, жаркыным?



Б а к ы т. *(күлөт.)* Ха-ха-ха!
Байкабайсың шамал кайдан урганын,
Сага жолдо салам берген бир кыздын
Карегине жашырынып тургамын.
Балалыкта адатыңды кайталай,
Башыңды ийкеп өтө бердиң байкабай.
Ха-ха-ха-ха, ха-ха-ха...

*(Бакыт көздөн кайым болсо да көпкө чейин анын күлкүсү жаңырыктап турат).*

А к ы н.
Жакшы үмүткө жаркыратып маңдайын,
Адам дилин айландырат мүрөккө.
Бирок Кайгы жашырынып ар дайым,
Жол таап келет жүрөккө.

### Экинчи элес

*(Тоо. Гүл кармаган жаш жигитке Кайгы кез келет.)*

К а й г ы. *(Үнү күрүлдөп.)* Али алыстай элексинби гүлдөрдөн. *(Мыскыл менен.)* Тааныдыңбы сен мени?

Ж и г и т. Башта көргөн сыяктуумун бир жерден.

К а й г ы.

Башта көргөм дейсиңби?
Айта турган сөздөрүм көп сага арнаар,
Билем сенин жүрөгүңдө жараң бар.
Мени далай көрсөң дагы унуттуң,
Түк унутчаак келесиңер, адамдар.
Менин даңкым көп тараган кең жерде,
Изим жатат ой-кырларда, белдерде.
Мен – Кайгымын,
Жаза бассаң капыстан,
Чакырттырбай жетип келем алыстан.
Жаш өмүрүң аткан кезде болуп таң,
Эсиңдеби сага далай жолуккам.
Жаралгамын жакшылыкты бөлгөнгө,
Андан кийин бир күн атаң өлгөндө,
Атаң айткан акыркы сөз, сүйлөмдө,
Түнөп калгам сенин баёо дүйнөңдө.
Андан кийин улам-улам бир күндөн,
Эшигиңди тез-тез кагып турдум мен.
Тез-тез кактым, келбеди эч тосулгум,
Кээ күндөрү бирге жүргөн досуңдун,
Саткандыгын сезгениңде жолуктум,
Жалгыз калган кездериңде жолуктум...

Ж и г и т.

А бүгүнчү, бүгүн неге келдиң сен?
Тоодо бекер жүргөн жоксуң, мен билсем.

К а й г ы.

Көрдүм сени бир кыз менен сырдашып,
Турганыңды, кеткениңди кырды ашып.

Айта койчу, дагы канча термексиң,
Сен бул гүлдү кимге апарып бермексиң?
Ж и г и т.
Качанга чейин капас – тордо кармаймын,
Мен бул гүлдү ашыгыма арнаймын.
Ал кыз мендик, эстейм басып, күлүшүн,
Жаны да асем жаралгандай гүл үчүн.
К а й г ы.
Ал кызга ашык бир эле сен эмессиң,
Канча жигит кайгы жутмак бул үчүн.
Кайгырышат, таттуу үмүтүн жоктошот,
Анан мага жебелерин октошот.
Оюңдан кайт, акыл айтса челбегин,
Сага ошону эскерткени келгемин.
Ж и г и т.
Билем, билем, өжөрлөнүп, карышам,
Эгер өмүр жарыш болсо, жарышам.
Кантип оңой бере коём башкага,
Ал кызды мен бакытым деп таанысам.
Мени аяба,
кереги жок, аёонун,
Жүрөктөргө салдың канча аёо-муң.
Кайгым менин, келем десең сен мага,
Эң кооптуу,
Эң бир катаал чакта да
Күлүп туруп тосуп алам эрлерче,
Сезимимди кордой көрбө тек гана!
К а й г ы. *(Башын жерге салып.)*
Акылдуу айттың, даап айттың,
Кантсе да сен таап айттың, жигитим.
Күн кечирдим көңүл чөгүп, тунжурап,
Ийинимден учту канча замандар,
Кетээр элем жер бетинен тим ыраак,
Бирок мени жиберишпейт адамдар!

*(Жигит кетет, артынан Кайгы да кетет. Сахна караңгыланат. Жигит кайтып келет.)*

С о к р а т. Ал, махабат сен эмне дейсиң?

М а х а б а т. *(Акшөкүлө кийген сулуу кыз турпатында.)*

Кылымдардан кылымдарга жол алган,
Учуп келген үмүт аттуу аралдан.
Мен өмүрдүн ак кушу элем, аппак ардан
жаралган,
Даңкым алыс таралган.

Көктөм гүлүн тагынсам да чачыма,
Жалаң жаздан бак курбадым кашыма.
Конгон жокмун жапыз, бөксө дөңдөргө,
Конгон жокмун кез келгендин башына.
Кара түндү көп кечсем да азалуу,
Болгон жокмун мен эч кимдин мазагы.
Мага жаза тарткызамын десе ким,
Өзү тартты жазаны.
Тагдыр, менин баскан изим тактаба,
Айың сөздүн жалынына кактаба.

Мага карай ок аткандын бардыгын,
Жазып койду тарых кара тактага.
Жаман көздүн жабыркаткан дартынан,
Сестенбеймин, өргө карай чарк урам.
Тек күндөштүк тосо берди алдымы,
Тек зулумдук калбай койду артыман.

Бузуп келем тиричиликтин сай, дыңын,
Сүзүп келем жашыл аалам айдыңын.
Канатымда шамалы бар бакыттын,
А манжамда шакеги бар кайгынын.

Көркү болдум сулуулуктун, ажардын,
Коркута албас ызгаары да ажалдын.

Бир көзүмдө шооласы бар үмүттүн,
Бир көзүмдөн ишеним от жага алдым.

Билген жанга жүрөгүмдүн түрсүлүн,
Килити жок ачылбады бир күнүм.
Көмөкөйүмдө авазы бар булбулдун,
А оозумда шыңгыры бар күлкүнүн.

Чыккынчылар сатса дагы калкымды,
Эч ким менин сата албады даңкымды.
Шылдың кылып күлгө тебип жибердим,
Мени сатып алмак болгон алтынды.

Адилдиктин жолун эңсеп сабылсам,
Ошол жолдо мүдүрүлүп, жаңылсам.
Мен силерге жалынбаймын куткар деп,
Мен махабат болбос элем жалынсам.



*(Баары кол чабышат.)*

Ж а з у у ч у. Мындай чыгарманын жарыкка чыкпай калышы кандай гана өкүнүчтүү!

С о к р а т. Бул үзүндүнү окуганымдын өзүнчө себеби болуп турат. Биздин Акканат деген досубуз бар эле. Сырткы кебете-кейпине акыл-парасаты шай, казак менен кыргыздын сан кылымдык тарыхы, анын руханий жеңиштери менен жеңилиштери жана өсүү жолу тууралуу дүйнөлүк деңгээлде эркин ой жүгүртө билген, көңүлү жактырган адамына өзөгүн кесип берчүдөй достукка ак, Акканат десе дегендей, баарыбызды ак канаты менен жөлөп-таяп жүргөн жан эле. Муну унутсам атуулдугума, эркек атыма көлөкө түшөр, адам болуп жетилишиме Акканаттын тийгизген таасири чексиз болду. Башкасын айтпай эле

коёлу, бүгүнкү Сократты эскерүү түнүнүн автору да ошол.

Жана агабыз дурус аныктама берди. Адамдын күзгүсү – адам. Сенин көңүл-буйтканды, осол жерлеринди, азаматтык менен пендечилигинди айланандагылардын бири билбесе, бири таамай билип, байкап калышы мүмкүн. Бирок, сен тууралуу эмне ойлой тургандыгын ачык айтуудан тайсалдайт. Анткени, өзү тууралуу чындыкты бетке айтканды жактыра турган жан сейрек гана. Мисалы, мен баятан бери Миндөөлөтту канча сындасам да эң башкы ачуу оюмду жашырып отурам. Эмне үчүн? Мен да куумун. Аны айтсам мунун өпкөсү жарылат. Анан менин күн көрүшүмө да кыйын болуп калышы мүмкүн. Себеби, театр жабылып, өзүм мунун фирмасынын рекламасын жасоочусу болуп жалданганы Алматыга кетип баратам.



Т а л а п. Бүгүнкү кечте Сократты эскерүү түнүнүн шартына ылайык айтылган сынга эч ким чычалабашы керек экенин өзүң жакшы билесиң. А оюндагыны жашырсаң – жигиттигиңе көлөкө түшөр.

С о к р а т. Бул маселеге кийинчерээк кайрылсак кандай болот?

Т а л а п. Жок. Азыр айтуу керек.

А й с у л у у. Миңдөөлөт тууралуу, мен тууралуу эмне ойлой турганыңарды жашырбагыла. Балким, келечегибизге пайдасы тийер.

М и н д ө ө л ө т. *(Сократка бурулуп.)* Казак, кыргызда «Тууганың жок болсо бере албайт, бар болсо көрө албайт» деген макал бар. Сага уйку бербей жүргөн менин байлыгым экенин билем.

К а л и я. Миңдөөлөт, мунуң адилетсиздик. Сократ андай жигиттерден эмес.

Т а л а п. Биз, Миңдөөлөттүн турмушун сөз кылуу аркылуу коомубуздун бүгүнкү күндөгү эң башкы проблемаларынын бирин козгойбуз.

М и ң д ө ө л ө т. *(Мыскыл менен.)* Сиздердин оюңарга тема болгонума чексиз бактылуумун.

Т а л а п. Биз, XX кылымдын соңунда турабыз. Жакында чет элдик окумуштуулар дүйнө элдеринин ой-пикирин иликтеп, соңку миң жылдыктын жыйынтыгын чыгарышыптыр. Алар эң таланттуу кол башчы – Чыңгызхан, эң таланттуу жазуучу – Шекспир, эң таланттуу мыкаачы адам – Гитлер деген тыянакка келишиптир. Ал эми «эң таланттуу жакшы адам ким?»– деген суроонун айланасында чоң талаш-тартыш болуп, бир пикирге келе алышпаптыр.

С о к р а т. Биз дагы акыркы он жылдыгыбызга ушундай жыйынтык чыгара турган болсок, өз арабыздагы эң таланттуу адам деп Миңдөөлөттү айтаар элем.



Т а л а п. Дурус. Эгер Чыңгызхан менен Гитлердин таланты адамзаттын жакшылыгына багытталганда Жер шары азыркыдан да сөөлөттүүрөк абалга келип, жазыксыз сан миллиондогон элдердин каны бекерге төгүлбөйт эле. Бирок экөө тең дүйнөгө зор арман-тозок, кайгы-муң алып келген кара таланттар катарында тарыхта калышты. Буга айланасындагылар күнөөлүбү? Албетте, күнөөлүү. Жанындагылар колдоо көрсөтпөгөндө алар ошончолук баш айланаар бийикке көтөрүлө албайт эле. Ал эми Миңдөөлөткө келсек, бул сөз жок, таланттуу жигит. Мында соодагерлик талант менен элди өзүнө тарта билүү, ынандыра билүү сапаты катуу өнүккөн.

С о к р а т. Ооба, биз экөөбүздүн Миңдөөлөт жөнүндөгү пикирибизде айырма аз. Көңүлүңөрдү

мындай бир окуяга бурайын. Миңдөөлөт Алматыдагы бир ишканада иштеп жүрүп соттолуп кете жаздаган жеринен кимдир бирөөлөрдүн күчү менен араң кутулуп Таласка келет. Көпкө чейин ылайыктуу жумуш табылбайт. Биздин театрдын эки-үч жылдан бери бузулуп жаткан автобусу бар эле. Ошону Миңдөөлөт көрөрү менен «мага саткыла» деп жабышып жатып калбаспы. Бирок, чөнтөгүндө сокур тыйыны жок. Театрыбыздын директору Белбасар деген жашы барып калган, жоомарт, ак пейил, жүрөк дартына чалдыккан, ары мактоону жакшы көргөн адам эле. Миңдөөлөттү ошол кишиге ээрчитип бардым. Бул эски адатына салып, сөздү тээ алыстан чаргытып, жумшак тилге алып, үстөкө-босток мактап жибергенде бечара чаначтай чатырап чыкты. Ошол күнү эле жумушсуз сенделип жүргөн эки слесарь жигитти таап келип ишке киришти. Ушундай эле жол менен автобустун башка тетиктерин да тапты. Болгону он күндүн ичинде арыдан-бери оңдой салып автобусту бирөөгө сатып жиберди. Андан түшкөн акчага Талаптын Германия элчилигинде иштеген бир таанышын пайдаланып Гамбургдан эки эски «Мерседес» машинасын алып келди да Бишкекте төрт эсе кымбат баада сатты. Кийинки жолу Гамбургдан алты эски «Мерседести» алып келди. Бул ишти бир нече жолу кайталаган соң ал кадимкидей тыңып, кырданып калды. Бирок, кашайгандай автобустун акчасын театрга кайтарып бергенди унутуп кетти. Дал ошол тушта «Театрдын автобусун сатып жеп алдың» деп Белбасардын үстүнөн бирөө борборго арыз жазат. Борбордон арызды текшерип келген өкүл Талаптан да, менден да түшүнүк кат алды. «Мамлекет

мүлкүн сатып, өз кызыкчылыгына пайдаланган» деп Белбасардын намысына тийген сөз айтканда ал ордунан атып туруп жакалаша кетти. Тиги да бир көк неме экен, экөөнү араң ажыраттык. Кийин Белбасар бечаранын кан басымы көтөрүлүп ооруканага жатып калды. Эртеси Алматыдагы Миңдөөлөткө Талап экөөбүз эки жактан телефон чалып, акыреттик сөзүбүздү айтканда ал акчаны алып келип берди.

М и ң д ө ө л ө т. Айыптуумун. Ошол арада бир кызыл көз балээ арыз жаза коёт деп ким ойлоптур. Күнүн жегеним менен кунун эки эсе кайтарбадымбы?

Т а л а п. Ооба, берешендик кылганың ырас. Бирок, Белбасар ооруканадан чыкпай бир жарым айдан соң каза болду... Мына ошентип театрдын көк автобусу Миңдөөлөттүн миң салалуу бизнесинин очогуна от калады.



С о к р а т. Муну тегирменге салсаң да бүтүн чыгат. Зарыл болсо жыландын тишиндеги этти алып жейт. Бул соодагердин соодагери. Айсулууга үйлөнөрдө Калия, Акканат үчөөбүз тең каршы болгонбуз. Калия, ал тууралуу эмне үчүн ооз ачпайсың?

К а л и я. Эски жараны жаңыртпайын дедим.

Т а л а п. Бүгүнкү күндү пайдаланып айтарыбызды айтып калалы.

С о к р а т. Мындан ары Миңдөөлөт Сократты эскерүү түнүнүн артынан жүрбөйт го деймин. Ошондуктан бүгүн ал тууралуу кандай ойдо экенимди ийне-жибине чейин ачык айтам да, фирмасына ишке кирүүдөн баш тартам.

М и ң д ө ө л ө т. Катуу жаңылышасың. Дал ушул сааттан тартып мен такыр башка багыт алам. Сократты эскерүү түнүн өзүм уюштуруп

турам. Президент болушум үчүн жанымда жүргөн адамдардын эле эмес, жалпы элдин кандай пикирде экенин билип турушум керек. Сен сыяктуу чындыкты жашырбай бетке айткандар мага азыр аба-суудай керек болуп турат. А, Президент болуп алган соң көрө жатарбыз...

Т а л а п. «Эчкинин кудайы мен, соём десем соём, коём десем коём» дейсиң го.

М и ң д ө ө л ө т. Жаңылган жоксуң. Сократжан, жумушка албай коёт деп бекер эле санаа тартпа. Тескерисинче, мен сага баягы экөөбүз сүйлөшкөндөн эки эсе көп эмгек акы төлөп берем. Эгерде мурдараак болсо кекиренин данындай ачуу сөздөрүң үчүн тумшугуңду түздөмөкмүн. Меймандар кечирсин, оюндан от чыгып кетип жүрбөсүн. Сөзүмдү акырына чейин ук. Азыр менин алдымда улуу максат турат. Ошол максатым аткарылганча крокодилди – тайке, жыланды – жезде, түлкүнү – тууганым деймин. Мына муну эсиңе тут: жоктон барды жасап мен соңку үч-төрт жылдын ичинде Казакстан менен Кыргызстандагы эң бай адамдардын катарына кошулдум. Менмин деген министрлериң, керек болсо андан да жогоркулар азыр курдашыңа кайрылып салам берет. Ушул шайлоодон да үмүтүм зор. Бирок келерки шайлоодо, сөзсүз эл тизгинин кармай турганыма башыңдагы бөркүңдөй ишен.

С о к р а т. Эй, Талап! Мен мунуңдан корко баштадым. Чынында да бул Президент болуп кетиши мүмкүн экен.

М и ң д ө ө л ө т. Мен Президент болсом сен ушинтип тентип жүрбөйт элең?

Т а л а п. Сен Президент болсоң аны жок кыласың.

М и н д ө ө л ө т. Астапыралла! Эмнеге? Деги эсиң жайыңдабы?

Т а л а п. Себеби, ал сенин байып кетишиңе жардам берген адам. Тарыхка үңүлүп карачы. Каны безер тирандар өзүнө жакшылык жасаган адамдарды өлтүрүп турган. «Бул менин жардамым менен ушундай даражага жеттиң» деп ар кимге барып айтып, оттоп жүрбөсүн деп жасаганы. Карачы, бүгүн мына бул сыйлуу агалардын алдында аброюңду төктү. Эртең башка жерге барып айтат. Кыскасы, мунун оозун жабуу кыйын. Ошондуктан...

М и н д ө ө л ө т. Унчукпа! Мен ал пендечиликтен жогору турамын.

Т а л а п. Баракелде. Канча убакыттан бери чечилбей келген кызыл чеке талаштын түйүнүнө эми келдик. Сенин жүрөгүңдө ал пендечиликке каршы коё турган руханий байлык жок. Эми түшүндүңбү?



С о к р а т. Сенде эл башкара турган касиеттер жокко эсе экенин сөз башында эле айткамын. Сен башка улуттар турсун, өз улутуңдун маданий жактан өсүп-өнүгүүсүнө кедерги болосуң. «Бизнесмендин улуту болбойт» деген канаттуу сөздү ким айтканын эстей албай жатам.

М и н д ө ө л ө т. *(Мыскыл менен.)* Ошол сөздү өзүң айтып жүрбө.

С о к р а т. Андай болушу да мүмкүн. Бирок, багыбызга жараша өз элинин маданий байлыгы менен азыктанган, үрп-адат, салт-санааны мыкты билген бизнесмендер да жок эмес. Арийне, сен руханий байлыктын салтанат курушуна ачык каршы чыкпайсың. Антсең калың элди өзүңө каршы коюп алаарың айдан ачык. Бирок, маданият үчүн жүрөгүң ооруп, кабырган кайышпайт.

Колдосоң тек гана өзүнө пайда табуу үчүн колдойсуң. Сендей космополитке, өз улутунун сырткы кийимине жашырынган нигилистке калкыбыздын ал байлыктары көз боёмочулук үчүн гана керек. Сага колдоо көрсөтүп коом алдында күнөөкөр болгум келбейт. Эң коркунучтуусу сенде адамгерчилик жок. Эл тизгинин кармаган адамда адамгерчиликтин, жок эле дегенде бир касиеттүү сезимдин болбошу коом үчүн кооптуу. Учурунда жакын адамдарынын бири Гитлерден да ушундай мүнөз көргөн. Ал эми мен азыркы Президентти сага айырбаштоого таптакыр каршымын.

М и ң д ө ө л ө т. Макул, жарайт. Бул тууралуу талашты ушу менен бүтүрөлүк. Экөөң каршы болдуң деп максатымдан кайтпайм. Аны убакыт көрсөтөр. Андан көрө кадырлуу, даанышман кашка башым, Акканат досубуз тууралуу үзүлүп калган сөзүңдү улант.



Т а л а п. Ооба, бүгүн Акканатты эскере турган түн.

А й с у л у у. Чиркин, Акканат, жигит аттуунун кыраааны эле го. Анын руху урматына арнаган сөзүңдү башта, Сократ.

С о к р а т. Убагында бүт дүйнөнү дүңгүрөткөн Алматыдагы 1986-жылкы Желтоксон окуясы Казакстанда гана эмес Советтер Союзундагы демократиялык козголуштардын көч башы болгону жалпыга маалым. Тоталитардык режимге каршы наарazылыгын ачык билдирип, элинин эркиндигин эңсеп аянтка куралсыз чыккан жаштарга аскер күчтөрү каршы коюлду. Аянттагы жүрүшкө катышкан адамдарды сапёр күрөктөрү менен уруп, күзөт иттерине талатты. Жыйын-

тыгында эки миңге жакын адам жарадар болду. Казак жаштарына жасалган бул чоң адилетсиздикке жандары чыдабай, жардам берүүгө аттанган кыргыздын төрт жүзгө жакын улан-кыздары Москванын түздөн-түз буйругу менен чек арага жетип калган жеринен кармалып, артка кайтарылды. Бул окуя боордош эки элдин туугандыгын дагы бир жолу айгинелеген кашкайган чындык катарында тарыхка кирүүгө толук укуктуу. Ошол аянтка чыккан жаштардын чок ортосунда Акканат да бар эле. Бирок башына сапёр күрөк тийип, жүлүн омурткасы сынып, кансырап жаткан жеринен курсташ эки жигити аянтка жакын жердеги бир таанышынын үйүнө араң сүйрөп жеткиришет. Врач чакырсаң анык балээге ошондо каласың, кара тизмеге илинип, жазага тартыласың. Айласы кеткен жолдоштору кыргыздын Талас облусундагы бизге телефон чалат. Калия экөөбүз түн жарымынан өтө Узунагачка араң жетип, райондук милиция бөлүмүндө иштеген бир жакын жолдошубуздун машинасы менен Акканатты Таласка алып келип ооруканага жаткырдык. Жолдо төрт-беш жерде текшерди. Баягы милиция кызматкеринин жардамы менен аман-эсен өтүп кеттик. Ошентип, Акканаттын Желтоксон окуясына катышканын эч кимге билдирбөөгө аракет кылдык. Себеби, бул апаат казак элине чакан 37-жыл сыяктуу болбодубу. Үч айдан кийин ооруканада 25ке толушуна эки күн калганда баарыбызга жарыгын чачкан бир аёолуу жүрөк сокпой калды.

А й с у л у у. Акканаттын рухуна арнап «Желтоксон сабагы» аттуу ырды аткарып коёлу. *(Бешөө үн кошуп ырдашат.)*

Желтоксондо чындык ырын ырдаймын деп
чарк урдун,
Желтоксондо эгемендүү эл болсок деп
талпындын.
Көөдөнүндө эрий элек ал ызгаардын көк музу,
Айланайын жаш канатым – келечеги
калкымдын.

*Кайырма:*

Үмүтүндүн атын,
Жигериндин отун
Өчүрө албас эр урпагы атыктын.
Эгер ким канча,
Санаасыз болсо
Ошол адам кунун билбес бакыттын.

Темир колдор жулмак болду тамырындан,
түбүндөн,
Намысынды жыкпай өттүн сынга
түшкөн күнүндөн.
Жалгыз калган чактарымда кубат алдым
боюма,
Түрмө торун жарып чыккан сенин
баатыр үнүндөн.

Эркиндик деп, женишке үндөп, эркти
бүлөп кайрады,
Алоолой бер Желтоксондун муздагы оту,
майрамы.
Силер өндүү намыска бек шумкарлары
бар элдин,
Деги эч качан энкейүүгө тийиш эмес байрагы.

Сократ. Мен сөзүмдү али бүтүрө элекмин. Акканат менен Калиянын ортосунда өз тамы-

рын достуктан алган купуя махабат болду. Экөө бул сезимдерин эң жакын достору биз турсун бири-биринен да жашырып жүрүшкөн экен. Биринчи Нооруз – көктөмдүн алгачкы күнү эсимде түбөлүк калды. Врачтар Акканаттын ичер суусу, көрөр күнү аз, саналуу калганын эскертишкен. Бул кайгылуу кабарды Калияга айтууга батына албай, башкаларыбыз күнү-түнү кезектешип, Акканатты карап турдук. Ошол күнкү кезек меники эле.

К а л и я. Чыдай албайт көрүнөм. Андан аркысын айтпачы, Сократ, суранам, суранамын...

С о к р а т. Жок. Калия, айтыш керек. Бүгүнкү Сократты эскерүү түнүндө мен да Акканаттын рухунун алдында көңүлүмдү баскан ойлордон арылып, жеңилдегим келет. Чыда, чыдап тур. Балким, бул сага караганда, башкалар үчүн керек чыгар.



А й с у л у у. Ооба, туура айтасың, Сократ, бул биз үчүн керек.

С о к р а т. Ошол күнү саат 10до Калия өз колу менен Акканаттын өзгөчө жакшы көрө турган тамагы – кыргызча бешбармак жасап келмекчи болгон. Убакыт жакындаган сайын Акканаттын жүрөгү опколжуп, тынчы кете баштады. Өзүнүн өтүнүчү боюнча сакалын алып бердим, ак көйнөгүн кийгиздим...

*(Сахна айланат. Оорукананын чакан бөлмөсү. Керебет үстүндө – Акканат).*

А к к а н а т. Бүгүн көктөмдүн эң алгачкы күнү. Талаада байчечектер да баш созуп, кылтыйып чыгып калган чыгар.

А к к а н а т. Ооба, бул күнгө да жеттим. Кудайдын мунусуна да шүгүр! *(Терең үшкүрүп.)* Сократ, мен бүгүн кайтпас сапарга жөнөгөнү

турам. Сен «айыгып кетесиң» деп алдабай эле койчу. Андан көрө убакытты коротпой ачык сүйлөшөлүк. Экөөбүз узак жылдар бою жан аяшпаган дос болдук. Коштошор алдында сага эки өтүнүч менен кайрылгым келет.

С о к р а т. *(Көзүнө жаш алып, тескери караган калыбында.)* Айт.

А к к а н а т. Биринчи өтүнүчүм. Кыргыз жери жана анын жай, күндөлүк турмушта гана эмес, кыйын кезенде да жаныма демөөр болгон кең пейил, жоомарт мүнөз уулдары тагдырымдын айрып алгыс бир кымбат бөлүгүнө айланды. Ошондуктан сөөгүм ушул жерде, улуу Манас бабабыздын туулган жеринде калсын... Экинчи... Экинчи өтүнүчүм мындай... Экинчи... *(үнсүз калат.)*

С о к р а т. Айта бер, Акканат!

А к к а н а т. Айта турган болсом, мен Калияга ашыкмын. 

С о к р а т. Калия да сени жанындай жакшы көрөт. Бирок, ушул күнгө чейин бири-бириңерге сыр билдирбей келгениңер мен үчүн түшүнүксүз.

А к к а н а т. Эми баары кеч болду. Аябай кечиктим, Сократ *(үшкүрүп)*.

Менин экинчи өтүнүчүм да ушуга байланыштуу эле. Тээ тигил, кечээги үйдөн алдырган сумкамда апам маркумдун өлөр алдында «болочок келинимдин колуна саларсың» деп аманат калтырган шакеги жатат. Ошол шакекти мен көз жумгандан кийин Калияга берип койсоң...

С о к р а т. *(Толкунданып.)* Калия азыр ушул жерге келип калыш керек. Өз колуң менен тапшыр. Анын да сага ашык экенине күмөн санаба, Акканат!

А к к а н а т. Жүрөгүм даай албайт. Жок. Айта албаймын.

С о к р а т. *(Акканаттын алдына тизелеп отуруп.)* Сенден суранам. Кайратыңа кел! Өз колуң менен тапшыр.

А к к а н а т. *(Башын чайкап.)* Кыйнаба. Антүүгө чамам жетпейт...

С о к р а т. Кап! *(Башын кармап.)* Эми канттим?

*(Эшик кагылып. Калия кирет.)*

К а л и я. Саламатсыңарбы? Экөөңдү тең көктөмдүн алгачкы күнү менен куттуктаймын. *(Колундагы түйүнчөгүн стол үстүнө коюп жатып Сократка үңүлөт.)* Сократ, сага эмне болгон? Ыйлагансыңбы? *(Акканатка бурулуп.)* Сен дагы ыйладыңбы? Экөөңө эмне болгон?



С о к р а т. Калия, бери келчи. Катуу тийсе кечир. Бирок тагдырдын жазганына моюн сунбаска айла барбы? Мына, Акканат жарыкчылык менен коштошкону турат.

К а л и я. *(Таң калып туруп калат.)* Жок, антип айтпа... Антип айта көрбө. Мүмкүн эмес...

С о к р а т. Калия, Акканат сага ашык экен. Сен да аны жакшы көрөсүң го... Сен да ага ашык эмессиңби... Айтчы. Эмнеге үн катпай турасын?.. Бир саат болсо да өзүн бактылуу сезсинчи. Өзүн бактылуу сезип аттансынчы... Жок дегенде «ооба» дечи...

К а л и я. *(Бетин басып.)* Ооба, ооба, ооба!

С о к р а т. *(Колу дирилдеген калыбында, терезе жакта турган сумкадан алтын шакекти алып.)* Мына бул шакекти Акканаттын энеси өлөр алдында болочок келинимдин колуна саларсың деп аманат калтырган экен. Эми бул шакекти Акканат сага тапшырайын деп жатат...

*(Калияны колунан жетелеп Акканаттын алдына алып келет. Шакекти Акканатка берип жатып.)* Эгер энеңдин арбагы ыраазы болсун десең өз колуң менен сал. *(Акканат Калиянын сунуп турган манжасына алтын шакекти салат. Экөөнүн кучакташып, буркан-шаркан түшүп ыйлагандары көпкө чейин угулуп турат. Сахна акырындап караңгы тарта баштайт. Прожектордун жарыгы Сократты гана көрсөтөт.)*

С о к р а т. Экөөнү жалгыз калтырдым да өзүм далиске чыгып кеттим. Кыңкайып ачык турган эшиктен эки ашыктын бири-бирине арнаган соңку сөздөрүн үнсүз тыңшап, өксүп-өксүп ыйладым. О, Кудай-ай, экөөнүн мөлтүр, тунук махабаты уяңдыктын чеңгелинен чыгып, эртерээк түшүнүк табышына эмне үчүн жардам бербедим экен деп өзүмдү оттон алып күлгө чаптым. «Сократ» деп чакырды бир аздан соң Акканат. Менин эшиктин сыртында ыйлап турганымды байкап калды го дейм. Манжасын көрсөтүп: Мына, Калия да мага өз шакегин тартуу кылды. Эстайдын өлүмүн кайталады деп эл мени жекире койбос. Калиямдын бул шакеги эми мага түбөлүк жарык чачып, жети кат жердин астында манжамда жалтырап жата турган болду.

Ошол саатта экөөнүн бири-бирине арнаган оттон ысык сезимдерин, актык сөздөрүн жана улам ыйлап, улам бири-бирин кайраттуу болууга чакырганын угуп, көрүп турган эң эле каны безер, таш жүрөк адам да көзүнө жаш алмак. Акканат Калиянын махабат нуру аймалап, кайгы жашына чыланган назик манжаларын жүзүнө басып туруп, тагдырына өзгөчө бир ыраазычы-

лык менен жылмайган калыбында жантаслим болду. Ошентип, биз Акканатты Калиянын шакеги менен бирге жерге койдук. Казак элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн бир эр азаматтын сөөгү Талас жеринде, улуу Манас бабабызды дүйнөгө жараткан өлкөдө калды. Андан бери он жылга жакын убакыт өттү. Бул мезгилдин ичинде Калия да Акканаттын рухуна ак бойдон калды. Канча жигит сөз айтты. Мына бул Талапты биздин арабызга Калияга деген аруу сезим жетелеп алып келген. Бирок Калиянын өз дилине, махабатына берилгендигине көзү жеткен соң достук колун сунду. Тирүү адам тиричилигин улантыш керек, өлгөндүн артынан өлмөк жок деп далай жолу айттык. Калия көнбөдү. Таластагы өзү жашаган үйдүн бир бөлмөсүн Акканаттын музейине айланткан. Анын түшкөн сүрөттөрү, окуган китептери, урунган буюмдары баары өз ордун тапкан. Жетинчи классты бүтүргөн жылы Манас чокусуна чыкканбыз. Ошондо Акканат Египет пирамидасына окшогон бир таш таап алып Калияга тартуу кылган. Эсимде калган себеби, ошондой ташты эмне үчүн мен таап алып Калияга бербедим деп бушайман жегемин. Калиянын музейинен ошол ташты көрүп алып жакамды кармадым.

М и н д ө ө л ө т. Мына жаңылык. Сен дагы Калияга ашык болдуң беле?

С о к р а т. Балким ал балалыктын бир учкундары чыгар. Акканат менин жан аяшпас досум болчу. Эгер бабаларыбыздын тили менен айтсак: «достукка бекем тура албаган адам, башка иштерде да осолдук көрсөтөт».

А к ы н. Адам баласы сан миңдеген жылдардан бери өз боюндагы кумар, лаззат сезимин

махабат менен чаташтырып келет. Батыш Европадан башталган «сексуалдык революция», же дене кумарлыгын үгүттөөчүлүк ансыз да руханий касиети кунсуз тартып, алсырап бара жаткан жер шарына чегирткелердин чабуулундай кооптонууну пайда кылды. Кээ бир окумуштуулар ааламдагы эң улуу аңызга айланган махаббаттын доору өттү деп убайым жей баштаашты.

С о к р а т. Мына дал ушундай учурда махабаттын түбөлүктүүлүгүн далилдеп, башка жакта эмес, өзүбүздүн эле арабызда Калиядай кыздын жүрүшү баарыбыз үчүн сыймык. Ушу тостту Калия үчүн алалы!

*(Баары орундарынан турушуп рюмка кагыштырышат.)*

К а л и я. Сократ, ашыра мактап жибердиң. Менимче, ар бир адам баласына өз жүрөгүндүн каалоосуна багынгандан өткөн кубаныч барбы? Ошентсе да колдогонуңуздар үчүн чоң ырахмат! Кел, Айсулуу, Акканат жакшы көрчү «Махабаттын жазылбаган мыйзамы» деген ырды ырдап жиберели.

Жол буйткалуу, кыял туура, ой туура,
Жол түшкөн соң болбос кийин кайтууга.
Сүйгөн адам сезими үчүн бактылуу,
Болбойт аны бактысыз деп айтууга.

Жер бетинде ар гүлдүн өз орду бар,
Жандар да бар гүл сезимди кор кылар!
Махабатты үйлөнүү деп ойлошот,
Кудуреттин кунун билбес шордуулар.

Азбы өмүрдө ыйлап жүрүп күлгөндөр,
Кур күлкүнүн касиретин билгендер.

Ойлочу өзүң, азбы мына ааламда,
Махабатсыз турмуш куруп жүргөндөр.

Өзгөнү эмес өзүндү да күнөөлө,
Ак сезимди коюп болбойт күрөөгө.
Махабатта мындан ашкан кылмыш жок,
Сүйбөй туруп тагдыр кошсоң бирөөгө.

Миндөөлөт. Жашасын, Махабат!

Айсулуу. Ушул сөздү сенден көрө башка бирөө айтса жакшы болмок...

Талап. «Ыр – сөздүн падышасы» деп айткан эмеспи Абай. Ошол кыйын, улуу өнөрдү аркалаган акын агабызга сөз кезегин берели. Бул киши өз оюн ыр менен жеткирет болуш керек.



Акын. Каалаганыңыздардай болсун! Бирок, кичине кара сөз менен түшүнүк бере кетейин. Азыркы кезең, жаңы Чыңгызхандар менен жаңы Гитлердин дүйнөгө жаралышына өтө ыңгайлуу кезең болуп жатат. Анткени, ар бир адамдын пендечилигине, өзүмчүлдүгүнө, ал турсун садисттик мүнөзүнүн ойгонушуна кедерги болор руханий тоскоолдуктар алынып ташталды. Бирок, демократия дегенибиз дал азыркыдай адамдын оюна келгенин иштөө эмес. Сан кылымдардын элегинен өткөн ТАБУларды, руханий эстеликтер менен мектептерди эске албай унутуу күтүлбөгөн жаңы трагедияны алып келиши мүмкүн. Учурунда бүт Орто Азиянын сыймыгына айланган, ааламдын экинчи Аристотели атанган Абу-Насыр Аль-Фараби баштаган атактуу окумуштуулар менен акындарды жараткан, дүйнө жүзүндөгү эң көлөмдүү китеп корун жыйнаган Отырар шаарынын Чыңгызхан оёндору-

нун таман алдында тепселишине бир адамдын чыккынчылыгы себепкер болду. Менин ырым ошол кайгылуу окуяга арналат.

К а л и я. Баарыбыздын назарыбыз сизде.

А к ы н.

Ойгон, Кайыр, улуу бабам,
Касиеттүүм, кымбаттуум!
Дарактарды чым кылган соң,
Жомогуңду чын кылган соң,
Жети жарым кылымдан соң,
Өзүңдү издеп үн каттым.
Бүт Азия карай турган шаңдана,
Кум астынан көрүнбөйт ал шам калаа.
Ал калаага арнаган бул ырымды,
Ак дилиңден кабылдай көр, жан баба!

*(Сахна ичи караңгы тартат.)*

А к ы н д ы н   а т а с ы. «Оору мени жеңип барат. Мына бул үрпөк баш баламдын ат жалын тартып мингенин көрүүнү тагдырдын маңдайга жазбаганын карачы! Атадан балага өтүп келе жаткан салт боюнча уулумду алдыма алып отуруп, улуу бабалардын Отырарды коргоодогу жан аябаган күрөшү, эбегейсиз баатырдыгы жөнүндө көп жолу айттым.

«Бала али жаш го, айтканыңды түшүнөр бекен?»– деп аялым күмөн санай берет.

Жок. Түшүнүшү керек. Түшүнбөсө өзүнө кыйын. Тамыры жерге терең кетпеген дарактын өмүрү ар убак кыска!»

*(Сахна айланат. Ак ордо. Чыңгызхан ойлуу, ачуулуу. Чагатай кирет.)*

Ч ы ң г ы з х а н.

Түмөн колду башкарган,
Даңкың кайда таш жарган?
Эки жүз миң аскер менен

Алты ай бою кичинекей Отырарды алалбай,
Алты ай бою Отырардын чабал жерин
табалбай –
Оюу-добул,
Сезими – асман,
Жеңиш менен көзүн ачкан
Менин баатыр урпагымды эткиң барбы
маскара,
Сенден көрө өйдө эмеспи тарп издеген
Таскара!

Ч а г а т а й.
Мени дагы кыйнап бүттү бул өкүнүч азабы.
Уулуң сага небак жеңиш сый курмак,
Бирөө кудум койгон сымал сыйкырлап,
Руху – зор,
Дили – бекем эл экен.
Ар бир уулу урагыстай чеп экен.
Мына ошол үчүнбү,
Ата мен да аябадым күчүмдү.
Канча үмүтүм учту желге, салпактап,
Канча аскерим калды жерди кучактап.
Талаа жатат кызыл канга чыланып,
Булар кайра күч алышты чыңалып.
Жашырбастан айтчу болсом чындыкты,
Жаш-карыда ыйман күчтүү, дин мыкты.
Тутка кармап ынтымакты, тирдикти,
Бардыгынан артык коёт бирдикти.

Ч ы ң г ы з х а н.
Быша элексиң,
Эси-көөнүң болсо керек оюнда,
Улуу жылы Үкөтөйдүн тоюнда,
Тогуз жашка жаңы толгон чагыңда,
Курман болгон айла менен чагымга,
Ок өтпөгөн бир алп баатыр жөнүндө
Айтканымды унуттуңбу, чырагым?
Ой-түзөнүн, буйткасы көп кырларын,

Сага бекер ачпагамын ошондо
Чоң, кичине жеңишимдин сырларын.

Ч а г а т а й.

Кечир, ата, балалыкпы,
Же болбосо
Чалалыкпы,
Унутпасам Масагет талаасында,
Аңдышкан кас-душмандын арасында,
Атса жебе өтпөгөн,
Кастар менен көптөгөн,
Өзү жалгыз сайышкан.
Чапса кылыч кеспеген,
Муздак, сүрдүү жүзүнөн
Айбат, каары өчпөгөн,
Өтүптүр бир көк жал баатыр эр жүрөк,
Кайда жүрсө санаасында эл жүрөт.
Андан ары не болорун унуттум.

Ч ы ң г ы з х а н.

– Кеп жебеген тентек элең келегей,
Эң башкысын унутупсуң элебей,
Сак болбосоң чап жармашат сага айың,
Ук, эмесе кайра эсиңе салайын.
Сан миң аскер жеңе албаган баатырды,
Бир эле адам чеңгелине батырды.
Жоомарт, аңкоо шашып жүрдү дардактай,
Шол берендин көөдөнүндө бармактай,
Ок өтүүчү осол жери бардыгын,
Байкаптыр ал жан адамга аңдатпай.
Даңк кимдердин күлүп турса башында,
Чыккынчылык кошо жүрөт кашында.
Баатырдыктан, эрдиктен да кайран ай,
Бардык кезде күчтүү болгон айла-амал.
Жакын барып үңүлбөстөн жооңо,
Чыгам дебе уулум жеңиш тооңо.
Көп адамдар күчкө ишенип адашкан,

Жооң мыкты,
Муну такыр талашпайм.
Ар мыктыга чабал жери болду айла,
Бирок, байка,
Ага барар жол кайда?
Асыл амал жүрүш керек жүрөгүндүн
тушунда,
Менин улуу жеңишимдин сырлары
да ушунда!

Ч а г а т а й. *(Далалаттанып.)* Билдим ата,
Эми гана түшүндүм!

А к ы н д ы н  а т а с ы.
Алты ай бою эрдик салттан чегинбеген
Отырар,
Алты ай кыргын алааматтан жеңилбеген
Отырар.
Алты күндө ташы-талкан кыйрады.
Акыл-оюн жалындаткан,
Өнөр, кылым шамын жаккан,
Улуу калаа Азиянын мандайына сыйбады.
Канкор душман,
Чал-кемпирди,
Наристени – мөлтүрдү,
Боюнда бар аялды да ичин жарып өлтүрдү.
Кузгун-карга жабалактап, каптап мундуу
асманды,
Отырардын аянычтуу, шордуу күнү
башталды.
Ай-ааламды суктандырган даңкы бар,
Жүз элүү миң калкы бар,
Бул зор калаа күлгө айланды,
Тийген күнү түнгө айланды,
Калды көөдөн, өрт, түтүндөн так, белги...
Үч күндөн соң эки адамды Чыңгызханга
апкелди.

Анын бири – аты аңызга айланган,
Алты ай бою Отырарды
Коргоп, жоону тосо алган.
Аман өткөн сан алаамат майдандан,
Жүрөк шамы изгиликсиз жанбаган,
Жакшылыкка жакшылыкты жалгаган.
Фарабинин, Яссавинин ырларын,
Таңдан кечке жатка айтуудан талбаган,
Не бир адил эл башкарган жан эле,
Отырардын Кайыр аттуу ханы эле.
Экинчиси – кара түндөй түнөргөн,
Эрк-намысы, от жигери түк өлгөн,
Чагатайга Отырардын эшигин
Ачып берген,
Карачоку түгөнгөн.

*(Ак ордо. Нөкөрлөр Кайыр хан менен Карачокуну алып келишет. Карачоку аябай көңүлдүү. Башы жерге тийгиче ийилип таазим кылат. Жасаган ишине сыйлык күткөндөй түрүн көрсөтөт. Кайыр хан канга чыланган боюн түз кармап, Чыңгызханга күлө карайт).*

Чыңгызхан. *(Узакка ойго батып.)*
– Ии, Кайыр хан,
Рух – эрдин өзөгү го кайда да.
Эң акыркы жеңилиштин өзүн да,
Чечкиң келип турасыңбы пайдаңа.
Жигиттерим күчкө салып зордоптур,
Абдан кыйнап, айбан сымал кордоптур.
Сок билектей жанчса да,
Чыдап түттү жан сага.
Кайра мага күлө карап турасың.
Рух – күчтүн салтанатын курасың.
Баатырдыгың, көк жалдыгың билинди,
Бек кармадың эрдик намыс, диниңди.

Алар сенин жанчкан менен дененди,
Айла канча, жеңе албаптыр дилинди.
Мыскыл күлкүң алды менин мазамды,
Дагы кантип берсем болот жазанды.
Мендеги бир кенемтелик толсо го,
Чиркин сендей беш кол башчым болсо го,
Калың колум окшоп опол ташкынга,
Бара-бара ийге келе,
Бүткүл аалам бийлер эле,
Таманымдын астында.
Ха-ха-ха-ха-ха элге күлкү,
мыш кылды,
Кудай сага бул саткынды кайдан гана
туш кылды?
Ха-ха-ха-ха! Кайгылуу да күлкүлүү,
Байкабапсың канатыңа
Жашырынган түлкүнү.
Эрдигиңе ушул болсун сыйлыгым,
Каалайсыңбы терисин да сыйрыгын.
Билгениңдей бергин мейли сазасын,
Сага койдум чыккынчыңдын жазасын.

К а р а ч о к у. *(Чыңгызхандын аягына баш уруп, жалынып-жалбарат.)*

– Улуу ханым,
Адилдикпи мунунуз?
Өлгүчөктү болоюн дейм кулуңуз.
Отырардын дарбазасын мен ачып
Бербегенде жеңер беле уулуңуз?

Ч ы ң г ы з х а н. Анда шек жок.
Барбы, бирок, сенден өткөн тирүү-өлүк?
Адашкан ким?
Сенби, мына заманда,
Ыйык салтты тепселеген таманга.
Баары куруп түгөнсө да акыры,
касиеттүү бир сезим,

Калуу керек эмеспи ар бир адамда.
Ырас,
Менин аскеримдин боору жок,
Зулумдукту билет алар эрдик деп,
Жаш баланын аласынан кердик деп
Мактанышат, мунун эч бир оору жок.
Андан өткөн айбандыкка барышат,
Керек болсо ойноп ичин жарышат.
Алар буга каныгышкан жашынан,
Баарын өзүм үйрөткөмүн башынан.
Кан төгүлсө кайра канды самашса,
Көрүп туруп күлөт өлөр кезини,
Катаалдык менен аёчулук сезими,
Аскерлердин жүрөгүндө түшпөө керек
талашка,
Түшпөө керек кош сезимдин доосуна,
Мен ушуну талап кылган киши элем.
Канча иттик этсе да алар жоосуна,
Тууган жерин сатпасына ишенем.
Үмүттөндүң чыгарар деп төрүнө?
Алгың келип туру эрдин атагын.
Опоосуздук жасадыңбы элиңе,
Айдан ачык эртең мени сатарың.
Айла канча,
Турам аяп түтпөстөн,
Мени качан сатарыңды күтпөстөн...
Жолуңду аттап кеткениме наалыба,
Жакшылыгым кайтпады деп багыма.
Алдың бөгөп абийириң да жол тосот,
Жүрөк айткан бир чындыкты коштосок.
Чыккынчыга чыккынчылык кылуу бул,–
Табийгаттын мыйзамына окшошот.
Кулак салмак ким сенин муң-зарыңа,
Кечиримди күтпө менден зарыга.

Сен, чыккынчы тиги дүйнө жолуна,
Ишенип кет акыйкаттык барына!

*(Нөкөрүнө бурулуп.)*

Кана, кылыч карматкыла,
Көк жал баатыр
Кайыр хандын колуна!
К а й ы р х а н.
– Токто, Чыңгыз!
Элге сыйлуу атасы бар баланын.
Адам эле калыс, чынчыл, зыялуу,
Адам эле адил, учкул кыялы.
Атасы үчүн баласына ишенгем,
Саткын болуп чыкты мунун туягы.
Аны ойлосом эт жүрөгүм тилинет,
Өлгөн үмүт кайра кантип тирилет.
Макул көрсөң,
Кул айбандын атасын,
Ушул жерге алып келсең бир ирет.



*(Чыңгызхан нөкөрлөрүн ымдайт. Бир аздан соң эки нөкөр сакалы белине түшкөн карыяны алып келишет.)*

К а й ы р х а н.
– Жылан туулса жыландан,
Кулан туулса куландан,
Таң калар түк нерсе жок,
Бирок жылан кандай туулду кыраандан?
К а р ы я.
Сыйлуу башым кубарды.
Ачып салып жалганымды,
Баатыр болуп жанганымды,
Заман бүгүн өтүрүккө чыгарды.
Күйүт чыгат көөдөнүмдү жарып да,
Басаар жолу куюндаган,

Адал өлүм буюрбаган,
Менден шордуу адам барбы жарыкта?
Кечирилгис күнөө мына өзүмдө,
Карачоку жаңы туулган кезинде,
Менде жатат каталыктын бир учу,
Афрасиабдын ар жагында туруучу
Аялымдын бир тууганы бар эле,
Бала үнүнө ушунчалык зар эле
Каталыкты мен кетирдим башынан,
Ошол баккан бул баланы жашынан.
Киндик кескен тууган жердин шоруна,
Эр жеткен соң кайтып келген колума,
Жеңип чыккан тоскоолу көп тагдырын,
Бабалардан бизге жеткен,
Куйма кулак издеп өткөн,
Билесиңби бир осуят бардыгын:
«Ар наристе качан эси киргенче,
Жер кадырын,
Эр кадырын билгенче.
Алгачкы осол жоругуна,
Өзү уялып күлгөнчө.
Элдин уулу болом десе эгер ал,
Өзү туулган касиеттүү Мекендин,
Абасынан дем алуусу керек ал!»
Ушул ыйык парызыма аталык,
Маани бербей карадым да,
Макоо болуп ар алдында,
Кетирипмин орду толгус каталык.
Көрүм жакын азыр мага төрүмөн,
Кайсы бетим менен элге көрүнөм.
Жерде жатат биз сактаган туу мына,
Өлтүр мени кошуп саткын уулума.
Канкор Чыңгыз шылдың кылып турусуң,
Адашкандын соңу ушинтип курусун.
Жаза алууга тийиштүүмүн бул үчүн,

Сабак болсун эртең келээр күн үчүн,
Адашкандын башы туман, жолу маң,
Өлгүм келет, Кайыр, сенин колуңан!
Кызылынан ажыратар саманды,
Даңкың жарып өтөр али заманды.
Көркоо душман кутургандай ашынды,
Бол, тезирээк,
Калды убакыт кып-кыска.
Чабуу үчүн сенин улуу башыңды,
Шашылып тур мына зулум Чыңгыз да!

Ч ы ң г ы з х а н. *(Жылмайып.)* Бул сөзүңдө ката жок.

К а й ы р х а н.

Коштошор да келди күн,
Канкор Чыңгыз эл тарыхын арбады-оу,
Ойлоп турсак эми баары арман-оу!
Отырардың таң каларлык эрдигин,
Ырдай турган,
Аттиң, акын калбады-оу!

Ч ы ң г ы з х а н.

Айла жок,
Өкүнсөң да,
Өкүрсөң да пайда жок.
Өлүм күтүп турат мына хан дагы,
Мындан ары жашоо деми токтолот,
Жок, эч кимге берилбеди жан соога,
Буйрук эттим түгөл кырып таштоого.
Отырарда эркек киндик жок болот.

К а р ы я.

Кандыргандай табаңы
Каткырасың,
Жаңыласың абалы.
Жума мурун,
Элчи кирчү эшиктен,
Мен качырып жибердим бир баланы.

К а й ы р  х а н.

Баракелде
Бул эмгегиң жарады!
Бирок андан урпак тарап,
Андан акын туулганча,
Ошол акын ата жолун кууганча,
Көөдөнүнө батыргыча талааны,
Айыргыча актан бөлүп караны,
Далай өзөн тынып өтөр,
Балким далай кылым өтөр.

*(Кайыр хан өрттөнүп жаткан Отырарга карап көпкө чейин үнсүз турат. Сахна бара-бара караңгы тарта баштайт.)*

А к ы н.

Ойгон, Кайыр, улуу бабам, касиеттүүм, кымбаттуум!
Дарактарды чым кылган соң,
Жомогуңду чын кылган соң,
Жети жарым кылымдан соң,
Өзүңдү издеп үн каттым.
Аман калган баатыр арман,
Отко оронгон Отырардан
Качып чыккан шол баягы баладан,
Бул күндөрү канаттуу урпак тараган.
Сенин улуу касиетиң колдогон,
Ал урпактан чыккан акын мен болом.
Сыймыктанып атыңды айтат төгөрөк,
Урпактарың өсүп-өнүп көгөрөт.
Өз тамырын сенден алып жаткан эл,
Сага окшогон баатырларын төрөмөк.

*(Баары кол чабышат.)*

М и ң д ө ө л ө т. Керемет экен. *(Акынга бурулуп.)* Сиздин бул дастаныңыз өзүнчө китеп болуп чыкканбы?

Акын. Жок.

Миндөөлөт. Менин чакан басмам бар, китеп кылып чыгарып берейин. Башка басмаларга караганда калем акысын эки эсе көп төлөймүн. Кааласаңыз кириш сөзүн да өзүм жазам.

Талап. *(Акынга бурулуп.)* Мына эми сиздин башыңызды да айланта баштады.

Сократ. Ырдын жыты мурдуна барбайт да, анан кантип кириш сөзүн жазасың?

Миндөөлөт. Ал менин жумушум.

Талап. Бирөөгө акча берип жаздырат да. Кийин китепти окугандар, «ой, мунун көркөмдүк табити мыкты турбайбы, элинин руханий дөөлөттөрүн кастарлап, пир туткан канаттуу жигит экен. Бизге мындан өткөн Президенттин кереги барбы?» – дебейби.



Миндөөлөт. Сен экөөнө дабаа жок. Менин чын ыкластан айткан оюмду да тескери жоруйсуңар.

Калия. Эми жазуучу агабыздын сөзүнө кулак төшөөр саат келди окшойт.

Талап. Акыркы төөнүн жүгү оор деген сөз бар.

Жазуучу. Биз сөз кылып отурган темада жаңылык ачып жиберүү кыйын. Канча жылдардан бери жазайын деп камданганым менен оңтоюна келбей жүргөн бир окуяны менин бабамдын бабасынын бабасы өзүнүн бабасынан укса керек. Биздин жыл санагыбыздан бир канча кылым башта азыркы Орто Азиянын көп жерлерин Хун тайпалары мекендептир.

Калия. Баарыбыздын ата-тегибиз сактар да ошол хун тайпаларынан тараган эмеспи?

Жазуучу. Ошол тапта хундардын бир тайпасы башка тайпалардан өзүнчө караан үзүп

чыгып Чыгыштагы Хуанхе өзөнүнө чейин жетип, Кытайдын чоң бир аймагын багындырып, басып алат. Башта ынтымагы мыкты, күнү-түнү каруу-жабдыгын боюнан түшүрбөгөн, аялдары да балдарын көч үстүндө баратып төрөй берген, бүт өмүрү күрөш менен, кыймыл-аракетте өтүп келе жаткан тайпа даяр тамак, даяр кийимге карк болуп, магдырап, манчыркап, жан кумарга, ырахатка батып бейпил, тынч турмуш кечире баштайт. Эми алардын кийген кийимдери баштагыдай аң терилери эмес, көргөндүн көз жоосун алган түркүн-түстүү кытайдын жибектери болот. Хундар өздөрүнүн башчысын теңирдин куту конгон адам, же Теңиркут деп аташкан. Ай деген ажо, кой деген кожо жок, кол алдындагы кытай элин каалагандай башкарып, оюна келген жумушту иштетип, хундар аябай эсирип, аялдары байлаган каздай балпайып семирип, өздөрүнүн тилин, салт-санаасын унута баштайт. Теңиркут жанына өзүн жерге-сууга тийгизбей көккө жеткире мактаган адамдарды гана жыйнады, жогорку мартабалуу кызматтарды ошолорго гана берди. Бирок, күтпөгөн жерден бир окуя болду.

*(Сахна айланат. Кытай амирчилеринин үлгүсүндө жасалгаланган Теңиркутунун ордосу. Ортодогу үстөлдө Теңиркут, Ду Дау, Чан жана Нури суусундук ичип отурушат.)*

Д у Д а у. Улуу Теңиркутум! Эстеп көрүңүзчү. Мындан туура 20 жыл мурун кандай окуя болду эле?

Т е ң и р к у т. Жыйырма жыл башта дейсиңби? *(Кабагын түйүп.)* Чоң байбичем Каухар каза болду беле?

Д у  Д а у. Ооба, ал сиздин өмүрүңүздөгү орду толгус үлкөн арман-азаптын бири. Ошондуктан такыр унута албай койдуңуз. Анын азасы бизге да жеңилге турбады. Топурагы торко болсун. Эсиңизде сакталып калган дагы кандай окуя бар?

Т е ң и р к у т. Алмазды карышкыр алып кетти. *(Капаланып.)* Балапаным жанып турган от эле. Ал тирүү болгондо...

Н у р и. Ата, бизге Алмаз тууралуу айтып бериңизчи? Энебиз башка болсо да атабыз бир эмеспи. Чан экөөбүздүн агабыз го. Энемден канча сурасам да, чаргытып эч нерсе айтпай койду.

Д у  Д а у. Көңүлүңөрдү оорутуп аламбы деймин да... Болбосо... *(Муңайып.)* Алмаздын өлүмү атаңарды да, мени да катуу кайыштырып кетти.

Т е ң и р к у т. Ооба, күнөөңдү көтөрбөйүн, сен Алмазга жаман эне болгон жоксуң. Айла канча, тагдыр ошондой экен да.



Н у р и. Ата, Алмазды карышкырдын кантип алып кеткенин айтып бериңизчи.

Т е ң и р к у т. *(Кайгырып.)* Сенин агаң өтө алгыр бала эле. Алты жашка чыккан кезинде азоо атка секирип минип, кыр ашып кетчү.

Ч а н. Өткөндө атка мен деле миндим. Анын эмнеси бар?

Нури. *(Келекелеп.)* Сенин мингениң ат эмес, күңдөрдүн сайдан суу ташып минген эшеги.

Д у  Д а у. *(Жактырбай, кыжынып.)* Жок. Эшекпи, атпы, иши кылса төрт аяктуу жаныбар. Алмазды азоо атка, ээн талаага, каруу-жаракка жакын кылып, хундар тууралуу кайдагы бир уламыштарды айтып баланын башын айландырган баягы Талас акын эмес беле? Көрүндө өкүргүр, жаш баланын ой-санаасын бөлүп, ата-

мекенин бул жер эмес, хун бабаң үстүнө жолборс терисин жамынган, найза уруштан көзү ачылбаган, досуна чексиз ак, жоосуна катаал болгон деп көкүтүп, эртели-кеч кулагына куя берди. Анын азгырыгына кирген бала кытайча ыр үйрөнүүдөн, сабак окуудан баш тартты.

Н у р и. Кечээ Талас атанын кемпири Айдай эже: «Сен Теңиркуттун карындашы Тумаржанды айныбай тартыпсың. Түбү насилини коё бербепсиң»,– деп чачыман сылады.

Д у Д а у. *(Чочуп.)* Эмне дейт? Алжыган какбаштын сөзүн көрдүңбү? Күйөөсү Алмаздын түбүнө жеткен эле. Капырай, *(жинденип)* бул шумпай, жез тырмак эми сага көз арта баштаган экен. Мен ага көрсөтөм.

Т е ң и р к у т. Жок! Жок! Көрүнгөнгө булкунуп, каныңды бузуп эмне кыласың. Казан-очокко аралашып, моюн, омуртка аңдыган койчунун аялы эмессиң. *(Көтөрүңкү көңүл менен.)* Сен улуу Кытай өлкөсүнүн, анын бир чоң тайпасынын амирчиси Дау Хидин кызы, хундардын кудурети күчтүү Теңиркутунун чыныгы сүйгөн ханышасы болосуң. Мына кеп төркүнү кайда жатат.

Д у Д а у. *(Көзүнүн төбөсү менен карап, куйругун бултактатып, Теңиркутка ыктап отурат.)* Сөзүңүзгө кулдук, Теңиркутум!

Н у р и. Ата, *(таарынып, бултуюп)* Алмаз агам тууралуу толук айтып бербейсизби?

Т е ң и р к у т. Алмазды көк жал карышкыр тиштеп алып качып кеткен.

Н у р и. *(Үрпөйүп.)* Кантип?

Т е ң и р к у т. Кол башчынын отузга чыкса да эс кирбеген кем акыл уулу бар эмес беле?

Н у р и. Саркытпы?

Теңиркут. Ооба. Ошол бүркүт уянын жанындагы ийинден карышкырдын үч бөлтүрүгүн алып качат.

Нури. Карышкыр каякта экен?

Теңиркут. Жем издеп кетиптир. Бөлтүрүгүн жоктогон көк жал карышкырлар баягы эки издин изи менен артынан келип, үч түн бою улуп-уңшуп тынчтык беришпейт. Төртүнчү күнү кечкурун сыртта ойноп жүргөн Алмаз көздөн кайым болгондой жоголот.

Нури. Кандай өкүнүчтүү.

Теңиркут. Ооба, кызым, тагдырга айла барбы?

Чан. Эмне, карышкырга күчү жеткен эмеспи?

Ду Дау. *(Уулуна карап.)* Карышкыр чыныгы кан ичер айбан. Алмазжанды карышкыр алып качканын Таластын жүзүкара аялы Айдай өз көзү менен көрүптүр.



Теңиркут. Тоодон отун алып келе жатса килейген көк жал карышкыр баланын кийиминен тиштеп алган абалында алдынан чыгат. Алмаз болсо карышкырдын алкымын уруп, алышып бара жаткан экен дейт.

Ду Дау. *(Көзүн жоолук менен сүртүп.)* Айдайдын ордунда мен болсом карышкырдын артынан кубалап, жок дегенде кайсы чуңкурга кирип кеткенин байкап калар элем. «Жаны ачыбастын жанында башың оорубасын» деген ушул.

Теңиркут. Арийне, муну карышкырлар бөлтүрүгүнө өч алуу үчүн иштеди.

Нури. Анан.

Теңиркут. Айдай айтып келгенден кийин дароо эле аскерлерди чыгарып ой-кырды, жылга-жыбытты бүт тинтитип каратып чыктым.

Карышкыр аттуунун баарын жебенин огуна, найзанын учуна илип, бүт кырдырып салдым. Ийинден ийин калбай аңтарып карадык. Жок дегенде кийиминин алакандай да үзүгү калбаптыр.

Ду Даг. Улуу Теңиркутум, кайгыга алдырбаңыз. *(Назданып.)* Менин баштагы суроом жоопсуз калды.

Теңиркут. *(Ойлонуп.)* Мындан 20 жыл башта дедиңби? *(Кабагын түйүп.)* Эч нерсе эстей албай жатам.

Ду Дау. *(Чыдай албай.)* Теңиркутум, унутчаак болуп бара жатасыз. Мындан жыйырма жыл башта Чан жарык дүйнөгө келген эмес беле?

Теңиркут. Аа, ооба, ооба. Кантип унутуп калдым.

Ду Дау. *(Ханга таарынып, кызына.)* Ай, кыз эмне үчүн сен агаңды туулган күнү менен куттуктабайсың? Ордонун болочоктогу ээси, алыс-жакын душмандан коргой турган жалгыз агаң ошол го.

Нури. *(Чандын бетинен сүйүп.)* Куттуктаймын.

Ду Дау. Улуу Теңиркутум! Бүгүн кечинде уулуңуздун туулган күнүнүн урматына карата Ордодогу жакшыларды чакырып той өткөрсөк деген сунушка кандай карайсыз?

Теңиркут. *(Азилдеп.)* Сиздин сунушуңузду жерде калтырган күнүм болдубу?

Ду Дау. Болгон эмес, мындан кийин да болбойт го деп ишенүүгө уруксат кылыңыз?

Теңиркут. Албетте, албетте.

*(Күзөтчү кирип ийилип таазим этет.)*

Күзөтчү. Улуу Теңиркутум! Өтө жогорку мартабалуу кайын атаңыз Дау Хидин өтө жо-

горку даражалуу элчиси Хау Пи кабыл алуучу бөлмөгө келди.

Т е ң и р к у т. Тез киргиз! Андай кадырлуу мейманды тосуугa болобу? *(Күзөтчү чыгып, Хау Пи кирет.)*

Х а у П и. *(Кайра-кайра ийилип салам берет.)* Оо, баатырлардын баатыры, кыраандардын кыраны, алгырлардын алгыры, дулдулдардын дулдулу улуу Теңиркутубуз, көк теңирдин өзгөчө жаралган сүйүктүүсү, касиеттүү Хуанхе өзөнүнүн жанындагы Кытай элинин багына туулган улуу амирчибиз, күн сөөлөттүү ханышаңыз Ду Даунун атасы, Хуанхе аймагынын амирчиси, парасатыңызды өзгөчө кадыр туткан кайын атаңыз, эл башкаруу ишинде өзүңүздөн таалим алып, талбай үйрөнүп келе жаткан шакиртиңиз Дау Хи сизге ысык салам айтышты.



Т е ң и р к у т. Улуу мартабалуу атабыз Дау Хидин саламы биз тараптан зор ыраазычылык менен кабыл алынды. *(Ду Дау, Чан, Нури баштарын ийкешет.)*

Х а у П и. Улуу даражалуу кайын атаңыз Дау Хи теңирибиздин алкышынан жаралган жээни Чандын жыйырмага чыккан урматына карай 20 тайтуяк алтын, 20 тайтуяк күмүш, улуу Теңиркутубуз Сизге жана улуу ханыша Ду Дауга, кадырлуу жээн кызы Нуриге атайын арнап алтын жиптен токулган, кытайдын улуу чеберлеринин колунан жасалган чапан тартуу кылат. Буга кошуп мөмө-жемиштен 157, ундан 104, жылан этинен 19, бака-чаян эттеринен 25 түрдүү-түрдүү даамдарды даярдай турган, Бежинде 11 жыл окуп, император сарайында 14 жыл кызмат аткарган сүйүктүү ашпозчуну да сиздердин энчиңиздерге берди.

Теңиркут. Биз, бул урматка аябай ыраазыбыз.

Чан. Таятабыз кандай жоомарт, кандай боорукер адам.

Хау Пи. Мындан башка жеке өзүңүзгө гана айта турган бир өтүнүч бар эле.

Теңиркут. Айт.

Хау Пи. Улуу Теңиркутубуз! Сиздин Ата мекениңизден Хуанхе суусунун жээгине келгениңизге жыйырма эки жыл болуптур. Андан бери Чыгыштан батышка моюн созгон улуу Тянь-Шань тоолорунун, хунча айтканда Ала-Тоонун аркы жагындагы ажайып көгүлтүр көлү бар сансыз өзөндөрү жайнаган жашыл аймак, Сиздин Ата мекениңиз каңгырап бош жатат. Кандаш тайпалардын баары башка өлкөлөрдү багындырууга кеткен. Азыркы ыңгайлуу учурду пайдаланып ошол өлкөгө сиздин бел балаңыз Чанды амирчи кылып бекитсеңиз?

Теңиркут. Өтө туура сунуш. Ооба, менин элден кол үзүп кеткениме көп убакыт болду. Ата-Журтум кээде түшүмө да кирет. Барып келүүгө жол алыс...

Хау Пи. Мына ошондуктан кайын атаңыздын сунушун колдогонуңуз туура болот. Чан жыйырмага толду. Тепсе темир үзө тургандай кайраттуу жигит болду.

Теңиркут. Бирок, бул али оң колу менен сол колун жакшылап айырмалап биле элек, эки эстүү неме.

Хау Пи. Андан кабатыр болбоңуз. Кайын атаңыз муну да алдын ала ойлонуштуруп койгон. Маселен, мени сиздин уулуңузга жардамчы кылып жөнөтөт.

Т е ң и р к у т. Жакшы акыл. Сен өтө даанышман адамсың. Тилекке каршы, Чан хун тилин билбейт да.

Х а у П и. Ага дагы баш катырбаңыз. Башкаруу ишин эки тилде: хунча жана кытайча жүргүзөбүз.

Т е ң и р к у т. Эмесе, кайын атабыздын сунушу сөзсүз аткарылат. Урматтуу элчим, алыс жолдон чарчап келген чыгарсыз, эс алыңыз. Кечинде Чандын туулган күнү жана анын менин Ата Журтума бийлик кылуу урматына арналган аземде жолугабыз.

Х а у П и. Буйругуңузга кулдук. *(Ийилип таазим этип, чыгып кетет.)*

К ү з ө т ч ү. Улуу Теңиркутум! Сизге Кытайдын тарыхчысы Яо деген чал келип тур.

Т е ң и р к у т. Кабыл алалбаймын.



К ү з ө т ч ү. Жанында төрт соодагери, алардын алып келген сый-белектери бар экен.

Т е ң и р к у т. А, соодагерлерби? Анда кирсин. *(Яо менен бирге кытай үлгүсүндө кийинген үч соодагер кирет. Бирөөсү тиши ооруган адамдай жаагын ак жоолук менен байлап алган.)*

Я о. *(Ийилип салам берет.)* Теңиркутум, мен тарыхчымын. Сиздин атаңыз бийлик кылып турган кезде аны менен далай сырдаш, насиптеш болгон элем. Жаны жанатта болгур, хундардын өткөн тарыхын ийне-жибине чейин билчү. Арадан көп жыл өткөрүп тууган жериңизге келсем, мекендештериңиз жаныма мына бул жердештериңизди кошуп сизге атайы жиберди. Ушуну сөзсүз түрдө жыттасын деп өтүндү. *(Бир тал шыбак берет.)*

Т е ң и р к у т. *(Искеп.)* Капырай, бул шыбак го, биздин талаанын шыбагы го. *(Ойлонуп калат.)*

Б и р и н ч и ч а л. *(Жанындагыларга.)* Туулган жерге деген сезими али биротоло өлө элек экен.

Я о. Атаңыз мени менен сүйлөшүп отуруп бир жолу: «узак жылдарга созулган жоокерчиликте, жүрүштөрдө жанымда каргадайынан бирге жүргөндүктөн уулума туулган жеринин касиеттери жакшы сиңбей калды. Кийин менин ордума отуруп калса мекендештерине чоң залалы тийиши мүмкүн, деген эле. Маркум көрөгөчтүк кылган экен. Эми бул киши менен сүйлөшүңүз». *(Хайдарды көрсөтөт.)*

Х а й д а р. *(Жаагын таңган оромолду алат. Теңиркутка карап.)* Тааныдыңбы?

Т е ң и р к у т. *(Абдаарып.)* С-с-сен Хайдарсыңбы? Боорум... Сен тирүү белең?

Х а й д а р. Мен сен үчүн, сен бүткүл хун тайпалары үчүн алда качан эле өлгөнсүң.

Т е ң и р к у т. Жок. Кечир. Мен сени да, Тумаржанды да өлдү деген кабар алгамын.

Х а й д а р. Ал кабарды сага ким айтты?

Т е ң и р к у т. Жоого кеткенимде хун талаасынан чабарман келип мына менин ханышама кабар бериптир.

Х а й д а р. Ии, түшүнүктүү. Мындан жети жыл башта сенден кабар үзүлгөн соң Тумаржан карындашың ыйлап-сыктап, күйөөсүнүн жанына эки жигит кошуп сага аттандырган. Алардын артынан дагы үч жолу издеттирип чабарман жибердик. Бирок, сенин ордоңо кирген из бар да, чыккан из жок. Алардын каны кимдин мойнунда жүргөнүн азыр аныкташыбыз керек. *(Ду Дау чатактын башталганын сезип, сыртка чыкмак болот.)* Чыгарбагыла тигил канчыкты. *(Теңиркутка бурулуп.)* Ичкериге эч ким кир-

бесин деп күзөтчүлөрүңө буйрук бер! *(Теңиркут алаканын чапкылап күзөтчүнү чакырат.)*

Теңиркут. *(Күзөтчүгө.)* Менин уруксатымсыз эч ким кирбесин! *(Күзөтчү ийилип, таазим эткен калыбында чыгып кетет.)*

Биринчи жигит. Салт-расимди аткарууга киришелиби?

Хайдар. Бир аз сабыр кыл. *(Теңиркутка бурулуп.)* Элден кеткениңде Алмаз деген уулуң бар эле го? Анын кайда экенин билесиңби?

Теңиркут. Алмазды алты жашында карышкыр алып кеткен.

Ду Дау. Дал ошондой. Карышкыр тиштеп кетип бара жатканын Талас акындын аялы Айдай көргөн. Ишенбесеңиз чакырып сурасаңыз болот.

Хайдар. *(Теңиркутка.)* Айдайды чакырт.

Теңиркут. *(Алаканын чабат. Күзөтчү кирет.)* Айдай кемпирди тез бул жерге алып келгиле!

Ду Дау. *(Жалган үн чыгарып ыйламыш болот.)* Карагым ай! Башы-колу балканактай болуп өсүп келе жаткан убагында карышкырга жем болду о! *(Нөкөр Айдайды алып кирет.)*

Айдай. *(Теңиркутка кыжынып.)* Өлтүргүң келсе ордоңо айдап келбей эле үйүмдүн ичинде жайраттырып салбайсыңбы?

Хайдар. *(Айдайга жакындап, салам берет.)* Көрүшпөгөнүбүзгө көп жыл болуптур. Мына бул башын маң баскан теңиркуттарыңыздын эмчектеш агасы Хайдармын.

Айдай. *(Кубанып.)* Хайдарым, куш келипсиң! Ушундай бир кездешүү болорун чыдамсыздана күтүп жүргөмүн.

Т е ң и р к у т. Айдай, сен Алмазды карышкырдын кантип алып качканын айтып берчи? Антпесе булар менин ханышамдан күмөн санап жатышат.

Х а й д а р. Жарайт. Ага сот болгондо ынанасың.

Т е ң и р к у т. Сотуң эмне? Кандай сот?

Х а й д а р. Бир аз сабыр кыл. Эми, тууган-дар негизги ишибизди баштайлы. *(Үч чал үстү-лөрүндөгү кытай чепкенин ыргытып жиберип, хун кийиминде чыга келет. Канжарларын суу-руп алып, жерге саят. Хайдар Теңиркутка бу-рулуп, салтанаттуу абалда сөз баштайт.)* Айбар! Атыңды айтып турган себебим, сен дал ушул сааттан баштап Теңиркут эмессиң. Биз-дин тайпанын аксакалдары сени маңгыбаштын терисине отургузуп соттоого өкүм чыгарды.

Т е ң и р к у т. Эмне үчүн?

Б и р и н ч и  ч а л. Күнөөңдү түшүндүрөбүз.

Х а й д а р. Маңгыбаштын териси салынсын! *(Экинчи чал чоң түйүнчөктү чечип, маңгыбаштын терисин алып чыгып төргө жая салат. Биринчи чал экөө Теңиркутту теринин үстүнө чөгөлөтүп отургузат.)*

Б и р и н ч и  ч а л. Расимди баштоого болот.

Х а й д а р. Айыптуу жан! Алгач айран-таң калтыра турган бир жаңылыкты айтайын. Сенин уулуң Алмаз тирүү.

Т е ң и р к у т. Кандайча? Мүмкүн эмес. Карышкыр алып кетип бара жатканын мына бул Айдай көрдүм дебеди беле?

Х а й д а р. Айдай, сөз сага берилди.

А й д а й. Хуанхе өңүрүн басып алган соң Теңиркутка жээликме тийди, Дау Хиддын кызы Ду Дауга кандай үйлөнсө дал ошондой өзгөрүп

чыга келди. Баштагы Каухар ханыша назик, жакшы адам эле. Ду Дау ага Мекер деген ашпозчу аял аркылуу уу бергизип өлтүрттү. Кийинчерээк кыл тамак оорусунан каза болордо, Мекер: «тигил дүйнөгө ушундай кайгы-капаны аркалап бара жатам»,– деп башында отурган аялдарга күнөөсүн айтып ыйлаган. Ошол аялдардын ичинде мен да отургамын.

Д у Д а у. Жалган. Күйөөсүнүн өчүн менден алгысы келип жатат.

А й д а й. Ду Дау Каухардан кутулган сон Тетузакты Алмазга салгысы келди. Алмаз – Теңиркуттун баласынын эң чоңу, тактын биринчи мураскору ошол. Эгер Алмаз тирүү турса Ду Даудынын мына бул баласы Чанга бийлик тийбейт. Ушундай ачуу ойдун ызгаарын сезип, эмне иштеримди билбей жүргөмүн. Бир күнү колбашчынын кемчонтой уулу карышкырдын ийининен үч бөлтүрүктү алып качып келиптир. Карышкырлар Ордонун айланасында түнү менен улуп-уңшуп жүрдү. Ушул окуяны пайдаланып Таластын иниси аркылуу Алмазды Хайдарга качырып жибердим. Карышкырдын бөлтүрүгүн жоктоп улушу менин аракетимдин изин жашырууга мүмкүндүк берди.

Т е ң и р к у т. Бул дүйнө деги эмне болуп баратат? *(Башын кармап.)* Ишенсемби, ишенбесемби?

Х а й д а р. Ушул убакка чейин зулум аялыңа гана ишенип жеткен жериң кайсы? Балаңа жакшы тарбия бердим, аскердик такшалууга үйрөттүм. Ата Журтундагы элдин башын кошууда ал чоң иш жасады. Эми сенин ордунду да ошол балаң басып калат.

А й д а й. Ду Дау Теңиркуттун Ата Журту менен болгон байланышын бүтүндөй жок кылды. Тумаржандын күйөөсүн жанындагы жигиттери менен кошуп көзүн тазалаган, андан кийин келгендерди да тигил дүйнөгө аттандырган ушул чаян.

Э к и н ч и  ч а л. Яо тарыхчы болбогондо биз да Ордого кире албайт алек.

А й д а й. Жөн эле сүйлөп жатат дебегиле. Көзү тирүү күбөм бар. Кааласаңар далилдеп бере алам.

Д у  Д а у. Алар кимдер?

А й д а й. Самук, Силау, эгер ал аз десең Син Боны да чакырууга болот. Ага байланыштуу окуяны укканда мына бул байкуштун жүрөгү жарылып өлүшү мүмкүн. Кана, баягы үчөөнү чакырталык.

Д у  Д а у. Жок. Кереги жок. *(Айдайга карап бакырат.)* Сен максатыңа жеттиң оңбогон!

Т е ң и р к у т. Аялым деп жүрөгүмө басканым сур жылан болуп чыкты. Кайран, бошко кеткен өмүр ай!

Б и р и н ч и  ч а л. Бирок, сени маңгыбаштын терисине отургузуп соттошубуздун себеби бул эмес. Анын тамыры тереңде жатат.

А й д а й. Сени баарыбыз Теңиркут деп атадык. Бирок, сен хун тайпасына кут эмес шор болуп жолуктуң. Башта ким элек, эми ким болдук? Сенин кол башчылыгың менен биз бейпил жаткан Кытайдын бир бөлүгүн басып алдык. Жеңдик. Бирок, жеңиштин баары жеңиш эмес турбайбы. Жеңип туруп да, үстөмдүк кылып туруп да, таш-талканы чыгып жеңилсе болот экен. Бизди кытай кудаларыбыз капканга кантип түшүрдү? Алгач Теңиркутубуздун алды-үстүнө

түшүп, мына бул балээни кайра-кайра көзүнө көрсөтүп, алтын көрсө периште жолдон чыгат дегендей, Теңиркуттун да ычкыры бош экен бат эле көнө түштү. Эл өзү негизинен башчыны тууроого, же ага кошомат кылууга даяр турат экен. Башчы өзү жол көрсөткөн соң башка эркектерге кудай берип салды, кээ бири чама-чаркына карабастан төрттөн, бештен кытайдын сулуу кыздарына кол сунду. Ал турсун тигил дүйнөгө аттанаарга аз калган, калч-калч этип араң баскан чалдар да бир жаш аял алсам өмүрүм узарар беле деп ойлоп пендечилик кыла баштады. Ошентип, акырында менин күйөөм Талас менен анын жанындагы 7–8 адамдан башкасы жылан менен бака-чаянды кой этинен жакшы көргөн элге күйөө бала болуп чыга келди. Мына аял аркылуу, аялдын каны-жаны аркылуу басып алуу саясаты дегенибиз кандай болот. Төрт-беш жылдан кийин жаш наристенин үнү угулбаган хун үйү калбады. Ой-бой, эң кызыгы аскер башчынын 93 төгү атасы 18 жашар кызга үйлөнүп, балканактай бала туудурбадыбы? Эч ким ушундай кылгыла деп мажбурлабаса да жүрө-жүрө калың кытайдын ичинде хун тилинде сүйлөө уятка айлана баштады. Тил жоголгон жерде салт-санааны, тайпалык мүнөздү издөөнүн кереги жок экен.

Биринчи чал. Ооба, азыр элге кайталы деп чакырсаң саналуу эле адам чыгат. Эркектер дээрлик бүтүндөй жаңы үй-бүлө курушту. Эмгексиз табылган жеңил оокат, токчулук жан тынчтыгын сактоого кынуусун алдырып, элдик сезимди жоготот. Эми бул жерде хун тайпасы жок деп ачык айтууга болот.

Я о. Кандай оор сөз. Абалыңарды түшүнүп турам. Бул жердеги хун тайпасы жок болду. Мын-

дан ары алар кытай элинин же багына, же шоруна кызмат кылат. Эми тайпанын өз эл-журтунда калган башка бөлүктөрүнө сак болуш керек.

А й д а й. Бардыгы тайпанын руханий дөөлөттөрүнө көңүл кош мамиле жасагандан башталды. Теңиркут өзүн ашыра мактаган адамдарга гана чоң кызмат берди. Ким чындыкты айтса аны келишпес душман санады. Бара-бара чымчыкты – кыраанга, мышыкты – жолборско, маңгыбаш эшекти – тулпарга теңеп мактоо адатка айланды. Тайпаны эрдикке үндөгөн, анын бийик рухунун, салт-санаасынын мунарасындай адамдардын, дегеле чындыкты айткан акындардын таптакыр керегi болбой калды. Ошентип соодагер коомдун эң урматтуу, эң сыйлуу адамына айланат.

Х а й д а р. Талас акындын өлтүрүлүшү биздин хун тайпасын эң кеминде жүз жылга артка сүрдү. Эми андай адам кайрадан төрөлүп, ой толгоп жетилгиче не деген заман өтөт? Бирок биз Ата Журтубуздагы эң улуу, эң сулуу дайрага Таластын ысымын ыйгарабыз. Азырынча анын улуу рухуна коёр эстелигибиз ушул. *(Теңиркутка карап.)* Өз күнөөңдү эми түшүндүңбү?

Т е ң и р к у т. Бүткөн экемин. Жалгыз өтүнүчүм, мени өлтүрүп кеткиле?

Э к и н ч и ч а л. Ал өтүнүчүңдү аткара албайбыз. Өлүм сага өтө жеңил жаза болот. *(Хайдар бир нече жолу кол чабат. Үч чал, Айдай кошулуп хундардын бир бийин бийлешет. Бийлеп жүрүп сүйлөй беришет.)*

Х а й д а р. Тайпабыздын тилинен, салт-санаасынан, үрп-адатынан айрылуусуна:

Б и р и н ч и ч а л. Тайпабыздын тарыхын, ата тегин, тууган жерин унутуусуна:

Э к и н ч и ч а л. Тайпабыздагы эрдик, достук, атуулдук сапаттардын кунсуз тартышына:

А й д а й. Мышыкты – жолборско, чымчыкты – кыраанга, эшекти – тулпарга теңеп, бийик менен жапыздын, жакшы менен жамандын ортосундагы чек аранын жоюлушуна:

Б а а р ы ч о г у л у ш у п ү н к о ш у п. Себепкер болгонуң үчүн наалат, наалат, наалат! Эми сен дагы маңгыбашсың, маңгыбашсың, маңгыбашсың!

*(Сахна караңга тартат. Баары кол чабышат.)*

С о к р а т. Байкабасаң, санаа тартпасаң, ойлонбосоң ушуга жакын мүшкүл бизди да алдыда күтүп алат.

Т а л а п. Капырай, тарых кайталанып турат экен го.

*(Бекен кирет. Миңдөөлөттү таанып калып.)*

Б е к е н. *(Башкаларды көзгө илбей.)* Ой, мен кимди көрүп турам. Мобул биздин Миңэкең го, биздин болочок Президентибиз го. Өзүңдү бир кучакка кысып коюуга болобу? *(Миңдөөлөт Бамене н төш кагыштырып, кучакташат.)* Баракелде. Эрте мененттен берки сөзүбүздүн каармaны сен болдуң. Гезиттеги бүгүнкү кайрылууну окудуңбу?

М и н д ө ө л ө т. Ал кандай кайрылуу? Боордош кыргыз элинен келе жаткандыгым ушу.

Б е к е н. Бали. Эмесе сүйүнчүсүн бер. *(Чөнтөгүнөн гезит алып көрсөтөт.)* Мына. Өнөрүбүздүн бир топ алдыңкы ишкерлери келечектеги Президенттик шайлоодо сегиз кырдуу, бир сырдуу адабият менен өнөрдү жанындай көрүп ардактаган, элдин салт-санаасын, үрп-адатын кубаттаган Миндөөлөт Ошагановдун кандидатурасын колдойлу деп элге жар салыптыр. Үндөөгө

кошулсаң болду жеңиш сеники. Алдын-ала куттуктаймын, боорум. Бийлик башына сен келсең биздин элибиз жакшы күч-кубат менен өнүгөт.

С о к р а т. *(Ордунан туруп Бекенге жакындайт.)* Гезитиңизди берип туруңузчу. *(Тез-тез карап чыгып.)* Мен да ушундай ойлогом. Кол койгон адамдардын баардыгы Миндөөлөттүн тоюнда ырдап үч миң доллардан сыйлык алгандар экен.

К а л и я. *(Саатына карап.)* Ой-и-ии, маскара болдук. Самолёттун учушуна он беш эле мүнөт калыптыр. Эми кандай кылабыз? *(Бардыгы ордуларынан тура жөнөшөт.)*

Ж а з у у ч у. Эми канттик?

Т а л а п. Миндөөлөт, телефонунду берчи. *(Шашылып телефонду бурай баштайт.)* Алло, алло, сурап билүүчү жайбы? Венага азыр уча турган 988-рейстин чоо-жайын айтыңызчы? Бүттү дейсизби? Меймандарыбыз, өтө бир сыйлуу адамдарыбыз бар эле. Бүтүп калдыбы? Кап, кап... *(Акын менен жазуучуга карап.)* Сиздердин алдыңыздарда күнөөлүүмүн.

М и н д ө ө л ө т. Кана, телефонду мага бергилечи? Ашыкпай тере баштайт. Алло, диспетчир? Боровков керек эле? Сенсиңби? Мен Миңдөөлөтмүн го. Венага уча турган самолётту техникалык себептерге байланыштуу деп жөнөтпөй кармап туруш керек. Башчыңа менин атымдан айт. Экөөңдү тең ыраазы кыламын. Түшүндүң го дейм. Биз жарым сааттан кийин жетип барабыз. Өзүм тосуп алам дейсиңби? Абдан жакшы. Анда көрүшкөнчө. Ырахмат!

А к ы н. Мына бул Миңдөөлөт чынында эле өтө алыска барат.

Б е к е н. Кааласаңыздар да, каалабасаңыздар да биздин келечектеги Президентибиз ушул.

Ж а з у у ч у. *(Бекенге бурулуп.)* Бийлик тагына жетүүнүн азаптуу жолунда ар ким өзүнүн өзгөчө таланты менен, акыл-парасаты менен, иш билгилиги менен эмес, шылуундугу менен, Сократ айткандай «жыландын тишине тыгылган этти алып жей турган эпчилдиги менен» гана жетүүгө болот деп эсептей турган жана ошол преюна аябай ишенген сиздин келечектеги «Президентиңиздин» бул жардамынан биз бүтүндөй баш тартабыз.

А к ы н. Ооба, самолёт эртең деле учат. Көп болсо симпозиумга бир күн кечигип барарбыз. Бирок, турмушта ар дайым кечигип туруп кечикпөөгө, жеңилип туруп жеңилбөөгө алып бара турган бир азаптуу үмүт жолу табылбай койбойт.

С о к р а т. Баракелде! Эми кайда шашылмак элек. Сөзүбүздү кайрадан уланталы. Жүрүңүздөр.



М и ң д ө ө л ө т. *(Күлүп.)* Жарайт. Каалаганыңыздардай болсун. Ансыз да кыска өмүрдө бирибирибиздин көңүлүбүздү калтырып, жаман-жакшы айтышып не кылабыз. Таарынбаңыздар. Шаарда шашылыш, зарыл бир иш менен адамдар күтүп калды. Уруксат берсеңиздер, биз жыла берсек. *(Сократка бурулуп.)* Сократ, мен айткан сөзүмдө турам. Ойлон! Калия, Талап мүмкүн меймандарды узатып койгондон кийин үйгө бурула кетерсиңер? Анда, көрүшкөнчө! *(Айсулуу, Бекен, Миңдөөлөт үчөө башкалар менен коштошуп кете баштайт.)*

Ж а з у у ч у. *(Акындын далысына колун коюп)* Ооба, сен өтө туура айткан экенсиң. Шорубузга жараша бул жигит чын эле алыска бара турган көрүнөт.

(К ө ш ө г ө)

## МАЗМУНУ

Саманчынын жолу ........................................ 3

Бетме-бет ................................................... 136

Дениз бойлой жорткон Ала-Дөбөт ................ 241

Фудзиямада кадыр түн ................................362

Сократты эскерүү түнү, же маңгыбаш
терисинин үстүндөгү сот
(Мухтар Шаханов менен
авторлош) ........................................ 444



990419